КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*Окурмандын китеп текчесине*

# ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВ

18-том

Түзгөндөр: *Жылдыз Тургунбаева,*
*Улук Жапаракунов*

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС»–2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Т 51

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Чыгышына жооптуу:
*А.А.Акматалиев*

Рецензент:
*Филология илимдеринин доктору А.Кадырманбетова*

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

Т 51 **Токтоболот Абдумомунов.** «Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 18-том. / Түз. Ж.Тургунбаева, У.Жапаракунов. – Б.: «Принт-экспресс», 2016. – 642 б.

ISBN 978-9967-12-577-3

Бул китепке Токтоболот Абдымомуновдун тандалган чыгармалары кирди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**Т 4702300100-16**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-577-3

© КР УИА
© «Принт-экспресс», 2016

## АБДУМОМУНОВ ТОКТОБОЛОТ
*(1922—1989)*

Жазуучу, драматург Токтоболот Абдумомунов 1922-жылы 15-августта Кемин районундагы Жаңы-Алыш айылында туулган. 1938-жылы Фрунзе шаарындагы медициналык техникумду бүтүргөн.

Эмгек жолун 1938-жылы фельдшердик пункттун башчысы болуп иштөөдөн баштаган. 1941–1959-жж. Кыргыз мамлекеттик басмасында жана Республикалык радиокомитетте корректор, редартор, котормочу, Ош облустук «Ленин жолу» гезитинин кабарчысы, Москвадагы «СССР Жогорку Кеңешинин Ведомстволорунда» котормочу жана «Советтик Кыргызстан» журналында бөлүм башчы, 1959–1971-жж. Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармалыгынын биринчи катчысы, 1971–1986-жж. Кыргыз ССРинин театр коомунун Президумунун төрагасы, ошондой эле Кыргыз ССРи боюнча Басма жаңылыктары агенттигинин башкармалыгынын төрөгасы, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгын ыйгаруу боюнча комиссиянын төрөгасы, Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгын ыйгаруу боюнча комиссиянын мүчөсү, Азия, Африка жана Латын Америка өлкөлөрүнүн тилектештигинин башкармалыгынын мүчөсү, көрүнүктүү коомдук ишмер болгон.

Т.Абдумомуновдун Кыргыз драма театрынын сахнасында 1947-жылы биринчи пьесасы кийин «Кумдуу чап», «Замандаштар», «Курман», «Тар-Капчыгай» ж.б. пьесалары коюлуп, «Алыскы тоолордо» көркөм фильминин сценарийин жазган.

1947-жылы СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.

1967-жылы Т.Абдумомунов «Абийир кечирбейт», «Сүйүү жана үмүт» пьесалары үчүн Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын биринчи лауреаты болгон. Пьесалары көптөгөн мамлекеттик театрларда коюлган.

Үч жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, Элдердин достугу ордени, көптөгөн медалдар жана Ардак грамоталар менен сыйланган.

Кыргыз Улуттук драма театрга, көчөлөргө анын ысымы берилген. Ошондой эле драматургдарга ыйгарылуучу Т.Абдумомунов атындагы сыйлык бар.

СССР Жогорку Кеңешинин бир нече чакырылышынын депутаты болуп шайланган. «Кыргыз Республикасынын искусствосуна эмгек сиңирген ишмери» наамы ыйгарылган.

1945-жылы алгачкы драмасы «Кумдуу чап» жазылат. Жумушчулар турмушуна арналган бул драма Т.Абдумомуновдун жеке өзгөчөлүгүнөн, келечектен көптү үмүттөндүргөн драматур экендигинен кабар берет. 1948-жылы «Замандаштар», 1950-жылы интеллигенттердин турмушунан алынган «Курман» пьесасын жазат. 1953-жылы «Тар капчыгай», 1956-жылы «Атабектин кызы», 1958-жылы «Ашырбай» драмалары жазылат.

Т.Абдумомуновдун «Атабектин кызы» драмасы учурунда кыргыз драматургиясынын өнүгүш жолунда бурулуш этап, чыныгы реализмди өздөштүрүүдөгү жаңы баскыч деп бааланган.

Т.Абдумомунов Октябрь социалисттик революциясынын 40 жылдык юбилейине арнап «Ашырбай» аттуу тарыхый драмасын жазат. Драматург Ашырбай аркылуу баёо баатырдыктан күрөшчүл инсандын деңгээлине өсүп жеткен элдик каармандын образын жараткан.

Т.Абдумомунов каармандарын буга чейинки драмалык чыгармалардагыдай оң каарманын идеялизациялап, терс каарманын сахнага чыкканда эле өкүм зордукчул кылып

бир жактуу көрсөтпөйт. Тескерисинче, анын каармандары ишенчээктиктен, баёолуктан, сабырсыздыктан, тажрыйбасыздыктан улам жаза тайып, адашуулары менен күрөш жолунда көзү ачылып, ак менен караны айрып таанууга жетишишет. Адам психологиясынын татаалдыгын тереңден талдап ачып берүү менен азыркы замандын каармандарынын татаал образдарын жараткан.

1962-жылы «Абийир кечирбейт» драмасын жазган. Сүйүү жана достук жөнүндөгү бул драмада абийир соту өтө курч кырдаалда жүрөт. Нурдин түрмөдөн чыгып келип жанына жай бербеген суроолорго жооп алмакчы, иштин ак-карасын териштирмекчи болот. Натыйжада өзүнүн Ниязга алдангандыгын, Масадыктын достук алдында тазалыгына, Жыпаргүлдүн сүйүүгө туруктуулугуна көзү жетет, аларга карата жоголгон ишеним кайтып келет. Бирок сүйүүсүнөн түбөлүккө айрылат. Нурдин бул жерде байкоосуздан, адамдарды айрып таануудагы тажрыйбасыздыгынан Нияздын тузагына илингендиги үчүн өзү гана айыптуу экендигин сезет.

Драма мазмундук жактан гана курч, күчтүү болбостон формалык жактан да жаңы табылгаларды алып келди. «Абийир кечирбейт» 60-жылдарда кыргыз драматургиясында моралдык-этикалык проблемаларды көтөрүүдө жаңы бийиктик болду.

Т.Абдумомунов кыргыз драматургиясында комедия жанрын профессионализмдин бийик деңгээлине көтөргөн талантуу камедиограф катары да белгилүү. «Тар капчыгай», «Эч кимге айтпа», «Жыгылган оогонго күлөт» аттуу сатиралык комедиялары, «Борбаш», «Алдар көсө», «Жарыктык карыларым»- деген лирикалык комедияларында жашоо-турмушубуздагы эски менен жаңынын кагылышын, коомдогу терс көрүнүштөрдү ашкерелеген.

Ал кыргыз драматургиясында биринчилерден болуп боордош элдердин тагдырына кайрылган «Таалай гүлде-

стеси» аттуу пьесасын жазган. Пьесада өз эркиндиги үчүн күрөшкөн Вьетнам элинин каармандыгы сүрөттөлөт.

Өмүрүнүн кийинки жылдары драматург «Кош кайың», «Жоробайдын үйлөнүшү», «Ак ийилет...», «Он сегиз жаш» пьесаларын «Чолпонбай» драмасын жазып калтырган. Т.Абдумомуновдун жогорку чеберчиликте, терең психологиялык мүнөздө, курч конфликттик кырдаалдарды сүрөттөгөн драмалары улуттук адабиятыбыздын жана театрыбыздын көөнөрбөс байлыгы болуп калды. Драматург үчүн биринчи планда сырткы окуялуулук эмес, каармандын ички рухий жашоосу, жеке тагдыры жана психологиясын ачуу максаты турган. Албетте драматург өз максатына жетти. Анын драмалары союздук деңгээлге көтөрүлүп, башка тилдерге которулуп, сахналарда ойнолуп келет.

## АБИЙИР КЕЧИРБЕЙТ

***Эки көшөгөлүү, он сүрөттүү драмалык повесть***

**КАТЫШУУЧУЛАР:**

Нурдин.
Масадык.
Шайыргүл.
Нияз.
Сейит.
Омор.
Белек.
Канипа.
Медер.
Айша.
Асиса.
Чал.
Оорулуу.

### БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

***Биринчи сүрөт***

*Күүгүм. Тоо баштарында булуттар көчүп, ызгаардуу шамал жол боюндагы жалгыз дарактын жылаңач бутактарын сабалайт. Пальтосунун жакасын көтөрүп, даракка сүйөнгөн Нурдин алыс бир жакты тиктеп ойлуу. Андан обочороокто Карыя олтурат, берген суроосу-*

*на жооп күткөндөй Нурдинди карап, куржунун чыканактайт, Нурдин Карыяга назар салбайт, папиросун үстөмөндөтө соруп, мурдагы калыбында тилсиз.*

К а р ы я. (*Ордунан туруп, көнүмүш боюнча сакалын сылай, Нурдиндин жанына барат*) Кечирип кой, уулум... Кайдагы болбогон суроону берип... көнүлүңдү кирдетип алдым окшойт... Өмүрлүү – жаштуу болуп, тилеген тилегиңе жет, айланайын... Кечирип кой, чалдан кеткен каталык болсо... (*Нурдин эчтеме укпаган көрбөгөн шекилдүү мурдагы калыбынан өзгөрүлбөйт. Карыя сөзүн улайт*). Чекилик кылганымды кийинчерээк сездим... Бир көргөн баланын дароо эле ичи-бооруна кирип кеткеним өөн иш болду... адамга да жакпайт, кудайга да жакпайт! *(Сакалын сылай, катуу күрсүнүп)* Илгери менин жаш кезимде Карыялар кеп кылышар эле, кирпик ирмелген сайын карылык кел, карылык кел, карылык кел деп, курган карылыкты чакырып турат дешип... (*Нурдинди карап, кейиштүү күлүмсүрөй)* Адам карыганда мага окшоп алжый баштайт тура!

Н у р д и н. *(Папиросун буту менен тепсеп өчүрүп, үнүн басаң чыгарып)* Күнөкөрдөн бетер кайра-кайра кечирим сурайсыз... актанасыз... Эмнеге антесиз, жарыктык?... Эмнеге?.. Билип турам, оң айтканымды тескери алды деп кейип жатасыз. Андай эмес. Суроону туура бердиңиз. Мен туура түшүндүм. (*Ойлоно калып, мурдагысындай эле Карыяга карабастан*) Сиз айткандай, жаш адам шайыр болуш керек... жугумдуу болушу керек... А мен болсом мына бу жалгыз даракка окшоп тилсизмин, түнтмүн... кейиштүүмүн!.. Балким сиз ойлорсуз, бул бала жаралгандан ошондойдур деп?.. Жок*! (Карыяга биринчи жолу тике карап)* Эмнеге ошондоймун, билесизби?.. Мен камактан бошонуп келатам!..

К а р ы я. (*Ынанбагандай)* Камактан?!.

Н у р д и н. Ооба, камактан.

К а р ы я. Э, койчу, кайдагы жокту сүйлөбөй. Салабаттуу, дурус азамат көрүнөсүн. Кандай шайтан буйлалап кетип жүрөт?

Н у р д и н. (*Катуу курсунуп*) Түгөнбөс жомок... Кайгылуу!.. *(Тамеки тартмакчы болуп, пачкасында эчтеме жок экенин көрөт да, ушалап туруп ыргытып жиберет).*

К а р ы я. Уулум... атаңдын айтканын жаман алба... курсагың ач турбайбы... машина келгиче шам-шум этип алчы, айланайын...

Н у р д и н, Ракмат, жөн эле коюңуз. Курсагым ток.

К а р ы я. Ракматыңды даам ооз тийгенден кийин айткын. *(куржунуна барып)* Шаарда неберелерим бар... Жаман күчүктөрүм ооз тийсин деп, бышырылган козунун этин алпараттым эле... Жайлоонун чөбүн оттогон козунун эти... өрүк болот, өрүк!.. Түрмөдө андай этти бермек кайда! *(Куржунунун оозун чечмек болот).*

Н у р д и н. *(Карыяны токтотуп, сүйкүм менен)* Ыраазымын, ата. Убара болбоңуз.

К а р ы я. Өзүмдү сыйлабасаң да сакалымды сыйла... Кары киши таарынчаак болот. Таарынбагын, уулум!

Н у р д и н . (*Күрсүнүп*) Олдо, жарыктыгым, ай! *(Чалды ыраазы болуп карап)* Жаман күчүктөрүңүзгө арналган белекти биринчи болуп ошолор ооз тийиши керек. Илгертеден келаткан салтыбыз ушундай... Жакшы салтты бузбаныз, ата!

К а р ы я. Жакшы адам үчүн жакшы салтты бузса боло берет.

Н у р д и н. Жакшы адам!.. Менин жакшы адам экенимди кайдан билдиңиз?

К а р ы я. Көзүңдөн байкап турам *(Ички чөнтөгүнөн кагазга орогон бирдеңкени алып чыгып)* Эч болбогондо куруттан ооз тийчи... колумду уялтпа. Кары киши тарынчаак болот!

Н у р д и н. (Куруттан алып) Ракмат. Курут көрбөгөнүмө көп болду! (*Куруттан тиштеп, рахаттана чайнап)* Моюндаш өскөн курбуларым айтып калышар эле, сен асмандан боорсок жааган күнү төрөлгөнсүң, Нурдин, жакшы адамга калганда жолуң бар дешип… Мага чынында эле ошондой көрүнчү… Кимди болбосун өзүмө жакын санап, анын адам деген атына кубанар элем… сыймыктанаар элем!.. Бул дүйнөдө менин жек көргөнүм, менин элдешпес душманым жалгыз гана оору… адамдын жанын кейитип, өмүрүн кыйган оору — деп жүргөн элем… Ошол ооруга каршы жанымдын бардыгынча күрөшкөн элем…

К а р ы я. Доктурсунбу, уулум?

Н у р д и н. Ооба. Көзгө көрүнбөгөн микроб менен күрөшүп жүрүп, микробдон да коркунучтуу адамдардын бар экенин байкабаптырмын!

К а р ы я. Душманы жок да адам болчу беле!

Н у р д и н. Жүрөгүмдүн толтосун кыйып, шыйбылчагымды чаккан душманым болгон жок… көзүмдүн карегиндей көргөн эң жакын досум болду!.. *(кейиштүү күрсүнүп)* Досум!..

К а р ы я. Ал үйүң күйгүр, үстүңдөн ушак айтып, жалаа жапкан го дейм, болгондо?..

Н у р д и н. Жок, мени соттогондо… адилет соттошту… мен аны машинам менен тепсетип кеттим!

К а р ы я. Өлтүрүп койгон турбайсыңбы?!.

Н у р д и н. Угушумда, тирүү калган имиш. *(Башын жерге салат).*

К а р ы я. Кыябы, жаман иш кылган көрүнөт аның. Жаныңа батса керек!.. Ошентсе да бетке айткандын заары жок… акылыңды ачууңа бийлеткениң чеки болуптур, уулум!

Н у р д и н. Таап айттыңыз. Ачуунга бийлетип, жаман жорукка берилгенимди кийин түшүнүп, кийин өкүнүп

калдым!.. *(кайрадан даракка барып сүйөнөт)* Нечен жыл бою мени кыйнаган бир гана суроо болду. Өзүңдүн бейтаалай болушуңа, балким, сен өзүң айыптуудурсун, Нурдин, деп өзүмдү өзүм кысымга алып, жооп издеп жүрдүм! Азыр да мени кыйнаган ошол! *(Алыс бир жакка көз чаптырат).*

К а р ы я. *(Паузадан кийин).* Күйүттүү иш болгон экен, уулум. Бирок күйүткө күйүт эм боло албайт. Өткөндү эстөөчү болбо. Келечегиң жөнүндө ойлон.

Н у р д и н. *(Кызуу)* Келечегим жөнүндөбү?.. Кайсы келечегим жөнүндө?.. Бир кездерде телегейим тегиз эле... Сүйгөнүм бар эле... Мени адам көрүп, мага урмат кылган курбу-курдаштарым бар эле... Курбу-курдаштарым!.. Азыр алар кандай көз менен карап, кандайча тосуп аларын билсем, Мынчалык күйбөс элем. Бирок мен үчүн бардыгы туңгуюк!..

К а р ы я. Курбу-курдаштын ишенимине кирип, урмат алыш өтө кыйын, андан ажырап калыш текейден арзан. *(Узак паузадан кийин)* Ач кенедей жабышып алдым... Ошентсе да... айып көрбө, айланайын... бирдеңке сурасамбы дедим эле... *(Уялгандай жер карап, сакалын сылай)* Менин сурайын дегеним... а...

Н у р д и н. *(Карыянын сөзүн бөлүп)* Досумду эмнеге майып кылганымды билсем дейсиз го?

К а р ы я. Ооба.

Н у р д и н. Бул туурасында эч кимге айта элек элем. Эч качан!.. Жадегенде, сотко д а айткан эмесмин.

К а р ы я. (*Мурдагыдан катуу уялып)* Атаганат, көрүнөө зордогонсуп... Тилиң менен кургурдун тили, ай!..

Н у р д и н. (*Карыяны кейиштүү карап)* Өзүңүздү өзүңүз жекирип... эмнеге антесиз, жарыктык?.. Кыйла убакыт өттү... Сизге окшоп мени менен чечилип сүйлөшкөн эч ким болбоду!.. *(паузадан кийин*) Айтып берейин... тыңдап туруңуз... *(Эстеп жаткандай, ойло-*

*но калып*) Бул окуя май айларынын алдыңкы күнү отузунчу апрелде болгон эле… Ала-Тоо этегинде жоогазын гүлдөп… Ал эми досум экөөбүз турган бөлмөдө болсо…

Жакындап келаткан машинанын жарыгы коюу караңгылыкты кош найзадай жиреп өтөт.

К а р ы я. Машина келатат!

Н у р д и н. Тез!.. Өтүп кетелегинде, кол көтөрөлү… Куржунду маа бериниз…

К а р ы я. Жок, айланайын, жөн эле кой… оор…

Н у р д и н. *(Куржунду алып*) Мындан оорду да көтөрүп көргөм… Жүрүңүз!..

*Карыя менен Нурдин чыгат. Жарык өчүп, айлана акырын тегеренет.*

### ***Экинчи сүрөт***

*Нурдин менен Масадык туруучу бөлмө. Ачылуу терезеден шыңгоо теректүү шаар, алыстан ак карлуу тоолор көрүнөт. Терезенин түбүндө жоогазын салынган ваза. Жаз.*

*Магнитофон тумбочканын жанында. Нурдин динамиктен угулган Шайыргүлдүн үнүн тыңшап, ойлуу.*

…Жайдын бир толук кезинде,
Адырлуу тоонун бетинде.
Сан гүлдөн тандап бирди үзгөн,
Жайдары селки эсимде.

*Эшик акырын ачылып, Масадык көрүнөт. Шайыргүлдүн ырдаганын тыңшап, бир нече секундага босогодо туруп калат.*

Н у р д и н. (*Масадыкты көрүп кубанынтуу)* Масадык!.. Коргошун болуп эрип кетип жүрбө… Эмнеге далооруйсуң, кир батыраак…

М а с а д ы к. (*Кейиштүү күлүмсүрөй)* Шайыргүл ырдаганда жандуунун баары коргошун болуп эрийт. Же жалгыз эле мен дейсиңби? (*Нурдинди карап, жарк этип күлүп)* Байкашыма караганда тоюңдун калмылгасы көңүлдөгүдөй.. жалгыз гана... күйөөдөн башкасынын бардыгы даяр!.. Ай, ушу сакалыңдын азабы өттү да... Дүйнөдөгү көсөөлөрдүн ырыскысын чогултуп туруп сага берген окшойт... тишиң менен көзүңдүн карегинде гана кыл жок... Кантип аман калганыңа таңым бар!.. Бияк жаагыңды кыргыча тыягың бапсыя түшөт, биягыңды кыргыча тиягың...

Н у р д и н. Сакалыма дайыма суктанчу болдуң... Ушундай ырыскыдан бир аз кемчил болгонуңа ичиң күйсө керек, ээ, Масадык?.. Распы?

М а с а д ы к. Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө деген Нурдин. Ээгимде туп-туура беш кылым бар! Бол, батыраак кыргын, кечигебиз...

Н у р д и н. Каргаша болуп, электр устара бузулуп калыптыр... А муну менен болсо... Өмүрү алып көргөн эмесмин...

М а с а д ы к. Ах, Нурдин! Куру айткан менен болобу... Ырысың тоодой... мендей досуң бар... Мен жок болсом кантип күн көрөт элең? *(Нурдиндин сакалын самындап*). Буга окшогон артык баш өсүмдүктү... кудай алсын, көз ачып жумгандын ортосунда жулуп таштайбыз! *(Ичинен кыңылдап ырдап, артисттик кыймыл менен устараны тартат).*

Н у р д и н. *(Чочугандай башын чулгуп)* Ой!.. Эмне кылып жатасың?

М а с а д ы к. Досумдун сакалын алып жатам. Өткөн замандагыдай кабагымды салып мурчуйбастан, бүгүнкү күндүн талабына ылайык жадырап-жайнап... жөнөкөй тилди безеп... *(мурдагыдай эле ырдап, Нурдиндин сакалын кырат).*

Н у р д и н. Же ырдагын, же сакалды алгын!

М а с а д ы к. Эч качан антүүгө болбойт! Космос доорунда пайдалуу иштерди бири менен бирин айкалыштыра билүү керек!..

Н у р д и н. Берчи устараны!

М а с а д ы к. Абайлагын, Нурдин! Устара – ойунчук эмес! *(Нурдиндин ээгин колу менен сыйпап көрүп)* Шайтан алгырдыкы, төрөлгөндө эле чачтарач болуп төрөлгөн окшойм, кайдан жүрүп врач болуп калганымды билбейм!.. Чымын консо, сөзсүз тайгаланып кетип бутун сындырат!.. Анан калса, адамдыкынан башкача сакалың бар экен… кактустун тикенегине окшоп… Сазайыңды Шайыргүл берсин, шашпа!..

Н у р д и н. *(Ээгин сыйпап көрүп)* Сакал катуу, мүнөз жумшак… Жибекпиз да! *(Приборду алып, күлгөн бойдон сыртка чыгат)*.

*Масадык магнитофонду жүргүзөт. Динамиктен Шайыргүлдүн үнү угулат.*

…Кылайып тоодон таң аткан,
Суюлуп жылдыз бараткан,
Калдыгой бекен эсинде,
Кыйышпай көңүл карашкан…

М а с а д ы к. (*Муңдуу)* …Кыйышпай көңүл карашкан…

Н у р д и н. (*Сырттан кирип тамашалай)* Жалынсыз күйгөн жаш бозой деп ырдашканда, жалынсыз күйгөнү кандай болот деп таңданчу элем… Көрсө сендей болот тура…. Күйүп-бышып ырдаганыңды укканым ушул… Өтө муңдуусуң!.. Арманда калтырган бирөөнү эстей калсаң керек. Мүмкүн, растан эле мен айткандай болуп жүрбөсүн, я?

М а с а д ы к. *(кейиштүү күлүмсүрөй)* Адамдар эмнелерди айтпады… Нурдин досуңдун колу Шайыргүлгө караганда жылдызга батыраак жетет деп шылдың кыл-

гандар да болду... мунун чындыгы бар. Шайыргүлдүн адамкерчилиги жылдыздан да бийик! (*Нурдинди тике карап)* Шайыргүлгө арзыш кыйын эле... Сен арзыдың! (*Нурдинди кучактап)* Төбөм көктө!.. Жамандыкта азапташ, жакшылыкта ырысташ курбуңмун, Нурдин. Тилегим ак. Душман күйүнгөндөй, дос сүйүнгөндөй ынтымак менен өмүр сүрөрүңөргө ишенем! *(Чөнтөктөрүнөн, столдун ящигинен бирдеңке издей баштайт)*.

Н у р д и н. Эмне издеп жатасың?

М а с а д ы к. Портсигар эле...

Н у р д и н. *(Пачкалуу сигаретти сунуп)* Ошого убараланып... түтүндөн көп эмне бар...

М а с а д ы к. *(Чегип)* Рахмат. *(Кайрадан издей баштайт)*. Кайда коюп койдум?.. Жоготуп жибердимби?.. Бол, Нурдин, батыраак кийин... Кечигебиз...

Н у р д и н. Жаңы костюмумдун шымынын багалеги... ар бири эки аялга юбка чыкчудай... Акыркы модага ылайыктап тарытып берейин деп Белек аке алып кетти эле... Азыр келет...

М а с а д ы к. Кээде ушинтип баладан да жаман иш кыласың! Аздан кийин тоюң болгон жатса... машинечи менен тегирменчи экөөнө да адам, ишенеби?!

Н у р д и н. Белек-аке абийирдүү адам... уятка калтырбайт. Анын үстүнө Нияз да келе элек...

М а с а д ы к. Нияз, Нияз деп, эч качан оозуңан түшүрбөйсүң... Келсе келет, келбесе жок... Же ансыз той өтпөй калмак беле?

Н у р д и н. *(Капалуу)* Менде ата да жок, эне да жок... Жатындаштан да айтпаптыр... *(курсунуп)* менин тоюмда бардыгынын ордун басуучу жакыным жалгыз гана Нияз. (*Саатына карайт)*. Бая эле келиши керек эле... Эмнегедир кечигип жатат!.. Түшүнбөйм!

М а с а д ы к. Кейибе. Башка бирөөнүн эсебинен тойлогонду, Нияз жакшы көрөт... Азыр эле жетип келет...

Н у р д и н. Качан болбосун ушул... Дайыма чымчыйсың... Бекерге ошентесиң, Масадык... Адамдын жүрөгүн кандатып, жанын кейитүүнүн эмне кереги бар?.. Нияз курч... Өкүм жигит!..

М а с а д ы к. Менимче, өтө эле курч... өтө эле өкүм!

Н у р д и н. *(Тигинин какшыгын байкоос албастан)* Мунуң туура. (*Тамеки чегет*) Менин балалык курбалым бүт бойдон Нияздын үйүндө өттү... Күндөрдүн биринде кыздар менен мелдеше кетип, алатоолук эр жүрөк жигит момундай болот деп, бийик аскадан секирип, бутун сындырып алды.... «Ойносо чын көрөсүң өпкө-бооруң үзүлүп кетсе эмне болот элең», – деп, эси чыккан кыздар чөкө таандай чурулдашканда... Нияз кебелген жок... «Коркок болуп күн көргөнчө, баатыр болуп өлгөн артык!» деп, жылмайып туруп жооп берди... Жакшы жигит!..

М а с а д ы к. Мүмкүн.

Н у р д и н. Күмөнүң барбы?

М а с а д ы к. (*Паузадан кийин)* Кандай десем... Мурда мен дагы жакшы жигит деп ойлоочу элем... Бирок бир жолку окуядан кийин...

Н у р д и н, Эмнеге унчукпай калдың?.. Айта бер...

М а с а д ы к. Азыр эмес...

Н у р д и н. Баштагандан кийин бүтүргөнүң дурус, Нияз экөөбүз эң жакын тууганбыз... Анын ийне-жибине чейин билишим керек!

М а с а д ы к. (*Кыйыктангандай)* Кыстабасаң болот эле... кыстаган соң, арга барбы... (*Паузадан кийин)* Биздин айылдын өйдө жагында Кептер-Сай деген капчыгай бар... Нияз экөөбүз ошону өрдөп атчан кетип бараттык эле... Зооканын боорундагы коңулдарда кептерлер уялайт... Ошондой уя-коңулдун биринде моюн жүнү жылтылдаган татынакай короз кептер өзүнүн муңайым жана назик мекиянына ашыктыгын айтып, өздөрүнүн дудук тилинде сайрап жаткан экен. Мүмкүн,

ошол кездеги гүлдөгөн мезгил, мекиянына жалбарып, эркелетип жаткан короз кептердин туңгуч сүйүүсүнүн туңгуч жазы чыгаар... Токтой калып кулак түрдүм... Ошол замат артымдан мылтык атылып, көгүчкөндүн бири жалп этип шиберге сайылды... Аттан ыргып түшүп колума алдым... карасам, жаңкы короз кептер экен... Салмактанып бараткан башын зорго көтөрүп асманды тиктеди... ким билет, мүмкүн мага ошондой көрүндүбү, айтор, айланып учкан топ көгүчкөндүн ичинен өзүнүн жубайын издеп жаткансыды... Жашылданган тегерек көзүндө чексиз кайгы, канбай калган кумарлуу сүйүү, муңдуу коштошуу... карай албай тескери бурулдум. Бирок, ошол учурда мылтык үнү дагы жаңырып, ага удаа бир нече кептер жерге түштү. Чыдай алганым жок. «Жырткыч!» – деп Ниязды жекирип кыйкырдым. Нияз болсо кебелбейт. «Олдо, досум, ая!.. Менин көзгө атарлыгымды мактап, кумардан чыгат экен десе, кайдагы бир кептер үчүн күйүп-бышып трагедия уюштурасың да!» — деп сумсая карап, өлгөн кептерлерди буту менен тээп жиберди!

Н у р д и н. Шайтан алгырдыкы! Бул эмне деген жорук?.. Ушундай да айбанчылык болобу?.. Жок. жок! Мындай жырткычтыкка.... Нияз өлсө да барбайт! (*Тамекини үстөмөндөтө соруп, тынч алалбай наркы-терки басат*). Дүйнөдөгү сулуу жана асыл нерселердин бардыгын барыктап, сүйө билиш керек... Адам баласынын адамкерчилиги, асылдыгы ошондо деп кан какшап жүргөн Нияз, канткенде ошондой ишке барат?.. Мүмкүн эмес!..

М а с а д ы к. Акылдуу адам, мен акылдуумун деп эч качан жар салбайт. Анын сыңары, адамкерчиликтүү жана боорукер адам өзүнүн адамкерчилиги жөнүндө кулагыңдын кужурун алып, мээңди чиритпейт!

Н у р д и н. Мен десең, мындай сөздү угузбагын, Масадык!.. Макулбу?..

М а с а д ы к. Түшүнбөйм, Нурдин!.. Нияз тууганыңа дайыма балалык курбалыңдагы наристе көзүң менен карайсың… Ушул кезге дейре ошондой… эмнеге антесиң?.. ишенип кой… Нияз жердешиң таптакыр сен ойлогондой эмес!..

Н у р д и н. (*Кулумсурөй*) Кыябы, Ниязга күнүлөйт окшойсуң, ээ, Масадык?

М а с а д ы к. Уялсаң боло ошентип айткандан!..

Н у р д и н. Кууланба, Масадык, көрүнүп турат… менин бир көзүмдөн экинчи көзүмдүн артыкчылыгы жок, экөө тең кымбат. Силер да ошондойсуңар!.. *(Масадыкты кучактап)* Эх, Масадык! Муштумдай жүрөктө бир доско эмес, миң доско жетерлик сүйүү бар экенин билбейсиңби?..

М а с а д ы к. (*Кулуп*) Болуптур, Нурдин, койдум… Бир гана айтарым: сүйүүнүн баркына жеткен да бар, жетпеген да бар… Кой, бул сөзүбүз ушул жерде эле калсын… Унуттук дейли… Баса, машинечиң жоголду го?

Н у р д и н. Рас эле!.. Жоголгондо да дайынсыз жоголду!.. Барып билейинчи (*эшикти ачып, босогодо туруп калат. Коридордо Белек, колунда кагазга оролгон бирдеңкеси бар*) Белек-аке! Кириңиз. Сизди эле күтүп калдык.

(*Белек илкий басып бөлмөгө кирет*).

М а с а д ы к. Убадасынан жанбаган бирден-бир машинечи сиз болдуңуз, Белек-аке!.. Урмат жана даңк!..

*Белек унчукпайт.*

Н у р д и н. Сизге эмне болду?

М а с а д ы к. Торпоктун томугуна какагансып көзүңүз чекирейип калыптыр. Деги соо болгой элеңиз!..

Б е л е к. (*Узак паузадак кийин*) Мындан туп-туура отуз беш жыл мурда… Алтынчач апаңарга үйлөнгөнүмө аз эле болгон… кудайдан жашырбаган силерден жашырамбы… жин азазил азгырып кетип… Алтынчач апаңардын алдында… күнөө кылып койгон элем… өмүрүмдө бир гана жолу…

М а с а д ы к. (*Амалдуу күлүп*) А-а, колго түштүңүзбү, Белек-аке!.. Ойдолоктобой соо жүргүлө, балдар деп эртели-кеч бизге насият үйрөтүп, өзүңүз сопусунуп калчу элеңиз... Түшүнүктүү... Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба деген ушул турбайбы... Кана, батыраак шымды бериңиз, ал эми күнөөңүздү болсо негизги айыптоочу Алтынчач апасыз чечүүгө болбойт...

Б е л е к. *(Мурдагысындай эле бир жерди теше тиктеп)* Ошондон кийин менин көргөн күнүм тирүүлөй азап), (*Нурдинге)* Шымыңды алпарып жаңыдан тарыткан жатсам... О, шору арылбагаи шоргелдей башым... бет маңдайыбыздагы кошуна аял калемпир сурап кире калбаспы...

М а с а д ы к. Кошуна аял, кошуна аял!.. Дале болсо аял оозуңуздан түшпөйт. Нурдиндин шымын бериңизчи, кошуна аялыңызды кое туруп!..

Б е л е к. (*Масадыктын сөзүнө көңүл бурбастан*) Кошуна менен бир-эки ооз бирдеме дегиче болбой базардан кемпирим келип калса болобу!.. О, кудуретиңден айланайын кудай, шору арылбаган шоргелдей башыма Алтынчачты туш келтирипсиң... Мен мендигимен чыдап келатам... Менден башка бирөө болсо... О, байкуш Белек, кош аяктуунун асылысың го, чиркин!

М а с а д ы к. *(Белектин маңдайын басып*) Ооруп калгансызбы дейм, Белек-аке!..

Б е л е к (*Суроого жооп кайтарбастан, мурдагысындай эле бир жерди теше тиктеп*) Ак көңүл жаным, коңшу менен эбиреше калдым эле... Аны көргөндө, о, шору арылбаган шоргелдей башым!.. Алтынчач апаңар, бадырак куурулгансып, ой да бир куурулуй баштады дейсиң!.. «Көзүң кашайган гана бузуку! Жанында мен турсам сакалдуу кемпириң, башка аялды көрсөң дароо эркек болуп ойноктоп кетесиң!.. И-и, бузуку, ий!» — деп чаңыргандай болсо... дүйнө жүзү айланкөчөк!.. Ал ошен-

тип чамына берди, мен тултуйуп тура бердим... Бир маалда жаным кашайып кеткен окшойт.. Ач аюудай айкырып, колумдагы чоң кайчыны карабастан туруп кармай берген экем... *(кагазга оролгон шымды жазып көрсөтөт. Бир жак багелеги тизесинен өйдө жок)*. Моминтип таз төбөмдөн урулуп калыпмын!.. Эмне кылышты билбейм?..

М а с а д ы к. Экинчи багелегин кесип, трусик кылып кийип алыныз да, стадионго барып күлүктөрдүн жарышына түшүңүз!

Б е л е к. (*Кейиштүү*) Шымдын багелегин кеспей эле, жүрөгүмдүн толтосун кесип алгандай болдум!..

М а с а д ы к. Ошенткениңизде, азыркыдан алда канча жакшы болмок!

Н у р д и н. Масадык! *(Белекти карап күлүмсүрөй)*

Кейибеңиз, Белек-аке... Менин мүнөзүм да сиздикине окшош... Кебелбей тура берип, жедеп жаным кашайганда эмне кылганымды өзүм да билбей калам...

М а с а д ы к. Жарым сааттан кийин меймандар келе баштайт...

Б е л е к. *(Нурдинди опколжуй карап)* Нурдин, жакшына уулум... Алдагы костюмуңду эле кийип барсаң кандай болор эле?

Н у р д и н. (*Күзгүгө каранып*) Кандай болмок эле?.. Жапжаңы эле бойдон.

Б е л е к. *(Кубанычтуу)* Үтүктөй салсам жаңыдан да мыкты болот!

М а с а д ы к. Кемпириңиз дагы ажылдаса, анда эмне кыласыз?

Б е л е к. Андан кам жебе, жакшына уулум. Азыр биздин колдо кайчы эмес, үтүк болот. Телефон шыңгырайт.

Н у р д и н. (*Трубканы алып*) Алоо. Шайыргүл!.. Ооба, ооба: Канатым болсо учканы эле араң турам!.. Арга жок, кармалып жатам... Биринчиден, Нияз келелек... экинчи-

ден, мында бир кичинекей каргаша боло калып… жок, жок… оозго ала турган нерсе эмес… шымдын бир жак багалеги… Шайыргүл!.. Аздан кийин болом. (*Кулумсуроп*) мен дагы… көрүшкөнчө (*Масадыкка*) меймандар келе баштаптыр…

М а с а д ы к. Эми кандай кылдык?

Н у р д и н. (*Пиджагын чечип, Масадыкка кайрыла*) Мында турба, батыраак Ш а й ы р г ү лгө бар. Бир нече минутадан кийин мен ошол жерде болом. *(Пиджагын Белекке берип)* Бат эле үтүктөй коесуз да, ушундай эмеспи, Белек-аке?

Б е л е к. Көз ачып-жумгандын ортосунда даяр кылам.

М а с а д ы к. Унутпаңыз, Белек-аке… Кайчы эле дейсизби… Үтүктөн да каргаша болушу мүмкүн! *(Чыгат)*.

Б е л е к. Кашайгырдын гана кемпири! Эр болсо оозун ачып көрсүнчү!.. Ысыган үтүктү тилине баспасам… Ошентпесем киши болбоюн!.. Арбак урсун!..

Н у р д и н. Кириңиз. (*Нияз кирет. Нурдин кучагын жайып, кубанычтуу*) Нияз!..

Б е л е к. (*Уялгандай*) Мен бара берейин эмесе.

Н у р д и н. Ооба, ооба, ошентиңиз.

Б е л е к. Бардыгы жайында болот. *(Кетет)*

Н у р д и н. (*Ниязга*) Сен кечиккенге чый-пыйым чыгып… эмне кыларымды билбей…

Н и я з. Ошондойбу?!

Н у р д и н. Быйылкы жазды чыдамсыздык менен күтүп жүрдүм… (Жайдары күлүп) Сени андан кем күткөнүм жок!

Н и я з. Мен келбейин деген элем.

Н у р д и н. Табың жокпу?

Н и я з. (*Нурдиндин суроосуна назар салбастан*) Бирок, келдим. Бул менин милдетим.

Н у р д и н. Милдет? Кандай милдет? Эмне деген милдет?

Н и я з. Сенин намысың — менин намысым… бүт урук-тууганыңдын намысы!

Н у р д и н. Мынча эмне маалкатасың, айтчу болсоң айтпайсыңбы?..

Н и я з. (*Папирос тартып*). Таланттуу хирургсуң. Жүрөккө операция жасамакчы болуп жатасың... Андан үмүтүбүз чоң!

Н у р д и н. Түшүнбөйм, Нияз! Мындай мүнөздөмөнүн кимге кереги бар.

Н и я з. Сен профессор Сулаймановдун сүйгөн шакирттеринин бирисиң. Көрүнгөн тоонун алысы жок дегендей... илимдин кандидаты... андан сон госпиталь хирургиясынын доценти болуучу күн алыс эмес...

Н у р д и н. Жүрөгүңдү өйүгөн бир нерсе болсо батыраак айтпайсыңбы?

Н и я з. Баарыбыз ийгилигиңе кубанабыз. Төбөбүз көккө жеткенче сыймыктанабыз. Аны менен катар, сен жөнүндө кам көрүшүбүз да керек. Бул биздин милдетибиз. (*Нурдинди тике карап*) Эч жеринде темгил болбошу керек!

Н у р д и н. Кандай темгил? Кайдагы темгил? (*Кыйкырганга чейин барат*) Мынча эмне маалкатасың?!.

Н и я з. Шайыргүлгө азгырыласың мейлиң, азгырылып жүрө бер. Бойдоксуң. Көңүл ачышың керек. Биз түшүнөбүз. Бирок убактылуу азгырылуунун аягы түбөлүк трагедия менен бүтүүгө тийиш эмес!

Н у р д и н. Эжелешпей сүйлөшсөк кантет!

Н и я з. Шайыргүлгө үйлөнбөйсүң... антүүгө акың жок!

Н у р д и н. Эмне?!.

Н и я з. Ага үйлөнсөң маскара болуп, абийириңден айрыласың!

Н у р д и н. Эмне деп тантырап жатасың, Нияз?.. Шайыргүлсүз менин күнүм жок, ал эми Шайыргүл болсо...

Н и я з. Аныңдын Масадыксыз күнү жок.

Н у р д и н. Сага жин тийсе керек!

Н и я з. Масадык менен Шайыргүл экөөнүн көңүлү көптөн бери жакын...

Н у р д и н. Бас жаагыңды!

Н и я з. Макул, менин жаагымды бастың. Бирок биздин айланабыздагы тил башыңдагы чачыңдан да көп. Аларды кантип койдурасың? Бул жалган деп газетага макала жазып, же радиого чыгып сүйлөмөксүңбү?

Н у р д и н. Мындай булганыч сөздү ким ойлоп чыгарып жүрөт?

Н и я з. Бул баарына маалым... Билбегенден жалгыз сенсиң! *(Паузадан кийин)* Москвада жүргөндө Масадык менен Шайыргүл экөө сенин машинаңа түшүп кудайдын куттуу күнү тоого кетишчү... Жоогазын гүлүн теребиз дешип!..

Ошол болбогон нерсе үчүн менин Шайыргүлүмдүн бетине көө жапкың келеби?

Ошол «болбогон нерсенин» айынан сенин Шайыргүлүң акушеркадан жардам суроого аргасыз болгон!..

Н у р д и н. *(Ниязды жаакка тартып)* Жогол!

Н и я з. *(Жаагын сыйпалап)* Сенин колуңдун тагы кетет, бирок Шайыргүлгө үйлөнсөң баарыбыздын башыбызга түшкөн уяттын тагы түбөлүккө калат! *(Эшикти көздөй илкий басат)*

Н у р д и н. *(Үзүлө кыйкырып)* Жок! Ишенбейм! Калп! *(Ниязга жете барып, ийнинен тартып өзүнө каратат)* Масадык менен Шайыргүлгө экөө бири-бирин сүйүп, турмуш кургулары келсе ким жолтоо боло алат? Биздин заманда чыныгы сүйүүгө жолтоо болуучу ким?.. Ким дейм?..

Н и я з. Эки адамдын сүйүүсүнө жолтоо болушка закон жол бербейт, бирок керт башынын кызыкчылыгы үчүн законду аттап өтүп, жаштардын турмушун бузуп коюучулар али да болсо бар...

Н у р д и н. Законду аттап өткөн машаяк ким экен, көрсөтчү ошону?

Н и я з. Профессор Сулайманов.

Н у р д и н. Шайыргүлдүн атасыбы?

Н и я з. Ооба.

Н у р д и н. Калп айтсам өлтүр… Растан эле акылыңдан айный баштаган окшойсуң!

Н и я з. Хирургдугуңда айып жок, бирок психиатор болууга жарабайсың.

Н у р д и н. Азыркы абалыңды билиш үчүн психиатор болуунун зарылдыгы жок. *(Ниязды өзүнө каратып)* Үчөөбүздүн кимибиз күйөө болобуз? Масадыкпы, менби же сенби? Профессор Сулайманов үчүн кандай айырмасы бар?.. Үчөөбүздү тең жакшы көрөт.. Жашырбай айтканыбызда, профессордун абдан жакшы көргөн, таланттуу шакирти Масадык…

Н и я з. *(Нурдиндин сөзүн бөлүп, кыжырдуу)* Талант! Талант! Үчөөбүздүн ортобузда талант бөлүштүргөнгө али эрте. Кимдин ким экенин мезгил көрсөтөт. *(Нурдинди карап)* Бирок билип койгун; Шайыргүлдүн күйөөсү ким болот, Масадыкпы же башкабы профессор үчүн баары бир эмес!

Н у р д и н. Койсоңчу!

Н и я з. Масадык Шайыргүлгө үйлөнсө профессор партбилетинен айрылып, окумуштуулук карьерасынан биротоло кол жууйт…

Н у р д и н. *(Мыскылдагандай)* Масадык каражолтой деп профессорго бирөө аян берген го дейм?!.

Н и я з. Партбюронун заседаниесин унутуп калдыңбы?

Н у р д и н. Кайсы заседание…

Н и я з. Шайыргүл үчүн калың алган деп профессор Сулаймановдун үстүнөн түшкөн арызды караганбыз… эсиңден чыгып кеттиби?

Н у р д и н. Баягы тоголок арызды айтып жаткан турбайсыңбы… Ал барып турган жүзүкаралык болучу!

Н и я з. Албетте, тоголок арыз жазуу жийиркеничтүү нерсе. Бирок Масадыктын атасынан кызым үчүн калың

алганым рас – деп, профессор мойнуна алганы чын. Эч ким тана албайт.

Н у р д и н. Уялсаң боло, Нияз! Манастын доорунда болгон ишти бүгүнкү күнгө апкелип жармаштыра берсек, эмне деген адам болобуз?..

Н и я з. (*Нурдиндин сөзүнө назар салбастан*) Профессор партбюродо катуу сөз берген болучу, мен калың алган кишиге кызым чыкпайт, өзү жактырып сүйгөн кишисине чыгат деп... Анан эмне болду?.. Көп узабастан Шайыргүл сага колукту болуп калды...

Н у р д и н. Таң калардык эчтеме жок... Шайыргүл мени сүйүп калды.

Н и я з. Эй, пенде! Кызы Масадыкка чыкса профессор балалыктан кечип жибермек. Буга көзү жетип, айласы куруганда гана Шайыргүл сага барып жармашып отурат.

Н у р д и н. Жомокто ошентип айтылчу. Азыркы күндө андай жомокко айылдагы кемпирлер да ишенбейт.

Н и я з. (*Паузадан кийин*) Шайыргүл атасын кудайындай көрөт... Андан айрылса өзүнө да, айрыкча Масадыкка жаман болорун билет. А Масадык болсо ушундай кыйын абалды көрүп, өгүз өлбөсүн, араба сынбасын деген тыянакка келди... Профессордун кыжырына тийбей, анын жардамы менен адам болуп алганынча, сага чыга тургун деп Шайыргүлдү азгырып койду...

Н у р д и н. Ошентип, Шайыргүл дароо макул болду дечи?

Н и я з. Азырынча бөлкөнтайы сеники, сүйүүсү Масадыктыкы. Шайыргүл эчтеме уттурбайт!

Н у р д и н. (*Үзүлө кыйкырып*) Нияз!..

Н и я з. Шайыргүл Масадыкты жанындай көрөт, өл десе өлөт, тирил десе тирилет!

Н у р д и н. (*Муштумун түйүп*) Дагы бирдеме деп ооз ачуучу болсоң... (*Нияздан алыстай берип*) Жок, жок,

жок! Шайыргүл мени сүйөт!.. Анын сүйгөндүгүн ар дайым сезип турам... (*Нияздын жанына барып, ачуулуу карап*). Өзүмдүн көзүмө ишенбестен, сенин тилиңе ишенишим керек экен да, ээ?!.

Н и я з. Шайыргүл актриса экенин унутпа, Нурдин. Актер сүйүүнү да, жек көрүүнү да каалаганындай ойноп коёт.

Н у р д и н. Сахнада гана ошондой. Турмушта андай эмес.

Н и я з. Жаңылышасың!.. Турмушта кайсы бир адамдар бар... алар актер чеберчилигине эч качан үйрөнбөсө да, профессионал актердон ашырып ойноп коёт... Мисалга Масадыкты алсак... сенин алдыңда чыныгы кыйышпас достун ролун ойноп жүргөндүгү жалган дейсиңби?

Н у р д и н. Жалган. Масадык ак көңүл, кишичиликтүү, боорукер жигит...

Н и я з. *(какшыктап)* Чымынга зыян келтирбейт дечи?.. *(Нурдинге жалт бурулуп)* Өткөн жылы Кептер-Сай капчыгайында...

Н у р д и н. Эмне?..

Н и я з. Боорукер досуңдун мыкаачылыгын мен өз көзүм менен көргөм...

Н у р д и н. Токто!.. Масадык башкача айткан... Кептерлерди атып өлтүргөн жырткыч сен деген болучу!

Н и я з. Аткан ал, жалаага калган мен. (*какшыктап*) Адамкерчиликтин чеги ушул деп түшүнсөң... анда мен койдум...

Н у р д и н. Жок! Жок! Жок! Жакын досторумдун бири Масадыкка ишенбесем, анда кимге ишенем?

Н и я з. Адамга ишенүү керек. Бирок бутунан басып, мурдунан тынгандардын бардыгын адам катарына кошсок кечирилбес жаңылыштык болор эле!

Н у р д и н. Жетет, Нияз! Масадык – адам. Жүзү каралык кылуу анын колунан келбейт.

Н и я з. Жаңылышасың, Нурдин! Жүзүкаралык кылуу эшектин мээсин жеген көк мээлердин гана колунан келбейт.

Н у р д и н. Нияз!

Н и я з. Болуптур. Эң жакын тууганың мага ишенбесең... Кош! *(Эшикти тарс жаап чыгып кетет). Нурдин тынч алалбай наркы-терки басып, андан кийин орундукка отурат да башын мыкчый кармайт. Үтүктөлгөн пиджакты алып Белек кирет.*

Б е л е к. Нурдин, жакшына уулум!.. Кечирип кой... Кубанычыңдын үстүнө кубаныч кошуунун ордуна кайгыртып койдум... Жаным кейип турат!

Н у р д и н. *(Ордунан туруп)* Кызыксыз, Белек-аке... Болбогон бир нерсе үчүн ушунчалык кейип-кепчип... мен небак кечиргем.

Б е л е к. *(Нурдиндин пиджагын кийгизип, кейиштүү күлүмсүрөй)* Нурдин, жакшына уулум!.. Биздин тоо гүлдөрүбүздүн ичинен эң бир чырайлыгын... кыргыз журтунун таңдагы чолпону, бактагы булбулу Шайыргүлдү тандап алдың!.. Аккуунун тыбытына окшоп мүнөзү жумшак, тили ширин. Менин кемпириме... тилинде тикениң бар Алтынчач кургурга түк да окшобойт... Шайыргүлүң менен бейиште тургандай турасың!.. Туптуура отуз беш жыл өткөндөн кийин ушул айтканымды унутпай эстегин. Шайыргүлдөй жароокер жакшына бала дубандан чыкпайт!

Н у р д и н. *(Белекти кучактап, кейиштүү күлүмсүрөй)* Ах, Белек-аке! Белек-аке!.. Күн батканда жер бетине караңгы түшөт... Шайыргүлсүз менин өмүрүм да ошентип калар эле... Тойго келиңиз, Белек-аке.

Б е л е к. Тойгобу?

Н у р д и н. Жаз жыл сайын келет, той адамдын өмүрүндө бир гана жолу болот. Келбесеңиз катуу таарынабыз.

Б е л е к. Н у р д и н, жакшына уулум. Ракмат. *(Өз ичинен кейип)* кайсы бетим менен барам? *(чыгат).*

*Нурдин бир паска ойлоно калып, күзгүгө барат, галстугун байлап, чачын таранат. Бир кучак жоогазын көтөрүп Сейит кирет.*

С е й и т. *(Акырын)* Саламатсызбы, Нурдин аксакал... Тоого атайы барып, Шайыргүлгө апкелдим... Жоогазынды жакшы көрчү эле... *(Нурдинге гүлдү берет).*

Н у р д и н. Жогору өт, Сейит.

С е й и т. Машина даяр. Керек болгондо айтарсыз.

Н у р д и н. Ракмат. Бүгүнчө шоферлугуңду таштап, биздин тоюбузга келип көңүл ачкын... Тоюңарда ыр аякчы болом деп Шайыргүл экөөбүзгө көп айтчу элең... Эсиңдеби, Сейит?

С е й и т. *(Паузадан кийин)* Ракмат, Нурдин аксакал... *(Эшикке бет алат).*

Н у р д и н. *(Паузадан кийин, үнүн акырын чыгарып)* Токточу, Сейит...

С е й и т. Эмне дейсиз, Нурдин аксакал?..

Н у р д и н. (*Мурдагысындай эле Сейитке карабастан)* Мен Москвада жүргөндө кыйлага көрүшпөй калдык... кандайча туруп жаттың?

С е й и т. Мени айтасызбы?

Н у р д и н. Ооба.

С е й и т. *(Пауза)* Кандайча болсун... Баштатан келаткан кесип экен... машина айдап, тамак-аш жеп, уктап-туруп күн өткөрдүм...

Н у р д и н. Бар кылган жумушум ошол болду дечи?

С е й и т. Менимче ошол эле... *(эстегендей)* Айтмакчы, уйкум келелекте телевизор көрчүмүн... Телевизор көрбөгөндө балдарымды эркелетчүмүн. Баласаак жаным бар! (*курсунуп*) Бир жолу аялым менен театрга барган экем... Аял аттуунун пашаасы го чиркин!... О, жараткан, ай!

Н у р д и н. Балким, дагы бир нерселер эсиңе түшөт, ойлонуп көрчү?

С е й и т. Эчтеме калтырганым жок, бардыгын айттым.

Н у р д и н. *(Сейит тарапка жалт бурулуп, тигиле карайт)* Мен сага ишенем.

С е й и т. Минтип карабаңыз, Нурдин аксакал! Кудай тилегиңизди берсин, минтип карабаңыз!

Н у р д и н. Сага эмне болду, Сейит?

С е й и т. *(Калтаарып)* Кыйналганымды көрбөй турасызбы? *(Үзүлө кыйкырып)* Көрбөй турасызбы?!.

Н у р д и н. *(Мээримдүү күлүмсүрөй)*. Болбогон суроолорду берип жаныңды кейитип койдум окшойт, кечиргин, Сейит... Дайыма ак ниетсиң... күмөн санай албайм... Үйүңө батыраак жетип, аялыңды ээрчитип кел, Көнүл ачкыла!

С е й и т. *(Паузадан кийин)* Болуптур, мен кеттим. Сиздин тоюңузда ачпаган көңүлдү качан ачмак элек!.. Ант урсун, сиздин тоюңузду көңүлдөгүдөй тойлойбуз! *(эшикке бет алат)*.

Н у р д и н. Сейит!

С е й и т. Эмне дейсиз, Нурдин аксакал?

Н у р д и н. Балдарыңа берип койчу... болор-болбос Белек... менден *(Сейитке коробка берип)* Балдарың жакшы көрөт сени... Сыймыктанышат... Улуу кызың, менин Шайыргүлүмө окшоп ырчы болом дейт... жигиттериң ата кесибинен кайткысы жок... шоферлуктан башканы жолотушпайт... Бол, тезирээк жөнө, ансыз да кечиге турган болдук.

С е й и т. Ракмат. *(Ойлуу баратып, босогого жетпестен кайра кайрылып, Нурдиндин жанына келет)*. Кечириңиз, Нурдин-аксакал... *(Өзүнчө)* Кыйналып бүттүм... Дагы чыдашка кудуретим жетчүдөй эмес... Кантет элем, таалайга жазганды көрөрмүн да... *(Башын шылкыйтып)* Москвада жүргөнүңүздө...

Н у р д и н. Сүйлөй бер, Сейит!

С е й и т. *(Пауза)* Масадык менен Шайыргүлдү сиздин машинаңызга салып дайыма тоого алпарчумун... жоогазын тергенге...

Н у р д и н. Алпарсаң алпарган чыгарсың... Анын эмнеси жаман?

С е й и т. Тоодо тап-такыр гүл чыга элек кезде да алпарып жүрчүмүн.

*(Нурдин нары бурулуп терезени карайт).*

С е й и т. *(Нурдинге жакын барып, жалбарыңкы).* Кечириңиз, Нурдин-аксакал... *(пауза)* Шайыргүлдү жакшы көрөсүз... Сизге өтө кыйын... Менин абалым андан беш-бетер... Бирок мынча болгон сон айтышым керек... Шайыргүл менен Масадык башыңыздан аттап жүрүштү. Мен капканга түштүм. Сатылып кеттим. Мен адам эмесмин... Итмин!

Н у р д и н. *(Сейитти карабастан, акырын)* Кете берсең болот...

С е й и т. *(Кейиштүү күрсүнүп)* Макул, Нурдин аксакал. Мен кеттим. *(Эшикке жеткенде бир нерсени эсине түшүргөндөй кайра кайрылат)* Болору болгон соң жашырып эмне... Меңиз... Портсигар. Масадык машинада унут калтырыптыр. ...Анын туулган күнүнө Шайыргүлдүн белеги окшойт...

*(Портсигарды столго коюп чыгат).*

*(Узакка созулган пауза)*

Н у р д и н. *(Столго барып, портсигарды акырын алат да ичин ачып окуйт)* «Жаным Масадык! Туулган күнүң менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм. Менин сүйүүм күн нурундай жылытып, жоогазындын гүлүндөй кубантып турсун. Экөөбүз таалайлуу болобуз... Сенин Шайыргүлүң!» *(Колундагы портсигарды телмирип карап, кейиштүү кайталайт)* «...Сенин Шайыргүлүң...» *(Ачуусу келип портсигарды терезени көздөй ыргытат. Ыйлагандай аянычтуу добуш чыгарып айнек талкаланат).* Телефон шыңгырайт. Нурдин трубканы алмакчы болуп, акыркы секундада колун тартып алат да, эшикти тарс жаап жүгүрүп чыгат. Телефон мурдагысындай эле шыңгырай берет.

### *Үчүнчү сүрөт*

*Жылдыздуу түн. Шайыргүл туруучу көп кабаттуу үйдүн короосунун бурчу. Гүлдөгөн сирень, шабдаалы жана алчалардын айкалышкан кооз бутактарынын нары жагынан күлкү аралаш үндөр чыгат. Нурдин жүгүрүп кирип, ошо жакка бет алат, эчтемени байкабайт да көрбөйт, алдындагы сиренден секирип кетүүгө да даяр. Ошол учурда үй тараптан Шайыргүлдүн үнү угулат. Нурдин токтоп ырга кулак түрөт.*

Ш а й ы р г ү л д ү н   ү н ү:

…Кылайып тоодон таң аткан,
Суюлуп жылдыз бараткан,
Калдыгой бекен эсиңде,
Кыйышпай күлө карашкан…

*Нурдин кандайдыр жеңил дем алып, санаага баткан ойчул жүзүндө жылмаюу пайда болот. Сирендин бутагына колун созуп баратып кайра тартып алат да, үйгө бет алат. Бирок ошол учурда Медерди ээрчитип Канипа кирет. Медердин ийнинде арта салынган куржуну бар.*

К а н и п а. Ылайым ырыс-кешиктүү жакшы үй болсун! Оомийин! *(Нурдинди көрүп)* О, киши! Ой, уй. Токто! *(Нурдин кайрылып келет)*. И-и, өпкө-боорумду чабайын, киши экен десем бала белең. Айтчы, той ушул үйдө болобу?

Н у р д и н. Ооба, апа, той ушул үйдө болот.

К а н и п а. *(Жерге отура калып)* Э, айланайын, сен Масадыгымдын досу болуп жүрбөгүн, я?

Н у р д и н. Таап айттыңыз. Мен Масадыктын досумун. Атым Нурдин.

К а н и п а. И-и, өпкө-боорумду чабайын десе. Эңкейчи бери, бетиңден өөп коеюн. *(Нурдинди өбөт)*. Масадыгым оозунан түшүрчү эмес сени. Мен Масадыктын ата-

сынын бир тууган карындашы болом. Масадыкка эжемин. Атым Канипа саймачы. Мен жөнүндө гезитке көп жазышты. Радиодон да айтышкан. Уккандырсың?.. Укпай анан...

Н у р д и н. Масадык сиз туурасында айткан болучу.

К а н и п а. Айтпай анан! Биз чал экөөбүз малдабыз, айланайын... алыс! Бирок шаардагы сөз шамалдан бат жетет. Шайыргүлдүн тою болот деген кабар дүңк эле дей түштү ...Ой, кубанганымдан жүрөгүм оозумдан атып кете жаздады!.. *(Медерди көрсөтүп)* Биздин айылдын ырчысы... Аты Медер, биз аны Булбул деп коебуз... Адамзаттын момуну, уялчаак... Ал эми ырдаганын көрсөң, үнү үн эмес эле, конгуроо го, чиркин!.. Распы, Булбулум? Медер унчукпастан башын ийкеп, жайылып күлөт.

Н у р д и н. Эс алсаңыз, кирсек кандай болор экен...

К а н и п а. *(Көңүл бурбастан)* Ошентип, Булбулду жаныма алып, вертолотко отурдум да түз эле ушу жакты көздөй сыздым. Отуз-кырк жыл мурда болсо тойго кошумча кылып жел жетпеген күлүктү жетелеп келет элем. Азыр замана башка, ага жараша кошумчабыз да башка. Бул тойго апкелген белегимди көрсөң чалкаңдан кетесиң... Өз колум менен ушундай бир тушкийиз сайып келдим дейсиң... Шашпай кое тур, ананыраак элдин көзүнчө көрсөтөм. *(Медерге)* Бул ырдаганда адам эмес, таш эрип кетет ко, чиркин!.. Кана, Булбулум, көрсөтчү өнөрүңдү!

Н у р д и н. Кечиресиз, апа... Ананыраак ырдаганы дуруско дейм... Эл алдында...

К а н и п а. Ыры түгөнүп калат деп коркуп жатасың, го? Коркпой эле кой, өпкө-боорумду чабайын, Соң-Көлдүн өрдөгү канча болсо, Булбулубуздун ыры ошончо. Ырда, Булбулум. Тойдун шааниси ыр менен да! (Медер белине кыстарган комузун алып чыгат). Адегенде бул баламды мактап ырда *(Нурдинди көрсөтөт)*. Андан кийин кал-

гандарын… Жарыктык Нарын-атанын ташы канча болсо, сенин ширин сөздөрүн ошончо… Төгүп жибер, Булбулум… Ушундайда аянган жанды кудай алсын. Төк!

Н у р д и н. *(Үй тарапка шашыңкы карап)* Кечиресиз, апа… бирок да мен… түшүнүп жатасыз го…

К а н и п а. *(Ордунан туруп)* Шашылба, уулум… Тойдун өзүнүн мыйзамы болот… ыр менен киргенге не жетсин!.. Кулагыңды тосчу… Өзү менен кошо ырчы ээрчитип келүү… көрүнгөндүн колунан келбейт. *(Медерге)* Башта, Булбулум! Биякта ырдагандарды уктуңбу?.. Жаактары жап боло түшсүн!.. Жаныңды таштап жибер! Аянба, Булбулум!

М е д е р. *(Комузга кошулуп)* Э-э-эй!.. Э-э… Кхм… кхм… *(үрөйү учкан ырчы эмне кыларын билбей жалдырап Канипаны карайт).*

К а н и п а. О, кудай, шерменде кыла көрбө! (*Чөнтөктөрүнөн бирдеңке издеп*) Үйдөн чыгарда жүрөгүм болк-болк этип… Кырсык болорун билип… сары майдан чөнтөгүмө салып койдум эле… Ме, чоң-чоң сугунуп жибер *(Медерге май берет)*. Ушундай ырыстуу күндө үнүңдүн бүтүп калганын көрчү…

Н у р д и н. *(Тынчсызданып)* Кармалып калдык, апа жан… Мага уруксат этиңизчи… Ырсыз эле кире берейин…

К а н и п а. Шашпа айланайын… Үнү азыр ачылат… радиодой болуп бир заңгырап берсе… Бол, Булбулум!..

М е д е р. *(Майдан чоң-чоң сугунуп, үнүн сынап көрөт)* Э… кхм… кхм…

К а н и п а. *(Нурдинди токтотуп)* Азыр, азыр. Шашылба, өпкө-боорумду чабайын. *(Медерге)* Сугун! *(Нурдинге)* Былтыр Масадыгым менен Шайыргүл экөө жайлоого келишпедиби… Ай тийип турат… Жаштар чогулуп алып ырдап-бийлеп… Анан кийин… И-и, ушу тентектерди кантсем деги!.. Масадык менен Шайыргүл экөө кол кармашып алып, жалбырттаган алоонун үстүнөн секирип

кетишсе болобу! Коркконумдан жүрөгүм оозумдан атып кете жаздады!.. Алар кебелип койбойт... «Отко күйүп өлсөк бирге өлгөнүбүз жакшы... Экөөбүздө тең арман болбойт» дешип, күлгөндөй болушса... О, жараткан, экөөнү тең өмүрлүү-жаштуу кылып, үйүнүн ичин тентектерге толтура көр!.. Э, өпкө-боорумду чабайын, минтип караганың эмне?.. Масадык досуң Шайыргүлгө үйлөнгөнү жатса, күндөй болуп, жаркырап турбайсыңбы... Достун кубанычынан артык да кубаныч болучу беле!..

Н у р д и н. *(Оозун зорго кыбыратып)* Кечиресиз, апа... Шайыргүлгө мен үйлөнгөнү жатам... Масадык эмес...

К а н и п а. Шайыргүлгө мен үйлөнгөн жатам дедиңби?.. Сенби?!.

Н у р д и н. *(Акырын)* Ооба.

К а н и п а. *(Үрөйү учуп)* О, жараткан! *(Нурдинге кайрылып)* Менин бейиши болгур агам өзүнүн Масадыгына Шайыргүлдү кудалап койгонун кулагың укпай жүрдү беле, я?.. Менин бейиши болгур агам Шайыргүлдүн атасы менен апасынын үстүнө кымкаптан чепкен жаап баталашып койгонун билбей жүрдүң беле, я?.. Сулаймандын улуу кызын башкага берет деген эмне!.. Батаны бузганды бата уруп кетсин!.. *(Нурдинге)* Сен... досуңдун колуктусуна үйлөнгөнү жаткан турбайсыңбы!.. Достукту бузган уятсызды... достуктун кусуру урсун!.. Бейиши болгур агамдын арбагы менен балдардын көз жашы сага да, сенин каргыш тийген кайнатаңа да тынчтык бетин көрсөтпөсүн!...

М е д е р. *(Үнүн сынап)* Э-э-эй!.. *(Канипаны кубанычтуу карап)* О, кудай, үнүм ачылды... ырдайынбы?

К а н и п а. Ырдабай ымыран кал! (*Медерди колунан алып)*. Бул үйдү желкемдин чуңкуру көрсүн!.. Жүр!..

*Канипа менен Медер кетет. Нурдин сирендин жанында ордунан козголбостон телмирүүдө. Үй тараптан му-*

*зыкага аралаш шайыр үндөр угулат. Шайыргүл менен Масадык кирет. Алар кандайдыр тынчсыздангандай.*

Ш а й ы р г ү л. *(Үнүн акырын чыгарып)* Уят болдук... меймандар кетебиз деп жатышат...

М а с а д ы к. Кетириш болбойт... Сен барып алагды кыла тур. Ырдап бергин... Мен Нурдинди табайын.

Ш а й ы р г ү л. *(Масадыктын көкүрөгүнө башын коюп)* Ах, Масадык, Масадык, сен болбосоң менин көргөн күнүм эмне болот эле!

М а с а д ы к. *(Шыбырагансып)* Шайыргүл!.. Жан курбум!.. Эсиңден чыгарбагын... Мен дайыма сени менен биргемин.

*Сирендин түбүндө турган Нурдин, Шайыргүл менен Масадык кеткен тарапка бир кадам шилтеп, кайра артына кайрылат да жүгүрүп чыгат.*

## Төртүнчү сүрөт

*Түн. Жайкы ресторандын бурчу. Ай көтөрүлүп, Ала-Тоо көшүлөт. Ресторандын айланасында шыңгоо терек, мажрүмтал, кыркылган каражыгач. Нары жактан шайыр үндөргө кошулуп джаз угулат.*

*Мажрүмталдын паанасындагы кичинекей столдо Нурдин отурат, бир точканы теше тиктеп папирос тартууда. Патнус көтөргөн Официантка келет.*

О ф и ц и а н т к а. Кечиресиз, жолдош... эчтеме жебепсиз... Ысык тамакты апкелдим эле, муздап калатко *(Нурдин көңүл бурбастан мурдагысындай эле тилсиз)* *Ашканага алпара турсамбы? (Терең ойго берилген Нурдин унчукпайт)* Эмне кылайын, айтыңызчы деги?

Н у р д и н. Эмне дедиңиз? Мага айтып жатасызбы?

О ф и ц и а н т к а. Эртең Биринчи Май... Майрамды көңүлдүү тосуу керек... ыр менен... бий менен... Сиз болсоңуз...

Н у р д и н. *(Башын көтөрбөстөн)* Рас, рас... туура айтып жатасыз...

О ф и ц и а н т к а. Укмуштай түн болуп турат... Караңызчы!.. кандайдыр жароокер.., жарык... Распы?

Н у р д и н. Эмне? Түн дедиңизби? *(Башын көтөрүп айлананы карайт, күрсүнөт)* Ооба, растан эле укмуштуудай түн болуп турат... Бүгүн ушундай түн болот деп эч качан ойлогон жок элем...

О ф и ц и а н т к а. Мына, көрдүңүзбү, а сиз капасыз... *(Күрсүнөт)* Өмүр ушунчалык сонун, ушунчалык ширин... *(кетүүгө камынып)*. Кечиресиз...

Н у р д и н. *(Токтотуп)* Сизден сураганым... Кетпесеңиз... Айтканыңыз туура... Өмүр чынында эле ширин... чынында эле кызыктуу... Бирок өмүр деген эмне? Бул дүйнөдө өмүр сүрүүнүн шириндиги, кызыктыгы кайсында?... Ушуну билсек, өмүрдүн баркы ошондо билинетко дейм... Мына мен ойлодум... Мисалы, гүл жерди көркүнө чыгарыш үчүн өмүр сүрсө, жылдыз асманды көркүнө чыгарыш үчүн өмүр сүрөт... А адамчы?.. Менин оюмча, адам адамды көркүнө чыгарыш үчүн өмүр сүрүүгө тийиш. Чынбы?

О ф и ц и а н т к а. Албетте чын... бирок да... мени күтүп калышты окшойт...

Н у р д и н. Бир мүнөт убактыңызды аябаңызчы. Макулбу?.. Раматылык Алыкул Осмоновдун өзүнүн өмүрүнө окшогон тунук ырларынан кичинекей гана үзүндү... Ошону угуп кетсеңиз, мен ыраазымын:

«...Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап,
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда:
Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга».

О ф и ц и а н т к а. *(Ашыккандай)* Ооба, ооба, эң сонун ыр экен...

Н у р д и н. Мына көрдүңүзбү. Өлүм алдында жаткан акын, өлбөстүн дарысы болгон мүрөк суу табылса өзүнө бир тамчы албастан адамдарга бөлүп бергиси келген. Мына ушундай теңдешсиз айкөлдүк үчүн, бийиктик үчүн, асылдык үчүн өмүр сүрүүгө болот. Сүрүү да керек. Ал эми Алыкулга окшоп башкага жакшылык тилөөнүн ордуна, жамандык издеп, ырыс-таалайын тартып алып, өмүрүн кыйган адамдар кезиксе, эмне кылыш керек? Кулдук уруп, баш ийиш керекпи?.. Же өлүш керекпи?.. Андайлар кезиксе... *(столду муштап)*... Жок кылыш керек!.. Кечирип коюңуз... *(Официантка аны карап, кейиштүү күлүмсүрөй)* Ачуулуу экен деп жаман көрүп калдыңызго... Антпеңиз... мен ачууланганды билбейм... Азыр гана...

О ф и ц и а н т к а. Кайгыңыздын дабасын тапсам кандай жакшы болор эле... Мени күтүп калышты, кетишим керек. Айтмакчы, жолдошум экөөбүэ тоого чыгып гүл терген элек... *(көкүрөгүнө сайып койгон жоогазынды алып)* Гүл адам менен ырысташ болот деп апам айтаар эле... Сизге белек болсун... Жоогазын...

Н у р д и н. Жоогазынбы?!

*Официантка жоогазынды столго коюп чыгып кетет. Шайыр музыка угулат. Майрам алдындагы фейерверк жылдыздары алыстан асманга атылат.*

Н у р д и н. (*Кайгылуу*) Жоогазын...

*Масадык жүгүрүп кирет. Аябай күйүккөн.*

М а с а д ы к. *(Нурдинди көрүп)* Нурдин! Бул эмне деген өнөрүң?.. Тиякта тоюң болгону жатса... колуктуңду зарыктырып... Меймандарды да зарыктырып... Бул эмне деген жоругуң?.. *(Нурдин башын жерге салып үнчүкпайт)* Шаарды чарк айланып чыктым, сен болсо мында отурасың. Тур Бол батыраак!

Н у р д и н. Тийбегин мага. Уктуңбу?

М а с а д ы к. Сен эмне, массыңбы?

Н у р д и н. Ишиң болбосун!

М а с а д ы к. Бол, турчу батыраак. Кеттик.

Н у р д и н. Кайда?

М а с а д ы к. Нурдин! Колуктуңду ушунчалык кыйнап, ушунчалык маскара кылганың деле жетет... *(Официантканы кол булгап чакырат)*. Тыйынын алыңыз, тезирээк...

О ф и ц и а н т к а. Рахим этиңиз *(Масадыкка счетту сунат)*.

Н у р д и н. *(Официанткага)* Кечиресиз, заказды мен бергем... Алыңыз. *Акчаны алып Официантка чыгат.*

М а с а д ы к. *(Нурдинге)* Жолдош болгонубуздан бери бир ооз жаман сөз айткан жок элем... Сенин бул жоругуңду... адам эмес, айбан да кылбайт...

Н у р д и н. *(Өзүн зорго кармап)* Эмне?.. Башка кылыгың аз келгенсип, эми кордомокчу болгон экенсиң го, ээ? (*Масадыкты колдон алат*).

М а с а д ы к. Нурдин! Эсиңе кел! Айыбым болсо кийин сүйлөшөлү. Убакыт жок... Шайыргүлүң күтүп калды... Меймандардын алды кеткен жатат... Өмүрүмдө калп айткан жок элем... Бүгүн болсо... Эң жакын досторум – сени жана Шайыргүлдү уяттан куткарыш үчүн калп айттым... бала болуп башыма жүн чыккандан бери биринчи жолу...

Н у р д и н. Жалган!.. Адамды алдоо... сен үчүн көнүмүш!

М а с а д ы к. Болуптур, кандай десең ошондой де. Кийин чечишебиз. Азыр тойго барышың керек. Сени шашылыш түрдө операцияга чакырып кетти деп, меймандарды ынандырып койдум... Азыр барсаң, бардыгы жайында болот... *(Нурдинди колдон алып)* Нурдин! Кеттик!

Н у р д и н. *(Колун жулуп алып)* Кое бер! Сенсиз эле кеткени жатам... *(Токтой калып)* Тойго барат деп ойлобогун!

М а с а д ы к. Эмне? Эсиңди жый, Нурдин! Мас ок-

шойсуң! Тилимди ал *(Нурдинге жетип колдон алат).*

Н у р д и н. *(Масадыкты түртүп)* Кое бер дедим, жүзүкара! *(Тез чыгып кетет).*

М а с а д ы к. Сен ушундай экенсиң го?! *(Узакка созулбаган паузадан кийин Нурдиндин соңунан жүгүрүп)* Нурдин! Токто! *От алдырган машинанын добушу угулат.*

Н у р д и н д и н ү н ү: Тур мындай!

М а с а д ы к т ы н ү н ү: Жок! Эч кандай жибербейм!

Н у р д и н д и н ү н ү: Дагы бир жолу эскертем, ажалың жетелекте, качкын!

М а с а д ы к т ы н ү н ү: Барып турган акмак экенсиң!

Н у р д и н д и н ү н ү: Мен акмакмынбы?.. Акмак деген момундай болот!

*Мотордун өкүрүгүнө удаа «А-а-а!» деп үзүлө кыйкырган үн угулат. Музыка лып токтолуп, бардыгы ошол жакка бет алып жүгүрөт.*

### ***Бешинчи сүрөт***

*Ошол эле түн. Алдын ала камакка алуу камерасы. Нурдин наркы-терки басып ойлуу, Көчө жактан шайыр ыр угулат. Тордолгон терезеге жакын барып Нурдин ырга кулак түрөт. Ыр улам жакын. Бир маалда терезенин так түбүнөн угулуп, анан кайрадан алыстайт. Эшик ачылып милиционер кирет.*

М и л и ц и о н е р. Сизге киши келди. *(Нурдин жонун салып, терезени тиктеп тилсиз. Милиционер нааразы болгондой башын чайкап, артына кылчаят)* Кириңиз.

*Тойго кийген себи менен Шайыргүл кирет, көкүрөгүндө жоогазындын гүлү. Сынагандай баштан-аяк карап алып, милиционер чыгат.*

Ш а й ы р г ү л. (*Милиционерге көңүл бурбастан, Нурдинге бет алып)* Нурдин! Нурдин! (*Нурдин жонун салып, мурдагы турган ордунан кебелбейт. Шайыргүл*

*анын ийнине колун коюп*) Нурдин! Бул менмин. Угуп жатасыңбы, бул мен дейм! *(Нурдинди күч менен өзүнө каратат, бирок Нурдин аны карабастан бет алдындагы дубалга тигилет. Шайыргүл сыга кучактап)* Эмне болду, Нурдин, айтчы!.. Элге-журтка уят кылып... өзүңдү да азапка салдың, мени да азапка салдың? Эмнеге ошенттиң, Нурдин?.. Көзүңдүн карегиндей күйөрман досуңду майып кылып...» мүмкүн өлүп калдыбы... Эмнеге ошенттиң?.. Айтчы, Нурдин... Айыбым эмнеде?.. Бечара Масадыктын айыбы эмеде? *Нурдин Шайыргүлдү – карайт, кандайдыр катуу сөз айтчудай ачуулуу.*

Ш а й ы р г ү л. Сүйлөчү, Нурдин, сүйлөсөң! Айыбым эмнеде?.. Эмнеде?.. *Нурдин жооп кайтарбастан тескери бурулуп, кайрадан дубалды тиктейт.*

Ш а й ы р г ү л. Мынчалык эмне кыйнайсың? Жанатадан бери мен көргөн азап аздык кылабы сага?.. Бир нече сааттын ичинде бүт өмүрүм кыйылып калды!.. Ошол аздык кылабы?!. *(Нурдиндин көкүрөгүнө башын коюп, буркурап ыйлайт)*. Менин бар болгон айыбым сени сүйгөндүгүмдө. Башка айыбым жок.

*Шайыргүлдүн жашка толгон көзүн Нурдин узакка тигилип карайт. Кыздын чачынан сылагысы келдиби же бооруна кысып эркелетейин деген ниетте болдубу айтор, колун өйдө кылып, муңайым тартат.*

Ш а й ы р г ү л. Сүйлөчү! Нурдин! Мен үнүңдү уккум келет! Нурдин кайрадан ачуулуу тартып тескери бурулат.

Ш а й ы р г ү л. (*Үзүлө кыйкырып, жалбарып*) Нурдин! Эч жок дегенде бир ооз бирдеме деп койсоң боло!

Н у р д и н. (*Паузадан кийин*) Эмнеге келдиң?

Ш а й ы р г ү л. (*Селт этип*), Нурдин! Сенин айтарың ушул беле? (*Нурдинге кайрадан боюн таштап*) Мен эчтемеден коркпойм... эл эмне десе ошо десин... Сүйсөң болду!.. Билип турам... экөөбүздү ажыратышат... узакка дейре... мейли, баары бир күтөм! Өмүр бою болсо да күтөм!

Бирок азабымды арбытпагын… күнөөмдү билсем азапты көтөрүүгө жеңилирээк болор… Айыбым эмнеде, айтчы, Нурдин?..

*Нурдин Шайыргүлдүн кучагынан чыгып, четке басат.*

Ш а й ы р г ү л. (*Ыйлап*) Нурдин!

Н у р д и н. Баргын!

Ш а й ы р г ү л . Мынчалык таш боордукту кайдан үйрөнгөнсүң, Нурдин?.. Мерес экенсиң, билген жок элем… (*Нурдинге боюн таштап*) Баары бир жакшы көрөм!

Н у р д и н. Болду!

Ш а й ы р г ү л. Мен чарчадым, Нурдин! Кыйналдым! *(Нурдинди жалбарыңкы карап, колундагы гүлүн сунат).*

Н у р д и н. Көрүнбө! (*Шайыргүлдүн колун какканда, гүл жерге түшөт. Нурдин кыжыры келип гүлдү таманы менен тепсейт).*

Ш а й ы р г ү л. *(Үзүлө кыйкырып)* Нурдин!

Н у р д и н. Баргын!

Ш а й ы р г ү л. Жок! Айтмайынча эч кайда кетпейм!

Н у р д и н. *(Кыйналып-кысталып)* Сени… сүйбөймүн…

Ш а й ы р г ү л. Жалган!.. Ишенбейм! Сүйөсүң… сүйөсүң.

Н у р д и н. (*Мурдагысындай эле кысталып*) Рас… мен сүйөм… бирок сени эмес… башканы…

Ш а й ы р г ү л. *(Артын көздөй сендиректей түшүп)* Ошондойбу?! *(Паузадан кийин эшикти көздөй илкийт. Бирок ага жетпей токтоп, кайра- кайрылат)*. Ишенбейм! *(Нурдинге бет алып чуркап)* Андай эмес, Нурдин! Андай эмес!

*Милиционер кирет.*

М и л и ц и о н е р. Гражданка, жолугушуу бүттү. *Шайыргүл кандайдыр калтаарыңкы түрдө эшикке бет алат. Нурдин милиционердин соңунан чуркап, бекитилген эшикти ачууга аракет кылат.*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

*Түн. Тоо чокулары бүлбүл. Жалбырактары саргайыңкы тарткан каражыгачтын паанасында скамейка. Нурдин жер карап тамеки чегүүдө. Алыстан бий музыкасы угулат. Пауза. Чал кирет.*

Ч а л. *(Нурдинге жанаша отуруп)* Эки тоо башы бирикпейт, эки адам башы биригет деген ушу… Ниетибиз туура көрүнөт… Жакшы турасыңбы, айланайын…

Н у р д и н. *(Башын көтөрүп)* Кечиресиз, ата… Байкабай калыпмын… *(Чалга кол берип)* Саламатсызбы. Чоң шаар чоң шаардыгын кылбай койбойт; кезигишпей калабызбы деген элем, ырас жолугушпадыкпы. *(Башын салып)* Жер адамды тыңшайт дегенге ыначу эмес элем… Баятан тиктеп отуруп ошонун ырастыгына ишенгендей болом… Менин оюмду дагы угуп жаткансыйт… *(Башын көтөрүп акырын)* Жашоодон таптакыр үмүт үзүп койгон оорулууну операциялап, анын жарык дүйнөгө кайрадан кубанганын көргөнүмдө, өзүмдүн өмүрүмдөн башка дагы бир өмүргө ээ болгондой канат байлап турар элем!.. *(катуу күрсүнүп)* Өмүрдү адамга берүү керек экен!.. Макулукка берген өмүр кор!.. кайгы! *(Башын көтөрүп)* Шашылыш болбосоңуз…

Ч а л. Кайда шашылмак элем, балам?.. Жаман күчүктөрүм уктап калды… А мен болсом… менин жашымда шашуу болбойт. *(Сакалын сылай)* Атаганат, ошондой күн келсе кана!.. Сууга эриген канттай болуп кетилип бараткан өмүрдү эч болбогондо бир күн токтотуп калууга кудурет жетсе, арман болбос эле го!..

Н у р д и н. Өмүр текке кетпесине көзүң жетсе, бир секундалык өмүр үчүн да күрөшүү керек. *(Күрсүнүп)* Арман күч!.. Кыйла өмүрүм текке кетти!

Ч а л . *(Сакалын сылай)* Ачуунун даамын татпаган, таттуунун даамын билбейт. Турмуштун азабын көрдүң, эми…

Н у р д и н. *(Чалдын сөзүн бөлүп)* Айтыңызчы ата! Мурда көргөн азаптын үстүнө дагы азап кошулса… андан миң эсе кыйын азап… анда кантиш керек?!

Ч а л. Түндөн кийин кайрадан түн түшпөйт, уулум…

Н у р д и н. Жаратылышта ошондой… А эми адамдын өмүрүндө болсо… *(оор күрсүнүп)* Азаптан кутулдум го десем, дагы бир азап күтүп турган экен, мен аны билбепмин!.. Кечеги күн менин арылбас муңумдун, азабымдын күнү болду! *(Паузадан кийин)* Мейманканада түнөп алып, анын эртеси… Мени кандай шайтан азгырганын билбейм… Эмнегедир Шайыргүл менен Масадыктын үйүнө баргым келди… Алар таалайлуу турса, бул таалай алар үчүн өтө кымбатка түшкөндүгүн көрсөткүм келдиби… же болбосо, Масадыкты жазалаганда туура жазалап… ага кылганым мыкаачылык болсо да, анын күнөөсүнө жараша адилеттүүлүк экенине ынангым келдиби, айтор, кандай болбосун барсам деп эңседим… Алардыкына бартканымды ойлосом бүткөн боюм дүркүрөп, нечен ирет кайра кайрылгым келди. Бирок кандайдыр белгисиз күч ой-боюма койбой жетелеп баратты… Акыры, Шайыргүл турган үйгө келдим.

### *Жетинчи сүрөт*

*Шайыргүлдүн квартирасынын тамак ичүүчү бөлмөсү. Пианиного жанаша Шайыргүлдүн портрети станокто турат. Терезенин түбүндөгү жумшак креслодо Омор газета окуп отурат... Эртерек толуп кеткен жылдыздуу адам. Үстүндө пижама. Конгуроо угулат. Омор корридорго чыгып, Нурдинди ээрчитип кирет.*

Н у р д и н. *(Босогодо токтоп)* Кечиресиз. Артистка Шайыргүл Сулайманова ушунда турат дешкен эле, мен башка үйгө кирип калган окшойм.

О м о р. (*Жайдары күлүмсүрөп*) Ошол үйдүн так өзүнө кирдиниз. Бир гана айыбы… Шайыргүл үйдө жок… *(Нурдин кетмекчи болгонун байкап)* Күтө туруңуз. Жакында келет. *(Нурдинге орундук коюп)* Азыр эле кайра келем. Айып көрбөңүз *(чыгат)*.

*Нурдин пианиного барып, адегенде бир колу менен, андан кийин эки колдоп «Эсимденин» обонун ойнойт… Костюмун кийип Омор кирет. Нурдин ойногонду лып токтотот.*

О м о р. Ойной бериңиз, жолдош, уялбаңыз. «Эсимдени» Шайыргүл дайыма ырдайт. Менде үн жок. Кээде обонун ойномуш болом. Бирок, Шайыргүлдүн ойногонуна санаа менен жетпесең мындайынча теңелүү кыйын. Ал пианинодо ойноп ырдаганда, бул ырдан… кандай деп айтсам экен?.. Жүрөктү мыжыккан кайгыны… аткарылбай калган тилектин муңун угам… Сиз ойногондо да ошондой угулду… музыкант болсонуз керек…

Н у р д и н. Жок!.. Кайдагы музыкант… жөн эле…

О м о р. Сиз ойногондо кадимки музыкант ойногондой… *(Жылдыздуу жылмайып)* Шайыргүлдү улам мактай берчү болдум… Бирок… ишенип коюңуз… Аны кандай мактасаң да бардыгына арзый турган киши. *(Нурдинди муңайым тиктеп)* Сиз ойногондо, Шайыргүлдүн өзү ойногондой угулду… Келип калдыбы деген элем… Азырынча портрети гана турат… *(Болор-болбос күрсүнүп)*. Ал ойной да албайт, ырдай да албайт… *(портретке жакындап)* Жаш художник жазып жатат. Башкаларга кандай экенин билбейм, мага жагат… ийгиликтүү чыгып калды. *(Уялыңкы күлүмсүрөй)* Шайыргүл үйдө жокто менин эрмегим көбүнчө ушул… кайра-кайра карап, Шайыргүлгө окшоштурганды жакшы көрөм…

Н у р д и н. *(Омордун сөзүнө кулак салбастан портретти тигиле карап, акырын жана ойлуу)* менимче, портрет жок… мында татынакай аялдын татынакай гана көчүрмөсү турат…

О м о р. Сиз художниксиз го дейм?

Н у р д и н. *(Кулумсурөй)* Эмненин художниги… Жөн гана живописти жакшы көргөн ышкыбоздордун бирimин. *(Портреттен көзүн алып. Оморду тиктеп, акырын)* Тоо көлдөрүн далай эле көргөн чыгарсыз… Түндөсү караганыңызда тып-тынч… бир нерсеге жаны кейигенсип кайгылуу… жана ойлуу… Ал эми таң маалында карасаңыз күндү алпарып алардын түбүнө катып койгон шекилдүү суунун тереңинен жибек тарамдалып чыккан нурлар өйдө карай атыла баштайт… Бул учурда тоо көлдөрүнүн суусу алтынга буулангансып не бир кубанычтуу, не бир жароокер… Менимче, Шайыргүлдүн көзү ошондой болууга тийиш… Ал эми портретте болсо, андан эчтеме жок… Кирпиги кооз, бирок көздүн өзү жансыз… муздак!..

О м о р. *(Ойлуу)* Сиз туура айттыныз көрүнөт… Ооба, ооба, айтканыңыздын калети жок!.. *(өз ичинен)* Бүгүнгө чейин ушунун бирин байкай албапмын!.. *(Болор-болбос курсунуп)* Кызы-ык *(Нурдинге кайрылып)* кечиресиз, Шайыргүл туурасында көрүп-билип жүргөндөй сүйлөдүнүз… *(уялыңкы кулумсурөй)* болгондо, таанышсыздар го дейм…

Н у р д и н. *(Далооруй түшүп)* Менби?!.. Эмненин таанышы?.. Шайыргүлдү өмүрүмдө көргөн эмесмин… Үнүн гана уккам… радиодон…

О м о р. Тоо көлдөрүн кандай билсеңиз, Шайыргүлдү да ошондой билгенсип, бардыгын туура байкап сүйлөдүнүз. Шайыргүл чынында эле сиз сүрөттөгөндөй. *(Нурдин саатына караганын байкап)* Шашып турасызбы?

Н у р д и н. Шашылганым деле жок. Сизди убара кылып, убактыңызды алып койдум окшойт...

О м о р. Ага кейибеңиз... Иштен кийин эс алып отурам... Сиз менен аңгемелешкенге, ишенсеңиз, рахаттанып калдым... Мына, көрдүңүзбү, аңгемеге ушунчалык берилип кеткен экем!.. Таанышканга да чамам келбей калыптыр... Фамилиям Акматов. Атым Омор. *(Күлүмсүрөй)* Кааласаныз, нары жагында Батыровичи да бар.

Н у р д и н. *(Колун сунуп)* Шайыргүлгө тууган болосузго дейм?

О м о р. *(Күлүп)* Менби? Албетте. Болгондо да эң жакын тууганымын... Күйөө деле туузганга кирет да, ушундай эмеспи...

Н у р д и н. *(Башка чапкан немедей кеңгирей түшүп, таңдана)* Шайыргүл аялыңызбы?!

О м о р. Билип турам, таң калып жатасыз... чынын айтсам, Шайыргүлдүн мага чыкканына мен өзүм да таң калам... *(портретти көрсөтүп)* Ал ким... мен ким... *(Болор-болбос күрсүнө)* Түшүнбөйт дейсизби!..

Н у р д и н. *(Эмне кыларын билбей)* Жок, Жок... Антпеңиз!.. кеп анда эмес... мен ойлогон элем... А-а... мага айтышкан эле...

О м о р. Билип жатам. Уккан кулакта жазык жок дейт. Шайыргүл бир доктор жигит менен турмуш курмакчы болгондо... анысы бандиттик кылып түрмөгө түшкөн дешет... Бирок бул туурасында Шайыргүлдөн эч качан сураган эмесмин... сурагым да келбейт. Чын болсо аны айтып берүү Шайыргүлгө кыйын... Жарат козголуп, жан кейийт... эгер ал ушак болсо — мен үчүн да, ал үчүн да укканга оор... *(папирос чегип)* Менин бардык ырыс-таалайым Шайыргүлүм менен уулум экөө... Аларсыз күнүм жок... Өмүрүм тайкы, супсак болуп калар эле... Ошондуктан кайдагы өткөн-кеткен икир-чикирди

козгоп, Шайыргүлүмдүн көңүлүн ооруткум келбейт! *(Нурдин орундуктун кырына сүйөнө оор дем алганын көрүп)* Сизге эмне болду?..

Н у р д и н. Эчтеме эмес... Ысыктан болуу керек... көңүлүм караңгылай түштү... Бук тартып турат.

О м о р. Бук тартып дейсизби?.. Бүгүнкүдөй салкын кайда болсун. Көрүңүзчү терезеден кирген желди...

Н у р д и н. Узак жол жүрүп келдим эле... Чарчап калган окшойм... *(саатына карап)* Абага чыгайын... Кошуңуз...

О м о р. Кечиресиз. Абалыңыз бул... анан дагы кетмекчи болсоңуз... Жарабаган кеп... Бул бойдон эч кайда кетире албайм. Отуруңуз *(Нурдинди креслого отургузат)* Суудан ичиңиз...

Н у р д и н. *(Суудан ууртап)* Рахмат. Эсалып калдым *(турмакчы болот)*.

О м о р. Отура туруңуз... Күйпөлөктөп жүрүп эсимде да жок. Айып көрбөсөңүз, жөнүңүздү айтсаңыз...

Н у р д и н. Фамилиям Болотов...

О м о р. Абдан жакшы. Атыңыз ким?

Н у р д и н. Атымбы?.. Кечирип коюнуз... *(Турмакчы болот)*

О м о р . *(Креслого кайрадан отургузуп)* Ата-энелер көп учурда баа беришпейт... Оюна келген атты коё беришет... Мен мугалиммин да... Башкаларга болбосо да мага белгилүү Адеп паровоз келгенде, көпчүлүгү Паровозбек коюп жиберишти... Андан кийин Тракторбек, Комбайинбек, Патефон, Телефон, Колхоз, Совхоз... Жакында бир аял эгиз төрөсө бирин Атомбек, экинчисин Спутник коюптур... Ушул дагы ат болдубу?

Н у р д и н. *(Саатына карап)* Мен эми кайтайын *(ордунан турат)*

О м о р. Мынча эмне шашылдыңыз?.. Шайыргүлдүн келер маалы болуп калды... Отура турсаңыз...

Н у р д и н. Зарыл жумуштарым бар эле, бүгүн бүтүрбөсөм болбойт. Убакыт тар...Анын үстүнө менин мындай келгенимдин себеби... айтууга ооз барбайт. Таптакыр арзыбай турган нерсе. Ошол үчүн аялыңыздын тынчын алганым уят болор...

О м о р. Концертке чакырып келгенсиз го дейм... Шайыргүл эч качан кыйыктанбайт... Анын шефке алган жерлери көп... дайыма барат...

Н у р д и н. Жок, жок... Масадыктын кайда турганын билбей кокусунан кире калган элем.

О м о р. Доктор Кемеловду издеп жүргөн турбайсызбы? Ой, бой, анан бая эле ошентип айтпайсызбы!.. Доктор Кемелов азыр өзүнүн клиникасында болууга тийиш... Москва көчөсүндө... Сиз аны сөзсүз ошол жерден табасыз.

Н у р д и н. Чоң рахмат. *(Омордун колун кысып)*

О м о р. Көрүшкөнчө! *(Бир нерсени эсине түшүргөндөй Нурдинди босогодон токтотуп)* Кечиресиз, жолдош Болотов!.. Паркта чоң сайран болот имиш... анан кечке жуук элдин суроосу боюнча менин Шайыргүлүм ырдамакчы болуп жатат. Анын мүнөзүн туура тапканыңызды өз көзүңүз менен көрөсүз, келалсаңыз дурус болот эле... келесизби?

Н у р д и н. *(Ыргылжыңыраак)* Келүүгө аракет кылайып.

О м о р. Куттуу үйдөн кур чыгарганым уят болор. Эч болбогондо нан ооз тийиңиз.

Н у р д и н. *(Нандан ооз тийип)* Рахмат.

О м о р. *(Нурдинди жандай басып)* Биринчи жүз көрүшсөк да көптөн берки тааныштай болуп... *(Муңайым күлүп)* Эл айткандай, жылдызыбыз табыша түштүбү, айтор...

Н у р д и н. *(Ойлоно калып)* Асмандан боорсок жааган күнү туулгансың, жакшы адамдарга калганда жолдуусуң деп ар ким-ар ким айтып калар эле... *(Жеңил*

*күрсүнө)* Бул дүйнө жакшы адамдардын дүйнөсү болгондо, кандай жакшы болор эле!.. *(Оморго тигиле карап)* Сабыр этиңизчи… сол көзүңүздүн астында берч бар өңдөнөт… *(колу менен көрүп)* Ооба, ооба. Ошондой. Берч пайда болуп калыптыр. Операциясы ийне сайгандай да сезилбейт… Алдырып таштаңыз… Ар нерсенин алдын алган жакшы… Узакка созбоңуз…

О м о р. Оорутпаган соң… этибар албай жүрдүм эле… көрсө…

Н у р д и н. Турмуш көрсөтүп жатпайбы, Омор Батырович!.. Оорутпаган жараттын залалы көп… Себеби, көп учурда байкабай калабыз!..

О м о р. Демек, врач экенсиз да?

Н у р д и н. Ооба, хирургмун.

О м о р. Кеңешиңизге рахмат… ыраазымын… келип туруңуз…

Н у р д и н. Чамам болсо, сөзсүз, келип турам… Көрүшкөнчө саламат туруңуз.

О м о р. Сиздей адамга эшигибиз дайыма ачылуу… *(Нурдинди узатып чыгып, кайра кирет. Паузадан кийин)* Асмандан боорсок жааган күнү туулгансың, Омор, жакшы адамдарга калганда жолдуусун, деген сөздү мага да көп айтышат! *(Саатына карап)* Кой, аракетте берекет деген… *(Столго дасторкон жайып жатып, акырын ырдайт)*

*Шайыргүл кирет.*

Жарк этип кобсоң болбойбу,
Булуттан чыккан айга окшоп…

Ш а й ы р г ү л. Омор!.. Эмне кылып жатасың?

О м о р. Өзүмдүн Шайыргүлүмдү шаан-шөкөт менен тосуп алайын деп… *(Шайыргүлдү өөп)* Чарчаган окшойсун, ээ?

Ш а й ы р г ү л. Уулубуз кайда?

О м о р. Курсагын тойгузуп койдум… балдар менен короодо ойноп жүрөт.

Ш а й ы р г ү л. Азаматсын!.. Ох, даамдуу бир нерсенин жыты келет!.. Тоок бышырып жаткансың го дейм?..

О м о р. Таптың. Тоок бышырып жатам.

Ш а й ы р г ү л. Сен өзүңбү?!

О м о р. Кызыксың, Шайыргүл, тоок бышырган да кеппи!.. Сүйгөн жары үчүн. (*Көкүрөгүн керип)* Чыныгы эркек… *(күлүмсүрөп)* кхм… кхм…

Ш а й ы р г ү л. Айта бер Омор.

О м о р. Мындан миң эсе кыйын эрдик көрсөтүүгө жарайт!

Ш а й ы р г ү л. *(Паузадан кийин)* Сен адам баласынын момунусуң, Омор… Сага окшогон ак жаркын, боорукер киши бу дүйнөдө чанда гана жаралат!

О м о р. Чынын айтсам, менин негизги кемчилигим ошондобу деп чочуйм!

Ш а й ы р г ү л. Бу эмне дегениң?

О м о р. Билбейм, Шайыргүл. Мүнөзү катуу, өткүр эркекти аялдар жакшы көрөт деген сөздү өтө эле көп угам.

Ш а й ы р г ү л. Ишенбе, Омор. Мүнөзү катуу эркектердин аялдары жибек мүнөз кишини эңсесе, жибек мүнөздүү эркектерднн аялдары катуу мүнөз, кайратмандар жөнүндө эңсешет… *(Күлүп)* колдо жок нерсе барктуу болуп көрүнөрүн билчү эмес белең?.. Деги, чын-чынына келгенде, күйөөнүн боорукер, момун болгону эле жакшы…

О м о р. Жок, Шайыргүл… Чын-чынына келгенде, андай эмес окшойт…

Ш а й ы р г ү л. Ошондой, ошондой!.. *(Стол үстүнөн пепельницаны алып жатып)* Бу кайдагы сигарета?.. Сен дайыма «Беломор» чекчү элең го?

О м о р. Оппа, тап-такыр эсимден чыгып кеткен тура!.. Биздикине бир чырайлык адам келип, азыр эле кетти.

Кандайдыр азап чеккендейби, айтор... деги, жүрөгүндө катуу арманы бардай сезилип калды... *(Күлүп)* Кызык, ал экөөбүз биринчи ирет жүз көрүшкөнүбүз менен, көптөн берки тааныштай сүйлөштүк.

Ш а й ы р г ү л. Эмне жөнүндө сүйлөштүңөр?

О м о р. Көбүнчө, сенин портретиң жөнүндө. Ооба, ооба. Ал сени эч качан көрбөптүр, бирок...

Ш а й ы р г ү л. Эмне унчукпай калдың?

О м о р. ... Сен жөнүндө сүйлөгөндө, өмүр бою көрүп-билип жүргөн кишиден артык сүйлөдү... Ага караганда мен эчтеме билбейт экем сен жөнүндө!.. Мен чочуп калдым!

Ш а й ы р г ү л. Кызыксын, Омор!.. Эмнеден чочуйсуң?

О м о р. Жаңкы жаш художникке окшоп, мүмкүн мен дагы... *(Портретти көрсөтүп)* сенин сырткы сөлөкөтүңө эле маашыр болуп, жүрөгүңдүн түпкүрүндө эмне бар экенине назар салбай келгенминби деп чочуйм. Ашыкпа, Шайыргүл! Сенин кандай жан экениңди ушул кезге чейин билбей жүрүшүм да мүмкүн. Эгер ошондой болсо, бул чынында эле коркунучтуу да!

Ш а й ы р г ү л. Болдучу, Омор! Кереги эмне орунсуз сөздүн.

О м о р. Шайыргүл!.. *(пауза)* Мени байкабайт деп ойлосоң керек... аңдай эмес... түн баласында тымызын ойгонуп алып, тымызын үшкүрүнүп, тымызын ыйлаганыңды дайыма байкайм... Башкалар сыяктуу эле сен да өзүңдүн арман-муңуңду сыртыңа чыгарбайсың... Мүмкүн, бул кыргыз аялдарынын кемчилигидир же болбосо эң мыкты сапатыдыр. Кандай экенин билбейм. Бирок сенин кайгың жөнүндө көп убараланам!.. *(Пауза)* Менин айтканыма таарынба, Шайыргүл. *(Пауза)* Мүмкүн, мага чыгардан мурда чыныгы сүйүүңдөн айрылып калып...

Ш а й ы р г ү л. Омор!.. Кудай жалгагыр!..

О м о р. *(Сөзүн улап)* Ал эми мага чыккандан кийин, менин жүрөгүмдөн сүйүү таппай кыйналып жүрөбү деп да ойлоймн... Билбейм, айтор, издеп, издеп түк да табалбайм!..

Ш а й ы р г ү л. *(Өксүп ыйлап)* Мынча эмне кыйнайсың... Омор?! Мен эмне жаздым?! Эмне каалаганың бар?!

О м о р. *(Шайыргүлдүн чачынан жыттап)* Менин каалаганым... менин Шайыргүлүм таалайлуу болсо дейм.

Ш а й ы р г ү л. Мен таалайлуумун, Омор!.. Таалайлуумун!

О м о р. *(Күлүп)*

Жарк этип койсон болбойбу,
Булуттан чыккан айга окшоп...

*(Бооруна кысып)* Шайыргүлүм! *(Шайыргүлдү өбөт)* Мени берилип сүйгөнүң бүгүн гана! Мурда эч качан мнитип берилип сүйчү эмес элең!..

Ш а й ы р г ү л. Мен дайыма ушунтип берилип сүйчүмүн. Сен болсоң.......Сен байкабайт элең...

О м о р. Балким, менин шорум ошондо болуп жүрбөсүн?

Ш а й ы р г ү л. *(Күлүп)* Мүмкүн... Кой, тоок эзилип кетпесин... *(Столдон тарелка алып)* Барып чыгарып келейин *(Босогого жетип токтойт)* Баса, мени сенден артык билген киши ким деген экен?

О м о р. Башка бир жактан келсе керек... Хирургмун дейт... Масадык экөө жолдош экен... Көрүшпөгөндөрүнө үч жылча болуптур...

Ш а й ы р г ү л. *(Колундагы тарелкасы жерге түшүп сынат)* Ой!

*Пауза.*

О м о р. *(Сыныктарды терип)* Эч нерсе эмес, Шайыргүл. Ушуга да кейийт бекен? Идиштин сынганы жакшы... үйгө киреше кирет...

### *Сегизинчи сүрөт*

*Клиника. Масадыктын кабинети. Тоону караган чоң терезеден батып бараткан күндүн нуру кыйыр себилет. Стол жанында Асиса жаш врач кыз.*

А с и с а. *(Телефон менен сүйлөшүп)* Алоо, Нурлан!.. Угуп турсаң… Шаштырбачы, жаным… сага айтайын деген кубанычым бар… *(Эшик кагылат)* Кириңиз. *Костюмунун сыртынан халат жамынып Нурдин кирет.*

Н у р д и н. Саламатсызбы.

А с и с а. Саламатчылык. *(Трубкага)* Сага эмес. Алоо, Нурлан!.. Аппендицит менен катуу ооруган кишини клиникага апкелешти… өткөн түнү… ооба,… ооба… Операцияны мен жасадым… Өмүрүмдө биринчи жолу… ишенсең, ушундай ийгиликтүү өттү… Эртең менен обход убагында доктор Масадык жактыргандай күлдү… Ой, мен үчүн мындан ашкан мактоо болбойт!.. Рахмат, жаным. Көрүшкөкчө. *(Трубканы коюп, Нурдинге кайрылат)*. Кечиресиз, сизге ким керек эле?

Н у р д и н. Доктор Масадык.

А с и с а. Ал киши операцияда. Отура туруңуз. *(Орто жашаган оорулуу адам кирет)*. Оорулуу адам мында кирүүгө болбойт… ушу кезге чейин билбейсизби?

О о р у л у у. Кечиресиз, доктор… рентген сүрөтүм даяр болду бекен, ошону билейинчи деп кире калган элем…

А с и с а. Баары тең ушундай… Эмне болгонун билсек дешип эле… өздөрү да тынч албайт, адамга да тынчтык бербейт! *(Шкафка барып, рентген сүрөтүн алып карай баштайт).*

О о р у л у у. *(Опколжуй)* Кандай?.. *(пауза)* Жаманбы?!. Айтсаңыз, доктор!.. *(Асиса кабагын мурдагыдан да катуу бүркөп, сүрөттү карай берет)*. Өмүрлүү болуп, тилегиңизге жетиңиз… Оозуңуздун желин аяйсыз-

бы, жакшылык үчүн айтып койсоңуз боло… Кандай?.. *(Кейиштүү)* Үмүт жок деңизчи?!

А с и с а. *(Рентген сүрөттү кайрадан шкафка ыргытып)* Азырынча эчтеке айта албайм… Главврач келгенде!.. өзү айтат… Палатага барыңыз…

О о р у л у у. *(Асисага)* Кечиресиз, доктор… *(курсунуп)* Курган үмүт! (*Башын жерге салып эшикке бет алат*).

Н у р д и н. *(Оорулууга)* Үмүт деген сөзүңүз мага жакты, бирок кейигениңиз жакшы эмес… Дүйнөдө айыкпас оору болбойт… Бул клиникада жакшы врачтар көп… Сөзсүз айыгасыз.

О о р у л у у. Жакшы сөз жанды жыргатат деген… Жакшы сөзүңүзгө рахмат. *(Курсунуп)* Адам жылкыдан акылдуу. Бирок кайберен өтө албаган зоока менен бартканында кайсы жерден кантип басуу керек экенин адамга караганда жылкы жакшыраак билет… Анын сыңары, канча кылган менен докторго көрүнүктүү да… Сиз болсоңуз… жаман көрсөңүз, айла канча… сиз мага окшогон эле оорулуусуз да *(чыгат)*.

Н у р д и н. (*Өзүнө айтып жаткан шекилдүү)* Үзүлүп бараткан оорулууну көргөнүңдө, аны менен кошо сен дагы үзүлүп бараткандай болосуң… Врач болууга жаралган адамдын жаны оорулуунун жаны менен тамырлаш… киндиктеш!

А с и с а. Кечиресиз бул айтканыңызды туюнбай калдым…

Н у р д и н. Аппендицитке операция жасаганыңызды сыймык менен айттыңыз… угуп турдум. Операцияңыздын ийгиликтүү болгону жакшы… мен кубанамын!.. Бирок бир нерсени эстен чыгарбаңыз. Оорулуу менен врач катары сүйлөшкөндү үйрөнбөпсүз. Бардык эмгегиңиз талаага кетет… Чебердик менен жасалган операция да… өтө татаал даярдалган күчтүү дарылар да… алардын эч бирине эми түшпөйт!.. Азыркы оорулуу сизди өзүнүн улук-

манындай көрүп, сизден үмүт издеп келди… Өмүрүм да, ажалым да ушу кишинин колунда, жарык дүйнөгө ишенич берсе жалгыз ошо берет деп, өлбөс үмүткө жетелетип сизден өмүр сурап келди… *(пауза)*. Врачта жүрөк болуш керек… Болгондо да, оорулуунун көкүрөгүндөгү дарттуу ойлорду кирпик учунан сезүүчү сергек… челсиз жүрөк болушу керек!..

А с и с а. *(Паузадан кийин)* Туура айтасыз. Сиз өзүңүз врачсыз го дейм?

Н у р д и н. Жок, мен оорулуумун.

А с и с а. *(Ойлуу)* Сиздей оорулууну биринчи кезиктиришим… Доктор Масадык бошоду бекен, барып билип келейин… Айып этпеңиз…

*Асиса кетет. Пауза. Масадык кирет.*

М а с а д ы к. *(Сылтый басып)* Мени күтүп отурасыз го, жолдош?.. Сүйлөй бериңиз, кулагым сизде.

Н у р д и н. *(Масадыкка бурулуп)* Таанытбай калдыңбы?

М а с а д ы к. *(Тигиле карап)* Нурдин?! Растан эле Нурдинсиңби?.. Сен келдиңби?..

Н у р д и н. Көрүп турбайсыңбы…

М а с а д ы к. Саламатсыңбы досум! *(Нурдинди сыга кучактап)* Келип калдым дечи! Жакшы болбодубу!.. Биякка өткүн!.. отур… Кана, көрсөтчү өзүңдү… Эмне турасың, отурбайсыңбы…

Н у р д и н. Мейманга келгеним жок…

М а с а д ы к. *(Нурдинден көзүн албастан)* Мурда кандай болсоң азыр да ошондойсуң… Сымбаттуу!.. Сулуу!.. көзүң гана сал-пал кайгылуу көрүнгөнсүйт… *(отуруп)* Расын айтсам, баштатан ошондой эле… Учкул санаанын түбүнө жете албаганга кейигенсип дайыма ойдо жүргөнүң мага жагар эле… Кана, сүйлөчү, качан келип калдың?..

Н у р д и н. Үч жыл бою өзүмдөн-өзүм күмөндөр болуп, катуу кайгынын эзүүсүндө жүрдүм. Сенин алдында

айыптуу болгонсуп, өзүмдү өзүм жазалаган күндөрүм көп болду эле. Бирок менин көзүм бүгүн гана ачылды... мына ошондон кийин... мен өбүшкөнү келгеним жок... Жооп сураганы келдим сенден?.. Эмне үчүн Шайыргүлгө үйлөнгөн жоксун?!

М а с а д ы к. Шайыргүлгө үйлөнгөн жоксун дегениң кандай?.. Эмне үчүн мен үйлөнүшүм керек эле?..

Н у р д и н. Ушунчанын баарынан кийин... Сенин карьераң, Шайыргүлдүн намысы менен сүйүүсүнөн да кымбат болуп кеттиби?!

М а с а д ы к. Бул эмне дегениң, Нурдин?

Н у р д и н. Кытмырланбагын!

М а с а д ы к. *(Пауза)* Шайыргүл экөөбүз кыйышпас дос болобуз...

Н у р д и н. *(Ачуулу )* Бар болгону ошол дечи?!

М а с а д ы к. *(Паузадан кийин)* Чындык керек болсо уккун... айтайын... Мен Шайыргүлдү сүйгөм... Жаным менен сүйгөм... *(терең күрсүнүп)* Бирок турмуш кээде өтө ташбоор... сен сүйгөн адам, көп учурда сени сүйбөйт... менин наристе сезимим Шайыргүлдүн жүрөгүнөн жооп таппады!.

Н у р д и н. *(Жини келип)* Эй, адамзат! Эч жок деген-де бир жолу чын айтып өлсөң боло!..

М а с а д ы к. Мен мындан ашкан чындыкты билбейм.

Н у р д и н. Тилдин сөөгү жок, кайда бурса кете берет. Мен той болор күнү эле уккам... Шайыргүл экөөң...

М а с а д ы к. Эмне?!

Н у р д и н. *(Какшыктап)* Жаңы төрөлгөн ымыркайдан бетер эчтеме билмексен болуп... Түшүнбөй жатасыңбы?

М а с а д ы к. *(Өзүн зорго токтотуп)* Шайыргүлдөн сүйүү таппаганым менен, сүйүүдөн кем эмес достукту тапкам. Аны эч кимге булгаткым келбейт. Жаман сүйлөбөгүн, Нурдин!

Н у р д и н. Ошондойбу?! Кылаарын кылып, кыл жип менен бууп коюп эми сүттөн ак болуп чыга бергиң бар экен го!.. Мен бардыгын билем!..

М а с а д ы к. *(Ачуусу келип, столду муштап)* Нурдин!.. Жок жерден кордодуң, майып кылдың... Аныңды кечирген элем, унуткан элем... бирок Шайыргүл экөөбүздүн таза достугубузга шек келтиргениңди... мунуңду унутууга да болбойт, кечирүүгө да болбойт!..

Н у р д и н. Ак ниет адамсынып күрпүлдөп коесуң ээ, Масадык!

М а с а д ы к. Нурдин!

Н у р д и н. Болду!... *(Башка жакты карап, үнүн басаңдата)* Менин керт башыма жүзүкаралык кылып, керт башымды гана алдаган болсоң... сенин митаамдыгың менен бетпактыгыңды оозума албайт элем... бардыгын унутат элем... бардыгын кечирет элем...

М а с а д ы к. Дагы кандай балакеттүү кылмыштарды жабыштырмаксың?.. Арманда калба, айт айтчу болсоң!

Н у р д и н. Сен жеке мага эмес, Шайыргүлгө да чыккынчылык кылдың. Таштап кеттиң. Өмүрүн кыйдың!

М а с а д ы к. Ушундай дооматты мага коюучу адам сен экенсиң да, Нурдин?.. *(Үнүн көтөрүп)* Мен сүйлөбөйүн, эгер абийириң калса, ошол калган абийириңе сөз берели. Сүйлөсүн. Жооп берсин. Шайыргүлдү таштап, тойдон ким качты — сенби же башкабы?.. Шайыргүлдү бүт шаарга маскара кылып, арылбас азапка ким дуушар кылды — сенби же башкабы?!

Н у р д и н. Мен тойдон качтым, бирок андан качууга ким мажбур кылды?.. Биринчи нике түнүмдү түрмө түнүнө айлантып, өзүнүн карьерасы үчүн менин таалайымды ким тепседи?.. Ошол сен эмес белең, Масадык?!

М а с а д ы к. (*Өзүн токтотуп, үнүн көтөрбөстөн*) Нурдин! Чыныңды айт, Нурдин! Канчалык жашырам

дегениң менен, баары бир эчтеме чыкпайт… Көрүп турам!.. Балакеттүү кылмыштын бардыгын өзүң ойлоп таап мага жабыштырып жатканыңдын себеби бар… Шайыргүлдүн алдында, менин алдымда өзүңдү таза көрсөткүң келет… Калп менен болсо да эптеп актансам дегенде эки көзүң төрт… Ушул жалганбы, Нурдин?

Н у р д и н! *(Паузадан кийин)* Калп айткан эмесмин… эч кимге… эч качан… Өмүрүмдө бир гана жолу калп айттым… Бир гана жолу… сотто…

М а с а д ы к. Укмуштай адамкерчилик кылган экенсиң.

Н у р д и н. *(Башын жерге салып, акырын)* Мыскылдабагын! Менин аным чынында эле адамкерчилик! *(Масадыкты карап, кызуу)* Чындыкты жашырбай айтканымда, сот күнөөмдү жеңилдетип, жазамды азайтмак… ал тургай актап да жибермек… Бирок антүүнүн ордуна, кайдагы бир түшкө кирбей турган нерселерди ойлоп таптым… Мурда Шайыргүлдү сүйүп жүрүп, кийин башкага ооп кеттим… мас болуп отурган жеримден Масадык келип, Шайыргүлгө үйлөнөсүң деп зордоду… андай болду эле, мындай болду эле деп оозума келгендин баарын оттой бердим…

М а с а д ы к. Эмне үчүн анттиң?!

Н у р д и н. *(Папиросту үстөмөндөтө соруп, акырын)* Жүрөгүмдө Шайыргүлдүн жараты гана калды. Анын жалыны мен үчүн түбөлүккө өчтү. Бирок ошондой болсо да… анын кайрылып келбесин билип турсам да.. бир кездеги жароокер ырысташым Шайыргүлдүн атын булгагым келбеди…

М а с а д ы к. Жалган! Шайыргүлдү сүйгөнүң калп!.. Эгер чын болсо эмне үчүн анын алдына басып барганың жок?.. Той алдында уккан жийиркеничтүү ушактар жөнүндө эмне үчүн ага бир ооз айтпадың?..

Н у р д и н. Мен бардым.

М а с а д ы к. Качан?

Н у р д и н. «Унутпагын Шайыргүл. Качан болсо да экөөбүздүн жаныбыз бирге» деп кулагына шыбырап жатканыңда…

М а с а д ы к. Н у р д и н! Кайсы бетиң менен…

Н у р д и н. (*Тигинин сөзүн бөлүп*) Болду!..

М а с а д ы к. Жок! Сенин мунуң… Мунуң бар го…

Н у р д и н. *(Тигинин сөзүн дагы бөлүп*) Эй, адамзат! Эгер ошондон кийин Шайыргүлгө үйлөнүп, ал экөөңдүн ырыстуу турганыңды көрсөм… кусур урсун, сенин айбанчылыгың жөнүндө ооз ачпайт элем… өлөр-өлгөнүмчө унчукпайт болчумун. Бирок Шайыргүлдүн сүйүүсүн маскаралап, жүрөк толтосуна бычак урганыңдан кийин, сендейге аёо жок. Жүр!

М а с а д ы к. Кайда?

Н у р д и н. Айткандарымды: далилдөөчү жерге. Жүргүн!.. Эмне мелтирейсиң? Уяттан өрттөнүп, абийириң төгүлөрдө калтырай баштадың го, ээ? Ак ниет адам бир гана жолу өлсө, сага окшогон жүзүкаранын өлүмү экөө болот. Коркуп жатасың, ээ?.. жүр, дейм! Жоопкерчиликтен баары бир эч кайда качып кутула албайсың! Жүр!

М а с а д ы к. *(Паузадан кийин)*. Болуптур. Мен даярмын. Кеттик.

### *Тогузунчу сүрөт*

*Күүгүм. Нияздын үйүнүн короосу. Бак. Бурчта беседка. Анын жанындагы клумбада кеч күздө ачылуучу гүлдөр. Бактын түпкүрүндөгү үй тараптан жай ойнолгон музыка угулат. Беседканын нчинде тамак-аш коюлган чакан стол, Нияз менеи Айша экөө.*

А й ш а. Садага болоюн, Нияз Аброюң өсүп, учкул канат шумкардан бетер түпсүз асманда чабыттап уча баштадың… Айша жеnең, сага окшогон кайнисине кара жанын садага чаап, сенин демиңе аш бышырып жеп жыргай берет!.. Өлсөм ыраазымын… Жаман иниңди окуу-

га орноштуруп койдуң... кудай жаңынды аман койсун... ичип жиберейинчи ушуну!

Н и я з. Айша жеңем! Асыл жеңем. Жакшы сөзүңүзгө чоң-чоң рахмат.

*Короого Нурдин кирет.*

Н у р д и н. *(Беседканын жанына токтоп)* Саламатпы, Нияз!.. Саламатсызбы, Айша жеңе.

Н и я з. *(Ордунан ыргып туруп)* Өз көзүмө өзүм ишенбейм!.. Өңүмбү же түшүмбү? Нурдин? (*кучактап*) Нурдиним! Киндиктешим!.. растан эле келип калдыңбы?.. Таалай деген ушунтип күттүрбөй келет экен го... *(жүз аарчысын чыгарып, көзүн сүртөт).*

Н у р д и н. Койгун, Нияз. Жашыктык эркекке жарашпайт.

Н и я з. Өмүрүмдө жашыганым ушул... *(Нурдинди карап күлүмсүрөй)* Кубанычтан жашыган... ар эмес!..

А й ш а. *(Нурдинге)* Жарыкты азыр гана күйгүздүк эле... аны өзүң менен кошо ала келгенсип, туугандарыңдын кабагын жаркыратып келип калдың. *(Ниязга)* Суу бере салчы, садага болоюн... тээтиги чыныны... тез! *(Нияз суу куюлган чыныны Айшага берет. Айша, Нурдиндин башынан чыныны тегеретип)*. Балакет-салакеттиң баары ушуну менен кетсин...

Н у р д и н. *(Уялгандай)* Коюңузчу, Айша жеңе, жетет...

А й ш а. О, жаман арам десе... жөн тур! *(Нурдинди бекем кармап, чыныны тегерете)* Балакет-салакеттиң баары ушуну менен кетсин!.. Балакет-салакеттин баары ушуну менен кетсин!.. Түкүр!..

Н у р д и н. Мунуңузга тап-такыр каршымын!..

А й ш а. А-ай, азыркы балдар, ушу силерди кантейин деги... *(Тескери карап)* Тууган эмеспизби, айырмасы кайсы... Тү, тү, тү! *(Чыныдагы сууну алыс чачып жиберип, Нурдинге кайрылат)*. Кана, тосчу маңдайыңдан, садага

болоюнум!.. Моокум канганча жыттайын! *(Нурдинди маңдайынан өбөт).* Азыр эле сени эстеп отурдук эле…

Н у р д и н. Рахмат, Айша жеңе…

Н и я з. Кана, дасторконго карайлы.

Н у р д и и. Азыр эмес.

Н и я з. Ошол да сөз бекен… Азыр отурабыз… токтоосу жок…

А й ш а. Нияз туура айтат. Мына бу сенин идишиң… Столго отурганыбызда бул биздин Нурдиндин энчиси деп Нияз аны дайыма толтуруп коет… Эч ким тийбейт…

Н и я з. Өзүң болбогонуң менен элесиңди жүрөгүмдөн чыгарганым жок.

Н у р д и н. Рахмат, Нияз, азыр отурууга чама жок. Сенде шашылыш жумушум бар.

Н и я з. Шашылыш жумуш деп… Жакын тууганы келгенде анын ден соолугу үчүн бокал көтөрүшкөндөн зарыл иш болбойт, Нурдин.

Айша. *(Нурдинге)* Биздин Ниязыбыз шаардагы докturлардын чоңунун чоңу болду!.. Байкең баш болуп кубанбаган тууганың жок…

Н у р д и н. Ниязым үчүн мен дагы кубанычтамын, Айша жеңе.

А й ш а. Эми сен келдиң! Кош кубаныч үчүн ичип койгула… Барып-барып эле туугандан күйөрман эч ким болбойт… Ичип жибергиле…

Н у р д и н. Кечиресиз, Айша жеңе. *(Ниязга)* Түшүнсөң боло, Нияз, отурууга чама жок деп жана эле айтпадымбы…

Н и я з. *(Ойлонгондой)* Оюнуңбу же чыныңбы?

Н у р д и н. *(Терең күрсүнүп)* Жаным кейип турат, Нияз…

Н и я з. Келгениңдин урматына деген элем… макул болбосоң, арга канча… өзүң билесиң да…

А й ш а. Шашылык чыж-чыж этип чыжылдап турса… ошондо ичкениңер оң… Күн нурунан жаралган ке-

линим экөөбүз азыр эле чыжылдатып келебиз… Лагмандын кесмесин да чоюшубуз керек… Отура тургула, садага болоюндар *(чыгат)*.

Н и я з. Азап тартканың билинип турат… чарчапсың… Эс алышың керек. Кааласаң, бүгүн түнү менен колхозго барып, таң сүрө ууга чыгалы… Келгин куштардын кайтып жаткан кези… көлчүктөрдөгү өрдөктөр жөн эле жүнүн жейт… Ошентелиби?

Н у р д и н. Жок, Нияз. Ууга чыгуудан мурда, бул жерде бир жүзүкара бар, ошонун эсебин таап, биротоло ордунан тургус кылышым керек *(саатына карайт)*.

Н и я з. Такыр өзгөрүлүпсүң. Мурда талаадагы гүлдү үзгөнгө колуң барчу эмес эле… аяйт элең…

Н у р д и н. Гүлдү үзгөнгө азыр да колум барбайт… Аяйм! Себеби, гүлдө да турмуш бар… Бирок азыркы сөз…

*Масадык кирет.*

М а с а д ы к. *(Нурдинге)* Мына, мен келдим. Чакыргын күбөлөрүңдү!

Н у р д и н. *(Ниязды көрсөтүп)* Алардын бири маңдайыңда турат.

М а с а д ы к. Ниязбы?

Н у р д и н. Ооба. *(Ниязга)* Шайыргүл менен Масадык бирин бири сүйөт деген элең, Нияз… Ошонун растыгын далилдей аласыңбы?

Н и я з. Далилдейм. Бул чын болучу.

М а с а д ы к. Көз көрүнөө туруп шыпыртып… Ушундай да бетбак болобу, ыя?

Н у р д и н. Кордогондук далилдегендикке жатпайт. *(Ниязга)* Шайыргүл менен Масадык экөө менин башымды аттап жүрөт деген элең Нияз… Буга эмне дейсиң?

Н и я з. Бул да чындык. Анын чындыгын жеке мен эмес, башкалар да далилдей алат.

М а с а д ы к. Бул сөзүң үчүн кордомок тургай, өлтүрүп койсо да аздык кылат!

Н у р д и н. Нияз алсыз кептерден эмес, жазыксыз кыра бергидей.

М а с а д ы к. Мен дагы өлүк жан эмесмин, эмне десе бардыгын көтөрө бергидей. Ушак айтуу – далилге жатпайт. Укпаймын сөзүңөрдү. *(Кетмекчи болот)*.

Н и я з. Оңой менен кете албайсың!

Н у р д и н. Кайткын, Масадык! Уктуңбу?!

Н и я з. *(Масадыктын жолун торгоп)* Бул сөздү укканда кыйшаңдай баштадың. Түшүнүктүү: өзөгүң өрттөнүп жатат… бирок кача албайсың… Сүйлөшүүгө туура келет. Ооздун желин далилдикке тартуучу адам мен эмесмин. Антип ойлосоң жаңыласың.

М а с а д ы к. Булганыч тилиңден башка дагы эмне көрсөтмөк элең мага?

Н и я з. Портсигарың бар деп айтышкан эле… ошол чынбы, Масадык?

М а с а д ы к. Портсигар? Кандай портсигар?

Н и я з. Күмүштөн жасалган.

М а с а д ы к. Ооба. Бар болучу. Төрөлгөн күнүмдү белгилегенде Шайыргүл белек кылып берген… *(Нурдинге)* Анда Москвада болчусуң *(Ниязга)* Портсигардын эмне тиешеси бар мында?

Н и я з. Шашылбагын. Азыр билесин.

Н у р д и н. Портсигардын жазуусу болсо керек эле… Ушундай эмеспи?

М а с а д ы к. Ооба. Жылуу жазылган жазуусу бар болучу… Жолдоштук түрүндө!..

Н и я з. Жолдоштук түрүндөбү?!. Макул, талашпайын, калыстык сынасын.

Н у р д и н. Кайда ошол портсигарың?

М а с а д ы к. Жоготуп жибердим… көпкө дейре издеп, эч кайдан таппадым… Тамеки тартканымды койгонумдан кийин, унутуп калыпмын, эсимде жок.

Н и я з. (*Какшыктап*) Болуптур, унутчаак болсоң сооп-керчилик үчүн жакшылыгымды аябайын. Азыр (*чыгат*).

М а с а д ы к. Эчтеме түшүнбөйм.

Н у р д и н. Эй, адамзат! Ниетиң ак болсо, Шайыргүл белек кылган сырдуу портсигарды эмнеге жашырасың? Жоготуп жибергениңде, ошого да киши кейийби, жаңысын сатып алгын десем, анын баасы адамдын өмүрүнөн да кымбат деп тескери бурулуп басып кеткен элең…Ниетиң ак болсо, эмнеге ошентесиң?..

М а с а д ы к. Белегин жоготуп койгонумду Шайыргүл билбесин деген элем… Андагы жазылган жазуу ушул күнгө дейре эсимде…

Н у р д и н. Эсиңдеби?

М а с а д ы к. Ооба *(Ойлоп)* «Нурдиндин өмүрлөш досуна, Нурдиндин болочоктогу өмүрлөш айымынан».

Н у р д и н. (*Кейиштүү күлүмсүрөй*) Ошондой дегин!.. Сага белек берип жатып… Шайыргүл ошондо да унуткан эмес экен го… мени эстеп жүргөн турбайбы?..

М а с а д ы к. Ал ушул кезге дейре унута элек… Шайыргүлдүн шору ушунда!

Н у р д и н. Масадык!

М а с а д ы к. Ооба, Нурдин! Туңгуч сүйүүнүн жараты эч качан сакайбайт!.. Өмүр нарылаган сайын күчүркөнүп жанды кейите берет…

Н у р д и н. (*Масадыкка жалт бурулуп)* Шайыргүлдү айыкпас жаратка ким дуушар кылды?!.

М а с а д ы к. Сен!

Н у р д и н. Ах, Масадык. Масадык! Адамды бир гана жолу алдоого болот… Дагы калп айттың… мен өз көзүм менен көргөм… портсигарыңдын жазуусу таптакыр башка болучу…

М а с а д ы к. Башка болгондо кандай эле, кана, айтчы?

Н у р д и н. Жаттаган эмесмин… иши кылып, Шайыргүл экөөңдүн сүйүүң жөнүндө болучу…

М а с а д ы к. Көрсөтчү, ошол портсигарды?

Н у р д и н. Кайда экенин билбейм. Терезеден ыргытып жибергендей болгом…

М а с а д ы к. Жок, Нурдин, портсигарды ыргытып тим болсоң арманым болбос эле. Аны менен кошо өзүңдүн сүйүүңдү… таалайыңды ыргытып жибергенсиң…

Н у р д и н. Ушинтип айтууга кантип оозуң барат, жүзүкара!

М а с а д ы к. Макул, мен эле жүзүкара болоюн. Көрсөтчү жанагы портсигарыңды!.. Унчукпайсың… Далилиң жок!.. Курулай ооздун жели экенин мурда эле билгем!

Н и я з. (*Портсигарды кармап кирип)* Ооздон чыккан жел карматпастыгын ким да болсо билет. Мынакей далил… (*портсигарды сунуп)* Тааныйсыңбы?

М а с а д ы к. (*Колунан жулуп алып*) Тааныйм! Албетте, тааныйм! Бул менин портсигарым. (Ичин ачып көрүп) Шайыргүлдүн жаздырганына окшобойт… башка… Алмаштырып коюшкан… Бул менин портсигарым эмес… ишенгин, Нурдин!

Н у р д и н. Макул, мен ишенейин, бирок далилдегин. Чыныгы өзүңдүн портсигарыңды апкелип көрсөтчү мага!

М а с а д ы к. Айтпадым беле, жоготуп жибергем деп…

Н у р д и н. Калп! Сен портсигарыңды жоготкон жоксуң, абийириңди жоготтуң!.. баркыңды жоготтуң!

*Масадык ордунан кебелбестен тилсиз. Нурдиндин уулуу сөздөрү кулагына кирбеген шекилдүү башка бир жакты карап, ойлуу.*

Н у р д и н. Адамдын акылы барган сайын өсүп жатат. Кубанабыз!.. Сыймыктанабыз!.. Бирок өскөн акылды ким эмнеге пайдаланып жатат, ушул туурасында биз ойлобойбузбу?.. Акыл адам үчүн жумшалууга тийиш, бирок… *(Масадыкты ачуулуу карап)* сага окшогондор өздөрүнүн акыл-эсин жүзүкаралыкты, митаамдыкты өркүндөтүү үчүн жумшайт!.. Биздин шорубуз, ошондойлорду дос көрүп, эшиктеш турабыз, алардын ким экенин таанibайбыз… Ал тургай, көп учурда ошондойлорго жем болуп, тепсендисинде калабыз!.. (*Масадыкка бетме-бет барып, ачуу-*

*луу*) Адам баласына акыл берилгенде жүзүкаралык кылуу үчүн берилген эмес, ошону түшүнбөйсүңбү, бетпак?!.

М а с а д ы к. *(Акырын*) Туура, Нурдин! Чыныгы жүзүкараны көп учурда өзүбүзгө дос санап, ак ниет адамды анын ордуна курмандыкка чалып, бапыратып баса калабыз... Бул кайгы... шор!

Н у р д и н. Эй, адамзат. Кимдин алдында ак көрүнгүң келип жатат? Кимдин алдында?

М а с а д ы к. Эгер сен адам болсоң, айтарым бул: сенин алдыңда сүттөн акмын.

Н и я з. (*Ачуулуу кыйкырып)* Жалган! Сен өмүр бою Нурдинге көз артып келгенсиң... Ага дос болумуш болуп, чындыгында өзүңдүн жолуңдан алып ыргытуунун амалын издегенсиң... Бирок Шайыргүлдө эмненин жазыгы?.. Бар болгон айыбы сен деп жашап келген... Эмнеге кууураттың, ал шордуунун?..

М а с а д ы к. (*Портсигарды тиктеп*) Кандай айбандын колунан келди экен бул иш?..

Н и я з. Жоогазын теребиз деп Шайыргүл менен тоого барганыңда Нурдиндин машинасынын ичине унутуп кетипсиң.

М а с а д ы к. Мүмкүн... Бирок бул портсигарды эмес!.. Меники башка болучу.

Н и я з. Танганың менен эчтеме чыкпайт. Унут калтырганың ушул портсигар. Аны далилдеп берүүчү кишинин көзү тирүү.

М а с а д ы к. Ким?

Н и я з. Сага сатылып кеткен бирөө... Унутуп калсаң эсиңе салып коеюн, С е й и т!

М а с а д ы к. (*Таңыркап*) Сейит?!

Н у р д и н. (*Өкүм)* Ооба.

М а с а д ы к. *(Паузадан кийин)* Жүр! Сейитке барабыз!

Н у р д и н. Кеттик.

### *Онунчу сүрөт*

*Айлуу түн. Парктын бурчу. Алыста Ала-Тоо үргүлөйт. Жалбырактары саргайыңкы тарткан чачпактуу кара жыгач, анын паанасында скамейкада Сейит отурат. Парктын түпкүрүндө угулган гитаранын муңдуу добушу жүрөктү мыжыгат. Масадык жана Нурдин кирет.*

М а с а д ы к. Сейит!

С е й и т. *(Башын көтөрүп, Масадыкты карайт)* Масадык? *(Нурдинди тиктеп)* Нурдин?!.

Н у р д и н. Тааныбай жатасыңбы?

С е й и т. *(Ордунан туруп, Нурдинге кол сунат).* Нур... Нурдин аксакал... Аман-эсен бошонуп... Деги мындай жакшы болбоспу...

Н у р д и н. Саламатсыңбы, Сейит.

С е й и т. *(Нурдиндин колун силкилдетип)* Саламатчылык, Нурдин аксакал... Отурсаңыз... Жакшы түн болуп турат...

Н у р д и н. Рахмат! Сейит. Кейиштүү көрүнөсүң. Маанайың пас. Бүрүшүп-чүрүшүп эле чал болуп калыпсың! Ооруп жүрөсүңбү?

С е й и т. Эмне болуп жүргөнүмдү өзүм да билбейм.

Н у р д и н. Дале иштеп жүрөсүңбү же бошонуп алдыңбы?

С е й и т. Күн сайын кечкурун ушул жерге келип, түн бир оокум болгончо отурам. *(Паузадан кийин, терең күрсүнүп)* Күн сайын ошол... машинанын дөңгөлөгүнө түрүлгөн өмүрүмдү улам кайрадан жазып, ар бир укумун көзүм тешилгенче кароо менен алекмин... Менин бар болгон, кызматым ушул!.. Түйшүктүү кызмат!

Н у р д и н. Турмушуң кыйын көрүнөт... Бирок эчтеме эмес. *(Пауза)* Кечирип кой, Сейит, биздин сүйлөшө турган сөзүбүз бар эле...

С е й и т. Мени мененби? Мени менен сүйлөшмөкчүсүзбү?.. Уялганымдан карай албай зорго отурсам... канткенде бетим чыдап сүйлөшөм?

Н у р д и н. Мына кызык, эмнеден уяласың?

С е й и т. *(Өзүн колго алып)* Канча жыл бирге иштештим... канчалык жакшылык көрдүм... Ошого карабастан, бир жолу да барганым жок... Жада калса, кат жазганга жарабадым...

Н у р д и н. Эчтеме эмес, Сейит. Мен таарынбайм.

С е й и т. *(шыбырагандай үн менен, кайгылуу)* Азыр эле Шайыргүлгө жолуктум. «Өмүр өткөнү менен жүрөктөгү эскерүүлөр наристе боюнча кала берет тура, Сейит аке!» — деп, кетип баратып колумду кысты. *(Нурдинди карап)* Көп нерселерди эске түшүрөбүз... *(Масадыкка)* Жоогазын теребиз деп тоого барганыбызды да көп эскеребиз! *(Алыскы тоо тарапты карап)* Тоого барган күндөрүбүздү эстесем... ал күндөр кайрылып келбейт экен го, чиркин!.. Таалайына кубанган Шайыргүл эргип ырдаганда, эки көзү от болуп жанып... О, жараткан, ай!..

Н у р д и н. Сейит!

С е й и т. Эмне дейсиз, Нурдин аксакал?

М а с а д ы к. *(Нурдинди четтетип)* Токточу, Нурдин! *(Сейитти тигиле карап)* Көп болду, көрүшпө элекпиз, бирок ар дайым эскерип жүрдүм. Адамдан бөтөнчө таза, кичипейил, боорукер элең... Ошонуңду эскергенимде, жүрөгүм тазарып, көтөрүлүп турар элем... Ошондой адам болуп туруп, Нурдинди алдаганга кантип дитиң батты? Айтчы, Сейит!

С е й и т. Мен Нурдинди алдаптырмынбы?!.

М а с а д ы к. Ооба, Нурдинди алдоо менен, сен эң чоң кылмыш кылыпсың...

С е й и т. Мен эмне, киши, өлтүрүптүрмүнбү?!.

М а с а д ы к. Сенин кылгандарың киши өлтүргөндөн коркунучтуу. Нурдиндин таалайын кесип, келечегин ка-

раңгылаттың. Шайыргүлдүн үмүтүн үзүп, жүрөгүн жараланттың. Мени болсо өмүрүм боюнча майып кылдың. Бирок баарынан коркунучтуусу! Адамдардын бири-бирине болгон ишенимин жок кылдың. Эми, ал ишенимди кайрадан ордуна келтириш жалгыз гана сенин колуңдан келет. Ал үчүн карандай чындыкты айтышың керек.

С е й и т. *(Ордунан ыргып туруп)* Эмне опузалайсыз?.. Мен чындыкты айттым!

М а с а д ы к. Жок!

С е й и т. *(Тыңшап)* Шайыргүл ырдап жатат!

М а с а д ы к. Туура айтасың, Сейит! Бул Шайыргүлдүн үнү! Таалайына кубанып эргип ырдаганында эки көзү от болуп жанган Шайыргүл ушул!.. Азыр кандай ырды ырдаса да анын үнүнөн кайгы угулат... Сагыныч угулат... Кайдан болгон кайгы?.. Кайдан болгон сагыныч?.. Ойлочу, Сейит!

С е й и т. *(Пауза)* Жок!.. Ушинтип күн көргөндөн көрө, биротоло өлүп тынганым артык! Мейли, атып жиберсе да ыраазымын, чыдашка кудуретим жок, жанчылып бүттүм! *(Чөнтөгүн аңтарып, портсигарды чыгарат да Масадыкка сунат)* Жанчылып бүттүм! Меңиз!

М а с а д ы к. *(Сейиттин колунан портсигарды алып)* Меники!.. Нак өзү! Окугун, Нурдин.

Н у р д и н. *(Портсигардагы жазууну ичинен окуйт).* Бул кандай болуп кетти, Масадык?.. Сейит?..

С е й и т. Кандай болмок эле... Мен... Мен Нияздын торуна чалынып калдым...

Н у р д и н. Нияздын торуна?!

С е й и т. Ооба. Бир жолу анын энесиникине бараткаңыбызда, кырсыкка учурадык... көзүм кашайып, кичинекей баланы тепсетип кеттим... Сот!.. түрмө!.. муну ойлогондо корккөнумдан жүрөгүм жарылып кете жаздады... Өзүм үчүн эмес, аялым үчүн, балдарым үчүн... Жардам кылыңыз деп, Ниязга жалбара баштадым... Ал

мени куткарып калды… Өлгөн бала анын туугандарынын баласы экен… Баарын жөнгө салып, ишти басып койду… Ошондон кийин менин тагдырым менен топ ойногонсуп ойной берди… Партбюронун атына тоголок арызды жаздырып, Шайыргүл туурасында ар кандай ушактарды таратууга мажбур кылган так ушу Нияз болду. Сиздин тоюңуз болор күнү баягы булганч сөздөрдү… *(ыйлап)* сизге айттырып… жаңкы портсигарды көрсөт деген да так ушу Нияз болучу…

Н у р д и н. *(Асманды карап)* Дүйнөдөгү көздүүнүн сокуру ким десе – мен экенмин!

С е й и т. Туура, Нурдин аксакал, сиз көздүүнүн сокуру болчусуз. Нияздын күлкүсүнө эрип, ичинин каралыгын байкабайт элеңиз… Ал ар дайым биринчи болууга умтулчу… Аябаган чоң, аябаган кадырлуу доктор болсом дегенде эки көзү төрт эле. Бирок, анын корккону Масадык жана сиз болчусуз… Профессор Сулайманов сиздерди жанындай көрчү… Ошол себептүү, Нияз өзүнүн жолунан сизди алып таштады…

Н у р д и н. Жетет! Баргын!

С е й и т. *(Кейиштүү)* Ошондой… мен кетейин… кечириңиздер! *(Пауза)* Мен адам эмесмин… Мен итмин! *(кетет)*.

Н у р д и н. Кантип эле ушундай болсун?! *(Үзүлө кыйкырып)* Масадык!

М а с а д ы к. *(Колундагы портсигарын тиктей, кейиштүү)* Өмүр!.. Достук!.. Сүйүү!..

Н у р д и н. Эми эмне кылам?!.

М а с а д ы к. Билбейм… Бир гана айтарым: кечирим суроочу болбо. Себеби, көбүнчө өзүңдүн алдында өзүң айыптуусуң!

*Нурдин скамейкага отурат. Сахнанын тереңинен Шайыргүл көрүнөт.*

Н у р д и н. *(Калтаарыңкы)* Шайыргүл!..

Ш а й ы р г ү л. *(Нурдинди карап алып)* Тааныбайт экем, кечиресиз.

Н у р д и н. Шайыргүл! Бул менмин…

М а с а д ы к. Токточу, Шайыргүл… Нурдин эмеспи…

Ш а й ы р г ү л. Бул кишинин аты сен айткандайбы же башкабы, мага баары бир… мен аны таанубаймын…

М а с а д ы к. *(Шайыргүлдү колунан алып)* Бир паска отура турчу… мени менен…

Ш а й ы р г ү л. Сени мененби? *(отурат)*

Н у р д и н. *(Шайыргүлгө бет маңдай туруп)* Саламатсыңбы, Шайыргүл. *(Шайыргүл алыс бир жакты карап, тилсиз. Масадык фонтан тарапка басат)* Саламатсыңбы, Шайыргүл… *(Шайыргүл мурдагысындай эле тилсиз)*. Себебин сураба, мен айтпайын. Сотто өз абийириме каршы сүйлөдүм, Шайыргүл… Менин сүйүүм, менин өмүрүм жалгыз сен болчусуң… Жалгыз гана сен…

Ш а й ы р г ү л . Эми эмне керек сага?!.

Н у р д и н. Арылбас арман, сакайбас жарат… Айтып берейин… түшүндүрөйүн… укчу, Шайыргүл!.. Мага өмүр берип, күчүмө күч, кайратыма кайрат кошкон сенин сүйүүң эле… менин таалайым да, талантым да жалгыз өзүң элең… Келечегимди жарык кылып ар дайым адам деп оозануга сүрөгөн жалгыз гана сен болчусуң… *(Шайыргүлдү карап)* Шайыргүлдүн өмүрүнө сенин өмүрүңдөн башка даба болуучу эчтеме жок деп, менин өмүрүмдү сурашкан болсо… ойлонуп отурбастан, курман болууга даяр элем… *(терең күрсүнүп)* Бирок… той болор алдында… камылга бүтпөй шашылып жаткан элем… Ошол учурда келип калышты… Шайыргүл башканы сүйөт дешип… ар кандай сөздөрдү айтып…

Ш а й ы р г ү л. *(Кейиштүү жекирип)* Менин сүйүүмө караганда, башкалардын оозунун жели күчтүүрөк экен да!..

Н у р д и н. (*Кобурап*) Мага далил көрсөтүштү… Айтышты…

Ш а й ы р г ү л. *(Жектеп)* Мени сүйгөн имиш!.. Уялбай туруп ушул сөздү кантип айттың?!. Жок, чындап сүйгөн болсоң өзүңдөн башка эч бир жанга, эч кандай далилге ишенбейт элең… *(катуу күрсүнүп)* Муну айтуунун эмне кереги бар эле?.. Эмнеге айтып жатам?.. Кимге айтып жатам?!.

Н у р д и н. *(Жалбарыңкы)* Шайыргүл!

Ш а й ы р г ү л. Сүйлөбөгүн!.. Жек көрөм!..

Н у р д и н. Шайыргүл!

*(Омор кирет).*

О м о р. Шайыргүл! *(Нурдинди байкап)* О, сиз да мында белеңиз, жолдош Болотов… таанышып алыңыздар…

М а с а д ы к. *(Омор менен кол алышып)* Мен тааныштырып койдум, Омор Батырович.

Ш а й ы р г ү л. Омор, биздин Нурдинибиз кайда?

О м о р. Баятан бери ошону менен алышып жатып, концертиңе да кечигип калдым… мойнумдан кучактап алып кое берсечи… Масадыктын аялы алганда зорго басылса болобу… *(Нурдинди карап, күлүмсүрөй)* Нурдинибиздин азыртан эле кыялы бар жигит.

Н у р д и н. *(Масадыкты карап, таңдангандай)* Нурдин?!.

М а с а д ы к. Омор Батырович менен Шайыргүлдүн уулунун аты Нурдин.

О м о р. Ооба, ооба. Абдан жакшы ат, распы?.. Дүйнөдөгү мен билген аттардын бирин койгонум жок… Бардыгын атап чыктым. Бирөө да жакпады. Шайыргүл терезенин түбүндө тоо жакты карап унчукпай отурган эле. Бир маалда менин кыйналганымды сезип, боору ачып кетти окшойт, уулубуздун атын Нурдин койсок кантет дегенде, мен кубанганымдан кыйкырып жибердим. Нурдин деген ат экөөбүзгө тең жагып калды. *(Күлүмсүрөй)* Уулубуздун атын коюуда Шайыргүл периште болду! (*Шайыргүл менен Нурдин экөө жер карап унчугушпайт.*

*Омор, аялынын ийнине колун коюп)* Шайыргүл, биз Масадык экөөбүз шахмат клубуна кирип, бир партия ойноп келели… А сен жолдош Болотов менен бирге таза абада отура турсаң… абдан жакшы болор эле… клуб жакын, азыр эле келебиз… Макулбу? *(Масадыкка)* Кеттик!

Ш а й ы р г ү л. *(Күйөөсүнүн соңунан кыйкырып)* Омор, токтой тур! Мен кошо барам… (*Нурдинди кейиштүү карап, Масадык менен Омордун соңунан чыгып кетет*).

*Скамейкада Нурдин калат. Сахна караңгылай түшүп, анын жанында чал пайда болот.*

Ч а л. Эмне унчукпай калдың, уулум?..

Н у р д и н. Бардыгын айттым… Ошентип, мындан үч жыл мурда соттуу болдум… мындан үч жыл мурда камакка алындым… Бирок өзүмдүн таалайыма ишенбестен, шорумду киши ордуна санап, ошого ишенип кеткендигим үчүн мындан үч мүнөт мурда гана өкүм чыгарылды. Азаптуу өкүм! Бул өкүмдү башка кечирсе да **абийир кечирбейт!**

*Алыстан Шайыргүлдүн үнү угулуп, акырындап көшөгө жабылат.*

## АТАБЕКТИН КЫЗЫ

*2 көшөгөлүү, 5 сүрөттүү драма*

### КАТЫШУУЧУЛАР:

1. А т а б е к
2. Ж ы п а р г ү л
3. Т ы н д ы м
4. С а д ы р к у л
5. А с ы л
6. А с а н б е к
7. А л ы м б е к
8. Ш а д ы
9. А й м а н
10. К а р а л б а й
11. К а л б ү б ү

### БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

#### *Биринчи сүрөт*

*Кечки маал. Атабектин короосу. Тоо баштарында булуттар удургуп, айлана күңүрт. Үйдөн Жыпаргүл менен Асыл чыгат. Жыпаргүл террассанын түркөгүнө жөлөнүп, айланасын кандайдыр кейиштүү карайт.*

Ж ы п а р г ү л. Күн дагы бүркөө!

А с ы л. Капаланбачы эми, Жыпаргүл.

Ж ы п а р *г ү л. (Күрсүнүп*) Канткенде капаланбайсың, Асыл! Канткенде?

А с ы л. Кызыксың деги! Сен эмне, калыңга кетип жаттың беле!

Ж ы п а р г ү л. Апам байкуш тирүү болгондо эмне! *(Асылды кучактап)* Атам жалгыз калып... анын үстүнө, ага айтпай кетип жатпайымбы! Атам! Аны ойлосом...

А с ы л. Кыз шордуунун тагдыры ошо. Кантесиң! *(Жыпаргүлдү өзүнө каратып)* Билесиңби, Жыпаш!.. Жакында Алдар агай аскерден келет. Ал келгенден кийин Тындым эже болуп атаң үчөө бирге турушат.

Ж ы п а р г ү л. Атам алар менен бирге турбайт. Асыл жан.

А с ы л. Эмне үчүн?

Ж ы п а р г ү л. Жездем кырс киши.

А с ы л. Андай болсо, Садыркул экөөң үйлөнөр замат Атабек акемди шаарга көчүрүп алгыла. Садыркулдун мүнөзү алтындай эмеспи!

Ж ы п а р г ү л. Ошенткенибизде ырас болот эле, Асыл жан. Атам ага да көнбөйт.

А с ы л. Буга көнбөйт, тигиге көнбөйт... Деги эмне болгон киши, ал өзү?!

Ж ы п а р г ү л. *(Алыска көз чаптырып)* Тээтиги айтөш беттердин жылуу шиберинен жылаңайлак чуркаганды жакшы көрчү элек. Эсиңдеби, Асыл жан?

А с ы л. Эсимде, Жыпаш, эсимде!

Ж ы п а р г ү л. *(Үйдү карап)* Аздан кийин Садыркул келет. Мен аны менен кошо шаарга кетем. Атам болсо, менин ким менен кеткенимди билбей, ушул үйдө жалгыз калат! *(Пауза)* Атам! Ананайын, атакебайым!

А с ы л. Кой, ыйлаганы курусун, көзүңдүн кызарганын көрсө, дароо шек алып коюшат! Кайраттуу болчу, Жыпаш! *(Тындым кирип, акырын жөтөлөт)*.

Ж ы п а р г ү л. Бактын ичинде бирөө жүргөнсүйт. Кимсиз?

А с ы л. *(Тындымды кучактап)* Эжеке, Эжекебайым!

Т ы н д ы м. Капырай, укмуш го деги?

Ж ы п а р г ү л. Эже! Сиз эмне, бүгүн бирдеме көргөнсүзбү, же бирдеме укхансызбы?

Т ы н д ы м. *(Ойкуштанып)* Эчтеме көргөнүм жок, көргүм да келбейт. Эчтеме укканым жок, уккум да келбейт!

Ж ы п а р г ү л. *(Каткырып)* Эжемди карасаң, Асыл? Жездем, баланчаны көрдүңбү, же бирдеме уктуңбу, Тындым, деп сурап калса, анда эжем так азыркыга окшоп: «Эчтеме көргөнүм жок, көргүм да келбейт, эчтеме укканым жок, уккум да келбейт» деп тултуң-тултуң этип... Ай, боорум, ай!

А с ы л. Растан эле ошентчү белеңиз, Тындым эже?

Т ы н д ы м. *(Мостоё калып)* эчтеме билбейм, билгим да келбейт. (Кыздар күлүшөт, аларга кошулуп, Тындым да күлөт). Кичинекей улак десе! Ошонун баарын байкап жүргөнүн көр! Болду эми. Баса, элдин баары чогулуп, клубда оюн болгону жатса, силер эмне бактын түбүндө корголоп турасыңар? *(Кыздарды сынагандай)* Же экөөңөрдүн сырыңар барбы?

Ж ы п а р г ү л. *(Оңтойсузданып)* Бизде эмненин сыры? Биз... Биз жөн эле турабыз, Ээ, Асыл?

А с ы л. Анан эмне! Биз жөн эле турабыз.

Т ы н д ы м. Дароо клубга жөнөгүлө. *(Үйгө баратып, кайра кайрылат)* Токточу, Жыпаргүл. Бүгүн менин жанымдан карыш жылбайсыңар! Орун алып койгула. Уктуңарбы? *(Үйгө кирет)*.

Ж ы п а р г ү л. Эжемдин түрү жаман. Бир нерседен шек алып тургансыйт!

А с ы л. Эмне, Садыркул менен кеткени жатат деп, бирөө айтып койду дейсиңби? Менден башка эч бир жан билбейт. Ким айтмак эле?! *(Алаканын чаап)* Ай-ий! «Бүгүн менин жанымдан карыш жылбайсыңар!» – деп, Тындым эже бекеринен айткан жок. Билип койгон тура.

Эми эмне кылдык? Кокус Тындым эже атаңа айтып койсо. Кандай акыл кылабыз эми?

Ж ы п а р г ү л. Эмиби? Сен чоң жолго чыгып, Садыркулдарды акмалап тургун, а мен болсом эжем кеткиче бакка жашынып... Анан... анан... жүрүчү, батыраак!

*(Жыпаргүл менен Асыл бакка жашынат. Пауза. Үйдөн Тындым чыгат).*

Т ы н д ы м. Жаңкы Садыркул деген неме... Баса дейм да! Эмнеге эле биздин айылга бат-бат келет десе... Жыпарымды азгырганы жаткан тура! Оңбогон гана чечек! Көрчү!.. Кой, мындан ,ары Жыпардын жанынан карыш жылбайын! *(Токтоп)* Элдин айтымында Жыпар ага катуу берилип алган көрүнөт *(күрсүнүп)*. Ашыктык дегениң мен шордуунун башынан да өткөн. Жыпарымдын жаңкы чечекке берилгени рас болсо... кайтардың не, кайтарбадың не... баары бир, токтото албайсың. Эптеп амалын таап кетет. Ооба. Ошентет. Эми эмне кылсам? «Күчтү-күч токтотот» Атама айтпасам болбой калды *(кетип баратып, токтойт)*. Кокус атама айтсам, ачуусу чукул неме, алда кандай болот?! Институтун бүткүчө коё эле турбай... Олдо балакетиңди алайын Жыпарым, ай! Онунчуну бүтпөстөн күйөөгө качкан мен шордууга теңелесиңби?! баласың да, кантейин!

*(Тындым чыгат. Пауза. Эки жагын каранып Жыпаргүл кирет).*

Ж ы п а р г ү л. *(Саатына карап)* Садыркулдун келер маалы болуп калды. Батыраак камданайын *(сырттан кобур-кубур угулат)*. Атам! *(Үйдү көздөй жүгүрүп баратып токтойт)* Жок!

*(Жыпаргүл жүгүргөн бойдон бакка киргенде, Атабек менен Айман көрүнөт).*

А т а б е к. «Куш жаңылса торго түшөт, эр жаңылса колго түшөт». Тиш кага элек балдар... Алар экөөбүзгө окшоп, турмушка терең карабайт, жылт-жулт эткен бирде-

мени көрсө болду... азгырма деген жаман нерсе го, батчагар, бирде болбосо бирде, жаш балдарды буйлалап кетет! Силер деги байбичең экөөң эрдедиңер, кызыңарды бекем кармап, жаңылтпастан жакшы жолго салып койдуңар!

А й м а н. Бул сөзүңө теңир жалгасын, Атабек! Биз, байбиче экөөбүз кудуң-кудуң... кудуң-кудуң!

А т а б е к. Аттиң сени, үйдө жаш козунун эти бар эле.

А й м а н. Ой-бой, бая эле ошентпейсиңби! Атаганат, жаш козунун эти болсо... куйрук боор, беш бармак! Пай, пай, пай! Жыргап отуруп бир жейличи, ээ, Атаке!

А т а б е к. Бүгүн концерт угалы.

А й м а н. Концерт дейсиңби?.. Эмне деген концерт?.. Кайдагы концерт?..

А т а б е к. Фрунзедеги артисттер келиптир. Үшкүрбөй коё тур, Айман. Козунун эти эч кайда качпайт.

А й м а н. Рас, рас, козунун эти эч кайда качпайт, а артисттер болсо ырдап, бийлеп алышып, ошол замат сен көр, мен көр...

А т а б е к. Мен кийинип чыгайын, сен салкында отура тур.

А й м а н. *(Серегe отуруп, сакалын сылай)* Атаганат, козунун эти деген экен! Козунун эти!.. Куйрук боор, беш бармак! Оңбогурдун артисттери бүгүнчө келбей эле коё турушса эмне!

А т а б е к. *(Үйдөн чыгып, өтүгүн щёткалап)* Күйөө балаңардын аты ким эле, Айман?

А й м а н. Алымбек. Бу биздин жогору жагыбыздагы «Өрнөктүн» чабаны Майлыбайдын уулу эмеспи.

А т а б е к. Аны заводдо иштейт деп уктум эле го?

А й м а н. Ой, ой, болгондо да Фрунзанын чоң заводу дешетко. Алымбегим анда биринчи уста турбайбы! Ай сайын үч миң, төрт миң сөлкөбай! Жакында Сайкалым да жети жүз сөлкөбай алды!

А т а б е к. Сайкал дагы иштеп жатырбы?

А й м а н. Чынын айтсак, биз, байбиче экөөбүз каршы элек. Заңгыраган үч көмүт үйдүн ичи толгон дүнүйө менен тамак аш, аны караганга көз керек да. Бирок Алымбегим болбой жатып, Сайкалды өзүнүн кесибине үйрөтүп алыптыр.

А т а б е к. Дүнүйө адамды таппайт, дүнүйөнү адам табат. Алымбек мыкты бала болгон экен! *(Айманга жанаша отуруп)* Силердин көңүлүңөр жай, Айманым. Уулуңар учкуч, Сайкалыңарды болсо жакшы жерге орноштуруп койдуңар. А мен болсом... *(күрсүнүп)* Атаганат дүйнө деген экен! Эки уулумдун эч болбогондо бирөө фронттон тирүү кайтып келсе эмне! *(Колундагы шёткaны талдын бутагына кыстарып)* Тагдыр кастарын салса кыйын турбайбы! Алардын жараты бүтө электе Дүрүя кургурумдан айрылып калбадымбы!

А й м а н. Кой, кейибегин, Атаке. Андан көрөк, Тындымың менен Жыпаргүлүңдүн өмүрүн тиле. Мен эми билип жүрбөйүнбү, кыз дегениң деле жакшы болот экен. Баса, Жыпаргүлдү быйыл Фрунзанын чоң окуусуна жибересиң го дейм сыягы?

А т а б е к. Жибербей анан, бардык аракетим ошондо болуп жатпайбы.

А й м а н. Мунуң дурус, Атаке. Жибер. Окусун. Анан деги тукум кууйт деген ырас көрүнбөйбү? Балдарыңдын баары тең эле зээндүү.

А т а б е к. Ай, ким билет, Айман. Тындымым менен Жыпаргүлүмдүн жатыны бир болгону менен, экөө эки башка чыгып калды.

А й м а н. Ой, бой, Тындым кара жумушка калганда...

А т а б е к. Анын ырыс-таалайы ошондо! Эми Жыпаргүлдү алсаң... (*Үстү-башын оңдоно*). Мына бу бешмантымды көрчү. Муну Жыпаргүлүм тиккен!

А й м а н. Баракелде-е! Мүүн жок, мүүн жок! Жыпаргүл машинечи турбайбы! Баракелде-е!

А т а б е к. Тамак-аш жасаганын, үй жыйганын айтпай эле кой. Анын сайма сайганычы! Барынан да окууга зээндүүлүгүн айтпайсыңбы! Колуна тыйын тийсе нан албай, китеп алат!

А й м а н. Мен дагы кыдыр даарыган кишилердин биримин, Атаке *(насвай атып)* Жыпаргүлүң бар го *(Бармагын көрсөтүп)* момундай... бербай адам болот!

А т а б е к. Айтканың келсин, Айман. Жыпаргүлүм институтту бүтүп, өзүнчө бир киши болсо... Анан мен аны түбөлүк төрүмдө кармап отурмак белем... Сенин Сайкалыңа окшоп, өзүнө жайлуу жер таап алса...

А й м а н. Болот, Атабек, болот.

А т а б е к. *(Көкүрөгүндөгү Алтын Жылдызын оңдоп, бүткөн боюн түзөтө)*. Басалык эми.

А й м а н. Кайда?

А т а б е к. Концертке барбайбызбы.

А й м а н. Э, Атаке дейм, ушу бүгүнчө концертиңди жөн эле койсок кантет, я? Анын үстүнө белим да очорулуп калыптыр, жел турганбы, айтор, ордуман козголо албай...

А т а б е к. Сени матап жаткан жел эмеско, кумпарым. Тур, кечигип калабыз,

А й м а н. *(Кыйыктана)* Айла барбы, басса басалы. О, кокуй, белим.

Ж ы п а р г ү л. *(Бакка жөлөнүп)* Ой! Садыркулдар келип калбагай эле деп жанымдын чыкканы, ай!.. Мен эмнеге турдум? *(Саатына үңүлүп)* Садыркулдар алигече жок. Мынчалык эмне кечигишти?! *(Бак тараптан Алымбектин карааны көрүнөт)*. Кимсиз?

А л ы м б е к. Менмин.

Ж ы п а р г ү л. Алымбексиңби?

А л ы м б е к. Ооба.

Ж ы п а р г ү л. *(Терең күрсүнүп)* Ой! Мен дагы башка бирөөбү деп...

А л ы м б е к. Коркуп кеттиңби, Жыпаш?..

Ж ы п а р гүл. Эмне болуп турганымды өзүм да билбейм. Сайкал жан кандай, аман-эсен жүрөбү?

А л ы м б е к. Шүгүрчүлүк. Сага салам айтты.

Ж ы п а р г ү л. Саламат болсун.

А л ы м б е к. Бирөөнүн аманаты бар эле, ошону берейин деп кайрыла калганым.

Ж ы п а р г ү л. Ал кандай аманат?.. Катпы?.. Кимден?..

А л ы м б е к. Соода флотунун кенже офицери... Асанбектен!

Ж ы п а р г ү л. Асанбектен?!

А л ы м б е к. Ооба. Жазган каттарымдын бирине да жооп жок, себеби эмне экенин билбейм. Жыпаргүлүм аман-эсен болсо ушул катты өз колуң менен тапшырып, берген жообун өз колуң менен салып жиберчи, деп Асанбек бечара зар ыйлаптыр. *(Жыпаргүл сунулуу колун тартып алат)* Бул эмнең, Жыпаш?

Ж ы п а р г ү л. Катты өз ээсине кайтарып жибергин. Мен албайм.

А л ы м б е к. Эмне үчүн?

Ж ы п а р г ү л. Себеби бар.

А л ы м б е к. Кандайча себеп?

Ж ы п а р г ү л. Айтпайм.

А л ы м б е к. Айтасың!

Ж ы п а р г ү л. Айтпаймын дедим! Коё берчи колумду! Ай, кудай, ай! Сен эмне, зордоп айттырмакчысыңбы?!

А л ы м б е к. Асанбек экөөбүз доспуз. Айыбы эмнеде экенин билишим керек.

Ж ы п а р г ү л. Биз эмне, таң атканча эле акыйлашып тура беребизби?

А л ы м б е к. Себебин айтпасаң, ишенип койгун, Жыпар, турганыбыз турган. Өзүм да кетпейм, сени да кетирбейм!

Ж ы п а р г ү л. Шаарда жүргөнүң менен өзгөрбөпсүң. Баягы эле уйгак бойдон турбайсыңбы! Болуптур эми, айтса айтайын (*Пауза*) Алмакан деген аялды тааныуучу белең?

А л ы м б е к. Алмакан?.. Ооруп айыкканга чейин, Асанбек ошонун үйүндө турса керек эле.

Ж ы п а р г ү л. Ошондой экен...

А л ы м б е к. Сүйлөй бер, Жыпар, мен угуп жатам.

Ж ы п а р г ү л. Кышкы каникулда... балдар-кыздар болуп лыжа тепкени тоого чыккан элек. Кеч курун үйгө келсем «кроватымда, кат жатат. Мен кубанып кеттим. Бирок Асанбектин колу эмес, конверттин аягында «Мырзаева Алмакандан» деген жазуу турат...

А л ы м б е к. Деги эмне деп жазыптыр?

Ж ы п а р г ү л. Алмакан эч бир кыйшың-куйшуңсуз эле минтип жазган: «Сен Асанбекти сүйөт экенсиң, садагасы, Жыпар, бирок экөөбүз ачык сүйлөшөлү: андан үмүтүңдү үз. Ленинграддан окуп келгенден бери ал экөөбүз бирге турабыз. Мен аны өлсөм да бербейм. Себеби десең, күйөөмдөн жаш калдым, ал эми жаш аялга эркексиз жашоо мүмкүн эмес. Анын үстүнө морякты узатуу... күтүү... сен ага чыдабайсың. Асанбек меники! А сен болсоң, сен кызсың, жигит табылат... Мындан ары Асанбекке кат жазбагын да, ал жөнүндө ойлобогун».

А л ы м б е к. Окшоп кетип жатат. Ооба, ооба. Ал аялдын кыял-жоругу ушундай көрүнгөн... Бирок...

Ж ы п а р г ү л. Шашылба, Алымбек! Мен жаңкы аялдын катына ишенгеним жок. Асанбектин өзү менен бетме-бет сүйлөшөйүн деп, ошонун эртеси шаарга бардым. Жекшемби күн эле. Суук өпкөдөн өтүп, кар учуп турат. Асанбек колонкадан суу алып бараткан экен. Мен аны чакырайын дедим, бирок нары-бери өткөн элден уялдым да, унчукпастан артынан акмалап жүрүп отурдум. Экөөбүздүн арабыз бир аркан бою калганда,

Асанбек аллеядан бурулуп, көк тунукелүү ак үйдүн алдына токтоду. Мен «Асаке!» деп ооз ачканымча болгон жок, кичинекей бала жетслеген сулуу аял калиткадан жаркылдап чыга келип, дароо эле Асанбектин чакаларын алды да, эркелегендей кыял менен ага бирдеме деп күлдү. А Асанбек болсо, ал дагы аялга карап күлүп, анан жердеги баланы колуна көтөрүп, өөп-жыттап эркелете баштады... *(Пауза)*. Ошондон эки күн өтпөй Асанбектин өзүнөн кат келди. Ленинградга жөнөр алдында жазыптыр...

А л ы м б е к. Кечирип койгун, Жыпаш. Айып көрбө.

Ж ы п а р г ү л. Досуңдун эмне жазганын билсем деп жатасың го?.. Ал Алмакан экөөнүн ортосундагы болгонду ачык айтып, менден кечирим сураптыр!..

А л ы м б е к. Мен эми бул катты сага да бербейм, Асанбектин өзүнө да жибербейм! Жакшы кал *(чыгат)*.

Ж ы п а р г ү л. *(Саатын жарыкка салып)* Садыркул алигече жок. Мынча эмне кечигет?

*(Жыпаргүл үйдү көздөй басканда, сырттан Атабектин үнү угулат)*.

Атабек т и н ү н ү. Жыпаргүл!.. Э, Жыпаргүл!

Ж ы п а р г ү л. Атам!.. Атам!

*(Жыпаргүл лейканы ала коюп, терезелердин түбүндөгү гүлдөргө суу себимиш болуп, ичинен кыңкылдап ырдап калат)*.

А т а б *е к. (Кирип)* Жыпаргүл!.. О, кайдасың? Жыпаргүл!

Ж ы п а р г ү л. Мен мындамын, ата.

А т а б е к. Бас бери!

Ж ы п а р г ү л. Сиз эмне, концерт укпай кайра келип алдыңыз! Мен азыр барганы жаттым эле.

А т а б е к. Жүгүр! Сени күтүп отурушат.

Ж ы п а р г ү л. Өтө эле ачуулу келипсиз, атакебай, анчалык эмне болду?

А т а б е к. (*Кызына жалт бурулуп*) — Атабектин кызы Садыркул дегенге барбайт. Муну оң кулагың менен да ук, сол кулагың менен да ук!

Ж ы п а р г ү л. Ата!

А т а б е к. Болду!

Ж ы п а р г ү л. Коюңузчу, атакебай! Мага айтаарыңыз болсо, ачууланбай, кыйкырбай эле айтыңыз, мен угайын.

*(Пауза)*

А т а б е к. Ата менен баланын каны бир болгону менен турмуш бөлөк. Тагдыр ошондой. Учуру жеткенде жолуңду бөгөбөймүн. Бирок институтту бүткөнүңчө тизгиниң өз колумда болот. Мен көрсөткөн жолдон кылдай жылбайсың. Уктуңбу?

Ж ы п а р г ү л. Угуп жатам, ата.

А т а б е к. Менин кызым да сенсиң, уулум да сенсиң. Менин карыгандагы бардык кубанчым, бардык үмүтүм жалгыз гана сенде. Атаңдын тилин ал. Жаңкы Садыркул деген немеңди жаныңа жуутпа. Айда! Кубала!

Ж ы п а р г ү л. Өзүңүз ар дайым адилет бол деп үйрөтөсүз. Мен абдан түшүнөм, адам адилет болушу керек.

А т а б е к. Кызым! «Жакшыны жамандаса, жамандын калпы чыгат, жаманды жакшыласа, жакшынын аты булганат». Садыркулуң жакшы жигит эмес!

Ж ы п а р г ү л. Ата!

А т а б е к. Угуп тур! Андай аке ал жакшы адам болсо сени минтип азгыруунун ордуна, кайра сени окугун, адам болгун деп беш жыл эмес, он жыл күтүүгө да кайыл болбос беле?! Эми экөөбүз убадалашалык, кызым. Мындан ары Садыркул дегениңдин өзүн көрмөк тургай, атын укпайын. Кокус аны менен сүйлөшкөнүңдү уксам же көрсөм; атаң өз айтканынан кайтпай турганын жакшы билесиң, таарынбагын анда, балалыктан кечем!

Ж ы п а р г ү л. Ата! Атакебай!

А т а б е к. жооп бергин, макулсуңбу менин айткандарыма? *(Жыпаргүл унчукпайт)* Макулсуңбу дейм?

Ж ы п а р г ү л. Кыйкырбаңызчы, атакебай!.. Жай эле айтсаңыз. *(Жыпаргүл артына кетенчиктейт)* Мен... Мен...

Ат а б е к. Кызым!

Ж ы п а р г ү л. Макулмун, ата!

А т а б е к. *(Жыпаргүлдүн чачынан сылап)* Айман менен сүйлөшүп турсам, апаң сени көтөрүп жаныма келе калган экен. Байкабапмын. Бир маалда «Э, атасы, карап койсоң боло!» — дейт. Карасам, «Ата, ай! Ата, ай!» деп колуңду сербеңдетип айды көрсөтүп жатыпсың! *(Пауза)* Апаң ошондо күлүп турган эле! *(Кызынын маңдайынан жыттап)*. Эми ойнуңа барсаң болот. Мен бир пас тук этип алып, сарайга жөнөйм: уйларга чөп сала турган маал болуп калды.

*(Атабек үйгө кирет. Пауза)*

Ж ы п а р г ү л. Мен эми Садыркулду кубалашым керек?! Жоок, мен аны кубалай албайм!

*(Пауза. Садыркул кирет)*

С а д ы р к у л. Жыпар!

Ж ы п а р г ү л. *(Чочуп)* Ой!

С а д ы р к у л. Жыпаш! Колдоруң калтырайт, чочутуп койдум окшойт, ээ?!

Ж ы п а р г ү л. *(Башын кармап)* Башым ооруйбу же... Отуралычы, Садыш.

С а д ы р к у л. Жок. Жыпаш, бизге олтурууга болбойт.

Ж ы п а р г ү л. Эмне үчүн?

С а д ы р к у л. Машина күтүп турат, азыр жөнөшүбүз керек.

Ж ы п а р г ү л. Кайда?

С а д ы р к у л. Сен эмне болуп турасың. Жыпаргүл?

Ж ы п а р г ү л. Эмне болуп турганымды өзүм да билбейм!

С а д ы р к у л. Биз шаарга кетишибиз керек да.

Ж ы п а р г ү л. Шаарга?! Ооба, ооба, биз кетишибиз керек. Мен камданайын.

С а д ы р к у л. Тезирээк.

Ж ы п а р г ү л. *(Үйгө баратып, кайра кайрылат)* Жок, Садыркул, мен азыр кете албайм.

С а д ы р к у л. Жыпаргүл!

Ж ы п а р г ү л. Акырын! Биздиң кетерибизди атам билип коюптур. Айыптаба мени, Садыш! *(Пауза)* Акыры, мага деле жамандык тилебейтко?

С а д ы р к у л. Атабек акемде күнөө жок. Күнөөнүн бардыгы экөөбүздө. Ооба, Жыпаш. Быйыл сенин окууң бүтөрү менен сөзсүз үйлөнөбүз деп убада кылып, ал туурасында жолдош-жоролорго даңаза кылбай коё турушубуз керек эле. Эми кайра кайтууга кеч болуп калды.

Ж ы п а р г ү л. Кандайча?

С а д ы р к у л. Бүгүн экөөбүздүн тоюбуз. Шаардагы жолдош-жоролорум бизди келет деп күтүп отурушат.

Ж ы п а р г ү л. Мен аны билем… Мен үчүн эптеп жол табууга болотко?

С а д ы р к у л. Эгерде мени өлтүрүп, менин сөөгүмдү машинага салып барышса, алар үчүн ошол гана жооп болот!

Ж ы п а р г ү л. Жок, Садыш, мен атама катуу убада берип койдум. Мен убадамдан эч качан жанбайм!

С а д ы р к у л. Сен мага да убада берген элең го?!

*(Пауза)*

Ж ы п а р г ү л. Ооба, мен сага да убада бергем! Садыркулга жалт бурулуп) Айтчы, Садыш, мени ушунчалык жакшы көрүп туруп, эмне үчүн менин бир жолку оюмду аткаргың келбейт?! Жок дегенде үч жыл чыдап турууга болбойбу?

С а д ы р к у л. Ушул кезде бизди келет деп чыдамсыздык менен сааттарын караган достордун арасында душмандар да бар. «Садыркулду теңине албай, Жыпаргүл

чанып жибериптир!» дешип, алар бүгүн түнү эле бүт шаарга жар салышат. Элге-журтка шерменде болуумду каалабастырсың деймин, Жыпаш? *(Жыпаргүлдү бооруна кысып)* Той өткөндөн кийин Көлгө барып жарым айча эс алабыз да, кайра келип сенин экзамениңе даярданабыз. Өткөн жылы эле университетке конкурс чоң болгон. Быйыл андан да чоң болуу керек!

Ж ы п а р г ү л. *(Бак жакты карап)* Чымчыктар сайрап жатат. Алар эмне жөнүндө сайрайт?.. Качанга дейре сайрайт?.. Бир аздан кийин же таңга жуук, алар белгисиз багытка учуп кетишет… А бактар болсо сумсайып ээн калат…

С а д ы р к у л. Жыпаргүл!

Ж ы п а р г ү л. Эмне дейсиң, Садыш?

С а д ы р к у л. Кыялдануу жакшы. Бирок аракет да керек. Менин жолдошторум зарыгып калышты. Алардын ичинде Алыкул агай да бай.

Ж ы п а р г ү л. Алыкул агай? Кадимки эле акын Алыкул агайбы?!

С а д ы р к у л. Ооба, Жыпаш, кадимки эле акын Алыкул!

Ж ы п а р г ү л. О, мен ал кишиге көптөн ашыкмын! (*Күлүп*) Жок, жок, сен туура түшүнгүн, Садыш. Анын ырлары, бир сынчы айткандай, таңкы шүүдүрүмдөй таптаза, дүйнөнүн өзүндөй терең!

Мен тансам жаштан танам, ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канааттанбайм.
Кудайга миң-мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айта албайм!

Адам өзүнүн өмүрүнө калп айтпашы керек!

С а д ы р к у л. Жөнөйлү. Ансыз да кечиктик.

Ж ы п а р г ү л. Жок, Садыш, атам мени эч качан алдаган эмес. Атамды алдай албайм!

С а д ы р к у л. А Садыркулду алдаса болот дечи?

Ж ы п а р г ү л. Мен чарчадым. Бир аз олтуралычы.

С а д ы р к у л. Отурууга болбойт. Жыпаш! Батыраак чеч, бир жагыңда атаң, экинчи жагыңда мен. Ортобузда сен!

Ж ы п а р г ү л. Жаным жаман кыйналды го! Айтчы деги, мен эми эмне кылышым керек?!

С а д ы р к у л. Атабек акемди аяп жатасың. Мен аны түшүнөм, Жыпаш. Сенин кеткениңди укса аябай ачууланат, кайгырат... *(Жыпаргүлдү өзүнө буруп)* Анткени менен экөөбүздү баары бир кыйбайт, Деги, ал кишинин кабагын жазууга экөөбүздүн кудуретибиз жетет. Батыраак чеччи! *(Пауза)* Жыпаргүл!

Ж ы п а р г ү л. Мен... мен кетүүгө макулмун.

С а д ы р ку л. *(Жыпаргүлдү өөп)* Асылды жиберип, өзүм машинанын жанында күтөм! *(Жүгүрүп чыгат)*.

Ж ы п а р г ү л. *(Пауза)*. Садагасы, атакебайым!.. Убадага ар дайым бек турууга үйрөттүң эле. Сөзүмдө тура албадым. *(Ыйлап)* Сизге алдамчы болдум!..

### *Экинчи сүрөт*

*Садыркулдун квартирасынын тамак ичүүчү бөлмөсү. Түн. Ачылуу терезеден шаар көрүнөт. Жыпаргүл жалгыз. Тынч. Скрипка акырын жана жай ойнолгон эл күүсү. Жыпаргүл Алыкулдун ырын окуп отурат.*

Ж ы п а р г ү л.

Ысык-Көл кээде жым-жырт, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырлуу мындай жолдош күткөн жокмун...

*Бутунун учу менен басып Асыл кирет.*

А с ы л. Мүмкүнбү?

Ж ы п а р г ү л. Асыл?

А с ы л. Жыпаш!

Ж ы п а р г ү л. *(Асылды кучактап)* Ах, Асыл жан, Асыл жан! Канча убакыт өттү! Келбейсиң. Же таарындыңбы?

А с ы л. Экзаменге даярданып жатам. Убакыт аз. Анын үстүнө, тишим ооруп... Чынымды айтсам, Садыркулуңа таарынып келбей жүрөм!

Ж ы п а р г ү л. Садыркулга эмнеге таарынасың? Таарынгың келсе мага таарынышың керек. Экөөбүз курбубуз!

А с ы л. Койчу деги, Жыпаш! Качан болбосун Садыркулуңа болушасың да жүрөсүң! Сени бул жерге апкелерден мурда, Жыпашымды сөзсүз окутам, тигинтем-минтем деп не бир жакшынакай убадаларды берген эле. Канакей, ошол убадаларын аткарганы?.. Гүлдөп турган кызгалдакты үзүп келип солутту да койду! Жыйырмада деп ким ойлойт сени?!

Ж ы п а р г ү л. Менин окубай калганыма Садыркул айыптуу эмес.

А с ы л. Анан ким айыптуу?

Ж ы п а р г ү л. Биз үйлөнгөндөн кийин бир ай өтпөй, Садыркул катуу ооруп курортко кетти. Кийинчерээк болсо койлордун жаңы тукумун өстүргөнгө киришип... ал өзүнүн бул ишин жакында бүтөт. Быйыл сөзсүз окууга кирем. *(Асылды өзүнө каратып)* Садыркул сени жанындай көрөт, Асыл жан. А сен аны жактырбайсың.

А с ы л. Сүйлөбөчү, Жыпаш. Мен аны жактырбасам, небак эле жетелеп кетет болчумун сени! Баса, мен быйыл айылга барып келдим.

Ж ы п а р г ү л. Айылга?

А с ы л. Ооба. Атабек акем чакыртып жиберген экен. Мен барганым жок.

Ж ы п а р г ү л. Эмне үчүн?

А с ы л. Эмне үчүн? Эмне үчүн?.. Өзүң эмне үчүн барбайсың ушул кезге дейре!..

Ж ы п а р г ү л. Атам көзүмө көрүнбөсүн деп жатса, мен кантип барам? *(Ыйлап)*. Атамды сагындым! *(Башын көтөрүп)* Сен аны көрө алдыңбы деги?

А с ы л. Көрдүм.

Ж ы п а р г ү л. Мени сурадыбы?

А с ы л. Жок.

Ж ы п а р г ү л. Сураган жок дечи.

*(Пауза)*

А с ы л. Машинка басып жаткан турбайсыңбы.

Ж ы п а р г ү л. Машинка басам... Биздин жакшы коңшубуз бар... андан стенографияга да үйрөнүмүш болуп жатам... Окуйм... окуйм... бар болгон өмүрүм азырынча ушул гана...

А с ы л. *(Китепти алып)* Качан келсем Алыкул агайды окуп жатканыңды көрөм. Аны эч бир акынга теңебейт окшойсуң, ээ, Жыпаш?

Ж ы п а р г ү л. *(күрсүнүп)* Мурдагы күнү керээли кечке ыйлап отурдум.

А с ы л. Эмнеге?

Ж ы п а р г ү л. Алыкул агай Көлгө кетти!

А с ы л. Ден соолугу начар экен деп, баягы күнү эле биздин университеттин балдары кейип отурушканын уктум эле!

Ж ы п а р г ү л. Коштошкону келиптир. Өңүнөн аябай азган. «Көл ысый элек, барганга эрте го, агай» десем, каадасынча жер карап ойлоно калды да «Жашоо үмүтү ой-боюма койбой, айдап баратат. Чынында да, менин үмүтүм Ысык-Көлдө гана калды? деп ийнинен тынып «Аралдын ары жагын сүзүп кеткен аккуу сымалы, өмүр дагы кайрылгыс болуп өтүп кетет дегенге ишенип болбойт. Деги өмүрдүн, кеч өткөнү жакшы, Жыпаш. Көрүшкөнчө саламат тургула. Садыркулга салам айтып кой»- деп жөнөй берди *(Терезенин жанына барып)*:

– Билбейм кандай,
Эмне ойдо экен катарым.
Мен өзүмдүн тагдырыма капамын.
Заманымдын керегине жарабай,
Эрте кургап, муздап бара жатамын.

Билбейм кандай,
Кайсы ойдо экен катарым,
Мен өзүмдүн жазмышыма капамын.
Кыйын күндүн пайдасына жарабай,
Кыйган талдай сынып бара жатамын.

А с ы л. *(Ыйлап)* Эмне үчүн жакшы адамдарга илдет көп жабышат?!.

Ж ы п а р г ү л. *(Алысты тиктеп)* Өткөн жайда Алыкул агай экөөбүз Көл жээгинде бирге болдук. Бар болгону бир гана түн!

А с ы л. Бул жөнүндө айткан жок элең го, Жыпаш!

Ж ы п а р г ү л. Экөөбүз тең жыланайлак жээктеги кум менен кетип бараттык. Ай тийип турат. Бир жагымда көл, экинчи жагымда Алыкул агай. Жыбыр толкундар кумга жайылып, бутубузду жууйт. Мен үн катпайм. Алыкул агай сүйлөйт. Эмне жөнүндөбү? Анын санаасы бөлалды сыяктуу. Бирде ал живопись менен музыка жөнүндө сүйлөсө, бирде тоо боорундагы гүл менен алыскы Галактика жөнүндө сүйлөп баратты. Анын сөзүнүн темасы чаржайыт болгону менен аларды бириктирип турган эч качан кайталангыс улуу нерсени байкадым – ал, акындын өзү анын турмушу, сүйүүсү, суктануусу, сонуркоосу, кейиши, кубанычы. «Мага жарым күндүк өмүр берилген күндө да, мен аны айланамдагы сулуулукка чексиз суктануу менен өткөрөр элем», деди көпкө унчукпай калып, «Сулуулукка суктануу дегеле ааламдын өзүндөй чексиз го, чиркин!» деп кошумчалады. Биз Куу-Сеңир

жарым аралынын пляжына барыш токтодук. Чолпон-Атанын оттору көрүнбөйт. Айлуу асман, жыбыр толкундуу көл, Алыкул агай жана мен. Ошол учурда бүткүл аалам жалаң гана төртөөбүздөн турган шекилдүү эле!

А с ы л. Эмнеге унчукпай калдың, Жыпаргүл? Андан ары эмне болду, айтсаң. Айтчы, Жыпаштай!

Ж ы п а р г ү л. Андан ары эмне болгонун айтуу, мен үчүн өтө кыйын, Асыл жан! (Пауза) Алыкул агай көл жөнүндө жаңы жазган ырынан окуп, жаныма уяң басып келип, эки колумдан алып, акырын гана «Жыпаргүл!» деди. Алыкул агайдын бой-мүчөсү келишкени менен өңү серт киши да. Мен аны карадым. Тааныганым жок. Ал адамдан башкача сулуу көрүндү. Өңү серт кишиге ошондой сулуулук кандай себеп менен, кандай учурда качанга чейин берилерин, мен билбейм. Ал метеордой өмүрү кыска, эч качан кайталанбас, бир гана адамга көрүнө турган сулуулук болуу керек!.. «Эмне айтайын дедиң эле, Алыкул агай?» дегенимде, ал карылуу колдору менен өзүн көздөй тартты. Мен эмнегедир коркуп кеттим да «Коюңузчу, агай!» деп кучагынан суурулуп чыктым. Эмнеге корктум? Кимден корктум?.. Ай төбөбүздө. Биз унчукпастан баягы эле май кумдуу, жээк менен кайтып баратабыз. Жымжырт: Көлдүн жыбыр толкундары гана шарп-шарп этет. Чолпон-Атага жакындаганыбызда Алыкул агай токтой калды да «Толкундар да өлөт!» деди. Анан бир аз туруп «Мүмкүн, өлөр алдында алардын да арманы, муңаюусу болор? Ооба, толкундар да өлөт. Бирок алардын соңунан улам жаңы жаралгандары өзүнүн өлүмүн көздөй түрмөктөлүп келе берет!» деп кошумчалады. Мен башымды көтөрүп Алыкул агайды тиктедим. Жок, менин алдымда отуздун кырын жаңыдан ашкан адам эмес, өмүр бою азап көрүп жүрүп мөгдөп калган чал тургансыды!.. Уйкудагы Чолпон-Атанын көчөсүн бойлоп унчукпастан жүрүп отурдук. «Адам өзүнүн жаңы-

лыштыгынан акыл табат, үйрөнөт» деп Алыкул агай биз турган үйдүн эшик алдына токтой, калып: – «Адамдын колу бат жетпеген же таптакыр жетпей турган нерсе таза, барктуу, сулуу болоорун мен бүгүн гана түшүнгөндөй болдум!.. Сен эчтеме берген жоксуң, бирок ошону менен катар көп нерселерди бердиң. Жакшы түш көрүп жаткын, Жыпаргүл!» деп колумду кысып жолуна түштү. *(Катуу күрсүнүп)* Мен ал түндөн улуу кубаныч менен кошо улуу кейиш алып чыктым! *(Пауза)* Алыкул агай эмне кылып отурду экен азыр? Столуна үңүлүп ыр жазып жатты бекен же терезенин түбүндө тык-тык жөтөлүп коюп, Көлдү карап отурду бекен?

А с ы л. А мүмкүн, жылуу кийинип алып, өткөн жылы экөөң баскан жээк менен сенин изиңди кууп басып жүргөн чыгар?

Ж ы п а р г ү л. Кумда из калбайт, Асыл жан.

А с ы л. Кумда калбаганы менен жүрөктө калат да!

Ж ы п а р г ү л. О, биз өтө эле терендеп кеттик окшойт. Столго отурчу. Азыр Садыркул келет. Тамак ичкенден кийин, мүмкүн, Держинка менен басып келербиз. Макулбу, Асыл жан?

А с ы л. Ракмат, Жыпаш. Бир алма аламын да кетем. Чернышевкага барышым керек. Искендер ойгонгондо колуна карматып кой.

Ж ы п а р г ү л. *(Шокаладды алып)* Искендер үйдө эмес. Келгенче сактап коём. Ракмат, Асыл жан!

А с ы л. Искендер үйдө жок дегениң кандай?

Ж ы п а р г ү л. Көп болуп калды. Тоого берип жибергенбиз. Садыркулдун таякесинин колунда.

А с ы л. Сен жинди болгонсуңбу, Жыпаргүл, ал эмнең? Же баладан жададыңбы?

Ж ы п а р г ү л. Баладан эмнеге жадайын?

А с ы л. Анан эмне болуп тоого бересиң?

*(Пауза)*

Ж ы п а р г ү л. Садыркул илимий эмгек жазып жатпайбы. Баланын ыйлаганын укса, нервничать этип, түк иштей албайт. Кантейин, Асыл!

А с ы л. Сен өзүңдүн Садыркулуңа өтө эле марттык кылып жатасың го дейм, Жыпаргүл?!

Ж ы п а р г ү л. Жекирбе, Асыл жан. Менин марттыгым керектүү марттык *(Саймаланган кичинекей көйнөк көрсөтүп)* Искентайымдын көйнөгү. Өзүм тигип, өзүм саймаладым. Майрамда кийгизип чыгам. Жакшынакай панамкасы да бар. О, менин Искентайымды көргөндөр бардыгы айтышат, мамасына окшош сулуу жигит болот дешип... Айтчы, Асыл жан, мен ырастан эле сулуумунбу?

А с ы л. *(Жыпаргүлдү өөп)* Ах, Жыпаш! Жыпаш! Болуптур эмесе, мен кеттим. *(Асылды узатып, Жыпаргүл кайра кирет. Ойлуу. Пауза. Өзүнчө сүйлөнүп, Шады кирет)*.

Ш а д ы. Бузулган патефондой болгон гана иттин кемпири десе. Та-та.. та, та. Деги жаагы тынбайт! *(Жыпаргүлдү көрүп)*. Жыпаргүл! Жыпаш! Бу сен эмне, айланайын... деги, дени кардың сообу?

Ж ы п а р г ү л. Дени-кардым соо эле, Шады ата. Экикүндөн бери үй актап, кир жууп... чарчап калсам керек. Өтсөңүз мындай.

Ш а д ы. Жумуштан чарчаган жакшы болот. Кудай жалкоолуктан чарчатпасын де. Ал абдан жаман болот *(отуруп)* Кемпир экөөбүздүн отубуз күйүшпөй калды, Жыпар балам.

Ж ы п а р г ү л. *(Күлүп)* Коюңузчу, Шады ата! Кырк жыл бирге туруп... эми карыган кезиңерде.. анчалык эмне күч келди?

Ш а д ы. Эй, Жыпашым! Жыпашым! Чын сырымды айтсам, байкуш кемпирде кенедей да айып жок. Мен ага таарынбайм. Менин таарынганым башка киши.

Ж ы п а р г ү л. Ким? Айтсаңыз, Шады ата. Мен эмесминби?

Ш а д ы. *(Жыпардын чачынан сылап)* Сени башкалар таарынтышы мүмкүн адамды таарынтуу сенин колуңдан келбейт. Ооба! *(Жыпаргүлгө түз карап)* Мүмкүн, сенин ырыс-таалайың ошондодур? Жок, Жыпашым! Ал сенин шоруңбу деп чочуйм!

Ж ы п а р г ү л. Шады ата! Кудай жалгагыр! Коркутпаңызчы мени. Айта турганыңыз болсо жөн эле айтпайсызбы!

Ш а д ы. Макул, Жыпашым. Жөн айтса жөн эле айтайын. Айта турган сөзүм деле жок, эмнени айтам деп дөөрүп жатам?.. *(Эки жагын карап)* Садыркул кайда? Ал келе элекпи?

Ж ы п а р г ү л. Садыркул кызматынан дайыма кеч кайтат.

Ш а д ы. Кандай эле ал элден бөтөнчө узак иштейт?

Ж ы п а р г ү л. Кээ күндөрү түн жарымына чейин иштеп калат. Иши абдан оор!

Ш а д ы. О, шордуу бала!

Ж ы п а р *г ү л. (Үзүлө кыйкырып)* Бул эмне дегениңиз, Шады ата, айтсаңыз, бул эмне дегениңиз?!

Ш а д ы. Көзүңдөн айланайын, Жыпаштайым! Сен өзүңдүн көз жашыңа окшош таза, балапанга окшош ишенчээксиң!

Ж ы п а р г ү л. Эмне, адамдын тазалыгы менен ишенчээктиги жаманбы, Шады ата?!

Ш а д ы. Жок, Жыпаштайым. Адамдын итибайлары көп учурда алардан пайдаланат, ошонусу гана жаман!

*(Садыркул кирет).*

С а д ы р к у л. Салоом алейкум, Шады ата. Менин курагымдагы жигит болсоңуз, Жыпарымды сизди күнөөлөп сиз менен мушташып кетишим да мүмкүн эле. Кана отуруңуз. Тамак ичели. Сүйлөшөлү.

Ш а д ы. Теңир жалгасын. Кемпирим күтүп калды *(чыгат).*

С а д ы р ку л. Ушул байкуш төкөр туурасында эмнелерди гана укпайм… Биздин кварталда кирбеген үйү жок, бирине бирин жамандайт… тигинтет-минтет деп… Айтчы, Жыпаш! «Мен шыпырган таза көчөдөн жаркылдашып кубанычтуу өткөн адамдарды көргөнүм-төбөм көккө жетип, бир элиден казы алып турам!» деген киши канткенде жаман болсун?!. Шады ата жакшы киши! *(Жыпаргүлдү кучактап)* Аябай чарчасам керек!

Ж ы п а р г ү л. Анан эртерээк келип эс албайсың?

С а д ы р к у л. Кейибегин, Жыпаш *(Диван-кроваткака жата кетип)* Меники рахаттуу чарчоо!.. Жумуштан чарчаган чынында эле рахат эмеспи! Үстү-үстүнө чогулуш, кеңешме, коллегия… эч бүтпөгөн талаш-тартыштар… Таң аткандан түнгө чейин ошо! Мээге бир мүнөт тынчтык жок. Айыл чарба министерствосун зериктирме министерство дешет. *(Башын көтөрүп)* Жок! Макул эмесмин. Бери келчи, Жыпаш. Отурсаң мындай.

Ж ы п а р г ү л. Мен сага тамак даярдап жатпайымбы, Садыш.

С а д ы р к у л. *(Эки тизесин кучактап)* Бирде министрдин өзү чакырса, бирде орун басарлары… ал эми область менен райондорду айтпай эле кой! Башкы башкарманын начальнигининин орун басарынын иши өтө көп… татаал! Мен аябай кыйналам. Бирок… *(Ордунан туруп барып, аялынын мойнунан өөп)* Мен ушинтип чарчап келип сени көргөнүмдө, батып бараткан күнүм кайра чыккандай болот!

Ж ы п а р г ү л. Кооздонтуп сүйлөбөй жүр деп канча айттым, Садыш *(Күйөөсүн өөп)* Кооз сүйлөнгөн сөздө кандайдыр жалгандык бардай кулагыма өөн угулат!

С а д ы р к у л. Жыпаш!

Ж ы п а р г ү л. Эмне?

С а д ы р к у л. Билесиңби, эмне? А… бүгүн эмнегедир капа көрүнөсүң да.

Ж ы п а р г ү л. Жок, сенин айтайын дегениң башка болучу.

С а д ы р к у л. Ишенгин, Жыпаш, мындай капалыкты сенин жүзүңдөн азыр гана көрүп отурам, Эмнеге капасың?

*(Пауза)*

Ж ы п а р г ү л. Тоодон Искентайды алып келип, атама баралычы, Садыш. Асыл айылга барган экен. Атам мен жөнүндө ооз ачпаптыр. «Дүрүямдын күмбөзүнө коргон жасаттым эле темирден. Барып ошону сырдадым. Келип тур, Асылтай. Тындымым күйөөсү экөө совхозго көчүп кетишкен. Мен жалгыз турам!» дептир, атам! *(Күйөөсүнүн көкүрөгүнө башын коюп)* Түшүмө да көп кирүүчү болду. Мен аны сагындым!

С а д ы р к у л. Чечтик. Майрамдан кийин сөзсүз барабыз. Дагы?

Ж ы п а р г ү л. Дагы… Мен иштейинчи, Садыш. Же болбосо окуюн. Сен деле мен үчүн уялып жаткандырсың, распы?

С а д ы р к у л. Жакында эле эки жолу убада берген элем. Үчүнчү ирет кайталайын: күзүндө окуйсуң. Андан көрөкчө, экзаменге жакшылап даярдан.

Ж ы п а р г ү л. *(Күлүп)* Сенден протекция сурайт деп коркуп жатасың го. Жок, Садыш, мен эч кандай протекциясыз эле өз күчүм менен өтөм.

С а д ы р к у л. Ишенем, Жыпаш.

Ж ы п а р г ү л. Баса, ээ, Садыш!

С а д ы р к у л. Эмне дейсиң?

Ж ы п а р г ү л. Бирдеңке сурайын дедим эле, кайра айнып кеттим.

С а д ы р к у л. А сен айныбагын да. Айтчы.

Ж ы п а р г ү л. Аба жутпай же тамак жебей күн көрүү мүмкүн болбогон сыяктуу, айрым адамдар ушак айтпай күн көрө албайт окшобойбу! О, адам баласынын

эч качан кечирилбей турган чабалдыгы ушул эмеспи, Садыш! Сен туурасындагы жаман сөздөрдү уккум келбесе да угууга мажбур кылышат!

С а д ы р к у л. Жыпаш!..

Ж ы п а р г ү л. Бөлбөгүн, Садыш. Мен сага гана ишенем. Ооба. Эртең таң атары менен тоо аркасынан күн чыгарына кандай ишенсем, сага да ошондой ишенем!

С а д ы р к у л. Жыпаш!

Ж ы п а р г ү л. Эмне?

С а д ы р к у л. Мен корком.

Ж ы п а р г ү л. Эмнеден?

С а д ы р к у л. Аялың сулуу, акылдуу деп көз артып, сенин сыртыңдан ашык болгондор өтө эле көп.

Ж ы п а р г ү л. Анын эмнеси жаман? Сен, тескерисинче, сыймыктанышың керек да ага.

С а д ы р к у л. Өзүмдөн башка эч кимге ыраа көрбөсөмчү?

Ж ы п а р г ү л. О, сен жаткан эгоист турбайсыңбы.

С а д ы р к у л. Жыпаш!

Ж ы п а р г ү л. Болду! Бул туурасында экинчи жолу ооз ачпа. *(Күйөөсүнө күлө карап)* Мени тыйгың бар турбайбы? Көңүлүм бузулуп, жастым баскым келсе, көлөкөдөй ээрчип жүрсөң да шек таптырбас элем. Бирок мен минуталык сезимге, кумарга азгырылып, бир гана жолу берилүүчү өмүрүмдүн тазалыгын сенин алдыңда, уулумдун алдында эч качан булгагым келбейт! *(Күйөөсүн өөп)* Деги, сенин айтайын дегениң бул эмес эле.

С а д ы р к у л. Аны кантип билдиң?

Ж ы п а р г ү л. Жүрөгүңө эмне турганын кирпигиңдин учунан окуйм.

С а д ы р к у л. Жок, жок, менин айтайын дегеним ушул болучу.

Ж ы п а р г ү л. Анткорлукту мен жаман көрөм! *(күйөөсүнүн ийнине башын коюп, шаарды тиктей)* Фрун-

зе!.. Менин рахат күндөрүмдүн күбөсү! Анын бактылуу көчөлөрүндө кубаныч да, кайгы да, жакшы да, шаң да, бардыгы тең бар. Бирок ал, менин так ушул жерден тапкан таалайыма окшоп, мен үчүн дайыма таза, дайыма сулуу! Мен андан эч бир муңайым тарта элекмин. И, эч качан тартпаймын да!

Садыркул. *(Ойлуу)* Бүрсүгүнү майрам!

Жыпаргүл. Ооба, Садыш. *(Күйөөсүнө карап)* Бул майрамда ырастан эле бирге болобуз, ээ?

Садыркул. Сөзсүз!

Жыпаргүл. Өткөн майда Искендер ооруп, ал экөөбүз клиникада жатып калдык. Эми быйылкы Майды буюрса бирге өткөрөбүз! Бул менин чоң шаарда өткөргөн биринчи жолку майрамым болот! Деги адам баласы кызык жаралган, ээ, Садыш?

Садыркул. Түшүнбөйм.

Жыпаргүл. Ал кезде мен эчтемеден коркпойт элем. Чынында, коркуу эмне экенин билчү да эмесмин. Айсыз караңгы түндөрдө суу боюндагы көк шиберге барып, эки колумду башыма жастанып, асманды тиктей ойго кетер элем. Ошондо мен эмнелер жөнүндө ойлончу элем?! Бирде атактуу Акрополго чыгып, байыркы гректердин акылмандыгы менен чебердигине суктансам, бирде Колизейдин урандыларын аралап, бирде египет пирамидаларына жөрмөлөп чыгып баратсам, бирде Амазонканын джунглисинде адашып… О, мен заматтын ортосунда бүт дүйгө жүзүн кыдырып чыгаар элем! Бирок баарыдан да Алыкул агай сүйгөн Фрунзенин май майрамында болсом дегенимде, кубанычтан жүрөгүм оозума каптала түшөр эле. Ошол кезде андай таалайдын болушу мен үчүн жылдыздан да алыс көрүнчү! Мына эми… Бүрсүгүнү ошол көптөн эңсеген таалайыма мен өзүм күбө боломун! Жадатып жибердим окшойт, ээ?

Садыркул. Жок, жок, эмне үчүн!..

Ж ы п а р г ү л.

Өчөшкөн жандай тил катпай,
Өзүңдөн башка кимге айтам, – деп

Аалыкем айткандай, ичимдеги сырларымды өзүңдөн башка кимге айтмак элем, Садыш! Тамак ичели. Курсагың аябай ачкандыр.

С а д ы р к у л. Жанараак буфеттен шам-шум этип алдым эле. Жыпаш! Киного баралыбы?

Ж ы п а р г ү л. Рас элеби?

С а д ы р к у л. Рас эмей анан. Бол, камдан.

Ж ы п а р г ү л. Бир гана мүнөт.

*(Жыпаргүл ички бөлмөгө кирет. Садыркул алма жеп, кыңылдап ырдай баштаганда Маралбай кирет)*

М а р а л б а й. Салам айттык, сүйүктүү курбуга!

С а д ы р к у л. О, Маралбай! Кандай тагдыр менен?

М а р а л б а й. Зарыл иш чыгып калды.

С а д ы р к у л. Мен аны билгем. Зарыл иш чыкмайынча адамдын ден соолугун сураш үчүн келбейсиң да.

М а р а л б а й. Антсең таарынам, калп айтсам жубарымбек кетейин.

С а д ы р к у л. Тамаша да. Сүйлө.

М а р а л б а й. Жакында менин аталаш иним айыл чарба институтун бүтөт. Аны айылга жибергени жатыптыр.

С а д ы р к у л. Кайда?

М а р а л б а й. Жердин түбүнө. Тянь-Шанга!

С а д ы р к у л. Биринчиден Тянь-Шань жердин түбү эмес, экинчиден, ал жерге кадрлар өтө керек.

М а р а л б а й. Мени ки да тамаша да, Сабыркул. Тянь-Шандын бир гана кемчилиги — тоо үстүндө тоо...

С а д ы р к у л. Жардам кыла албайм.

М а р а л б а й. Садыркул!

С а д ы р к у л. Жок, жок!.. Сенин иниң эмне, башкалардан артыкпы?

М а р а л б а й. Мен аны законсуз алып кал деп жатканым жок. Энеси жүрөк оорулуу. Мынакей справкасы.

С а д ы р к у л. Ах, ошондой дегин! Баары бир натыйжа чыгаарына көзүм жетпейт. Ошемтсе да аракет кылайын.

М а р а л б а й. Мага ошо аракет кылайын дегениң да жетишет.

*(Ички бөлмөдөн Жыпаргүл чыгат)*

Ж ы п а р г ү л. Мен даярмын. Садык.

С а д ы р к у л. Мен да даярмын. *(Ички бөлмөден телефон шыңгырайт)* Дагы кимиси болуп кетти?.. Ай, ушу тефондун азабы! *(Ички бөлмөгө кирет)*.

М а р а л б ай. Табигаттын устаттыгына ар дайым таң калам. Сага окшогон мөлтүрөгөн сулууларды керемет кистисиз эле жаратып коёт. Көп шаарларда болуп, не бир ашкан сулууларды көп көрдүм, бирок калп айтсам жубарымбек кетейин, сендейди өмүрү көрө элекмин.

Ж ы п а р г ү л. Таң калам, Маралбай... Чынын айтсам, кыжырым келет...

М а р а л б а й. Бул, сөзсүз, жетпей калды мага?

Ж ы п а р г ү л. Сүйлөгөн сөздөрүңдүн бардыгы, жасалма... калп...

М а р а л б ай. Ким жасалма, ким жасалма эмес... ким калп, ким чын... буга мезгилден башка эч кимибиз олуялык кыла албайбыз!.. Катуу кагып койдуң!

Ж ы п а р г ү л. Менимче, чындыкты бетке айткан каккандыкка жатпайт.

М а р а л б а й. О, Жыпаш! Таарынсам жубарымбек кетейин. *(Жыпаргулдүн колун кармап)* Бир гана жолу колуңдан өптүрүп койсоң болду!

Ж ы п а *р г ү л.* (Колун тартып алып) Мындайды жактырбаймын, Маралбай!

М а р а л б ай. Бир жериңе кир жугузбастан өз боюңду таза, бийик алып жүрөсүң. Мунуң жакшы. Бирок...

Ж ы п а р г ү л. Баштаган ойду аягына жеткирүү керек.

М а р а л б ай. Ойлой келсем, биздин шорубуз бир окшобойбу. Кээде, жийиркенбей турган адамды мокочо санап, чындап жийиркене турган адамды өзүбүзгө идеал кылып алабыз!

Ж ы п а р г ү л. Токточу, Маралбай!

М а р а л б ай. Кечирип кой, Жыпаш. Мени күтүп калышты. Көрүшкөнчө саламат тургун *(чыгат)*.

Ж ы п а р *г ү л. (Пауза)* Бул эмне деп тантырап кетти?.. Кээде, жийиркенбей турган адамды мокочо санап, чындап жийиркене турган адамды өзүбүзгө идеал кылып алабыз?! *(Күлүмсүрөп)* Жийиркенбей турган адамы өзү го болгондо?! *(Ички бөлмөдөн Садыркул чыгат)*. Садыш, мен десең жанагы Маралбай дегениң менен жолдош болгонуңду койчу!

С а д ы р к у л. Себеп?

Ж ы п а р г ү л. Өгүнчөрөөк композитор, сүрөтчү, архитекторлор менен бир компанияда болдук. Бир гана кече! Канчалык байыдык?! А Маралбайың эмне берет бизге? Сүйлөгөнү жалаң керкакшык… кайдагы анекдоттор менен шалпык сөздөр. Соода институтун бүткөндөн бери бир китеп окубаса, эмнени күтүүгө болот андан?!.

С а д ы р к у л. Маралбай экөөбүз кенедейибизден бирге өскөн курбубуз!

Ж ы п а р г ү л. Курбу болгонуңар менен, Маралбайың ак ниет көрүнбөйт.

С а д ы р к у л. Жыпаргүл! Койчу, бай болгур! Өтө эле акылдуусунган жарабайт!

Ж ы п а р г ү л. Болуптур, койсо коёюн. Кеттикпи?

С а д ы р к у л. Жок. *(Курсунуп)* Майрамда сени менен, жолдош-жоролор менен бирге болуп, жыргаймын го деген элем!

Ж ы п а р г ү л. Бул эмне дегениң?

С а д ы р к у л. Майрамыбыз бузулду!

Ж ы п а р г ү л. Садыркул! Антип айтпачы!

*(Пауза)*

С а д ы р к у л. Азыр министрдин орунбасары звонить этти. Командировкага жөнөйсүң дейт.

Ж ы п а р г ү л. Командировкага?!

С а д ы р ку л. Ооба.

Ж ы п а р г ү л. Кайда?

С а д ы р к у л. Алайга.

Ж ы п а *р г ү л. (Пауза)*. Адам баласы иш деп жүрүп эле күн өтөбү?.. Анын аялы бар, баласы бар… майрамы бар… Анын күлгүсү, ойногусу келет… (*Күйөөсүнө кайрылып)* Министр менен жакшылап сүйлөшсөң, майрамдан кийин деле барууга болотко дейм?

С а д ы р к у л. Бийик тоолуу Алайга кар калың түшүп, малдын абалы начар болуп жатса, майрамдан кийин барсам болбойбу деп сураганга оозум барбады. Бирок сен үчүн… жалгыз гана сен үчүн министрдин өзүнөн болсо да суранса суранып көрөйүн.

Ж ы п а р г ү л. Жок, Садыш, антпегин! *(Пауза)* Майрамдын келишин ушунчалык кубаныч менен күткөн элем!

С а д ы р к у л. А мен эмне? Мен кубанбай жүрдүм беле?

Ж ы п а р г ү л. Эми кайсы убакта жөнөмөк болдуң?

С а д ы р к у л. Эртең таң ата.

Ж ы п а р г ү л. А мен эмне кылам?

С а д ы р к у л. Эмне кылаарыңды да билбейм? Эгер ылайык тапсаң мен келгенче таякемдикине, Искендердин үстүнө барганың эле оң го дейм.

*(Пауза)*

Ж ы п а р г ү л. Сенсиз кандай майрам болмок эле? Барса барайын, Садыш… *(Жыпаргүлдүн соңунан ички бөлмөнү көздөй Садыркул илкий басат)*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Үчүнчү сүрөт*

*Майрам түнү. Карабак. Гүлзар. Жаңыдан гүлдөгөн жоогазын. Ичкериден канал суусу чагылышат. Жакындан улуган музыка, күлкү. Жыпаргүл менен Асыл жүгүрүп кирет.*

А с ы л. Батыраак жүрчү, Жыпаш. Алымбектер тигинде кетип баратышат. Адашып калабыз.

Ж ы п а р г ү л. Керек болсок өздөрү издеп таап алышат. Асылжан. Бактардын бутагынан асман саймаланып көрүнөт, карачы! Жок, шаштырбагын мени. Бүгүн менин көзүм көрүп, кулагым уккандардын бардыгы... адамдар, музыка, бий, күлкү, суу... оттор... бардыгы меники! Алар түбөлүк жүрөктө калып, эстеген сайын рахатка батыраар же мүмкүн, муңайтаар... жанагы экөөбүздү бийге чакырган жигиттер таарынып кетишти окшойт, ээ?

А с ы л. Катуу кагып койдуң!

Ж ы п а р г ү л. Анан алардыкы жакшыбы! Бир жолу бийге түшүп бак аралап басып келели, сулуулар дешип... Алар бизди ким деп, ойлошот?! Эмне унчукпай калдың, Асыл жан?

А с ы л. Ленинграддан Асанбек келиптир дешет...

Ж ы п а р г ү л. Асанбек?!

А с ы л. Соода флотунда иштеген жакшы турбайбы... деңиз... океан... жаңы-жаңы өлкөлөр... жаңы-жаңы элдер... моряктын формасы ага абдан жарашуу керек... Мен аны эмнегедир көргүм келет...

*(Пауза)*

Жыпаргүл... Бүгүн мен Алыкул агайга жолуктум көлдөн кайтып келиптир. Көл сулуу! Бирок мен эмнеге-

дир шаарга шашылдым, деп, каадасынча жер карап күлүп койду да, сөзүн улады. Балким, биздин Чүй боорунда кыйгач гүл ачкан жоогазын Көл жакасында гүлдөй электенби, же болбосо Фрунзедеги бүгүнкү май майрамы менин өмүрүмдөгү акыркы Май майрамы болуп калбасын деп корkконумданбы, же башка бир себеп мененби, айтор, кандайдыр, менин өзүмө баш ийбеген белгисиз бир күч, ой-боюма койбой айдап келди!..

*(Алымбек жүгүрүп кирет)*

А л ы м б е к. Жыпаргүл! Ой, ушунчалык да издетесиңерби!.. Кайык даяр, кеттик. Чыгышат. Пауза. Стол жана бир нече орундук көтөрүп, бир нече официант кирет. Аларды шаштырып, Маралбайдын жанында келаткан метрдотель.

М е т р д о т е л ь. *(Официанттарга)* Тез! Тез! (*Маралбайга)* Кечиресиз, Маралбай аксакал. Анан, мурдатан шыңгыр эттирип койбойсузбу. Майрам. Орун жок. Бул столду өзүмдүн кабинетимден алдырып чыктым.

М а р а л б а й. *(Метрдотелди далыга кагып)* Эчтеке эмес. Сенин мунуң Маралбай Атаяновичтин көңүлүнүн борборунда деп эсептей берсең болот.

М е т р д о т е л ь. Кубанычтуумун, Маралбай аксакал, кубанычтуумун!

М а р а л б а й. Тездет! (Чыгат)

М е т р д о т е л ь. *(Дасторконду оңдой)* Маралбай аксакал өзү келип жатса түк да кебелбейсиздер. Апкелгиле! Токтоосуз! Алло! Оркестранттарга айт. Маралбай Атаянович сүйгөн современный күүлөрүнөн болсун! Официанттар жүгүрүп чыгат. Калбүбү менен Маралбай кирет.

М а р а л б а й. Ах, колуңдан ий, секетим, колуңдан! Өлүп, кетсем бейм ушул кол үчүн!

М е т р д о т е л ь. Отуруңуздар, Маралбай аксакал. Майрамыңыз менен аяш. Мен азыр *(чыгат)*.

К а л б ү б ү. Сыпайыраак эле өпсөң болбойбу! Колумдун баарын шилекейлеп койдуң!

М а р а л б а й. Кантейин, секетим, сүйүү кургур чыдатпай баратса эмне кылам?

Метрдотель өзү баш болуп, официанттар тамак-аш апкелип столго коюшат.

М е т р д о т е л ь. Айып этпейсиз, Маралбай аксакал. Күтүп калдыңыздар. Мынакей, азыр. О, эми отурсаңыздар болот. Жүргүлө!

*(Официанттарды ээрчитип чыгат)*

К а л б ү б ү. Бечара метрдотелдин чуркаганын көр! Ушунун баары сенин күчүң да!.

М а р а л б а й. Булар мага чуркаса, мен министрге же анын орун басарларына чуркайм... Турмуш! (Калбүбүнүн колунан өөп) Ах, колуңдан, ий!

К а л б ү б ү. Милый, Маралбай!

М а р а л б а й. Эмне дейсиң, секетпай?

К а л б ү б ү. Экөөбүздүн жакын экенибизди Садыркул билсе, анда эмне болобуз?

М а р а л б а й. Достук, өз ирети менен, сүйүү өз ирети менен. Анан Садыркул экөөбүздөн эч качан күнөм санабайт, секетим, калп айтсам жумбарымбек кетейин, анткени, ал мага жакын дос да. Дос киши дагы досунан шек саноочу беле?

К а л б ү б ү. Өтө куусуң!

М а р а л б а й. Жашоо үйрөтөт да! *(Садыркул кирип Калбүбүгө жоогазын берет)*

К а л б ү б ү. Ах, кандай татынакай жоогазын!

С а д ы р к у л. Сага окшош.

К а л б ү б ү. Койчу! Растан эле мен ушу жоогазынга окшоймунбу?

С а д ы р к у л. Айтчы, Маралбай.

М а р а л б а й. Кудум эле ушу жоогазынга окшойсуң, калп айтсам жубарымбек кетейин!.. Эч нерседен камы-

рабай отура бергиле. Сүттөн ак, жан кыйышпас достугубуз үчүн мейман кылуу менин мойнумда *(чыгат)*.

*(Садыркул менен Калбүбү столго олтурушат)*

С а д ы р к у л. Алтындай жигит да!

К а л б ү б ү. Анысында го кеп жок, бирок...

С а д ы р к у л. Ал бизге тоскоол болбойт, Калбүбү, тескерисинче, жардам кылат.

К а л б ү б ү. Түшүнбөйм?

С а д ы р к у л. Окус тааныш жолугуп, бул жаркының ким, Садыркул, десе, ал менин досум Маралбайдып жаркыны деп койбоймунбу!

К а л б ү б ү. Өтө куусуң *(Папирос чегип)* Айтчы, Садыркул, сен аялыңды жакшы көрөсүңбү же жокпу?

С а д ы р к у л. Жалгыз сен дегенимден, мен аны кыштакты көздөй атказып, өзүм Алайды көздөй шашылыш командировкага кетпедимби!

К а л б ү б ү. Ах, милый Садыркул! Ушул сөзүң үчүн мына ушу татынакай колдорум менен сыга-сыга кучактап, бетиңден чоп-чоп эткизсе... Ах, чиркин! Садыркул!

С а д ы р к у л. Эмне дейсиң, Какиш?

К а л б ү б ү. Мен дайыма байкайм. Ушу азыр да мени тиктеп отурганың менен көңүлүң алда кайда!

С а д ы р к у л. Мен корком, Какиш!

К а л б ү б ү. Эмнеден?

С а д ы р к у л. Мен өлүмдөн да коркпойм. Менин коркконум жалгыз гана Жыпаргүл.

К а л б ү б ү. О, мен үчүн бул эң чоң жаңылык!.. Ал аябаган ажаан болушу керек?

С а д ы р к у л. Ажаан эмес. Ал ашкан жароокер аял. Мен андан корком, анын ишениминен... анын тазалыгынан!..

К а л б ү б ү. Ишеним.., тазалык... булар жөнүндө көп айтабыз, көп жазабыз... чындыгында алар эч бир адамда болбойт... Ошол идеал көргөн Жыпаргүлүңдө деле тазалык жок!

С а д ы р к у л. Айтчы, Калбүбү, адамдын ишеними менен тазалыгын уурдап күн көргөн жакшыбы же жаманбы?

К а л б ү б ү. Өлгөнүңдөн кийин, ишенимиң бар беле же жок беле, таза жүрдүң беле же дагы кандай, бул тууралында эч-ким сенден отчёт сурабас. Тирүү кезиңде мүмкүн болгон жыргалдын бардыгын турмуштан алыш керек. Жаңылбасам, ушул сөздү сен өзүң айткандай болдуң эле го?

С а д ы р к у л. Адам баласына бир гана жолу берилүүчү өмүр үчүн ичип жибереличи, Какиш *(ичишет)*. Баса, эжең экөөңдүн мамилеңер кандай?

К а л б ү б ү. Кайсы эжемди айтасың?

С а д ы р к у л. Биздин министрдин аялычы.

К а л б ү б ү. Ал экөөбүздүн мамилебиз жаман, ал мени жактырбайт, мен аны жактырбайм.

С а д ы р к у л. Азыр мамилени оңдош керек.

К а л б ү б ү. Узун боюмду пас кылып, мен ошого барайынбы?

С а д ы р к у л. Пайдалуу иш үчүн узун бойду пас кылса, андан адам төмөндөбөйт.

К а л б ү б ү. Мен эмне кылышым керек?

С а д ы р к у л. Күн сайын жеңкиңе барып, мен жөнүндө кеп сала берсең: «Силерде атактуу малчы Атабектин күйөөсү Садыркул деген жигит иштейт экен, ал өтө иштерман, өсүүчү неме дешет ко, ошол распы?» деп, жолдош министрша өзүнүн күйөөсүнөн суроого аргасыз болот. Аялынын бул сөзүнөн кийин жолдош министр мага сөзсүз көңүл бура баштайт. А мен болсо, жолдош министрге өзүмдү көрсөтүүгө жарайм.

К а л б ү б ү. Жолдош министр сени чоңойтуп жибериши да мүмкүн эмеспи, ээ? Өзүнүн милый Садышы үчүн Какиш жаны өлүп кетпейби. Мен эртеңден тартып эжемдин ичикойнуна кирем. Ал ак көңүл. Бат эле алданып калат.

*(Маралбай кирет)*

М а р а л б а й. Менин өзүмдүн рецебим боюнча жасалган шашлык азыр даяр болот. Жолдош кыздар жолугуп калып... басалы дешет. Зорго кутулбадымбы! Кана эмесе, столду мен өзүм башкарайын. *(Маралбай рюмкаларга ичимдик куя баштаганда, Жыпаргүл, Асыл, Алымбек баш болгон бир топ жаштар кирет)*

А л ы м б е к. Айтчы, Жыпаргүл, биз сени кыштактан алып келгенибизге кейиген жоксуңбу?

Ж ы п а р г ү л. Мен ыраазымын, А л ы м б е к. Абдан кубанттыңар. Деги бүгүнкү күн мен үчүн кубаныч төгүлгөн күн! Алыкул агайдын да көңүлү көтөрүлүп кетти, ээ?

А л ы м б е к. Абдан!

Ж ы п а р г ү л. Мен бала болуп, Май майрамын эч качан бүгүнкүдөй көңүлдүү өткөргөн эмесмин. Бир гана кемтиги – Садыркулум жанымда жок!

А с ы л. Бечара Садыркул, Жыпаргүлүм кайда болду экен деп Алайдын тоосунан мойнун созуп карап отургандыр, ээ!

Ж ы п а р г ү л. Ах, Асыл, жан! Асыл жан! Ал аябай кейип кетти!

А с ы л. Менин курсагым ачты.

Ж ы п а р г ү л. Ой, мен жөн эле өлгөнү турам.

А л ы м б е к. Качан келишет деп «Жаштык» ресторанды күтүп турат бизди. Жүргүлө, кыздар!

С а д ы р к у л. Бекем достук, ынак сүйүү үчүн! Таалайыбыз, так ушу рюмкалардай дайыма мелт-калт болсун! Кел, эркем!

К а л б ү б ү. Демейдекиде кандай болсок, бүгүн да ошондой. Сен мага ичиресиң, а мен сага! Ну, милый!

*(Садыркул Калбүбүгө, ал Калбүбү болсо Садыркулга рюмкаларын сунушуп келатканда, Жыпаргүл аларды көрөт)*

Ж ы п а р г ү л. Садыркул?!

*(Садыркулдун колундагы рюмкасы түшүп сынат)*

### *Төртүнчү сүрөт*

*Биринчи көшөгөнүн экинчи сүрөтүнүн жасалгасы. Столдо гүл. Бөлмө караңгы, терезеден түшкөн ай нуру анын ичин күүгүм шоолалантат. Жыпаргүл жүгүрүп кирип, дивандын жастыгын кучактай жыгылат. Паузадан кийин Садыркул кирип «Жыпар! Жыпар!» деп кайра-кайра кайталап, колу менен сыйпалай включателди таап, жарыкты күйгүзөт.*

С а д ы р к у л. *(Дубалга жөлөнүп, кучагын жая)* Колдорум талып кетти, Жыпаргүл. Келчи, батыраак!.. Эмне унчукпайсың, Жыпаш?

*(Пауза.)*

Ж ы п а р г ү л. Дүйнөдөгү эң таза эркектердин бири деп ойлочу элем. Кубанар элем. Сыймыктанар элем. Сени дайыма бийик санап, сенин ошол бийиктигиңе арзысам деп, аракеттенер элем. Көрсө, жок нерсеге сыйынып, булганч, кибир немени өзүмө идеал кылып жүргөн турбаймынбы! Жок, жок, сүйлөбөгүн эми Садыркул!

С а д ы р к у л. Мен сен деп келдим. Күн-түн дебей министрдин кулагынын кужурун алдым. Ал мага эки күнгө уруксат берди. Мен кечке маал үйгө келип, сага жөнөгөнү жатсам, каргашалуу Маралбай өзүнүн жанагы куурчагы менен жолуга калып… бир аз болсо Искендер экөөңдү көздөй жөнөгөнү жаткан элем…

Ж ы п а р г ү л. Келбегин жаныма!

С а д ы р к у л. Сен жанагы маймылдай болгон немеден шек санап калгансың го деймъ? Ой, бой… Ал Маралбайдын алам деп жүргөн колуктусу экен. Ишенбесең, Маралбайдын өзүнөн деле сура. Мен аны азыр эле чакыра коёюн.

Ж ы п а р г ү л. Мага күбөнүн кереги жок (*терезе тарапка бурулуп*). Али эрте экен, жакшынаңа кайра барып, анын ичпей калган виносун ичирип кел.

С а д ы р к у л. Ошо маймылдай болгон арам вино ичпесе таш ичсин, ага корогон кайран акча.

Ж ы п а р г ү л. Сүйүүсүн бергенден аянбаган адам, тыйынга да зыкымдык кылабы?!

С а д ы р к у л. Кыйнап жибердиң го! Мен түк айыптуу эмесмин, жанагы Маралбай иттин кылганы... ынак жолдоштук үчүн менин болочок жарым менен рюмка алмашып койчу деп асылганынан улам... байкуш ак көңүл жаным... мен эми уялып жатам!.. «Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч» деген, Жыпаш бир жолку иттигимди кечирип койгун. Мындан кийин аялга вино сунмак турсун, аял аттууга карабайын!

Ж ы п а р г ү л. Жолобогун дедим, Садыркул!

*(Маралбай кирет)*

М а р а л б ай. Бирдеме түшүнсөм, жубарымбек кетейин. Эмнеге качып кеттиң, Жыпаш?

С а д ы р к у л. Жыпарга айтчы, сен жанагыга үйлөнөйүн деп жүргөнүң рас беле дейм?!

М а р а л б ай. Анын эмнесин такыйсың, албетте рас.

С а д ы р к у л. Мына, уктуңбу, Жыпаш?

*(Пауза)*

М а р а л б ай. Таптакыр бүтпөй турган ишти бүтүрө турган татынакай бир дары бар *(тамагын чертип)*. Мына бу болбосо иш оңунан чыкпайт.

С а д ы р к у л. Менин эсим өз ордунда эмес. Ракмат, досум. Азыр келем *(жүгүрүп чыгат)*.

М а р а л б а й. Менин айтканыма ишенип калдың окшойт. Садыркулуң жанын жеп жатат. Ооба, Жыпаш. Сен ал жөнүндө көп нерселерди билбейсиң! Анын жүргөнү жалгыз гана Калбүбү бекен? Жалаң ушу шаарда мен билгенден дагы үч аял менен жүрөт. *(Жыпаргүлдүн алдын тосуп)*. Шашылбагын, Жыпаш! Кептин чоңу биякта жатат... Алмакан деген аялдын атынан кат жазып, Асанбек экөөңөрдүн ортоңорго чок салган ким эле, билесиңби

ошону? Ал Садыркул болучу. Ошол катты мына мен жазганмын. Садыркул айтып берип турган.

Ж ы п а р г ү л. Жалган сүйлөбө, Маралбай, Асанбек ал аял менен жакын экенин мен өз көзүм менен көргөм.

М а р а л б а й. Алмакан Асанбектин бир тууган жээни. Эжесинин кызы болот.

Ж ы п а р г ү л. Эмне? *(пауза)* Сенден сураганым, батыраак кетчи...

М а р а л б а й. Кетүү алдында суроо: сени алып келгенде, күйөөң ким болуп иштөөчү эле? Ал шаардын четиндеги Беш-Таш районунда шоргелдей зоотехниктердин бири болучу. Азыр чоң министерствонун Башкы башкармасынын начальнигинин орун басары. Ал сенин атаңдын аркасы менен гана ошо даражага жетип отурат.

Ж ы п а р г ү л. Атамды ушактаганыңды кой, ал Садыркул менен ушу күнгө дейре сүйлөшпөйт.

М а р а л б а й. Беш-Таш райкомунун мурдагы секретары Байсымаковдун атасы сенин атаңа жакын бөлө болот экен, бул распы?

Ж ы п а р г ү л. Рас болсо эмне болот экен?

М а р а л б ай. Сении атаңдын көңүлүн улаш үчүн жан аябай киришип жатып, Садыркулду Министерствого алып келген так ошо Байсымаков болгон.

Ж ы п а р г ү л. Жалган! Жалган!..

М а р а л б а й. Мага ишенбей жатасың. Туура. Андай болсо, өзүңдүн Садыркулуңа сөз берели. Мынакей, угуп тургун *(Намыянынан кичинекей кагазды алып, окуйт)*: «Менин уулум дагы күйөөм дагы жалгыз гана ушу Садыркул, андан башка менин карманарым жок. Ата-бабанын арбагы үчүн, жан аяшпас бөлөлүк үчүн, сен аны көтөрмөлө. Сага дагы сүйөк керек. Көптөн-көп сени урматтоочу бөлөң – Атабек». Байсымаковго ушу катты жазып, анын жардамы менен өзүнө мансап алыш үчүн

гана, Садыркул акең сага үйлөнө салган. Ал аябаган тукургуч, алдамчы, бузуку адам!

Ж ы п а р г ү л. Ошондой дегин?! А сен өзүңчү? Өзүң кандай адамсың?!

М а р а л б а й. Чындыкка көзүңдү ачып, сага кылып жаткан жакшылыгым, сенин суроон̦о эң мыкты жооп. Сенин минтип жүргөнүң болбойт, Жыпаш. Сен Садыркулуңдан өч алышың керек.

Ж ы п а р г ү л. Өч, алышың керек?!

М а р а л б а й. Аны менен ажырашып кетсең да болот эле… антүүгө мүмкүн эмес, ортоңордо бала бар. Анын үстүнө, ажырашканыңарды атаң укса, ал өтө намыскөй киши дешет, арданганынан муунуп өлөт. Ошондуктан, Садыркулдан өч алуунун башкача жолу бар. Сен жыргашың керек.

Ж ы п а р г ү л. Жыргашың керек?!

М а р а л б ай. Ооба, жыргашың керек, Жыпаш. Же эмне, Садыркулдан кемсиңби?

Ж ы п а р *г ү л. (Ордунан туруп)* Абдан жакшы сөз айттың, ушу сөзүңдү кайра дагы айтчы!

М а р а л б ай. Садыркул мени дос көрөт, бирок мен андай бузуку, митаам менен дос болгудай акмак эмесмин. Ыймандай чын сырымды айтайын, сага эптеп жетиш үчүн гана аны менен дос болумуш болуп жүрөм. Сен үчүн гана, Жыпаргүл.

Ж ы п а р г ү л. Түшүнүп жатам, Маралбай. Сүйлө. тартынбагын!

М а р а л б а й. Садыркул формально сага күйөө, мага дос болуп кала берсин, сен аны менен ажырашамын дебестен, азыр келгенде жарашып ал. А экөөбүз болсок. Садыркул башкалар менен жыргаган сыяктуу биз деле астыртадан купуя жыргай берели.

Ж ы п а р г ү л. (*Терезеден сыртты караган калыбында)* Ошентелиби?!

М а р а л б а й. Ооба, Жыпаш. Жаштык экинчи кайталанбайт. Жаштыкта жыргап өтүү керек.

Ж ы п а р г ү л. Ошондой дечи?!

М а р а л б а й. Албетте. Турмуш өзү ошондой. Айрыкча, бүгүнкү күндө күйөөгө же аялга бек болом, таза болом деш – бул артта калган көз караш, бул момуроолук, айта берсе, бул өзүн-өзү кыйноо, өзүн-өзү бирөөгө кул кылуу дегенге жатат.

Ж ы п а р г ү л. *(Мурдагы калыбынан өзгөрбөстөн)* Мен артта калган момуроо, өзүмдү өзүм кыйнап, өзүмдү өзүм бирөөгө кул кылып келген имишмин?! *(Маралбайга бурулуп)* Замананын алдыңкы адамы болуш үчүн өзүмдөгү моомуроо тазалык менен момуроо ишенимди таштап, күйөөмө бек болуунун кулдугунан өзүмдү өзүм бошотушум керек экен да?!

М а р а л б а й. Жыпаш!..

Ж ы п а р г ү л. Мении көзүмдүн сокурдугун мурдатан ачпаганыңа аябай кейиийм. Сүйлөй бер, Маралбай!

М а р а л б а й. Жыпаш! Мен Садыркул эмесмин. Мен чын жүрөгүм менен сүйөм. Калп айтсам жубарымбек кетейин. Жыпаргүл!

Ж ы п а р г ү л. *(Кучагын жайып келаткан Маралбайды жаакка тартып)* Жогол! Жүзүкара!

*(Жыпаргүл ички бөлмөгө кирет. Пауза. Андай-мындай алып Садыркул кирет)*

С а д ы р к у л. Кандай, Жыпаш менен сүйлөшө алдыңбы?

М а р а л б а й. Сүйлөшкөндө да кандай сүйлөштүк дейсиң!

С а д ы р к у л. Иш оңунда дечи?

М а р а л б а й. Полный порядок!

С а д ы р к у л. Ме, сен буларды ача тургун. *(Садыркул ички бөлмөгө киргенде, Маралбай кетет)*

*(Пауза).*

Са д ы р к у л. *(Жыпаргүлдү эки колунан тартып, каткырып күлө)* Жазылчы эми, Жыпаш! Азыр экөөбүз суй жыгылганча бийлейбиз. Таңды уктабай атырабыз. Маралбай! Эй, дос! *(Эки жагын каранып)* Кетип калдыбы?

Ж ы п а р г ү л. Ал кеткен жакка, сен дагы кетсең болот!

С а д ы р к у л. Жыпаш, сен соосуңбу же...

Ж ы п а р г ү л. Ооба, мен соо эмесмин. Жалгыз сен үчүн деп, атамдан тирүүлөй айрылдым. Окуумдан калдым, келечегимден өксүдүм. Иштегенде кыйын болбосун деп, чычкандай баламды өзүмдөн оолактаттым. Ушунун бардыгын жалгыз гана сен үчүн иштеген элем. А сен болсоң, менин сүйүүм менен ишенимимди, тилегим менен үмүтүмдү өзүңдүн мансабың үчүн пайдаланыпсың, абийирсиз!

С а д ы р к у л. Жыпаргүл!

Ж ы п а р г ү л. Унчукпагын! Асанбектин бир тууган жээни Алмакандын атынан булганыч катты ким жаздырды эле?

С а д ы р к у л. Бул эмне деген дөөрүш?

Ж ы п а р г ү л. О, жок, Садыркул! Дөөрүгөндү али көрө элексиң! Атамдын атын сатып, Байсымаковго кат жазган ким эле? Илимий эмгек жазып жатам демиш болуп, көрүнгөн аялдарга барып жүргөн ким эле? Алайга командировкага кеттим деп, мени кыштакка кууп жиберип, Калбүбү дегендин үйүндө чардап жаткан ким эле? Айтчы, ошо жүзү кара ким эле?

С а д ы р к у л. Буларды ким тантып жүрөт? Маралбайбы?.. *(Аргасыз күлүмсүрөп)* Адам баласы бирине-бири дайыма көз каранды. Жашоо үчүн байланыш түзүүгө аргасыз болобуз. Маралбай менин жардамыма кайрылса, кээде, анын жардамына мен кайрылам. Чындыгында, менин таалайыма Маралбай көз артып, мени жек көрөрүн көптөн билем.

Ж ы п а р г ү л. Маралбай көз артат, Маралбай жек көрөт!.. А сен өзүңчү?! Маралбайдан артык санайсыңбы өзүңдү?!.

С а д ы р к у л. Жыпаргүл! Жыпаш!.. Сен майда нерселерден бийик турушуң керек!..

Ж ы п а р г ү л. Майда нерселерден бийик турушум керекпи?! Мени бийиктикке үйрөтүүчү ким?! Сенсиңби?!..

*(Пауза)*

С а д ы р к у л. Жыпаш!.. Дайыма, мына бул жоогазындын гүлүндөй тап-таза болуп турган сени, канткенде жаңкы маймылга алмаштырайын, ушуну ойлосоң боло!

Ж ы п а р г ү л. Мен ойлоймун. Дайыма ойлойм! Мүмкүн, ал күндөр унутулар, бирок эсимден кете элек. Бирде жаңы ачылган жоогазынга салыштырсаң, бирде таңкы чолпонго салыштырып дүйнөдөгү сулуу, назик нерселердин бардыгын жалгыз гана менин энчиме берер элең!.. Жайкы жамгырдан кийин умай эненин кылычын көрүп «Карачы, Жыпаш. Бул экөөбүздүн асман менен жердин ортосуна салган көпүрөбүз. Биз ушул көпүрө менен өзүбүздүн бийик асмандагы таалайыбызды көздөй чыга беребиз!» деп, жамгырга чайыган чексиз, таза сулуу дүйнөгө жар салар элең!.. Ооба, мындай сөзгө ким болбосун кубанышы керек. А мен болсом эмнегедир коркот элем... шекшинет элем. Бирок менин коркуум мснен шекшинүүмө караганда, сага болгон сүйүүм менен ишенимим дайыма күчтүү, дайыма бийик боло турган!

С а д ы р к у л. Жыпаш!

Ж ы п а р г ү л. Сүйлөбөгүн, Садыркул!

С а д ы р к у л. Сен эмне, алдыңа тизе бүгүп, жалынып-жалбар деген турасыңбы?

Ж ы п а р г ү л. Сенин жалбарганыңа тоюнуп бүттүм. Жетет!..

С а д ы р к у л. Ошондой дегин?.. Болуптур. Бир гана айтарым: тазалык менен ишенимди ойлоп чыгарган да

адамдын өзү, алар үчүн кол көтөрүмүш болуп, чындыгында аларды бузуп жүргөн да адамдын өзү. Турмуш кибернетикалык машина эмес, ал андан да татаал. Ушуну түшүнгөнүңдө, акыры жалдырап келесиң. Айланайын Садыш деп, жалынып-жалбарасың! Баткан күн кайрадан чыгат. Садыркул өзүнүн басып өткөн жолун экинчи кайрылып баспайт! *(Чыгат)*.

*(Пауза)*

Ж ы п а р г ү л. *(Шаарды тиктеген калыбында)* Тазалык менен ишенимди ойлоп чыгарган да адамдын өзү, алар үчүн, кол көтөрүмүш болуп, чындыгында аларды бузуп жүргөн да адамдын өзү!.. Андай болсо, адам баласынын турмушу жалаң алдоодон, калп айтуудан, биринин таалайын бири уурдап, биринин этин бири ооруудан турабы?.. Ырастан эле бул дүйнөдө биз сыйынган, биз умтулган улуу чындык – чындык эмес, азыр эле унутулуп калуучу түшпү? О, жок! Жок!.. Мындан аз эле мурда биз менен коштошуп жатып Алыкул агай эмне айтканын сен уккан жоксуң, С а д ы р к у л. Ал асманды тиктеп ойлоно калды да: «Асман — адамзаттын жаңыдан гана окуй баштаган кызыктуу, азгырмалуу, сырлуу китеби. Аны окуганга менин акылым да жетпейт, өмүрүм да жетпейт. Бирок, анын азырынча божомолдоп айтууга мүмкүн болбогон укмуштуу сырларын ачууга акылы да, чыдамкайлыгы да, өжөрлүгү да жете турган адамдар бар. Мен өзүмдөн өзүм сурайм алар эмнеге умтулушат, эмнеге суктанып, эмнеге кыйналышат? Адамдарга кубаныч бериш үчүн. Албетте, ошондой!» деп күлүп койду да, жолго түштү… Тазалык да бар, ишеним да бар, алар адамдын каны менен бирге бүткөн бийик касиеттер! Уктуңбу, Садыркул! *(Бөлмө ичин айландыра карайт. Пауза)* Садыркул жок! Мен жалгыз калдым! Садыркул! *(Ачылуу калган эшикти жаап)* Жок, жок, мен жалгыз эмесмин. Менин Искендерим бар *(Бурчтагы күзгү алдынан оюн-*

*чук коёнду алып, бооруна кыса)* Менин Искендерим бар, ал эч качан таштабайт! *(Коёнду столго коюп)* Сен азыр эч нерседен бейкапар уктап жаткандырсың, ээ, кичинекей байкем, а мамаң шордуу болсо… ал… ал… *(Атабек кирет)*

А т а б е к. Ким бар үйдө?

Ж ы п а р г ү л. Атам?.. Ата! .

*(Пауза)*

А т а б е к. Жүзүңдү көрбөйүн деп, каргыш берген элем. Өмүрүмдө сөзүмдөн жанганым ушул. Балам экенсиң, чыдай алганым жок…

Ж ы п а р г ү л. Атакебай! Атакебайым!

А т а б е к. *(Кызынын, чачынан жыттап)* – Атаң айлансын! Кана эми, бери карачы. Бу эмне, ыйлагансыңбы?

Ж ы п а р г ү л. Сизди көрүп, көзүмдөп жаш чыгып кетпедиби.

А т а б е к. Бул азыр ыйлаган көз эмес, сенин ыйлаганыңа абдан көп болгон. Бери жакшылап карачы. Өңүн да азыңкы, сага эмне болгон, эркетайым?

Ж ы п а р г ү л. Сизди сагындым!.. Аябай сагындым!.. Чынымды айтсам, азыр эле сизди ойлоп алып, ыйлап отурган болчумун.

А т а б е к. Мени ойлоп алыппы? *(Жыпаргүлдүн көзүнө карап)* Көзүңдөн айланайын, эркетайым. Атаңды ойлогонуң жаман эмес!.. Кандай туруп жатасыңар?

Ж ы п а р г ү л. Бизби?!. Жакшы элебиз, ата… Даттангандай эмес…

А т а б е к. Аныңар дурус. Иши кылып, ынтымактуу турсаңар болгону. Өзүң эмне иш кылып жатырсың?

Ж ы п а р г ү л. Азырынча бош элемин. *(Айман кирет)*

А й м а н. Ой, айланайын Атабек, бу эмне деген жакшылыгың, ар кайсы эшикти бир сүздүрүп?

А т а б е к. И, эмне болду?

А й м а н. Кары киши деген карыдай болуп жай баспайбы. Жыйырма бештеги жигиттен бетер жүгүрүп кетесиң… сен бурулганда эле адашып калбадымбы.

Ж ы п а р г ү л. Жакшысызбы, Айман ата.

А й м а н. О-у, садагасы-секет болоюнум, аман-эсен жүрөсүңбү. Чоң киши болдуңбу? Тосчу мурдуңду *(Жыпаргүлдүн мурдунун учунан чымчып өөп)* О, мурдуңдан ананайыным!

Ж ы п а р г ү л. Отуруңуз, Айман ата.

А й м а н. *(Бөлмө ичин карап)* Баракелде-е, Жыпашым, баракелде! Пай-пай, пай! Жарыктык китептердин көбү ,ай! Дагы эле болсо китепти жакшы көрөт окшойсуң, ээ, Жыпашым! Ой, баракелде-е. Үй ичиңер көңүлүмө толду. Абдан жакшы турат экенсиңер. Кана, бу жагыңда да бир көмүт… О, у, тыягында да бир көмүтү барго дейм» *(ички бөлмөнү шыкаалап)*. Кудаа кут кылсын, эң эле жакшы турат экенсиңер. Коммунизмге жетет деген ушул да! Карачы! Таза, кенен, дүнүйө деген батпайт, тамак-аш мол! Мындан ашкан да коммунизм болчу беле. Ой, Атаке, курулай назарланганыңды кой, мен билдим, күйөөң мыкты бала экен! Үйү укмуштай сонун үй турбайбы!

А т а б е к. Биз кайталык, Жыпаш.

Ж ы п а р г ү л. Бат эле кетип каласыздарбы?!

А т а б е к. Жол астындагы колхозго тойго барган элек. Ошондон келатканыбыз. Сыртта машинабыз күтүп турат.

А й м а н. Ой, бир жаш бригадир бала үйлөнгөн экен. Тоюн келиштириптир. Таман эли чыккан бээ союптур!

А т а б е к. Жыпарга анын эмне кызыгы бар дейсиң?

А й м а н. Эмне үчүн кызыгы болбойт экен? Биздин кадырлуу Карыябыз дешип, Атабектин алдына бир чара казы, картаны тартты дейсиң! Мен дагы Атакемдин жанына отуруп калган экемин…

А т а б е к. Тамакты эле сүйлөтүп койсо… Кайталык эми… Машинадагылар зарыгып калышпадыбы.

А й м а н. Ушу сени кантейин, кичинекей жеп эле отуруп алса болобу. Мен болбосом ошо чара бөксөрбөгөн бойдон кетмек! Мынчалык кадырлап берген тамак болгонсоң, жарылсам да жейинчи деп, шымаланып алып, ой, жешти бир салдым дейсиң, чаранын түбүндө бир чегелдей гана эт калды!

Ж ы п а р г ү л. Ата!

А т а б е к. Эмне дейсиң, балам?

Ж ы п а р г ү л. Үйгө келген кишини кур ооз чыгаруучу эмес элеңиз, бул үйдөн кур ооз кеткениңиз кандай болор экен?

А т а б е к. Мунуң дурус сөз, куттуу үйдөн куру чыккан болбойт. Кел, нан ооз тиели *(нандан үзүп жеп)*. Кымыз чыгып, күрпөң бышайын деп калды. Жанагы жаман чүрпөнү ээрчитип алып кел. Сагынганыңды жазып, ден соолугуңду оңоп алгандан кийин кайра келип иште, же оку. Макулбу?

Ж ы п а р г ү л. Макул, ата.

А т а б е к. Дүнүйөм бар деп чиренбе, сенин колуңда ишиң болбосо. Бекеринен айтылган сөз эмес. Дүнүйөгө кызыкпа, дүнүйө курусун, ал адамга жарык бербейт. «Күч билекте, таалай эмгекте» дегендей, адамга таалай берүүчү эмгек. *(Кызынын чачынан жыттап)* Жакшы тургун, эркетайым. Кайгырбай жүр.

Ж ы п а р г ү л. Сагынычтан көңүлүм дайыма бөлалды эле. Чөгүп жүрчү элем. Эсиңиздеби, ата, сакалыңыз менен менин бетимди кытыгылаганда, мен боорум калбай күлөр элем. Ошондо апам да күлөр эле!

А т а б е к. Ооба, ошондо апаң да күлөр эле!.. Анын көзү сенин көзүңө окшош болучу. *(Кызынын эки көзүнөн өөп)* Көзүңдөн айланайын, эркетайым!

А й м а н. Жыпаш, бери келчи *(Четкерээк чыгарып)* Атанын көңүлү балада, баланын көңүлү талаада дейт... Антпей, атаңа бат-бат келип тур... Сени сагынганынан куса болуп өлүп кала жаздабадыбы, Атакем...

А т а б е к. Ой, Айман, болбойсуңбу эми…

А й м а н. Дагы тамак жөнүндө сүйлөп жатат дейсиң го. Мен ата-бабадан калган акылман сөздөрдү айтып жатам… Мына бул казамбактай болгон немени ашкабак дейсиңби! Ичи толо эле акыл! *(Жыпаргүлгө)*. Тос мурдуңду! *(Жыпаргүлдүн мурдунун учунан чымчып өөп)* О, мурдуңан ананайыным десе!

Ж ы п а р г ү л. Айман ата! Алмадан алсаңыз.

А й м а н. *(Эки чоң алманы чөнтөгүнө салып)* Каап, жөн эле койбойт да… Эми, мынча болгонсоң… *(Дагы бир алманы алып)* Жок, жок, теңир жалгасын, Жыпашым… Баса, күйөө балага менден дубай салам де. Жакшы бала турбайбы!

Ж ы п а р г ү л. Агайын-туугандардын бардыгына салам айтыңыз, ата.

А т а б е к. Жакшы болот, балам.

А й м а н. Ылайым эле ушинтип ырыс-кешик төгүлүп, бакыт-таалай кетпеген үй болсун! Оомийин! Бисмилля аллохиакбар!

*(Айман бата кылып, Атабектин соңунан чыгат)*

### Бешинчи сүрөт

*Мындан мурдагы эле сүрөттүн жасалгасы. Кыш. Шаар үстүндө булуттар салмактанат. Жыпаргүл машинкада материал басып отурат. Телефон шыңгырайт.*

Ж ы п а р г ү л. Алло! Бул мен, Жыпаргүлмүн. А, саламатсызбы, агай. Ооба, ооба. Басып бүтөйүн деп калдым. Дагы кол жазмабы? Ала келиңиз. Түнү менен болсо да бүтүрүп берем. Жок агай, сиз шашылбаганыңыз менен, мага сөзсүз шашылуу керек. Турмуш шапалактап жатса арга барбы!.. Мен эми студенткамын. Анын үстүнө уулум экөөбүз да. Албетте, жашоо да керек, окуу да керек. О, жок, мен ал туурасында таптакыр ойлонбоймун!..

Агай! Эсиңизде бекен, өгүнчөрөөк сизден котормо сураган элем. Албетте, марксизм классиктеринен эмес. Аларга менин тишим өтпөйт. *(Тындым кирет. Жыпаргүл аны байкабайт)* Макул. Мен сизди күтөм! Көрүшкөнчө. *(Трубканы коюп, Тындымды көрүп)* Эже! Эжем! Алтыным!

Т ы н д ы м. *(Суз)* Болду эми, балам, жетет!

Ж ы п а р г ү л. Жок, эжекебай, мен сагындым! А сизчи? Сагымган жоксузбу? *(Тындымды эки колунан алып, эркелегендей жайдары)*

Таштан-ташка секирген,
Кичинекем улагым.
Келчи менин жаныма,
Оюнкараак чунагым.

Биз бийлейли секирип,
Эрке кыял ынагым.
Ой, улагым-чунагым!
Ой, улагым-чунагым!

Сиз ушинтип ырдап, мени тегеретип бийлемиш болор элеңиз. О, ал кезде сиздей ийилчээк, сиздей бийчи жоктой сезилээр эле. Көрсө, сиз жөн гана секире берчү турбайсызбы!.. Ошол эсиңиздеби, эжекебай?.. Мен ал күндөрдүн бирин да унутканым жок! Эшик сууктур ээ? Мен чай коюп жиберейин.

Т ы н д ы м. Убара болбо, азыр кетем.

Ж ы п а р г ү л. (*Электрочайникти включить этип*) Бүгүн эч кайда кетирбейм! Караңызчы, эжекебай, биздин терезеден шаар кандай көрүнөт. Мен ушул жерге отуруп, шаарды карагандан эч бир тажабайм.

Т ы н д ы м. Мен десең шаарыңды мактаганыңды койгун. Шаарың курусун!

Ж ы п а р г ү л. О, жок, эжекебайым! Мени жектесеңиз жектеңиз... шаарды жектебеңиз! *(Тындымдын бет маңдайына отура калып)*

Фрунзе, сүйгөн шарым, сүйгөн калаам,
Жаш күнүм, балалыгым сенде калган.
Турмуштун эң ысыгын сага берип,
Бөлүнүп бир өзүңдөн кайда барам?!.

Жок барбайм, андай сөзгө кулак салбайм,
Күн бүтүп, картайганча сени жандайм.
Айрылсам курдашымдан айрылармын,
Бирок да бир өзүңдөн айрыла албайм!

Алыкул агай ушинтип сүйгөн шаарды канткенде жектөөгө болот, айтыңызчы, эжекебай? Кубаныч... кайгы... сүйүү... жек көрүү... бирине-бири карама-каршы, кызыктуу, карылуу турмушту так ушул шаардан көрөм... Сиз эмне, ыйлап жатасызбы?

Т ы н д ы м. Шаар! Шаар! Баарын кылган ушул шаар! Мага окшоп айылда жүрсөң мындай күнгө туш болбойт элек ко! Эмне антип тиктейсиң?.. Атабектин кызы никелүү күйөөсүн үйүнөн кууп чыгып, күн сайын улам бир эркекти апкелет экен дешип... *(Жыпаргүл каткырып күлөт. Тындым ачуулу)* Эмне күлөсүң, кокуй күн наалат?! Муну мен айтканым жок, эл айтып жатат!

Ж ы п а р г ү л. Эл! Эл!.. Эл айтып жатат деп, кайдагы бир ушакчылардын сөзүнө ишенип, мени айыптоодон мурда, айып кимде экенин эмне үчүн менин өзүмдөн сурабайсыз?!.

Т ы н д ы м. Койгун, балам: Айыл талдагандай Тындым эжең прокурор эмес. Эмне болсо да, өзүмдүн бир туугандык сөзүмдү айтканы келдим. Уксаң ук, укпасаң жок.

Ж ы п а р г ү л. Айтыңыз.

Т ы н д ы м. Эптеп айласын таап, Садыркулду үйүңө кайрадан киргизип алгын да, өлбөгөн оокатыңды көр.

Ж ы п а р г ү л. Андай болбойт! Эч качан!

Т ы н д ы м. Карышпагын. Жыпар! Ошентсең өзүңө да жакшы, бизге да жакшы.

Ж ы п а р г ү л. Эже!..

Т ы н д ы м. Кайсы бетиң менен кыйкырасың, курган бала?!.

Ж ы п а р г ү л. Эже! Эжекебай! Какпаңызчы. Бери мени карап, сөзүмдү угуңузчу. Менин бул жаңылыштыгымды кечирүүчү ким?.. Сизби, өзүмбү же башкабы?! Жообум жок!.. Мен аны адамдан өзгөчө таза, адамдан өзгөчө бийик санап жүрсөм... Сиз эмне минтип корккон адамдай карайсыз? Ооба, менин тамагым муунуп, колдорум калтырап жатат. Мүмкүн, өңүм да бузулган чыгар? Мүмкүн, бардыгы, мүмкүн! Себеби, акылга сыйбай турган төмөнчүлүк, балиттик туурасында жүрөгүм кандабай туруп айталбаймын, эже... Эжекебайым!

Т ы н д ы м. Жыпаш!.. Ыйлабачы, эркем!.. Олдо, балакетиңди алып кетейин, чырагым, ай! Сен тарткан азапты тартсам эмне! *(Жыпаргүлдү бооруна кысып, чачын сылай)* Бирөөгө жалаа жаап, калп айтканды билчү белең. Байкашымда айып Садыркулуңда окшобойбу!

Ж ы п а р г ү л. Сиздин туура түшүнөрүңүзгө мен ишенгем, эжекебай!

Т ы н д ы м. Бирок Садыркулуң күнөөлүү болгондо да, баары бир мойнуна коё албайсың!

Ж ы п а р г ү л. Эмне үчүн коё албайм?.. Анын күнөөсүн мен өзүм көргөм да.

Т ы н д ы м. Баласың, Жыпашым! Садыркулуңдун жолдош-жоросу көп, кадыр-баркы бар. Менде күнөө жок деп бир ооз айтса болду... бардыгы ошонун сөзүн сүйлөйт да калат.

Ж ы п а р г ү л. Ошондой ойлойсузбу? Жок. Садыркулдун булганыч иштерин далилдей турган менден башка да киши бар бул жерде.

Тындым . Ким?

Ж ы п а рт ү л. Маралбай деген.

Т ы н д ы м. Садыркул сүттөн ак деп кыйкырып жүргөндөрдүн бири ошо дейтко, Жыпаш!

Ж ы п а р г ү л. Кантип? *(Пауза)*. Ооба!.. Арсыз, ке бир адамдар азыр эле бирин-бири сатып, ошол замат кайрадан шилекей алышып калышы мүмкүн! Ооба, мүмкүн!

Т ы н д ы м. Ойлонгун, Жыпаш. Бул шаарда сен жалгызсың!

Ж ы п а р г ү л. Ким жалгыз?! Менби?! *(пауза)* Жок, эжекебай, мен жалгыз эмесмин. Менин чындыгым, тазалыгым, абийирим качан да болсо өзүм менен кошо жүрөт. Мейли, адамдын баскан изинен жамандык издеген кебир жандар мен туурасында эмне айтышса ошону айтышсын. Мен чөкпөйм. Мен төмөн карабайм. Андайларга дайыма бийиктен карап, башымды бийик алып жүрөм!..

Т ы н д *ы м. (Пауза)* Атам ооруп жатат!

Ж ы п а р г ү л. Атам ооруп жатат?! Коюңузчу, эжекебай, антип айтпаңызчы!.. Качантан бери?.. Кандай оору экен? Доктурга көрүндүбү?

Т ы н д ы м. Эмне оору экенин доктуруң да жөндөп билбейт. Атамдын өзү да эчтеме айтпайт. Шыпты тиктеп үшкүрүнгөнүн гана угам. Ушунун баары сенин күйүтүңдөн болду го дейм, көзүңдөн тегеренейин. Жыпаштайым! Мейли, эжең менен жездең экөөнү аябай эле кой. Атам байкушту аясаң болбойбу! Өтө эле мерезсиңби деп корком!

Ж ы п а р г ү л. Атамды сүйөм деп айтсам, мен аны таптакыр сүйбөгөн болор элем. Ооба, эжекебайым. Мүмкүн, сизге да, башкаларга да калптай угулар… жасалма көрүнөөр… Бирок менин өзүмө чын. Атамды кандай сүйө тургандыгымды билдириш үчүн сүйөм деген сөз мен үчүн жармачтык кылат! Атамды адамдан башкача жакшы көрөм!.. Эмне үчүн дейсизби?.. Жок. Мен аны эч кимге айтпаймын… жада калса сизге да айтпаймын… Аны айтуунун кажети да жок. Атамдан кандай үлгү алганымды, аны кантип сүйгөнүмдү, мен өзүмдүн алдыда турган жашоо өмүрүм менен гана көрсөтүшүм керек!..

Т ы н д *ы м. (Пауза)* Атамды адамдан башкача жакшы көргөнүң чын болсо ажалдан алып калгын!

Ж ы п а р г ү л. Атам үчүн колумдан келгендин бардыгын кылам. Эртең эрте менен ректордон суранып алып, Искендерим экөөбүз айылга барабыз. Атамды жакшы доктурларга көрсөтүп, жанынан чыкпай отуруп багам. Ошентем, эжекебай.

Т ы н д ы м. Жыпаштайым! Көзүңдөн тегеренейин, алтыным! Жүрөгүм сезип турат. Атамды ажалдан алып калуунун бир гана дарысы бар. Кыйын!.. Бирок арга барбы!? Садыркулуң менен эптеп жарашып, эл оозун жап!

Ж ы п а р г ү л. Менин шорум, мүмкүн, атамдын оорусунун күчүркөнүшүнө таасир кылса кылгандыр. Бирок атамдын ооруп калышынын себеби ал эмес. Атам мени түшүнөт. Менин булганыч жорукка барбасымды билет!..

Т ы н д ы м. Жыпаргүл!

Ж ы п а р г ү л. Жок, эжекебай! Кыйнабаңыз мени! (Пауза) Атамдын оорусу менин азабымдан болуп, Садыркул менен жарашсам айыгып кетээри, жарашпай койсом өлүп калаары рас болсо… Мен анда эмне кылар элем, билесизби, эже?! Адамдык баркымды тепсетип, атамды айыктырып алгандан көрөкчө, атамдын өлүп калганын артык көрөр элем!

Т ы н д ы м. *(Жыпаргүлдү жаакка чаап)* Сүйлөбө ырысы жок!

Ж ы п а р г ү л. *(Жаагын сыйпалап, муңайым)* Мейлиңиз, эже, ура бериңиз… тилдей бериңиз… баары бир айтканыңызга көнбөйм. Себеби, Атабек менип атам, мен Атабектин кызымын!

Т ы н д ы м. Атабектин кызы болбой айлан! *(Эшик кагылып, Асанбек кирет).*

А с а н б е к. Мүмкүн бекен?

Ж ы п а р г ү л. Асанбек?!.

А с а н б е к. Жакшысыңбы, Жыпаргүл. *(Тындымга)* Саламатсызбы.

Т ы н д ы м. *(Асанбекти жактырбай карап)* Көптөн бери күтүп отурат!

Ж ы п а р г ү л. Эже!

Т ы н д ы м. Сүйлөбө!.. Сүйлөбө! *(Ыйлаган бойдон чыгат).*

Ж ы п а р г ү л. Эже-синди урушуп жатканда келгениң жаман болду го. Мейли. Аны да көрүшүң керек. Турмуш. Кантесиң! Өтпөйсүңбү. Же сен эмне деңиз офицеринин формасында кандай экемин деп көрсөткөн жатасыңбы өзүңдү. *(Чай демдеп)* Баягыдай эле сымбаттуусуң… Жашсың… *(Жакын келип)* Жакындап карасаң… баары бир өзгөрүш бар… деңиз… күн… шамал… толкун…

А с а н б е к. *(Отуруп)* Кубаныч… кайгы… санаркоо… үмүт… бардыгынын тең изи бар, Жыпаргүл. Мен өткөн майда карабактан көрүп, кыйлага издедим. Таба алганым жок.

Ж ы п а р г ү л. Анда эмнеге издегениңди… жана азыр эмнеге келгениңди билейин дейсиңби, Асанбек? Жекиргиң келсе жекир, табалагың келсе табала… мынакей, күнөкөрүң… Жазалагын!.. Аяба!

А с а н б е к. Жазалайын деп келгеним жок, Жыпаргүл.

Жы п а р г ү л. Анан эмнеге келдиң?

А с а н б е к. Эмнеге дейсиңби? Мен жакшы көрөм…

Ж ы п а р г ү л. Кимди? Мениби?

А с а н б е к. Ооба, Сени.

Ж ы п а р г ү л. Айтчы, Асанбек! Мурда сүйгөнүң рас беле же жалган беле? Жалган болсо азыркы айтканыңа кейибейин. Аялдарга айта жүргөн кептердин бири деп тим болоюн. Эгер мурда сүйгөнүң рас болсо, азыркы айтканыңды кордоо деп түшүнөм. Андайга чыдай албайм. Сен мени жемирип-жексеп, жек көрүшүң керек эле… О,

мен эмне деп жатам?.. Сүйүү… сүйбөө… бул сөздүн кимге кереги бар?!. Жүрөктү жаралагандан башка берер пайдасы кайсы? Эмне антип карайсың?

А с а н б е к. Мүмкүн, Садыркулдан кийин адамды сүйүүдөн жүрөгүң үшүп калгандыр. Бирок адамдардын баары тең эле Садыркул эмес да.

Ж ы п а р г ү л. Бул эмне, насаатпы?

А с а н б е к. Өзүңдүн сөзүңө жооп.

Ж ы п а р г ү л. Асанбек!

А с а н б е к. Эмне дейсиң?

Ж ы п а р г ү л. Асаке! Сен андай деп ойлобогун. Садыркул мени сындырды, бирок менин жүрөгүмдөгү сүйүүнү өчүрө алган жок. Мен сүйөөр элем сени…

А с а н б е к. Жыпаргүл!..

Ж ы п а р *г ү л. (Жумшак)* Ашыкпа, Асаке! Аягына дейре уккун! Ушул сөзүмө менин жүрөгүмдөгү чындыгым дайыма күбө! Мен жаным менен сүйөөр элем… Өзүмдө болгон бардык жакшы сезимдер менен жалынымды бүт бойдон берип, өзүм жаралап кеткен жүрөгүңдү өз колум менен сакайтып алууга бүт өмүрүмдү жумшар элем! Бирок, мен, сенин алдыңда өзүмдү дайыма айыпкер сезип, корунуп жашай албайм! Өзүңдү да, мени да азапка салып, бекерге келгениңди түшүндүң го дейм эми?!.

А с а н б е к. *(Пауза)* Кечиргин, Жыпаргүл. Менин аялым бар. Үйлөнгөнүмө эки ай боло элек.

Ж ы п а р г ү л. *(Пауза)*. Андай болсо… андай болсо… сен да мени кечиргин, Асанбек. Кубанычты дароо айтыш керек да. Куттуктаймын. Мен абдан кубанычтуумун! Ооба, Асаке! Мен абдан… абдан кубанычтуумун!

А с а н б е к. *(Жыпаргүлдүн көз жашын алаканы менен аарчып)* Ыйлаба, Жыпаргүл.

Ж ы п а р г ү л. Эмнеден ыйлаарымды мен өзүм да билбейм: кубанычтанбы же кайгыданбы?! Чай ичсең, Асаке. Чай демдегенди мен унута элекмин.

А с а н б е к. Мен эмнеге келгенимди билесиңби? Сенин көңүлүңдү жубатып же болбосо жардам кылайын деп келгеним жок, Жыпаргүл.

Ж ы п а р г ү л. Туура кыласың, Асаке. Мага көңүл жубатуунун кереги жок. Ал эми жардам тууралсында болсо... мен ал жөнүндө уккум да келбейт... Мына бул кичинекей колдорум соо турган кезинде жардам тилебеймин.

А с а н б е к. Же болбосо, өзүмдү кандайдыр укмуштай айкөл, күйүмчүл, ооркер адам катары көрсөтөйүн деп да келгеним жок. Мен жөн гана келдим... Жөн гана! *(Болор-болбос курсунуп)* Эмне үчүн?! Эмне үчүн?!, Эмне үчүн?!. Кызык!. Дүйнөдөгү жийиркеничтүү нерселердин бардыгын жек көрүүгө кудуретим жеткен, сени жек көрүүгө эмне үчүн кудуретим жетпейт?! Же мен буга жооп издебейминби же издесем да табалбаймынбы, билбейм?! Мен дүйнө жүзүнүн көп жерлеринде болуп, сага арнап көп-көп белектер алган элем. Алардан эчтеме калтырбадым. Бирок бир нерсени көптөн бери ардактап катып жүрөм. Адеп Токиого барганыбызда бир топ япондор биздин пароходго мейманга келишти. Биз досторчо аңгемелешип сувенир алмаштык. Ошондо деңиз түбүнө чумуп бермет алуучу япон кызы «Өзүңүздүн так ушу берметке окшогон таза, сулуу кишиңизге берип коюуңузду суранам» деп ушул берметти бергенде, мен аны сага арнаган элем!

Ж ы п а р г ү л. Жок, Асаке! Мен албайм!

А с а н б е к. Алгын, Жыпаргүл. Болбосо таарынам.

Ж ы п а р г ү л. *(Алып)* Ракмат, Асаке. Бирок менин шорлуу көз жашымдан башка сага берер эчтемем жок да!

А с а н б е к. Мындан ары менин алдымда эч качан өзүңдү айыпкер сезүүчү болбогун!

Жы п а р г ү л. Асаке!..

А с а н б е к. Сурарым да ушул, аларым да ушул! Мен эми кайтайын.

Ж ы п а р г ү л. Бат эле кетип каласыңбы, Асаке?!

А с а н б е к. Аялым аэропортто отурат. Аздан кийин Москвага учабыз. Андан ары Ленинград... анан Балтика... Атлантика... Орто-Деңиз... анан дагы океан... моряктын тагдыры ушул... коштошуу... жүздөшүү... Алдыбызда дагы канча кайгы, дагы канча кубаныч турганын кайдан билебиз?.. Кайда болбосун, адам баласына адам керек... жакшы курбу керек. Кандай кыйынчылыкка туш келсем да, мага кубаныч берүүчү, кайрат берүүчү жакшы курбум катарында эң оболу биринчи болуп сени эстеймин, Жыпаргул! Кош. Уулуңдун бетинен өөп кой.

Ж ы п а р г ү л. Токтой турчу, Асаке! *(Пауза)* Мен сага ар дайым өмүр... таалай... сапар тилеп турам... Баргын эми.

А с а н б е к. Дагы бир жолу сурайм: мындан ары менин алдымда эч качан өзүңдү айыпкер сезүүчү болбогун да ыйлабагын!

Ж ы п а р г ү л. Макул, Асаке! Мындан ары сенин алдыңда эч качан өзүмдү айыпкер сезбейин да ыйлабайын! Мына! Мен ыйлаганым жок, баргын эми.

А с а н б е к. Көрүшкөнчө саламат тургун, Жыпар.

Ж ы п а р г ү л. Өзүң да саламатта баргын, Асаке *(Асанбек чыгат. Пауза. Жыпаргүл терезени көздөй басып)* Жок, мен ыйлабаймын! Ыйлабайм! *(Көчөнү карап, көзүнүн жашын төгө)* Алыкул агай кетип баратат. Ал демейкидей эле өзүнүн сүйгөн скамейкасына келип, биздин үйдүн терезесин тиктеп көптөн бери отурган болуу керек. Мен аны демейкидей терезеден баш багып караганым да жок. Демейкидей жанына барып, анын баркыттай болгон уялчаак үнүн укканым да жок. Далысын бүкүрөйтүп, тык-тык жөтөлүп коюп кетип баратат. Ал кайда баратат болду экен? Эмне жөнүндө ойлонуп, эмне жөнүндө ырдап баратат болду экен?! Өмүр жөнүндөбү же өлүм жөнүндөбү?!.

Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз,
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас,
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?..

Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!
Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.
Он беш жолу улам кайра туулуп,
Он беш жолу жашарбасам карап тур!

Өмүрдү токтотуу мүмкүнбү? Жок! Ушул учурда өзүнүн өмүрүн токтотууга кудурети жетпей, мүмкүн, ал ажалына жетелетип бараткан чыгар. Ооба, мүмкүн. Бирок ал баары бир өмүр жөнүндө, сүйүү жөнүндө, сулуулук жөнүндө ырдайт! *(Колун кубанычтуу булгалап)* Асанбек. Асакем! Бир аздан кийин ал учат... *(Терезенин кырына сүйөнүп, шыпты тиктейт)* Алдыбызда дагы канча кайгы, дагы канча кубаныч турганын кайдан билебиз?.. Кайда болбосун, өзгөчө, чексиз деңиздер менен океандарда адам баласына адам керек... Жакшы курбу керек!.. Ал чексиз деңиздер менен океандарда гана керекпи?! Жок. Ал чексиз деңиздер менен океандардын ажырагыс бөлүгү болгон бул жерде да керек. Аздан кийин Асакем асманга көтөрүлүп, Шады атасы менен божурашып Искендерим келет. Мен аны боорума кысып өбөм, эркелетем, ыйлайм, күлөм! Мүмкүн анын эч нерседен бейкут жатып уктагысы келер... Ооба, мен аны уктатам. Бирок аны уктатуудан мурда колумда көтөрүп, адамзаттын жаңыдан гана окуй баштаган кызыктуу, азгырмалуу, сырдуу китеби болгон асманды карайм. Андан менин сүйүүм, менин шорум, менин адамым учуп өтөт! Жок, мен ыйлабайм. Азыр менин Искендерим келет. Мен аны колума көтөрүп аны менен кошо асманды тыңшап, ас-

манды тиктейм. Асманда азап да жок, оордук да жок. Асманда, асмандын өзүнө окшогон кеңдик, тазалык, чексиздик бар. Ооба, бул дүйнөдө өмүр сүрүү кыйын, бирок бары бир чексиз кызыктуу, чексиз сулуу!

*Көшөгө акырындап жабылат.*
***А я г ы.***

## МАШЫРБЕК ҮЙЛӨНӨТ

***(Эки көшөгөлүү сатиралык комедия)***

**КАТЫШУУЧУЛАР:**

Ш а к и й н а.
Б а р а к о в.
М а ш ы р б е к.
А л т ы н а й.
З ы й н а т.
М а р ы й п а.
С у п а т а й.
З у л а й д а.
У п а й н а.
К е к е л е й.

**БИРИНЧИ КӨШӨГӨ**

***Биринчи сүрөт***

*Өнөр жай товарлар магазининин кездеме сатуучу бөлүмү прилавкада Супатай. Жазылган кездемелерди түрүп, илбериңки кооз кыймыл менен текчелерге алып, орду-ордуна жайгаштырып жатат. Жеңил музыка ойнойт. Марыйпа жүгүрүп кирет.*

М а р ы й п а. Супатай!.. Супаш!..
С у п а т а й. Оу!..

М а р ы й п а. Машырбек үйлөнгөнү жатыптыр!

С у п а т а й. Койчу!.. Кимге?!..

М а р ы й п а. Таап алчы!..

С у п а т а й. Кудай алсын, биздин баш баш эмес эле, кибернетикалык машина эмеспи!.. Кимге ким үйлөнүп, кимге ким чыгат… Бардыгы алдын ала программаланып бүтүп калган… Аида!.. Таптымбы?..

М а р ы й п а. Жок.

С у п а т а й. *(Тоодой болгон астыртан өйдө Марыйпаны карап)*. Сагыйпа!.. Нагыйпа!.. Аня!.. Таня!.. Оля!.. Соня!.. *(Марыйпа башын чайкайт. Супатай үнүн көтөрүп, бат-бат)*. Эльмира!.. Гүльмира!.. Алима!.. Салима!.. Айнаке!.. Сайнеке!..

М а р ы й п а. Жок!.. Жок!.. Жок!..

С у п а т а й. Таптым! (Кыска паузадан кийин Марипаны өбүүгө аракеттенип), Сага!..

М а р ы й п а. Олдо кибиреген байкушум, ай! Мечи деги *(бетин тосуп кылыктана)*. Менин да күйөөм бар.

С у п а т а й. Ах, шайтан бассын мени!.. Күйөөң бар экенин таптакыр унутуп калган турбаймынбы! *(Кыска паузадан кийин)*. Эми кимге үйлөнгөнү жатыптыр, айтып койчу эжекеси?

М а р ы й п а. Шакийнага,

С у п а т а й. Шакинайга?!. Шакийна дегенибиз ким?!.

М а р ы й п а. Калматай Каримовичтин жээни… Унутуп калдыңбы?!. Кибернетика!..

С у п а т а й. Ай, ай, ай, төпөштөргө киши жок да мени… Эми эстебедимби!.. Өңү гана саал сертирээк!..

М а р ы й п а. *(Сөөмөйүн кесеп)*. Супатай!..

С у п а т а й. *(Чоочуп)*. Ой!.. Кээде ушундай наадандыгым бар… Калматай Каримовичтин жээни Шакийнанын өңү канткенде серт болмок эле… Анын өңү бар эмеспи… Жөн эле мрамордой!.. Тиштери бриллиант!.. *(Наркы-терки басып)*. Шайтан баскырдыкы!.. Шакийна күйөөсүнөн

ажырашып келгендин эртеси эле, ага үйлөнөбүз дегендер Калматай Каримовичтин особнягын тоорушуп, эшигин жыртып жатышат дешти эле… Алардын ичинде биздин Мырзабай да болсо керек, ээ, Марыйпаш?..

М а р ы й п а. Болбой анан. Эми жолтоо болсо, же мен өлөм, же Зыйнат Бекеевна өлөт деп зиркилдеп жүргөнүн өзүм көрбөдүмбү!..

С у п а т а й. Ха-ха-ха… Жөргөлөгөн бечеранын дымагын көрчү, ой!.. Облпотребсоюздун башчысы Калматай Каримовичке… жээн күйөө болсом дейт экенда!.. Ха-ха-ха…

М а р ы й п а. Бирок, Калматай Каримович менен Зыйнат Бекеевна алардын бирөөнү да жакын жуутбай, Машырбекти туура табышып… болгондо да шашылыш түрдө, капысынан макул болушкан имиш! *(Ыйламсырап)*. Мен байкуш аны билбей, шордоп калбадымбы?!

С у п а т а й. Марыйпаш!.. Сага эмне болду?..

Марыйпа *(Шыбырап)*. Мындан бир нече күн мурда, Зыйнат Бекеевна тапшырма берген болчу…

С у п а т а й. Эмне деп?

М а р ы й п а. Машырбекти ийне-жибине чейин билип келгин деп…

С у п а т а й. Демек, анын жараттуу жерлерин чукуп барган экенсиң да, ээ?!.

М а р ы й п а. Машырбекти күйөө кылып алышарын кайдан билипмин. Мурда аны жининдей көрүшчү!

С у п а т а й. Кечөө жининдей көргөндү, бүгүн жанындай көрүп жытташып калышат адамдар!.. Ошого акылың жетпейби! *(Жакын барып)*. Кайгырба, Марыйпаш!.. Турмуш дегениң албуут аялдын мүнөзүндөй… Көз ачып жумгандын ортосунда өзгөрүп турат. Ошого жараша сен да өзгөрүшүң керек! *(Марыйпа суроолуу тиктейт. Супатай сөзүн улайт)*. Кечөө Машырбекти жамандап барсаң, бүгүн жерге-сууга тийгизбей мактап баргын!..

М а р ы й п а. Зыйнат Бекеевна акылдуу аял, Супатай!..

С у п а т а й. Мактоо деген шайтан Зыйнат Бекеевна эмес, кудайдын өзүн да мас кылып таштайт!.. Сатуучу сатуучуга ишениши керек. *(Колун сунуп)*. Сатуучунун сөзү!

М а р ы й п а. *(Кучагына алып, тегеретип)*. Супатай!.. Супашка-а!..

С у п а т а й. Марыйпа!.. Так нельзя... так нельзя... *(*Суурулуп чыгып*)*. Жинди болгонсуңбу, элдин көзүнчө кучактап?!. Окус бирөө Зулайдага жеткирип койсо, бүттү, өлдүм да! *(Шыбырап)* Коомдук жерде өпкүң келсе, көңүлүңдө өөп гана тим болбойсуңбу!..

М а р ы й п а. *(Шыбырап)*. Мен эмесе көңүлүмдө гана өбөм сени!.. Көңүлүмдө!.. Көңүлүмдө!.. *(Жүгүрүп чыгат)*.

С у п а т а й. *(*Өзүнчө*)*. Зыйнат Бекеевна бирөөгө карышса өмүрү ийибейт, деп уккан элем... Азыр болсо, Машырбекке макул болгон имиш, болгондо да шашылыш түрдө, капысынан, ээ?!. Демек, мында купуя бир сыр бар!.. Эмне деген сыр болду экен, я?!. Мына, тамаша десең!.. *(*Бараков кирет*)*. 0, Ажыбай Баракович!.. Келиңиз... Келиңиз...

Б а р а к о в. Жаңкы Машырбек деген немени көрө алдыңбы?

С у п а т а й. Магазинде эле го, же чыгып кетти бекен...

Б а р а к о в. Бир карын майды бир кумалак чиритет бо луп... Мына, карачы, даттануу китебинин баары жалаң гана ошол туурасында...

С у п а т а й. Мм-да-а...

Б а р а к о в. Сатып алуучулар көбүнчө биздин мамилебизге келишет... Биз алардын колуна буюм карматбай, кубаныч карматышыбыз керек... Ал эми жаңкы Машырбек деген неме болсо... Иш маалында басып кетип... Сатып алуучуларга көңүлкош карап... алар замечание

кылса, корс деп барып тумшугу менен бир тиет экен!.. Чектен чыгып кетиптир ал Телибай!.. Жетет!.. Мындан ары тайраңдата албайм!.. Көрсөң. айтып койчу, арызы менен мага келсин!..

С у п а т а й. Ажыбай Баракович!..

Б а р а к о в. Кечиресиң!.. Мен аны сенин рекомендациян боюнча алган болчумун. Эми кийлигишпегин!

С у п а т а й. Бир ооз гана сөз, Ажыбай Баракович. Азырынча жөн эле коё турсаңыз кантээр экен?!.

Б а р а к о в. Угуп кой, Супатай!.. Машырбек дегениң бекерчи, нахал, бузуку, хам, бейадеп, шыпыр экен!.. Бир мүнөт тургузбайм! Бүттү!..

С у п а т а й. Ажыбай Баракович!.. Бүгүн хам дегенибиз эртең ашкан кичипейил, же болбосо бүгүн келесоо дегенибиз эртең ашкан акылман, гений болуп чыга келиши мүмкүн!.. Бул дүйнөнүн чукул бурулуштары өтө эле көп эмеспи!.. Ошондуктан... ойлонуп иш кылсаңызбы дейм да!..

Б а р а к о в. Сени сооданын даңкы үчүн күрөшкөн принциптүү адам деп жүрсөм... Жеткен бөлбүр окшобойсуңбу!.. Угуп койгун!.. Эл оозунда макталып жүргөн жакшынакай магазинди бир шалапай үчүн жаманаттыга калтыра албайм. Мен аны кетирем дедимби, бүттү, кетирем!.. Болгондо да азыр кетирем!.. Все!..

С у п а т а й. Ажыбай Баракович!.. Машырбек үйлөнгөнү жатыптыр дейт го...

Б а р а к о в. Үйлөнсө эмне экен?.. Үйлөнө берсин... Заманында мен деле үйлөнгөм... И, сен да үйлөнгөнсүң... Тим эле дүйнөлүк окуядан бетер...

С у п а т а й. Ажыбай Баракович! *(Амалдуу кулумсүрөп)*. Калматай Каримовичтин бир тууган жээни Шакийнаны мактап жүрчү эмес белеңиз, ээ?..

Б а р а к о в. Ооба, мен аны азыр да мактайм!.. Өңү серт болгону менен, ичинен адамга нур төгүп турат. Ал нурдуу бала!..

С у п а т а й. Эмесе Машырбек ошол нурдуу балаңызга үйлөнгөнү жатыптыр!

Б а р а к о в. Шакийнагабы?!.

С у п а т а й. Ооба, Шакийнага.

Б а р а к о в. Азилдин да чеги болот, Супатай Атанович!

С у п а т а й. Азил кылсам, таң сүрө ушул магазиндин эшигин көрбөй калайын!..

Пауза

С у п а т а й. *(*Шыбырап*)*. Менимче Машырбектин биз билбеген укмуштуу бир касиети болуу керек!..

Б а р а к о в. *(Өзүнчө)*. Акыл-эстүү эле бала, канткенде ошого барды экен, а?!.

С у п а т а й. *(Акырын)*. Машырбекти көрөрүм менен сизге бар дейин, ээ, Ажыбай Баракович?!.

Б а р а к о в. *(Өзүнчө)*. Жок, мен ишенбейм. Шакийна Машырбекке чыкпайт. Кайдагы бир шалапайга чыккандай ал эмне кутуруп кетиптирби?!.

С у п а т а й. *(Бараковду ээрчип)*. Ошентейин, ээ?!. Ооба, ооба, Машырбекти көрөрүм менен сизге бар дейин… Арызың менен баргын дейин! *(Бараков чыгат. Супатай тигинин соңунан тиктеп)* Ха-ха-ха… Принцибиң жок, жеткен бөлбүр окшобойсуңбу деп… Карган шайтан!.. Чындаса, менден башка бирөөңдө да принцип жок!.. Кой, Бөжөгүмө шыңгыр эттире коёюн! *(Телефондун номерин алып)* Алло!.. Зулайда!.. Зулайдашка!.. *(Эркелетип акырын)*. Бөжөгүм!.. Улагым!.. Козум!.. Тайым… Музоом!.. Жаңылык!.. Болгондо да дүйнөлүк!..

*(Машырбек кирет. Супатай аны байкабастан сөзүн улап)*.

Машырбек үйлөнгөнү жатыптыр!.. Алло!.. Алло!.. *(*Кыйкырып*)*. Зулайда!.. *(*Өзүнчө*)*. Машырбек үйлөнгөнү жатыптыр дегенимде, ыйлап ийгендей болдубу?!. *(*Ачуулу*)*. Зулайда-а!..

М а ш ы р б е к. Кыйкырба!.. Маданияттуу болуу керек! *(Ууртунан жылмайып)*. Сенин аялың бар го…

С у п а т а й. *(Шыбырап)*. Менин аялым эмне экен?!..

М а ш ы р б е к. Сенин З у л а й д а…

С у п а т а й. Эмне маалкатасың, айтпайсыңбы, батыраак!..

М а ш ы р б е к. *(Бармагып көрсөтүп)*. Во!.. Чыныгы кадр!..

С у п а т а й. Эмне-е?!.

М а ш ы р б е к. Но, но, но!.. Бакырба, абышка!.. Кефирге барган сайын сенин аялың экөөбүз көрүшүп турабыз!..

С у п а т а й. Менин аялым мененби?!.

М а ш ы р б е к. Сенин аялыңдын көзү… көз эмес… лазер го, черт побери!.. Эмне, каргышка какагансып… Ай, ай, ай!.. Кысканчаактык эскинин саркындысы… Азыркы күндүн адамына жарашпайт!.. Уят…

С у п а т а й. Машырбек!..

М а ш ы р б е к. Тихо!.. Тихо!.. Сенин Зулайдаң… бар го.

С у п а т а й. Мынча эмне эсесиң, айтпайсыңбы?!.

М а ш ы р б е к. *(Кыска паузадан кийин)*. Жанга теңебейт экен сени!..

С у п а т а й. Өх, бая эле ошонтпейсиңби!.. Ырас эле менин Бөжөгүм жанга теңебейт мени!.. Түү, шайтан баскырдыкы!.. Эсимден чыгып кеткен тура.. Куш боо бек болсун!..

М а ш ы р б е к. Кимдин ким экени ушундайда билинет окшобойбу, чорт побери! Менин үйлөнгөнү жатканымды угуп алышып… *(Супатайды теше тиктеп)*. Мени тааныган кыз-келиндердин бирөө да куру эмес, бардыгы тең жер-сууну бузуп өңгүрөп жатышат дейт!..

С у п а т а й. *(Өзүнчө)*. Зулайда да ошентпеди беле! *(Трубкага катуу кыйкырып)*. Зулайда-а!!!

М а ш ы р бе к. Ташта, трубканы!..

С у п а т а й. *(Айыптуудай).* Кечирип кой...

М а ш ы р б е к. Мында иштеген музообаш, кескелдирик, жыландардын ичинен көңүлүмө толгону жалгыз гана сенсиң!.. Карайлап турганымда ишке орношууга кол кабыш кылдың, колумдан жетелеп, үйүңө киргиздиң, бир жумача алдыма ашыңды тартып, төрүңдөн орун бердиң. Акыл коштуң. Өмүрү унутпайм!..

С у п а т а й. Ыракмат, Машырбек ыракмат.

М а ш ы р б е к. *(Далыга кагып).* Бул дүйнөдө баарынан кымбаты... адам!.. Эми бери кара. Мага жардамың керек болуп калды.

С у п а т а й. Сен дегенде тоголонуп кетпейимби!.. Айткын!

М а ш ы р б е к. Тойдун дасторконун Калматай Каримовичтин урматтуу айымы Зыйнат Бекеевна өзү көтөрмөк болду.

С у п а т а й. Мунуң жарабайт, тойду сен өткөрүшүң керек.

М а ш ы р б е к. Эмне-е?!. Шакийнага үйлөнгөнүм аз келгенсип... Анын үстүнө той да өткөрүп... тапкан экенсиң май башты!..

С у п а т а й. Акырын ойлогун, сөзгө каласың.

М а ш ы р б е к. Эмне деп?..

С у п а т а й. Машырбек катын албай эле, өзү катынга чыгыптыр деп!..

М а ш ы р б е к. Муну көрчү, ой!..

С у п а т а й. Тойдун чыгымын өзүң көтөрсөң, биринчиден, Калматай Каримович менен Зыйнат Бекеевна экөөнүн зоболосун ого бетер көтөрүп коёсуң, мыкты күйөөгө дуушар болушуптур дешип даңаза кылышат... Экинчиден, өзүңдүн ким экениңди таанытасың... Сен эркек аттуунун дефицити чоң адамсың да!..

М а ш ы р б е к. Пожалуй, ты прав... Мунун ичи көк мылтый эле камыр го десем, ачыткысы да бар окшобойбу!..

С у п а т а й. И, үчүнчүдөн, сен... тубаса талантсың!.. Эми ошонун баарына Облпотребсоюздун башчысынын жээн күйөөсү деген ат кошулса, бүттү да!.. Ыргыткан ташың алыска түшүп, бийик орундардын бирине лып этип коно каласың!.. Болгондо да, космостук ылдамдык менен конбойт бекенсиң, ау, жоо алгырдыкы!..

М а ш ы р б е к. Көрчү, ой!.. Адамдын түпкүрүндөгүсүн, китеп окугандай окуйт турбайсыңбы, ыя!

С у п а т а й. Ойлонгун, Машырбек!

М а ш ы р б е к. Ойлонуп эмне. Түкүрдүм бардыгына!.. «Жигули» алайын деп сактап жүргөн тыйыным бар эле... Чачайын, ээ?!.

С у п а т а й. Ал бир түндүн ичинде эле он эсе тууп бербейт бекен!.. Чач, атасынын көрү!.. *(Шыбырап)* Калматай Каримович менен Зыйнат Бекееванын жээн күйөөсүнүн тоюна не бир баалуу белектер сапырылып... сапырылып... И, кошумчалар да...

М а ш ы р б е к. Бир гана өтүнүч.

С у п а т а й. Сен дегенде килем болуп төшөлбөймүнбү!.. Айткын!..

М а ш ы р б е к. Биринчиден, биз жактан чакырылуучу коноктордун тизмесин түзүү керек. Өзүң айткандай, өз адамдардын бирин калтырбай, бөтөндөрдөн бирин жолотпой.

С у п а т а й. Жетти!..

М а ш ы р б е к. Экинчиден, тойдун көркөмдүк жагын ойлонушубуз керек. Баарыдан да, тойго келгендерди тамшанта турган ырчы кыздар болсо... Ух, чорт побери!.. Акыры барып тойдун көркүн ошол мөлтүрөгөн кадрлар чыгарат да!.. Кыскасы, Шакийна экөөбүздүн тоюбуз азыркы кылымдын бирден бир шаңдуу жана оргиналдуу тою болууга тийиш!

С у п а т а й. Адамдын даңкын көтөрүүдө анын мааниси укмуш эмеспи!

М а ш ы р б а й. Мен жооп күтөм сенден.,
С у п а т а й. Все будет в ажуре!
М а ш ы р б е к. Сүйлөштүкпү?
С у п а т а й. Сүйлөштүк.

### *Экинчи сүрөт*

*Калматай Каримовичтин особнягынын тамак ичүүчү бөлмөсү. Орундук, дивандардын бардыгына тыш капталган. Зыйнат жалгыз. Бөлмө толгон буюмдардын улам бирин сүртүмүш болуп, кандайдыр шашылган түрдө нары-бери кайпактайт. Жеңил музыка ойнойт. Марыйпа жүгүрүп кирет.*

М а р ы й п а. Зыйнат Бекеевна!.. Зыйнат Бекеевна-а!..

З ы й н а т. Акырын, заңкылдабай!..

М а р ы й п а. *(Диванга боюн таштап)*. Укмуш!.. Укмуш!.. Укмуш!.. ,

З ы й н а т. Оозуңа май, садага, болоюнум... Төгүп жиберчи, батыраак!..

М а р ы й п а. *(Өпкөсүн кагып)*. Адам аттуудан бири куру эмес. Ал акылман, боорукер, жароокер, жылдыздуу, сымбаттуу, таланттуу, ыймандуу, туруктуу и т. д... и т. п. дешип сиздердин күйөө баланы макташкандай болсо... Ах, черт возьми, жөн эле бар эмеспи... Жөн эле...

З ы й н а т. *(Ачуулуу, акырын)*. Токтот сөзүңдү!..

М а р ы й п а. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. *(Жыланча ышкырып)*. Токтот дедим!.. Кече жерге киргизе жамандап, бүгүн көкөлөтүп асманга учуруп... Кана, курулай жамандаганың менен курулай мактаганыңан эмне калды, айтчы?!. *(Алаканын үйлөп)*. Сүв!.. Мынакей... Бар болгону ушу... Ооздун жели!.. Эмне тултуясың?!. Мен айтпай койдум беле, мага эмне керек экенин?!. Унутуп калдыңбы?!.

М а р ы й п а. *(Эриндерин зорго кыбыратып)*. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. Чыгарба үнүңдү!.. Сокур тыйынга арзыбаган мактооңдон башка айтарың болбосо, тызылда! Эмне турдуң, жөнөгүн дебедимби!.. Азыр киши келет мага. Жогол дейм!..

М а р ы й п а. *(Ыйламсырап)*. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. Тигини!.. Заматта эле байкуш боло калат. Ошентсем эле ийип кетет деп турасың го, ээ?!. Кечирип кой, жаңылышасың, Марыйпа келинчек!.. *(Марыйпаны өзүнө каратып)*. Мурда дурус иштөөчү элең, азыр иштей албай калыпсың. Бүгүнтөн тартып бошсуң. Экинчи бул үйдү желкеңдин чуңкуру көрсүн!.. Марш!..

М а р ы й п а. *(Өксүй кыйкырып)*. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. *(Ачуулу)*. Кыйкырба, дебедим беле, тажаал!.. Жөнө!.. Эмне, милиция чакырайынбы, я?!. *(Марыйпа тызылдап качат. Зыйнат соңунан)*. Токто!..

М а р ы й п а. *(Токтойт. Өзүнчө)*. Күйөө баласын мактап келсем жакпаганы кандай?!. Же мени сынап жатабы бул долу?!. Эмне кылсам?!. Берсемби же бербесемби?.. Мейли, болору болду, маа десе бышырып жегин!.. Эмнесин аянмак элем!.. Көкүрөгүнөн конверт алып,Зыйнатка сунат.

З ы й н а т. *(Анын ичиндеги кагаздарга тез-тез көз жүгүртүп, өзүнчө)*. Токто, токто!.. Сенин чыныгы укмушуң биякта жаткан турбайбы!.. Биякта!.. Биякта!.. (Кетип бараткан Марыйпанын соңунан катуу кыйкырып). Марыйпа-а!..

М а р ы й п а. *(Чөгөлөй калып)*. Эмне кылсаңыз, өзүңүз билиңиз!.. Өлтүрөм десеңиз, мынакей, мен даярмын!..

З ы й н а т. *(Өпкүлөп)*. Алтыным!.. Күмүшүм!.. Каухарым!.. как раз, ушу керек болчу мага, бая эле ушуну бербейсиңби! Муну эмнеге катып жаттың, курган Марыйпа?!.

М а р ы й п а. Машырбек сиздерге күйөө болгону жатса... анан алда кандай болот деп эле...

З ы й н а т. Туура, Машырбек бизге күйөө болгону жатат, бирок кандай күйөө болорун кайдан билесиң!.. *(Марыйпаны өөп)*. Аңкоо болгон болбойт, Марыйпашка. Кимдир бирөө сени сөөмөйү менен түртсө, сен аны жаткыза чапканга даяр турушуң керек!.. *(Колундагы конвертти ойнотуп)*. Вообщем, баарынан мыктысын, сен таап келипсиң!.. Молодец!..

М а р ы й п а. *(Али да болсо өзүнө өзү ишенбегендей)*. Зыйнат Бекеевна?!.

З ы й н а т. Мени кара! Менин ар бир өпкөнүм мамлекеттик сапат белгисине барабар. Канча жолу өптүм сени?

М а р ы й п а. Үч эле жолу.

З ы й н а т. Ашырып жиберген турбайымбы! Бирок сен дефицит адамсың мен үчүн!.. Де-фи-цит!.. *(Чопулдата өөп)* Буюрса, учканың ушу!.. Мыкты дүкөндөрдүн бирине бөлүм башчы, анан директор… каалаган тууруңа кондурам!.. Зыйнат Бекеевнанын сөзү сөз!.. Железно!..

М а р ы й п а. *(Кучагын жайып)*. Жаным курман, Зыйнат Бекеевна!

З ы й н а т. Болду!.. Өтө эле эрээркеген болбойт. Батыраак жит!

М а р ы й п а. Мына, мен життим! *(Жүгүрүп чыгат)*.

З ы й н а т. *(Марыйпа берген конвертти көкүрөгүнө катып)*. Окус куутакымдык кылып, айтканымдай бөйпөлөңдөбөсөң бар го… Машырбек болмоктон, Олуябек болсоң да каалаганымдай чимирилтем… балапанчик!..

…А бирок узай бергенде,
Жүгүргүм келет артыңдан…

*(Сервантты сүртүп)*. Алтынай!.. Алтынашка!..

Колуна швабраны кармап, эринчээк басып Алтынай кирет. Зыйнат ачуулу тиктейт. Алтынай ,алыс бир жакты карап күрсүнөт. Зыйнат жанына барат.

А л т ы н а й. *(Желкесин салып, кыйладан кийин)*. Эмне?!.

З ы й н а т. *(Ачуусуна чыдабай, тамагы буулуп)*. Бат-бат кыймылдабайсыңбы, илең-салаң болбой…

А л т ы н а й. Бат-бат эле кыймылдап жатпаймынбы, өлмөк белем…

З ы й н а т. Башкаларга калганда жандын элпегисиң… кичи пейилсиң… мага калганда эле… О, бол дейм керилбей, Машырбектин келер маалы болуп калды… О дейм кимге айтып жатам, я?

А л т ы *н а й. (Эстеп)*. Мага.

З ы й н а т. Эмне, уйкуң канбай калганбы?!.

А л т ы н а й. Ооба.

З ы й н а т. Түнү бою эмне кылып жүрдүң эле?!.

А л т ы н а й. Ушул үйдөгү шайтан-шабырларды кайтарып жүрдүм!

З ы й н а т. Бас жаагыңды, өлгүрдүн кызы!

А л т ы н а й. Өнөрүңүз кыйкырганга эле чыккан!.. Мен ага таң калбайм!

З ы й н а т. Айланайын, э-эй, эмне кылсам экен, я, ушуну?!. *(Алтынай менен бой тирешип)*. Атың жакшы болгону менен, затың жаман капырсың да, кантейин!..

А л т ы н а й. Тыңсынбаңыз!.. Сиздин затыңыз деле ашып кеткен эмес!..

З ы й н а т. *(Ачуулу)*. Алтынай!..

А л т ы н а й. *(Тигинден аша кыйкырып)*. Эмне?!. Эмне?!, Эмне?!.

З ы й н а т. *(Артына кетенчиктеп)*. Болду эми! *(Андан басыңкы үн менен)*. Болду дейм, бирөө келсе угат! *(*Шыбырап*)*. 0, болду!..

А л т ы н а й. *(Мурдагыдан күчөнүп)*, Болбойт!.. Болбойт!.. Болбойт!..

З ы й н а т. *(Алтынайдын оозун басып)*. Ой, өлгүрдүн кызы десе, болду дебедимби!.. Мен кыйкырсам, сен да кыйкырдың, экөөбүз тең расчёт болбодукбу, дагы эмне керек эми?!. Чындаса, сен беш-алты жолу ашык кыйкы-

рып жибердиң. Токточу!.. Ана, бирөө коңгуроо чалды. Болду болбоду Машырбек келди окшойт! *(Алтынайдын бетинен өөп)*. Тууган кишилерде анча-мынча боло берет. Жүгүр, садага болоюнум, эшикти ач! *(Акырын, зардуу)* Эмне мелтирейсиң, жөнөбөйсүңбү!

А л т ы н а й. Эмне кыйкырасыз?!.

З ы й н а т. Ай, ушу сенин азабың!..

А л т ы н а й. А сиздин азабыңызчы!..

З ы й н а т. *(Шыбырап. Ой, кыйкырба, дейм!.. Бат-бат бас, күтүп калды!..)*

А л т ы н а й. Күтсө күтсүн, өлбөйт!..

Кыжыры келип, тышын сыйрып алганда, орундук жыгылат.

З ы й н а т. Кокуй!.. Кокуй.. Жада калса өзүм отура элек жапжаңы отургучту сындырдың, ээ! Кокуй, ай!!!

А л т ы н а й. Боздобоңуз!.. Бул эмне үйбү, же музейби?!

З ы й н а т. Сүйлөбө, арам катын!.. Муну дүнүйө дейт!..

А л т ы н а й. Өңүңүздө да дүнүйө, түшүңүздө да дүнүйө... Арданып өлмөй болдум!

З ы й н а т. Эй, арам катын!.. Адамдар менин жаныма басып келгенди өздөрүнө сыймык көрүшөт, а сен болсоң мени менен кешиктеш болуп, менин үйүмдө турганыңа тобо кылбай... Сөзүмдү кайра алдым дегин!..

А л т ы н а й. Кайра албайм!.. Сиз дүнүйөгө кул болуп калдыңыз!

З ы й н а т. Алтынай!

А л т ы н а й. Эмне?!.

З ы й н а т. Сындырдың дейм жап-жаңы орундуктарды!

А л т ы н а й. *(Нары-бери ыргытып)*. Сынсын!.. Сынсын!.. Сынсын!..

З ы й н а т. Алтынай!.. Эсиңе келгин ушунчанда!.. Болбосо бар эмеспи!.. Өлөйүн, так түйүлтөм!.. Бооркоктотом!.. Маюлатам!.. Ошенте албасам, Зыйнат атым өчсүн!..

А л т ы н а й. Жок, эжекеси, сизди мен так түйүлтөм... Мен боортоктотом!.. Мен маюлатам!..

З ы й н а т. *(Тап берип).* Бас!..

А л т ы н а й. *(Кайрадан Зыйнатка тап берип).* Баспайм!.. *(Жай басып чыгат).*

З ы й н а т. Биздин өкмөттөй адилет өкмөт бул дүйнөдө жок, ау, чиркин!.. Бир гана арманым... адамдын баарына тең укук кылып коюп... жаңкыдай кераяктарга ооз ачалбайсың да, шоруң катып!.. *(Үй ичин айландыра карап).* Дүнүйөгө кул болуп калдың дейт тура! Көрчү, жашабай калгыр десе!.. Ай, к чорту ээ... Адамды адам кылып, алдына эч кимди чыгарбай алчактатып турган эмне экенин ал кайдан билмек эле!.. Келесоо да!.. Анткени менин бир жумадан бери жүрөгүм сыздап ооруп... Ай, кудай, ай!.. Анан калса... Жаңкы Облводхоздун башчысынын тойтук катыны венгир мебилин алыптыр дейт... Ырастан эле ошол арам менден өтүп кетеби, я?!. Өлгүрдүн гана Калматайы!.. Бардыгы өз колунда туруп, жулдуруп ийгенин көрчү тигиге!.. Ну, ничего. Калматайым турганда венгир мебилинен эртең эле кууп жетем, мебил табылат! Ал эми Машырбектей күйөө бала табылбайт. Бул жагынан мага эч ким жете албай калды! *(Сырттан чыңырган үн угулат. Зыйнат чочуп).* Эмне болуп кетти, я?!. Алтынайдын үнүнө окшойт!.. Бир балээ го!.. Кудай, ай! *(Чаңырган бойдон Алтынай жүгүрүп кирет, Зыйнаттын үрөйү учуп).* Алтынай!.. Жаным!!!

А л т ы н а й. *(Зыйнатты кучактап).* Айланайын эжекебай!

З ы й н а т. Алтынай!.. Садага болоюнум!.. Көзүңдү аңтарылтбачы, мен корком!.. Эмне болду, эркем, айтчы!!

А л т ы н а й. Барып эшикти ача салсам, баягы... Шакийна эжеме ашык болуп жүргөн... Мырзабай деген шофер жигитчи... ошол туруптур!.. Каны ичине тартып, өңү купкуу... Мен баары бир өлгөн кишимин!.. Зыйнат

Бекеевнаны ала жатам. Тур быякка! — деп бычагын алып качырганда…

З ы й н а т. *(Корkконунан чаңырып)*. Алтынашка!.. *(Оозун басып, шыбырап)*. Жаным!.. Мен… Мен эмне жазыптырмын ага?!.

А л т ы н а й. *(Шыбырап)*. Зыйнат Бекеевна болбогондо, Шакийна экөөбүз невак баш кошмок элек. Баарын кылган ошол. Анын көзүн тазаламайынча жаным жай албайт деп, кеткенип жүрөт дешкен!.. Ал жеткен бандит турбайбы, киши өлтүрүп жакында эле түрмөдөн чыккан имиш!..

З ы й н а т. *(Калчылдап)*. Ошондой, ошондой! Бир жумадан бери туш-тушумдан уйлар челип, иттер талап… Түшүм жаман эле! *(Алтынайды сыга кучактап)*. Жок, жок, кетпегин!.. Мен кетирбейм!.. Мен корком!..

А л т ы н а й. Макул эжекебай, мен кетбейм!..

Ошол учурда сырттан «Зыйнат Бекеевна!.. Зыйнат Бекеевна!» деп кыйкырган жоон үн менен ичке үн жарышып угулат.

З ы й н а т. *(Үрөйү учуп)*. Алтынашка?!.

А л т ы н а й. Бул жанагы окшойт, эжекебай!.. Жолдошу менен келаткан турбайбы!.. *(«Зыйнат Бекеевна!.. Зыйнат Бекеевна!..» деп жарыша кыйкырган жоон үн менен ичке үн жакындан угулат. Алтынай бакырып)*. Эжекебай!..

З ы й н а т. Алтынашка-а!..

*Алтынай, Зыйнаттын кучагынан суурулуп, бөлмөдөн качып чыгат. Зыйнат анын соңунан жөнөмөк болгондо, жоон үн менен ичке үн оропарадан угулуп, эшик шарт ачылат да, биринен-бири озгусу келген Упайна менен Кекелей эшикке кептелишип калат…*

У п а й н а. *(Корулдап)*. Коё бер мени, мен биринчи…

К е к е л е й. *(Чыйылдап)*. Коё бербейм — этбейм, биринчи менмин… Тизелеген Зыйнат көзүн жуумп, эки колун көтөрөт.

З ы й н а т. *(Шыбырап, бат-бат).* Жан соога, садагаң, жан соога!.. Алып кете бер, Шакийнаны, алып кете бер!.. Мен мурдатан эле сага берем деп жүргөм. Калматай , эле болбой… *(Упайна менен Кекелей күч менен сүрүлүп кирип жыгылышат. Зыйнат өксүп кыйкырат).* Жан соога! Жан соога!..

*Упайна менен Кекелей чочуп, экөө эки жакка тура качышат. Зыйнат колун көтөрүп, көзүн жумган калыбында эриндерин кыбыратып, ичинен кайрый берет.*

К е к е л е й. *(Зыйнатты оң бетинен өөп, шыбырап).* Күйөө кут болсун, урматтуу Зыйнат Бекеевна!..

У п а й н а. *(Зыйнаттын сол бетинен өөп, шыбырап).* Күйөө кут болсун, урматтуу Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. *(Адегенде оң көзүн, анан сол көзүн ачып карап).* Алтындарым!.. Күмүштөрүм!.. *(Кекелей менен Упайнаны алмак-салмак өөп, шолоктоп ыйлап).* Ыракмат жарык дүйнөгө!.. Зыйнат Бекеевнаңардын көрөр күнү бар окшобойбу, чиркин!..

К е к е л е й. *(Орондуну Зыйнатка сунуп).* Бул сүйүнчүсүнө, урматтуу Зыйнат Бекеевна!

З ы й н а т. Олдо, Кекелей, ай-йа, жөн эле койбойсуң да, ка-ап…

К е к е л е й. Жөн эле койчу беле. Ата-бабадан келаткан салт эмеспи… Ашыкпаңыз, коё туруңузчу, Зыйнат Бекеевна! *(Бирде Зыйнатты карат, бирде Упайнаны карап)* Колуңузду бери кылыңызчы, колуңузду! *(*Өзүнүн колундагы шакекти билгизбей алып, Зыйнатка сала коёт*).* Ай-ий, сиздин колуңузга өлүп калат турбайбы!..

З ы й н а т. Ка-ап, бекерге эле убараланып… *(Шакек салынган колуна көзүнүн кыйыгын салып, анан К е к е л е й.ди өбөт. Кучагынан чыгарбастан).* Ыракмат, жаным!..

У п а й н а. *(Өзүнчө).* Шүмүрөйгөн гана шүмшүк Кекелей! Жалпайтып салбадыбы!.. Кантет элем, берип

көрөйүн *(Зыйнатка)*. Берки арзыбаган неме менден эле... Сүйүнчүсүнө!..

З ы й н а т. *(Упайнаны карабастан, Кекелейдин бетинен сүйүп)*. Секет болоюн, Упайна, жөн эле койчу, кереги эмне! *(Упайна карматкан атласты калп эле колунан түшүрүп)* Уят эмеспи!..

*Упайна эмне кыларын билбей, турган ордунда катып калат. Кыска пауза. Зыйнаттын кучагындагы Кекелей Упайнаны табалагандай жылмаңдайт.*

У п а й н а. *(Өзүнчө)*. Менин шакегим тигиникинен үч эсе кымбат... Эмне кылсам, я?!. *(Чечкиндүү)*. Кекелей шүмшүктөн кемсингенче өлгөнүм артык! *(Колундагы шакегин көрсөтпөй чечип)*. Сен чып этме менен чып эткиздиң эле, мен сени беш атар менен баң дегизбесемби!.. *(Зыйнатка)* Колуңузду бери кылыңызчы, Зыйнат Бекеевна, колуңузду!.. *(Зыйнаттын колуна шакек салып)*. Сиздин уудай колуңуздан жаркырап чыга келбедиби тим эле!..

З ы й н а т. Ка-ап, жен эле койбой... *(Шакек салынган колуна көзүнүн кыйыгын түшүрүп, анан Упайнаны кучактап өбөт)*. Ыраазымын, садага болоюн, Упайнашка!.. Ыраазымын!..

К е к е л е й. *(Өзүнчө)*. Карайган гана каракчы десе!.. Тим эле оңколотуп таштабадыбы!.. Шашпа, тойго белек алып келгенде жөн эле замбирек менен атбасамбы!..

З ы й н а т. *(Кекелейге карабай, Упайнаны кучактап)*. Адам адамга дос, адам адамга жолдош!.. Жада калса асмандагы жылдыздар бирин-бири сүйөп турушат экен, биз адамбыз да, ошолорчо болбой калыптырбызбы!

У п а й н а. Бирдики миңге, миңдики бирге!.. Укмуштай айтылган сөз го, чиркин!..

З ы й н а т. *(Упайнаны өөп)*. Вот именно!.. Адам болгондон кийин бирөө миңдин камын көрсө, миңи биригип бирдин камын көрүү керек да. Мисалга, Калматай

Каримович аксакалыңарды алсаңар... ал байкуш миңдин камын көрөмүн деп, күнү-түнү иштен башын албай, ийне жеген иттен бетер ырбайып... Элүүгө чыкпай жатып тиштери күбүлүп... бетинин баары эле бырыш... Эмне, натура сүйлөп жатамбы?

У п а й н а. Сиз эч качан натуура сүйлөбөйсүз, Зыйнат Бекеевна. Сиз дайыма туура сүйлөйсүз!

З ы й н а т. Ойлоп карасак, жарык дүйнөдө жашоонун маңызы жаңкыда турбайбы!.. Бирдики миңге, миңдики бирге!.. Укмуштай тереӊ философия жатат мында!.. Бирок анын чыныгы мааниси көрүнгөнгө эле жете бербейт тура!..

У п а й н а. Туура айтасыз, көрүнгөнгө эле жете бербейт...

З ы й н а т. *(Күрсүнүп)*. Элдин баары силердей ак тилек, таза билерман болсо, кана!.. Ай, чиркин, ай!.. Тилекке каршы, ичи тар, караниет, ашаткылар арабызда кумурскадай жайнап жүргөнүн көрбөйт турбайбызбы, шорубуз катып.

У п а й н а. Мунуңуз накта акылмандык, Зыйнат Бекеевна.

К е к е л е й. Мунуңуз барып турган көрөгөчтүк, Зыйнат Бекеевна.

З ы й н а т. Уят дегенден эчтеме жок аларда, турмуштагы табигый нерселерди заматта эле бурмалай салышат, жүзүң кургурлар!.. Мисалга, биз азыр сүйлөшкөн адамкерчиликти эле алсак... алар муну жакынына жан тартуу, көтөрмөлөө, колдоо сүйөө, жең учунан сүйлөшүү, көз ымдашуу, кымтымай-сымтымай, тиги, бу дешип, адам оозуна албаган кайдагы бир булганыч сөздөрдү күзгүдөн тунук адамга балч-балч эткизе, чаптай-чаптай салышып... Баарыдан да, ал бечеранын үстүнөн зыркыратып арыз чийишкендеричи!.. Инфаркты боломбу деп корком!

К е к е л е й. А бизчи?!. Упайна экөөбүз күнүнө оң жолдон инфаркт болуп он жолдон тирилебиз!.. Байкуш биздин кожоюндарыбызды да жөн коюшпай, шорун катырышып...

У п а й н а. Ошолордун жүзү курусун!.. Алар эки жастык бир жууркандан башка эчтемеси жок жылаңач баатырлар ичи тар, көралбастар! Алар дүнүйөгө кул болгондор көбөйүп баратат дешип... биздин айылыбызга таш ыргытышып.

К е к е л е й. Ошолор өлсүн!.. Алар элдин аброюн таптакыр ойлобогон акмактар да!..

У п а й н а. Патриот эмес! . .

З ы й н а т. Вот именно!.. Биздин жакшы турганыбыз элдин абийири эмеспи... Дүйнөдөгү эң чоң, эң бай өлкөнүн гражданы болсок... Тим кой, четтен келгендер сук артышсын биздин турганыбызга!.. В конце концов, биздин бай турганыбыз биздин улуу мамлекетибиздин даңкын көтөрүп жатпайбы!

У п а й н а. *(Зыйнаттыкындай жест менен)*. Вот именно!

К е к е л е й. *(Күйүп-бышып)*. Жаңкы шүмшүктөр аны түшүнүшпөйт!.. Түшүнүшпөйт!..

З ы й н а т. Кекелей.!..

К е к е л е й. Ау!..

З ы й н а т. Упайна!..

Упайна Ау-у-у!

З ы й н а т. *(Экөөнү эки жанына алып)*. Между нами, асылдарым!.. *(Шыбырап)*. Кербен жүрө берет, ит үрүп кала берет!.. Үрө беришсин!.., А биз болсок... Башыңарды бийик көтөргүлө!.. Мен кийинип чыгайын. Азыр күйөө бала келет!..

К е к е л е й. Ай-ий, унутуп калган турбайбызбы!.. Биз күйөө баланы көрбөдүк беле...

У п а й н а. Ооба, көргөнбүз... Мойтойгон садага болоюн, көздөрү толо эле акыл окшобойбу... Балбылдайт го тим эле!..

К е к е л е й. Адамды дароо өзүнө тартып, мээримдүүсүн айтпайсыңбы?!. Сакадай бою сары алтын деген ошол го, чиркин!..

З ы й н а т. Токтогулачы!.. Силер жаңкы кирбиндеген немени айтып жатасыңар го дейм, я?!. Ал күйөө бала эмес… Ал… бандит!

У п а й н а. Бандит?!

К е к е л е й. Бандит?!.

З ы й н а т. Ооба, мени өлтүргөнү келиптир!.. Силер болбогондо силердин урматтуу Зыйнат Бекеевнаңар так ушу жерде муруздалып жатмак!..

У п а й н а. Мына, айтпадым беле, анын бандит экенин адеп көргөндө эле билгем!.. Тиштерин кычыратып, зиркилдеп…

К е к е л е й. Көздөрү канталап… Койнунан бычагын сууруп…

У п а й н а. Мени аз жерден сайып кете жаздабадыбы, ал жүзүң кургур!

К е к е л е й. Мен буйтап кетип аман калбадымбы!

З ы й н а т. Аныңар ошондой неме… Ал эми биздин күйөө бала болсо… Сымбаттуу, талантту, маданияттуу, кичипейил, жылдыздуу… Вообщем, золотой мальчик!.. *(чыгат).*

У п а й н а. Күйөө бала ким болду экен, я?

К е к е л е й. Өзү теңдүүлөрдөн болот да!.. Зыйнат Бекеевна өлсө төмөн түшпөй калсын!..

У п а й н а. *(Күрсүнүп).* Атаганат, курган уулум куруй турган болду, ау!.. Менден уруксатсыз катын алам десең эле муунуп өлөм деп долуланып жүрүп… Бизден өйдөкүлөрдүн бирөө да кызын берчүдөн эмес… Бир жолу оозума ээ болбой, Алтынайды менин уулума бербейсизби, деп койбосмунбу!.. Зыйнат Бекеевна бир ай тултуюп жүрүп, зорго дегенде кабагын жазбадымбы, мен шордуу!..

К е к е л е й. Тең теңи менен деген ошол окшобойбу! *(Патнуска чыны көтөрүп, Алтынай кирет. Кекелей шыбырап)*. Алтынай, садага болоюн, күйөө бала ким деген экен, айтып койчу?

А л т ы н а й. Машырбек Алмакунович деген...

У п а й н а. Кайсы Машырбек?!. Ажыбайдын магазининде иштеген Машырбек эмеспи?!

А л т ы н а й. Ошол. *(Чыгат)*.

У п а й н а. Ой, анык бандит ошол эмеспи, кокуй!.. Ал биздин магазиндерде иштеп, анан биздин кожоюндарыбыз чыгарып жиберишпеди беле аны!.. Азыр айтышыбыз керек, Зыйнат Бекеевнага, ал киши жаңылган турбайбы!..

К е к е л е й. Оозуңду жап!.. Өлөлбай жүрөсүңбү?!. Качан эле Зыйнат Бекеевна жаңылчу эле?!.

У п а й н а. *(Кекелейди өөп)*. Периштесиң, Кекелеййим!.. Аз жерден акмак боло жаздап... Урматтуу Зыйнат Бекеевна өмүрү жаңылбаган киши да! Машырбек Алмакунович сымбаттуу, таланттуу, канаттуу, сабаттуу, маданияттуу...

К е к е л е й. *(Зыйнатты туурап)*. Вообщем, золотой мальчик!..

У п а й н а. *(Зыйнаттыкындай жест менен)*. Вот именно!..

*Машырбек кирет. Жым-жырт. Тиктешүү.*

У п а й н а. Куш боо бек болсун, урматтуу Машырбек Алмакунович!..

К е к е л е й. Куш боо бек болсун, урматтуу Машырбек Алмакунович!..

*Пауза*

М а ш ы р б е к. *(Эки аялдын улам бирин теше тиктеп)*. Биз көп эле кездешкенбиз... Бирин да унутканым жок!.. Силердин күйөө сөрөйүңөр бар, билем!.. Ошол башы жыдык арсыздарга кошулуп алып, ажылдап үргөн эле-

ңер бир убакта!.. Мени үстүртөн карап, кош таноодон көк түтүн бурап... Андагы түрүңөр башка эле го дейм, жаңылбасам?.. Эми болсо, бүркүттөн корголоғон чилге окшоп... Менин досум айткандай, турмуштун ташы бирде тиякка оосо, бирде биякка ооп... Чоң кичирейет, кичик чоңоёт! *(Мойнун ийнине тартып, ыңылдө тиктейт).* Силердин бар болгон дареметиңер ушул да!.. Саал эле өйдөлөй түшсөңөр өзүңөрдөн төмөнкүнүн терисин тилип, жаратына туз себесиңер, окус өзүңөр төмөндөй түшсөңөр төрт бүктөлүп жата калып, өзүңөрдөн өйдөкүнүн тамарын жалайсыңар!.. *(Тиги экөөнү демитип бурчка камап)* Бул биздин беттешүүбүздүн башталышы гана... Уландысы тетиякта жатат. Эмне, кечирсе дейсиңер го, ээ!..

У п а й н а. Ооба, кечириңиз, урматтуу Машырбек Алмакунович!

К е к е л е й. Ооба, кечириңиз, урматтуу Машырбек Алмакунович!

М а ш ы р б е к. Токтоткула сөзүңөрдү!.. Аңшаң-аңшаң этишип... Карыгандарын билбей күлүмүш болуп... жоголгула, көзүмө көрүнбөй!..

У п а й н а. Жоголдук, урматтуу Машырбек Алмакунович!

К е к е л е й. Жоголдук, урматтуу Машырбек Алмакунович!

*Машырбек жалгыз.*

М а ш ы р б е к. *(Тигилердин соңунан).* Музообаштар!.. Кескелдириктер!.. Жыландар!.. *(Пиджагын орундуктун аркасына илип)* Бардыгы тең ушу эки мастандай байкуш болуп жалбара турган күн акыры келерин башта эле билгем!.. Мен ошону көздөй жулкунуп келе жатпадымбы! *(Шыбырап)* Бирок кайсы чоңдун кызы, карындашы, жээни же балдызы мени кучагына алат деп, зарыккан элем!.. Мына эми, Калматай Каримовичтин жээни кучагына алып, менин алдымдагы караңгы жол жарык боло баш-

тады!.. Мен эми азыркы замандын бууданына мына минтип минип алып… *(Орундукка минип)* Мага бөгөт болгон каракчыларды биякка жалпайтып, тиякка жалпайтып… анан желден башка эч бир тоскоолу жок жол менен… дикидик, ди-ки-дик, дики-дик… Ур-ра-а-а!

*Шакийна кирет.*

Ш а к и й н а. Машырбай!… Атактуу чабандес!.. Жарашып калат турбайбы сага! Ха-ха-ха..

М а ш ы р б е к. Туруп-туруп эле балалыгымды эстеп кетсем болобу!..

Ш а ки й н а, Балалыгын эстеген жакшы да…

М а ш ы р б е к. Сени күтүп отуруп жинди болуп кете жаздабадымбы!..

Ш а к и й н а. *(Машырбекти өөп)*. Менин жинди болуп кете жаздаганымдын далили… А сеники эмнегедир байкалбайт го… Көп болдубу келгениңе?

М а ш ы р б е к. Андан бери бүтүндөй бир доор өткөндөй болду!

Ш а к и й н а. Ай, ай, ай, кыйын болгон экен да… эчтеке эмес. Мен эрте эле келет элем… Бир кишинин жүрөк оорусу кармап… врач менен кошо барып, укол жасап келдим.

М а ш ы р б е к. Биз адам деп жашап жүрбөйбүзбү, Шакийна. Күйүмдүү болгонуң жакшы.

Ш а к и й н а. Машырбек!.. Эч болбогондо бир жолу өөп койсоң боло!..

М а ш ы р б е к. Ах, Шакийнам!.. Шакийнам!.. *(Мойнунан, бетинен, көзүнөн өөп)*. Менин кан тамырым каккан сайын кыялымда өөп жатпаймынбы! *(Өзүнчө)*. Азыркы замандын Джокондасынын Джокандасын өпкөндөн текебер кылчу элем… Эми болсо… Айла канча, чыдаш керек! *(Шакийнага)* Азыр келем Шакийнам!..

*Чоң чынылар коюлган патнус көтөрүп, Алтынай кирет.*

*Машырбек чыгат.*

А л т ы н а й. Сизди батыраак келсе деп, сиздин келишиңизди аябай эңсөөчү болдум!..

Ш а к и й н а. Алтынайым!.. Жаным!.. Мен бардыгын билип турам. *(Алтынайды өөп)*. Чыдай тур. Мен бир кемпир менен квартира жөнүндө сүйлөшүп койдум. Той өтсүн. Анан… Сен биз менен бирге турасың. Жок, жок, жок. Мен кызматка да үлгүрөм, үй-оокатын да кылам… Сен окуганды гана билишиң керек.

А л т ы н а й. *(Кучактап)*. Ах, Шакийна эже, Шакийна эже!.. Мен десеңиз өзүңүздү ойлонуңузчу, макулбу?

Ш а к и й н а. Бул эмне дегениң, Алтынай!?.

А л т ы н а й. Сиз өтө эле ишенчээксиз. Бат эле алданып каласыз..

Ш а к и й н а. Ырас, Алтынай. Айрымдар мени аябай жекиришет… сен кудайы момун шордуусуң дешип… Ал эми алдамчылар болсо, акты ак, караны кара деген сендей наристеге ушу гана керек болчу дешип, мени алдагандарына кубанышып, менин ишенчээктигимди мыскылдап күлүшөт окшойт… Ким билет, мүмкүн алардын да өздөрүнчө чындыгы бардыр… Бирок мен башка пикирдемин. Мени алдаган киши акыры барып өзү алданып калатко деп ойлойм. Себеби, ал менин ишенимимен айрылат да!.. Ал эми адамдардын ишениминен айрылып жашоо деген… менимче, ал жашоо эмес!..

*Машырбек кирет.*

М а ш ы р б е к. Кана, Шакийна…

Ш а к и й н а. Сен иче тур, мен азыр…

М а ш ы р б ек. Бат келгин.

Ш а к и й н а. Учуп келем…

*Шакийна чыгат. Алтынай Машырбектин алдына чоң чыныдагы ашты коёт.*

М а ш ы р б е к. Бу эмне деген адепсиздик?!. Отургандан кийин койбойсуңбу!

А л т ы н а й. Келе, ичпесең?

М а ш ы р б е к. Ай, ай, ай!.. Бейбаштыгыңды кой! *(Чынына Алтынайдан алып, алдына коёт... Көзүн ирмебестен теше тиктеп).* Биздин өлкөдө миллиондогон кыздар артык баш, эркектер жетишбейт, билесиңби ошону?

А л т ы н а й. Эмне, гарема курайын дедиң беле?

М а ш ы р б е к. *(Ордунан туруп).* Ты смотри, а!.. Жүгүргөндөн чемпионка дешет сени. Турна шыйрак турбайсыңбы, мүмкүн. Анан дружинниктерге кошулуп, көчөдө тартип сакташат дешет.,.

А л т ы н а й. *(Кетенчиктеп).* Тамагың сууп калды...

М а ш ы р б е к. Драмкружокто да ойнойт имишсиң. *(Айлананы карап)* Вообщето-ничего!.. Кадр, что надо!..

А л т ы н а й. Жакындабагын!..

М а ш ы р б е к. Менин бул дүйнөдө бир гана арманым бар. Чемпионканы өөп көрө элекмин. Күн жыттанып турат дешет!.. Эмне качасың, акылсыз кыз? Машырбек Алмакуновичке сүйдүргөнүңө кайра сыймыктанбайсыңбы!..

А л т ы н а й. Жакшылык менен айтам, тарткын колуңду!.

М а ш ы р б е к. Ты смотри, а!.. Менин каалаганым каалагандай болот! Сен мага керексиң!..

*(Машырбек Алтынайды кучактап өбөм дегенде, Алтынай самбо ыкмасын колдонуп, көзгө илешпеген кыймыл менен тигини диванга көтөрүп урат. Колун катуу бурайт. Машырбек кудайга үнү жетип кыйкырат. Зыйнат жүгүрүп кирет).*

З ы й н а т. Алтынай!.. Бул эмне кылганың, арам катын!... Өлүп баратасыңбы, көз көрүнөө эркек кишини баса калып... *(Аптынай кетет, Зыйнат сөзүн улап).* Тура кой, садага болоюн, эмне болуп кетти, айтчы?!.

М а ш ы р б е к. Ах, Зыйнат Бекеевна, күнүлүгү да курусунчу!.. Эрден чыккан салбарга жабышпай, мага үйлөнбөйсүзбү деп асылганынан, көкүрөккө түртүп кой-

сом... балакет баскыр, самбистка турбайбы тарс дегизе көтөрүп уруп...

З ы й н а т. Өлүгүңдү гана көрөйүн жаман Сабыркул, сени элеби!..

М а ш ы р б е к. *(Алдын тороп)*. Зыйнат Бекеевна!

З ы й н а т. Эмне дейсиң, жаным?

М а ш ы р б а й. Сиз ага түкүрүп таштаңыз!.. Анан, жаңкы Упайна-Супайна, Кекелей-Мекелей деген салпаяктарды келтирбеңизчи! Мен каалабайм аларды.

З ы й н а т. Адам деген эмне үчүн кош аяктап түз басат, билесиңби ошону, садага болоюнум? Анын сүйөптаяп турган сыйкырчылары болот. Упайна менен Кекелейдин баасы алтындан да кымбат! Жаман көрбө ал байкуштарды!..

М а ш ы р б е к. Бүттүңүзбү?!. Анда эмесе... Айтканым айткан!.. Экинчи бул маселеге кайрылбайлы.

З ы й н а т. *(Акырын, заардуу)*. Кайра кайталап койчу, садага болоюнум, каңырыш угуп жүрбөйүн?!.

М а ш ы р б е к. Мен бир айтканымды экинчи кайталабайм!..

З ы й н а т. *(Атырылып)*. Ким менен сүйлөшүп жатканыңды унутуп койсоң керек, бала!..

М а ш ы р б е к. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. Столду муштап. Болду!.. Сен гана тургай, областтын бир бучкагын чоюп турган Калматай да өйдө карай албайт мени!.. Кимди чакырам, кимди коём, кимди урушам, кимди эркелетем, кимди оолактатам, кимди жакындатам, ишиң болбосун! Ал менин ишим!..

М а ш ы р б е к. *(Акырын, заардуу)*. Ким менен сүйлөшүп жатканыңызды сиз да унутуп койсоңуз керек, жолдош... аял!..

З ы й н ат. Машырбек Алмакунович!..

М а ш ы р б е к. *(Столду койгулап)*. Жетет!.. Жетет!,. Жетет!.. *(Шыбырап)*. Мен обкомдун биринчи секрета-

рынын аялынын таякесинин балдызынын уулумун! Мына, көрдүңүзбү мына бул сүрөттү!.. Бул областтын кожоюну, а мунусу болсо, тааныгандырсыз?!. Ал мен!.. Так, что кимди каалаймын, кимди каалабаймын, ал менин ишим. Менин суверендүү укугума кимдир бирөөнүн абийирсиздик менен кол салуусун каалабаймын!..

З ы й н а т. *(Өзүнчө)*. Көз карандымын, кантейин, болбогондо... Аттиң сени!.. *(Машырбекти карап)*. Хе-хе-хе... Анда-санда ушинтип чарпышып албасак, замана ушундай, нервилерибиз чыңалып турат, бук болуп өлүп кетпейбизби. Анткен менен мейли... Сен айткандай эле болсун!..

М а ш ы р б е к. Это другой разговор!

З ы й н а т. Машырбек!..

М а ш ы рб е к. Валяйте...

З ы й н а т. *(Шыбырап)*. Айта алдыңбы... тиги... кожоюн аксакалга?

М а ш ы р б е к. Эмнени?

З ы й н а т. Калматай Каримовичтин бир тууган жээнине үйлөнгөнү жатам деп...

М а ш ы р б е к. Кереги эмне?!.

З ы й н а т. Жакының болгон соң, биз менен сөөктөшүп жатканыңды билиш керек да ал киши.

М а ш ы р б е к. Башкалардан билсе билер, бирок мен атайы барып сүйүнчүлөбөйм. Эч качан!..

З ы й н а т. *(Баштагыдай эле шыбырап)*. Мен сага аябай уступка жасадым. Ар кандай иште компромисс болушу керек да!

М а ш ы р б е к. Чоң орундагы жакыныңа жакшылык тилесең, аясаң, урматтасаң... Ага жакынмын деп бир да жанга ооз ачкан болбойт. Так, что акылыңыз бар, түшүнөсүз, мен алардын үйүнө барбайм. И, сүйлөшпөйм да. Сыртынан гана кубанып коюп жүрө берем!.. Маданияттуу кишилер ушинтишет...

З ы й н а т. Байкап карасам, Зыйнаттын ким экенин билбейт окшобойсуңбу, садагасы!..

М а ш ы р б е к. Билебиз!

З ы й н а т. *(Чорт)*. Жок! *(Табалуу күлүмсүрөп)* Сен кожоюн аксакалга барып сүйлөшөсүң!.. Окус кемпайлык кылып барбай койсоң, анда мен өзүм барам!..

М а ш ы р б е к. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. Кур кол барбайм…

М а ш ы р б е к. Сиз эмне кутуруп кеткенсизби?!.

З ы й н а т. Азырынча жок. Керек болсо, кутуруп да коём!..

М а ш ы р б е к. Эрк өзүңүздүкү. Кутура бериңиз. Мага эмне?! Бирок мен эч кайда барбайм.

З ы й н а т. Барасың, садагасы!..

М а ш ы р б е к. Көп-көп ачуумду келтирбеңиз!

З ы й н а т. Али да кеч эмес. Ойлонгун!

М а ш ы р б е к. *(Столун муштап)*. Хватит!.. Мен чычкан эмесмин сизге!. Ойнотпоңуз!.. Мен эч кимден коркпойм.

З ы й н а т. Чычкан эч жок десе чыйпылдайт, а сенин чыйпылдаганга да кудуретиң келбей калат!

М а ш ы р б е к. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. *(Тырмактуу колдору мепен улам тап берип, киркиреп)*. Чыгарба үнүңдү, арсыз!.. Акылсыз!.. Кемпай!.. Кепшир!.. Шүмүрөй!.. Шүмшүк!..

М а ш ы р б е к. *(Столду айланат кетенчиктеп)*. Бетти апчыбаңыз!.. Бет бузулат!.. Көзүм агып калат!.. Жапайычылык!.. Мыкаачылык!.. Так нельзя!..

З ы й н а т. Нет, можно!

М а ш ы р б е к. Тартыңыз колуңузду!.. Минтсеңиз, Шакийнага үйлөнбөй коём. Ей богу!..

З ы й н а т. Үйлөнөсүң, садагасы!.. Каалассам, Шакийна эмес, токсондогу кемпирге да үйлөнтүп коём сени!

М а ш ы р б е к. Мыскылдабаңыз мени!.. Мен жол бербейм!.. Я решительно протестую!..

З ы й н а т. *(Мурдагысындай эле каардуу күлүмсүрөп, акырын)*. Жанталашбагын!.. Андан көрө, канча кызды алам деп коюп, зар ыйлаттың эле, эстечи?!.

М а ш ы р б е к. Чепуха!.. Мен эчтеме билбейм!..

З ы й н а т. Сен билбегениң менен эки баланын энелери билет да!..

М а ш ы р б е к. Ушак!..

З ы й н а т. *(Көкүрөгүнөн конвертти шарт суурул чыгып)*. А булчу?!. Бул эмне дейсиң?!. Булар, сенден төрөлгөн эки баланын энелеринен түшкөн арыздар!.. Эмне, жалаң эле ошолор дейсиңби?!. Жо-ок, садагасы, сенин ар кыл темный жоруктарың тууралуу толгон-токой фактылар жатат мында, санатың жетпейт!.. *(Алыстан көрсөтүп)*. Таанийсыңбы мына бул сүрөттү?!. Мына бул бадал ичинде өлөрчө мас болуп отурган ойрондор ким, карачы?!. Мунусу сен, а тигиниси болсо... абройдуу эле чоң адамдын аялы!.. Ал кишиге муну көрсөтчү болсом... Кана, барасыңбы же жокпу?!. *(Кыска паузадан кийин)*. Ну, хорошо, андай болсо, ушунун баарын көтөрүп алып, мен өзүм барам обкомдун секретарына. Азыр эле жөнөйм!..

М а ш ы р б е к. Зыйнат Бекеевна!.. Мен макулмун. Ишениңиз.

З ы й н а т. Мен ишенем, бирок анда барганың тууралуу далил ала келишиң керек.

М а ш ы р б е к. Кандай далил!?.

З ы й н а т. Аны өзүң ойлоп тап. Иши кылып, кожоюн аксакалдын же кожоюн аксакалшанын колунан чыккан нерсе болсо болду.

М а ш ы р б е к. *(Кыска паузадан кийин)*. Апкелем далилди!..

З ы й н а т. Бир гана айтарым, алдоочу болбо. Алардын үйүнө кирип чыкканыңды менин кишилерим акмалап турушат. Ошентип, сүйлөштүк ко?

М а ш ы р б е к. Сүйлөштүк.

З ы й н а т. Мына, мага ушул гана керек болчу.

М а ш ы р б е к. Эми сиз дагы уступка жасаңыз.

З ы й н а т. Ылайыктуу болсо, пожалуйста.

М а ш ы р б е к. *(Зыйнатты теше тиктеп)*. Мен обкомдун биринчи секретарынын аялынын таякесинин балдызынын уулу экенимди бизден башка бир да жан билбеши керек!

З ы й н а т. Бир да жан билбейт!..

М а ш ы р б е к. Кожоюн аксакал менен кожоюн аксакалшага менден башка эч ким барбашы керек!..

З ы й н а т. Эч ким барбайт!..

М а ш ы р б е к. Бардык байланыш мен аркылуу гана болот!..

З ы й н а т. Сен аркылуу гана болот!..

М а ш ы р б е к. Биз аларды сакташыбыз керек!

З ы й н а т. Сакташыбыз керек!

М а ш ы р б е к. Сүйлөштүкпү?

З ы й н а т. Сүйлөштүк.

М а ш ы р б е к. Эми деловой разговорго өтөлү.

З ы й н а т. Валяй!

М а ш ы р б е к. Тойду мен өзүмдүн эсебимен өткөрөйүн деп чечтим.

З ы й н а т. Эмне үчүн!

М а ш ы р б е к. Күйөө болсо, Калматай Каримович менен Зыйнат Бакееванын күйөө баласындай болсун дешип… Мен сиздердин атак-даңкыңыздар жөнүндө ойлошум керек… Мынакей, Зыйнат Бакеевна, «Жигули» алайын деп жүргөн бир аз тыйыным бар эле… Алыңыз!..

З ы й н а т. Садага болоюнум, жандын катуусу элем, жашытып жибердиң го…

М а ш ы р б е к. Аябаңыз!.. Чачыңыз!..

З ы й н а т. *(Акчаны кайра берип)*. Жок!.. Салып кой чөнтөгүңө!.. Күйөө бала бир машинелик акчасын

бүт зарып кылды деп, тойго келгендердин баарына жар саламын!..

М а ш ы р б е к. Зыйнат Бакеевна!..

З ы й н а т. Ашыкпа, садага болоюнум... Сенин адамгерчилигиң үчүн бар го... бир «Жигули» биздин мойнубузда... Бөөдө кырсыктардан тышкары турсак, эптейбиз!.. Ишене бер мага!.. Бул Зыйнат Бакеевнанын сөзү!.. Железно!..

М а ш ы р б е к. *(Зыйнатты кучактап өөп)*. Жеңекебай!..

З ы й н а т. Кантет, кантет, кантет!.. М-м-м-м...

М а ш ы р б е к. *(Зыйнатты кучагынан чыгарып, өзүнчө)*. Сени өпкөнүм жок!.. Ашаткыдай кылып сени өпкөндөн көрө... түва, түва, түва!.. Мен өзүмө кайтарып берген акчамды жана да сен убада кылган машинаны өптүм! *(Зыйнатка)* Шакийнаны ээрчитип келейин, жеңекебайлык!.. *(Чыгат)*.

З ы й н а т. *(Эми эсине келип)*. Өлүгүңдү гана керөйүн, борколдой десе! Түва!.. Түва!.. Түва!.. Эч ким көргөн жокпу деги?.. Ай, кудай, ай!.. Анан калса, өпкөндө тим эле адамдын жанын сууруп... *(Күрсүнүп)*. Жаш эмеспи!.. Өх!..

*Диванга отуруп, кучагын жайып, кандайдыр ырахаттана көзүн жумат.*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Үчүнчү сүрөт*

*Супатайдын квартирасы. Торшердин жарыгынан тамак ичүүчү бөлмөнүн ичи күңүрт шоолаланат. Наркы терки басып, Зулайда тынчсыз. Бир жакка телефон Чалмакчы болуп, айныйт. Жер карап, ойлуу Супатай кирет.*

С у п а т а й. Зулайда!.. Кайдасың? Батыраак! Өлүмдөн башканын бардыгынын тез болгону жакшы... Болочок тагдырыбыз жөнүндө сөз болгону жатат. Тез!.. *Ах, шайтан бассын мени!.. Караңгыда темселеп... (Жарыкты күйгүзүп).* Күнү бою көрбөгөнгө куса болуп... Токточу!.. Сен эмне, ыйладыңбы? *(Зулайда башын ийкейт).* Эмнеге ыйладың?!.

З у л а й д а. Жөн эле...

С у п а т а й. Жөн ыйлабайт, Зулайда. Ар нерсенин себеби болот.

З у л а й д а. Барчы, байболгур...

С у п а т а й. Зулайда!.. Бери карачы!..

З у л а й д а. *(Ыйлап).* Эмне асыласың кишиге, бар дебедимби!..

С у п а т а й. Машырбек үйлөнгөнү жатат дегенимде, трубканы таштап, ыйлап жиберген элең!.. Шайтан бассын мени, ошого акылым жетпей... Сен Машырбекке ичиң күйүп өңгүрөгөн экенсиң да, көрсө!.. Жооп бер!.

З у л а й д а. Супатай! Кысканчактык эскинин сарқындысы... азыркы күндүн адамына жарашпайт!.. Уят!..

С у п а т а й. *(Өзүнчө).* Бул эмне дейт, э?!. Машырбектин айтканын кайталап... Зулайда!..

З у л а й д а. Ай, жүрөгүм, ай!..

С у п а т а й. Өзүнүн махабаты үчүн айгырлар тиштешет, букалар челишет, короздор тебишет!.. Алар өлүмдөн да кайра тартышпайт!.. Макоо жаныбарлар ошентишет, ээ! А мен болсом, адам турбаймынбы!..

З у л а й д а. *(Акырын, заардуу).* Супатай, кудай жалгагыр!..

С у п а т а й. Сүйлөбө, Зулайда!.. Силер бул сөздү менин кыраакылыгымды мокотуш үчүн ойлоп тапкан турбайсыңарбы?!.

З у л а й д а. Супатай!..

С у п а т а й. Болду!.. Мен эч кимге алдатпайм! *(Өзүнчө)* Мен ага боор ооруганымдан үйүмө апкелбедим беле, көрсө

өзүмдүн шорумду жетелеп келген турбайымбы! *(Аялына)*. Мейли, артта калган деп былжырашкысы келсе, былжырай беришсин, алдыңкы атка конот элем деп, сүйүүмдү башка бирөөгө салып бере албайм!.. Мен өмүр бою кысканам!.. Сен үчүн ким менен болбосун челишем, текөөрлөшөм, чайнашам!.. Өлүп да берем! *(Тиштенип)* Машырбек жүзү кара!..

З у л а й д а. Музообаш, кескелдирик, жылан…

С у п а т а й. Ким?!.

З у л а й д а. Машырбек!..

С у п а т а й. *(Таңданып)* Эмне-е?!.

З у л ай д а. Ал алдамчы, шыпыр, бузуку, шүмшүк жана башка.

С у п а т а й. Сен эмне деп жатасың, я?!.

З у л а й д а. Угузба мага аныңды! И, вообще аныңдын киши сыягы жок, канткенде ошого күйүнөсүң, айтчы?!. Чыпалагыңа тең келсе экен!..

С у п а т а й. *(Суроолуу)*. Зулайда?!.

З у л а й д а. Ангинанын азабынан кусаланып үйдө отурсам, ахвалың кандай деп бир ооз сураганга жарабай, кайдагы бир акмактын үйлөнгөнүн сүйүнчүлөп… Кимге таң дейсиң анын үйлөнгөнү?!. Мен сени эч бир жанга теңебейм деп канча айтам сага!..

С у п а т а й. *(Аялынын тизесин кучактап)*. Зулайда!.. Бөжөгүм!.. Ушул сенден күмөн санап… Шайтан бассын мени!.. Болду, мындан ары ооз ачсам эмне дейсиң… *(Аялынын бетинен сүйөмүн деп, бою жетбей, нары-бери чебеленип, акыры диванга чыга калып өбөт. Анан эки ийнине колун артып, ырахаттана сөзүн улайт)*. Эми менин сөзүмө кулак салчы… Жакшылап ук.

З у л а й д а. Дүйнөдө бардыгы өзгөрүп турат, Зулайдашка, түбөлүктүү эч нерсе жок… Кичик чоңоёт, улук кичирейет!.. Ошондуктан тиги кичик экен деп, кичикке текебер мамиле кылган болбойт, Мен урматтуу Машырбек Алмакуновичке дайыма агелпек мамиле кылуучумун!

З у л а й д а. *(Күрсүнүп)*. Ай, кудай, ай!.. Кайдагы бир адамдын салбарын пилге теңеп… Урматтуу Машырбек Алмакунович деп… Эмне болуп баратабыз деги?.. Ушунчалыкка жеткидей эмне кыстап жатат бизди, айтчы?!.

С у п а т а й. Жашоо кумары!.. Улам бийикке умтулуу ар адамдын канында бар эмеспи!.. *(Шыбырап)*. Калматай Каримовичтин бир тууган жээнинин күйөөсү урматтуу Машырбек Алмакунович бир ооз гана сүв деп койсо… бүгүнкү карапайым сатуучулар Зулайда Кашкаевна менен Супатай Атанович эртең эле бирден магазинди кучактап калбайт бекен, шайтан баскырдыкы!

З у л а й д а. Жашоо кумары деп… Ушинтип өзүн-өзү маскара кылып, боортоктоп барып жетет экен да бийиктикке?!.

С у п а т а й. Анын бирден-бир даңгыр жолу ошол болсо кайда кетмек элек?!.

З у л а й д а. Жерге кирсин ошентип күн көргөнүң!.. Кереги жок мага… Антип өзүмдү кор кылып бийикке чыкпай эле койдум. Менин көзүмчө жаңкы немени урматтуу Машырбек Алмакунович дечү болбогун.. Ошол бекерчи ким болуп калыптыр… Жолотбогун, уктуңбу?!.

С у п а т а й. Зулайда!..

З у л а й д а. *(Күйөөсүнүн сөзүн жулуп алып)*. Адам болуу керек, Супатай! Болгондо да телегейи тегиз таза адам болуу керек!.. Ал эми жаңкы балитиңди болсо… вон отсюда!..

С у п а т а й. *(Өзүнчө)*. Мына, айтпадым беле!.. Зулайда баштатан эле жининдей көрчү ал акмакты! Кой, эптеп жумшартбасам болбой калды *(Зулайдага)*. Сен Зулайда Кашкаевна, мен Супатай Атанович болгонго чейин… Аны ар кандай амал менен өзүңө тартуунун жолун изде!.. Ар кимдин могущественный колдоочусу болууга тийиш! *(Зулайда унчукбай жер карайт, Супатай*

*сөзүн улап)*. Азыркыдай ыңгайлуу учур оңой менен колго тийбейт. Кана, жообуңду бер, Бөжөгүм!..

З у л а й д а. Болуптур анда.

С у п а т а й. Бүркүт бөжөктү бөктөрүп кетет экен дейт! *(Аялын көтөрүп, нары-бери темтеңдеп)*. Болгондо да алгыр бүркүт экен дейт, шайтан баскырдыкы! *(Жыгылат. Аялынын астында калып, анын бетинен өпкүлөп)*. Өлүп кетем го!!. Өлүп кетем го!.. Сүйүү кумарым канбай жатса кантем?! Бирок ар нерсенин чеги болот. Жетет, Бөжөгүм. Өлүмдөн башканын бардыгынын тез болгону жакшы. Ишке киришели.

З у л а й д а. Ошентели.

С у п а т а й. Миң күнкү сиз-бизден, бир күнкү чыж-пыж артык. Сөзсүз, чыж-пыж эткен куурдак менен көбүрүп-жабырган шампандар да далай иш бүтүрөт деги... Азыр ирдүүрөгүн ойлошубуз керек. Кана, урматтуу Машырбек Алмакуновичтин тоюна эмне алып барсак экен?..

З у л а й д а. Сен айтчы.

С у п а т а й. Беш жүз рубчик накталай, бир килем...

З у л а й д а. Кайсы килемди дейсиң?

С у п а т а й. Албетте, түркмөн килеми болот да...

З у л а й д а. Сүйлөбө!.. Мен эмне, килемсиз калмак белем...

С у п а т а й. *(Амалдуу жылмайып)*. Сенин дүнүйөңдүн баары мамандыкында жатпайбы, Бөжөгүм!..

З у л а й д а. Жатса эмне экен?.. Артык дүнүйө баш жармак беле!

С у п а т а й. Жакшылап ойлонгун, Зулайда! Баягы Машырбек жок. Азыр ал Калматай Каримовичтин... анын могущественный колдоочусу, домкраты бар! *(Зулайда аны сынагандай тиктейт. Супатай сөзүн улап)*. Азыр Машырбек Алмакуновичтин түкүрүгүн түшүрбөй, алаканына тосуп алуучулар четтен чыгат. Тарттырып жиберебиз!..

З у л а й д а. Ай, макул эмесе… Табылаар, ээ?

С у п а т а й. Он эсе туудуруп албай жаныбыз жокпу!.. Бол дасторконуңду жайнатып жибер, Машырбек Алмакунович азыр келет…

З у л а й д а. Азыр элеби?!.

С у п а т а й. Ооба. А мен болсом…

З у л а й д а. Анда мен кыймылдайын… *(Кухняга атып чыгат).*

С у п а т а й. *(Кагаз, ручка алып).* Ресторандан музыканттар албайбыз, ооздору бош, кулкундары чоң… Так, так, так… Театрдан ырчы кыздарды сөзсүз чакыруу керек… Кадрлар да! Андан кийин коноктордун тизмесине келсек… Биринчиден алардын бардыгы тең март, ооздору бекем, и, ниеттери түз болууга тийиш. Экинчиден, зыкымдар менен шалпык ооздорду желкебиздин чуңкуру көрсүн! Ошентип, жаза баштадым эмесе… *(Түрдүү закускаларды камдап, Зулайда кирет. Коңгуроо угулат. Супатай атып туруп)*, Машырбек Алмакунович келди окшойт! Кире бериңиз, Машырбек Алмакунович! *(Бараков кирет).*

С у п а т а й. *(Таңданып)* Ажыбай Баракович?!.

Б а р а к о в. Саламатсызбы, Зулайда.

З у л а й д а. О, Ажыбай Баракович!.. Чакырып келтире албаган кишибиз. Келиңиз. Жакшы болбодубу!..

Б а р а к о в. *(Зулайданын колунан өөп).* Сизди сыркоолоп жатат дешип… кандай, жакшы болдуңузбу?..

З у л а й д а. Ырахмат, Ажыбай Баракович. Биякка өтүңүз.

Б а р а к о в. Мен кыйын ахвалда калдым, Супатай Атанович…

С у п а т а й. Балким, биз жардам кылып жүрбөйлүк?.. Отурсаңыз.

Б а р а к о в. Шакийна, Машырбекке чыкканы жатыптыр дегениңизде ырасын айтайын, эсим ооп калды.

Ишенгеним жок. Албетте, ким кимге чыгат, ар ким өзү билет деңизчи, ошентсе да чыным менен Шакийнага жаным ачып… Ар кыл ойлор менен көчөдө жүрүп үйгө келсем… Шакийна өзү телефон чалып, тоюна чакырып калса болобу.. Мен, эмне кылышты билбей… Кечирип коюңуздар…

С у п а т а й. Мунун эмнесине ыргылжың болосуз, Ажыбай Баракович. Барыш керек!.. Той деген кубаныч да!..

З у л а й д а. Шакийнанын өзү жакшы көрүп чакырып жатса, а сиз барбай койсоңуз, ал бечарага кыйын болот го…

С у п а т а й. Албетте…

З у л а й д а. Сынып калбайбы!

С у п а т а й. Сөзсүз.

Б а р а к о в. Мен чыным менен жакшы көрүп калдым сизди, Зулайда… *(Супатай, Бараков менен Зулайданы астыртан шектүү карайт. Бараков сөзүн улап)*. Сиз мага окшош түз экенсиз. Жакшыны жакшы, жаманды жаман деп…

С у п а т а й. *(Бараковдун сөзүнө аралжы болуп)*. Мына мунуңуз адилет сөз, Ажыбай Баракович!.. Зулайданын мүнөзү… Же, же!.. Мөлтүлдөткөндү таптакыр билбейт!..

Б а р а к о в. *(Зулайдадан көзүн албай)*. Жакында эле көчөдөн жолугушуп калбадыкбы… Сиз жаңкы Машырбек деген менен келаткан экенсиз *(Супатай мостоё калып, астыртан аялын тиктет. Бараков сөзүн улап)*. Анан сиз менин жанымда калып… Эмнегедир Машырбек туурасында ортобуздан талаш чыгып кетпедиби. Сиз аны аябай жактадыңыз, а мен өзүмдүн кескин пикиримди айттым *(Супатай, Зулайдадан көзүн албай, орундукта ойдолой баштайт. Бараков сөзүн улап)*. Сиздин өз пикириңиз болгону дурус, Зулайда. Мага абдан жагат!

С у п а т а й. *(Аялынан көзүн албай)*. И, албетте, албетте!..

Б а р а к о в. Айтыңызчы, Зулайда, Машырбекти жаман көрүп туруп тоюна барсам, туура болор беле??! Менимче туура болбойт. Мүмкүн эмес, ыраспы?

С у п а т а й. Кечиресиз, Ажыбай Баракович. Сиз Машырбекти жаман көргөнүңүз менен, Шакийнаны жакшы көрөсүз да! Ушундай эмеспи?

Б а р а к о в. Мен аны жанга теңебейм. Шакийна алтындай бала!

С у п а т а й. Андай болгон соң, баруугa милдеттүүсүз.

Б а р а к о в. Демек, Шакийнаны караганда күлүп, Машырбекти караганда мостоюп отурушум керек экен да?!.

С у п а т а й. *(Аялын тиктеп)*. Сыртынан жек көрүмүш болуп, ичинен жалбаргандар толуп жатпайбы бул дүйнөдө!..

Б а р а к о в. Адамда абийир деген бар эмеспи, Супатай Атанович... Эгер сиз айткандай кылсам... Кечиресиз, мен анте албайм! *(Ордунан туруп)*. Өзүмдүн баамымда менин бир гана дурус жерим бар. Мен башкача да, өзүмө да өмүрү калп айткан жан эмесмин!..

С у п а т а й. Ушул сөзүңүздөн кийин, мен жеңилдим, Ажыбай Баракович! Байкап карасам, барбаганыңыз оң окшойт. *(Аялына көзүнүн кыйыгын салып)*. Өзүнө да, башкага да калп айтып, эки жүздүүлүк кылуу... бул жеткен төмөнчүлүк!

Б а р а к о в. Сиз мага жооп бербей койдуңуз го, Зулайда. Бир ойдон сиздики туура. Үй-бүлө маселеси ыйык маселе. Мейли, Шакийна таарынса таарына турсун, кийинчерээк түшүнөөр. Мен ага эчтеме айтпаймын да, тоюна да барбаймын!.. Все!..

З у л а й д а. Кайтасызбы, Ажыбай Баракович... тамак ичип кетсеңиз болбойт беле.

Б а р а к о в. Ыракмат, Зулайда *(Колунан өөп)*. Саламатта калыңыз...

С у п а т а й. Жакшы барыңыз. *(Узатып коюп, кайра кирет)*. Күндүзү Машырбек менен кечөдө бассаң, анан жаңкы карыган бузуку менен талашып, Машырбекти жактасаң… Анан деле, жинимдей көрөм аны… чыпалагыңа теңебейм деп…

З у л а й д а. Супатай!..

С у п а т а й. *(Кимдир бирөө мууптуп жаткандай киркиреген басыңкы үн менен)*. Токтот!.. Токтот!.. Токтот!.. Түбөлүккө алдагың барбы?.. Болбойт!.. Мен эми алдатпайм сага!.. Ал сволочту бар го…

З у л а й д а. Туура. Анын сволочь экени жалган беле?!.

С у п а т а й. *(Столду муштап)*. Токтот дебедим беле!.. Ушинтсем эле кайра-кайра кылтакка илинет деп… тапкан экенсиң майбашты!.. Жо-ок!.. Мобунун ичи толо эмне деп ойлойсуң я?!. Бул кибернетикалык машинадан да кыйын иштейт!..

Зулайда *(Кулүмсүрөп, муңайым)*. Супатай!.. Жаным!..

С у п а т а й. Жакындабагын мага!.. Мекиренип коёт, ошентсем эле эрип кетет деп турасың го!.. Жок! *(Көкүрөгүн тарс-тарс уруп)*. Мына бул көөдөн толо намыс!.. Намыс!.. Намыс!.. Сенин калп мекиренгениңе намысымды сатпайм! *(Үнүнүн бардыгынча ачуулу кыйкырып)*. Сен азыркы келген бузуку чал менен да соо эмессиң!!

З у л а й д а. *(Оң жак дубалга такай турган күйөөсүнүн жанына атып барып, үнүнүн бардыгынча каткырып күлөт)*. Ха-ха-ха!.. Ха-ха, ха!.. *(Супатай оозун ачып, таңыркап карайт. Зулайда шыбырап)*. Береки калактай дубалдан чүчкүрсөң угулат. Зулайда менен Супатай тытышып жатышат деп… кошуналар эми эле жайышпайбы! *(Үнүнүн бардыгынча каткырып)*. Ха-ха-ха!..

С у п а т а й. *(Өзүнчө)*. Тов-ва-а!..

З у л а й д а. *(Оң жак дубалдан алыстап, тескери карап ыйлап)*. Бирөөгө кошулуп бирөөнү жамандаба деп,

өзү үйрөтүп коюп... Мен бар болгону сенин айтканыңды аткаргам...

С у п а т а й. Сүйлөбө дедим, сүйлөбө, дейм! *(Тып басылат. Өзүнчө)*. Токточу!.. Ырастан эле жаңкы карган айбанга кошулуп алып, жамандашканда болбойт эле да?!. Туура!.. Ай, менин акмактыгым, ай-йя! *(Аялына)*. Зулайда!.. Зулайдашка!..

З у л а й д а. Жолобо!.. Мен мамамкына кеттим!.. Экинчи келбейм!..

С у п а т а й. *(Аялынын алдынан тороп)*. Ушу сендей алтындан күмөн санап... Шайтан бассын мени! Зулайдам!.. Бөжөгүм!.. Улагым!.. Козум!.. Тайым!.. Музоом!..

З у л а й д а. Супатай!.. Экөөбүздүкү эми «же, же» болуп калды. Же мен кетем, бул үйдөн, же сен өзүң... вон отсюда!

Су п а та й. Мен эч кайда кетбейм. И...

З у л а й д а. Анда мен кетем! Тургун мындай! *(Эшикке жетип токтойт)*. Жок, мен соо кетпейм. Сени жайлап туруп, анан кетем!..

С у п а т а й. *(Бүжүрөп)*. Зулайдашка!.. Бөжөгүм!..

З у л а й д а. Чыгарба үнүңдү!.. Жайлайм! *(Атырылып барып, Супатайды бек кучактап дембе-дем өбө баштайт)*. Сволочь! Акмак!.. Идиот!.. Паразит! *(Коё берет)*.

С у п а т а й. *(Таңыркап)*. Тов-в-а!..

З у я а й д а. *(Назик кучактап өпкүлөп)*. Берекем!.. Кенчим!.. Түгөнбөсүм... Соолбосум!.. *(Коңгуроо угулат)*. Бирөө келди.

С у п а т а й. Жүгүрдүм, Бөжөгүм!.. Азыр, азыр. О, урматуу Машырбек Алмакунович!.. *(Машырбекти сырттан ээрчтип кирип)*. Төргө өтүңүз, тергө.

З у л а й д а. Куш боо бек болсун, урматтуу Машырбек Алмакунович!..

М а ш ы р б е к. О, чучук бар турбайбы!..

С у п а т а й. Коньяктан болсо...

М а ш ы р б е к. Можно. Баса, иштер кандай?!.

С у п а т а й. Бардыгын ойлондук. Той укмуштуудай оригиналдуу өтөт. Ишене бериңиз.

М а ш ы р б е к. *(Ичип)*. Ишенем…

С у п а т а й. Дагы бир аз болсо…

М а ш ы р б е к. Можно…

С у п а т а й. Тизмени сөзсүз көрүшүңүз керек.

М а ш ы р б е к. Жаңкы Ажыбай деген картаң хрычты бар го… сызып салыш керек аны!..

С у п а т а й. *(Тизмени карап)*, Ажыбай Баракович… Ажыбай Баракович…

З у л а й д а. *(Кошо издешип)*. Ажы… Ажы… Ажы… Мынакей!.. Сызгын!..

С у п а т а й. Сыздык!..

М а ш ы р б е к. Аздан кийин… *(Ачуулуу)*. Тазалайм көзүн!

З у л а й д а. *(Кубанычтуу кыйкырып)*. Ай-ий!..

М а ш ы р б е к. Эмне, ал мени жамандадыбы?!. Мен аны көрдүм…

З у л а й д а. Ал биздикине келип… анан…

С у п а т а й. *(Астыртан аялын нукуп, анан Машырбекке)*. Ажыбай Баракович сиз тууралуу ооз ачкан жок, *(аялына)*. Жинди болдуңбу!..

З у л а й д а. *(Күйөөсүнө шыбырап)*. Көзүн тазалайм дебедиби!..

С у п а т а й. Бул дүйнөнүн чукул бурулуштары өтө эле көп, Зулайда. Окус тазалай албай калсачы… *(Машырбекке)*. Дагы бир аз болсо…

М а ш ы р б е к. *(Чучукту чалпылдатып чайнап)*. Можно… Супатай. Сиздин ден-соолугуңуз үчүн!..

М а ш ы р б е к. Давай, валяй… *(Оозун аңырдай ачып колу менен тишин чукуп)*. Маданиятсыз субъекттер көп экен бизде!.. *(Салфетка менен тишин сүртүп)*. Ажыбай акемди чакырбасам, анда эч кимди чакырбайм деп чыр салып…

С у п а т а й. Ким?

М а ш ы р б е к. Шакийна. Анда да жаткан окшобойбу! Ну ничего, биз бат эле сындыра салабыз андай көктү!.. Да, айтмакчы, соодада иштеген мыкты-мыкты кадрлардан эч ким калбасын!..

С у п а т а й. Эч ким калбайт, Машырбек Алмакунович!..

М а ш ы р б е к. *(Ичип)*. Кайдан уккандарын билбейм, шаардагы кыздар чогулуп алышып… Биздин Машырбектин эркиндигин кайтарып алабыз!.. Жоголсун, Шакийна!.. Жашасын, биздин Машырбек! — дешип… жөн эле тытып жечүдөн бетер… Араң качып кутулбадымбы!..

С у п а т а й. Саал-маал тамчылатсак…

М а ш ы р б е к. Сен мени бир топ нерсеге үйрөттүң, Супатай, Ошонун ичинде, башты ичкен болбойт дегениң дайыма эсимде турат!..

С у п а т а й. Сиздин бул сөзүңүз орден таккан менен барабар болуп калды, урматтуу Машырбек Алмакунович!..

М а ш ы р б е к. *(Зулайда менен Супатайга шыбырап)*. Азырынча, между нами… Экөөңдүн тең биографияң таза, жакшы эсепте экенсиңер… өстүрөм силерди!.. Бул жыйырманчы кылымдын рыцарынын сөзү!..

С у п а т а й. Урматтуу Машырбек Алмакунович… Досторуңуздун бардыгы сүйүнүшүп…

М а ш ы р б е к. Душмандар да бар, ээ?!.

С у п а т а й. Бар эмей.

М а ш ы р б е к. *(Сигаретанын түтүнү менен ойноп)*. Отур, Зулайда!.. Бери мындай… Жакыныраак!.. Жакыныраак!.. *(Супатайга)*. Алагды болбогун, Супатай!.. Душмандар да бар дедиң… Улай бер… Кандай арам ойлору бар экен, төкчү?

С у п а т а й. Бизде Машырбеке окшогон бекерчи, начар, алдамчы, шыпырларга орун жок дешип, чогулуш сайын кыйкырышып…

Машырбек *(Зулайданы санга чаап)*. Сволочи!..

З у л а й д а. А-а!..

М а ш ы р б е к. Эмне бакырасың?!. Анчалык эмне… Ну?!.

З у л а й д а. Жок, жок, жок, мен кыйкырганым жок, мен жөн эле…

М а ш ы р б е к. *(Супатайга)*. Сен эмне минтип карайсың?..

С у п а т а й. *(Аргасыз күлүмсүрөп)*. Потолокто жөргөмүш жүргөнсүйбү, айтор…

М а ш ы р б е к. Ошентип, душмандар да бар дедиң, ээ?!.

С у п а т а й. Бар, бар.

М а ш ы р б е к. Кимдер?

С у п а т а й. Өзүңүз билесиз да…

М а ш ы р б е к. Туура, мен өзүм билем. Алар жаңкы картаң хрыч баш болгон Айшакан-Майшакан, Аня-Таня-лар!.. Алар өздөрү да жыргашпайт, башкаларды да жыргатышпайт!.. Биз аларды адилеттиктин шыпыргысы менен шыпырып… шыпырып таштайбыз, чорт побери!..

С у п а т а й. Ошентебиз, Машырбек Алмакунович!

М а ш ы р б е к. Силердей ак ниет, күйөрмандар үчүн жол ачык!..

С у п а т а й. Коргошун кылып эритип жибере турган болдуңуз го!.. Чучуктан алыңызчы…

М а ш ы р б е к. Ушундай деликатеске муздак пиво болсо го!..

С у п а т а й. Ошо да кеп бекен… Дүкөн бул эле жерде… Мен учтум!..

*Супатай жүгүрүп чыгат.*

З у л а й д а. Сени үйлөнгөнү жатыптыр дегенде, өңгүрөп ыйлап…

М а ш ы р б е к. Мен эч бир жанга теңебейм сени, Зулайда!..

З у л а й д а. Ай, кудай, ай!.. Курган Супатай сени ээрчитип келгенде, өзү менен кошо менин таалайымды ээрчитип келген турбайбы!.. *(Күлүп)*. Кирбиңдеген байкушум, Машырбегиңди көргүм келбейт десем, кадимкидей ишенип...

М а ш ы р б е к. Ал мага бир топ эле жакшылык кылды!

З у л а й д а. А сенчи?

М а ш ы р б е к. Мен анын дуванда жок аялына ашык болуп жатсам жетет да, мындан ашкан да жакшылык болчу беле!.. Зулайда!..

З у л а й д а. Эмне дейсиң, жаным?..

М а ш ы р б е к. Жаңкы жөргөлөгөн байкушум экөөңдүн айрымаң асман менен жердей... Ойлой-ойлой, акылым жетпейт?!.

З у л а й д а. Менин бирден-бир таркабас кумарым жалгыз гана сенсиң!.. Сага калганда жүрөгүм ачылуу!.. *(Машырбекти өөп)*. Сүйүү деген жакшы. Бирок сүйүү менен кийим бүтөлүп, курсак тойбойт да... Күлкү да чыкпайт, сезим да ойгонбойт!..

М а ш ы р б е к. Супатай бечера жалгыз гана сен деп далбас урса... Сен анын убалынан коркпойт турбайсыңбы, ээ?!.

З у л а й д а. Мен өзүм каалагандай турмушта жашоонун бирден-бир туура жолу ошол болсо... Албетте, кээде аяп да кетем аны. Бирок... *(Машырбекти өөп)*. Турмуш дегениң ушул экен... Бирөө куурабай экинчи бирөө жыргабайт турбайбы. Машырбегим!..

М а ш ы р б е к. *(Өзүнчө)*. Туура айтасың. Бирөө куурабай, экинчи бирөө жыргабайт! *(Зулайданы өөп)*. Түбөлүкмүн!..

З у л а й д а. Ай жыргалдуу дүнүйө, ай!.. Эки-үч күндөн бери көрүшпөй, ушинтип сүйгөнүңдү эңсеп кусаланып...

М а ш ы р б е к. *(Өзүнчө)*. Бекерге берген быштагы менен кефирин өөп жүрсөм, өзүн өптү деп жүргөн тура!

Кылтыңдамыш болуп коёт, кем акыл аял. Азырынча мага керексиң, ошон үчүн гана...

З у л а й д а. Машырбек!..

М а ш ы р б е к. Ау!..

З у л а й д а. Жаным!..

М а ш ы р б е к. Шашылба!.. Деловой разговор бар.

З у л а й д а. Айт.

М а ш ы р б е к. Береки сүрөттү карачы. Мунусу обкомдун биринчи секретары, а берекиси болсо... кимге окшойт, тааныдыңбы?

З у л а й д а. Тааныбагандачы!.. Сенсиң!.. *(Таңданып)*. Укмуш!...

М а ш ы р б е к. *(Шыбырап)*. Мен обкомдун биринчи секретарынын аялынын таекесинин балдызынын уулу болом да!..

З у л а й д а. Ай-ий!...

М а ш ы р б е к. Акырын!..

З у л а й д а. Сени тиги, бу деп былжырашкандар көп, Алар көрө албастар!.. Мен адеп көргөндө эле билгем... Сен талантсың!.. Айта берсе, сен... генийсиң!..

М а ш ы р б е к. Тилекке каршы, жалгыз эле сен айтып жатпайсыңбы ошентип!..

З у л а й д а. Машырбегим!.. Жаным!.. Менин сүйүүмдүн отуна коргошун болуп эрип тургуң келсе...

М а ш ы р б е к. Эмне кылышым керек.

З у л а й д а. Бизди тээтиякты көздей учурушуң керек... Мүмкүн болушунча тезинен!

М а ш ы р б е к. Жана эле айтпадым беле. Секиртем!.. Бул жыйырманчы кылымдын джентельменининин сөзү!

З у л а й д а. *(Өпкүлөп)*. Мен дайыма моминтип өрттөп турам сени. *(Ордунан ыргып туруп)*. Ал эми сенин таланттуулугуң, генийлигиң жөнүндө болсо... Муңканбагын, жаным. Эртең эле бүт шаар дүңкүлдөйт!..

М а ш ы р б е к. Зулайдашка!

З у л а й д а. *(Кулачын жайып)*. Ай, кудай, ай!.. Канатым гана жок… Келе, мага бер сүрөттү!.. Тилдерин жангандан алдына адам чыгарбаган подруга сөрөйлөр бар, алар азыр эле алып учуп…

М а ш ы р б е к. Эсиңде болсун. Муну ишеничтүү кишилерге гана көрсөтүү керек.

З у л а й д а. Ал жагынан мени үйрөтпө! Сен дегенде бар эмеспи… Сен бир түнгө жетпей эле даңктуу болосуң!..

М а ш ы р б е к. Таалайымсың!

*Машырбек Зулайданы кучактап өбөт. Супатай кирет.*

С у п а т ай. *(Өзүнчө, акырын)*...

Кетелекте ий, картайып,
Күлүп эле койчу, эй, жылмайып.

*Супатай тигилерди көрүп, колундагы бөтөлкөлөрдү жерге түшүрөт.*

М а ш ы р б е к. Эмнеминтип шектүү карайсың?!. Наадан!..

С у п а т а й. Машырбек!..

М а ш ы р б е к. Тихо!.. *(Жанына барып)*. Зыйнат Бекеевнага аябай, мактаган элем сени… Очень сожалею… *(Чыгат)*…

С у п а т а й. Аялдай азгырма, ойтберме, амалкөй, митаам, көзбоочу, алдамчы, анткор бул дүйнөдө жок дешчү эле… Мен ишенбейт элем.

З у л а й д а. Супатай!.. Жаным!..

С у п а т а й. *(Жаакка тартып)*. Жооп бер!.. Бул эмне деген маскарачылыгың я?!.

З у л а й д а. *(Ыйлап)*, Сен өзүң айтпадың беле…

С у п а т а й. Эмне деп айттым эле?!

З у л а й д а. Ар кандай амал менен өзүңө тартуунун жолун изде деп…

С у п а т а й. Бул балакет катын эмне дейт?!. Эмне дейт?! *(Столду муштап)*. Мен кордотпойм алтын башымды!.. Бар ошол акмагыңдын артынан… Жүгүр!..

З у л а й д а. *(Супатайды жекире карап)*. Жүгүрсө жүгүрөм!..

С у п а т а й. Тезирээк жүгүр!.. Күтүп калды!..

З у л а й д а. Калматай Керимовичтин бир тууган жээнинин күйөөсү болсо баарыдан да, обкомдун биринчи секретарынын аялынын таякесинин балдызынын уулу экен, анан аны ээрчип жүгүрбөгөндө, кимди ээрчийт элем?!.

С у п а т а й. *(Өкүрүп)* Чаргытпагын мени, ал машаяк болсо да, урдум!.. Токточу, сен эмне дедиң я?!. Обкомдун биринчи секретарынын аялынын таякесинин балдызынын уулу экен дедиңби, я?!.

З у л а й д а. *(Сүрөттү сунуп)*. Карагын, кемпай!.. Бул ким, тиги ким?!. Экөөнүн шахмат ойноп, же бассейнде чабак уруп түшкөн сүрөттөрүн берейин дегиче болбой… Бул дүйнөдө жашоо үчүн тазалык керек экенин билбейт дейсиңби мени?!. Тур мындай!..

С у п а т а й. Зулайдам!.. Бөжөгүм!.. Машырбек Алмакунович айткандай, таптакыр артта калган шакелдерден экенимди эми гана түшүндүм! *(Аялынын тизесин кучактап)*. Кечиргин!.. Кечиргин!.. Кечиргин!..

### *Төртүнчү сүрөт*

*Калматай Каримовичтин особнягынын мейман бөлмөсү. Кенен. Дубалдарда да килем, жерде да килем, айтор, өңкөй кымбат баалуу буюмдар менен жасалгаланган. Бир нече эшик. Бет маңдайдагы терезеден түнкү шаардын ар кыл түстөгү оттору жымыңдайт. Супатай кирет. Оң тараптагы эшиктен аялдардын күлкүсү угулат.*

С у п а т а й. Азаматтар!.. Менин Бөжөгүм баш болуп той дасторконго камынып жатышкан турбайбы!.. *(Эшиктен баш багып)*. Ура, биздин каарман жана устат аялдарга! Ура!..

Ура!.. *(Наркы-терки басып)*. Миң жолу колун өпкөндөн, бир жолу алаканын ысыткан артык деген экен!.. Мурда жанына жуутмак тургай, карап да койчу эмес эле... Беш жүз рубчикти колуна карматып, түркмөн килемди алдына жайып таштаганыбызда, Зыйнат Бекеевна, Зулайданы көпкө кучагынан чыгарбай өпкүлөп... Мына ушундай болот!.. Шайтан баскырдыкы Машырбек Алмакуновичти биринчи жолу үйүмө ээрчитип барганымда, өзүмдүн болочок таалайымды ээрчитип барган турбайымбы! *(Көкүрөгүн керип)*. Эми буюрса... *(Зыйнат кирет)*. Зыйнат Бекеевна!

З ы й н а т. *(Гүл салынган вазаны колунан түшүрүп)*. Ой, ушунча да чочутасызбы?!.

С у п а т а й. Кечиресиз...

З ы й н а т. Эмнегедир барган сайын эле коркок болуп баратам!..

С у п а т а й. *(Шыбырап)*. Мындай сезим көбүбүздө бар, Зыйнат Бекеевна. Бирок эмнеден?!. *(Күрсүнүп)*. Эмнеден коркобуз?!. Мына табышмак!..

З ы й н а т. *(Кыска паузадан кийин)*. Айтыңызчы, Супатай Атанович, ушул үй бүт турпаты менен сиздики болуп калса, өзүңүздү кандайча сезер элеңиз?

С у п а т а й. Гүлдөгөн бейиш багына киргендей сезер элем!

З ы й н а т. *(Күрсүнүп)*. Ошондой деңизчи!.. Ошондой деңизчи!.. *(Ойлоно калып)*. Ай, курусунчу!..

С у п а т а й. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. Эмне дейсиз, Супатай Атанович?

С у п а т а й. *(Күлүмсүрөп)*. Быйыл аба ырайынын өтө начар болуп турганына карабастан, мен аябай чымыркanып жатып ийгиликтүү түрдө ашык болуп калдым сизге!..

З ы й н а т. Тарт тилинди, нахал!.. Шүмүрөй!.. Шүмшүк!.. Киши сыягы жок акмак!.. Ким менен туруп, ким менен сүйлөшүп жатканыңды унутуп койсоң керек!.. Сен кимсиң өзүң?!.

С у п а т а й. *(Мостоё калып)*. Өткөн шаршемби түнү сиз кучактап алып өпкүлөгөн Зулайда аттуу сулуу келинчектин күйөөсү, түркмөн килемди көтөрүп кирип алдыңызга жайган азамат мен болом. Атым Супатай. Эми тааныгандырсыз?!. Же дале тааныбай жатасызбы?.. Андай болсо угуп туруңуз, дурустап таанытып коёюн өзүмдү. Мен деген... Мындан бир аз эле мурда өзүңүз баштап бардыгыңар жек көргөн Машырбек Алмакуновичтин жан кыйышпас досу болом!..

З ы й н а т. *(Жеңил күрсүнүп)*. Ах, Супатай Атанович!.. Супатай Атанович!.. Мени ошончолук эле келесоо дейсизби. Мен билбеген эмне бар дейсиз. Мен бардыгын билем... Жөн гана тамаша... көңүлүңүзгө албаңыз. Вообще, мен жанымдай көрүп калдым сиздерди!..

С у п а т а й. Бая эле ошондой дебейсизби!.. Сиз үчүн бар го жылаңайлак от кечпесек өлтүрүңүз!

З ы й н а т. *(Супатайды өпмөкчү болуп)*. Бери болуңузчу, Супатай Атанович.

С у п а т а й. *(Кетенчиктеп)*. Менимче болбойтко, Зыйнат Бекеевна!.. Болбойтко! *(Кучагын жайып, Зыйнатка бет алат)*. Же боло береби?!.

З ы й н а т. *(Эсине келип)*. Тартыңыз!.. *(Өзүнчө)*. Ай, кудай, ай!.. Эмне болуп турам деги?! *(Супатайга)*. Барыңызчы, бирөөлөр келди окшойт!.. Тез!.. *(Супатай жүгүрүп чыгат. Зыйнат ыйлап)*. Чыпалагыма теӊ келбеген шүмүрөйдүн алдында коркок билиш болуп, жасакерленип... Анткендей эмне күнөө кылдым эле, жараткан?!. Эмне күнөө кылдым эле?!.

*Машырбек кирет.*

М а ш ы р б е к. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. Эмне дейсиз, секет?

М а ш ы р б е к. Калматай Каримовичти жанымдай көрүп калдым, чорт побери!.. Мен ал кишини өмүрүм өткөнчө төбөмө көтөрүп өтөм!.. Ал жөн адам эмес экен!.. Калматай Каримович!.. чудо-человек!..

З ы й н а т. Калматай да сени жанындай көрүп калды! *(Машырбекти өөп)*. Периштесиң!..

*Машырбек жалгыз.*

М а ш ы р б е к. Мерчемдүү жерге жетип, таасирдүү кишилер менен байланыш түзүп, биротоло түптөнүп алганга чейин, Калматай Каримович ырастан эле мен үчүн чудо-человек!.. Мен аны урматтайм!.. Ал эми кош азуумду чыгарып алганымдан кийин, жиним келсе, анын өзүн лап сугунуп, ордуна барып отуруп албай жаным жокпу!.. Ошентем!.. Анан бара-бара ал гана эмес... *(Кубанычтуу)*. Ха-ха-ха... Бардыгы өзүм ойлогондой болуп баратат... Жүрөктү өйүгөн бир гана нерсе... Балакет баскырдыкы, чоңойгондон кийин катын алмаштырууга болбойт, ай, ушу биздин өкмөттүн адилетсиздиги, ай!.. Чоңдукту бергенден кийин, катындарды деле канча кааласаң, ошончо берип салбайбы!.. Ну, ничего... Даража болсо, машина болсо, кошоматчылар болсо... бардыгы, бардыгы, бардыгы болсо... Жыргалдуу, жыргалдуу, жыргалдуу дүйнө колума тийгенде... *(Сол таратагы эшиктен аялдардын күлкүсү угулат. Машырбек сөзүн улап)*. Ха-ха-ха... Уйгакчасынан жабышуучу сулуулар саңсып жүрбөйбү! *(Бараков кирет. Машырбек селт этип)*. Ажыбай Баракович?!. Мына кубаныч десең... Сизди келбей калабы деп... Аябай капа болуп жаткан элем... Я рад... Бесконечно рад!.. Бирок... А эмне үчүн жалгыз?.. Байбичеңиз кайда? *(Бараков унчукпайт, Машырбек аргасыздан ачуусун катып)*, Ха-ха-ха... Почему-то биздин Ажыбай Баракович не в духе сегодня. Ну, ничего... Кечирип коюңуз...

*Машырбек аялдар иштеп жаткан бөлмөгө бет алат.*

*Бараков кандай кандайдыр ойго чөмүлүп, тилсиз. Шакийна жүгүрүп кирет.*

Ш а к и й н а. *(Кубанычтуу)*. Ой!.. Ажыбай аке!.. Сиз келбейм дегенге эмне кыларымды билбей, чый-пыйым

түшүп… Ырас болбодубу келгениңиз! *(Бараковду кучактап)*. Ах, Ажыбай аке!.. Ажыбай аке!.. Мен өмүрүмдө анчалык деле жакшылык көргөнүм жок да!.. Жетинчини бүткөнүмдөн кийин тоголок жетим калып… Ай, курусунчу, кайдагыны эске түшүрүп… Сиз келдиңиз, болду… *(Бараковдун көкүрөгүнө башын катып)*. Мен ыраазымын! *(Бараковдун көзүн тиктеп)*. Эч болбогондо бир ооз куттук айтып койсоңуз болбойбу, Ажыбай аке!.. Атам менен курбу элеңиз. Жанга теңебейт эле!.. Ажыбай аке?!.

Б а р а к о в. Шакийнам!.. Чырагым!..

Ш а к и й н а. Айта бериңиз, Ажыбай аке. Мен угуп жатам.

Б а р а к о в. Мага таарынып, ал тургай жаман көрүп калышың да мүмкүн. Мейлиң мен айтпай коё албайм. Мен айтам!..

Ш а к и й н а. Эмнени?!.

Б а р а к о в. Ал өзүнүн ниеттеш курбуларынын алдында актанып жаткан имиш…

Ш а к и й н а. Ким?

Б а р а к о в. Машырбек.

Ш а к и й н а. Эмне деп?

Б а р а к о в. «Шакийна менин келечегиме жол ачып жатпайбы. Мен ошол себептүү гана үйлөнүүгө мажбур болуп жатамын» деп…

Ш а к и й н а. Ажыбай аке!..

Б а р а к о в. Шакийна!..

Ш а к и й н а. Жок!.. Жок!.. Жок!,. Мындай сөз оозуңуздан айлансын, Ажыбай аке!.. Сиз чоң адамсыз… Ушакка ишенбеңизчи!.. Машырбек антпейт… Ал алтындай жигит… Ал ырастан эле мени назданып сүйүп, жаш баладай эркелетип турат!..

Б а р а к о в. Шакийна!..

Ш а к и й н а. О, жок!.. *(Бараковдун көкүрөгүнө башын коюп, ыйлап)*. Ажыбай аке!.. Азыр менин тоюм бол-

гон жатса... Той деген ыйык нерсе, тойду бузууга болбойт деп айтышчу эле го... А сиз болсоңуз...

Б а р а к о в. Шакийнам!.. Чырагым!.. Туура, той деген ыйык нерсе, тойду бузууга болбойт, бирок салтыбыз ошондой эле деп, сендей ак жаркынды кайдагы бир балитке тебелетип коюп, жер карап отуруп алсак...

Ш а ки й н а. Ажыбай аке!..

Б а р а к о в. Кечирип кой, мен анте албайм!..

Ш а к и й н а. Сиз ташбоор турбайсызбы, Ажыбай аке!

Б а р а к о в. Мүмкүн.

Ш а к и й н а. Сиздин мунуңузду эч бир жан кечирбейт!.. Мен да кечирбейм!..

Б а р а к о в. Токтой тур, Шакийна!..

Ш а к и й н а. Эч качан кечирбейм!..

Б а р а к о в. *(Катуу)*. Токто дедим, кургурдун баласы! *(Шакийна тык токтойт. Бараков жанына барып, сөзүн улайт)*. Таякең менен таяжеңең экөө адегенде Машырбекти жуутпай жатышып, анан бат эле макул болушкан имиш. Эмне үчүн алар дароо эле жүз сексен градуска айланып кетишти, ойлондуңбу ошо туурасында?!. Таякеңдин куюшканы кыйшаңдап бараткандыктан, тажеңең экөөнө шашылыш түрдө колдоо керек болгон, билдиңби?!.

Ш а к и й н а. Түшүнбөйм?!.

Б а р а к о в. Машырбек обкомдун биринчи секретарынын аялынын таякесинин балдызынын уулу болот деген сез, Зыйнат Бекеевнага жетип калат...

Ш а к и й н а. Азыр угуп отурам, ишенсеңиз. Машырбек эчтеме айткан эмес бул туурасында!

Б а р а к о в. Сенин жардамың менен бирге бийликке чыккысы келсе, экинчиси өзүн сактап калууга жан талашып... *(Ачуулу)*. Мына ушундай арсыздар калптанкалп сени сүйүмүш болуп, чынында сени өз максаттары үчүн пайдаланган, жатышса... Сен аларды жанга теңе-

бей... *(Ачуулу)*. Көрүнгөнгө жем болгон шордуусуң!.. Күйүп жатам сен үчүн!.. Арданып да жатам!..

Ш а к и й н а. Ажыбай аке!..

*Супатай кирет.*

Б а р а к о в. Кор болуп жүрө бер эмесе берекидей жүзүкаралларга!.. *(Чыгат)*

Ш а к и й н а. *(Акырын ыйлап)*. Өмүрүмдөгү биринчи кубанчым ушул эле го!.. Эмнеге адамдар ушунчалык ташбоор болушат? Эмнеге?!

С у п а т а й. *(Күрсүнүп)*. Булар ушундай, Шакийнаш. Адамдын күлгөнүнө кейишет, ыйлаганына кубанышат! *(Жанына барып)*. Пешенеңде таалайың гүл ачып турганда, каргыш тийген каразгөйлүктү жаркыраган күлкүң менен кубалаганың дурус... *(Үнгө кошуп)*:

...Ач кабагың, эжеке,
Жаз кабагың, эжеке...

Ш а к и й н а. *(Болор-болбос күлүмсүрөп)*... Ыракмат, Супатай...

*(Чыгат)*.

С у п а т а й. Өх!.. Конокторду тосомун деп, нары-бери чымын-куюн болуп жүрүп... *(Отурмакчы болгондо, Упайна менен К екелей кирет. Аябай жасанышкан. Башында болгондой болуп, прическасы бар кекелеп тиякка бир жорголоп, биякка бир жорголоп бийлеп келаткан өңдүү. Супатай тигилерди утурумдап)*. О, келиңиздер, келиңиздер... Мынакей суу... мынакей жержемиш... мынакей телевизор... мынакей музыка... *(Бөтөлкөнү ачып)*. Кааласаңыздар бөдөнөнүн сүтү да болот. Саадарып келем, кудай алсын! Ал тургай, кара башымды сагада чабууга да даярмын!.. *(Фужерге суу куюп жатты)*:

...Кетелекте, ий, картайып,
Күлүп эле койчу, эй, жылмайып...

У п а й н а. *(Калптан кылыктанып)*. Болдучу, садагаң кетейин, көп-көп муңкантпачы, мен ак көңүлмүн!..

С у п а т а й. Колуңуз укмуш турбайбы, Упайна Уларовна!..

У п а й н а. Сен деги өсүүчү балдардан экенсиң!.. Жаман абышкаларга шыбырап коёбуз!..

К е к е л е й. Алардын жаңсоосу деле бир топ жерге алып барат, секет болоюн кайним!

С у п а т а й. Сиздер үчүн килем болуп төшөлөм, жеңекебайлар. Айып этпеңиздер. Эмнегедир эле Зыйнат Бекеевна улам-улам мени издетип… Мындайда акыл кошчу адам да керек окшобойбу. Себеби бүгүнкү той… Жыйырманчы кылымдын тою!.. Өзгөчө той!.. Жеке эле Машырбек Алмакунович менен Шакийна экөөнүн эмес, көпкөп адамдардын бактысын ачуусу той! Дагы бир жолу сиздерге кара башым курман! *(Жүгүрүп чыгат)*.

У п а й н а. *(Супатайдын соңунан тиктеп)*. Кантээр экен десе тең ата боло калып… Ал тургай Зыйнат Бекеевнага акыл кошчу болумуш болуп… Ах, ты кирбиңдеген гана сволочь десе!

К е к е л е й. Оозуңа карап сүйлө, Упайна!.. Сен эмне, өлгөн жүрөсүңбү?!. Бу баягы Супатай эмес. Машырбек Алмакуновичтин жолдошу… Болгондо да…

У п а й н а. Э, койчу! Мен Зыйнат Бекеевнаны гана билем, андан чоң эч ким жок!.. Тирилтем десе тирилтет, өлтүрөм десе өлтүрөт! *(Кекелейдин чачындагыны көрүп)*. Ай-ий, мына бул эмне деген укмуш, я?!. Күмүш кыпчытма турбайбы… Асыл таштардан көз салып… Оймо-чиймелеп… Муну кайсы зергер жасап жүрөт, я?

К е к е л е й. Билбейм, секет. Мен бир топ жашка чыкканыма кожоюнум жасатып келген… Бул мен үчүн көзүмдүн карегинен да кымбат!..

У п а й н а. Укмуш!.. Укмуш!.. Мен бир топ жашка чыкканымда, кожоюнумду ушундай жасатып бер дебесемби…

К е к е л е й. Ой, сен бир топ жашка невак эле чыкпадың беле!..

У п а й н а. Оозуңа таш!..

*Бир нерседен санаасы тынчыбай, эки жагын элтең карап, Зыйнат кирет.*

У п а й н а. *(Ордунан атып туруп, Зыйнатты утурумдай).* Үйүңүздөн шаттык, башыңыздан кут кетбесин, урматтуу Зыйнат Бекеевна! *(Кекелейден жашырып, Зыйнаттын көкүрөгүнө бир тутам акчаны лыпката коюп, далдайган чоң кутучаны колуна карматат).* Сиздин кубанчыңыз биздин кубанчыбыз!

З ы й н а т. Ыракмат, садага болоюн, Упайна!

К е к е л е й. *(Колундагы белегин диван үстүнө коюп, өзүн кандайдыр салабаттуу тутуп).* Той куттуу болсун, Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. *Аны үнчүкпай карап, анан Упайнаны бекем кучактап өбөт. Машырбек кирет. Упайна, Кекелей.ди астыртан табалап карайт.*

М а ш ы р б е к. Кечиресиз, Зыйнат Бекеевна, айып көрбөсөңүз белектерди алпарып коёюнчу...

З ы й н а т. *(Кескин).* Жок!.. Бул эркектин иши эмес. Андан көрө Упайна жеңемдин көңүлүн ач бери келип!..

*Белектерди алып, Зыйнат чыгат. Машырбек, Упайна менен Кекелейди жекирип карайт, демитип басат. Тигилер калтаарып кетенчиктейт. Анан, Машырбек эмнегедир артына шарт бурулуп, эки колун бөйрөгүнө алат.*

К е к е л е й. *(Бүжүрөп).* Урматтуу Машырбек Алмакунович!..

М а ш ы р б е к. Чойбоңуз... Кыскараак!..

К е к е л е й. Береки...

М а ш ы р б е к. *(Мурдагысындай эле карабастан).* Ал эмне?

К е к е л е й. Алтын саат... алтын боосу менен... Сизге арнаган жазуусу да бар эле... Тоюңуз куттуу болсун!..

М а ш ы р б е к. *(Кекелейден белекти алып).* Ыракмат, Кекелей Шамиевна... Байкасам, аял аттуунун асылы көрүнөсүз!

К е к е л е й. Ашыкбаңыз, урматтуу Машырбек Алмакунович... Жүзүңүздөн мээр, колуңуздан ырыс төгүлүп турсун, ылайым!.. Бери болуңузчу.

*Машырбектин маңдайынан өөп, ич чөнтөгүнө акчаны салайын деп чөнтөктү тапай сыйпалаганда, Машырбек «Ой, кытыгым» деп качат, асманды жарып күлөт. Упайна, мурдагысындай эле Кекелейди табалагандай күлүмсүрөйт, чамгарактайт.*

К е к е л е й. *(Машырбектин колуна акчаны жымыра салып)*. Көнүш керек, урматтуу Машырбек Алмакунович!

*Машырбек тигиле карап, акырын басат. Кекелей суз тартып артына кетенчиктейт.*

М а ш ы р б е к. *(Капилет кучактап)*. Сиз бүгүнкү күндүн Айчүрөгү экенсиз! *(Өөп)*. Чыныгы кадр турбайсызбы!..

*Машырбек жүгүрүп чыгат. Кекелей жасалма кирпиктүү көзүн жуумп, кыйлага унчукпай ырахаттанат.*

К е к е л е й. *(Өзүнчө)*. Менин маңдайымда дагы бир жылдыз балбылдап жанды!.. Дүйнөдөгү эң жарык жылдыз!.. Өчпөс жылдыз!.. Мен эми өмүрү тайыбайм да мүдүрүлбөйм!..

У п а й н а. *(Акчырылып)*. Бул тексизге тил сордурганың өтө эле кымбатка түштү го дейм, Кекелей!..

К е к е л е й. Чыгарба үнүңдү!.. Ачуума тийсең, адам катарынан чыгарып, шүмшүк кылып коём...

У п а й н а. Ой, өлүгүңдү көрөйүн десе, анткендей ким болуп кетиптирсиң я?!.

К е к е л е й. Мен баягы Кекелей эмесмин. Менин түртсө жыгылбас, ийсе сынбас жөлөгүм бар! Могущественный колдоочу!

У п а й н а. Ким?!. Машырбек болуп жүрбөсүн я?!.

К е к е л е й. Машырбек эмес, Машырбек Алмакунович! Окус сенин азыркы айткандарыңды шыбырап койсом... Все!.. Конец тебе!..

У п а й н а. Ой, боорум, ай, жыргаган турбайсыңбы могущественный колдоочуга! *(Мостоё калып)*. Зыйнат Бекеевна турганда ал ким экен?!. Зыйнат Бекеевна каарына алса, бийлетип коёт андай акмакты!..

К е к е л е й. Андай эмес, секет. Урматтуу Машырбек Алмакуновичтин каарынан Зыйнат Бекеевна өзү бийлеп калды. Бери бол! *(Шыбырап)*. Түшүндүңбү эми! Ал мына ушундай тексиз!

У п а й н а. Койчу?! *(Кекелейдин соңунан тиктеп)*. Өлгөн турбаймынбы!.. Кокуй, ай!.. Кекелей!.. Кекиш!.. Асылым!.. Токточу Бери!.. Кекиш!..

*Упайна ортоңку эшиктен чыгары менен, оң жак эшиктен атырылып Зыйнат кирет.*

З ы й н а т. *(Нары-бери бейпайлапып басат. Өзүнчө)*. Бардыгы тең Калматай Каримович кайда дешип... Ушунча да кечигеби?!. О, шоруң каткан Калматайым. Обкомдун бюросунда отчётум коюлуптур дегенинде мурдагыдай эле больниңага барып жата калгын десем, уятыма чыдабай жатам деп... Уяттан айланат бекенсиң, арам өлгүр!.. *(*Ойлоно калып, «Ай» деп кыйкырып, ошол замат *(колу менен оозун басат)*. Жок, жок, жок!.. Тиги киши кудабыз болуп калбадыбы, кантип эле жамандыкка кыйсын? Мумкүн эмес да!.. Калматай байкуш каадасынча тердеп-тепчип азыр эле жетип келет! *(*Кубанычтуу*)*:

...А бирок узай бергенде,
Жүгүргүм келет артыңдан...

Ай ушу, Алтынай кыздын азабы өттү го мага. Жаде калса, форточканы да ачып койбой думбаланып...

*Зыйнат орундукка жармашып чыга баштайт. Мышыкчасынан аяр басып, Калпакчан жигит кирет. Зыйнат апы байкабайт. Орундукка чыгат.*

К а л п а к ч а н  ж и г и т. Кыймылдабаңыз ордуңуздан! *(Зыйнат форточкага колун сунган калыбында ка-*

*тып калат. Калпакчан жигит сөзүн улап).* Мен Мырзабаймын!..

З ы й н а т. *(Мурдагы калыбында, акырын, өзүнчө).* Бандит!.. Өлдүм!..

К а л п а к ч а н ж и г и т. Бери караңыз!.. Тез!. *(Зыйнат мойнун буруп, көзүнүн кыйыгын салат. Калпакчан жигит кынынан бычак сууруп).* Сиздин ажалыңыз... *(«Ай деп, Зыйнат бакырат. Калпакчан жигит бычагы мепеп тап берип).* Секириңиз!.. Бол! *(Зыйнат орундуктан балт этип секирип түшөт. Калпакчан жигит демитип).* Жаныңыздан үмүт кылсаңыз... Жүрүңүз!.. Тез!.. Тез!.. Так түйүлүңүз! Бийигирээк!.. Эми боортоктоңуз!.. Тез!.. Тез!.. *(Бычакты ойнотуп).* Эми оонап кетиңиз!.. Укпай жатасызбы!.. Ну!.. Дагы бир жолу!.. Эми маюулап коюңуз! *(Бычак менен тап берип).* Жаныңыздан умүт кылсаңыз...

З ы й н а т. Маюу!.. Маюу!.. Маюу!..

К а л п а к ч а н ж и г и т. Эми ордуңуздан козголбой туруп, келме келтириңиз! Дым чыгарбай, ичтен кайрыңыз!.. Зыйнат колдорун жайып, көзүн жуумп, эриндериң кыбыратат. Калпакчан жигит калпагын, бычак, маскаларын ката коюп, Зыйнаттын жанына келет. Ал Алтынай.

А л т ы н а й. Эже!..

*Зыйнат көзүн ачып, Алтынайды тиктейт. Анан таңыркап айлананы сыдыра тиктеп,*

З ы й н а т. *(Кайрадан Алтынайды тиктеп).* Я?!.

А л т ы н а й. Эмне?

З ы й н а т. *(Кайра Алтынайдан сурап).* Эмне?!.

*Аялдар иштеген бөлмөдөн «Алтынай» деген үн угулат.*

А л т ы н а й. *(Зыйнатты туурап).* Өлөйүн, так түйүлтөм!.. Боортоктотом!.. Маюлатам!.. Ошенте албасам... Зыйнат атым өчсүн!.. Өчүрүңүз атыңызды!

*Алтынай жүгүрүп чыгат. Зыйнат айланасын тегерете карап, үн чыгарбастан шолоктоп ыйлай баштайт.*

*Шакийна кирет.*

Ш а к и й н а. Тажеңе!.. Сиз эмне, ыйлап жатасызбы?!.

З ы й н а т. Я?!. Эмне дедиң?!. *(Дароо эсин жыйып)*, Адам кубанганынан да ыйлайт эмеспи, Шакийнаш. Мен азыр... *(чыгат)*.

Ш а к и й н а. Таяженемки чын. Кубанганымдан менин да ыйлагым келип...

*Машырбек жүгүрүп кирет.*

М а ш ы р б е к. Шакийнашка! *(Өөп)*. Шакийнашкам!.. Сен жаңкы карган неменин жаагын кайрып, кууп жиберипсиң, ыраазымын сага!.. В конце концов адам болуу керек да. Адам!..

Ш а к и й н а. Машырбек!

М а ш ы р б е к. Эмне?

Ш а к и й н а. Айтчы, Машырбек, сен ырастан эле жакшы көрөсүң, ээ, мени?.. Көптүн деле кереги жок мага. Жакшы көрөм деген бир ооз сөз болсо болду. Мени карап туруп айтчы!..

М а ш ы р б е к. *(Чачын жытап)*. Жакшы көрөм!.. Жакшы көрөм!.. Жакшы көрөм!.. Муну миллион жолу кайталасам да, тажасам эмне!..

Ш а к и й н а. Ыраазымын, Машырбек. Мага ушул эле жетет.

М а ш ы р б е к. Эми менин бир ооз сөзүм бар, Шакийнаш. Жаман көрбөгүн, ээ?

Ш а к и й н а. Эмнеге жаман көрмөк элем. Айта бер, Машырбек.

М а ш ы р б е к. Мен байкап калдым... Коноктор алып келген Белектер эмдигиче бир бөлмөгө жык толот эле... Бирок келер замат эле көздөн кайым болуп... билесиңби, Шакийна, Зыйнат Бекеевна алардын ыймандууларын башка бөлмөлөргө алпарып көрүнбөс жерге жымырып жатыптыр!..

Ш а к и й н а. Койчу, жаным, кантип эле ошентсин?!.

М а ш ы р б е к. Сен өтө эле ишенчээк экенсиң, Шакийна!.. Мен өз көзүм менен көрдүм!.. Тезинен чара колдонушубуз керек!

Ш а к и й н а. Машырбек!.. Мен десең, майда-чуйдадан бийигирээк болчу! Алдыбызда албан-албан иштер турат! Мейли, бир тобун эмес, кааласа баарын катып алсын!.. Акыры экөөбүзгө кереги эмне анын?!.

М а ш ы р б е к. Шакийна!.. Сен бир нерсени эске албай жатасың...

Ш а к и й н а. Жок, жок, жок!.. Бул туурасында угузба мага!.. Экөөбүзгө сүйүү болсо болду!.. Сүйүүдөн башканын барын адам өз колу менен иштеп таап алат да, ырaспы, Машырбек?!.

М а ш ы р б е к. Сүйүү деген жакшы. Бирок... Сүйүү менен кийим бүтөлүп, курсак тойбойт да... Күлкү да чыкпайт, сезим да ойгонбойт!

Ш а к и й н а. Машырбек?!.

М а ш ы р б е к. Биз реалист болуубуз керек, Шакийна.

Ш а к и й н а. Мен адам деп жүрсөм, сен ушундай белең?!.

М а ш ы р б е к. Шакийна!..

Ш а к и й н а. Сүйлөбө!.. Мен укпайм!.. Укпайм!..

М а ш ы р б е к. Шакийна!.. Шакийна!.. Шакийна!..

*Шакийнанын соңунан Машырбек жүгүрүп чыгат. Ортоңку эшиктен алып учуп Зыйнат кирет.*

З ы й н а т. Заматтын ортосунда карып кеттим го, курган жаным! Курган жаным!.. Карып кеттим го!.. Атаганат, киндиктеш дегенибиздин ичинде да достон көп душмандар бар, ау, чиркин!.. Жаман бир нерсени сезишкендей, конокко келген сволучтарды көрбөйсүңбү, алар эмнегедир мени мыскылдап, табалаган өңдүү теңсинбей карашып... ,О, кудай. Мындан бир аз эле күн мурда мына береки оюнчуктай болгон бут менен тебелеп-тепсеп жүрчү элем го аларды, эми мен ошолордун булганч тамандa-

рында каламбы, шорум катып?!. *(Бакырып)*. Ай!.. Мен эмнегедир түпсүз ээндикке түшүп бараткандай болом!..

*Машырбек жүгүрүп кирет.*

М а ш ы р б е к. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. *(Чочуп)* Ай!..

М а ш ы р б е к. *(Шыбырап)*. Эмне болду?!..

З ы й н а т. *(Сыр алдырбай)*. Ничего. Все в порядке. Эмне, кемтик таап турасыңбы менден?

М а ш ы р б е к. Бул дүйнөдө кемсиздик кимде десе, сизде дээр элем!..

З ы й н а т. Но, но, но!.. Шакийна кайда!..

М а ш ы р б е к. Алтынай менен короого чыгып кетти. Кармаңыз!

З ы й н а т. Бул эмнең?.. Шакек?!..

М а ш ы р б е к. Жазуусун окуңуз.

З ы й н а т. *(Тигилип окуйт)*. *(*Кудагыйыбызга М. А. М. А. «Эки жолу «М. А. М. А.» дегени эмнеси?!.

М а ш ы р б е к. Биринчиси кудагыйыңыздын инициалы. Мария Абдракмановна да... Экинчиси, кудаңыз Мурат Амантуровичтин инициалы эмеспи...

З ы й н а т. Демек, бул чоң куданын өзүнөн келген белек турбайбы, ээ?!..

М а ш ы р б е к. Ооба. Азыр эле бердирип жибериптир.

З ы й н а т. Машырбек!..

М а ш ы р б е к. Кудагыйга куттук айтып, бетинен өпсөм болот эле деген экен...

З ы й н а т. Өзүбү?!.

М а ш ы р б е к. Ооба. Так өзү!..

З ы й н а т. Андай болсо, айырмасы кайсы, ал киши үчүн сен деле өбө бер. Сен өпсөң, наоборот, жакшы болот. Давай, валяй!.. Дагы!.. Дагы!.. Дагы!.. Өбө бер... канча кааласаң, ошончо!.. Эми Шакийнаны чакыр!.. Тез жүгүр, садага болоюн периштем! *(Машырбек жүгүрүп чыгат. Зыйнат кубанып)*. О, кудай! *(Колундагы ша-*

*кекти өпкүлөп)*. Бул шакек эмес!.. Бул алтын эмес!.. Бул менин ырысым!... Бул менин канатым!.. Бул менин сүйгөнүм!.. Бул менин жөлөгүм!.. О, байкуш Шакийна!.. Ишке жарады!.. Эмки кезек Алтынайга келди!.. Ал Облсельхоз менен сөөктөштүрсө, сиңдимдин бир кызы Автотрест менен, экинчиси Облкомхоз менен чиелештирип... Ошондо менин төрт бурчум тең чеп болуп... Адам эмес, атом бомбасынын да алы жетпей калат мага!.. Мени табалагансып, мыскылдап, теңсинбей карагандарды ошондо көрбөйт бекем!.. Алар мурдагыдан бетер боору менен жер шыпырышып, майланышкан көздөрү менен жалынып-жалбарышып... Таалайлуудан талашпа деген ушул!.. Тиги музообаш, кескелдирик, жыландар, кайдан билишсин муну!.. Мен аларды жөрмөлөтөм!.. Чыйпылдатам!.. Упайна!.. Упайнашка!..

*Упайнанын соңунан Кекелей жүгүрүп кирет.*

У п а й н а. Эмне дейсиз, урматтуу Зыйнат Бекеевна?

К е к е л е й. Эмне дейсиз, урматтуу Зыйнат Бекеевна?

З ы й н а т. Бул Белекти тиги аксакалдын өзү берип жибериптир? *(Тиги экөөнү* кучактап*)*. Алтындарым!.. Күмүштөрүм!.. Каухарларым!..

У п а й н а. Өбөгүбүз да сиз!

К е к е л е й. Жөлөгүбүз да сиз!

У п а й н а. Сиз дегенде кара жанымды садага чабам!..

К е к е л е й. Мен өлүп берем сиз үчүн!..

З ы й н а т. Упайнашка!.. Музыку!.. Даешь, жашчылыкты!..

Бүгүнкү тез ритмдеги музыканын коштоосу менен, аялдар үзүнүп-жулкунуп бийлешет. Зулайда менен Супатай кирип, тигилерге кошулушат.

К е к е л е й. *(Супатайды демитип)*. Давай, парень, давай!..

М а р ы й п а. *(Куйүгүп)*. Зыйнат Бекеевна!.. Зыйнат Бекеевна!..

З ы й н а т. *(Назданып бийлеп)*. Кел, акжолтоюм!.. Чоң кубаныч!.. Батыраак кошул!.. Батыраак!..

М а р ы й п а. Зыйнат Бекеевна!.. Калматай Каримовичти кызматынан бошотуп салышыптыр!..

*Музыка тык токтоп, бийлегендердин ар кимиси ар кандай укмуштуу позада катып калат. Зыйнат жыгылат. Сахна тунжурап караңгылайт. Зыйнатты курчаган адамдарды ошол тунжураган караңгылык соруп кеткенсип таптакыр көрүнбөй калат да кимдир бирөөнүн онтогону угулат.*

## АШЫРБАЙ

***Төрт көшөгөлүү, он сүрөттүү драма***

### КАТЫШУУЧУЛАР:

1. Ашырбай
2. Иван
3. Багдагүл
4. Солтобай
5. Асылкан
6. Арпачы
7. Бектемир
8. Кулан
9. Дадый
10. Бопуйна
11. Калыйча
12. Чыныбек
13. Чортон
14. Катаган
15. Шапак
16. Төкөр
17. Матай } жаш мырзалар,
18. Куркут } кызай уруусунан.
19. Унчукпас
20. Чандык
21. Карасакал

Булардан башка кызыл гвардиячылар, эл катышат.

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Биринчи сүрөт*

*Капчыгайдын оозу. Аска беттеринде куу арчалардын бутактары ийрийип-муйруят. Алыскы элечек тоолордун чокуларында батып бараткан күндүн жошолуу нуру. Суу боюндагы бадал арасында – Матай, Куркут, Унчукпас үчөө.*

К у р к у т. Батыраак айылга барып, тойго келген кыз-келиндерди тоорусак болот эле. Айтчы, эмнеге ап-келдиң бизди?

М а т а й. Тек тургун, Куркутум. Азыр кумардан чыгабыз.

К у р к у т. Эмне, келиндер менен сүйлөшүп койдуң беле? Азаматсың! Бураң белден ие кармап, айтамактан мооку кангыча бир жыттайлык!

М а т а й. Айтамактан гана жыттагың келеби! Кан жыттасакчы!

К у р к у т. Былжырабагын, Матай. Тойго кан ичкени келбейт. *(Жалпак ташка чыга калып).* «Аркар моюн, алма баш, оймок ооз, калем каш»... Мен кеттим айылга.

М а т ай. *(Алдын тороп).* Энтелебе! Катындар качпайт бизден. Туурабы, Унчукпас? *(Унчукпас азанап күлөт)* Мына, мунун азанаганы туура дегени. Бүгүнкү даңазалуу тойдо мөрөйдү биз алып, кебектердин сазайын куп гана бердик бейм. Өзгөчө Дадый мырзанын иниси Шапак доңузга табам аябай канды. Байлыкты да, балбанды да кудай таалам кебектерге берген деп койколоңдочу эле... Сайышка түшкөн балбаны найзанын учу тие электе ат үстүнөн учуп кетти го... Шым кылып таштадык кебектерди. Азыр андан бешбетер кылабыз.

К у р к у т. Мен чочуп турам силерден.

М а т а й. Шамшыгул байдын жаш арстаны Унчукпас экөөбүз турганда кебелбей эле кой.

К у р к у т. Айткылачы, эмне кылган жатасыңар?!

М а т а й. Эр өлтүрбөйбүз... Каруусу жок катын кызайлар деп Шапак доңуз кууратып жүрчү эле. Чолок жашын чыгарып, байкелетип коё беребиз.

К у р к у т. Бирөө жамандык кылса, кырк жыл унутпай жүрүп, акыры кебез менен мууздап өлтүрөт дешет го Дадыйды. Инисин жакшы эле бозорттук. Ошол эле жетпейби. Эми тийиштик кылсак, балээге калабыз. Жүргүлө, кеттик. Атаңдын көрү, кыз-келиндердин кыңшылаганы ай!..

М а т *а й. (Куркутту колунан силкип)* Катынсаагына не бересиң?.. Дадый мырза дың дей албайт. Кудай бизге берди. Келатышат. Жашынгыла!

*(Жашынышат. Чортон менен Куландын соңунан Шапак кирип, бадал арасындагы алачык ордундай көк жашаңга токтошот).*

К у л а н. Биз эмне келдик мында, жаш мырза?

Ш а п а к. Эр сайышка түшөмүн деп бүт кыргыз, казактын алдында намысыбызды алдырдың. Алдырганда да катын кызайларга... Анан дагы эмнеге апкелдиңер деп...

К у л а н. Жакшы эле жан талаштым. Канет дейсиз, каруум жетпесе кантмек элем.

Ш а п а к. Сүйлөбө! Сендей кара тамандар намыс дегенди билбейт, бир чөйчөк талканга сатылып кете берет. Сен кызайларга сатылып, калптан эле алдырып койдуң!

*(Жылан боор камчы менен чоку талаштыра салганда, Кулан артын көздөй сендиректей түшүп, ташка жөлөнөт).*

К у л а н. Бекерге эле урдуңуз, жаш мырза!

Ш а п а к. Бекергеби? Мына сага! Мына! *(Эки-үч сыйра камчыны шыбай бергенде, Кулан жыгылат).* Колуңуздун кычуусу болсо кандырып алыңыз, Чортон аке, анан сууга ыргытып жиберели. Бээ көрдүңбү – жок, төө көрдүңбү – жок. Болуңуз!

Ч о р т о н. О, кудуретиңден айланайын кудай, ак жолуңа баштай көр!

*(Чортон алаканына түкүрүп, камчыны үйрө бергенде, бадал артында жашынып турган Матай, Куркут, Унчукпас үчөө чыга келет).*

М а т а й. Укпайт деп ушак сүйлөбө, көрбөйт деп ууру кылба деген, Шапак курдаш!

Ш а п а к. Кызайлар!

М а т а й. Бул ишиңди жакшы эле купуя кылайын деген элең, бирок Чортон баатыр экөөң үйдүн ичинде шыбырашып жатканыңарда, мен сыртта тыңшап тургамын.

Ш а п а к. Ошондойбу?! Менин сөзүмдү уурданып угуп...

*(Чортон экөө качырганда, тиги үчөө бычактарын белендей жардана калышат).*

М а т а й. Кан ичүү деген жарма ичкендей эле кеп бизге! *(Шапак менен Чортон бычактарын кынына салып, кетенчиктей бергенде, тигилер да бычактарын кынга салышат).* Тиги кара таманыңа болушканы келгенибиз жок. Чортон баатыр экөөңдүн башыңа жоолук салганы келдик.

Ш а п а к. Эмне?!

М а т *ай. (Койнунан кош жоолукту сууруп чыгып).* Карагылачы, силердей катындарга куп гана жарашат. Жакшылык менен салынып алгыла. Болбосо...

Ш а п а к. Болбосо, колуңдан эмне келет, катын кызай?!

М а т а й. Кудайга үнүңдү жеткирейинби, тайтак кебек?

Ш а п а к. Ха, ха, ха... Карасаңыз, Чортон аке... Мобу каракчы кудайга үнүмдү жеткирер имиш... Ошенте албасаң эненди аласыңбы?

М а т а й. Лакылдаба!.. Балбаныңарды чала жан кылып суугa ыргытканы жатыпсыңар, биз үстүнөн чыктык...

Ш а п а к. Үстүнөн чыксаңар эмне экен... Сүйүнчү бер дейсиңби?

М а т а й. Дадый мырзанын иниси тойдо балбанын уруп өлтүрмөкчү болуптур деген ат, сайыштан алдырыптыр дегенден да жаман. *(Ташка секирип чыгып)* Анакей, агаң баш болгон эл дөбөдө отурат. Кыйкырайынбы?

Ш а п *а к. (Жүгүрүп барып, сыңар тизелей калат).* Матай курдаш! Астымдагы кара кашка күлүгүмдү өзүңө тартуу кылайын, жаныңдагы курбуларыңа бейкасам чапан жаптырайын. Макулсуңбу ушуга?

М а т а й. Чортон баатыр да келсин.

Ч о р т о н. *(Шапакка жанаша тизе бүгүп).* Биз дебесеңер да Дадый мырзанын урматы деп басып койгула.

*(Матай менен Унчукпас экөө Шапак менен Чортондун баштарына жоолуктарды жаба салышат).*

М а т а й. Бизге ушу гана керек болучу. Жакшы калгыла, жакшынакай келинчектер!

*Үчөө каткырып күлгөн бойдон чыгып кетет.*

Ш а п *а к. (Башындагы жоолукту алып ыргытып).* Өлтүрдү бизди катын кызайлар, өлтүрдү-ү!

*Ошо маалда аска боорундагы элик жол менен этият басып бир киши түшүп келаткан болот. Ал Ашырбай.*

Ч о р т о н. Бизди кызайлар өлтүргөн жок, жаш мырзам, бизди тээ береки айбан өлтүрдү!

Ш а п а к. Мойсо! Жанч! Жогот!

*(Чортон Куланды бадалга сүйрөп кетет. Ошол учурда Ашырбай келип, жалпак ташка бутун коёт).*

Ашырба й. Ассалоом алейкум, жаш мырза.

Ш а п а к. Ашырбай?!

Ашырба й. Суу боюнда сейилдеп жүргөн экенсиң... Баралбадым. Той кут болсун!..

Ш а п а к. Баламдын тоюнда сайышка түшүп берсин деп байкем эки ирет киши жиберсе, жаратым бүтпөй жатат деп коюп... Мунуңузга жол болсун?!

А ш ы р б а й. Ненин башын оорутасың, жаш мырза. Арга жок күн да! Жакшы кал.

Ш а п а к. *(Алдын торгоп)*. Ашыкпаңыз!

Ашырба й. Астында аты бар киши ашыкпайт. *(Чортон кирет)*. Жакшысыңбы, Чортон баатыр.

Ч о р т о н. Энеси байта-ал! Не деген шумдук? Ой, сени төшөктө жатат дешпеди беле?

А ш ы р б а й. Багдагүлүмдүн сыркоосу катуу... Кайберендин эти дары болот дешкенден... Жаман чүрпөм да атам келет деп жолду акмалап... Сапарымдан калтырбагыла мени, акетайлар. Айыл алыс, жүгүм оор.

Ш а п а к. Багдагүлүңүз менин байкемдин намысынан артык болуп кеткен экен да?!

А ш ы р б а й. Жаш мырза!.. Менин Багдагүлүмдөй ургаачы бу дуванда жок. Ага тил тийгизбе!..

*Ошол учурда кыңкыстаган үн угулат.*

К у л а н. Ашырбай байке!

*(Ашырбай жалт бурулуп, бадал ичинен боортоктоп келаткан Куланды көрөт).*

А ш ы р б а й. Кулан! *(Башынан жөлөп)* Шылып салышкан тура. Кутурган гана доңуздар десе!

К у л а н. Маа кейибеңиз, Ашырбай байке. Мен эчтеме болбойм. Жөн гана унчукпай кете бериңиз. Катылбаңыз тигилерге. Тилимди алыңыз!

А ш ы р б а й. Кайрат кыл, чырагым! *(Ордунан туруп)* Бу не деген айбанчылыгыңар?!

К у л а н. Ашырбай байке!

А ш ы р б а й. Унчукпа! *(Шапакты көздөй басып)* Эмнеге дулдуясыңар?! Сүйлөгүлө!..

Ч о р т о н. Сүйлөсө коркот деп турасыңбы?.. Тигинин кызайларга сатылып кетип, кебектердин намысын алдырып койду. Сен болсоң сыркоомун деп амалданып, жаман катыныңа кайберен уулап жүрөсүң, намыссыз!

Ш а п а к. Сиз, эмне, намыс бар деп жүрдүңүз беле ушунда! Бу ойноштон туулган. Ойноштон туулган кишиде намыс болчу беле?!

А ш ы р б а й. Атадан туулганың ырас болсо дагы бир айтып көрчү ушу сөзүңдү, жаш мырза!

Ш а п а к. Кулагыңа майдай жагып бараткан го... угуп ал... Кызайлардын Чоңмурун деген жылкычысы менен ойноп жүрүп, Сырга катын Ашырбайын ошондон тапкан деп, апам айтчу. Сен Чоңмурун кызайдын уулусуң. Жолбунсуң!

*(Ашырбай урат. Шапак тоголонуп барып көмкөрөсүнөн түшөт).*

Ч о р т о н. *(Чаңырып)* Өлтүрдү! Өлтүрдү! О, журт! Өлтүрдү-ү!

Кулан кыйналып жатып ордунан турат да, Ашырбайдын жанына барат.

К у л а н. Ажыдаардын куйругун басып алдыңыз, Ашырбай байке! Багдагүл жеңем менен кичинекей бөбөктүн көргөн күнү не болот эми?!

А ш ы р б а й. Кутурган иттен шылдың угуп тирүү жүргөнүмчө, Багдагүлүм жесир болуп, балам жетим калсын!

*(Алыстан кыйкырык-чуу. Алды менен Матай, Курткут, Унчукпас баш болгон бир топ жигиттер, алардын соңунан Дадый баштаган эл кирет).*

Д а д ы й. *(Шапактын башын жөлөп)* Шапак! Шапагым! Аччы көзүңдү!

Ш а п *а к. (Көзүн ачып)* Байке!

Д а д ы й. О, кудай, аксарбашылың! Чортон! *(Чортон экөөлөп Шапакты тургузушат)*. Кандай жин уруп жүрөт силерди, Ашырбай баатырым?

А ш ы р б а й. Алдагы экөөбүздүн кимибиз ойноштон туулдук экен, жалгыз жараткан өзү билет!

Ч о р т о н. Мырзам! Байкап көрүңүзчү, иниңиз менен кошо сизди дагы ойноштон туулган деп жатат. Айт деп коюңуз, чайт деп барып азоону алдыртайын.

*(Чандык бай топ ичинен чыгат).*

Ч а н д ы к. Хи, хи, хи... Бу жигитиңиз жөндүү сүйлөп жатат. *(Курсагын көтөрүп)* Курсак болсо кампайды, эми көңүл ачалы. Тиги айткандай кылыңыз, сизге – намыс, бизге – тамаша. Кана, баатырдыгыңызды бир көрсөтүп коюңузчу, Дадый мырза.

Ш а п а к. Алгыла, ойноштон туулган итти! Жоготкула!

Ч о р т о н. *(Жигиттерге)* Эхей, макулуктар, байлагыла колу-бутун!

*(Топ жигит Ашырбайды качыра бергенде, Дадый колун көтөрөт).*

Д а ды й. *(Каардуу)* Тек!

Ч а н д ы к. Азоонун куйругуна байлап өлтүргөнгө макул эмессизби... Башка амал тапкансыз го... Хи, хи, хи... Кана, Дадый мырза, кантип өлтүрмөк болдуңуз бу томаягыңызды?

Д а д ы й. Мен букараларыма зомбулук кылбайм, байым. *(Ашырбайга)* Даңазалуу тойдо эр сайышка түшүп берсин деп эки ирет киши жиберсем... Мейли эми, бу жолкусу эчтеме эмес... Бир айдан кийин таздарларда чоң той болот... Ошого камынып тур. Азыр болсо... Шапак-

тын алдынан өтүп койсоң болгону. *(Бектемирге кайрылып)* Кандай дейсиз, Бектемир аке?

Б е к т е м и р. Мунуң ашкан адилдик. *(Ашырбайга)* Барып алдынан өтүп кой Ашыке.

А ш ы р б а й. Дадый мырзанын адилдиги ырас болсо инисин жиберсин, иниси менден кечирим сурасын!

Д а д ы й. Ай-ай, аша чаппа, Ашырбай баатырым!

А ш ы р б а й. *(Эчкисин мойнуна салып)* Мен бу тойго да келгеним жок, таздарлардын тоюна да барбайм.

Д а д ы й. Туюнбадым сөзүңдү. Ашырбай баатырым?!

А ш ы р б а й. Далай беттешке чыгып, кыйласын майып кылдым… бирөөнү болсо сайып өлтүрдүм… Ойлочу элем, элимдин абийири үчүн жакшы иш кылып жүрөм деп… Көрсө… Жакында Сабыр баатырдын аялын көрдүм… Тооктун жөжөсүндөй кылып жети баласын ээрчитип тентип жүрөт… Баакиси ач-жылаңач… Алардын багар-көрөрү Сабыр баатырды мен сайып өлтүргөмүн!.. *(Артына кылчайбастан чыгып кетет)*.

Ш а п *а к. (Жулунуп)* Соём!

*Д а д ы й. (Катуу силкип)Тек!*

Ч а н д ы к. Шапак иниң менен Чортон баатырыңдын башына салган жоолукту сенин башыңа салсак болмок экен, Дадый мырза!

Д а д ы й. Бейкүнөө бирөөнүн канын төгүп зоок курганды жакшы көрөт окшобойсузбу, Чандык байым?!

Ч а н д ы к. Хи, хи, хи… Бу жалгандын эки гана жыргалы бар… Жайбаракат отуруп алып тамак жеш… Анан, тамаша көрүш… Болду!.. Баатырдыгыңызды көрдүк!.. Тойдук!.. Хи, хи, хи…

Д а д ы й. Жакшы күлөт экенсиз, Чандык байым!.. Муун жок, муун жок!

М а т а й. Унчукпас!.. Мени караба, Дадый мырзаны кара… Бол! *(Унчукпас азанап күлөт)* Чыныгы баатырлардын тукуму мына ушундай күлөт!..

Д а д ы й. Арийне, ошондой күлөт, Матай бала, арийне!
Ч а н д ы к. Жүргүлө, кызайлар!

*(Сахнада Дадый менен Шапак калат).*

Ш а п а к. Карындашын суратып, улук башыңыз менен киши жиберген элеңиз Ашырбайга. Дадый мырза таарынбасын, Асылканымдын бел куда болгон жери бар, ыйык батаны буза албайм деп эптеп шылтоо тапты, анан чокоюн сүйрөй албаган бирөөгө узатып жи- берди. Азыр болсо минтип... Эмне үчүн жайлап салбадыңыз ал томаякты?!

Д а д ы й. Шапагым! Сенин Шапак экениңди береки алакандай аймактагы гана айылдар билет... Ашырбай болсо... Эр сайышка чыгып... балбанга түшкөндө бир жолу да мөрөй алдырбаган теңдешсиз баатыр... өзүндөй жатакчыларды кайберен эти менен баккан көзгө атар мерген... Анын дайынын биздин сары өзөн Чүй гана эмес, бүт кыргыз, казак билет.

Ш а п а к. Сиз намыс деген эмне экенин билбейт окшойсуз!

Д а д ы й. Билем, садагасы.

Ш а п а к. Жок, билбейсиз! Улуу даражалуу мырзанын бир тууган инисин кайдагы бир сандалган томаяк жалпайта коюп, өзүн мыскылдап кетет деген не жорук! Бу көрөкчө ычкырыбызга муунуп өлгөнүбүз артык. Эмне жалдырайсыз, намысыңыз болсо жүрүңүз, тээ береки аскадан кучакташып туруп боюбузду таштайлы! Менин байкем болсоңуз, жүрүңүз!

Д а д ы й. Кудуреттүү кудаанын көзү ачык, жер бетинде кыбыр эткенди көрүп, жамандык-жакшылыктын баакисин таразага салып өлчөп турат, Бизге тил тийгизип, жамандык кылган... Ашырбайды да, Чандык байды да, Матай баланы да баакисин тең кудаа өзү жазалайт.

Ш а п а к. Кудаа өзү жазаларын кайдан билесиз, сиз эмне көзү ачык олуясызбы?

Д а д ы й. Олуя болсом олуядырмын. *(Көзүн сүзүп)* Кудай таалам аларды жазалаганда мүрт өлтүрүп жибербейт, улам чала жан кылып, ботодой боздотуп кыйнап туруп... ошондон кийин гана өз билгенин кылат.

Ш а п *а к. (какшыктап)* Качан?!

Д а д ы й. Бүгүн-эртең дебейм. Бир айдабы, же эки айдабы, кудай таалам өзү билет аны.

Ш а п а к. Сиздин ордуңузда кызайлардын Шайык мырзасы болсо сизчилеп кудайлап отурбай, өзү эле жайлап коёт болчу! Коркоксуз! *(Чыгат).*

Д а д ы й. Мен Шайык эмесмин. Мен — Дадыймын!

***Экинчи сүрөт***

*Түн. Ашырбайдын алачыгы. Тыкан жыйылган чакан жүк. Жерде кийиз, эчки талпак. Босого жаккы керегенин башында эликтин мүйүзү. Багдагүл жалгыз. Жылтылдап күйгөн оттун шооласын паярлап жаргылчак тартууда. Оор ташты зорго айлантат. Тык-тык жөтөлүп, ордунан турат. Жүктүн бурчунда – кичинекей көрпө тебетей. Багдагүл тебетейди колуна алып, адегенде кыруусун, андан кийин тышын сылап, бооруна бек кысып ыйлайт.*

Б а г д а г ү л. *(Тебетейди телмире тиктеп).* Атаң байкуш экөөбүздү томсортуп коюп таштап кеттиң. Эмнеге ошенттиң, кокуй күн! Анчалык эмне жазмыш кылдык эле теңириме?! *(Солтобай кирет)* Кел, уул. Кузгунзаардан бери кайда жүрдүң?

С о л т *о б а й. (Малакайын жерге уруп).* Урдум ушундай күндү!

Б а г д а г ү л. *(Колундагы тебетейди керегенин башына илип).* Садагаң уул, мындай эмес элең, эмне болду саа?

С о л т о б а й. Жин тийди маа!.. Дагы ыйлага-н экенсиң, ээ?! Уулуңардын өлгөнүнө жарым айдан ашты, ошондон бери көз жашың тыйылбайт... Эмне антип карайсын, уулуңарды мен өлтүрдүм беле?!.

Б а г д а г ү л. *(Көзүн сүртүп)* Курсагың ачкан окшобойбу. Жарма бат эле бышат, сабыр кыла тур, садагаң.

*(Жаргылчакка барып, кош колдоп катуу айлантканда жөтөлүц кармайт. )*

С о л т о б а й. Өткөн айда Дадый мырзанын тою болду. Ага да баралбай калдым эле. Жакында таздарларда чоң той болот экен. Мен кырдуу балдардан бири калбай түп көтөрө барган жатышат. Мен жөөмүн! *(Жамачылуу кемселин чечип ыргытып)* Ат тургай ашка да жетпейм, кийимге да жетпейм!

Б а г д а г ү л. Кейибе, уул. Жашсың. Алтын башың аман болсо атка да жетесиң, кийимге да жетесиң.

С о л т о б а й. *(Кыйкырып).* Эмне тикирейесиң, көрбөй жүрдүң беле! *(Багдагүл жаргылчагын тарта баштайт. Солтобай коломтого жакын жылып)* Таякемдикинен келатып, Карагоого жакындаганымда артымдан жолоочу көрүндү. Мингени келишкен боз ат, ооздугун кыя тиштеп алчактайт. Башында ууздай калпак, кийгени чий баркыттан күрмө-шым, бутунда кашкар өтүк. Эки көзү толтура килем куржуну бар экен. Айный түштүм. Карагоого бачымыраак кирип, өңүттүү жерден акмалагым келди.

Б а г д а г ү л. Уул! Уул! Тобо де!

С о л т о б а й. Боз аттын өңүн башкага буруп, кийимкечесин таанытпай коё тургандай дувам болсо, жалпайтат элем. Туз урсун, аябайт болчумун!

Б а г д а г ү л. Садагаң кетейин уул, мен гана угайын бу сөзүңдү, эзели байкеңдин кулагы чалбасын. Окус шайтан сайып угуп калса… төп жүрбөгөн кишини жининдей көрөт… өлүп берет колуңа!

С о л т о б а й. Эс тарткандан бери байкемдин насаатын угуп жүрдүм, ала кыл аттабай, адал иштеп келдим. Канакей жыргаганым?!.

*Пауза. (Солтобай үңкүйүп коломтону тиктейт. )*

Б а г д а г ү л. *(Курсунуп)* Атаганат, теңтуштарың катары жаркылдап жүрсөң кана… Сабыр кыл, уул. Апамдар берип жиберген төөнүн жүнүн ийрип бүтүп койдум… Береки балакет сыркоодон бир аз тыңысам, өрмөк куруп… пиязы кемсел тигип берем… Калпактык жүн да таап койгом… Атты болсо… Жаман иниң чарчап калгандан бери ууга чыкканы бүгүн… байкең келсин, акыл кошоюн… Ал кургур сен дегенде жанын да аябайт… Жаман жолго түшпө. Ак жүрүп, адал иштеп күн көргөн эле жакшы!

С о л т о б а й. *(Жинденип)* Болду! Сайрай берип, мээмди чиритип жибердиңер!..

Б а г д а г ү л. Садагаң болоюн, уул! Менин бар жазыгым, сени адам болсо деп жатпайымбы. Ага эмне теригесиң?!

С о л т о б а й. Адам болсо!.. Адам болсо!.. Акылыңа тойдум, бачымыраак жармаңды бышыр! *(Багдагүл үнчукпайт. Тык-тык жөтөлүп, жаргылчактын ташын зорго айлантат. Солтобай кыжырлуу)* Жандын кашаңысың, бат-бат тартпайсыңбы!

Б а г д а г ү л. Корс киши жаман болот, сылык болгун уул!

*(Чортон кирет. )*

С о л т о б а й. Чортон аке!

Б а г д а г ү л. Келгиле.

Ч о р т о н. *(Багдагүлгө)* Кайниң экөөбүздү ээн калтыра турчу! *(Багдагүл чыгат).* Дадый мырзанын төл жигити Чортон баатыр тегинен келбейт, аны билип тургандырсың, бала. Мен чакырып келдим.

С о л т о б а й. Чакырып келдим! Кайда?

Ч о р т о н. Ырысың тоодой экен. Кудуңдай бер. Дадый мырза жигит кылып аламын дейт өзүнө.

С о л т о б а й. Мениби?!

Ч о р т о н. *(Солтобайдын денесин кармалап көрүп)* Энеси байтал, о-ой! Булчуңдарың тим эле ташпы, эмне! Кана, берер жообуңду айт!..

С о л т о б а й. Эмне дээримди билбей турам, Чортон аке.

Ч о р т о н. Мингениң күлүк ат, кийгениң кылторко, чийбаркыт… барганың аш-той… Сени көргөндө кылыктуу кыз-келиндер кыңшылашып, ойт беришип, жалбарып турушса… Мына бу жалгандын үзүрү деп ушуну айт!.. Бол, тез чык!

*(Чортон кетет. Солтобай кемселин кийип, малакайын мыжыга кармап ойлуу. Багдагүл кирет)*

Б а г д а г ү л. Эмнеге келиптир жаңкы неме?

С о л т о б а й. Катуу айтып коюп, кийин өзүм кейип калдым… Жаман көрбө, жеңекебай.

Б а г д а г ү л. *(Чыгып кеткен кайнисинин соңунан тиктеп)* Эмнеге жаман көрмөк элем, садага болоюнум. Мени эмне, ошончолук эле билимсиз дейсиңби?

*(Багдагүл жаргылчактын жанына барып, кыйлага дейре ойлуу турат да, анан жаргылчакты катуу-катуу айланта баштайт. Ошол учурда Ашырбай кирип, мылтыгын керегеге жөлөйт)*

Б а г д а г ү л. *(Жөтөлүп)* Келдиңби, Ашыке. Курсагың ачкандыр. Мына азыр. *(Ашырбай аялынын колунан тутканы алып, жаргылчакты өзү тарта баш-*

*тайт).* Сен чарчап келдиң, берчи менин өзүмө, аз эле калды.

А ш ы р б а й. Сай бойлоп келаттым эле. Омуроолото койдуруп, атып алган эчкимди бөктөрүнүп кетишпедиби!

Б а г д а г ү л. А кайсы кутурган немелер экен?

А ш ы р б а й. Бир аз узай түшкөндө, мырзанын кайберенин уурдап атпай жүр деп кыйкырышты. Караңгыда таанылбайт. Ким экенин билем.

Б а г д а г ү л. Кудай тааламдын кайберени да мырзалардын энчисине басылып калыптырбы! Эч жериң ооруган жокпу деги? *(Ашырбай «жок» дегендей башын чайкайт).* Кейибей эле кой. Башыңдан садага!

(Багдагүл сыртка чыгат. Ашырбай тартып бүтүп, жаргылчакты жайына коёт. )

А ш ы р *б а й. (Керегенин башындагы уулунун тебетейин алып)* Байлык бербесең жок, байлыгыңа ыраазы элем. Кулунумду аман койсоң ашык байлыктын кереги жок эле. Ыраа көрбөдүң, сопсоо ойноп турган жеринен жула качып кеттиң. Эмне үчүн ошенттиң?!

*(Куурай колтуктап Багдагүл кирет. Ашырбай от жакалай келип, супарадагы талканды салмакчы болгондо, Багдагүл тулупту алып, өзү сала баштайт )*

Б а г д а г ү л. Ашыке дейм, мен бир сөз айтайын, жаман көрбөгүн, макулбу? Бүгүн биздикине табыпчы акем келиптир.

А ш ы р б а й. Катаган табыпчыбы?

Б а г д а г ү л. Ооба. Көптөн бери сыркоо деп угам, соопкерчиликке тамырыңды кармап берейин деп…

А ш ы р б а й. И, и… Ата, жарыктык киши, ай-йа… Эмне дедиң анан?

Б а г д а г ү л. Өзүң ылайык көрсөң, ышка алайын, балам, башка ыбаа жок деди.

А ш ы р б а й. Ышка алат деген эмнеси?

Б а г д а г ү л. Анын жөнү мындай экен. Ушу биздин алачыкты жылчык калтырбай думбалап, ичине мени жылуу кийинтип олтургузуп адырашмандын, же эрмендин түтүнүнө ыштайт экен. Ошондо кудаадан болуп эм түшсө, уюган-уюган каракочкул кан кусуп, дароо эле куландан соо болуп кетесиң дейт.

А ш ы р б а й. Катаган табыпчы ошентип айттыбы?

Б а г д а г ү л. Түйшүктүн баакиси жалгыз сениң мойнуңа түшө турган болду. Батыраак сакайсам... Айтчы, Ашыке, эмне кылайын?

А ш ы р б а й. Адамга адам жамандык тилемек беле? Антпейт, Багдагүл.

Б а г д а г ү л. *(Ашырбайды кучактап)* Мен корком, Ашыке!

А ш ы р б а й. Ошо да кеп болдубу? *(Аялынын көзүн алаканы менен сүртүп)* Катаган табыпчы кудаа сүйгөн адам. Сакайтамын деп өз илеби менен айтса... болду, кудаанын бергени!

Б а г д а г ү л. Болуптур, Ашыке. Тобокел.

А ш ы р б а й. Катаган табыпчыны эртең эле барып чакырып келем.

Б а г д а г ү л. Жок, Ашыке. Табыпчы акем келсе, ал кишинин көңүлүн ыраазы кылганга мал-сал керек... Аштыкты алганча коё туралы, кимге барып жалдырамак элең...

А ш ы р б а й. Жалдырагандай мен эмне, кудайы сурамак белем?.. Эки-үч күндөн бери оң көзүм тартып... буюрса, сен сакайып кетип, аябай кубанат окшойм. Ылайым эле ошондой болсун!

*Пауза.*

Б а г д а г ү л. Тагдыр мени саа буйруп койгон экен, Ашыке. Жараткан-пиримдин ошонусуна миң мартаба тобо кылам!

А ш ы р *б а й. (Талкан чалып жатып)* Антип мактагандай, Ашыкең эмне кылып жыргатып жиберди?.. Же кийимге, же ашка жетпесең…

Б а г д а г ү л. Андай дебе, Ашыке. Сен жанымда турсаң… кудай да, кудай акыры, телегейим тегиз болуп, көңүлүм көтөрүлүп асмандап турам! Өгүнчөрөөк Дадый мырзанын байбичеси Бопуйна өтүп баратыптыр… көздү сүзүп коюп, бассамбы, баспасамбы деп… Шалдыр тиштин катыны көрөр замат эле «Мырзанын байбичесине учурашып коёлу. Антпесек, мырзанын улуу даражасына доо кетиребиз. Жүрү, Багдагүл» деп алды-артын карабай жүгүрдү. *(Ашырбайды карап)* Бопуйна Дадый мырзанын жары болсо, мен Ашырбайдын жарымын!.. деп мен барганым жок. Башымды бийик көтөрүп басып кеттим!..

А ш ы р б а й. *(Алаканы менен аялынын көзүн сүртүп)* Ыйлаба, Багдагүлүм!

*(Иван менен Арпачы кирет. )*

А р п а ч ы. Жакшысыңарбы, Ашыке.

А ш ы р б а й. Кел, А р п а ч ы. Уванке, сен төргө өт.

И в а н. Арпачы экөөбүз орсок тиш байдын уулунун тамын салып бүттүк. *(Колундагы баштыкты Багдагүлгө берип)* Ун. Ичинде Арпачынын кошумчасы да бар.

Б а г д а г ү л. Теңир жалгасын, Уванке.

А р п а ч ы. Муну менин чүрөгүм берип жиберди… Сызгырылган май, эптеп катык кылып тургула.

А ш ы р б а й. Кудаа кулум дегени ырас болсо биз дагы карыздар калбаспыз *(жарманы сапырып)*. Бүгүн чогуу отуруп шорпо-шилең ууртайлы деген элек. Атып алган эчкимди жолдо келатып тарттырып жибербедимби!

А р п а ч ы. Сенин атып алган эчкиңди караңгы түндө жула качышса, башкалардыкын чак түштө эле жула качып жатышат. Эки жылдан бери чөп оозуңду төлөбөйсүң деп Шалдыр байкуштун жалгыз “кунаажынын алып ке-

тишиптир. Эртең меникине барса, бүрсүгүнү сеникине келишип, малың болсо малыңды алат, малың жок болсо жаныңды алат.

А ш ы р б а й. Бардыгы кудаадан… кудаа эмне кылам десе өзү билет…

И в а н. *(Сынагандай)* Кудаа эмес эле, Дадый өңдөнгөн байлар кылып жатсачы?.. Буга эмне дээр элең, Ашырбай?

А ш ы р б а й. Дадый дейсиңби?! Кантип?!. И, Дадый кылып жатса… кудаа адилет… Дадыйдын эсебин бат эле таап коёт!

*Пауза.*

А р п а ч ы. Жармаңардан ооз тийгизгиле, биз кайталы.

А ш ы р б а й. И, анча эмне шаштыңар?

И в а н. Арпачы экөөбүз байкап жүрөбүз. Солтобай бала кайдагы бир селсаяктарга кошулуп, тентимиш болуп баратат. Оң тапсаңар аныңарды кошуп бергиле бизге. Кыш куюп, дубал тургузуп, камыштан чатыр байлаганды үйрөнсүн.

Б а г д а г ү л. Уул макул болсо деги жакшы болот эле, ээ, Ашыке?

А ш ы р б а й. Мен макул десем, макул болбогондокайда бармак эле.

Б а г д а г ү л. Ким билет!

А ш ы р б а й. Мен макулмун, Уванке. Эртеңден баштап Солтобайды силерге кошуп берем.

И в а н. Таң сүрө Солтобайды меникине жибер. Арпачы экөөлөп калыпка салалы *(бармагын көрсөтүп)* момундай уста болуп чыга келсин.

А ш ы р б а й. Жакшылыгыңды унутпайм, Уванке. Наташкеге салам айтып, жаман сары баштарыңды бетинен өөп кой.

А р п а ч ы. Ыйманда жаткыла. *(Иван экөө чыгат).*

Б а г д а г ү л. Ашыке дейм, аштыгыбыздын ашыгы болсо уулга кунан алып берсең… бой жетип калган ба-

ла... Астында аты, үстүндө тону болсо... Ашырбайдын иниси, Багдагүлдүн кайниси дешип... экөөбүзгө эле жакшы. Кандай дейсиң, Ашыке?

А ш ы р *б а й. (Кулумсурөп)* Кандай демек элем? Мен өзүм да ойлоп жүрөм. Токточу! *(Кулак түрүп)* Атчан бирөө келатат. Аты жакшы ат окшойт, карачы, жаныбардын аяк ташташын!.. түз эле бизге келип түштү. Ой, сен кимсиң? *(Сырттан келген адамдын ышкырганы угулат)* Кимсиң дейм?

*Солтобай кирет.*

С о л т о б а й. Бу менмин!

Солтобайдын башында уздай калпак, үстүндө чийбаркыт кемсел, бутунда кашкар өтүк.

Б а г д а г ү л. *(Коркуп)*Айланайын уул! Бул эмне кылганың? Жуттуң бизди, жуттуң!

С о л т о б а й. Оюнда бирөөнү карактап келди деп турасың го. Мен каракчы эмесмин. Мен Дадый мырзанын жигитимин! *(Колундагы түйүнчөктү ыргытып)* Менин мурдагы кыл торко кийимдерим... Жакшы тургула, мен кеттим. Чортон акемдер күтүп калышты. Азыр жолго чыгабыз.

А ш ы р б а й. Кайдагы жолго чыгасыңар?

С о л т о б а й. Жан аттууга ооз ачпаймын деп касам берип койдум эле мырзага.

А ш ы р *б а й. (Алдын торгоп)* Иниси агасына айтса, ант бузулбайт андан!

С о л т о б а й. Шайык мырзанын айлынан жылкы чаап келгени баратабыз. Эми коё бериңизчи деги. *(Ашырбай былк этпестен каардуу карайт)* Сиз, эмне мушташкыңыз келип турабы?

А ш ы р б а й. Шайык мырзанын жылкыларын экөөбүз окшогон эле шордуулар багат. Силер барып алар кайтарган жылкыларды чаап аласыңар... Шайык ашкан залим. Бир жылкысы үчүн он кишинин башын алат.

С о л т о б а й. Ону эмес жүзүнүн башын алсын, ишим эмне? Өзүм жыргасам болду!

А ш ы р б а й. Сени жыргатуучу киши Дадыйбы?!

С о л т о б а й. Коё бериңизчи, жолдошторум зарыгып калышты!

А ш ы р *б а й. (Жибербей)* Былтыркы чоң аште балбанга түшүп бутум майып болду. Бөтөн эл, бөтөн жер... кылчайып караган жок, ээн талаага таштап кетти. Өгүнкү тойдо инисинин айыпкер экенин билип туруп мени алдына түшкүн деп шакабалады. Сени болсо бүгүн түнү каракчылыкка жибергени жатыптыр... Ошобу жакшы адамдын кылары?.. Дадый жаман адам!

С о л т о б а й. *(Мыскылдуу күлүп)* Элдин баары мактайт, Ашырбай жакшы адам деп... күйүмдүү... адилет... ал – бул!.. Адил жүргөндөн жыргаса сиз жыргайт элеңиз го биринчи болуп. Канакей жыргаганыңыз?! Дагы эле болсо Дадый мырза чардап жатат!.. Калппы?!

А ш ы р *б* а й. *(Мурдагыдай эле токтоо)* Бейкүнөө адамдардын кусуруна калып жыргагандан көрө жыргабай койгон эле жакшы... андай немелер түбү барып кудай тааламдын каарына калат!

С о л т о б а й. Жо-ок, байке, кудай тааламдын каарына калса, сизге окшоп түз сүйлөгөн, ак жүрөк кишилер калат өңдөнөт!

Б а г д а г ү л. Жаман сүйлөп жатасың, уул!

С о л т о б а й. Өлалбай отуруп эмне жок экен саа!

А ш ы р *б а й. (Токтоо)* Солтобайым!.. Боорум!.. Мен десең, мерестигиңди кой... Бул жалганда жылуу сөздөн өтөрү жок... Жеңеңди какпай жүр... Окус дагы бир жолу жеңеңе сөз тийгизсең... жатындаш экениңе карабайм... Анда, өз убалың өзүңө, уктуңбу?

С о л т о б а й. *(Ачуулу)* Байке!

А ш ы р б а й. Сүйлөбө!

С о л т о б а й. *(Койнунан кичинекей түйүнчөктү чыгарып)* Өрүш толо малым, үй ичи толо дүнүйөм бол-

со... Анда жеңем экөөңүздөрдү жыргатпайт белем! *(Күлүмсүрөп)* Ошондой болсо, кана!.. Дадый мырза бир аз теңге берди эле... Алыңыз...

А ш ы р б а й. Мен арам теңгени албайм. Кайтарып бер өзүнө!..

С о л т о б а й. Жин тийиптирби маа кайтарып бергидей!.. Алган алды, жулган жулду...

Б а г д а г ү л. *(Жекирип)* Уул!

С о л т о б а й. Тишиңердин кирин соруп, ак ниет болуп отура бергиле байкем экөөңөр. Мен кеттим.

А ш ы р б а й. Эч кайда барбайсың. Уванке менен Арпачыга кошулуп там салганды үйрөнөсүң. Адам бол! Артыңда чыйыр калтыр. Эл ыраазы болсун.

С о л т о б а й. Жаман жолго түртүп... Мен мусулманмын. Кайдагы бир капыр менен ылай тебелешип капыр болгум келбейт.

А ш ы р б а й. Дадый өңдөнгөн миң мусулмандан жалгыз Уванке өйдө. Сөз тийгизбе аа!

С о л т о б а й. Ким жакшы адам, Уванке жүн башпы? Жакшы болбой жерге кирсин аның, андайды Дадый мырзама садага чабам!

А ш ы р б а й. Акмак!

Катуу булкканда, Солтобай үстөмөнүнөн түшөт да, шамдагайлык менен ордунан тура калат.

С о л т о б а й. Дадый мырза жаман киши болсо Асылканды бербей койгонуңуздан кийин, же өгүнкү тойдо эле өлтүрүп коймок. Бейкүнөө экендигиңизге карабайт болчу. Эсиңиз болсо Дадый мырзага өмүр тилеп, кудаага тобо келтириңиз!

*А ш ы р б а й. (Кийизди көрсөтүп)Отур!*

С о л т о б а й. Капырга кошулуп капыр болгон кишинин үйүндө турбайм. *(Коломтону аттай качат)* Экинчи ушул үйдү желкемдин чуңкуру көрсүн!

А ш ы р *б а й. (Каардуу)* Токто! Токто!..

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Үчүнчү сүрөт*

*Дадыйдын жасалгалуу боз үйү. Калыйча төрдөгү түрдөмөл ала кийизге бачайы төшөктөрдү төшөп, жүктөн куш жастыктарды алып коёт да, эшикке бет алат.*

Д а д ы й. Сабыр этчи, алтыным. Келгенден бери кабагың ачылбайт, көп үшкүрүнөсүң. Бир жериң ооруйбу, же капа кылып жүргөн бирөө барбы?

К а л ы й ч а. Мейман келет дебедиңиз беле, мырзам. Айып көрбөсөңүз, батыраак дасторкон салайын.

Д а д ы й. Тамак-ашыңды аябай төккүн. Жанымдай көргөн мейманым келет. Касиетиңден айланайын Катаган табыпчы!

К а л ы *й ч а. (Чочугандай)* Катаган табыпчы?!.

Д а д ы й. Касиеттүү табыпчымдын ысмын уксаң же өзүн көрсөң ар убак чочуп кетесиң. Айтчы, неге антесиң?

К а л ы й ч а. Табыпчы аке өтө сүрдүү киши. Жеке мен эле эмес, элдин баары сүрдөйт андан.

Д а д ы й. Бу сөзүң дурус. Баргын эми. Баса, жаңкы Кулан деген немеге айтып койчу, тунма кымыз апкелсин. *(Калыйча чыгат). (Бопуйна кирет. Дадый тескери карап, мурутун серпимиш болуп)* Эмне келдиң?

Б о п у й н а. Жаңкы тексизди алгандан бери мен бейбакты унуттуң го, төрөм!

Д а д *ы й. (Кылчайбастан)* Ко-ош?!.

Б о п у й н а. Кудай да, кудай акыры мен гана күйөм саа... Жаңкы Калыйчаң үйдө бирөө менен сүйлөшүп жат-

саң сыртта капшыттан карыш жылбайт, бирдеме кылымыш болуп… куусаң да кетпейт.

Д а д ы й. Бүгүн менден бирдеме үмүт кылып турсаң керек, ээ?!. Кадырың жан болсун!.. Бар!

Б о п у й н а. Мени менен минтип сүйлөшпөгүн, төрөм, мен тектүү жердин кызымын. Менин атам Чыныбек алты сан кыргызга гана эмес, өзбек-казактын байбача, мырзалары менен өтмө катарлашкан кадыр-барктуу адам!

*Д а д ы й. (Мурдагы калыбынан өзгөрбөстөн)Болуп тур эми...*

Б о п у *й н а. (Боюн таштап)* Төрөм!..

Д а д ы й. *(Жалт бурулуп)* Болду!.. Бүт аалам астынүстүн болуп, замана куурулуп келатса… *(оолактатып)* сенин эс-дартың ошо!

Б о п у й н а. Замана куурулса эмне кыл дейсиң?.. Замана куурулат экен деп өлмөк белем. Бар болгону экинин энеси болдум. Мен жашмын! *(Паузадан кийин, кылыктуу)* Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар *(кетип баратып кайрылат)* кичинекей күчүгүң кечээтен бери чырныктап жатат. Байкемдин мойнун кучактайт элем деп ыйлаганынан калаага кетти деп койдум эле.

Д а ды й. Баятан бери бирдемем жетпегенсип жаман болуп турдум эле. Ананайын жаман күчүгүм… Жүрүчү батыраак.

Бопуйна экөө кетет. Калыйча кирип дасторкон жая баштаганда, чанач көтөрүп Кулан кирет.

К у л а н. Эртең менен бир сөздү баштап келатып айтпай койду. Ал эмне сөз эле?

К а л ы й ч а. Мен эчтеме билбейм.

К у л а н. Шапак кайниң камчы менен башымды тилгенде өзүмө-өзүм сөз бердим эле, бу жерден кетемин деп… *(Билектен алып)* Калыйча!

К а л ы й ч а. Бу жалгандын жарык күнүн буюрбаса керек экөөбүзгө. Түндөсү табышалы. Түн биздики.

К у л а н. Мен десең сыр жашырбагын менден.

К а л ы й ч а. Кымызың сарыгып кетти. *(Экөө отура калып, төгүлгөн кымыздан ийиндерине тийгизишет)*. Кудай өзү кечирсин! Антип карабачы, Кулантай.

К у л а н. Бир балакетти билип туруп айтпай жатасың.

К а л ы й ч а. Келатат!

*Кулан сол капшытка барып чаначты курсүлдөтө бышып, мискейге кымыз куя баштаганда, Дадый кирет.*

Д а д ы й. Козунун эти бат эле калжа болуп кетет. Табы менен бышыргыла.

К у л а н. Жакшы болот, мырзам *(чыгат)*.

Д а д ы й. Мен байкоочу эмес элем, өтө жылдыздуу көрүнөт ушу жигит. Распы, алтыным?

К а л ы й ч а. Эркек аттуудан жалгыз гана сизди билем, мырзам. Башканын кандай-андайы менен ишим эмне *(кымыз куюлган мискейди дасторконго жакын коюп)* Эттен башкасы даяр *(чыгат)*.

Д а д ы й. Бопуйна айткандай мында бир мандем бар окшойт.

*Чортон кирип, камчысын мойнуна салып, сыңар тизелейт.*

Ч о р т о н. Кулдугум бар, мырзам.

Д а д ы й. Жолуңар кандай?

Ч о р т о н. Эки үйүр жылкысын чаап келип, жигин билгизбей салдык. Шайык мырза жердин жети катмарына кирип издесе да таппайт.

Д а д ы й. Шайык иттин иниси Матай баланы эмне кылдыңар, маа ошо кызык?

Ч о р т о н. Так өзүңүз айткандай кылдык. Көңүлдөш жеңесинин колуна бир боо акчаны тутамдатып, акырын суу боюна чакыртып алдык да, дароо колу-бутун чырмай атка өңөргөн бойдон Чандык байдын айлынын

тушуна алпардык. Матай баланы акыретке жөнөттүк, мырзам!

Да ды й. Көңүлдөш жеңесине барганыңда эч ким байкаган жокпу?

Ч о р т о н. Андай жерде түлкүчө жойлойт эмесминби, мырзам.

Д а д ы й. *(Чортонго акча берип)* Жаңкы неме кандай көрүнөт?

Ч о р т о н. Солтобайды айтасызбы? Жөн эле арстан экен! Жылкыга тийгенибизде Шайык мырзанын бир жылкычысы укурук менен качыра берди эле, укуругун колунан жулуп алып, анан өзүн аттан оодара тартып, таптак көтөрүп туруп башы менен жерге бир урду дейсиң... Энеси байталдын күчү – о-о-ой! Тигинин дымы чыккан жок, токоч болуп эле жатып калды.

Д а д ы й. Кайда жүрөт ал? Чакырчы. *(Чортон чыгат)* Бул баланын күчү окшосо окшогондур агасына, кыял-жоругу түк окшобойт. Тиги доңуз темирден катуу... *(Мурутун сылап күлүмсүрөйт)* Акыры ал томаяк да келет курун мойнуна салып. Келбеске аргасы калбай калды!

*Шапак менен Төкөрдүн соңунан Карасакал кирет. Бети-башы жарылган, кан. Босогону аттары менен Төкөр аны кежигеге нукуп коёт, тиги чөгөлөй калып, курун мойнуна салат.*

Т ө к ө р. Бу бечара сизге келиптир, улуу урматтуу мырзам.

Д а д ы й. Сүйлөңүз.

*Карасакал жер караган калыбында тил катпайт.*

Т ө к ө р. *(Дадыйга жакындап, анын чапанынын жеңин жаба коюп)* Улуу урматтуу мырзам!.. Бу бечара...

адам баласынын адили, акылманы, айкөлү азиз мырзабыз, ылайым мал-жаныңыз аман болуп, мартабаңыз өсө берсин деп бата берейин деген сизге!.. Билип эле турам... Сүрдөп жатпайбы шоруң каткыр *(Карасакалды чыканагы менен түртүп, алаканын жая)* Оомийин!

К а р а с а к а л. Оомийин!

Д а д ы й. Сиз ким деген болосуз, акем?

К а р а с а к а л. Кызай урууданмын. Кулуңузмун! *(Дадыйды көздөй боортоктоп)* Жөжөдөй чөбүрөгөн балдарым бар. Калкалап калыңыз. Сизден башка барар жерим жок.

Д а д ы й. *(Бутун өпмөкчү болгон Карасакалдын башын өйдө кылып)* Антпеңиз, акеси. Кудай таалам баарыбызды тең жараткан. Мен деле сизге окшогон кудайдын кулумун. Мындай отуруп жөнүңүздү айтыңызчы. Төкөрүм кымыз сун бу кишиге.

К а р а с а к а л. Мен Шайык мырзанын жылкычысы элем. *(Чортондон кымызды алып, тартып жиберет)* Түндөсү бизди кара басып, эки айгыр үйүрлүү жылкыбызды чаптырып жиберип, бакандай эки азаматыбыздан айрылып калдык!

Д а д ы й. Калабалуу иш болуп калган экен.

К а р а с а к а л. Анысынан да мунусу жаман, мырзам. Шайыктын Матай деген жалгыз иниси бар эле. Өлүгү Чандык байдын айлынын тушунан табылды. Колуктусу ошол айылдан болучу.

Д а д ы й. Ие, ие... Чандык бай Шайыктын инисине кыз бермек тургай, чычкак улак карматпаймын деп жүрөт дешкен. *(Карасакалды тигиле карап)* Матай баланы Чандык бай өлтүрткөн болуу керек... *(күрсүнүп)* Шоруң каткан Матай бала колуктусуна жолугайын деп барган жеринен... Чандык байды адам экен деп жүрсөм, ашкан айбан окшобойбу... Ие, сүйлөй бериңиз, акеси.

К а р а с а к а л. Шайык мырзанын кыялын билерсиз. Айыл ичин бөйүдөй кууруп жатат. Чандык байды дыр-

дай жылаңачтап тикенге оонатып өлтүрдү, калгандарыбызды болсо… анын жылкысын мен чаап алып, инисин мен өлтүргөнсүп… мынакей анын кылганы.

Да ды й. Бу Шайык мырза да жеткен залим турбайбы!.. Төкөрүм!

Т ө к ө р. Ляппай!

Д а ды й. Бу кишиге эптеп алачык көтөртүп, ун-талканына каралаш.

Т ө к ө р. Сиз айткандан кийин, бу бечаранын алачыгы көтөрүлүп, ун-талканы жыйылып калды дей бериңиз!

Д а д ы й. Жаш аялмет экен, саанына бир уй бердиргин.

Т ө к ө р. Сиз айткандан кийин, бир саан уй бу бечаранын эшигинин алдында мөөрөп калды дей бериңиз!

Д адый. Өз эл, өз жериңиздей көрүп бейгам тура бериңиз, акеси, көзүмдүн тирүүсүндө чымын кондурбаймын башыңызга. Барыңыз бу киши менен.

К а р а с а к а л. Ылайым башыңыздан бакты-дөөлөт кетпей, коюңуздун үстүнө торгой жумурткаласын. Оомийин!

*Төкөрдү ээрчий чыгат.*

Д а д ы й. Бизге тил тийгизгендерди кудай таалам өзү эле ушинтип бирине-бирин жазалаттырып коёт. Уктуң го жаңкынын айтканын. Шайык мырзанын инисин Чандык бай өлтүрсө, Шайык барып Чандык байды өлтүрүптүр.

Ш а п а к. Табам канып жатат, байке. Сиз чын эле олуя экенсиз!

Д а д ы й. Мындан жарым ай мурда Ашырбайдын сопсоо турган баласы мүрт кеткен эле. Кечээ кечке жуук катыны өлүптүр. Жана таңга маал аштыгы өрттөнүп кеткен имиш. Баргын эми, мен мейман күтүп отурам. *(Шапак чыгат)* Шайык кеңкелес өзүнүн кул-кутандарын ач бөрүдөй касапчылап жаткан экен. Маа ошонусу кызык!

*Солтобай кирет.*

С о л т о б а й. *(Сыңар тизелей калып)* Ассалоом алейкум, мырзам. Келсин деген экенсиз.

Д а д ы й. Опсуз баатырдыгыңды угуп кубанып калдым. Айтчы, Дадый мырзага кызмат кылган кандай көрүнөт, көөнүңө толдубу?

С о л т о б а й. Жыргап калдым, мырзам.

Д а д ы й. Мындан ары да ушинтип кызмат көрсөтсөң... Менин кабыргамдын кыртышы майлуу...

С о л т о б а й. Мырзам! *(Камчысын мойнуна салып)* Сизге жамандык ойлосом, өз колуңуз менен жазалаңыз!

Д а д ы й. Маа жамандык ойлоп, тилимди албагандарды мен өзүм жазалабайм, кудаа өзү жазалайт. Агаң Ашырбайдын тилегени ар убак жамандык эле. Мен жазалап жатканым жок, кудай жазалап жатат.

С о л т о б а й. Байкем ушуну көрмөк эле!

Д а д ы й. Мырзаңдын ким экенин билип ал, иним, мен айкөл адаммын. Өлүктү коюунун жол-жобосу, машакаты көп. Колунда жок кишиге кыйын. Непада агаң эстүүлүк кылып алдыма келсе, бар күнөөсүн кечип, катынынын сөөгүн койгонго кол кабыш кылам. Ал тургай өзүнө да кайрылышам.

С о л т о б а й. Мен сиздин кулуңузмун!

Д а д ы й. Инимсиң. Ооба, карачечекей инимсиң!.. Астыңдагы күлүктү башы менен бердим. Ашыкпа! Эртең эле үстүңө үй көтөрттүрүп, келинчек алып берем. Бирин-эки жандыктан да каралашам.

С о л т о б а й. *(Кубанып)* Мен... Мен эмне дешимди да билбей жатпаймынбы!

Д а д ы й. Мен эмне акы сурап жатат дейсиңби, Солтобайым. Дилиң түз болсо болду.

С о л т о б а й. Сизге дилимди бузсам, куран урсун!

*Шапак кирет.*

Ш а п а к. Унутуп калыпмын, байке, мен качан жөнөйм Анжиянга?

Д а д *ы й. (Солтобайга)* Чортон баатырга өзүм табыштап коём. Сөөгү жакшы кызды бир *караганда* эле билет. Экөөлөп кыз тандагыла. Жөнө*(Солтобай кетет)* Камдана берсең болот. Ишембиде жолго чыгасың.

Ш а п а к. Кайрымдуу, акылман, адил мырза делип атагыңыз алда кайда кеткен экен. Сизди пааналап келебиз деп жаткандар көп дейт кызайлардын ичинде!

Д а д ы й. Дурустап тосуп ала бергиле. Тамашаны болочок шайлоодо көрөсүң. Кызайлардын катын-балдарына дейре кол көтөрүп, баш ийип беришет маа.

Ш а п а к. Байке! Кызайларды да биз бийлеп калабызбы анда?

Д а д ы й. Жеке моңолдор, найман, бакчы, кызайларды эле дейсиңби, акырын кылдырттап жүрүп отуруп, алты сан кыргызды бүт бийлейбиз!

Ш а п а к. Оозуңузга май, байке!

Д а д ы й. Биз Кебек атанын балдарыбыз… Арбагыңыздан айланайын Кебек атанын балдары илгертен ынтымактуу, бирин-бири кыйбайт… *(Күлүмсүрөп)* Буюрса, ар бир урууну бирден Кебекке бийлетип коёбуз. *(Кыйыр карап)* Ие, ие… Түшүндүм, Шапагым, түшүндүм… Майлуу жерин өзүңө карматам оболу.

Ш а п а к. Байке!.. Асандын Саматын унута көрбөңүз… Самат экөөбүз доспуз… Өзүбүздүн Кебек уруудан… акылга дыйкан, өрт бала чыкты дешип бекерден дүңкылып жүрүшкөн жок. Менин Самат досум чынында эле акылга дыйкан.

Д а д ы й. Самат досуңдун өзүбүздүн Кебек уруудан болгону жакшы. Өрт бала чыгып, акылга дыйкан болгону жаман.

Ш а п а к. Байке?!.

Д а д ы й. Угуп тур, Шапагым!.. Журт башкарам десең муштан коркпо, акылдан корк. Амалын тапсаң акылдуунун башын бутуң менен тепсеп туруп акылын ал, жаки

болбосо ыгын келтирип торойто чап!.. *(Амалдуу күлүп)* Ошенткенде гана зоболоң бийик болот. Уктуңбу?

*Катаган кирет.*

Д а д ы й. Оу, табыпчым келиңиз. Төргө өтүңүз.

К а т а г а н. Бисмилля рахман рахим.

*Катаган төргө өтүп отурат. Шапак кымыз куймакчы болгондо, Дадый мискейди өзүнө тартат.*

Д а д ы й. Өзүм куюп берем кымызды. *(Шыбырап)* Дароо дайындатып койчу. *Шапак чыгат. Дадый ордунан туруп, жүктөн чапан алып, Катаганга жабат)* Шалпаң кулак күлүк торуну тартуу кылып байлатып койдум, минип кетиңиз, кыштык согумуңуз менин мойнумда.

*Пауза.*

К а т а г а н. Кудаанын жазмышы экен, Ашырбай баатыр катының өлүп, аштыгыңдын күйгөнүн угуп, Дадый мырза өтө кейиди, кепиндиги менен союшун камдап коюптур, өзү келип алып кетсин дейт десем тетири карап отуруп алды. Бир чай кайнамга күтүп, жооп болбогон соң аттанып кеттим.

Д а д ы й. Дагы эле болсо жакшылык кылайын дедим эле… Унчукпай койду деңизчи?!.

К а т а г а н. Анык кудай безер экен, мындайды мусурман баласынан көргөн эмесмин!

Д а д ы й. Касиеттүү табыпчым!

К а т а г а н. Кулак сенде, Дадый балам.

Д а д ы й. Ашырбай окшогондорду баш ийүүдөн чыгарып, кудайын таанытпай жаткандарды мен билем. Кайырдин орустар!

Катага н. Ушунуң жөн сөз, Дадый балам.

Д а д ы й. Ашырбай менен Арпачынын Уванке деген тамыр орусу бар. Өңкөй кул-кутандарды жанына алып,

айылма-айыл кыдырып там салымыш болуп жүрбөйбү. Менин тамырым Митрей мырза айтты, Уванке жөн эле уста эмес, андан сак болгула, чоң киши дейт.

К а т а г а н. Я парвардигер! Бул айтканыңдын калети жок. Уванке орус кыргыз айылдарына аралаша электе бир дагы жан кыңк этчү эмес эле. Ал келгенден бери калк ичи бузулду. Өлалбай жатып кыр көрсөтө башташты. Тилимди ал, дароо мойсот Уванке орусту. Сооп иш кыласың.

Д а д ы й. Жо-ок, касиеттүү табыпчым. Мусурман баласына да, кайырдин орустарга да кол көтөргөн киши эмесмин. Уванке оруска кол тийгизбеймин. Непада күнөөсү күч болсо, кудаа өзү жазалайт аны.

К а т а г а н. Боорукерлигиң өз башыңа тийбесе болду, Дадый балам. Менин да кулагым чалган, Уванке орус бузуку деп.

Д а д ы й. Сабыр этиңиз, касиеттүү табыпчым. Сиз келердин алдында укмуштуу бир кабар уктум. Ашырбайдын катыны кускан кандын ичи толо эле доңуздун майы экен дейт. Ал доңуздун майын жечү турбайбы. Тактасынын астынан чүпүрөк менен курмушуга оролгон доңуздун майын таап алышыптыр катындар. Уванке орус берип жүрсө керек.

К а т а г а н. Я, кудаа!

Д а д ы й. Ашырбайдын катынын мусулман бейитине койгонго болбойт. Топурак салышканга мусулман аттуудан бир жан барууга тийиш эмес. Шарыят көтөрбөйт.

К а т а г а н. Ата-бабалардын арбагы жаткан жерден оолак алпарыш керек андайды. Жакын жуутуп бекер! Жөнөт жигиттериңди, Дадый балам, азыр жетип бардык жанга маалим кылышсын. Тезинен жөнөт! Түш оой коёбуз дешип, көрүстөнүн белендеп коюшуптур болучу. Ата-бабанын арбагын булгап жиберишпесин. Бол!

Д а д ы й. Табыпчылыгыңыздан да молдолугуңуз артык. Жигиттер менен кошо сиз дагы барасыз го дейм?

К а т а г а н. Ата-бабанын арбактары жаткан жерге доңуз майын жеген кайырдин катындын сөөгүн койдурбаймын. Элге барып дин-акыйкат сөзүмдү айтыш – мойнумдагы парзым.

Д а д ы й. Кайра кайтканда кайрыла кетиңиз.

### *Төртүнчү сүрөт*

*Түн. Ала бүркөө. Булут арасынан ай көрүнөт. Ээн талаада жалгыз мүрзө. Комуз муңканып, алыстан-алыстан үзүлүп угулат. Ашырбай ордунан туруп, таш көтөрүп келип, мүрзөнүн төбөсүнө тургузат.*

А ш ы р *б а й. (Акырын)* Таарынба, Багдагүлүм. Ак истанпул менен кепиндей албадым. Колумдан келгени ушу экен, казнаңды кең казып, жайлуу койдум. Ыраазы бол! *(Кыбылага бурулуп, ичинен бирдемени кобурап бата кылат)* Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун. Кош, акыреттик жолдошум! *(Тилсиз мүрзөнү келтирип тиктеп туруп, илкий басат да, бир аз өтүп токтойт)*. Кайда барам! *(Жанындагы ташка көчүк басып, башын мыкчыйт)*. Мынча эмне назарландың маа жараткан? Эмне жазыгым бар эле? Адилет дешет сени. Айтчы эмесе, кай жерден чекилик кылдым? *(Ыргып туруп, асманды тиктей каардана)* Адилет эмессиң! *(Чочуп)* О, жараткан! Алжып кеттим. Ырайым кылып кечир! Жазалагың келсе жеке мени жазала, бар жазаңды көтөрөйүн. Аял аттуунун ак жаркыны эле, Багдагүлүмө каарыңды төгүп, кейите көрбө!.. Тынч жатсын! *(Комуздун кылы муңдуу ыйлайт. Ашырбай алысты тиктеп)* Бештин атасы болдум, кантейин, тагдыр экен, бешөөнөн тең кудай айткан жок, биринен сала бирин жула качып… менин өмүрүм жалаң кайгы менен, ый менен

келатат! *(Бурулуп)* Бүгүнкүдөй кабыргам кайышкан эмес!.. Бүгүн мен бөтөнчө кор болдум… тебеленип-тепселип калдым… Ооба!.. Ата-бабанын арбагы менен беш баламын сөөгү жаткан жерден жай табылбай, Багдагүлүмдү мына минтип бейиттен оолак айталаага жалгыз өзүм коюп отурам!.. Жо-ок!.. Уванкенин бул кылыгын кечирбейм!.. Эч качан кечирбейм! *(Мүрзөнүн жанына келип отурат)* Багдагүлүм!.. Ак Жаркыным! Жанымда отурганыңда телегейим тегиз көрүнүп, көңүлүм оболоп учуп турчу эле. Эми сен жоксуң… Мен ыйлап отурам! *(Иван кирет)* Кимсиң?

Иван, Бу мен… Иванмын.

А ш ы р б а. й. *(Ордунан атып туруп)* Уванке?!

И ва н. Кабарга жиберген кишиң таппай кетиптир… Калаада элем… Арпачыга да кабар жетпей калды өңдөнөт… Кайрат кыл, Ашырбай.

А ш ы р б а й. Багдагүлүмдүн мүрзөсүнө жакын келбе.

И в а н. Ашырбай!

А ш ы р *б а й. (Акырын, каардуу)* Жакын келбе дедим!.. *(Пауза. Иванды көздөй басып, мурдагыдай эле басаң үн менен)* Балбанга түшүп бутум сынганда, Дадый мырза карабай кетти. Ошондо жапан талдан замбил жасап, бир көчүм жерден жөө көтөрүшүп келген сен болчусуң, Уванке. Сыныктан жарат ачылып кетип, алты ай бою төшөктө сулк жатканымда, ар убак үйүмө келип, бир тууганымдан бетер оокат-тиричилигиме каралашып, жакшы сөзүң менен көңүлүмдү жубатып, кайратыма кайрат кошуп турган да сен болчусуң, Уванке. Шашылба!.. Кетмендин сабы сынса жөндөп саптай албаган Арпачыдай далай кыргызды жаныңа ээрчитип уста өнөрүнө үйрөтүп жүргөн ким?.. Ал да сен болчусуң, Уванке *(Бетме-бет барып)* Сен жакшы орус элең. Бу саам жаман иш кылып койдуң. *(Үнүн көтөрө)* Мунуңду кечирбейм, Уванке. Кудай урсун, кечирбейм.

И в а н. *(Токтоо)*Акырын сүйлө. Мүрзөнүн жанында кыйкырган болбойт!

А ш ы р б а й. Товва!.. Сен азыр да маа жакшылык тилеп жатасың, ээ!.. Айтчы, Уванке, ушундай муунсуз адам болуп туруп, канткенде доңуздун майын бердирип жүрдүң Багдагүлүмө?! Канткенде?!.

И в а н. Менин элимдин да өзүнчө үрп-адаты бар. Сенин элиңки да ошондой. Мен экөөн тең ыйык көрөм!

А ш ы р б а й. Дагы баягы. Дадый кылды деген турасың го?.. Жо-ок, Уванке. Дадыйдын иттиги көп. Бирок мындайга барбайт.

И в а н. Мен эчтеке дей албайм азырынча.

А ш ы р б а й. Мен анын малына тийбесем, тузун уурдабасам, төшөгүн аттабасам... Анан, ойдо жок нерсени ойлоп чыгарып, бүт калайыкка мени минтип маскара кылып, сай-сөөгүмдү сыздаткандай, ал эмне кутуруп кетиптирби?! Дадый дагы кудаа деген адам. Менден коркпосо да кудайдан коркот.

И в а н. Айтчы, Ашырбай, Дадый мырза Катаган табыпчыны жиберип, зайыбынын кепиндиги менен союшун камдап койдум, өзү келип алып кетсин деп айттырганда, эмне үчүн жооп бербей тескери карап отуруп алдың?.. Куруңду мойнуна салып боортоктоп, эмне үчүн алдына барбадың?.. Эмне үчүн узун өмүр тилеп, бутунан өөп жалбарган жоксуң?

А ш ы р б а й. Билип кой, Уванке. Дадыйдын алдына боортоктоп барып, таманын жалап өмүр сүргөнүмчө, кара жердин астында чирип жатканым артык!

И в а н. Ишенем, Ашырбай. Сен өзүңдүн адамдык баркыңды баарынан бийик санайсың. Мен ошон үчүн жакшы көрөм сени. Ал эми Дадыйга болсо сенин мунуң жакпай калышы мүмкүн.

А ш ы р б а й. Эмне үчүн жакпайт экен?.. Өзүнүн букарасы адам болгонуна кайра ал кубанбайбы!

И в а н. Дадый – митаам киши. Ага окшоп бийлик башында тургандар өзүнөн акылдуу, күчтүү, барктуу чыккан адамдарды жактыра бербейт. Андайларды эптеп амалын таап будамайлай коюуга ашыгышат, же болбосо, кыйноо үстүнө кыйноого алып, жедеп айласын курутуп туруп, алдына апкелип чөгөлөтүүгө аракет кылышат. Ашыкпа, Ашырбай!.. Дадый мырза сенин адамдык баркыңды тебелеп-тепсеп, өзүнүн дөөлүгүн элге көрсөтөйүн дегенде, сен өзүңдүн адамдык баркыңды тебелетпей койдуң. Ал тургай, бүт калайык алдында анын өзүнүн беделин түшүрүп салдың… Ойлоп көрчү эми… Багдагүлдүн сөөгүн бейиттен оолак айдалаада жалгыз өзүң коюп отурганыңдын… акыры мага назарланганыңдын себеби да ошондон болуп жүрбөсүн?.. Мен доңуздун майын бердирген эмесмин Багдагүлгө.

А ш ы р б а й. Кудайга кой, Уванке, ишенейин деп эле турам. Бирок кускан кандын ичи толо эле доңуздун майы экен, бу не деген балээ деп сураганда, шоруң каткан Багдагүлүм, өмүрү калп айткан жан эмес, мен доңуздун майын жечүмүн, аны Уванке апкелип берчү деп ырасын айтыптыр.

И в а н. Кимге?

А ш ы р б а й. Катаган табыпчыга.

И в а н. Сен ошого ишенип калдыңбы?

А ш ы р б а й. Катаган табыпчы кудаанын адамы.

И в а н. Жок, Ашырбай. Катаган табыпчы – Дадыйдын адамы. Ал ар качан Дадыйдын айтканын кылат.

А ш ы р б а й. Уванке!..

И в а н. Кыйкырба, Ашырбай!.. Жай сүйлө.

А ш ы р *б а й. (Үнүн басаңдатып)* Адам деген өлүм алдында турса да чынын айтышы керек. А сен болсоң көз көрүнөө калп айтып жатасың. Катаган табыпчы ыйык куран кармаган киши. Эми дагы бирдеме деп жиниме тийсең тамырлыктан таптакыр кечем.

И в а н. Антпегин, Ашырбай. Тамырлыктан кетишсек экөөбүз гана бөксөрөбүз, Дадый менен Катаган бөксөрбөйт андан.

*Пауза.*

А ш ы р *б а й. (Иванды, тигиле карап)* Товва!.. Калп айткан кишинин көзү мындай болчу эмес эле. Ушу сенин айтканың чын болуп жүрбөсүн, я?!. Окус ошондой болсо, анда мен эмне кылам, билесиңби?.. Дадыйды азыр эле барып мойсойм, арбак урсун!

И в а н. Ашырбай!

А ш ы р б а й. Эмне?

Ива н. Биринчиден, мен чын деп кесе айтканым жок. Жөн гана божомол кылып жатам. Ойлоп көргүн. Экинчиден, бул чын болгон күндө да Дадыйга кол салууга болбойт азырынча.

А ш ы р б а й. Орунсуз сүйлөбө, Уванке. Агер чын болчу болсо, чыдап тура албайм. Дароо жайлайм!

И в а н. Жок. Дадыйды өлтүрсөң азаптуу элди ого бетер азапка саласың. Дадыйдын таянган тоосу бийик. Чыныбек деген кайнатасы бар, урук-тууганы, жолдош-жоросу көп. Азырынча бийлик ошолордун колунда. Чогулуп келип, жалгыз Дадый үчүн айылдын калкын тыйпыл кылып салышат. Дадыйдын мыкаачылыгына көзүбүз жеткенде, сен, мен болуп элге туюндурушубуз керек. Элдин баары болбосо, жалгыз сенин колуңдан эчтеме келбейт, Дадыйды өлтүргөнүң менен эртең анын ордуна дагы бир Дадый келип отуруп алат.

А ш ы р б а й. Бали акылыңа, Уванке, бали!.. Дадыйдын мыкаачылыгы ырас болсо… элдин каарынын кереги эмне?!. Мен жалгыз өзүм эле жайлап таштайм.

И в а н. Ашырбай!..

А ш ы р *б а й. (Ачуусун зорго токтотуп)* Сүйлөбө!.. Сенин жалакорлугуң билинип калды. Баргын! Болгун дейм!

*Пауза.*

И в а н. Меникине келгиң келсе, тартынбай эле келе бер… Мурдагыдай эле кучагымды жайып тосуп алам.

А ш ы р б а й. Токто! *(пауза)* Батыраак кеткениң жакшы.

И в а н. *(Узак тиктеп туруп)* Кечирип кой, Ашырбай.

*Ашырбай жалгыз. Пауза.*

А ш ы р *б а й. (Пауза)* Катаган табыпчы бүт журтчулуктун көзүнчө айтпады беле!.. Куран алдында касам ичпеди беле?.. Кудаа деген адам болуп туруп куран алдында калп айтса… Жок, Катаган табыпчы, калп айтпайт. Мен Катаган табыпчыга ишенем. *(Пауза. Ойлуу)* Уванкенин көзү!.. Көзү!.. Калп айткан кишинин көзү кантип эле ошондой болсун?! Же… Жок! Уванке калп айтпайт. Мен Уванкеге ишенем!.. Бекерге зээнин кейитип жибердим. Ал узай элек, кууп жетип алдынан өтөйүн, анан… анан… *(токтоп)* Окус Катаган табыпчынын айтканы чын болсо, анда кандай болот? *(Кулан менен Калыйча кирет)* Кимсиңер?

К у л а н. Ашырбай байке!

А ш ы р б а й. Кулан! *(Калыйчага кайрылып)* Сен кимсиң?

К а л ы й ч а. Калыйчамын.

А ш ы р б а й. О, шоруң каткан балдар!.. Эмнеге келдиңер?.. Багдагүлдүн арбагы ансыз деле ыраазы силерге. Батыраак кеткиле, ниети бузук бирөөнүн көзүнө илинсеңер шоруңар кайнайт!

К у л а н. Сизге айта турган сөзүбүз болуп калды. *(Калыйчага)* Багдагүл жеңемдин мүрзөсүнүн жанында ант берип туруп, анан айткын.

А ш ы р б а й. Антпей эле кой, акетайым, сүйлөй бер. Мен ишенем саа.

К а л ы й ч а. Дадый мырза Катаган табыпчы менен ээн сүйлөшүп, ал кеткенден кийин өзүнчө күңгүрөнүп

калар эле, «Улам бир канатыңды сындырып, чала жан кылып кыйнап, жедеп арганды түгөтүп туруп алдыма чөгөлөтпөсөм, Дадый атым өчсүн» деп кеткенип жатканын эки ирет кулагым чалган. Бирок кимге кеткенгенин билбей жүрүп, табыпчы экөөнүн түндөгү сөзүнөн улам билдим. Ал сизге кеткенип жүрүптүр.

А ш ы р б а й. Маа кеткенип жүрүптүр? Мен эмне кылыптырмын?

К а л ы й ч а. Улук башым менен карындашын сураттсам бербей койду, кыргыз, казак бүт жыйылган чоң тойдо сайышка түшүп бер десем келген жок, элдин көзүнчө бир тууган инимди жалпайта коюп, кечирим сурагын десем үн дебестен улуу даражамды басынтып кетти, ушунун бардыгы үчүн кудайга ак ишибизди кылдык, табыпчым, бу үчүн күнөкөр болбойбуз дегенде, Катаган табыпчы көкүрөгүн койгулап боздогонун дапдаана уктум: «Баласына уу бер дедиң,уу бердим, катынын ышка ал дедиң, ышка алдым. Чоң күнөө кылдым, Дадый балам, алла тааламдын алдында кантип жооп берем?!» – Ушу сөздү капшытта туруп өз кулагым менен уктум.

А ш ы р б а й. Эсиңди жыйчы, акетайым. Каңырыш угуп алып бөөдө убалга калып жүрбөгүн?

К а л ы й ч а. Бүгүн эртең менен Дадый мырза табыпчыга бейкасам чапан жаап, шалпаң кулак күлүк торуну тартуу кылып, кышкы согумун мойнуна алды.

А ш ы р б а й. О, жараткан!.. Булар эмне дейт?! Эмне дейт?! *(Пауза)* Адам деген ыйык, -ага кастык кылган болбойт, андайга жол бербейбиз, биз кудаанын пендесибиз деп жүрүшпөдү беле Дадый менен Катаган табыпчы экөө!.. Шордуу Ашырбай! Кимдерге ишенип жүрдүң?!. Кимдерге?!. *(Пауза)*. Кичинекей кулунум!.. Багдагүлүм! *(Мүрзөнү кучактап өксүйт. Паузадан кийин башын көтөрүп)* Менин бел омурткамды омкоруп, ордумдан тургузбай матап алайын деген экенсиң го жүзү кара!..

Жо-жок, адашып калыпсың, Дадый мырза!.. Белим омкорулса да алдыңа барып таманыңды жалабайм, жалдырабайм, бүк түшпөйм!.. Албан тоону апкелип бастырып койсоң да… Өлсөм арга жок, тирүү болсом, карышып жатып баары бир туруп кетем! *(Ордунан турат)* Менин канатымды бирден сындырып, сайөөгүмдү сыздаттың, ээ, залим!.. Эми сенин канатыңды бирден сындырып, өзүңдүн бузук башыңды жерге жаткырам! Ошенте албасам, Ашырбай атым өчсүн!..

## ҮЧҮНЧҮ КӨШӨГӨ

### *Бешинчи сүрөт*

*Арсак-терсек асканын түбүндө үңкүр. Эки жагында чөккөн төөдөй болгон чоң-чоң таштар, араларынан бадалдардын учтары сербеет. Күүгүм. Үңкүрдөн Ашырбай чыгат.*

А ш ы р б а й. Эки айдан бери акмалап жүрүп, мурдагы түнү Шапагын жайладым. Эмки кезек Дадый мырзанын өзүнө келди! *(Нары жактан таш кулап, аздан кийин караан көрүнөт. Ашырбай далдаланып мылтыгын белендейт. Караан улам жакындайт)* Кимсиң?.. Үнүңдү чыгар, болбосо…

А р п а ч ы. Жолоочумун. өзүң кимсиң?

А ш ы р б а й. О, жараткан! Үнүң тааныш!.. Арпачы!

А р п а ч ы. Ашырбай! *(Айкашып көрүшөт)* Бүркүт уялоочу бийик асканын башында жалгыз өзүң… Айтчы, Ашыке, эмне кылып жүрөсүң, бу жерде?

А ш ы р б а й. Мергенчилик кылып жүрөм. Өзүң кайдан?

А р п а ч ы. Ушу тоонун аркасынан.

А ш ы р б а й. Аякка эмнеге бардың элең? Тамды ошо жактан салып жатасыңарбы?

А р п а ч ы. Жок, Ашыке, башка бир чоң жумуш менен баргамын. *(Ашырбайдын ийнине колун коюп)* Эл кыдырып, жер кыдырып тоо арасында жүргөнүмө эки айдай болду. Айылда эмне кептер бар, сүйлөчү?

А ш ы р б а й. Багдагүлүмдүн сөөгүн койгон түнү эле тоо таянып кеткем, ошондон бери мен дагы айыл бетин көрө элекмин... Күндүзү мобереки үңкүрдө бекинип жатып, түндөсү ар дайым ууга чыгам.

А р п а ч ы. Түндөсү ууга чыгам?!. Бу эмне дегениң, Ашыке?!.

А ш ы р б а й. Уванке экөөңдүн айтканың туура чыкты. *(Каарданып)* Менин канатымды бирден сындырып бótодой боздоткон Дадыйдын өзүнүн оң канатын сындырдым, эмки кезек анын өзүнө келди. *(Тизесин муштагылап)* Бүгүн түнү барып, жылан өлтүргөндөй кылып жанчып өлтүрөм ал бетпакты!

А р п а ч ы. Жаман иш кылып коюпсуң, Ашыке!.. Эми тилимди ал. Дадыйды өлтүрөмүн дечү болбо. Бул оюңдан кайт!

А ш ы р б а й. Бу дагы Уванкенин айтканын айтып жатат. Эмне, бооруң ачып кеттиби?

А р п а ч ы. Биз элди ойлошубуз керек.

А ш ы р б а й. Уванке экөөң өтө эле акылдуусунуп каласыңар. Мен эмне эшектин мээсин жептирминби?!. Үңкүрдө жатып алып, мен да көп-көп нерсени ойлодум. Баарыбызды кууратткан Дадый экен. Аны жайласам. ,, мен өмүр бою кудаадан тилеп келаткан жакшылык заман ошондо болот экен. Эч ким зомбулук кыла албайт анда. Ынтымак менен беймарал оокат кылабыз.

А р п а ч ы. Жок, Ашырбай, Сен ансыз да эл башына түйшүк салыпсың. Эми Дадыйды өлтүрсөң элдин шорун биротоло кайнатасың? *(Ашырбай мыскылдуу карап, ууру-*

*тунан жылмаят. Арпачы сөзүн улайт)* Экөөбүздөй жарды-жалчылардын бардыгы орус, кыргыз дебей биригип туруп, байларды жок кылып, бийликти өз колубузга алышыбыз керек. Ошондо гана жерге-суута ээ болобуз, зордук-зомбулук болбойт. Балшавектер ушинтип ойлойт.

А ш ы р б а й. Балшавек дегениң эмне?

А р п а ч ы. Балшавектер деген мына биз... Уванке, мен,.. дагы-дагы толуп жатат. Ленин баатырдын адамдарын балшавектер дейт.

А ш ы р б а й. Ленин баатыр дегениң ким?

А р п а ч ы. Ленин баатыр – Дадый өңдөнгөн байлардын душманы, экөөбүздөй азап көргөн кедей-кембагалдардын атасы. Бизге азаттык алып беремин деп жаткан киши.

А ш ы р б а й. Ленин!

А р п а ч ы. Жүргүн мени менен.

А ш ы р б а й. Кайда?

А р п а ч ы. Калаага.

А ш ы р б а й. Жок бара бер. Кудай сага эле жол берсин!..

А р п а ч ы. Айтканымды эсиңден чыгарба. Калкка кыянат кыласың!.. Кош. *(Чыгат).*

А ш ы р *б а й. (Ойлуу)* Калкка кыянат кыласың?!

Жакын жерден «кук-кук» деген доош угулуп, үч мертебе кайталанат. Кулан кирет.

К у л а н. Ассалоом алейкум, Ашырбай байке. Жакшы кабар айтканы келдим.

А ш ы р б а й. Оозуңа май, айтчы батыраак.

К у л а н. Жумурай журттун баарына тең караган, ашкан адилет Ленин деген баатыр чыгыптыр дейт. Ак падышаны тагынан кулатып, Рассийдеги орустун байларынын жер-суусун кедейлерге тептегиз болуп берген имиш.

А ш ы р б а й. Ой, баракелде-е! Арпачынын айтканы чын окшойт го. *(Жакын жылып)* Азыр кайда дейт Ленин баатыр?

К у л а н. Кыргыздын кедейлерин азатка чыгарып, жер-суу болуп беремин деп өзүнүн жигиттери менен биздин жерге келген имиш. Азыр калаадагы байлар менен чабышып жатыптыр, аларды жоготуп туруп бизге келип биздин байлар менен чабышат экен.

А ш ы р *б а й. (Ордунан туруп)* Бүгүн тун баласы менен Дадыйды жайлап, Ленин баатыр биздин айылга келгенде алдынан тосуп чыгам. Мен дагы өзүңө окшогон эр азаматмын, өзүңө окшоп азаттык издеген кишимин, акыйкат деп таймашып жүрөм дейм!

К у л а н. Кедей-кембагалдардан жан калбай Лениндин аскерлерине кошулуп жатат дейт. Мен эртең эле барып кошулайын деп жатам. *(Калыйча кирет)* Калыйча?! Эмнеге келдиң? Ким кел деди сени?

Калыйч а. Мен келбейт элем, болбой жатып жибериშти.

А ш ы р б а й. Ким? Таякемби?

К а л ы й ч а. Жалгыз келгеним жок. Бектемир атамды ээрчитип келдим.

А ш ы р б а й. Бектемирди? Кайда жүрөт ал?

К а л ы й ч а. Береки тектирчеде, тыныгып отурат.

А ш ы р б а й. Кулан барып ээрчитип келчи, акетайым. *(Кулан чыгат).* Мөгдөп калган чагында ошончо жерден тоонун башына чыгып... анча эмне күч келди экен жарыктык кишиге?

К а л ы й ч а. Чоң жумуш менен сиздин таякеңизге келген экен. Экөө узак сүйлөшүштү. Бир маалда таякеңиз чыгып, Бектемир акени ээрчитип бар үңкүргө, атып салса да ээрчитип бар деп зордоп жатып жиберди. Башка эчтеке билбейм.

*Бектемир менен Кулан кирет.*

А ш ы р б а й. Ассалоом алейкум, Бектемир аке. Күүлү-демдер жүрөсүзбү, мал-жан аманбы?

Б е к т е м и р. Бу балдардын сенде жумушу жок болсо кайта беришсин. Экөөбүз ээн сүйлөшөлү.

А ш ы р б а й. Баргыла, Кулан. Таякеме салам айтып койгула.

*Кулан менен Калыйча чыгат.*

Б е к т е м и р. Мурдагы түнү Анжиянга барып келаткан жеринен Шапакты өлтүрүпсүң. Жердин түбүнө түшүп кетсе да Ашырбайды таап туруп таң сүрө колума салгыла, болбосо Шапагым үчүн баарыңарды азоонун куйругуна байлатып өлтүрөмүн деп Дадый мырза каарданып... эл азапта калды. *(Пауза)* Айтарың болсо айткын, мен тыңшайын.

*Пауза.*

А ш ы р б а й. Жолоочудан жакшы эле табыштаган элем, Дадый мырзага айта бар, менин атым Ашырбай, анын инисин өлтүргөн менмин, өч алгысы келсе изимди кууп таап алсын деп. Мындай болорун билсем, Дадый иттин өзүн биринчи жайлап, калгандарын кийин мойсобойт белем! *(Ордунан туруп)* Азыр дагы кечтик кылбайт. Жүрүңүз, жолго чыгалы.

Б е к т е м и р. Токтогун, Ашырбай балам, Дадыйды өлтүргөнүң менен кутулта албайсың бизди.

А ш ы р б а й. Бу дагы Арпачынын айтканын айтат! *(Бектемирге)* Анан кандай кыл дейсиз?!

Б е к т е м и р. Дадый өңдөнгөндөр бу жалгандын Телибайы, оюна келгенин оттойт, биз болсок... кыңк дей албайбыз, акыбыз жок.

А ш ы р б а й. Төгүн сүйлөбөңүз, Бектемир аке. Мен да кабардармын. Буюрса баакибиз тең болот экенбиз.

Б е к т е м и р. Оозундан айлансын, андай заман болбойт.

А ш ы р *б а й. (Бакырып)* Болот!

Б е к т е м и р. Кантип болтурасың?

А ш ы р б а й. Ленин деген баатыр биздин жерге келиптир дейт, жарды-жалчыларга азаттык алып. Ошо чын болсо Ленин баатырдын артынан азыр эле ээрчип барам. Андан көрө чын болду бекен?

*Пауза.*

Б е к т е м и р. Эл кыйроодо калды. Куткарбасаң болбойт.

А ш ы р б а й. Канткенде куткар дейсиз?

Б е к т е м и р. Анын бир гана жолу бар.

*Пауза.*

А ш ы р б а й. Ырас, Бектемир аке, ойлой келсем бир гана жолу бар өңдөнөт *(үңкүргө кирет).*

Б е к т е м и р. О, жараткан, бу жерге жетпей эле жарым жолдо өлүп калбай не болдум экен!

*Тоо аркасынан ай көтөрүлүп, айлана сүттөй. Ашырбай үңкүрдөн чыгат.*

А ш ы р *б а й. (Тоо-таштарга көз чаптырып, катуу күрсүнөт)* Жарыктык тоолор!.. Жөнөйлүк эмесе, Бектемир аке.

Б е к т е м и р. О, жок, жок! Касапка сойчу малдай кылып кайсы бетим менен өлүмгө жетелеп барам! Кыргыздан мендей жүзүкара чыкпайт. Өлтүр мени! Атып сал. Же аска ылдый ташта! Барбайм!

А ш ы р б а й. Эсиңизди жыйыңыз, жарыктык. Бир Ашырбай өлсө адамзат бөксөрбөйт...Эл аман болсун... Бериңиз колуңузду!

### *Алтынчы сүрөт*

*Шибердүү талаа. Алыста Ала-Тоо аркаят. Оң кол жактагы заңкайган боз үйдүн көлөкөсүндө Дадый баш болгон айыл төбөлдөрү: бийлер, молдолор, байлар. Сол*

*жакта казганактаган эл. Карасакал менен дагы бир жигит Ашырбайды айдап кирип, ортого обочо тургузушат. Ашырбайга боор ооруп караган бир дагы жан жок, көздөрүндө огу болсо атып жиберишчүдөй. Дадый алга чыгат. Жым-жырт.*

Д а д ы й. *(Элге кайрылып)* Конушуңарды душмандан сактап, колумда болсо кайрылышкандан башка жамандыгым жок эле... Мына, Шапагымды атып өлтүргөн киши бет алдыңарда турат... Мен кийлигишпейин. Жазаласа да эл өзү жазалап, актаса эл өзү акташы керек. Мен бар болгону силердин кулуңармын.

Т ө к ө р. Ой, кагылайындар! Биздин мырзабыздай адил, акылман, айкөл адам бу жалганда жок. *(Ашырбайды көрсөтүп)* ушундай кишиге карасанаган бетпакты колу-бутун кишендетип, Шиберге айдатыш керек.

Ү н д ө р. Шиберге! Шиберге!

К а р а с а к а л. Журт! Шиберге айдатсак акыры чынжырын үзүп келип, дагы эле болсо башыбызга бүлүк салат. Бу дозокуну азоонун куйругуна байлатып өлтүрүш керек...

Т ө к ө р. Карасакал туура айтат. Апкелгиле азоону!

*Ч о р т о н. (Сыртка карап)Эхей!..*

Т ө к ө р. Калайык! Кана, жигиттердин ак ишине ак батаңарды бергиле. Оомийин!

*Элди тең жара болуп, Бектемир чыгат.*

Б е к т е м и р. *(Төкөрдү колунан алып тегеретип жиберет)* Тур нары, акмак! Журт менен батадан айланат бекенсиң!

К а т а г а н. Сизге не болду, жарыктык киши? Байкуш Төкөр өзүнүн адил сөзүн сүйлөп жатыр го.

Б е к т е м и р. *(Элге карап)* Азаптан куткарайын деп кара башын байлап келген эр жүрөк азаматка бир ооз

жылуу сөз айталбай, мыкаачыларга кошулуп батыраак өлсүн деп кыйкырган адамдар, эл эмес!

Д а д ы й. Ашырбайды жашырып жүргөн так ушу киши, касиеттүү табыпчым.

*Жымжырт.*

Б е к т е м и р. Кудаага ак сөзүм. Ашыкемди бекитип жүргөн болсом жумурай-журтка жар салып мактанат белем, уккула, мен Ашырбай баатырды бекитип жүрдүм деп… Мен, акмак, зордук менен жетелеп келип өңкөй жан алгычтарга байлап бердим!

Д а д ы й. *Чортонго белги берет.*

Ч о р т о н. Эхей! Алгыла карган шайтанды! *(Солтобайга)* Бол!

*Солтобай баш болгон жигиттер Бектемирди көздөй жүгүрөт.*

А ш ы р б а й. *(Каардуу)* Тарткыла колуңарды! *(Солтобай Бектемирге жетер-жетпес токтойт)* Бир энеден туулган элек. Кол кармашып туруп өлөлүк. Бери кел!

*Пауза*

*С о л т о б а й. (Агасы менен Дадыйды алымсабак карап )Сендей жатындашым жок!*

А ш ы р б а й. Болуптур. Жатындашыңды таанығың келбесе мырзаңдын ким экенин таанып ал эмесе.

Т ө к ө р. Сүйлөбө, бетпак!.. Мырзабыздын ким экенин сенсиз деле билебиз. Биздин мырзабыз кой оозунан чөп албаган, айкөл адам!.. Берешен адам!..

А ш ы р б а й. Туура, Төкөрүм, туура. Сенин мырзаң чынында эле кой оозунан чөп албаган, айкөл адам… Берешен орошон адам! Теңдешсиз адам!.. Адил адам!.. Менин кичинекей кулунума уу бергизип, Багдагүлүмдү ыштатып өлтүрткөн киши кантип жаман адам болсун?!.

Т ө к ө р. Эмне дейт?!.

Д а д ы й. Журт!.. Шапагымды атып өлтүргөндөн жүрөгү солк эткен жок мунун. Эми көз көрүнөө жалаа жапкандан жүрөгү солк этмек беле?. Жараткандын алдында сүттөн акмын!

Ашырба й. Жок, Дадый мырза, жараткандын алдында сенин жүзүң көөдөн да кара!

К а т а г а н. Токтот сөзүңдү, батчагар!.. Дадый мырза деген... Чындаса, ал кишинин этегине намаз окуй турган азамат, билесиңби?

А ш ы р б а й. Билем, табыпчым. Дадый мырзанын этегине намаз окуп жүргөнүңүздү абдан билем... Бирок намазыңыздын кабыл болоруна ишенбейм?!

К а т а г а н. Ыймансыз каапыр *(Бычагын сууруп)* Мууздайм!..

А ш ы р б а й. Уйга жүгөн тагарбы, үйрөнгөн адат каларбы!..

С о л т о б а й. *(Жер тепкилеп).* Жетет!.. Жетет дейм!.. Дадый мырзага тил тийгизгениң аз келгенсип, эми молдокеме асылып. Кудай урсун, аябаймын.

А ш ы р б а й. Анталаба, кургурум! Катаган табыпчынын үстүндөгү бейкасам чапан менен тээ береки шалпаң кулак күлүк тору – кичинекей иниң менен жеңең экөөнү өлтүргөндүгү үчүн алган акысы. Карап ал жакшылап!

К а т а г а н. Жалаа!.. Жалаа!.. Мында бет жок!

А ш ы р б а й. Табыпчым!.. Кимибизде бет жок экен, эл өзү сынасын. Келиңиз куран кармашалы эл алдында!

*Бир паска жым-жырт.*

К а р а с а к а л. Журт!.. Эмнеге тунжурайбыз?.. Дадый мырзадай боорукер жанды бу жалгандан көрө элекмин!..

А ш ы р б а й. Туура, Карасакалым, туура. Дадый мырзадай боорукерди бу жалгандан көрө элегиң чын!

*(Жалт бурулуп)* эки жолдошуңду өлтүртүп, кайтарган жылкыңарды чаптырып, кызайларга бүлүк салган ким, билесиңби ырысы жогум?.. Так ушу боорукер мырзаң! Шайыктын иниси менен эки жылкычыны өлтүргөндөрдүн бири *(Солтобайды көрсөтүп)* тээбереки төбөңдөн урган.

К а р а с а к а л. Бу эмне дейт, айланайындар, бу эмне дейт?! Тиги айтса тигиники чын, бу айтса мунуку чын. Бу эмне деген чатышкан дүйнө?!.

Т ө к ө р. Урматтуу мырзам!.. Мындай бетпакка ырайым кылба! Алдырт башын!

А ш ы р б а й. Эй, шордуу Төкөр!.. Эсиңе жара чыкпаса, ойлоп бакчы. Энеңердин сөөгүн жаңыдан коюп, кайгыдан башыңар арыла элек жатканда Анжиянга мал айдашып барсын деп агаң Салимди мырзаң чакыртып жиберген эле, ошондо «Дадыйдын ушу кордугу үчүн эшигин аттабайм. Мен дагы адаммын» деп Салим карганган болчу... Кийин дагы эки жолу чакыртты... Салим экөөндө тең барган жок. Ошондон кийин кандай күнгө туш болдуңар? Үзүмчүлүктө малыңардан ажырап, агаң катын-баласы менен ак шишик басып өлдү. Агаңдын малын так ушу Дадый мырза уурдаткан. Салим катын-баласы менен так ушунун залимдигинен өлбөдү беле.

Т ө к ө р. Кагылайындар, ишенбегиле. Ашырбай ыйманын жеп жатат. Биздин баакибизди киши катарына кошуп, маңдайыбыздан сылаган ким?.. А да болсо акылман, көрөрман, күйөрман мырзабыз... Биз мырзабызга бар эмеспи... Жөн эле каражатыбызды садага чаап жиберебиз. И, ошентебиз. Ой, Чортон баатыр, сен эмне жалдырайсың?

Ч о р т о н. *(Жигиттерге)* Эхей. Апкелдиңерби азоону?

Ү н. Апкелдик.

К а т а г а н. Көксөөңдүн сууганына жакшы. Өз колуң менен тогот, тиги батчагарды!

Д а д ы й. Ашырбай Шапагымды өлтүрдү. Токолумду да башкага качырып жиберди. Бу менин душманым. Душманым болсо да адам аты бар. Чычкан тумшугун канатып көрбөгөн жаным… Жо-ок, касиеттүү табыпчым. Мен баралбайм мындай ишке. Башканы табыңыз.

А ш ы р б а й. Тилимди ал, Дадый мырза. Мындайга маш Катаган табыпчы турганда башканы издеп эмне кыласың?!

К а р а с а к а л. Жүгүрүп барып, Дадыйдын кашына тура калат.

К а р а с а к а л. Бетпак!

Ч о р т о н. *(Камчы менен уруп)* Жогол, энеси байтал!

*Жан-жөкөрлөрүн ээрчитип Чыныбек кирет.*

Чыныбе к. Ой, ырысы жоктор, тарткыла колуңарды!

Д а д ы й. Шарапаттуу той үстүнөн чыксаңыз болот эле, ата, жаман иштин үстүнөн чыгып калдыңыз.

Ч ы н ы б е к. Кыргыздын тукумунан тыйпыл калбай кырыла турган болдук, Дадый балам! *(Былк этпестен жарданып турган эл бейирет тартып, кудайлаган үндөр угулат. )* Балшайбек деген жети баштуу желмогуздар өзбек, казактан тыйпыл койбой кырып, биздин жерге от бүркүп кирип келишти. Бешиктеги баладан өйдө найза учуна алып, түмөндөгөн кол менен каптап келатышат!

К а т а г а н. Баатырдыгыңа чен жетпеген Чыныбек жолборсум! Букара болуп баш ийип берели, ысык жаныбызды аман койгула деп, өзүңдү баш кылып өкүл жиберсек ырайым болбос бекен?

Ч ы н ы б е к. Балшайбек дегендер кайырдин орустар. Алардын кол башчысы Ленин деген айтыптыр, кыргыз аттууну кырып-жоюп, мал-мүлкүн алып жыргагыла деп. Балшайбектерден ырайым жок!

А ш ы р б а й. Журт! *(Эл тунжурай түшөт)* Ленин деген маа окшоп азаттык издеген эр азамат деп уккам. Ишенбегиле Чыныбек байдын айткандарына!

*Тым-тырс.*

Ч ы н ы б е к. Чечип койгула, Ашырбай баатырдын колун. *(Жигиттер Ашырбайдын колун чечишет. Чыныбек, Ашырбайдын жанына барып. )* Ленин деген орус дейт, биздин тукумдан эмес. Ошондон жакшылык күткөн жүрсүңбү?

А ш ы р б а й. Өз тукумум сиздин күйөөңүздөн көргөн жакшылыгым кайсы, Чыныбек бай! Жападан-жалгыз Медерим... Багдагүлүм... Ошобу анын маа кылган жакшылыгы?! Орустардын ичинде Уванкедей кайрымдуу ак ниеттери көп.

Ч ы н ы б е к. Уванке, Уванке дейсиң, Ашырбай баатыр, өзүнүн тууганы Ленинге кошулуп алып, жаммамий кыргыз баласынын башына мүшкүл салып жаткан так ошо сенин Уванкең!

А ш ы р б а й. Калп! Кыргыз баласынын башына мүшкүл салып жаткан Уванке эмес, сиздин күйөөңүз экен!..

Ч ы н ы б е к. Ашырбай баатыр!

А ш ы р б а й. Ашыкпаңыз. Чыныбек бай. Сизди адил дешет. Адилдигиңиз ырас болсо, кудай алдында экөөбүз тең адил болуп көрөлүчү. Күнөм сиздин күйөөңүздө эле бекен? Жок. Ойлоп баксам, менин өзүмдө да күнөө бар экен. Ооба, *(Чыныбекти тигиле карап)* көп жолу күйгүздү сиздин азиз күйөөңүз! Ошондо бир жолу сурап койдум бекен, ой, бу эмнеден болуп жатат, кимден болуп жатат деп?! Жок. Оюма да келбейт эле. Бардыгы кудаадан деп отура берчүмүн үңкүйүп. Бу күнөйбү? Күнөй, болгондо да эң чоң күнөй!

Ч ы н ы б е к. Мен десең муну коёлу, Ашырбай баатыр. Азыр замана башка, сөз да башка болушу керек.

А ш ы р б а й. Дал үстүнөн чыктыңыз, Чыныбек бай. Ана, башына селде оронуп, колуна куран кармаган бирөө жаныңызда турат. Мындай карасаңыз кудайы момун,

чынында сиздин күйөөңүзгө өнөктөш!.. *(Төкөрдү көрсөтүп)* Береки айбан болсо... Бир тууган агасын үй бүлөсү менен ачтан өлтүргөндүн таманын жалап, өпкө-боорун садага чаап... Бу замана ушулардай мыкаачы, балит жандардын заманасы экен.

Ч ы ныбе к. Ашырбай баатыр!

А ш ы р б а й. Жок, Чыныбек бай!.. Сиздин күйөөңүз боздотуп келди... Адаштырып алдап келди... Уванке тамырым экөөбүздү кырды бычак кылгысы келди... Эми сиз калдыңызбы?.. Мен эми алданбайм силерге!..

Чы ныбе к. Тобо кыл, Ашырбай баатыр!

А ш ы р б а й. Тойдум тобоңорго! Мен эми Уванке тамырыма гана ишенем өлөрүмдүн алдында көзүм жетти. Ал ак экен. Жараткандын ошонусуна да каниет.

Ч ы н ы б е к. Уванке тамырым дейсиң... Уванкедей кайырдин орустардын жакшылыгы ушу болсо, көрүп ал, Ашырбай баатыр. Алып келгилечи жаңкы келинди.

Манчагай жигит чүпүрөккө оролгон бирдемени колуна көтөрүп, жаш аялды ээрчитип кирет. Чачы кыркылган, бети-башы кан, шишиктен көзү көрүнбөйт. Жамаачылуу эски көйнөгүнүн жакасы жагжайып ачык. Манчагай жигит колундагысын этияттык менен жерге коёт.

Ч ы н ы б е к. Бу бечара келиндин балшайбек орустарга кай жерден кез болгонун билбейм. Өзүн өлөрчө сабашып, эмчектеги наристе баласын найза менен барчалап кетишиптир. Жана таңга жуук баласынын сөөгүн көтөрүп айдалаада каңгып жүргөн жеринен туш келдик.

А я л д а р. Мыкаачылар ий, мыкаачылар!.. Чолок байтал кылып салышкан тура, шордууну!.. Бу эмне деген маскарачылык!

Б е к т е м и р. Айтчы, акетайым, ким өлтүрдү балаңды? Орустарбы? Кимдер?

*Аял телмиргенден телмирип, баласынын сөөгүнөн көз айрыбайт.*

Ч ы н ыбе к. Корккконунан шордуунун тили байланып калса керек. Жолдо келатканыбызда арабакеч бир орустун үнүн угуп, ушундай бир жулкунуп качты дейсиң... *(Куркутту түртүп)* Кандай эле?..

Куркут «Айда, сволуш маржа!» деп чаңырганда, телмирип турган аял баласынын сөөгүн көздөй жүгүрөт, бирок ошо замат Чыныбектин жигиттеринин бири кармап калат.

Ч ы н ы б е к. Ак ниет, кайрымдуу орустардын кылганы мына ушу, Ашырбай баатыр.

Ашырбайдын атын укканда аял селт этип, кармап турган жигиттен колун булкуп алып, кимдир бирөөнү издеп жаткандай эки жагын элтең карап, бир маалда Ашырбайды көрөт да, жүгүрүп барып кучагына суналат. Үн чыгарбастан солуп ыйлайт.

А ш ы р б а й. Көргөн-билгендерден окшойсуң, чырагым. Соо жериң жок, бети-башыңды тулуп кылып салышыптыр. Тааный албай жатам *(Аял башын көтөрүп, калтыраган колдору менен Ашырбайдын бетин аймалайт)* өтө эле жакын учурайсың жаныма. Кайдан көрдүм экен? *(Аял кыйгач бурулуп, далысын көрсөтөт)* Бу эмнең, чырагым? *(Чочуп)*Кал! Кал! *(Өксүй кыйкырып)* Асылкан! Боорум! *(Асылканды бооруна кысып)* Биягы да туюк, тиягы да туюк, бу эмне деген түбүң түшкөн дүнүйө?!

*Пауза*

Ч ы н ы б е к. Журт, Калың кыргыздын башына түн түшүп турганда ыйкы-тыйкыны коюп, ынтымак менен жоого аттаналы. Кана, эмне дейсиңер.

Үн д ө р. Туулдук-өлдүк!.. Бу кордукка чыдабайбыз!

Ч ы н ы *б е к. (Ашырбайга)* Карасанатай бирөөнүн ушагына кирип жаңылыштан шайтан сайды сени, Ашырбай баатыр. Эл-журт үчүн күнөөңдү кечтик. Кечтиңби күнөөсүн, Дадый балам?

Д ад ы й. Эл-журт үчүн кечтим күнөөсүн.

Ч ы н ы б е к. Кара ниет душманды качырбасак баарыбыздын көрөр күнүбүз ушу. Акыл-эсиң толук, кайраттуу жан элең. Айтарың барбы, Ашырбай баатыр?

А ш ы р б а й. Дадыйдан кечирим сураган эмесмин. Кечирбей эле койсун күнөөмдү. Жоого аттансам Дадый үчүн аттанбайм, кара жанымдай көргөн карындашымдын азабы үчүн, эл үчүн аттанам!

***Жетинчи сүрөт***

*Суунун жээги. Күүгүм маал. Майда бадалдар. Ашырбай менен Карасакал экөө сол четте жанаша. Алардан бери үй мүйүз тарткан Дадый, Чортон жана башкалар. Мылтык үндөрүнүн жаңырыгы улам жакындайт. Дадый жанындагыларга белги берип, Ашырбай мененКарасакал экөөнөн башкасы житип-житип жоголот. Ашырбай менен Карасакал атыша берет. Бир маалда Ашырбайдын мылтыгы от албай калат.*

А ш ы р б а й. Ок! Ок апкел! *(Карасакалдын мылтыгын ала коюп атайын десе, ал дагы от албайт. Ачуулуу)* Кечүүдөн өтүп кетишмек болду! Бачы-ым!

К а р а с а к а л. Айланайын баатырым! Ок жок! Эч ким жок! Экөөбүздү таштап кетип калышыптыр!

А ш ы р б а й. Эмне?! *(Нары бери жүгүрүп, эч кимди таппайт)* Өлсөк кол кармашып жатып баакибиз тең өлөбүз, бирибизди бирибиз каран калтырбайбыз дешип, ыйык курандын алдында ант беришпедик беле! Бу эмне кылышкандары?!

К а р а с а к а л. Айланайын баатырым! Өрт!.. Токойдон өрт чыкты!..

А ш ы р б а й. *(Карасакалды суроолуу тиктеп)* Ыйык батаны бузгандарды ыйык курандын кусуру урат дечү эле го, боорум?!

Карасакал. Көрүп туруп эмнесин сурайсың? Кусурдан корксо ушинтишмек беле? *(Айланага көз чаптырып)* Айланайын баатырым!.. Туш-тараптын баарына өрт коюшту! Биягыбыз өрт, тиягыбыз балшавектер. Карачы, суудан өтүп келип калышты, жүрү качалы!

Ашыр*бай. (Акырын, кайраттуу)* Бул жер менин жерим! Өз жеримден качып кайда барам?!

Карасакал. Айланайын баатырым! Келип калышты алар. Жүрү батыраак!

Ашырбай. Жалгыз өзүң качпай, мени кошо жүр деп жатканың адамкерчилик. Ыраазымын саа. Качкын. Ажалың жок болсо кутулуп кетерсиң. Кош!

Карасакал. Өлсөм бирге өлөм. Таштабайм!

Ашырбай. Огубуз түгөнсө бычагыбыз бар, бычактан айрылсак колубуз бар, колдон айрылсак тишибиз бар! *(Айкашып)* Кош, жакшы курбум! Абийир менен өлөлү. Элибиз менен жерибиз ыраазы болсун!

Карасакал. Ошентсин, баатырым!

*Бычактарын кынынан суурул чоң таштын далдасына жашынмак болгондо курчоого алган кызыл гвардиячылардын бири секирип келип Карасакалды басып жыгылат, экинчиси, Ашырбайдын үстүнө мине калып тапанчасы менен көк желкеге урмак болгондо Ашырбай силкип жиберет. Үстүндөгү кызыл гвардиячы тээтигинден нары тоголонот. Ашырбай артынан качырат, бирок ошол учурда үлгүрүп келип калган кызыл гвардиячылар туткунга алып колдорун кайрышат. Тоголонуп кеткен кызыл гвардиячы ордунан туруп Ашырбайды көздөй басат.*

Кызыл гвардиячы. Тфу, шайтан кыргыз, абдан балбан экен!

Ашырбай. Маа окшоп өз жеринди жоодон коргосоң сен дагы мендей балбан болор элең!

К ы з ы л  г в а р д и я ч ы. Сүйлөбө, шайтан буржуй! Кедейлердин канын ичип жатып семиргенсиң. Билебиз сени! Давай, бас!

А ш ы р б а й. Коркокчосунан желкеге атпа. Көкүрөгүмдү тосуп берем, бет маңдай туруп ат!

К ы з ы л  г в а р д и я ч ы. Эхе!.. Көрчү, шайтан буржуйду. Атса коркот дейсиңби. Бас!

### *Сегизинчи сүрөт*

*Тоо этеги. Түн. От жакалай отурган кызыл гвардиячылардын тобу. Өз ара кобур-собур, күлкү. Алардын ичинде Иван менен А р п а ч ы. Оттун шооласына салып, Иван бирдемелерди чиймелөө менен алек. Нары ичкериде Унчукпас менен К у р к у т. Колдору таңылуу. Кызыл гвардиячылар Ашырбай менен Карасакалды айдап киришет.*

А ш ы р б а й. *(Кызыл гвардиячыны түртүп).* Жакындабай бас, жүзүкара!

Кызыл гвардиячы. *(Кундак менен Ашырбайды. желкеге уруп)* у, шайтан буржуй!.. Азыр өлдү болосуң!

А р п а ч ы. Ашырбай?! *(Жакын барып)* Бу кандай болуп кетти, Ашыке?.. Сен бизге ок аттыңбы?!

А ш ы р б а й. Кайырдиндерге кошулуп… Сендей бетпакты желкемдин чуңкуру көрсүн!.. Караба мени!..

А р п а ч ы. Андай дебе, Ашыке. Булар жардамга келген орус агайиндер… Алар менен кошо…

А ш ы р *б а й. (Сөзүн жулуп)* Атсаңар батыраак атсыла! *(Карасакалды карап)*Өз жерибиз деп өлсөк шейит өлөбүз!

И ван. Жок, Ашырбай, сен дагы эле болсо Дадый деп өлгөнү жатасың!

А ш ы рбай. Сүйлөбө!.. Мыкаачы…

Үндөр. Ой, бу кайдан чыккан ак жүрөк экен?.. Көрсөткүлөчү бизге, байкайлы!

А ш ы р б а й. *(Жалт бурулуп. )*. О, жараткан!.. Мусулман балдарынын үнүнө окшойт… Тыңшадыңбы, Карасакал?.. Бирөө эмес… экөө да эмес… *(Кызыл гвардиячыларга жакындап, ар бирин үңүлө тиктейт)* кыргыз… кыргыз… орус… кыргыз… орус… мунусу казак өңдөнөт... ичинде сарты да жүргөнсүйт… Жалгыз эле Арпачы десем, бардыгы тең аралашып кетиптир го! *(Карасакалга барып)* Айтчы, боорум, бу не деген шумдук?! *(Карасакал унчукпайт. Ашырбай кызыл гвардиячыларга бурулуп)* Эй, шордуу мусулмандар!.. Кимдерди жандап турасыңар, алдагылар ким, билесиңерби?!.

Ү н д ө р. Билебиз. Билбегендечи. Булар биздин боорубуз!..

А ш ы р б а й. О, шоруң каткан мусулман балдары! Уванке менен Арпачы алдап жатат силерди!' Менин карындашымды «Айда, сволуш маржа» деп кубалап, атка сүйрөтүп, чачын кыркып жанчмакка алган кимдер дейсиңер? Так ушу кайырдиндер!.. Бешиктеги наристесин тирүүлөй найзанын учуна алгандар да ушулар!.. Булар душман!..

И в а н. Жаңыласың... Ашырбай!.. Сенин карындашың…

А ш ы р б а й. *(Сөзүн бөлүп)*Болду!.. Бирде тиякка, бирде биякка… Улам, улам алданып жүрүп бүттүм… Эми алдатпайм!.. Эч кимге алдатпайм!.. Аткын!.. Ат дейм! *(Иван жакындап басат. Ашырбай аны утурумдап)*. Жардамга келдик деп алдап коюп… Колдорум бош болсо, Арпачы экөөңөрдүн колкоңду үзүп, сөөгүңөрдү сөпөт кылат элем!.. Байлануу турганымда аткыла! *(Көкүрөгүн тосуп)* Аткыла! Көзүмдү ирмесем арбак урсун!.. Аткыла батыраак!

И в а н. Атса эмне, коркот дейсиңби?

А ш ы р б а й. *(Мыскылдуу күлүп)*. Торго чалынган бүркүттү көрүп, жемсөөсүн жара тебейинби, кызыталактын деп чокчоңдогон экен жаман күйкө!.. , Тува, бетиңе!

А р п а ч ы. *(Атат)* Акмак!

И в а н. *(Арпачыны колго кагып жиберет. Тапанча асманга атылат. Бетин сүртүп)* Ушундай да кыласыңбы, Ашырбай?!

А р п а ч ы. Бу кутургурду коё берчи маа. Эсебин өзүм табам.

И в а н. Ашырбай, Арпачы *(Ашырбайга кайрылып)* Өмүрлүк дос элек го экөөбүз!

А ш ы р б а й. Дос болсоң, кордобо мени, кемсинтпе, тебелеп-тепсебе… Өзүңдү кандай көрсөң, мени да ошондой көр… Ошондо досуңмун… Ошондо, өзүмдөн мурда сени коргоп калам… Жанымды аябайм… таманымдын астынан өрт күйүп, бет алдымдан топон суу каптаса да солк этпейм, сени менен кол кармашып алып бара берем!..

И в а н. Туура айтып жатасың, Ашырбай.

А ш ы р б а й. Ал эми досмун деп коюп, мени кемсинтсең… кордосоң, тебелеп-тепсесең… дос эмесмин саа… душманыңмын!

И в а н. Мунуң да акыйкат сөз.

А ш ы р б а й. Эмне-е?!

И в а н. Сени кемсинтип, тебелеп-тепсеген мен эмесмин… Мен өзүмдү кандай көрсөм, сени да ошондой көргөн кыйышпас досуңмун. Булар да саа дос.

А ш ы р б а й. *(Мыскылдуу күлүп)* Дурус экен, Уванке, опсуз дурус экен. Силер ырастан эле мени азатка чыгарганы келген дос турбайсыңарбы!.. Калп… силер душманымсыңар!.. Силер…

И в а н. *(Ачуулуу кыйкырып)* Жетет!.. Душманымсыңар!.. Душманымсыңар!.. Биз душман болсок, турба мында, бар досторуңа!.. *(Унчукпас менен Куркутту көрсөтүп. )* Тигине досторуң!.. Тааныгандырсың?! Эмесе, карындашыңды өлөрчө сабап, чачын кыркып, наристесин найзанын учуна алган досторуң ушулар! Бар, барып кучакташ, шилекей алыш, катарлаш тур!.. Бүркүт!..

*Пауза.*

А ш ы р б а й. Сен эмне деп жатасың, Уванке?!.

И в а н. Мусулман балдары деп ураан чакырып коёт... Мусулмандын да мусулманы бар... Буларды карап ураан чакырууга акың жок сенин. Булар сенин мусулмандарың эмес. Тигине сенин мусулмандарың!.. Баргын!..

*Пауза.*

А ш ы р б а й. Кантип эле ошондой болсун?! Куркут?!

К у р к у т. *(Ыйлап)* Менин айыбым жок, Ашырбай баатыр. *(Унчукпасты көрсөтүп)* Баарын кылган мына булар болчу!

У н ч у к п а с. Сен да баатырсың, Ашырбай. Мен да баатырмын. Баатырлар калп айтпайт бир-бирине. Өлсө да чынын айтышат. Карындашыңды такымга басып, атка сүйрөткөнүм ырас... Ал эми чачын кимиси кыркып,-ымыркайын найзанын учуна кимиси алганын билбейм... Өлөрчө мас болчумун. *(Куркутту көрсөтүп)* Мүмкүн, тиги бок жүрөк ошенткендир!.. «Айда, сволуш маржалап». Чыныбек байдын жанында чаап жүргөнүн көрсөм керек эле.

*Ашырбай тигилердин улам бирин карап тилсиз.*

К у р к у т. *(Ашырбайга)* Бар болгон айыбым, орусча кыйкырганым... Баарын кылган Чыныбек бай.

У н ч у к п а с. Бышактаба, тебетей катын! Бу жанын жейт. Шайык мырза менен сүйлөшкөндө Дадыйдын айтканын өз кулагым менен уккам. «Уванке орус менин биринчи душманым. Аны Ашырбай душманымдын колу менен жайлатам. Ал эми Ашырбайды болсо, Уванкенин адамдарына жайлатам», – деген...

А ш ы р *б а й. (Өксүй кыйкырып)* Жетет, жети баштуу желмогуздар!.. Жетет!.. Эзилип кеттим!.. *(Узак пауза. Алысты тиктеп муңдуу. )* Шордуу А ш ы р б а й... Азан үстүнө азан... Өмүр бою алданып келатасың!.. *(Ка-*

*расакалга. )* Эч болбогондо бир нече күн өлбөй коё турганымда эмне!.. Эки колум бош болуп, сен жанымда жүрсөң... Анан жаңкы мыкаачыларга кудай таалам мени бир беттештирсе... – Атаганат, андай күн кайда! *(Иванды карап )*– Мен сенин бетиңе түкүргөнүм жок, Уванке, өзүмдүн бетиме өзүм түкүрдүм! *(Арпачыга )* Атканыңардан кийин сөөгүмдү талаага калтырба, мүрзө казганга дитиң барбаса, таш менен болсо да эптеп корумдап кет... Анан дагы... Асылканыма жакшылап туюндур... Солтобай силерге кайрылып келсе, ал урганга да айт... баарына өзүм күнөөлүмүн... Эч кимиңерге акаарат кылбасын... Башка айтарым жок... Эми ата бергиле!

И в а н. Алып кеткиле!

К у р к у т. *(Башы менен жер койгулап )* Жок!.. Жок!.. Жок!.. Атпагыла!.. Атпагыла!.. Атпагыла-а!..

## *Тогузунчу сүрөт*

*Күүгүм маал. Балык жон там, ага жамаатташ жалгыз түп дарак. Алыста ак баш тоолор. Топ-топ болуп отурган адамдар. Алдыда эркектер, ичкерирээкте аялдар. Үч-төрт жигит дасторкон сала баштаганда Дадый кирет. Жанында Катаган,Чортон, Текер жана башкалар. Жым-жырт. Катаган ортого отуруп, көзүн сүзө, нары-бери чайпалып ичинен куран окуй баштайт.*

Д а д ы й. Дүнүйө ушундай жаралган турбайбы, Бектемир карыя. Тууган болгонсоң майда-барат, ыйкы-тыйкы болбой койбойт экен... Жин азазил буйлалап алса касташып да кетет экен... Бирок... акыры барып эле тууган деген кыйышпайт тура.

Т ө к *ө р. (Дадыйдын чапанынын жеңин күбүп )* Калетсиз сөз, урматтуу мырзам, калетсиз сөз!

Д а д ы й. Өзүңөр уктуңар, Ашырбай баатырды мазактап өлтүрүптүр кайырдин балшайбектер. *(Эл арасында кыжырлуу күбүр-шыбыр. Дадый сөзүн улайт)* Ашырбай баатыр экөөбүз тууган болбосок, ырас болуптур деп табам канып басып кетет элем. Тууган экенбиз. Анын бардык жаман жосунун кечип, мына минтип кара ашын бердирип отурам.

Т ө к ө р. Мунуңуз ашкан адамкерчилик, урматтуу мырзам, ашкан адамкерчилик!

Ү н д ө р. Төкөр туура айтат. Арийне ошондой.

Д а д ы й. Журт!.. Ашырбай теңдешсиз баатыр эле. Кыргыз журтунун көркү эле. Акыр кыямат болуп турат. Кана, Ашырбай баатырдын арбагы ыйык казатка сүрөсүн!.. Асаба болсун.

К а т а г а н. Оомийин.

*Отургандардын бардыгы бата кылышат.*

Д а д ы й. Туш-туштан жоо кыстап кирип келди. Айып көрбөгүлө. Табыпчым экөөбүз аттаналы. Бу жерди сен өзүң башкар, Чортон баатыр.

Ч о р т о н. Мен сиздерди аткарып коёюн. *(Төкөргө)* Кыймылда!

Дадый, Катаган, Чортон үчөө чыгат. Төкөр нары ичкериде түтүн бураган жакка майталаңдайт.

Б е к т е м и р. Тирүүсүндө канат-бутагын отоп, ботодой боздотобуз... Каргап-шилейбиз... Өлгөндөн кийин теңдешсиз эле, көркү эле деп, арбагын асаба көтөрөбүз!.. *(Күрсүнүп)* О, курган дүйнө!..

Ч а л. Өлгөн укпайт, өлгөн көрбөйт.

Б е к т е м и р. Жакшылыкты тирүүсүндө тилеш керек адамга.

Оозун толтура эт чайнап, Төкөр кирет.

Т ө к ө р. Урматтуу мырзанын марттыгын айтпайсыңарбы, *(ыктытып)* эки туу бээ сойдурду эле... таман

эли... *(ыктытып)* кейиген менен эмне... Ашырбай баатыр келбей калды... казы-картага тоюп жыргагыла!.. Эй-,жигиттер... Дасторкондордун үстүн жайнаткыла!.. Чайды апкелгиле! Тез-тез кыймылдабайсыңарбы!

Карасакалды ээрчитип Ашырбай кирет. Четтеги аял биринчи көрүп «А, кудай!» деп чаңырып башын катат. Боорсок алып, самоор көтөрүп келаткан жигиттердин бири табагын түшүрүп, калгандары турган орундарында катып калат. Төкөр бирде күлсө, бирде мостоё калып, артына кетенчиктейт.

Б е к т е м и р. Ашыке! *(Кучактап. )* Айланайын арстаным. Бүркүтүм! Балшавектер туткунга алып өлтүрүп коюшту дегенге ишенгеним жок эле. Душмандын темир торун талкалап, чебин бузуп болсо да акыры кайтып келериңе ишенген элем *(башын көтөрүп)*. Ашырбайым!

*Ичкериде отурган аялдардын ичинен Асылкан суурулуп чыгып, башындагы кара жоолугун алып ыргытып, Ашырбайдын кучагына боюн таштайт.*

А ш ы р *б а й. (Чачынан сылап)* Ыйлаба, эркетайым.

Ч о р т о н. Балшавектерден бирөө басып келе албайт бул жерге!

А ш ы р б а й. Келип калган болсо кантесиң?

Ч о р т о н. Ким?

Ашырба й. Балшавек.

Ч о р т о н. Кайда?

А ш ы р б а й. Ушу жерге... Сенин жаныңа.

Ч о р т о н. *(Тапанчасын суурул)* Көрсөтчү маа, кайда жүрөт ал?

А ш ы р б а й. Кашыңда турат.

Ч о р т о н. Кана?!

А ш ы р б а й. Мына!

*Ашырбай урат. Чортон тоголонуп, тапанчасы колунан ыргыйт.*

Ч о р т о н. Сен… Сен балшайбексиңби?!

А ш ы р б а й. *(Тигинин тапанчасын буту менен басып)* Мен балшавекмин!

Б и р и н ч и ү н. Кыргыздан чыккан чыккынчыларды балшайвектер тыңчы кылып жатат деп уккан элек. Ашырбай балшайбектердин тыңчысы болуп келген окшобойбу.

Эк и н ч и ү н. Туура. Колун кайрыгыла тыңчынын, эмне отурасыңар?.. Алгыла, азаматтар!

*Б е к т е м и р. (Таягы менен жерди уруп)* Токтогула, ырысы жоктор!.. *(Ашырбайды суроолу карап)* Ашыке?

А ш ы р *б а й. (Асылканды көрсөтүп)* Тааныдыңбы?! *(Чортон унчукпайт)* Кош жамбыны эмнеге берди эле Чыныбек бай?! Кана, эстечи! *(Чортон мурдагысындай эле жер карап телмирет. Ашырбай тигинин тапанчасын алып)* Чынды калп кылып, калпты чын кылып өмүр бою жойпуланып келдиңер мырзаң экөөң! Эми болбой калды. Баягы аңкоо Ашырбай жок. Ырасыңды айт, кош жамбыны эмнеге алдың эле Чыныбек байдан?! *(Пауза)* Куркут орустарды туурамыш болуп «Айда, сволуш маржа» деп кыйкырып, Унчукпас Асылканды атка сүйрөтүп, эсин оодаргандан кийин, Чыныбек бай кош жамбыны колуңа карматты… Анан эмне болду?! *(Тапанчаны маңдайына такап)* Эсиңден чыгарып жибердиңби?! Айт, жүзү кара!

Ч о р т о н. *(Мукактанып)* Анан… Анан…

А ш ы р б а й. Анан эси оогон Асылкандын чачын кыркып, типтирүү ымыркайын найзанын учуна алдың, ээ?! *(Каардуу)* Кана?!

Ч о р т о н. Ооба!

*Эл арасы дуу-дуу. Каргап-шилеген үндөр.*

Б е к т е м и р. Эй, бетбак!.. Жүрөгүң солк этпей туруп канткенде бардың ошондой жорукка?!

*Пауза.*

Ч о р т о н. Дадый менен ойноп болбойт, Бектемир аке. Асылкандын чачын кыркпасам... Дадый мырзанын колунда бийлиги бар, ал менин өз башымдын терисин сыйырмак. Ымыркайын найзанын учуна албасам, найзанын учуна менин өзүмдү алмак!

А ш ы р б а й. Ошентип тирүү жүргөндөн көрө, найзага сайылып өлүп калсаң жакшы болбойт беле, киши сыягы жок айбан!

Ч о р т о н. Бирөөнү өлтүргөндө өлөйүн деп өлтүрбөйт, Ашырбай баатыр, өлбөйүн деп өлтүрөт!

Б е к т е м и р. Сүйлөбө, бетпак, сүйлөбө! *(Нары-бери басып)* Үйүң күйгүрдүн Дадыйы оой!.. Кагылайын журтум, айланайын тукумдаштарым деп... маңдайыбыздан сылап коюп... анан ушундай жорукка барат, ээ?! Жан алгыч!

А ш ы р б а й. Жо-ок, Бектемир аке. Дадый жан алгычтан да жаман... Жан алгыч бир гана жолу шилтейт. Дадый болсо улам чала жан кылып жанчып... өзү өлтүрбөй, башка бирөөнүн колу менен кыйнап жатып мазактап өлтүрөт!.. Байлагыла!

Ч о р т о н. Мени эмне кылган жатасың, Ашырбай баатыр?!

А ш ы р б а й. Күнөөсүздөн эр сайышта Сабыр баатырды өлтүрдүм... Жараткан өзү күбө, ошондо жаман иш кылганымды туюнган эмесмин, эрдик кылдым дегем *(үнүн басаңдатып)*. Ушул азыр да каңырыгым түтөйт, ошондогу наадандыгым үчүн! *(Чортонго бурулуп. )* Андан башка, бейкүнөө бирөөнү чекеге черткен жан эмесмин... Ал эми мырзаң экөөңдү болсо... Арылбас арманым, түгөнбөс муңум үчүн... Жо-ок, Чортон жойпу... Эми менден ырайым күтпөгүлө!

*Ашырбай белги берет. Карасакал баштаган бир нече адам Чортонду алып кетет. Айланага караңгы түшүп, асманда жылдыздар күйөт.*

Биздердики келгиче, Дадыйларды капчыгайдан чыгарбай кармап туралы. Бул менин мойнумда болот. Сиз болсо, Бектемир аке... жаныңызга бир топ адам алып, балшавектерге каршы ок атканы келдик деп, Дадыйдын кошуна барыңыз. Караңгылыктын айынан алданып жүргөндөр көп. Чын акыйкат сөзүңөрдү айтып, Дадыйдан бөлүп чыккыла да, ашуу тарапты тоскула.

Б е к т е м и р. Жакшы болот, Ашырбай балам. Ушу тургандардан бириң калбай мени ээрчигиле!..

*Сахнада Ашырбай менен Асылкан калат. Ак баш тоолор артынан ай көтөрүлөт. Асылкан бешмантынын чөнтөгүнөн саймалуу жүз аарчыны алып чыгат, агасына көрсөтүп көкүрөгүнө басат.*

А ш ы р б а й. Солтобайдын жүз аарчысы. Ыраматылык жеңең сайып берген эле. Сагынган окшойсуң Солтобайды. Менин түшүмө да көп кирчү болду! *(Асылкан агасын кучактап, көкүрөгүнө башын катат. Алыстан-алыстан комуз кылдары муңканат. Ашырбай, Асылкандын чачынан сылап)* кичинекейиңде өзүм көтөрүп чоңойтподумбу... Ооба, Асылым... Мен жомок айтканымда, кээде ушинтип көкүрөгүмө башыңды катып мойтоюп уктап калар элең... Буттарым уктап, колдорум талучу... ага да карабайт элем... Уйкуңду бузбайын деп демимди ичиме катып, көшөрүп отура берчүмүн *(Асылдын көзүн алаканы менен сүртүп)* ыйлаба, эркетайым!.. *(маңдайынан жыттап)* Асылым!..

*Ашырбай кетет. Асылкан карааны үзүлгөнчө карап турат да, анан кандайдыр бир акылга келип, агасына удаа жүгүрүп чыгат.*

**_Онунчу сүрөт_**

*Токойлуу капчыгай. Төр жагында чалкайган чокулар. Азыр түн. Асмандын ар кай жерлеринен жылдыздар көз*

*ирмейт. Оржок-буржак аска таштардын түбүндө Дадый баш болгон бир топ адам.*

Ч ы н ы б е к. *(Оң жагындагыга кайрылып).* Биз жалгыз эмеспиз, Шайык иним. Орус, өзбек, казак, кыргыз дебей жаммамий калктардын ак падышага чын ыкласын берген ак ниет адамдары бирине бири кол кабыш болуп, өңкөй каратаман томаяктардын өкмөтүнө каршы көтөрүлдү. Алла таалам буюрса ак падыша өз тагына кайрадан отуруп, мурдагы жыргал заманыбыз колубузга тиет.

*Шашып-бушуп Төкөр кирет.*

*Д а д ы й. (Тапанчасын белендеп)Кимсиң?*

Т ө к ө р. Өлтүрдү… Чортон баатырды… өлтүрүп койду аны!..

Д а д ы й. Эмне дейт?! Ким өлтүрдү?

Т ө к ө р. А ш ы р б а й.

Да ды й. Ашырбай?!

К а т а г а н. Я, парвардигер!

Т ө к ө р. Чортон баатыр машыктырып жаткан жигиттерден бири калбай… Катын-калач, кемпир-чалдардан өйдө Ашырбайды ээрчип кетишти. Эзелден шорубузду кайнатып келген Дадыйлар турбайбы дешип… Кыжырланган элдин каарын көрсөңүз!.. Көздөрүндө огу болсо атып жиберчүдөй!.. Азууларына илинсең чайнап жеп койчудай!..

Д а д *ы й. (Бармагын тиштеп)* Аттиң сени! Аттиң сени!.. Уванке орус Ашырбайды өлтүрүп койсо, элдин көбүн оолактатып алат эле өзүнөн. Көрсө, коё берген экен да. Алдаткан экем Уванкеге! Менден акылдуулук кылып кетиптир ал жүнбаш! Азыр кайда Ашырбай бузуку?!

Т ө к ө р. Калаадан аскерлер келгиче Капчыгайдын ичинен чыгарбай камап турамын деп жолго чыккан. Келип калган болуу керек.

Д а д ы й. Кай жактан?

Т ө к ө р. Кай жактан экенин кайдан билем?.. Береки аска-зоолор Ашырбайдын коён жатагындай. Бияктан келеби же тияктан келеби… же так ушу таманыбыздын астынан чыга калабы…

К а т а г а н. Я, парвардигер!

Т ө к ө р. Ошол эле дейсизби табыпчым. Бектемир чалды… Дадыйлардын кошуна барып бузукулук кылгын деп бир топ адам менен мобу узун кырды ашырып жиберди.

К а т а г а н. Ашырбай алкымдан алса, Бектемир чал көк желкеден басып… Эми айлабыз не болот, Дадый балам?!

Д а д ы й. Коёндун жүрөгүнө талгак болгон көрүнөт энеңиз!

К а т а г а н. Дадый балам!

Д а д *ы й. (Каардуу)* Болду! *(Төкөргө ырым берип)* Ата-бабанын арбагы үчүн жакшы иш кылдың, Төкөрүм. *(Төкөр унчукпай алып баса берерде, Дадый ийинден алып токтотот)* Бери карачы!.. Колуңа бирдеңке тийгенде акылман, айкөл деп… өпкө-боорумду садага чабам деп… Урматтуу мырза деп чимирик болуп турчу элең… *(Каардуу)* Айт!..

Т өкөр. *(Бужурөп)* Сууну көп кечсе чалчык болот, көп сүйлөсө тантык болот деген эмеспи, урматтуу мырзам. Мен азыр деле өпкө-боорумду!..

Д а д *ы й. (Каардуу)* Тарт тилинди! *(Айланасында тургандарга көз чаптырат. Эч ким карабайт. Ар ким өз ою менен алек. Дадый акырын, ойлуу)* Чортон баатырдын жигиттери Ашырбайды ээрчип кетсе!.. булар болсо… кечээ эле зиркиреп бүүжүңдөп турушкан иттер, эми минтип тескери карап… Бу не деген жорук?!. Ырастан эле мен шүмшүк болуп баратамбы, я?! *(Чыйралып)* Жок! Жок!*(Кайрадан бошой түшүп)* Андай болсо, Уванке орус

менен Арпачынын аброю эмнеге улам көкөлөп барататʔ! *(Муңканып)* Бир жерден жастым берип жатам. Кай жерден экенин билсем го!.. Билбей куруп жатпайымбы! *(Чыныбекке кайрылып, чыйрала)* Ата!

Ч ы н ы б е к. Эмне дейсиң, Дадый балам?

Д а д ы й. Башыңызды көтөрүңүз. *(Жанындагы нооча жигитке).* Жигиттердин бардыгына кабар айттыр, аттарынын ооздугун салып, жабдыктарын белендеп турушсун... Бектемир чал келсе... сакалын бирден жулуп, көкбөөрү тарткыла! *(Нооча жигит чыгат. Дадый, мурутчан жигитке)* Чакырчы жаңкы Солтобай деген арам сийдикти. Тез! *(Мурутчан жигит чыгат)* И, табыпчым, эмне эле асманды тиктеп калгансыз?

К а т а г а н. О, кудай! *(Төкөрдү карап)* Эмне күлмүңдөйсүң, батчагар!.. Балшайбектер келсе көрөрмүн күлгөнүңдү!

Т ө к *ө р. (Мостоё калып)* Коркконго кош көрүнөт. Мен күлгөнүм жок. *(Тескери бурулуп, өзүнчө)* Мен балшайбектерге ок аткан эмесмин!.. Силерге да жамандыгым жок.

Д а д *ы й. (Төкөрдү теше тиктеп)* Буту да майрык, дили да майрык!.. *(Кейиштүү күлүп)* Ушундайларды да киши ордуна көрүп... *(Күрсүнүп)* Мен өзүм да майрык окшобоймунбу?!

Төкөр улам артына жылып отуруп көрүнбөй калат, Солтобай кирет.

С о л т о б а й. Мен келдим, байке.

Д а д ы й. Үстүңө үй көтөртүп, келинчек алып бердим. Эми... *(Катаганга)* Апкелиңиз куранызды *(Курангa колун коюп)* мал-мүлкүмдү бут бойдон саа энчиледим. Ыйык куранды кепилдикке тартам!..

С о л т о б а й. Байке!

Д а д ы й. Шашылба, садагасы. Эми суу да сеники, жер да сеники!

К а т а г а н. Башына ырыс конот деген ушу. Ырыс кут болсун, урматтуу жаш мырза!

С о л т о б а й. *(Сыңар тизелей калып, Дадыйдын этегин өбөт)* Айланайын байке!.. Башым тартуу!.. Жаным садага!..

Ч ы н ы б е к. *(Солтобай менен айкашып)* Мал-мүлк табылат. Ата-бабанын арбагы жаткан жер, ата-баба ичкен суу табылбайт, мырза уулум.

С о л т о б а й. Билем, Чыныбек ата.

Ч ы н ы б е к. *(Күмүш чапталган кемер курун тартуулап)* Айдай сулуу жарлардын чачын кыркып, кырк кес төшөккө чогуу жаткырып, бирден жүнбашты айгыр салат имиш, мырза уулум.

С о л т о б а й. *(Акырын, кыжырлуу)* Андай болбойт, Чыныбек ата. Тирүү турганымда...

Ч ы н ы б е к. Кудаа өркүнүңдү өстүрсүн!.. Сен Ашырбай эмессиң.

С о л т о б а й. Ал эмне болуптур? Балшайбектер өлтүрүп коюптур дешпеди беле?

Ч ы н ы б е к. Тирүү экен. Балшайбектерге алып кетиптир, Алар сатып алыптыр.

С о л т о б а й. Ошондойбу?!

Ч ы н ы б е к. Бизди капчыгайдан чыгарбаймын деп бу жерге келип калды дейт.

К а т а г а н. Ашырбайды өлтүрүш керек!

Д а д ы й. Табыпчым!

К а т а г а н. Ал кайырдиндерге кошулуп кайырдин болуп кетти.

Д а д ы й. *(Кытмыр тиктеп)* Анетсе да, ойлоп сүйлөгөн жакшы. Менин Солтобайым менен Ашырбай экөө жатындаш. Ал эми жатындашты жатындашка айдактаганыбыз... Ашырбай кайырдин болгон күндө да кудаага жакпайт го, табыпчым.

К а т а г а н. Эр азамат жатындашын кыйса кыйып жиберет. Баба конушун өлсө да кыйбайт!

С о л т о б а й. *(Бакырып)* Ашырбай менин жатындашым эмес!.. Ашырбайдай жатындашым жок!.. Менин жатындашым сиз болосуз, байке!

Ч ы н ы б е к. Солтобай балам! Сендей кыраан бүркүттөрүбүз турганда балшайбектерди бүгүн-эртең оңколотобуз!

Ошол учурда мылтык атылып, Чыныбек «Я, алла» деп жүзтөмөнүнөн түшөт. Калгандары көздөн кайым болот. Көп өтпөй Ашырбай баштаган адамдар кирип, үңүт алышат.

К у л *а н. (Алды жагын үңүлө тиктеп)*. Бирөөнү сойлотконуңуздан кийин эле ашууну көздөй качышкан окшойт.

А ш ы р б а й. Бир октон корксо Дадый-Дадый болбойт болчу. Мыкаачылыгына жараша эрдиги да бар ал доңуздун.

К у л а н. Дым-дым эле болуп калды.

К а р а с а к а л. Ок жаңылса жаман. Азаттык келип калган кезде арманда өлөбүз… Ашыке!.. Калаадан аскерлер келгиче жашына турсак кантет?

А ш ы р *б а й. (Күлүмсүрөп)*. Мейлиң боорум, жашынсаң жашына тур.

К а р а с а к а л. Ашыке.

А ш ы р б а й. Мен анте албайм. *(Мылтыгын кармап)* Керек болчу болсо, мен өзүм биринчи болуп өлүп берем!.. Азаттык-маа керек да!.. Кулан!..

К у л а н. Эмне дейсиз, Ашырбай байке?

А ш ы р б а й. Оолак-оолак жайлашкыла. Мени эмне сагынып калдыңарбы?

Ошол учурда ичкериден ок атылып, «Байке!.. Байке!» деп кыйкырган үн угулат. Бир аз өтпөй жыгылып-туруп бирөө кирет.

К у л а н. Көтөр колуңду! *(Кирген адам колун көтөрөт. Кулан таңданып)* Солтобай?!.

*Сахнада Ашырбай менен Солтобай калат.*

С о л т о б а й. Качып келдим, байке. Күнөөмдү кечириңиз. Жамандыгымды каным менен жууюн *(Ашырбай унчукпай тиктейт. Солтобай агасынын бутун кучактап)*. Мен алданып жүрдүм, байке!

А ш ы р б а й. *(Паузадан кийин)* Акыры кайтып келериңе ишенген элем!

С о л т о б а й. Өлсөк кол кармашып жатып бирге өлөбүз, байке.

А ш ы р б а й. Азаттык деген не экенин көрсөң, өлүмдү оозуңа албас элең. Колдон келсе өлбөй коё тургандан жакшысы жок *(кучагын жайып)* келчи боорум!.. *(Солтобайдын маңдайынан жыттап. )* Солтобайым!.. Солтобайым!..

С о л т о б а й. Байкемдин үнү!.. Байкемдин колу! *(Ашырбайды сыга кучактап)* Байкем!..

А ш ы р б а й. Ыйлаба, боорум.

С о л т о б а й. *(Агасынын кучагынан бошонуп)* Дадый мырза да Солтобайым деп эркелетип, күн сайын маңдайымдан сылап турчу эле го. Бирок бала болуп башыма жүн чыкканы азыркыдай эрээркеп, азыркыдай сүйүнгөн эмесмин! *(Ашырбайды карап)* Урдум, Дадый мырзаны! *(Тебетейин алып ыргытып)* Тойдум, ошонун берген жыргалына!.. Ач болсом да, жылаңач жүрсөм да ыраазымын. Бардыгынан кечтим! Асылканым, сен экөөң болсоң болду!

*Пауза*

А ш ы р б а й. Менин көргөн азабым жүрөгүмдөн соо жер калтырбады, барча-барча тилип таштады *(Солтобайдын. ийнине колун коюп)*. Канткен менен, азаптын дурус жагы да болот өңдөнөт. Көзүңдү ачат экен. Менин азабым менин көзүмдү ачты. Ооба, Солтобай, көзүмдү ачты. Өз дегеним Дадый өзөгүмдөгү өрт, бөтөн дегеним Уванке акыреттик досум болуп чыкты.

С о л т о б а й. *(Мостоё калып)* Уванке?!

А ш ы р б а й. Ооба, Солтобайым!.. Уванке азыр келет! Жеке өзү эмес! Жер дүңгүрөткөн колу менен келет. *(Солтобайды өзүнө тартып)* Көзү менен көрүп, колу менен кармап бакмайынча куру сөзгө оңой менен ишенбейт маа окшогон дыйкан баласы. Лениндин адамдары апкелген азаттыкты өз көзүм менен көрдүм, өз колум менен кармап бактым!

С о л т о б а й. *(Артына кылчактап)* Ишенип жатам, байке! Ишенбей анан?!.

А ш ы р б а й. Эми экөөбүз бирдешип аштык айдайбыз, короо-жай салып, бак-шак өстүрөбүз. *(Кулачын кере жайып таштап)* Оп, майда!.. Оп, майда!.. Майда бассаң жанга пайда деп, экөөбүз элге кошулуп кырман бастырганыбызда... Асылканыбызды тоту кушча кулпунтуп кийинтип коёбуз... ал бизге тамак апкелип турат...

С о л т о б а й. Ошентет, байке. Ошентпей анан!

А ш ы р б а й. Биз эч кимдин көзүп карабайбыз анда, эч кимден жалтанбайбыз!.. Эмне эле улам-улам тоо жакты карап кылчактайсың?

*С о л т о б а й. (Дароо эсин жыйып)Байке!.. Сагынчым жазылбай жатат. Келиңизчи, дагы бир жолу айкашып коёлу (Ашырбайды кучактап)Уванке келсе жыргайбыз! (Колуна түйүнчөк кармап Асылкан кирет. Бир тууғандарынын айкашып турганын көрүп кубанычтуу жылмаят. Солтобай агасынын жанындагы бычагын сууруйт. Асылкан көрөт. Эмне кылган жатат деп таңданган кейипте. Солтобай, Ашырбайды саят)Жыргайбыз!*

А ш ы р б а й. *(Теңселе түшүп)*. Бу эмне кылганың, боорум?!

С о л т о б а й. Тебетейин алып, жыгылып-туруп качат. Катуу чочугандан же катуу кайгыдан болуу керек, Асылканда үн пайда болот. «Байке-е!» деп үзүлө кыйкырып, агасынын жанына келип, башын жөлөйт.

А ш ы р *б а й. (Асылканды тиктеп)* Боорум!.. Жалгызым!.. Үнүңдөн айланайыным!.. Үнүңдү уктум! *(Кулумсуроп)* Зар ыйлап тилечү элем... Ыйлаба, эркетайым!.. Алачыктагы тактанын астында чүкө бар... катып кой... Таякемден калган белек деп ойноп жүрсө... Жаш эмессиңерби, болот!.. Болот!..

Жакын эле жерден ач кыйкырык үндөр угулуп, капчыгайдын ичинен Дадый баштаган адамдар жабалактап чыга келишет. Мылтык үнүнөн кулак-мээ тунат.

Д а д *ы й. (Жинденип)* Тебелейм! Кырам! Мойсойм!..

Ашырбай чымырканып туруп атат. Дадый жыгылат. Ошого удаа, аскердик «Ура!» жерди дүңгүрөтүп, каптап келаткан душмандын алды артына жапырылат. Ашырбай колдоруна сүйөнүп, башын көтөрөт. Алыскы ак баш чокулардын артынан таң сөгүлүп, айлана ак шоокум тартат. Чабуул койгон кызыл гвардиячылар менен Иван кирет.

И в а н. *(Ашырбайды жөлөп)* Ашырбай! Ашырбай!

А ш ы р б а й. *(Акырын)* Өлбөй коё турсам болот эле. Кейибе, Уванке... Асылканыма каралаша жүр. Менин жатындашыман жалгыз гана Асылканым калды! *(Мылтыгын алып)* Сенин кичинекей Миткең менен менин уулум экөө тамыр эле, Миткеге берип кой. Ашырбай атамдын мылтыгы эле деп, колунан түшүрбөй жүрсүн! *(Тоо тарапка тиктеп)*. Жарыктык тоолор! *(Пауза)*. Караанындан айланайын, тоолорум!.. *(Узак паузадан кийин)* Атаганат!

И в а н. Ашырбай! *(Үзүлө кыйкырып)* Ашырбай! *(Шапкесин алып, акырын)* Кош, Ашырбай!.. Кош, айбаттуу тоо бүркүтү!.. Кош, ак жаркын адамым!.. Кош, кыйышпас досум!..

«Уралаган кыйкырык менен мылтык үндөрү жаңырыкталып улам алыстайт. Иван жылаңбаш. Бир колу менен Ашырбайдын башын жөлөп, экинчи колу менен Асылканды бооруна кысып тилсиз.

***А я г ы.***

## ТАР КАПЧЫГАЙ

***Үч көшөгө, беш сүрөттүү пьеса***

### КАТЫШУУЧУЛАР:

1. К е р к и б а ш е в
2. М а й с а л б ү б ү
3. С а б ы р
4. М а р ж а к е
5. М у к т а р
6. А н а р г ү л
7. Б е к е т
8. М е д е т о в
9. А л м а з
10. А с ы л к е р и м
11. Ш а к и й
12. Т ү л к ү б а е в
13. Ш а г и я
14. С е р к е б а й
15. Б ы р ж ы б а й
16. К а к у м б е к

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Биринчи сүрөт*

*Инженер Бекеттин жаңы квартирасы. Тамак ичүүчү бөлмө. Кече кызып калган маал. «Абаны жарган шаңдуу күлкү. Көшөгө ачылат. Кечеде Керкибашев, Майсалбүбү, Шагия, Муктар, Анаргүл, Медетов, Түлкүбаев жана дагы бир топ меймандар менен үй ээси Бекет.*

К е р к и б а ш е в. *(вилка менен фужерди кыңгыратып).* Урматтуу меймандар!.. *(жым-жырт)* Мурда сүйлөгөн жолдоштор да айтып кетишти. Бүгүнкү кечеде биз кош кубанычты башыбыздан өткөрүп отурабыз. Инженер Бекет жаңы квартиралуу болду!.. Бул бир... Экинчиден, Тар-Капчыпайдын төрүнөн эсеп жеткис байлык табылды. Ага баруучу жолдун долбоорун Бекет түздү. Биз аны кабыл алдык. Эмесе ушу эгиз кубаныч үчүн көтөрүп койбойлубу. Кандай дейсиңер?! Кана, Шагия жан!

Ш а г ы я. Кубанычка кубаныч кошулсун!..

М а й с а л б ү б ү. *(Анаргүлдү өөп)* Ах, Анарбайым! Мөлтүрөгөн секет болоюнум! Это замечательно! Это изумительно!.. Жол ачылганда бирге барабыз. Макулбу?

А н а р г ү л. Жер көргөнгө эмне жетсин. Ыракмат, Майсалбүбү эже.

М а й с а л б ү б ү. Сөзсүз барабыз. Азыркы заманда машинага отурсаң Тар-Капчыгай эмес... Ал ерунда!..

Ш а г ы я. Тар-Капчыгайды өтө эле кооз жер дешет го?

К е рк и б а ш е в. О!.. Бийик аскалардан атырылып түшүп жаткан шаркыратмалар... карагай, кайың... эмнесин... айтасың... Жүрөк кургур сезгени менен айтып бералбайм. Акын болбосом кантем!

М е д е т о в. *(Өзүнчө)* Адилет адамдардын ден соолугу үчүн! (*Ичет*).

К е р к и б а ш е в. Биздин урматтуу тамадабыз Календер Медетович чарчап калганбы, айтор… же… кечебиздин тизгинин бошоңдотуп жиберди го… Календер Медетович! Бу кандай өзү…

Т ү л к ү б а е в. Кечиресиздер, кадырлуу меймандар, кечиресиздер. Иште болсо да, кечеде болсо да… Бардык жерде баш керек… кайрат керек… Айта берсе, авторитет да керек. Тамадалыкты Боргемик Керкибашевич агайдын өзү алса деген сунушум бар. Кандай дейсиңер?

Ү н д ө р. Туура, туура!..

М е д е т о в. (*Жер тиктеген калыбында)* Биринчи болуп кол көтөрөм!

К е р к и б а ш е в. *(Күлүп)* Месткомдун председатели Календер Медетовичтин өзү биринчи болуп кол көтөрсө,, айла барбы… Эмесе, мындай… Урушта туруш жок… Мен өз милдетимди аткарууга киришем. Кыздын кырк чачы улуу деген. Мында отурган урматтуу дамаларыбыздын муңайымы, басмырты жана да… сулуусу Шагия Ахматовнага сөз беремин!

Ша г ы я. Апенди кызын мактагандан да жаман мактадың го, Боргемик. Болуптур эмесе *(Бекетке кайрылып)*. Үйүңдөн кут кетпесин, Бекет садагасы. Берекелүү үй болсун!

Б е к е т. Айтканыңыз келсин, Шагия Ахматовна!

К е р к и б а ш е в. Нары кыска, нары мазмундуу… Сенин сөзүң бүгүнкү сөздөрдүн атасы болду, Шагия жан!

М а й с а л б ү б ү. *(Күйөөсүнөн озунуп барып, Шагыяны кучактап)* Ах, жаным! Азыркы сөзүң үчүн уу болсо да ичем… Эми бир аз эс алсак кантет, урматтуу тамада? Кыңылдап койсок да жаман болбос эле…

К е р к и б а ш е в. Сабыр эт, жанбиргем. Сен айткандан кийин ыр да болот, бий да болот, бардыгы болот. Андан мурдараак Муктарга сөз берип алалы. Кандай дейсиң?

М а й с а л б ү б ү. Это замечательно!.. Это изумительно!.. Мейли, эмне дээр экен, угалы. Бергин.

К е р к и б а ш е в. Урматтуу меймандар! Бекеттин жакын курбуларынын бири инженер Муктарга сөз берсек деген сунушум бар.

М а й с а л б ү б ү. Суранабыз! Суранабыз!

*(Пауза)*

М у к т а р. Жол куруучулардын тагдыры өтө эле кызык. «Биз не бир сонун жолдорду курдурабыз. Өзүбүз болсок дайыма жолсуз жерлерден жүрөбүз. Ооба. Биз дайыма жолсуз жерлерде, кайберен өтө албаган аска-зоокаларда жүрүп иштейбиз. Аябай кыйналабыз, аябай азап тартабыз Бирок биздин таалайыбыз бар. Биз жолсуз жерден жүрүп, артыбыздан жол калтырабыз адамдарга...

М а й с а л б ү б ү. Браво, Муктар, браво!

К е р к и б а ш е в. Адилет сөз!.. Укмуштай сөз!

Т ү л к ү б а е в. *(Көзүн сүртүп)* Сүйүнгөнүмдөн жашый түшпөдүмбү тим эле!

М у к т а р. Боргемик Керкибашевич айтып кетпедиби. Биз Тар-Капчыгай жолун курганы жатабыз. Сөзсүз курулат. Күмөн санабайм. Бирок анын трассасы кайсы жерден өтүш керек, кандайча болуп курулуу керек – кеп мына ушунда. Артыбызда жол калтырабыз деп мактанганыбыз менен жолдун да жолу бар. Ушундай эмеспи, Боргемик Керкибашевич?

К е р к и б а ш е в. *(Күлүмсүрөп)* Албетте, жолдун да жолу бар. Мунуңа макулмун...

М а й с а л б ү б ү. Муктар садагасы! Мен көп угам. Талашканды жакшы көрөт деп ким көрүнгөн айтат.

М у к т а р. Талаша турган нерсе болсо талашканга эмне жетсин.Талашуу керек. Сөзсүз, талашуу,керек!

М а й с а л б ү б ү. *(Амалдуу күлүп)* Бу жер Боргемик агайындын кабинети эмес да. Биз кечеде отурбайбызбы!

М у к т а р. *(Кулуп)* Катуу кармадыңыз Майсалбүбү эже. Айыбым мойнумда. Бекет! Сага айта турган бир гана тилегим бар – ушундай жакшы квартирага, жакшы хозяйка батыраак кирсин! Ошон үчүн ичем!

М а й с ал б ү б ү. Браво, Муктар, браво!

М у к т а р. Жана да, бардык аялдардын ден соолугу үчүн! *(Анаргүлгө)* Сенин ден соолугуң үчүн, Анар!

М а й с а л б ү б ү. *(Муктарга)* А мени менен чи?

М у к т а р. О, сиз менен сөзсүз да, Майсалбүбү эже *(рюмка кагыштырып)* Сизге бир гана тилегим бар: өмүрү карыбаңыз...

М а й с а л б ү б ү. Тилегиң жакшы, бирок... Аттиң, Аттиң! Түшүнүп жатасың го, Муктар садагасы?.. Но это пустияк! (*Анаргүл менен Бекетти карап, Шагияга)* Ах, жаным Шагия! Тоо боорунда жанаша өскөн гүлдөй болушуп... Бекет менен Анар экөөнүн турганын көрчү!.. (*Шагияны өөп*) Это замечательно! Это изумительно! Кубанычка мас болуп калдым окшойт, мен шордуунун башы эңгидеңги!

К е р к и б а ш е в, Жолдоштор!., Жолдоштор! Эми... эми Бекет ырдап берсе деген сунуш бар. Анын үнү...

Т ү л к ү б а е в. Булбул!

*Керкибашев папирос издеп, чөнтөгүн сыйпалайт.*

Т ү л к ү б а е в. (*Коробканы сунуп*) Сиз сүйгөн Москва казбеги.

К е р к и б а ше в. Папирос тартчу эмес элең го сен?

Т ү л к ү б а е в. Хе,хе, хе... жөн эле кереги тийип калабы деп...

К е р к и б а ш е в. *(Далыга кагып)* Эх, шайтан!

Б е к е т. Эмнени ырдасам экен?

К е р к и б а ш е в. Эл ырынан.

Т ү л к ү б а е в. Мүмкүн болсо, начальник агайдын жакшы көргөн ырын. «Ак Келинди».

*Бекет пианиного кошулуп «Ак келин» аттуу эл ырын ырдайт. Калгандары Майсалбүбү баш болуп коштойт.*

М а й с а л б ү б ү. *(Бекеттин чачынан жыттап)* Бекетбайым! *(Анаргүлгө кайрылып, аны эми көргөн шекилдүү)* Анаргүл! Мөлтүрөгөн секет болоюнум. Уздай апапак... Киши жутуп жибергендей бала элең... Эми карасам...

Б е к е т. Мал деп жүрүп ат үстүнөн түшпөйт... Зоотехник болуу деген оңой дөйсизби.

М а й с а л б ү б ү. Ах, да... зоотехник! (*Анаргүлдү бооруна кысып*) Мөлтүрөгөн секет болоюнум!.. Мүмкүн, мен жаңылышармын, ошентсе да... Ат минген кыз кишиге түкда жарашпайт... Азыркы заман сплошной техниканың заманы эмеспи...

М у к т а р. Эмне үчүн жарашпайт экен? Минген кишиси мыкты болсо ат жаныбар ким болбосун жарашат.

М а й с а л б ү б ү. Жок, жок, Анаргүлдөй периштени ат үстүнөн түшпөй, мал артынан жүрө бер дегениң...

М у к т а р. Мен антип айтканым жок. Бул биринчиден...

М а й с а л б ү б ү. Кечиресиң, Муктар... Экинчиден, сөзүңдүн кыябы ошондой болуп калды. Талашпайлы! (*Күлүмсүрөп*) Талашканың менен баары бир жеңе албайсың. Мен аялмын... Талашка келгенде аял киши өлсө да алдырбайт... Акылы жетпесе, долулугу менен болсо да жеңип чыгат... *(Анаргүлдү жандап)* Тилимди ал Анарбай... Мал курусун... Келечекти ойлош керек... Көп кечиктирбей аспирантурага өтүп ал... Тыяктан таякең, быяктан Боргемик агайың киришсе... Илим изилдөө институтунда өмүрү кыйышпай турган илик-жармат, жолдош-жоролор толуп жатпайбы! Макул дегин.

М у к т а р. Жок, Майсалбүбү эже... Анаргүл андайга барбайт... Макул болбойт!

А н а р г ү л. *(Муктарга суз карап)* Макул болбостутугумду кайдан билесиң? Мүмкүн, мен макулдурмун.

М а й с а л б ү б ү. *(Анаргүлдү өөп)* Акылдуусуң! *(Муктарга)* Бири-бирибизге жакшылык тилегенден дурусу жок бу дүйнөдө. Анаргүл аспирантурага өтүп алсын. Каршы болбо.

Му кт а р. Каршы болууга акым да жок!.. Бирок да...

М а й с а л б ү б ү. *(Күлүп)* Айтчы, Муктар жан, деги «бирок» суз жүрөр күнүң болобу сенин?!.

М у к т а р.Майсалбүбү эже! Аспирантурага болобу же башка жерге болобу, кайда болбосун таланттуу кишилерге гана жол берилиши керек. Ал эми биз болсок, чоң-чоң авторитеттерди издеп... илик-жарматтарды териштирип... жолдош-жоролорго кадырыбызды салып... ошолордун жардамы менен капкайдагы бир кеңкелестерге эшик ачууга болбойт. Бул жат көрүнүш. Мен мындайга каршымын!.. Өлөр-өлгөнчө каршымын...

М а й с а л б ү б ү. *(Күлүмсүрөп)* Кайда болбосун таланттууларга гана жол берилиши керек!.. Бул сөздү көп айтабыз... Көп жазабыз... Бирок илик-жармат болбосо, жолдош-жоро болбосо...Өзүң айткандай чоң-чоң авторитет болбосо... талант дегениң... он талант болсо да эчтемеге өтпөй калды!

М е д е т о в. *(Столду муштап)* Туура! Майсалбүбү Чойбековна туура айтты. *(Столду дагы муштап)* Кудай урсун, туура!

К е р к и б а ш ев. Календар Медетович!

М е д е т о в. Кечиресиз, Боргемик Керкибашевич, Майсалбүбү Чойбековна абдан туура айтты. Анын тууралыгын мен өзүм көрүп отурам.

К е р к и б а ш е в. Календер Медетович! Акылды ичиш болбойт!

М а й с а л б ү б ү. *(Мурдагы калыбында үңкүйгөн Медетовду карап, башын чайкайт)* Трагедия!

Т ү л к ү б а е в. Оңолбой калды!

К е р к и б а ш е в. *(Шагия менен Анаргүлдү эка жагына алып күлүмсүрөй)* Адам баласынын өмүрү бүт бойдон талаш-тартыш... Жада калса кечеде да ошол... Ананкийин, чачың эмнеге бат эле агарып кеткен деп таң калышат (*терең күрсүнүп*). Турмуш! Турмуш! (*Колун силкип*) А, талашы да курсунчу... Бүгүнчө коё туралычы деги!

М е д е т о в. *(Өзүнчө)* Адилет адамдардын ден соолугу үчүн!

Медетов иче баштаганда, сырттан коңгуроо угулат.

Б е к е т. Кечиресиздер (*эшикти ачып*) О, Шакий Үсөновна! Рахим этиңиз.

Ш а к и й. *(Кирип)* Саламатсыздарбы.

Б е к е т. Жолдоштор! Менин кошунам Шакий Үсөновна... Үйүбүздүн ортосунда көчө гана бар... Мына бул дасторкондун ээси ушул киши! Таанышып алыңыздар.

К е р к и б а ш е в. *(Шакийге кол берип)* Керкибашев. Дасторконуңуз мүүнсүз жасалыптыр...

Ш а к и й. Ыракмат, агай...

К е р к и б а ш е в. Нары даамдуу, нары кооз!.. Дасторконду жасай билүүнүн өзү... бул эң чоң искусство!.. Бизди абдан кубантып койдуңуз.

М а й с а л б ү б ү. Боргемик! На одну минуточку, милый!

К е р к и б а ш е в. Баратам жанбиргем.

*Шакий калган меймандар менен таанышып, сүйлөшө баштайт.*

М а й с а л б ү б ү. *(Күйөөсүнө)* Эмне шыйпаңдайсың, тээбереки албарстыга?!

К е р к и б а ш е в. Кызыбыздай болгон немеге... Уят минткениң!..

М а й с а лб ү б ү. *(Күйөөсүн колго чаап)* Кызыбыздай болгон деп... Кызыбыз десе эле Майсакеңдин кыраакылыгы мокой түшөт дейсиң го! Кызыбыз деп коюу... Это давно известный прием!

К е р к и б а ш е в. Жанбиргем!

М а й с а л б ү б ү: Унчукпа! *(Нары кетмекчи болгон күйөөсүн этегинен тартып)* Кылтыңдаган бирөөнү көрсөң чүлүкчө ийилип, сүлүкчө жабыша каласың... Шашпагын, баатыр акеси, бүгүн түнү мясорубкадан гана өткөрөм!

К е р к и б а ш е в. Өтө эле азоосуң ээ жанбиргем!

М айс а л б ү б ү. Ты смотри у меня! Жөн элеби... чыкыйыңа гана коно калам!

Ке р к и б а ш е в. Элдер карап жатат!

М а й с а л б ү б ү. *(Күйөөсүн колтуктап, эркелеткендей жаркын мүнөз менен)* Муктардын бир сөзү жагып калды... *(бөлмөнү айландыра карап)* *Жакшынакай хозяйка керек (Топ ичинде туруп, бирдеңкелерди айтып күлдүрүп жаткан Түлкүбаевге)* Эч качан зериктирбейсиң. Ты просто мировой парень!

Шакий. Кечиресиз эже. Мен кухняга барайын.

М ай с а л б ү б ү. А деп көргөндө эле көңүлүмө толдуң. Барагой, маралдай керилген секет болоюнум. (*Шакий кухняга кирет. Майсалбүбү анын соңунан)* Албарсты! *(Колунда гитара кармап, балкон тарапта турган Муктардын жанына барып)* Муктар жан!

М у к т а р. Эмне дейсиз, Майсалбүбү эже?..

М а й с а л б ү б ү. Гитарада кыйын ойночу элең... Кыйыктанба садага болоюнум... ойноп берчи.

М у к т а р. Сиз сурагандан кийин эмнеге кыйыктанмак элем, эже!

М а й с а л б ү б ү. Жок, жок, бери Шагия жеңең экөөбүздүн ортобузга, отура кой.

*Муктар гитарада ойнойт. Алдына этек байланып, Шакий кирет.*

Ш а к и й. *(Бекетке)* Керкибашев агайга айтып койсоңуз дурусболор эле...

Б е к е т. Андан камырабаңыз, Шакий Үсөновна. Ал киши менин тилимден чыкпайт.

Ш а к и й. Ыракмат...

Бош тарелкаларды алып кухняга кетет.

Б е к е т. *(Ойлуу турган Керкибашевдин жанына барып)* Азыр сиз менен таанышкан аял...

К е р к и б а ш е в. Кыскараак!

Б е к е т. Иш издеп жүрүптүр. Кесиби секретарь машинистка... стенографияны да, дурус билет экен...

К е р к и б а ш е в. Бош орун жок. Айтып кой ошентип.

Б е к е т. Сураштырып көрсөм, бизге тууган болот экен ал киши...

К е р к и б а ш е в. Тууган болсо эмне кыл дейсиң? Тууган деп... Мен тууган-пууган дегенди билбейм. Билгим да келбейт!

Б е к е т. Кээде тууган дегенде эрип кетесиз, бүгүн болсо минтип... Кандай адам экениңизди түшүнбөй койдум!

К е р к и б а ш е в. Туура айттың, Бекет. Кандай адам экенимди сен тургай, мен өзүм да түшүнбөй баратам. Болду!

М а й с а л б ү б ү. *(Күрсүнүп)* Ойногонуң өтө эле муңдуу... ичинде муң бар окшобойбу, Муктар жан.

К е р к и б а ш е в. Жалгыз эле Муктарда дейсиңби. Бардыгыбыздын муңубуз бар.

М а й с а л б ү б ү. *(Аргасыздан күлүмсүрөй)* Мен түшүнбөй калдым?

К е р к и б а ш е в. *(аялынын сөзүн укмаксан болуп)*. Албетте, сен Иванов-Крамской эмессиң дечи...

М у к т а р. Болушум да мүмкүн эмес.

К е р к и б а ш е в. Анетсе да мени кубандырган бир жери,бар...сезгич адамсың... Музыканы да, башканы да кылдат туюнасың.

М а й с а л б ү б ү. Кечебиз сууп кетти го, жолдош тамада!

К е р к и б а ш е в. Ооба, ооба. Урматтуу меймандар! Менин жанбиргем айткандай, кечебиз сууп кетти өңдөнөт. Эми кайрадан кызытыш керек болуп калды. Андайга жарачу азаматтардан ким бар болду экен... О, табылды!.. Жол башкармасынын жабдуу бөлүмунун кызматкери жолдош Түлкүбаевге сөз беребиз.

М а й с а л б ү б ү. *(Кол чаап)* Браво, Түлкүбаев, браво!

Т ү л к ү б а е в. *(Тамагын жасап)* Хм... хм... Биз, жабдуу кызматкерлери практичный элбиз, сөзгө чоркокпуз, Көп учурда, сөзүбүздү баштап келатып аягына чыкпай калабыз...

*Ошол учурда сырттан коңгуроо угулуп, Бекет эшик ачат, Сабыр кирет.*

С а б ы р. Саламасыздарбы!

Б ек е т. СабырАсылкеримович!

М а й с а л б ү б ү. Сабыштай! (*Сабырды кучактап, өөп-жыттап, көзүн сүртө)* Сабыштай менен аман-эсен жүз көрүштүрдү... ыраазымын теңириме!.. Эмне турасың, Сабыштай, көрүшпөйсүңбү байкең менен. *(Муктарга)* Агайыңдын эки ата өткөн иниси болот.

К е р к и б а ш е в. *(Сабыр менен айкашып)* Каракташарыбызга аз эле калган экенбиз... Көрүшпөгөнүбүзгө он жыл болду, ээ? Он жыл... он жыл!..

С а б ы р. Ооба, байке. Он жыл дегениң он күн эмес! *(Бекеттин колун кысып)* Жигит! Бүркүт!

А н а р г ү л. Жакшысызбы, Сабыр агай.

С а б ы р. Анаргүл?! Пай, пай, пай!.. Кечээ эле илмийген кип-кичинекей кыз элең… эми карасаң… Мезгил!.. Мезгил!.. *(Шагияга кол берип)* Саламатсызбы, Шагия Акматовна. Мен билгенден эле көп сүйлөбөйт элеңиз. Чынын айтсам, үнүңүздүн кандай экенин унутуп да калдым. Сөзүңүздү унутканым жок.

М а й с а л б ү б ү. Кантип унутмак элең, садага болоюн. Шагияны өз атынан чакырганыбызга аз эле болбодубу. Мурда, ботокөз дечү эмес белек баарыбыз тең.

С а б ы р. Туура айтасыз, жеңе.

К е р к и б а ш е в. Таанышып алгыла, Сабыр. Инженер Муктар.

С а б ы р. Муктар?.. Бекеттин мушташта тапкан досу ким деп жүрсөм, сен турбайсыңбы? *(Муктардын колун кысып)* Баламдай көрөм деп, сен туурасында байкем көп жазчу… Кана эмесе, таанышканыбыз үчүн…

М а й с а л б ү б ү. Сабыштай, бери менин жаныма келчи!

С а б ы р. Өзгөрүлбөпсүз!

М а й с а л б ү б ү. Кайталап койчу. Байкең уксун.

С а б ы р. Мактоону мурдагыдай эле жакшы көрөт окшойсуз, ээ, жеңе?

М а й са л б ү б ү. А сенчи? Жаман көрөсүңбү?!

К е р к и б а ш е в. Түлкүбаев!

Т ү л к ү б а е в. А-у!

К е р к и б а ш е в. Кайдасың?

Т ү л к ү б а е в. Мындамын, агай.

К е р к и б а ш е в. Меймандардын чөйчөктөрүнө көз салышың керек эле да…

Т ү л кү б а ев. Бардыгы тең мелт-калт…

К е р к и б а ш е в. Менин чөйчөгүм бош турбайбы…

Т ү л к ү б а е в. Кечиресиз, агай. Сиздин чейчөгүңүздү Майсалбүбү жеңем дайыма өзү толтурчу эле… Ошондуктан даай албаганым чын…

К е р к и б а ш е в. *(жыргап күлүп)* Эх, шайтан!.. (*рюмкасына коньяктан куюп*) Сабыр менен аман эсен жүз көрүшкөнүбүзгө көтөрүп коёлу! Кана, жан биргем!

М а й с а л б ү б ү. Сабыштайым келгенде ичпегенде качан ичет элем. Туулуп-өскөн жериң менен агайын-тууганыңды унутпай бат-бат келип, кубантып жүрүшүң үчүн!.. Жакында кетпейсиңби деги?

С а б ы р. Тар-Капчыгай бүтмөйүнчө эч кайда кетпейм. Мени курулушка начальник кылып жиберишти.

К е р к и б а ш е в. Сениби!?

С а б ы р. Таң калып жатасызбы?

К е р к и б а ш е в. Эмнеге таң калмак элем!.. Курулуштун начальнигинин аты-жөнү ким десем, Чеңгелевдин айтпай койгонунун себеби ушу турбайбы... Ай, шайтан десе!.. Баса, долбоор менен тааныша алдыңбы?

С а б ы р. Тааныштым.

К е р к и б а ш е в. Кандай?

М а й с а л б ү бү. *(Аргасыз күлүмсүрөй)* Айтчы, байкеси, биз эмнеге келдик, конуш майлагангабы же долбоор талкуулагангабы?

К е р к и б а ш е в. Туура замечаниеге айла барбы!.. Кана эмесе, Сабыр. Сенин ден соолугуң үчүн!

М а й с а л б ү б ү.*(ичип)* Тамактан алсаң, Сабыштай.

С а б ы р. Силердикине барсам... Маржаке чоң кыз болуп калган турбайбы... Бир жигит менен отуруптур...

М а й с а л б ү б ү. Жигит менен?.. Кандай жигит менен?! Кайдагы жигит менен?!.

С а б ы р. Кадимкидей эле жигит... алар менен отуруп тоюп келдим.

К е р к и б а ш е в. Урматтуу меймандар! Каршы болбосоңуздар балконго чыксак, таза абадан көкүрөктү кере-кере дем алып дегендей...

Б е к е т. Сонун идея!

К е р к и б а ш е в. Канакей, жанбиргем!

Мукт а р. А н а р г ү л!

А н а р г ү л. Эсиңде болсун, Муктар! Менин атымдан сүйлөгөн кишини жаман көрөм!

М а й с а л б ү б ү. *(Шагия менен Анаргүлдү колтуктап)*

Жайлоонун жашыл гүлүндөй,
Гүл калмак беле күбүлбөй.
Жаш кезиңде ойноп күл,
Жаш өмүр өтөт билинбей…

*Бөлмөдө Муктар менен Медетов калат. Муктар ачылуу терезеден шаарды карайт, жапыс орундукта отурган Медетов ойго чөмүлгөндөй жаагын таянып, жер тиктейт. Балконго бараткан Сабыр кайра кайрылып, Муктарга барат.*

С а б ы р. Кечиресиң, Муктар…

М у к т а р. Сиз Боргемик Керкибашевичтин эки ата өткөн иниси болот турбайсызбы?

С а б ы р. Муну эмнеге сурадың?

М у к т а р. Жөн эле. Айып, этпеңиз.

С а б ы р. Мында келерден мурда, талкуунун стенограммалык отчёту менен таанышып чыктым. Бекеттин долбоору тууразында бир топ пикир айткан экенсиң. Ошол жөнүндө сүйлөшсөкпү дедим эле… Бүгүн эмес, албетте…

М у к т а р. *(Сынагандай тиктеп)* Менимче кереги жок.

С а б ы р. Эмне үчүн кереги жок?! Кереги бар. Абдан эле кереги бар (Муктарды өзүнө каратып) Кежирлик, кылбагын, Муктар. Баары бир ой-боюңа койбойм. Сүйлөшөм дегенден кийин баары бир сүйлөшөм (күлүп). Мен адам баласынын уйгагымын… Дагы бир айтарым – мен Тар-Капчыгайдай жолдордун далайын курдургам.

*Сабыр балконго чыгат. Медетов ордунан туруп, Муктарды көздөй теңселе басат.*

М е д е т о в. Ширеңкең барбы?

Муктар. Күзгүгө барып караныңызчы, эмнеге окшойсуз деги?

М е д е т о в. Күзгүсүз эле көрүп турам. Мен адилетсиздиктен күйгөн адамга, окшойм!

М у к т а р. Жаман көрбөңүз, Календер Медетович. Ашыгыраак ичип койгон көрүнөсүз. Үйүңүзгө батыраак кетиңиз, уят, өзүңүз месткомдун председатели болсоңуз, эл эмне дейт?

М е д ет о в, Биз майлап жаткан конуш… Так ушу заңгыраган бөлмөлөр мага тиймек болучу. Жолдош Керкибашев болсо, Бекет кайнисине шарт дегизе берди да койду!

М у к т а р. Кантип?.. Бул квартира сизге тиймек беле?!

М е д е т о в. Ооба. Очередь боюнча мага тиймек болучу!.. Жо-ок, жолдош Керкибашев адилет болбой баратат! *(Папиросту үстөмөндөтө тартып )* Ушул эле дейсиңби?.. Кийинки кезде местком менен акылдашуу дегенди койду… Бүгүн бирөөнү бошотсо, эртең бирөөнү бошотуп, айтор, өз билгенин эле кылып жатат.

М у к т а р. А сиз эмне үчүн унчукпай жүрөсүз?

М е д е т о в. Эки жолу кирип айттым. Экөөндө тең урушту, кабинетинен кууп чыкты.

М у к т а р. Бизде месткомдун чогулушу бар… андан калса партиянын чогулушу бар… Эмне үчүн аларга маселе койбойсуз?

М е д е т о в. Ой, бо-ай! Эмне үчүн маселе койбойсуң деп… Керкибашев деген ким, мен ким?.. Керкибашев деген дөө, агайын-тууганы, жолдош-жоросу көп, байла-

нышы чоң авторитети бар… мен болсом, мен бир шордуумун да!

М у к т а р. Адам деп жүрсөм, жаткан коркок турбайсызбы?

М е д е т о в. Туура, Муктар, туура. Мен коркокмун, мага окшоп сегиз балалуу болсоң, аялың иштебесе, турган үйүң деникиндей болсо көрөр элем коркок болбогонуңду?!.

*Алмаз кирет.*

А л м а з. Муктар агай!

М у к т а р. Эмне болду, Алмаз?

А л м а з. Апамдын жүрөк оорусу кармап, клиникага алын кетишти.

Муктар менен Алмаз чыгат.

М е д е т о в. *(Күрсүнүп)* Адам болгон сон, адамды издейт экенсиң. Адамды тапсаң жакшы, таппасаң жаман!

Медетов кетет. Пауза. Балкон тараптан Бекет менен Анаргүл кирет.

Б е к е т. Ошентип, эртең кечинде театрга бара турган болдук.

А н а р г ү л. Муктар үчөөбүз.

Б е к е т. Муктар үчөөбүзбү?!. Жакшы болот. Анда эмесе мен Муктарга айтып коёюн.

А н а р г ү л.Убара болбо, Бекет. Муктарга мен өзүм айтам да.

Б е к е т. Сен өзүңбү?! Мейлиң, Анаргүл, сен өзүң айтсаң андан бетер жакшы болот.

Шагия менен Сабырды колтуктап Майсалбүбү кирет. Алардын соңунда Керкибашев жана башка меймандар.

М а й с а л б ү б ү. Жайлоонун жашыл гүлүндөй, Гүл калмак беле күбүлбөй… (*Анаргүл менен Бекетти көрүп*) Ах, жыргал күн, ай… Таалайдын буусуна мас болгондон мен шордуунун башы эңги-деңги!.. Эңги-деңги..

К е р к и б а ш е в. Түлкүбаев!

Т ү л к ү б а е в. А-у!

К е р к и б а ш е в. Муктар көрүнбөйт да...

М а й с а л б ү б ү. Баягы Медетов деген немең да жок... Мына кызык!

К е р к и б а ш е в. Көчөгө чыгышкандыр. Чакырып кел. Тез! *(Түлкүбаев жүгүрүп чыгат. Керкибашев Шагыяга кайрылып)* Быйыл кайда эс алсак дейсиңер, Шагыя жан?

Ш а г ы я. Быйыл Старая Рузага барып келсемби дейм...

К е р к и б а ш е в. Подмосковьеге барам дечи?.. Ооба, ооба. Кутуке так ошо Руза дариясындагы салгылашууда курман болбоду беле!.. Согуш башталганда ал экөөбүз бирге кеттик. Биз анда жаш элек!.. Кутуке келбей калды!.. А мен болсом Будапешттен жарадар болуп кайттым... Дүйнө жүзүн титиреткен улуу алаамат эч качан болбогон шекилдүү жашап жүрөм!..

*Түлкүбаев жүгүрүп кирет.*

Т ү л к ү б а е в. Вот это номер! Экөө тең жок. Эч кайда жок.

К е р к и б а ш е в. Медетов кетсе го жөн. Муктардын кетип калышы кандай?

М а й са л б ү б ү.. Ал өтө эле чаң тийбес. Таарынткан жок белең, Бекетбай?

Б е к е т. Сөз айтсам эмне дейсиз, эже.

М а й с а л б ү б ү. Тогда, это чистейшее безобразие!..

С а б ы р. Жеңе!

М а й с а л б ү б ү. Эмне дейсиң, Сабыштай?

С а б ы р. Мүмкүн, анын кетип калышынын себеби бардыр?

М а й с а л б ү б ү. Кандайча себеп?.. Себеби болсо айтып кетиши керек эле да.

Б е к е т. Туура айтасыз, эже. Акыры, адам баласында элементардык этика болушу керек эмеспи.

Т ү л к ү б а е в. Туугандар!.. Мен билдим.

М а й с а л б ү б ү. Эмнени?

Т ү л к ү б а е в. Инженер Муктардын кетип калышына Медетов себепчи болду.

М а й с а л б ү б ү. Кандайча?

Т ү л к ү б а е в. Адамдарды чабыштырганга уста.

Ш а г ы я. Менимче, Медетов андайлардан эмес.

Т ү л к ү б а е в. Кечиресиз, Шагия Ахматовна, сиз аны билбейсиз да.

М а й с а л б ү б ү. Жолдош Түлкүбаев прав. Медетов адамдарды чабыштырганга уста.

Б е к е т. Мен да бир нече ирет байкаган элем. Антиш Медетовдун колунан келет.

М а й с а л б ү б ү. Сөзсүз келет!.. Мен аны билем!

К е р к и б а ш е в. Сабыр эткилечи, жолдоштор!!. Көз менен көрүп, кулак менен укпаган соң, тигиндей-мындай деп божомолдоо жарабайт. Албетте, Муктардын айтпай кеткени жакшы эмес. Ошентсе да, Муктарды кетти деп кечебизди токтотуп коймок белек?!, Баары бир, турмуштун агымын эч кимибиз токтото албайбыз. Түлкүбаев!..

Т ү л к ү б а е в. А-у!

К ер к и б а ш е в. Музыка койгун. Сүлкүлдөйлү!

Т ү л к ү б а е в. Ошентели, агай *(кухня тарапты карап)* Кеттик эмесе.

***Экинчи сүрөт***

*Муктар турган үйдүн короосу. Күн батып бараткан маал. Кызгылтым нурлар бак баштарына кыйыр чагылат. Беседкада Сабыр менен Муктар.*

С а б ы р. Адилеттик деген өзүнөн-өзү келбейт. Адилеттик үчүн күрөшүү керек. Ооба, Муктар, күрөшүү керек.. А сен болсоң... ырасын айтсам, алсыз кишилерди жаман көрөм.

М у к т а р. *(Күлүмсүрөп)* Алсыз киши!.. Сиз эмне, алсыз киши деп ойлойсузбу мени?

С а б ы р. (Тигиле карап) Бекеттин долбоору чийки бойдон кабыл алынды деп айтыптырсың, ыраспы?

М у к т а р. Ырас.

С а б ы р. Андай болсо, эмнеге четке чыга бересиң?.. Өз пикириңдин ырастыгына ишенсең, күрөшүүң керек эле!.. Акыр-аягына чейин күрөшүүң керек эле!..

М у к т а р. Бир нерсени эске албай жатасыз, Сабыр Асылкеримович.

С а б ы р. Эмнени?

М у к т а р. Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө дегендей, менин өзүмдүн пикирим өзүмө ай көрүнөт. Бирок... менден башкалар да, бар эмеспи. Мисалы, жолдош Керкибашевди алсак... Тажрыйбалуу жетекчи, таланттуу инженер... Эми ошо киши өзү баш болуп, Бекеттин долбоорун бир добуштан кабыл алышса... алардыкы такыр туура эмес, меники эле туура, деп көкүрөгүмдү койгулай берсем... Мен анте албайм. Мен Бекеттин долбоорун кайра-кайра карап, ойлонуп жатам. Чынын айтсам, өзүмдү өзүм текшерип жатам,.

С а б ы р. Болуптур эмесе. Бүгүнчө жетишет. Мен ансыз да үгүт-насаатты көп айтып жибердим окшойт. Ошентип, эртең таң заардан Тар-Капчыгайга жөнөйбүз. Сүйлөштүкпү?

М у к т а р. Сүйлөштүк, СабырАсылкеримович.

С а б ы р. Баса, балык уулаганга кандайсың?

М у к т а р. Мен футболду жакшы көрөм. Анда кандайдыр укмуштуу динамика бар... алга карай умтулуу бар...

С а б ы р. Улан кезимде волейболго көп кызыкчу элем... Ал кез алыс-алыс калды! Канча балаң бар?

М у к т а р. Бойдокмун, Сабыр Асылкеримович.

С а б ы р. Эчтеке эмес. Жашсың. Жалгыздык улгайган кишиге гана жаман! *(Күрсүнүп)* Кызым экөөбүз мамабыздан айрылганыбызга сегиз жылга, аяк басты! *(Асманды тиктеп)* Балдар айткандай, реактишка учуп жүрөт.

М у к т а р. Чай кайнап калды, СабырАсылкеримович.

С а б ы р. Келинчегиң кайнаткан чайдан ичем.

М у к т а р. Узак күтүп каласыз го.

С а б ы р. Мен чыдамкай кишимин.

М у кт а р. Жакшы барыңыз.

*Эки колун аркасына алып Медетов кирет.*

С а б ы р. Саламатсызбы, Календер Медетович. *Медетов өйдө карабастан башын ийкейт. Сабыр чыгат.*

М е д е т о в. Келе бопоросуңдан.

М у кт а р. *(Сигарета берип)* Тескери тиштеп алдыңыз.

М е д е т о в. Маа тескери болсо да боло берет.

М у к т а р. И, тескери жаралган жанга албетте, боло берет да.

М е д е т о в. Эмне?!

М у к т а р. Мурутуңуз күйдү!

М е д е т о в. Күймөктөн өрттөнүп кетсин! (*Жүрөгүн кармайт*).

М у к т а р. Жүрөгүңүз ооруп жатабы?!

М е д е т о в. Болору болду!..

М у к т а р. Эмне болду? Айтыңызчы, Календер Медетович?

М е д е т о в. Мен жолдош Керкибашев менен шылышып чыктым. Шылышканда да аябай шылыштым!..

М у к т а р. Ко-ош?

М е д е т о в. Мындан бир аз эле мурда Быржыбай, Какумбек деген эки кайнисин автобуска шофер кылып алдырткан. Алары жаткан пиянкеч экен. Иштегендерине бир жума болбой жатып милицияга түшүп калыптыр. Эми ошолор жөнүндө сүйлөшөйүн деп барсам... Жоок, башкасын кечирсем да, жолдош Керкибашевдин мунусун кечирүүгө болбойт!.. Ал өзүнүн секретары Апинаны кызматтан бошотуп салыптыр.

М у к т а р. Апина эжениби? Кантип?.. Качан?.. Кандай себеп менен?!.

М е д е т о в. Баягы Бекеттин үйүндөгү Шакий деген сулуу аялды көрдүң беле?! И, ошо. Ал Майсалбүбүнүн сиңдилери болот экен. Жолдош Керкибашев ошого орун бошотуптур.

М у к т а р. Бул жеткен итчилик!

М е д е т о в. Өзүм жөнүндө болсо го мейли эле..Апинаны бошотот деген эмне жорук?! Көп балалуу жесир аял болсо... Барөөгө жамандыгы жок, менден бешбетер, кудайдын момуну болсо... Чыдай албадым. Жолдош Керкибашевге айтпагандын баарын айттым... Жөн эле бар эмеспи, жарылып кеттим! *(Сигаретасын күйгүзүп)* Акырында жолдош Керкибашев үндөй алган жок, көзүн алайтып эле отуруп калды! *(Күрсүнүп)* Кийинчерээк. боорум ооруп калды.

М у к т а р. Кимге?

М е д е т о в. Кимге болмок эле? Жолдош Керкибашевге. Э-эй, мен бир жанмын да. Анда-санда, бирөөгө күрсүлдөп алып, анан кайра кейип калам... Келе бопоросуңдан, жүрөгүм катуу ооруп турат.

М у к т а р. Жүрөгүңүз ооруса чегүүгө болбойт.

М е д е т о в. Адам бопоростон өлбөйт. Адилетсиздиктен өлөт. Келебери.

Му кт а р. Бербейм.

Медетов. И, бербесең бербе.

Муктар. Бербейм эле.

*Алмаз ырдап кирет.*

Алмаз.

Жашыл вагон келерде,
Жандап басып караймын.
Жароокерим сүйгөнүм, ий,
Келсе экен деп самаймын.
О-ой, и-ий,
Келсе экен деп самаймын...

*(Муктарга)* Мен клиникага бардым, Муктар агай. Апам сизге салам айтты.

Мухтар. Саламат болсун. Акыбалы кандай?

Алмаз. Жакшы болуп калыптыр. Саламатсызбы, Календер аке. *(Медетов жер карап унчукпайт)* Түшүнүктүү. Дагы чокушуп калган экенсиңер, ээ!.. Ай, ушу силерди кантем деги? *(Ойлоно калып)* Азыр кубантам экөөңдү тең. Кубантайынбы?.. *(Экөөнүн ортосуна отуруп)* Мен ашык болуп калдым!.. Кубандыңарбы же жокпу?.. Айткыла дейм, болбосо бар эмеспи...

Медетов. Кызыңдын аты ким?

Алмаз. Ой, бой, Календер аке, айтып не кыласың. Ал өзү таңкы ачылган роза, көлдө сүзгөн ак куу... Бир гана жери, жеңеси аябай коркутуп салыптыр.

Медетов. Эмне деп?

Алмаз. Атасы жок өскөн ээнбаш бала менен бассаң шыйрагыңды үзөм деп. Биз ага карабай эле жолугушуп жатабыз.

Медетов. Азаматсың!.. Баса, акы алсаң да айтчы, аты ким колуктуңдун?

Алмаз. Маржаке.

Медетов. Жолдош Керкибашевдин карындашыбы?!

А л м а з. Ооба. Тар-Капчыгайга алып кетем. Ошо жердеги ашканада иштеймин деп жүрөт. А мен болсом сүрөт тартамын.

М е д е т о в. *(ордунан туруп)* Тилимди ал, Алмаз, үйлөнбө Маржакеге! Анын агасы жолдош Керкибашев деген... Ал бар эмеспи. (жүрөгүн басып) Кургурдун жүрөгү ай...

М у к т а р. Эс ала туруңузчу, Календер аке, мен такси чакырайын.

М е д е т о в. Жөн эле кой, Муктар. Менин жүрөгүмдүкү көнүмүш болуп калды. Жөн эле басып кетем аба жутуп... Апинагада кайрыла кетишим керек.

М у к т а р. Менден салам айтып коюңуз ал кишиге. Мен эртең жолугам.

М е д е т о в. *(Алмазга)* Жанагы айтканымды эсиңден чыгарба!.. Мен жакшылык тилеп жатам сага. Аларга күйөө болсоң, алар менен кошулуп сен да бузуласың.

*Сахнада Мухтар менен Алмаз калат.*

А л м а з. Бул киши эмне дейт, Муктар агай?

Муктар. Ай, Календер акем айта берет да. Колуңдан келсе Маржакеге батыраак үйлөн. Маржаке жакшы кыз. Болуптур эмесе. Мен иштейин.

Ал м а з. Барыңыз, Муктар агай. Мен бакты сугарам.

Муктар үйгө кирет. Айлана күүгүм тартат. Алмаз күрөк алып, бакты көздөй басканда алдынан Анаргүл чыгат.

А л м а з. Анаргүл эже!.. Келип калдыңызбы?

А н а р г ү л. Театрга барайын деп шашып үйгө келсем, Муктар ооруп калды деп кат жазып кетипсиң.Акыбалы кандай?

А л м а з. Кимдин?

А н а р г ү л. Кимдин болмок эле! Муктардын акыбалын сурап жатам.

А л м а з. А, Муктар агайдын акыбалы деңиз. Кандай десем? Өтө эле кыйын го, Анаргүл эже.

А н а р г ү л. Мен кирип чыгайын, макулбу?

А л м а з. Жок. Шаардагы профессорлордон бирөө калбай келди. Үстүнө жан киргизүүгө болбойт имиш.

А н а р г ү л. Ошондойбу?! А эмне үчүн клиникага алышкан жок?

А л м а з. Ордунан козголтууга болбойт экен.

А н а р г ү л. Диагнозу эмне дейт?

А л м а з. Таппай коюшту. Мындай оору дүйнөлүк медиңина практикасында болгон эмес дешет. Токтоңуз, Анаргүл эже! Муктар агайдын жанында жаш врач отурат дежурить этип…

А н а р г ү л. Эмнеге унчукпай калдың, сүйлөчү Алмаз?

А л м а з. Чиш-ш, акырын, Анаргүл эже! Жаш врачты, эптеп чакырып чыгайын. Сиз сүйлөшсөңүз, балким, түшүндүрүп берер. Ал тургай, диагнозун айтышы да мүмкүн. Бир гана шарт, кабагыңызды салбай жайдары сүйлөшүңүз. Мээримдүү болуңуз. Ошондойду жакшы көргөн врач окшойт. Макулбу?

А н а р г ү л. Макул, Алмаз макул.

А л м а з. Андай болсо, сирендин нары жагына жашынып туруңуз.

А н а р г ү л. Анын эмне кереги бар?

А л м а з. Муктар агайга жакшылык тилесеңиз тилимди алыңыз. Үйдө сизди тааныган сестралар отурат. Жаш Врач менен сүйлөшүп турганыдызды көрүп, Анаргүл деп кыйкырып жиберишсе, Муктар агай угуп койбойбу. Сиз жөнүндө эчтеме укпашы керек ал киши болбосо каны бузулуп… түшүнүп жатасызбы деги?

А н а р г ү л. Түшүндүм, Алмаз.

А л м а з. Болуңуз анда. Мен келмейинче чыкпаңыз.

*Анаргүл, калың сирендин нары жагына өтөт. Алмаз үйгө кирет.Муктарды ээрчитип чыгат.*

Алмаз. *(Муктарга)* Чиш-и! Акырын, Муктар агай. Жана кубантам дебедим беле. Аным тамаша болучу. Азыр чындап кубантам.

М у к т а р. Кантип?

А л м а з. Аны айтуудан мурда, бир иш бүтүрүшүңүз карек. Чоң иш...

М у к т а р. Ай, ушу сен... Болуптур эми, эмне кылайын?

А л м а з. Мен мобу сиренди айланып качам, сиз кууп жетип алыңыз. Чиш-ш! Акырын Сүйлөөгө болбойт. Жүгүргөндө бутуңуздун учу менен жүгүрүңүз. Шырп алдырмай жок. Күлүүгө да болбойт. Күлсөк кийин күлөбүз.

М у к т а р. Ошол элеби?

А л м а з. Оңой көрүп жатасыз го, ээ?

М у к т а р. Качкын эмесе.

А л м а з. Шашпаңыз. Сиренге жете берерде качырыңыз.

*МуктарАлмаздын соңунан кууп, сирендин нары жагында турган Анаргүлдү кармайт. Алмаз буйт берип, бактагы караңгылыкка житип кетет.*

М у к та р. *(Анаргүлдү колунан тартып, каткырып күлө)* Иттин гана баласы десе! Куушмай ойногуң бар, ээ! Кана, эмне айтмакчы элең, айт, болбосо бар го... (*Артына карап, Алмаздын ордуна Анаргүлдү көрүп*) Анаргүл?!

А н а р г ү л. Муктар?! Ырастан эле Муктарсыңбы же... Бери карачы!

М у к т а р. Эмне, окшобой жатамбы?

А н а р г ү л. Муктар!.. Менин коркконумду эле кой.

М у к т а р. Эмнеден?

А н а р г ү л. Сени ооруп калды деп.

М у к т а р. Ооруп калды деп? Мен соп-соо элемин. Сары-Жаз жолунун долбоорун иштеп жаткам. Кайсы келжирек айтып жүрөт мени ооруп калды деп?

А л м а з. *(Бак ичинен чыгып)* Алмаз деген келжирек айтып жүрөт.

М у к т а р. Сенби?!

А л м а з. Ачууланбаңыз, Муктар агай. Ооруп калганыңыз чын. Ооба, ооба, талашпай коё туруңуз. Бери караңызчы, Анаргүл эже. Тоого этюдга барып, үйгө келсем, үйдүн ичинде кимдир бирөө ыр окуп жатат… ыйлап жиберчүдөй болуп үнү каргыл…

Көзүмдү ачып карасам,
Көрүнбөйт менин айланам.
Көмүрдөй кара чачыңа,
Көңүлүм менен байланам.
Көпөлөк менмин, сен чырак,
Көкөлөп сага айланам…

Акырын басып барып, терезеден карсам.. Ким деп ойлойсуз? Албетте Муктар агай да! Мени байкаган жок. Сиздин сүрөтүңүздү тиктеп «көпөлөк менмин сен чыракоо, Анаргүл, көкөлөп сага айланам» деп өңгүрөгөндөй болсо…

А н а р г ү л. Чын элеби?

А л м а з. Чын эмей анан, албетте, чын. Сүйүү жагынан менин тажрыйбам чоң эмеспи. Муктар агай болезнимус любовус деген оору менен, башкача айтканда, ашыглык оорусу деген оору менен ооруп калганын дароо сездим. Анан сизди көздөй чаптым.

А н а р г ү л. Ай, Алмаз, ай, тентек элесиң да! Мен ырастан чын көрүп, театрга барбастан мында келбедимби. Бекет күтүп калбадыбы бизди.

А л м а з. Эчтеке эмес, күтсө күтө берсин.

Муктар. Кантип эчтеке эмес? Сенин мунуң...

А л м а з. *(Муктардын сөзүн болуп)* Сенин мунуң! Сенин мунуң!..Бекет Матаевич менен Анаргүл эженин театрга барышын каалабаймын!..

М у к т а р. Алмаз!..

А л м а з. Ооба!.. Сиз өтө эле айкөлсүз... Бардык нерсеге айкөлсүз... Сүйүүгө калганда айкөлдүктүн кереги жок!

М у к т а р. Анар!

А н а р г ү л. Эмне?

М у к т а р. Сен театрга барышың керек. Мүмкүн болушунча, тезирээк!..

А л м а з. Биринчи көшөгөсү бүтүп, экинчиси башталып калды. Кайда бармак эле. Отура бериңиз, Анаргүл эже. Мен азыр чыгам.

М у к т а р. *(Алмаздын соңунан)* Шайтан баскырдын баласы!.. Эми Бекетке эмне деп жооп беребиз?

А н а р г ү л, Билбейм, Муктар.

М у к т а р. Болуптур, кейибе. Анар. Чынын айтсак Бекет түшүнөт... Сөзсүз түшүнөт.

А н а р г ү л. Деги театрдан жолум болбоду быйыл. Өгүнчөрөөк сени менен барарымда да шашылыш жумуш чыгып тоого кетип калдым.

М у к т а р. Мен аябай өкүндүм! А сенчи, Анар?

А н а р г ү л. (*Күлүп)* Мен ал түнү кыштактын өйдө жагындагы бийик аскага чыктым. Театрдын ичинен сени көрөр бекем деп шаар тарапты жакшы эле карадым. Балбылдаган оттон башка эч нарсе көрүнбөдү.

М у к т а р. *(Күлүп)* ошол балбылдаган от менин көзүмдүн оту болучу, Анар. Мен ал түнү премьерага барганым жок. Терезени ачып коюп, сен чыккан асканы карап отургам.

А н а р г ү л. Андай болсо көргөн болушуң керек мени, ыраспы?

М у к т а р. Саамай чачыңдын дилдир эткенинен өйдө көрүп отурдум...

А н а р г ү л. Ушул сөзүңдү менден башка далай эле кыздарга айткандырсың, ээ, Муктар?.. Таарынып калдыңбы?

М у к т а р. Тагдыр көп жолу сыздатты. Анткени менен, бир жолу да таарынганым жок тагдырга! *(Үйдөн чүпүрөккө оролгон бир нерсе көтөрүп Алмаз чыгат)* Бул эмнең?

А л м а з. Кээ бирөөлөр бар. Адамды кейитип, шагын сындырганды жакшы көрүшөт, а мен болсом... колдон келсе кубантканга эмне жетсин. Караңызчы, Анаргүл эже!

А н а р г ү л. Портрет?.. Бул кимдин портрети?

Му кт а р. Бул апамдын портрети!...

А н а р г ү л. Жакшы портрет экен!

А л м а з. Жактыбы?

А н а р г ү л. Абдан.

Му к т а р. Апам өмүрү сүрөткө түшпөптүр!.. Бул портретти менин айтып берүүм боюнча Алмаз жазды. *(Күрсүнүп)* Башкалар унутулса да эненин образы унутулбайт тура, Анар! *(Портретти үңүлө карап)* Шордуу апам! өңү серт, унчукпаган, жалтанчаак кургурум!.. Так өзү!..

А н а р г ү л. Көздөрү жакшынакай экен!..

М у к т а р. Анын көзү таптакыр күлчү эмес... Апамдын колдору чоң, сакмактуу болучу... Атам аларды көргөн сайын, колдоруң кол эмес эле барскан деп мыскылдап... Атамдын мүнөзү катуу, ырайымсыз киши болучу... Апамды көп урушуп, көп урар эле... Ал эми мага болсо... чорлуу алаканы менен жонумду сылаганда, апамдын колу не бир жумшак,не бир назик сезилээр эле!.. *(Портретти бийигирээк коюп)* Анда-санда апамдан сурап калчумун, эмнеге аз күлүп, көп ыйлайсың деп. Анда, апам шордуу менин башымды арык көкүрөгүнө катып,

кулагыма шыбыраар эле: «Сен чоң жигит болгондо, мен көп-көп күлөм, таптакыр ыйлабайм! *(Анаргүлгө жалт бурулуп)* Апам айыптуу болсо бир жөн эле... Мен түшүнөт элем... Бирок айыпсыз адамды эмнеге кордойт, эмнеге кемсинтет?!. *(үнүн басаңдатып)* Атамдын урук-тууганы көп, алдуу-күчтүү киши эле... Апам болсо бир атадан жалгыз, болушары жок алсыз бечера болучу. *(Портретти тиктеп)* Шордуу апам! Өңү серт, унчукпаган, жалтанчаак кургурум! Бирөөгө бир ооз жаман айткан киши эмес эле, Күмүшайдай таза, ак ниет, иштерман ургаачы бу дубанда жок деп көп айтышар айылдагылар! (*Бекет кирет)* Кел, Бекет.

А н а р г ү л. Айып менде болуп калды. Таарынба, Бекет.

А л м а з. Кечиресиз, Анаргүл эже, менин күнөөмдү көтөргөнүңүз болбойт. Бул жолу мен айыптуу болуп калдым, Бекет Матаевич.

Б е к е т. Мен айып койгону келгеним жок, Алмаз. Кимди айыптамак элем?.. Бар болгону бир жарым сааттай театрдын эшигин кайтарып турдум...

А н а р г ү л. Аябай таарынган өңдөнөсүң.

Бекет. Жок, Анаргүл. Кээде, андан да көп күтүүгө туура келет. Баса, Шагия Акматовна биринчи антрактта эле кетип калды.

А н а р г ү л. Эмне үчүн?

Б е к е т. Сураганым жок.

А н а р г ү л. Мен үйгө барайын. Саламатта тургула.

М у к т а р. Жакшы бар, Анар. Эртең жолугушабызбы?

А н а р г ү л. Мен өзүм звонит этем. Жакшы калгыла.

А л м а з. Узатып коёюн, Анаргүл эже. Каршы эмессизби?

А н а р г ү л. *(Алмазды колтуктап)* Каршымын! Каршы болбогондочу!

*Сахнада Муктар менен Бекет калат.*

Б е к е т. Мен ишенбейт элем, Муктар!

М у к т а р. Эмнеге?

Б е ке т. Жакшылыкты, унутат дегенге!

М у к т а р. Эжелешпесек, Бекет.

Б е к е т. Детдомдогу жолдош балаң менен жолдош кызыңды ээрчитип, бүлдүркөн тергени келгениңде, биздин айылдын балдары менен мушташканың эсиңде чыгар, ээ?

М у к т а р. Эсимде, Бекет, эсимде.

Б е к е т. Жолдош балаң качып кетиптир. Ошондо мен келип калбасам, биздин айылдын балдары майып кылып коюшу мүмкүн эле сени. Ыраспы?

М у кт а р. Ырас.

Б е к е т. Жаныңдагы кичинекей кызга тийиштик кылганда, өзүңдөн чоң балдарга кайрат көрсөтүп, кызга болушканың мага жакты. Жанымдай көрүп калдым. Экөөбүз достошуп алдык.

М у к т а р. Ал кыз заводго иштейт. Күйөөсү инженер.

Б е к е т. (*Муктардын сөзүнө назар салбастан*) Таяктын залдарынан беш ай чамасында ооруканада жаттың. Айыкканыңдан кийин атамдарга айтып, детдомдон чыгарттырып алдым. Мен эмне кийсем сен да ошону кийип, мен эмне ичсем сен да ошону ичип, он жылдыкты бүтөрүбүз менен институтка бирге кеттик.

М у к т а р. Азыр да бирге иштеп жатабыз. Мен буга кубанам.

*Пауза.*

Б е к е т. (*Мурдагысындай эле Муктардын сөзүнө назар салбастан*) Апаң өлгөндөн кийин жарым жыл өтпөй атаң эки балалуу жаш аялга үйлөнүп алат, сени болсо бирөөгө кошуп Токмоктогу балдар үйүнө жиберет. *(Тике карап, үнүн көтөрө)* Айтчы, биздин кимибизден

жамандык көрдүң?.. Атамдар, өз баласындай көрүп жалынып-жалбарып... Мен болсом өз бир тууганымдан да артык керчү элем го!.. Эмне, жалганбы?!

*Пауза.*

М у к т а р. Менин өмүр бою тилеп келаткан тилегим бар эле. Мага кылган жакшылытыңарды айтпаса, эскертпесе дээр элем. Силер унчукпаган сайын адамгерчилигиңер ошончолук артып, өзүмдү милдеткор сезип турар элем. Чынын айтайын, сенин сөзүң абдан катуу тийди мага!

Б е к е т. Жакшылыкка жакшылык кылсаң, өмүрү унчукпайт элем. Сен болсоң, жакшылыгыбызды койдуң. Жамандык издеп калдың!

М у к т а р. Бекет!

Б е к е т. Ооба, Муктар! Талкуунун убагында менин долбоорумду жамандап чыктың.

М у к т а р. Мен жамандаганым жок, Бекет. Бар болгону кемчиликтерин гана айттым.

Б е к е т. Укмуш!.. Демек, башкалардын бардыгы көк мээ, жалгыз эле сен акылман турбайсыңбы? Менин долбоорумду ортон колдой адамдар жакташкан!

М у к т а р. Сен ага кубанбагын.

Б е к е т. Анан эмнеге кубанайын? Бекеттин долбоору чийки бойдон кабыл алынды деп ушак жайганыңабы?..

*Пауза*

М у к т а р. Жатыныбыз башка болгону менен экөөбүздүн дилибиз бир... тилегибиз да бир... Экөөбүз жакын адамбыз, Бекет... Уялаштардан да жакынбыз...

Б е к е т. Жалган айтпагын, Муктар. Жакын кишилер деген бирин-бири сатпайт... Сен болсоң, сатып жибердиң мени... Сен кыянаттык кылып, жатасың мага... Көрө албай жатасың...

М у к т а р. *(Кейиштүү)* Ошондой де, Бекет!.. Ортон колдой адамдарыңа кошулуп, чийки долбооруңа алакан

чапсам, жакын адам болмок турбайымбы!.. Кыянатчыл деп кандай адамды айтат, билесиңби?.. Кемчиликти көрүп туруп жашырып койсо, ал аз келгенсип курулай мактаса… сатат деп ошону айтат… кыянаттык деген да ошо!.. Мен андайга баралбайм… Антсем, адам кейпинен ажыраган акмак болор элем!..

Б е к ет. Сен небак эле адам кейпинен ажырап калгансың! Жада калса, менин сүйүүмө да жолтоо болуп, Анаргүлдү көз-көрүнө азгырып жүрөсүң!.. Жалганбы?!..

М у к т а р. Каалаганыңды ал, колумда болсо аябайын. Жолдошчулугубуз үчүн азыркы айткандарыңды да кечирейин. Сүйүүмдү сураба, Анаргүлдү эч кимге бербеймин!

Бе к е т. *(Муктарды жаакка чаап)* Жүзүкара!

Му к т а р. Бул эмне кылганың, Бекет?!..

Б е к е т. Бул башталышы гана!.. Шүмшүк кыламын!.

*Чыгат.*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Үчүнчү сүрөт*

*Керкибашевдин кабинети. Керкибашев жалгыз. Телефон менен сүйлөшүп жатат.*

К е р к и б а ш е в. Андай болсо дурус. Ошентип, техника бүт жеткирилди дечи?.. Эмне, эмне?.. А-а, мен дагы ошо… кишилер менен учурашканда салоом алейкум дештин ордуна, Тар-Капчыгай деп учурашчу болдум. Ооба,ооба… Тар-Капчыгай курулушунун масштабы, анан анын мааниси да ошончолук да… Болуптур эми… угуп кой, бала… курулушту жабдуу жактан кенедей эле кемтик кетирсең бар го… Ну, хорошо, мен өзүм барып текшеремин.

*Шакий кирет.*

Ш а к и й. Кечиресиз, агай.

К е р к и б а ш е в. *(Трубканы илип)* Кел, Шакий.

Ш а к и й. Куттуктаймын, агай...

К е р к и б а ш е в. Эмне менен?

Ш а к и й. Туулган күнүңүз менен. Мынакей... Москвадагы досуңуздан куттуктоо телеграмма келиптир.

К е р к и б а ш е в. Менин канчада экенимди айттырбай эле билип алдым дечи?.. Ыракмат, Шакий, ыракмат.(*Кейиштүү күлүмсүрөп*) Өмүрдүн кетилип баратканына кубануу да кыйын окшобойбу... ишенүү да кыйың өңдөнөт... Баса, Сабырдан дайын жок... ага эмне болду?

Ш а к и й. Билбейм, агай.

К е р к и б а ш е в. Бир күндө эле келе коймок киши эле.

Ш а к и й. Кагаздарга кол койсоңуз агай *(Керкибашев карабай эле кол коё баштайт)* Тескери жакка кол коюп койдуңуз.

К е р к и б а ш е в. Кечирип кой, Шакий. Бир нече күндөн бери табым жокпу, айтор, эмне экенин билбейм *(кагаздарга кол коюп)* Батыраак жөнөтүп жибер.

Ш а к и й. Жакшы болот, агай.

К е р к и б а ш е в. Токточу, Шакий... Сени сырттан окуйт деп уктум.

Ш а к и й. Ооба, агай.

К е р к и б а ш е в. Кичинекей уулуң бар экен... Кыйналасың го...

Ш а к и й. Аргам канча... Кыйналсам да окуйм да.

К е р к и б а ш е в. Кейибе, акетайым. Убакыт керек болсо, уялбай айтып тур. Ал эми каражат жагы болсо... Бизде өз ара жардам кассасы бар, местком бар дегендей... Ойлонуп көрүүгө болот. Башканы таштасаң да окууну таштаба макулбу?

Ш а к и й. Жакшылыгыңызды өлсөм да унутпайм, агай.

К е р к и б а ш е в. Антпегин. Мен эч кандай жакшылык кыла элекмин сага.

Ш а к и й. Сиз азыр жылуу сөз айттыңыз, андай сөздү көптөн бери уга элек болчумун, Андан ашкан жакшылыктын кереги жок мага. Каражатты болсо, мен өзүм табам. Жаш эмесминби, иштегенден чарчабайм.

К е р к и б а ш е в, Абдан жакшы. Баргын эми. Баса, Медетовду чакырып койчу.

Ш а к и й. Жакшы болот.

Т ү л к ү б а е в. Кечиресиз, агай. (*Түлкүбаев кирет. Чыгып бараткан Шакийди карап*) Чакырткан экенсиз.

К е р к и б а ш е в. «Дорснабдын» башчысы айтты, Түлкүбаев деген немени таптакыр эле көрбөйбүз деп… Кайда житип жүрөсүң?..

Т ү л к ү б а е в. Ойноп жүрмөк белем, агай. Жооптуу иштер менен алек болуп…

К е р к и б а ш е в. Кандай жооптуу иштер?

Т ү л к ү б а е в. Майсалбүбү жеңем жумшап жиберди эле…

К е р к и б а ш е в..Эмне дейт?!

Т ү л к ү б а е в. Хозмагга жаңы маркадагы холодильник келген экен…

К е р к и б а ш е в. (*Ачуулу*) Түлкүбаев!.. Токтот бул сөзүңдү!.. Биз Тар-Капчыгайды ойлошубуз керек… Муну көрчү, Майсалбүбү жеңем жумшап жиберди эле деп… Керек болсо өзү таап алсын холодильникти! *(Майсалбүбү кирет. Керкибашев аны байкабайт )* Сен жумушчулардын тамак-ашы жөнүндө ойлошуң керек, уктуңбу?

Т ү л к үб а е в. Агай!

К е р к и б а ш е в. Бөлбө!.. Сен Майсалбүбүнүн кызматкери эмессиң. Мамлекеттик чоң башкарманын жооп-

туу адамдарынын бирисиң. Сенин ордуң Тар-Капчыгайда. Түшүндүңбү?

М а й с а л б ү б ү. Түшүндү!.. Түшүнбөй анан, ушундай эмеспи, жолдош Түлкүбаев?

К е р к и б а ш е в. Майсалбүбү?!

М а й с а л бү б ү. *(Кылыктуу күлүп)* Капырай, тамаша кылганың да элден бөтөнчө. Көзүңдү чанагынан чыгарбачы деги!.. Сен бошсуң, жолдош Түлкүбаев.

Т ү л к ү б а е в. Саламатта болуңуз, Майсалбүбү жеңе, саламатта болуңуз *(чыгат)*.

М а й с а л б ү б ү. Түлкүбаевге эле дейсиңби?.. Мага да түшүнүктүү болуп калды!

К е р к и б а ш е в. Майсалбүбү!

М а й с а л б ү б ү. Замолчи, несчастный... Приемныйыңда да француз духиси... Мен себинбеген франңуз духисин кайдагы бир катчы келин себинет, ээ!.. Дың дебегин!.. Аныңдын көйнөгү менен туфлиси да жаңырып калыптыр... Кайдагы акча, мүмкүн, билээрсиң дейм, а?! Эмне унчукпайсың?! Алган маянаңдан өөнөй албайсың, анткени Майсекең бар. Ал эми мамлекеттин чөнтөгүнөн шахер-махер кылып берип жаткан болсоң... кыңыр иш кырк жылда деген... өкмөт бат эле таап алат... партиядан чыгып, жоопко тартыласың!.. Эмне дулдуясың?! Сенин жүрүм-турумуң да бузулду!

К е р к и б а ш е в. (*Акырын, бирок каардуу*) Мен мамлекеттик мекемеде мамлекеттик иш мепен отурам. Үйгө бар, Майсалбүбү. Жакшылык менен айтам!

М а й с а л б ү б ү. Жо-ок, баатыр акеси!

К е р к и б а ш е в. Баргын дедим!

М а й са л б үб ү. Дагы бир жолу ооз ачсаң, жер астын-үстүн боло түшөт! *(Керкибашев катуу күрсүнөт. Майсалбүбү бетме-бет келип)* Бул эмне деген үшкүрүк?

К е р к и б а ш е в. Айтчы, Майсалбүбү, сен өзүңдүн кемчиликтериңди байкайсыңбы?

М а й с а л б ү б ү. Кемчилик болбосо, эмнени байкамак элем? Кемчилик дегенден эчтеме жок менде!

К е р к и б а ш е в. Туура. Байкап карасам мен да ошентип калган окшойм. Эгер бул чын болсо, анда жаман... Адам өзүнүн кемчилигин байкап жүрүшү керек.

М а й с а л б ү б ү. Чаргытпагын, баатыр акеси, ты меня не проведешь!

К ер к и б а ш е в, Баргын дедим, Майсалбүбү!

М а й с а л б ү б ү. Жок!!. Бул жерге эмнеге келди дейсиң?.. Коколой башымдын кызыкчылыгын көздөп келгеним жок. Мамлекеттин кызыкчылыгын көздөп келип отурам!

К е р к и б аш е в. Адамдын күлкүсүн келтирбечи, байболгур!

М а й с а л б ү б ү. Тигини көр! Жетекчи бузулганда эң оболу аялдан бузулат. Мен ошондой балээден сактайын деп келип отурам. Бул биринчи маселе... Экинчи маселе болсо... Жетекчи жаңылганда кадрдан жаңылат, бул жагын дайыма эскертип турушум керек. Муктарды эмне кылдың?

К е р к и б а ш е в. Эмне кылдың дегениң кандай?

М а й с а л б ү б ү Ушунчалык болуп баратасың!.. Муктарыңды качан айдайсың бул жерден?!.

К е р к и б а ш е в. Анткенге негиз болуш керек.

М а й с а л б ү б ү. Негизби?! Бекеттин долбооруна асылганы... Бекет менен Анаргүлдүн ортосуна чок салып бузуп жүргөнү... Менин жакын инилерим Быржыбай менен Какумбекти урушканы... Ал эми экөөбүз туурасында ушак таратканын айтпай эле коёюн. Булар, эмне негиз эмеспи?

К е р к и б а ш е в. (*Терезени көздөй басып*) Текшериш керек.

М а й с а л б ү б ү. *(столду муштап)* Боргемик!

К е р к и б а ш е в. Муктар деген оюнчук эмес. Муктар деген адам! Болгондо да…

М а й с а л б ү б ү. Болгондо да деп… Муктар дегениң адам эмес!..

К е р к и б а ш е в. Майсалбүбү!..

М а й с а л б ү б ү. Ооба!.. Адам эмес. Аның Бекеттин таланттуу долбоорун…

К е р к и б а ш е в. *(кыжырлуу)* Таланттуу!.. Таланттуу… Таланттуу экенин кайдан билесиң?

М а й с а л б ү б ү. Эл айтып жүрөт!.. Сен өзүң да айткансың! Калппы?

К ер к и б а ш е в. *(Күрсүнүп)* Ооба, мен өзүм да айткам!

М а й с а л б ү б ү. Ажалдан мурда өлгүсү келбеген жетекчи өзүн кыйбай турган кадрларды топтойт. Алар экөөбүздүн урук-жарматыбыз, түшүндүңбү?

К е р к и б а ш е в, Барчы эми үйгө!

М а й с а л б ү б ү. Болуптур. Бир гана шарт… Муктарды бүгүн эле кетиресиң… Болбосо….

К е р к и б а ш е в. Болбосо эмне?

М а й с а л б ү б ү. Мировой скандал башталат!.. Кана?

К е р к и б а ш е в. Кыйнабагын, Майсалбүбү!

М а й с а л б ү бү. Атың да кемик… *(күйөөсүнүн колунан чымчып)* өзүң да кемиксиң!..

К е р к и б а ш е в. *(Колун кармап)* Ой!

*Муктар кирет.*

М у к т а р. Кечиресиздер.

М а й с а л б ү б ү. *(жарк этип)* А, Муктар жан. Кел, садагасы. Агайыңдын колун аары чагып алып… анан калса, азыркы аарылардын чакканы, ай… ач эмеспи! *(күйөөсүнүн колун сылап)* Эчтеке эмес, байкеси, врач-

тардын айтканы чын болсо, аарынын уусу ревматизмге миңдин бири дешет го…

К е р к и б а ш е в. Албетте, миңдин бири эмей! Кел, Муктар. Бери өт.

М у к т а р. Ыракмат.

М а й с а л б ү б ү. Кой, жолтоо болбоюн, мен кеттим эмесе. Баса, жанагы мен айтканды бүтүрүп кой. Макулбу, байкеси?! *(пауза)* Кыйыктана тургандай деле иш эмес. *(кайра кайрылып, күлүмсүрөй)* Макулсуңбу, же жокпу?

К е р к и б а ш е в. *(кыжырлуу)* Макул дебедимби!

М а й с а л б ү б ү. *(күлүп)* Майсалбүбү жеңеңдин көргөнү ушул, Муктаржан. Агайдын ачуусу, ай! *(Шакий кирет)*

Ш а к и й. Кечиресиз, Боргемик Керкибашевич. Календер Медетович ишке чыкпаптыр.

К е р к и б а ш е в. Эмне үчүн?

Ш а к и й. Кызматкерлерден сурасам, бирөө да билбейт экен.

М у к т а р. Мен билем. Календер Медетович инфаркт болуп үйүндө жатат. Акыбалы кыйын!..

Ш а к и й. Инфаркт болуп?!..

М а й с а л б ү б ү. Ах, маралдай керилген секет болоюнум. Жүрөгой.

Шакий экөө чыгат.

К е р к и б а ш е в. Байкуш, Календер!

М у к т а р. *(күрсүнүп)* Адам өлгөнү жатса, же өлүп калса заматта эле боорукер болуп калабыз сизге окшоп. Ал тургай, дүйнөдө жок жакшы киши эле деп мактап киребиз. Адамды мактагыбыз келсе тирүүсүндө макташыбыз керек, тирүүсүндө боорукерлик кылышыбыз керек.

К е р к и б а ш е в. Туура, Муктар. Өлгөн адамга мактоонун эмне кереги бар?.. Кереги жок.

*Пауза.*

М у к т а р. Апина эжени эмнеге бошоттуңуз, айтыңызчы?

К е р к и б а ш е в. Бул эмне, тергөөбү?!

М у к т а р. Аны өзүнүн каалоосу бюнча бошотулсун деп приказ берипсиз…

К е р к и б а ш е в. Эгер ал түшүнсө, мен адамгерчилик кылдым. Чыныгы себебин жазганымда шордомок болучу.

Муктар. Приказда жазбаганыңыз менен, ооз эки айтыпсыз го.

К е р к и б а ш е в. Эмнени айтыптырмын?

М у к т а р. Облводхоздо секретарь машинистканын орду бош экен. Апина эже барса албай коюптур.

К е р к и б а ш е в. Албай койсо эмне кылайын? Ошон үчүн да мени айыптаган турасыңбы?!

М у к т а р. Ойлоп көрүңүзчү, Боргемик Керкибашевич, балким, эстээрсиз?

К е р к и б а ш е в. Менин өмүрүмдө эстей турган көп нерселер бар, алардын кайсы бирин билем?!..

М у к т а р. Облводхоздун башчысы пикир сураганда, Апина эжени ушакчы деп айттыңыз. Адегенде таң калдым. Кийин ачуум келди. Апина эже ушак айтпайт деп далилдей баштаганымда «Мен кимге ишенишим керек, инженер Муктар, кайдагы бир оозун тыя албаган аялгабы же жолдош Керкибашевгеби?.. Мен жолдош Керкибашевге гана ишенем»,- деп чыгарып жиберди. Акыры туура. Апина эже ким?.. Апина эже бар болгону секретарь -машинистка.

К е р к и б а ш е в. Меп түшүнбөйм, Муктар. Облводхоздун башчысы мага ишенсе, андан бирдеме болобу?

М у к т а р. Албетте, ал кишинин ишенгени жакшы. Бирок авторитетиңизден пайдаланып, ушакчы эмес кишини ушакчы атка кондурганыңыз абдан жаман… Кечирилгис күнөө!..

К е р к и б а ш е в. Бекерден каныңды кызытпа, Муктар. Апинанын ушакчы экени чын болучу.

М у к т а р. Эмне, сиз өзүңүз уктуңуз беле Апина эженин ушак айтканын?

К е р к и б а ш е в. Бизде калп айтпай турган кызматкерлер бар. Болгондо да ортон колдой кызматкерлер. Апинанын ушакчы экенин ошолор айтышкан.

М у к т а р. Мен жакшы билем сиздин ортон колдой кызматкерлериңиз кимдер экенин… Көзүңүздүн карегиндей көргөн кайни, балдыздарыңыз… Инилериңиз… Алар эмне, ушак айтпас болуптурбу?!

Ке р к и б а ш е в. Муктар!

М у к т а р. Сиздин жаңылыштыгыңыз так ушунда болуп жатат. Ооба, Боргемик Керкибашевич. Жакын кишилер жамандык тилебейт, калп айтпайт, кыянаттык кылбайт деген жалган ишенимге биротоло берилип алгансыз. Алар сизге тууган эмес. Сиздин туутаныңыз мына менмин. Сабыр Асанкеримович сиздиң тууганыңыз…

К е р к и б а ш е в. (*Муктардын сөзүн болуп, кыжырлуу*) Болду дейм,Муктар!.. Болду!....Эркине койсо жөн эле… Мен чыдайалбайм мындай ээн баштыкка!..

М у к т а р. (*Күрсүнүп*) Оозанганыбыз дайыма адам, бирок ошентип коюп, адам баласына чыккынчылык кылганыбызды көп учурда билбейт окшойбуз, же билсек дагы билмексен болот көрүнөбүз!

К е р к и б а ш е в. Ар кандай сөз менен ойноого болот. Чыккынчылык деген сөзгө сак болуу керек, Муктар!

М у к т а р. Апина эженин кызмат даражасы төмөн, элге көрсөткөн эмгеги да аз, байланышы да жок. Эми ошондой алсыз, бирок кристаллдай таза адамды, сизге окшогон алдуу-күчтүү, колунда бийлиги бар адам көз-көрүнөө басынтып, түбөлүк жаманаттыга калтырып жатса… Менимче, адамга чыккынчылык кылуу деген так ушу болот!

К е р к и б а ш ев. Жол жүрүп чарчап келген көрүнөсүң. Барып эс алчы. Эртең сүйлөшөбүз. Бар.

М у к т а р. (*столду муштап)* Жок, Боргемик Керкибашевич! (*Шакий кирет)* Мен эч кайда барбайм!

К е р к и б а ш е в. Кыйкырба!..

М у к т а р. Кыйкырам!.. Кыйкырам!..

Ш а к и й. Инженер Муктар!..Бул жер сиздин үйүңүз эмес. Бул жерди кабинет дейт.

М у к т а р. Эскерткениңизге ыракмат!.. Карабаңыз мени!

Ш а к и й. Анчалык эмне кылдым сизге?

М у к т а р. Сүйлөбөңүз дейм!.. Укпайм сөзүңүздү!.. Укпайм!..

Ш а к и й. Мени тыйбаңыз инженер Муктар! Тыюуга акыңыз жок! Кыйкырууга да акыңыз жок!

М у к т а р. (тигиле карап) Сиз жашсыз, Шакий Үсөновна.

Ш а к и й. Туура. Мен жашмын.

М у к т а р. Сиз сулуусуз…

Ш а к и й. Мүмкүн.

М у к т а р. Апина эженин беш баласы бар жесир аял. Аны кубалатып жиберип, анын ордуна отуруп алыпсыз. Ошенткенге абийириңиз кантип барды?!

Ш а к и й. Кечиресиз, кубалатып жиберип… дегениңиз кандай? Мен кубалатканым жок ал кишини…

К е р к и б а ш е в. Шакий! (*Муктарга)* Айта турганың болсо, айтып кал, арманың калбасын. Сүйлө. Мен тыңшап жатам!..

М у к т а р. Шакий Үсөновна балдызыңыз болот экен. Балдыз катарында жардам кылгыңыз келсе башкача жардам кылбайсызбы… Көп балалуу жесир аялды кууп жиберип, кууганда да жөн кетирбей, түбөлүк жаманаттыга калтырып… Ошентип жардам кыласызбы балдызыңызга?

К е р к и б а ш е в. Саа окшоп жек көрүп карагандардын далайын көргөм. Карай бер. Уялба!

*Бекет кирет.*

М у к т а р. Жеке эле сиз бекен?! Мен өзүмдү да жек көрөм! Календер Медетович адеп келип, жолдош Керкибашев адилеттиктен тайып баратат дегенде, ушакчы тукургуч деп кыйкыргам. Ошондо, мамлекеттик иш кылгандан бетер компоюп калган элем.. Көрсө, ак ниет адамды каралап, жок жерден этин оорутуп… эми ойлосом барып турган кибир адам экем!

Б е к е т. Моюнга алганың абдан жакшы. Бир гана нерсеге аябай кейийм!

М у к т а р. Эмнеге?

Б е к е т. Сенин кибирлигиңди мурдатан билбегениме!

К е р к и б а ш е в. Бекет!

Б е к е т. Кечиресиз…

К е р к и б а ш е в. *(Катуу)* Токтот дедим!

Ша к и й. Облпланга отношение…

К е р к и б а ш е в. *(кол коюп)* Тезинен жөнөт…

Ш а к и й. Жакшы болот *(Муктарга)* Апина эже жөнүндө азыр гана угуп, отурам. Уксам эмне дейсиз!..

М у к т а р. Актанбай эле коюңуз!..

Ш а к и й. Адам туурасында жакшы айттыңыз, мага жакты. Бирок адам деген эмне экенин билбейт окшобойсузбу! *(чыгат.*

К е р к и б а ш е в. *(Муктарга)* Саламат бол.

М у к т а р. Апина эжени өз ордуна коюңуз. Бул бир. Экинчиден, жаңы үйдө төрт бөлмөлүү бир квартира бош туруптур. Аны Календер Медетовичке бердириңиз. Антмейинче кетпейм бул жерден.

Б е к е т. Сен ансыз да, кетпейсиң!

М у к т а р. Бул эмне, буйрукпу?!.

Б е к е т. Кандай түшүнсөң, ошондой түшүн!

*Сабыр кирет.*

С а б ы р. Саламатсыңарбы.

К е р к и б а ш е в. Кел, Сабыр. Дайның жок, кайда жоголуп кеттиң? Бери өт.

Б е к е т. Менин долбоорум жөнүндө ар кыл сөздөр тарап... Менде да нерв деген бар, Боргемик Керкибашевич. Канчага чейин эзилем?! СабырАсылкеримович да келип калыптыр. Ушу кишинин көзүнчө же нары, же бери кылыңыз. Мен талап кылам!

С а б ы р. Талабың туура. Каршы болбосоң өзүңдөн эле баштай берсек.

Б е к е т. Эмне үчүн? Муктар баштасын, сөз таркатып жүргөн ошол.

С а б ы р. Адегенде сени уксакпы дедим эле.

Б е к е т. Мениби?.. Пожалуйста... Талкуунун убагында Муктар көп пикир айткан.

К е р к и б а ш е в. Адилет болуу керек. Анын пикирлеринин ичинде мыкты ойлор бар болучу. Тануугa болбойт.

Б е к е т. Көңүл жубатуунун кереги эмне? Мен алардын бардыгын анализдеп чыктым. Бирөө да ишке ашпайт. Убара болуунун кереги жок.

С а б ы р. Эмне үчүн?

Б е к е т. Муктардын айтканындай кылсак, бир нече гранит асканы жарып өтүүгө туура келет. Бул чынбы, Муктар?

М у к т а р.Чын.

Б е к е т. Ошого байланыштуу, курулуштун срогу узарат да, каражат көп кетет.

М у к т а р. Бул дагы чын.

Б е к е т. Эми кандай талаш болушу мүмкүн?!.

К е р к и б а ш е в. Инженер Бекеттин долбоорунун артыкчылыгы мына ушунда. Тар-Капчыгай жолу срогу-

нан мурда бүтүшү керек, арзан бүтүшү керек. Ал ушуга жооп берет.

М у к т а р. Бүгүн арзанга бүткөнү менен эртен, өтө эле кымбатка түшсөчү? Анда кантебиз?

К е р к и б а ш е в. Мага далил керек, Муктар. Далил.

М у к т а р. Өз учурунда аябай эле келтирген болчумун далилди...

Б е к е т. Билебиз кандай далил келтиргениңди! Жаңы бирдемелериң болсо айт, угалы.

М у к т а р. *(Папкасын ачып)* Бекеттин долбоору боюнча капчыгайдын тескей бетинен өткөрсөк жол кырк беш километрге узарат.

Б е к е т. Муну мурда эле укканбыз.

С а б ыр. Бөлбөгүн, Бекет!

М у к т а р. Анын ийри-буйрусу, өйдө-ылдыйы көп... Мына ошолорду кошуп, аларга кетүүчү күйүүчү майларды, резиналарды, бат-бат болуучу ремонт жумуштарын жана башкаларын эсептегенде он жыл ичинде эле миллиондогон сом ашык расходдолот экен. Бекет эске алганбы муну? Жок, бул бир. Экинчиден, капчыгайдын тескейи жыш токой. Демек, бир тал чырпык үчүн күрөшүп жаткан кезибизде, миң-миңдеген түп карагай, кайыңдарды омкоруп таштоого акыбыз жок!.. Токой биздин улуттук байлыгыбыз!.. Үчүнчүдөн, Тар-Капчыгайдын тескей тарабынын геологиялык түзүлүшүн эске алган эмес, Бекет. Ал тарапта катастрофага дуушар кылуучу жерлер бар.

Б е к е т. Катастрофа?!

М у к т а р. Ооба. Мисалы, Узун-Кырды эле алсак... Анын геологиялык түзүлүшү бекем эмес. Ал эшилме породалардан турат. Анын астынан суу чыгат. Ошентип, Узун-Кырдын тумшугун кесип өткөндө, ал төмөн карай жылышып кетип, чоң катастрофага учуратышы мүмкүн!..

Б е к е т. Кечиресиз, Боргемик Керкибашевич. Муктардын азыркы айткандарын мурда эле укканбыз. Эми эмне, жаңыбайча эле башынан түшө беребизби?! Бизде принцип деген болобу же жокпу?!

*Пауза.*

К е р к и б а ш е в. Туура. Бекеттин долбоору небак талкууланып бүткөн. Эми дагы бир талкуу ачкым келбейт.

С а б ыр. Менимче ал талкуу эмес, жөн гана кол чабуу болуп калган. Ооба, Бекеттин урматына уюштурулган кол чабуу болуп калган.

Ке р к и б а ш е в. Мактоого арзый турган долбоор болсо макташ керек. Анын эмнеси жаман?

С а б ыр. Муктардын көрсөткөн кемчиликтери туура. Бекеттин долбоору чийки, мактоого арзыбайт!

К е р к и б а ш е в. Демек, биз эриккенибизден эле кол чаба берген экенбиз да?!

С а б ы р. Жок. Башка себеби болушу керек.

К е р к и б а ш е в. Кандайча?

С а б ы р. Бекетке жан тарткансыз.

К е р к и б а ш е в. Сабыр!..

С а б ы р. Көз-көрүнөө жан тарткансыз! Мынакей стенограммалык отчёт, окуп көрүңүзчү. Бекетти гений дегенге чейин барыпсыз...

К ер к и б а ш е в. Ошондой дегин, Сабыр?!. Бекеттин долбоорундагы Муктар көргөн кемчиликтерди, сен көргөн кемчиликтерди мен көрбөй калган турбаймынбы, ээ?!

М у к т а р. Туура. Сиз Бекеттин кемчиликтерин таптакыр көрбөй калдыңыз. Себеби, Бекетти баарынан жакын көрөсүз, ага окшогондордун кошоматына мас болуп, күбүр-шыбырына ишенчү болдуңуз. Ал эми сизге жакшылык тилеп, чынын айткандарды болсо, өзүңүзгө душман санайсыз!..

К е р к и б а ш е в. Муктар!

М у к т а р. Ооба, Боргемик Керкибашевич. Мен муну мурда да айткам. Азыр да кайталайм. Тууганчылыкка берилип алып, мамлакеттик ишке да, өзүңүзгө да зыян келтирип жатасыз.

Б е к е т. Муктар!.. Боргемик Керкибашевичти тууганчыл деп… кантип оозуң барды ошентип айтканга?!

М у к т а р. Чындыкты айткандан эмнеге уялмак элем?

Б е к е т. Жок, бу чындык эмес, Муктар. Тар-Капчыгайдын долбоорун мага, бербеди деп ичиң күйгөндөн ушинтип жатасың.

М у к т а р. Андай эмес, Бекет…

К е р к и б а ш е в. *(Кыжырлуу)* Токтоткула акыйыңарды!.. Жетет!.. Сөз Бүттү! Баргыла!..

С а б ы р. Жок, сөз бүткөн жок!.. Муктардын замечаниелеринин негизинде долбоорду кайра карап, трассаны өзгөртүү керек.

М у к т а р. Менин пикирлерим.

Б е к е т. *(Муктар сунган кагаздарды кагып жиберип)* Өзгөртпөйм! *(Керкибашевге кайрылып)* Уктуңузбу?!. Эгер трассаны өзгөрткүсү келсе мына бул генийлер өзгөртсүн!

К ер к и б а ш е в. Токто!..

Б е к е т. Бериңиз буларга, колдорунан келсе өзгөртүп алышсын!

*Бекет эшикти катуу жаап чыгып кетет. Пауза.*

К е р к и б а ш е в. *(Муктарга кайрылып)* Сары-Жаз жолунун долбоору кандай абалда?

М у к т а р. Жакында бүтөм.

К е р к и б а ш е в. Тездет.

М у к т а, р. Жакшы болот.

К е р к и б а ш е в. Баргын.

*Муктар чыгат. Пауза.*

С а б ы р. Бекетке айтыңыз, долбоорун кайрадан карап, трассаны өзгөртсүн. Ага көнбөсө, бул ишти Муктарга тапшыруу керек.

К е р к и б а ш е в. Муктарга?! Сен эмне, тирүүлөй өлтүргөн жүрөсүңбү мени?! Менде план деген бар, срок деген бар. Эч нерсени өзгөртпөйбүз! Курулушту башта... токтоосуз башта.!

С а б ы р. Мен баштабаймын!

К е р к и б а ше в. Баштайсың дегенден кийиң баштайсың. Аткарбай коюуга укугуң жок!

С а б ыр. Эмне үчүн укугум жок?.. Жол курулушунун начальниги менмин!

К е р к и б а ш е в. Сен жол курулушунун начальниги болсоң, мен жол башкармасынын начальнигимин!..

*Сабыр бир нерсе айтмакчы болуп, үн катпастан чыгып кетет.*

## ҮЧҮНЧҮ КӨШӨГӨ

### *Төртүнчү сүрөт*

*Керкибашевдин квартирасынын тамак ичүүчү бөлмөсү. Сыртта жамгыр. Терезеден чагылган жаркылдайт. Маржаке столго тамак-аш коюп жатат. Серкебай кызымтал. Нанды бурдап чайнап, буги-вуги бийлөөдө.*

С е р к е б а й. *(Маржакеге)* Хелло, Маржаке!.. Ооз менен да, бут менен да... экөө менен тең иштей билүү керек...

М а р ж а к е. Башың иштебесе кантмек элең. Оозуң менен буттарың иштейт да.

С е р к е б а й. *(Колундагы нанды ыргытып, музыканы токтотот).* Чертовски сулуусуң, тилиң уу!

М а р ж е к е. Алып кой нанды. Тепсебе дейм, убал болот.

С е р к е б а й. Ырым-жырымга ишенет... Провинциалка!.. Өсүш керек!

М а р ж а к е. Алып кой нанды!

С е р к е б а й. Жер жүзүндөгү эркектердин санына караганда аялдардың саны көп... Жакшы күйөө табуу деген кыздарга проблема!.. Түшүндүңбү?

М а р ж а к е. Сендей күйөөгө чыккандан көрө, так өткөн жакшы!..

С е р к е б а й. *(Ыржактап)* Майсалбүбү эжем намёк кылган эле, Маржакеге, үйлөнгүн деп. Ал киши айткан соң... Чынымды айтайын, үйлөнсөмбү деген ниетим бар. Бир гана шарт менин жүрүш-турушума кийлигишпейсиң! Кыжырыма тийсең... айтып коёюн... Вообшем, бирөөгө көз каранды болуп баш ийбеген настояший азыркы замандын мүнөзү бар менде. Жеттиби?

Ма р ж а к е. Жакшылык менен айтам, алып кой нанды!

С е р к е б а й. Бизде принцип бар.

М а р ж а к е. Алгын дегенде алгын!

С е р к е б а й. *(Нанды буту менен тээп)* Пожалуйста!

М а р ж а к е. *(жаакка тартып)* Наадан!

С е р к е б а й. Вот это Характер!

М а р ж а к е. *(колундагы вилканы ойнотуп)* Тез!.. Болбосо...

С е р к е б а й. *(нанды столго алып коюп)* Минтип ойногон болбойт. Это не гуманно!.. Жапайычылык!..

М а р ж а к е. *(вилка менен тап берип)* Жапайычылык...

С е р к е б а й. *(бакырып)* Жарда-ам!

М а р ж а к е. Азыркы замандын мүнөзү бар имиш!

С е р к е б а й. Нет, она не подойдет мне! Определенно неподойдет! (*Чагылган чагылып, күн күркүрөйт. Серкебай чочуп*).Каргыш тийгирдин жааны, жаагысы келсе күркүрөбөй эле жаабайбы! (*Майсалбүбү кирет*) Хелло! Эжакебай!

М а й с а л б ү б ү. Серкебай!.. Садага болоюнум... Келип калдыңбы...

С е р к е б а й. Күтүп отурам...

М а й с а л б ү б ү. Ден соолугуң кандай?

С е р к е б а й. Жүрөк гана бир аз пошаливает, а так... полный порядок.

М а й с а л б ү б ү. (*Маржакеге*) Шагыялардын телефону бузулуп калыптыр... барып чакырып келчи.

М а р ж а к е. Жаанда кантип барам, жеңе?

М а й с а л б ү б ү. Кант эмессиң эрип кеткидей!.. Шагыяга айт, жеңем ооруп өлгөнү жатат де...

М а р ж а к е. Соп-соо турсаңыз өлгөнү жатат деп кантип айтмак элем?

М а й с а л б ү б ү. Какылдабай жөнө!..

*Маржаке чыгат.*

С е р к е б а й. (*Чемоданын ачып*) Караңызчы, эжекебай... Илбирстин териси... Суусар. Жакында атам аюу атты. Кандай эле? Талпак дейби, айтор... вообшем, сактап койгула дедим. Эми бир барганда ала келем.

М а й с а л б ү б ү. (*Серкебайды өөп*) Ыракмат, садага болоюнум.

С е р к е б а й. Сизге эмне болду? Табыңыз жокпу, вообшем...

М а й с а л б ү б ү. Ах, аны сурап эмне кыласың!.. Кайгырып отуруп кайрымакка саярга этим калбады. Жездең байкуш андан бетер... Туугандардын бардыгын кудай урду!

С е р к е б а й. Это ужасно!

М а й с а л б ү б ү. Эки ата өткөн иниси агасынын таманына тикен төшөп, тирүүлөй көмгөнү жатат. Ичибизден душман чыкты!

С е р к е б а й. Какой позор! Ал ким?

М а й с а л б ү б ү. Сабыр!

С е р к е б а й. Ишенип болбойт!

М а й с а л б үб ү. Муктар деген душманга болушуп, жездең байкушту жок кылганы жатпайбы.

С е р к е б а й. Сволочи!

М а й с а л б ү б ү. *(Серкебайды өзүнө каратып)* Жездеңер силерге бел болсо, силер жездеңерге бел болгула, бириңерди бириңер колдоп жүргүлө. Ансыз күн көрүү кыйын болуп калды. Айта берсе, мүмкүн да эмес!

С е р к е б а й. Жездем үчүн... Я за него готов умереть, эжекебай!

М а й с а л б ү б ү. Ыракмат, садага болоюнум... эми мындай... Алдагы чучуктай болгон шымың менен чаар көйнөгүңдү алмаштырып, чачыңды кыскарт... Буюрса жакшы жерге орноштурам... Ушул кейпиң менен чоңдорго көрүнсөң үркүп кетишет. Түшүндүңбү?

С е р к е б а й. *(Маңдайын чертип)* Дошло!.. Эмне унчукпай калдыңыз?

М а й с а л б ү б ү. Айтчы, садага болоюнум Бекет байкең жөнүндө пикириң кандай?

С е р к е б а й. Бекет Матаевич талант!.. Будуший гений!..

М а й с ал б ү б ү. Кудайга шүгүр. Жолдошторум көп деген элең... Ыраспы?

С е р к е б а й. Бул жердеби?.. Толуп жатат, Уйма!

М а й с а л б ү б ү. *(сумкадан акча алып берип)* Алар менен үлпөт куруп отуруп каласыңбы... кереги тиер... бир аз тыйын...

С е р к е б а й. Ыракмат, эжекебай.

М а й с а л б ү б ү. Кимдин ким экенин жолдошторуң билиши керек: Ушундай эмеспи, садага болоюнум?

С е р к е б а й. Толугу менен жетти, эжекебай!.. Бекет Матаевичтин ким экенин жолдошторума айтсам, эртең эле бүт шаар гений деп кыйкырат эмеспи. Пикир түзгөндү биз билебиз.

М а й с а л б ү б ү. Барагой эмесе...

С е р к е б а й. Жездем экөөңүздөр үчүн... Я готов на все! Гудвай!

М а й с а л б ү б ү. *(Серкебайдын соңунаи карап)* Настоящий кадр! *(Телефон шыңгырайт. Шнуру узун трубканы алып, наркы-терки баса)* Угуп жатам... Ким?.. *(күлүп)* Бу жолдош Керкибашевдин подружкасы Майсалбүбү Чойбековна... Жакшысыңбы, Айшаке... Жаңылык дейсиңби?.. Сабыр менен Муктар экөө мушташып, Муктардын көзү чытып кетиптир дейт, Сабырдын болсо мурду кыйшайып калган имиш... Морально ирип-чириген арамдар уятты билеби? *(эшик кагылат)* Кириңиз *(Шакий кирет)* Ооба, киши келди. Жакшы тур. Мен өзүм звонить этем...

Ш а к и й. Жакшысызбы, эже. Чакыртып жиберген экенсиз.

М а й с а л б ү б ү. *(Шакийдин бетинен өөп)* Ах, маралдай керилген секет болоюнум! Сураштыра келсем биздин айылдын өйдө жагындагы Ак-Жар айлынан болот турбайсыңбы.

Ш а к и й. Ооба, эже... Ак-Жардан болом....

М а й с а л-б ү б ү. Мага жакын синди турбайсыңбы... Жездең, байкуш жаны-маны калбай мактап... аябай ыраазы.

Ш а к и й. Билем...

М а й с а л б ү б ү. Бирок, ал шордуунун достон көп душмандары бар...

Ш а к и й. Сыягы ошондой болсо керек...

М а й с а л б ү б ү. Менсиз эле көзүң жеткен окшобойбу, маралдай керилген секет болоюнум... Редакцияда таанышым бар дебедиң беле, ээ?

Ш а к и й. Бөлүм башчысы болуп иштейт...

М а й с а л б ү б ү, Бекеттин долбоорун бардыгы тең мактап жатышат...

Ш а к и й. Аны абдан таланттуу инженер деп көп айтышат го.

М а й с а л б үб ү. Ах, маралдай керилген секет болоюнум!.. Ич арада гана ошентишет. Анын талант экенин коомчулук билбей жатпайбы! *(Сынагандай тиктеп)* Мүмкүн болсо, жаңкы таанышыңа айтсаң, ал Бекеттин долбоору менен таанышып, өзү менен сүйлөшсө, жездеңе да жолугушса, анан... бирин-эки көрө албаган ичи тарларды да байкаштырып көрсө... Мен азыр... Өз үйүңдөй эле отура бер жакын синди экенсиң... Чынында эле өз үйүң да. Мен азыр.

*Шакий бөлмөдө жалгыз. Чагылган жарк этип, күн күркүрөйт. Шакий пианиного барат.*

Ш а к и й. *(Пианиного кошулуп, акырын ырдайт)*

Өзүңсүз оорум арылбай,
Өксөгөн дартым айыкпай,
Томсором жаным жок болсоң,
Толкунда калган кайыктай.

*(Ички бөлмөдөн Майсалбүбү чыгып, ырды тыңшайт. Шакий, Майсалбүбүнү көрүп, болор-болбос күрсүнөт)*

Толкунда калган кайыктай деген тура, эже!..

М а й с а л б ү б ү. Маралдай керилген секет болоюнум, эмнеге ыйлайсың, айтчы?.. Айтчы!..

Ш а к и й. *(Отурган креслосунун кырына ээгин сүйөп)* Аны угузган күнү так бүгүнкүгө окшоп жамгыр төгүп

турган эле!.. Ошондо да ырдап отургам…. азыркы ырды эмес… бешик ырын!

М а й с а л б ү б ү. Күйөөң өлүп калды беле?

Ш а к и й. Ал тоодо туулган эле… Тоодо жүрүп өлдү!

М а й с а л б ү б ү. Зоотехник беле?

Ш а к и й. Геолог болучу! Андан айрылгандан бери толкунда калган кайыктай болуп калдым! *(Ордунан туруп)* Анын тилегени дайыма жакшылык эле… Боорукер… түз… Кой, мен кайтайын, эже.

М а й с а л б үб ү. *(Косынканы сунуп)* Өңүңө жарактуусун атайын тандап жүрүп алгам. Эжеңден белек, салынып кеткин.

Ш а к и й. Албайм, эже.

М а й с а л б ү б ү. Эмне үчүн?

Ш а к и й. Мени кемсинтпеңиз!

М а й с а л б ү б ү. Түшүнбөйм?

Ш а к и й. Бекет тууурасында болсо редакциядагы тууганым менен сүйлөшүп көрөйүн.

*Бекет кирет.*

Б е к е т. Кайда, шаштыңыз, Шакий Үсөновна?

Ш а к и й. Детсаддан уулумду алышым керек эле.

Б е к е т. Айып этпесеңиз, бир ооз сөзүм бар эле.

М а й с а л б ү б ү. Кечирип койгула *(чыгат)*.

Б е к е т. Мен алыстан чаргытып сүйлөгөндү жаман көрөм. Кесе сүйлөгөндөн жакшысы жок. Бүгүн меникинде болобуз, макулбу, Шакий Үсөновна?

Ш а к и й. Төрөлгөн күнүңүзбү?

Б е к е т. Экөөбүздөн башка эч ким болбойт. Чынын айтайын ошондой ырахаттуу учурдун келишин көптөн бери күтүп жүргөн элем.

Ш а к и й. Кызматка орношууга жардам кылдыңыз. Эми ошонуңуз үчүн акы доолайын дедиңизби?

Б е к е т. Ошо да болот бекен, Шакий Үсөновна... Чыдамсыздык менен күтөм... туп-туура саат сегизде. Убадалаштыкпы?

*Пауза*

Ш а к и й. Убадалаштык.

Б е к е т. Мына, азыркы замандын жообу ушул! Кыска, так, түшүнүктүү. Сүйүүдө курулай кылыктанып түлкү куумай ойнотуу... ал архаика... Бүгүнкү күндө же бар, же жок... Мени кубантып койдуңуз. Ошентип, мен күтөм!

Ш а к и й. (*Бекет өпмөкчү болгондо колун тартып алып*) Күтүңүз!

Б е к е т. Ачууланганды сиз да билет экенсиз го?!.

Ш а к и й. Аябай өкүнөм!

Б е к е т. Эмнеге?

Ш а к и й. Жардам сураганыма!

Б е к е т. Мени менен дайыма күлүп сүйлөшөт элеңиз...

Ш а к и й. Күлүп сүйлөгөн аялдын бардыгы тең ашык деп ойлойсузбу сизге? Жаңылышасыз!

Б е к е т. *(Алдын тороп)* Шашылбаңыз, Шакий Үсөновна! Муктар менен «Жоогазын» кафесинде жолугушмакчы болупсуз. Жаңылбасам, кечки сегизде. Ага дейре убакыт бар. Кайда шашыласыз? Эмне, Муктар менен болжошконуңуз жалган беле?

Ш а к и й. Кечиресиз, мен мындай суроого жооп бербейм!

Б е к е т. (*Мурдагыдай эле Шакийди кетирбей)* Колуңузда балаңыз бар экен... Өзүңүз болсо сырттан окуйт экенсиз... Каралашар урук-тууганыңыз болбогон соң... Чоң шаарда туруу деген кыйын.

Ш а к и й. Туура. Мага окшогон балалуу жесирге өтө эле кыйын.

Б е к е т. Мына көрдүңүзбү!.. Ашыкпаңыз! Сиз менен жолугушкандан Муктардын эчтемеси коробойт. Сизге эле

кыйын болот. Муктар деп жүрүп, көп нерседен айрылып калышыңыз мүмкүн.

Ш а к и й. Коюңуз, Бекет Матаевич, минтип айтканыңыз уят!

Б е к е т. Уят деген – түшүнүк эмес, Ооздун жели… абстракция!..

Ш а к и й. Мага абстракция эмес. Тоспоңуз жолумду!

Б е к е т. Жолуңузду мен тосконум жок, өзүңүз тосуп жатасыз!

*Жаңы халат кийип, ички бөлмөдөн Майсалбүбү кирет.*

М а й с а л б ү б ү. Кайда шаштың, маралдай керилген секет болоюнум?

Ш а к и й. Кошуңуз. *(чыгат)*

Б е к е т. «Жоогазын» кафесинен Муктар менен жолугушат экен, ошого шашып баратат.

М а й с а л б ү б ү. Муктар мененби?!

Б е к е т. Бизге жакын адамдарга бузукулук кылганды кесип кылып албадыбы өзүнө! Кейибеңиз эже, аз калды, өзүнөн өзү эле элге-журтка шүмшүк болуп бүтөт!

М а й с а л б ү б ү. Баштатан эле шүмшүк болчу!.. Отурбайсыңбы…

Б е к е т. Туруп-туруп кыжырым келип кетет жездеме! Айыптын көбү ошондо болуп жатат.

М а й с а л б ү б ү. Кой антпегин, Бекеттайым. Ал байкушту аяп жүргүн.

Б е к е т. Аяп жүргүн дейсизби?.. Сөз эмес бекен!.. Мен да бир кезде аябаган боорукер элем… азыркы кезде болсо… күйүмдүү болуу, боорукерлик кылуу, аёо… Мунун бардыгы архаика болуп калды. Ооба, эже. Азыркы заман аракеттин заманы болуп калды. Өзүң аракет кылбасаң, жакындарың аракет кылбаса, сени ким ойлойт, сени ким тааныйт, айтыңызчы?!! Жездемдин колунда

бийлиги бар, ошону пайдалана албайт. Барып турган мылжың, принципсиз адам экени билине баштады!..

М а й с а л б ү б ү. Коньяктан кичине жутуп коёсуңбу?

Б е к е т. Жездем өзгөрүлдү!

М а й с а л б ү б ү. Бул эмне дегениң?!

Б е к е т. Колунан келсе Муктар менен жытташайын деп жаткан өңдөнөт. Эки жолу кабинетине чакырып алып жалгыз сүйлөшкөнүн көрдүм.

М а й с а л б ү б ү. Кейибе, садага болоюнум, Это у него не пройдет!

Б е к е т. Мага болсо… кийинки киргенимде, эмнедир титиреңдеп кыртышы сүйбөй… Апина деген аялды чакырышканбы, айтор… Жаңкы Медетов дегенге эки жолу өзү барган имиш дешет… Вообшем, жездем трус! Ордунан коркуп, бардыгын кайра калчагысы келип жатса керек!

М а й с а л б ү б ү. Эчтеке эмес. Анын өзүн кайра калчап коюучу киши жок дейсиңби?!

Б е к е т. Жандын асылысыз, эже. Баркыңызга жетпегендер көп. Айтмакчы, жанагы аялды Муктардын таасиринен чыгарыш керек.

М а й с а л б ү б ү. Ага башыңды оорутпай эле кой. Чыгара баштадым.

Б е к е т. Чал эмне болду? Киши жибердиңиз беле ага?

М а й с а л б ү б ү. Күтүп отурам.

Б е к е т.Туура кыласыз. Аракетсиз эч бир иш бүтпөйт. Баса, Чеңгелов агай кат берип жибериптир жездеме. Берип коюңуз. Мен кеттим.

М а й с а л б ү б ү. Кайда?

Б е к е т. Зарыл жумуштарым бар.

М а й с а л б ү б ү.Чеңгелов эмне деп жазыптыр?

Б е к е т. *(Күлүп)* Бирөөнүн катын ачып окугандай, мени эмне, ошончолук эле наадан ойлойсузбу? *(Чыгат)*.

М а й с а л б ү б ү. *(Звонить этип)* Алло! Боргемиксиңби? Эмне көпкө трубканы албайсың?.. Я?.. Жети түн болгончо эмне кылып отурасың?.. Тигини!.. Жогору жак менен деп... Ыйманыңды жебе!.. Жаныңдан аялдын үнү угулуп жатпайбы!.. Шашпагын, баатыр акеси!... Мен шордуу күйүткө батып жалгыз отурсам, аял менен шыңкылдашып....алло!.. алло!.. *(Трубканы тарс эткизе алып)* Үйгө келерсиң! *(Конвертти тиктеп)* Чеңгелов эмне деп жазды экен? *(Катты ачат. Көз жүгүртүп)* Мына, чындык деген ушинтип эле жеңип коёт! *(Сырттан термелме креслону көтөрүп, Түлкүбаев кирет)* Муну акыркы ударга сактап коёюн!

Т ү л к ү б а е в. А-у!

М а й с а л б ү б ү. *(чочуп)* Ой! Сен белең? Жаным да калсачы!.. Мышыктан да аярсың ээ!.. Бул эмнең?

Т ү л к ү б а е в. Кечиресиз, жеңекебайлак *(креслонун жабуусун алып)* Кечиресиз. Чарчаган кезиңизде кереги тиеби деп эле... отуруп көрүңүзчү. Этият болуңуз, жүрөгүңүзгө күч келбесин.

М а й с а л б ү б ү. *(Креслого отуруп, термеле)* Айий!! Анан калса адамдын оюндагыны табасың да! Сонун турбайбы!..

Т ү л к ү б а е в. Агай экөөңүздөргө ниетим туура.... абийирим спирттен таза... Сиздер үчүн курмандыкка чалабыз дешсе кылдай моюнду аясам өлөйүн, тосуп берем!..

М а й с а л б ү б ү. Ушун үчүн тууганым деп ыйлайсың да! Түлкүбаев!

Т ү л к ү б а е в. А-у!

М а й с а л б ү б ү. Сенин аулаганың кулагыма майдай гана жагат!

Т ү л к ү б а е в. Ишенип коюңуз, жеңекебай, өмүрүм өткөнчө аулап жүрүп өтөм!

М а й с а л б ү б ү. *(Курсунуп)* Байкуш агайыңа кыйын болуп жатпайбы… Муктардын айтымында, туугандарына жан тартат имиш агайыңар.

Т ү л к ү б а е в. Чепуха! Эч качан жан тартпайт!

М а й с а л б ү б ү. Жалгыз эле Муктарга асылып, силерди тап-такыр сындабайт имиш.

Т ү л к ү б а е в. Калп! Агай бизди сындаганда, жөн эле устакандап жиберет! Кейибеңиз, жеңекебай. Агайдын душмандарынын таманына бомба таштап коёбуз. Андан көрөкчө…

М а й с а л б ү б ү. Эмне кылтыясың? Бирдеме айтканы турасың го? Сүйлө.

Т ү л к ү б а е в. Оозум барбай жатпайбы… Демекчи, тиги менин кайненемди билесиз го, ошонун кичинекей кепесин жабалбай эле… бир аз туңуке жетпей…

М а й с а л б ү б ү. Алты бөлмөлүү үйдү кепе деп… баарынан да, сокур кайненесинин атына жаздырып коюп… оңбойсуң, ээ! Агайыңа айткан жок белең? *(Түлкүбаев желкесин кашып, жер тиктейт)*. Куусуң! Агаңар силерге начальник болсо, агаңарга Майсакең начальник экенин билип турасыңар, ээ! Ну, хорошо. Бүгүн түнү агаңа шыбырап коём. Тунукени колуңдагыдай көрө бер.

Т ү л к ү б а е в. (*Майсалбүбүнүн колунан өпкүлөп*) Кара жанымды курман кылып жиберем сиздерге! Курман кылып жиберем!

М а й с а л б ү б ү. Ты чудесный парень!

*Мыкчыгый кирет.*

М ы к ч ы г ы й. Козуну апкелдик, эже.

М а й с а л б ү б ү. Чал кана?

М ы к ч ы г ы й. Чалды да апкелдик козуга кошуп.

М а й с а л б ү б ү. Мен эшикке чыгайынчы.

Т ү л к ү б а е в. Жок, жок жеңекебайлак, жаанга тийсеңиз чүчкүрүп каласыз. Жүрөктү сактабасаңыз болбойт, Жүрөк деген мотор!

М ы к ч ы г ы й. Законно!

М а й с а л б ү б ү. Келаткан чал агайыңардын эки ата өткөн агасы… Асылкерим деген… өтө кадырман киши… Жакшылап тосуп албасак болбойт.

Т ү л к ү б а е в. Сиз айткан соң чепуха да… Жөн эле колго көтөрүп албайбызбы ,ал кишини!

М а й с а л б ү б ү. Бир тууган кайнагамдын көзүнчө жыланбаш жүргөнүм болбос *(жоолугун салып)* кадырман киши эмеспи.

*Асылкеримди колтуктап Быржыбай кирет.*

М а й с а л б ү б ү. *(Асылкеримге жүгүнүп)* Жакшысыздарбы, аке.

Асылкерим. Байбол, айланайын. Кудай тилегиңе жеткизсин. Атаганат десеңчи! Биздей карыларды урматтап…. Силерде гана ыйман калды, Майсалбүбүм.

М а й с а л б ү б ү. Отургузгула, акемди (*ички бөлмөгө кирет)*

Т ү л к ү б а е в. Боргемик агайдын агасы дегенди алыстан угуп эле алдыңызга жүгүнүп жүрөбүз. Быржыбай! Чай!

Б ы р ж ы б а й. Есть (*чыгат)*

Т ү л к ү б а е в. Какумбек!

К а к у м б е к. Я за него!

Т ү л к ү б а е в. Кыймылда!

К а к у м б е к. Законно!

Т ү л к ү б а е в. Агынанбы, же кызылынанбы? Же, шампандан эле кылт эттирип коёсузбу?

А с ы л к е р и м. Жок. Ата-бабам ичип көргөн эмес. Өзүңө эле буюрсун балам.

*Ички бөлмөдөн Майсалбүбү чыгып, кухнядан чайнек көтөрүп Быржыбай кирет.*

М а й с а л б ү б ү. (*Асылкеримдин башына суусар тебетей кийгизип, үстүнө чапан жабат)* Аз да болсо көптөй көрүңүз, аке.

А с ы л к е р и м. Жөн эле койбой... теңир жалгасын, Майсалбүбүм. Кор болбогун!

Б ы р ж ы б а й. Бирден зыпың эттирип албасак болчудай көрүнбөйт, эжекебайлак. Үшүдүк!

Т ү л к ү б а е в. Кана, эмесе. Баарыбыздын сүйөгүбүз, тирегибиз болгон Боргемик агайдын ден соолугу үчүн!

М а й с а л б ү б ү. *(Быржыбай менен Какумбекке)* Козуну союп жибергиле, секет болоюндар!

Б ы р ж ы б а й. Есть!

К а к у м б е к. Законно!..

М а й с а л б ү б ү.. (*Түлкүбаевге)* Бар, келинчегиңди чакырып келе кой. Жардамдашып жиберсин.

Быржыбай, Какумбек, Түлкүбаев үчөө чыгат.

А с ы л к е р и м. Боргемик кайда? *(Майсалбүбү жер карап күрсүнөт. Асылкерим сөзүн улап)* Уктум! Бардыгын уктум!.. Жаңкы Сабыр деген арам келсин... Ботом, жакын тууганына душмандык кылып... Шашпа, анын бир көзүнөн жаш, бир көзүнөн кан албасам...

М а й с а л б ү.б ү. Боргемик келди окшойт.

*Сабыр кирет.*

С а б ы р. Көчө жөн эле көлдөп кетти! *(Асылкеримди көрүп)* Ата! Сиз келип калдыңызбы. Эртеңдерден өзүм барайын деп жаткан элем!.. Ырас болтон тура... Эмне мурчуюп калгаңсыз?

М а й с а л б ү б ү. Чайга кара, Сабыштай. Баса, бүгүн эч кайда чыгалбай калдым. Көп эле жаңылык уккандырсың, төгүп жиберчи шатыратып.

С а б ы р. Мурдум түз элеби, караңызчы, жеңе?

М а й с а л б ү б ү.О койчу, Сабыштай, бу эмне дегениң?

С а б ы р. Муктар экөөбүз мушташып, Муктардын көзү чыгып, менин болсо мурдум кыйшайып калган имиш!... ушинтип ушак таркатышыптыр *(Майсалбүбүнү көздөй басып)* Киши сыягы жок айбандар али да болсо жашап жүрүшөт биздин арабызда. Бул ушактын авторлору ким экеңин билсем, барго... Сизге эмне болду, жеңе?

М а й с а л б ү б ү. *(Аргасыз күлүп)* Кхе... мага эмне болмок эле, садага болоюнум? Мен тамак, кылайын. Отура тургула акем экөөң... *(кухняга кетет)*.

С а б ы р. Азыр кызыңыз келет... Чоң атам менен чоң энемди сагындым деп... Эмне унчукпайсыз, ата?

А с ы л к е р и м. *(Өйдө карабастан)* Боргемик экөөбүздүн арабыздан бар болгону эки ата өткөн... Боргемик деген алга кетсек өбөк, артка кетсек жөлөк... колго кармаган туубуз... бир уруу журттун абийири... сени да, башкаларды да адам кылган ошол... Кишидей болсоң анын агалык эмгегин акташың керек эле, сүйөк болушуң керек эле, антүүнүн ордуна Боргемикке душмандык кылып жатыпсың. Өзүң эле калыс болчу, эмне десем болот бул жоругуңду?!.

С а б ы р. Мен Боргемик байкеме душмандык кылганым жок, ата. Байкем өзүнө-өзү душмандык кылып жатат!

А с ы л к е р и м. Сабыр!

С а б ы р. Акырын, эл угат!

А с ы л к е р и м. Жакын агаңа жамандык кылгандан уялбайсың, ээ! Эми менин акыйкат сөзүмдөн уялып калдыңбы?! Береки сакал көптү көргөн сакал... Мени сыйлабасаң да сакалымды сыйласаң болбойбу!..

С а б ы р. Өзүңүз менен тең карып келатам, ата. Бир жолу да алдыңыздан кыя өтө элекмин.

А с ы л к е р и м. Балам!.. Кемпир экөөбүздү сыйласаң Боргемикти да сыйла... Ал чоң адам... журтчулукка сиңирген эмгеги көп...

С а б ы р. Туура, байкемдин эмгеги көп... Бирок ал деле бизге окшогон эле адам. Ал жаңылбас болуптурбу?

А с ы л к е р и м. Боргемик жаңылбайт.

С а б ы р. Жаңылбасын кайдан билесиз?

А с ы л к е р и м. И, эгер анын жаңылганын көрсөң-көрмөксөн, уксаң-укмаксан болбойсуңбу!.. Туугандык деп ошону айтат түшүнсөн!

С а б ы р. Боргемик байкемдин шору ошондо болуп жатат. Ооба, ата. Ал кайдагы бир пиянкеч, көпкөлөң кеңкелестерди өзүнө тууган көрүп айланасына топтоп алыптыр... Алардын кошоматына эрип, ошолордун сөзүн сүйлөп калыптыр... Ошол эле дейсизби?.. Өзүнүн тууган сөрөйлөрүнүн кемчиликтерин көрсө-көрмөксөн, укса-укмаксан болуп, аларга курулай алакан чаап... ал эми Муктардай ак ниет адамдарды болсо, өзүнө душман санап куугунтуктай баштаптыр!.. Ушуларды көрүп-билип туруп кантип унчукпай коём? Антсем эл эмне дейт, журт эмне дейт, айтыңызчы?.. Мен анте албайм!..

А с ы л к е р и м. Ой, бой, балам, балам!.. Жаштайыңдан айылдан оолак туруп калдың. Ошонун кесепети болуш керек. Байкап көрсөм, тууган деген эмне экенин билбей калган турбайсыңбы таптакыр!

С а б ы р. Тууган деген сөз үй-бүлөдө гана болушу мүмкүн. Ал эми мамлекеттик иште болсо тууган-пууган деген жок мен үчүн. Кимде-ким ак ниет, иштерман болсо, таланттуу, шыктуу болсо мага ошо тууган, мен ошону жактайм, ошо деп жанымды берем!

А с ы л к е р и м. Минтип жүрсөң журтчулуктан айрыласың, шүмшүк болосуң! Уктуңбу, шүмшүк болосуң дейм!..

С а б ы р. Сиздин тилиңизге кирсем, ошондо шүмшүк болом!

А с ы л к е р и м. (*Ачуулу*) Сабыр!

С а б ы р. Кошуңуз…

А с ы л к е р и м. Балалыктан кечем!..Теңир урсун, кечем!.. (*Сабырдын соңунан)* Сабыр, токто!.. Токто дейм!

*Асылкерим, чыгат. Кухнядан Майсалбүбү кирет.*

М а й с а л б ү б ү. Балалыктан кечсе кечип жиберет. Ушундай эргул бул чал. Настояший кадр! (*Керкибашев кирет*) Ко-ош, баатыр акеси! Трубканы эмнеге өз убагында албайсың?.. Эмне унчукпайсың?

К е р к и б а ш е в. (*Өзүнчө)* Үйдө да тынчтык жок!

М а й с а л б ү б ү. Бирдеме ичкенсиң го дейм, темтеңдеп калыпсың. *(Керкибашев унчукпайт)*. Мени келесоо дейсиң го? Ничего подобного, милый мой! Майсалбүбү деген тажрыйбалуу аял. Мен бардыгын билем..

К е р к и б а ш е в. *(Күрсүнүп)* Эмнени билесиң?

М а й с а л б ү б ү. Кана, мен звонить эткенде кайсы красоткаң менен эзилишип отурдуң, я?.. Айткын дейм, болбосо мировой скандал башталат! Ты не виляй хвостом! Айткын!

К е р к и б а ш е в. Билсем деп чыдабай баратасың го?.. Обкомдун секретары менен сүйлөшүп жаткам.

М а й с а л б ү б ү. Обкомдун секретары?! Биринчинин өзү мененби?.. Ал эмне дейт?!

К е р к и б а ш е в. Бирдемең барбы, эртеңден бери наар алганым жок.

М а й с а л б ү б ү. (*кастрюлдан, кымыз куюп*) Кымыздан иче тур… азыр козунун эти бышат.

Ке р к и б а ш е в. Кайдагы козу?

М а й с а л б ү б ү. Эмне, асмандан козу жааганын көрдүң беле?.. Апкелди…

К е р к и б а ш е в. Ким?

М а й с а л б ү б ү. Анда эмне ишиң бар?.. Андан көрө… Серкебай окуусун бүттү… Көптөн бери колоктоп

бош жүрөт… батыраак кызматка орноштуруп кой. Жакшы кызмат болсун, сага сүйөк болчу балдардын бири.

К е р к и б а ш е в. Сүйөк болчу балдардын бири деп… Сүйлөбөгүн орду жок сөздү!

М а й с а л б ү б ү. Серкебай кайниң болот…

К е р к и б а ш е в. Кайни болбосо куруп кетсин!.. Менин кайним да жок, иним да жок… менин эч кишим жок… Мага эч кимдин кереги жок!

М а й с а л б ү б ү. Сен Боргемиксиңби же башкасыңбы? Бери карачы! Менин эч кимим жок деп… Ини, кайни, таяке, кудадан кол үзгүң келип калган экен го, ээ?! Түшүнүктүү!.. Менин жападан-жалгыз бутагым Бекетти көп көрүп… кендириңди кесип жаткан Бекет болуп калган турбайбы,ээ?! Нет, дорогой мой!.. Сенин кендириңди кесип жаткан Бекет эмес. Сенин кендириңди кесип жаткан жаңкы Муктар деген кыянатчы!

К е р к и б а ш е в. Жо-ок, Майсалбүбү!.. Муктар кыянаттык эмес. Ойлой келсем, мен өзүм кыянатчы окшойм!

М а й с а л б ү б ү. Боргемик!

К е р к и б а ш е в. *(токтоо)* Акырын!

М а й с а л б ү б ү. Бери карачы!.. Түз кара!.. Сүйлөгүн эми, жек көрүмчү!

К е р к и б а ш е в. *(күрсүнүп)* Таап айттың, Майсалбүбү! Мен жек көрүмчүмүн! Туура!..

М а й с а л б ү б ү. Ошого Бекет айыптуубу?!

К е р к и б а ш е в. Жок… Бардыгына өзүм айыптуумун!

М а й с а л б ү б ү. Абсолютно правильно! Бардыгына өзүң айыптуусуң. Да, да! Сабеби, мамлекеттик масштабың жок жетекчисиң!.. Жетекчи эмес, жетекчи сөрөйсүң!.. Чыныгы жетекчи деген Муктарга окшогон шектүү типчиктердин бирин койбой айдайт, өзүнүн айланасына чыныгы берилген кадрларды топтойт!

К е р к и б а ш е в. *(Кейиштүү күлүп)* Ошондойбу?!

М а й с а л б үб ү. Именно, ошондой! Мен канча айттым сага. Менин Бекетим эч качан кыйбай турган кадр. Эгер ошондой кадрларды топтосоң, отко күйбөс, сууга чөкпөс баатыр болуп жүрө берет элең. Бирок анте албадың. Шоруң ошондо!

К е р к и б а ш е в. Жок, Майсалбүбү, шорум анда эмес!..

М а й с а л б ү б ү. Анда эмес?! Анан эмнеде?!

*Пауза.*

К е р к и б а ш е в. *(Күрсүнүп)* Байкуш Медетов...

М а й с а л б ү б ү. Тигини!.. Байкуш Медетов деп... анын өлгөнүнө сен айыптуу белең? Медетов жеткен ушакчы болучу.

К е р к и б а ш е в. Майсалбүбү!

М а й с а л б ү б ү. Кыйкырба!.. Анын өз ажалынан өлдү, все... Катын-балдарына болсо үй бердирдиң... Пенсиясын алышат. Дагы эмне керек?!

*Пауза.*

К е р к и б а ш е в. «Адам болгон соң адамды издейт экенсиң. Адамды тапсаң жакшы, таппасаң — жаман» деп көпкө жер тиктеп калар эле. Анан башын көтөрүп: «Бир кездерде мыкты адам элеңиз. Азыр болсо, жол башкармасын сиз башкарбай эле, аялыңыз менен туугандарыңыз башкарып калды... Бу жакшылыкка алпарбайт!» деп чыгып кетер эле. Мен Медетовду сөкчүмүн, жаман көрчүмүн. *(күрсүнүп)* Байкуш Медетов. Көрсө, Жакшылык тилеп жүргөн турбайды мага!

М а й с а л б ү б ү. Боргемик!

К е р к и б а ш е в. Чаңырба!

М а й с а л б ү б ү. Чаңырам. Чаңырмак тургай, жөн эле бар эмеспи... Кайдагы бир ушакчы Медетовду жакшы адам деп... Дың дебегин!.. Мен канча айтам сага!..

Киши болом десең туугандарынды аягын, туугандарыңа күйгүн. Тескери караба, мени кара!.. Барып-барып эле туугандан өтөрү жок. Тууган деген калп айтпайт, жамандыкка түртпөйт. Дайыма жакшылык тилейт!..

К е р к и б а ш е в. *(Кейиштүү күлүмсүрөп)* Туура, Майсалбүбү, туура... Бир топтон бери мен ошондой ойлоп келгем. Тууган деген калп айтпайт дечүмүн, жамандыкка барбайт дечүмүн... Ошол себептен, алардын күбүр-шыбырына ишенип жүрдүм... Аларды ак ниет көрүп, чыныгы кадрларым деп кубанып жүрдүм... Көрсө, өзүмдүн шорума кубанып жүргөн окшойм!

М а й с а л б ү б ү. Боргемик!

К е р к и б а ш е в. *(Столду муштап)* Болду!.. Кайдагы бир ушакчы, мансапкорлорду өзүмө үйүр кылып алып... алардын кошоматына эрип... *(үнүн басаңдатып)* Муктардын айтканы туура көрүнөт. Кибир жандарга кошулуп алып, кибир болуп баратканымды байкабай калган окшойм! (*Майсалбүбүгө бурулуп, үнүнүн бардыгынча кыйкырат)* Жетет!.. Тууган-пууган дегениңдин бардыгын шайтан бассын!.. Мен тууган-пууган дегеңди билбейм! Билгим да келбейт! Мен эми ак ниет адамдардын гана сөзүн угам!.. Мен чыныгы таланттарга гана жол, берем... Точка!

М а й с а л б ү б ү. Жо-ок, баатыр акеси, точкасы эмес, запитоюн да коё элекеиң. Точкасын мен койгондо гана коёсуң!..

К е р к и б а ш е в. Жакшылык менен айтам. Мындан ары кийлигишпегин менин ишиме!

М а й с а л б ү б ү. Ошондойбу?!

К е р к и б а ш е в. Ошондой.

М а й с а л б ү б ү. Болуптур, Андай болсо бүгүндөн тартып туугандарыңдын бирин да жолотпойм үйгө... Төркүндөрүмдү да жолотпойм... Бул эмнең дешсе, Бор-

гемик ошентти дейм!.. Бияктан менин туугандарым, тиyктан сенин туугандарың... бардыгы биригип туруп тескери карап коюшсунчу, эмне болор экенсиң?! Тирүүлөй өлүк болосуң *(Керкибашевге жакындап)* Ошол эле дейсиңби? Жо-ок, баатыр акеси!.. Экөөбүздүн ортобуз кудайдын куттуу күнү кызыл-кыргын болот да турат!

К е р к и б а ш е в. Муну менен коркутпай эле кой. Биз ансыз да кызыл кыргынбыз!..

М а й с а л б ү б ү. И, сен ошондой баатыр эмессиңби! *(Керкибашевдин ээгин сөөмөйү менен өйдө көтөрүп)* Жолдош Керкибашев Боргемик Керкибашевич күндө бир аял менен жүрүп, турмушунан бузулду деп түз эле Борбордук Комитетке арыз жазамын!

К е р к и б а ш е в. Сен эмне, кутуруп кеттиңби?!

М а й с а л б ү б ү. И, кандай экен?! Эгер мени анттирбейм десең, Муктарыңды жогот!.. Айт, жоготосуңбу же жокпу?.. Тез!

К е р к и б а ш е в. Жок, Майсалбүбү, мен Муктарды жоготпойм. Колумдан келсе Муктарга жардам берем! Мындай бол!

М а й с а л б ү б ү. *(Күйөөсүнүн алдын торгоп)* Азыркы сойкулар чымын чаккан менен барабар болучу. Последний решаюший удар биякта жатат. *(Катты, берип)* Окугун!

К е р к и б а ш е в. Ал эмне?

М а й с а л б ү б ү. Бекеттин чийки долбоорун жездеси Керкибашев сүрөп өткөрүп кетти деп, Муктарың профессоруна кат жазыптыр. Профессор адилет экен. Чеңгелевге минтип жооп жибериптир. Баш жагын коюп, аягын оку!

К е р к и б а ш е в. «... Инженер Бекеттин долбоору бүгүнкү күндүн талабына ылайык үнөмдүү, демек, талanттуу түзүлгөн долбоор. Инженер Муктарга окшоп эл-

дик каражатты талаага чачып, зыяндуу авантюризмге берилүү болбойт… Профессор Саматов».

М а й с а л б ү б ү. И, эми эмне дейсиң?.. Колумдан келсе Муктарга жардам кылам деп… Жардам кыл, жүгүр! *(Күйөөсүнүн алдын торгоп)* Муктар жамандык издеп жатат сага. Жиниңдей көрүшүң керек аны.

К е р к и б а ш е в. Мен жинимдей көрөм аны.

М а й с а л б ү б ү. Молодец!

К е р к и б а ш е в. Бирок көп өтпей эле кайрадан жакшы көрүп калам. Эмнеге дейсиңби?.. Билбейм.

М а й с а л б ү б ү. Довольно антимонию разводить! Айт жоготосуңбу аныңды же жокпу?!.

К е р к и б а ш е в. *(Ачуулу)* Бая эле айтпадымбы мындай бол деп… Мен эс алам…

*Майсалбүбү күйөөсүн ээрчип ички бөлмөгө кирет. Сырттан Маржаке кирип, терезеге арта салынган Алмазды көрөт.*

М а р ж а к е. Жинди болгонсуңбу, Алмаз?.. Жеңем үйдө. Батыраак кет. Бол!.. Ай, кудай, ай! Эмне күлөсүң… Суук тийет!..

А л м а з. Таң сүрө Тар-Капчыгайга жөнөйм. Сени менен коштошо кетейин деп эле… Бери, болчу, Маржаке *(бетинен өбөт)* Дагы бир жолу.

М а р ж а к е. Жок, жок!. Сапарың ачык болсун! Батыраак жөнө!

*Ички бөлмөдөн Майсалбүбүнүн «Мына сага! Мына сага!» деген ачуу кыйкырыгына кошулуп, сынган нерселердин добушу угулат.*

М а р ж а к е. *(Алмаздын бетинен өөп)* Жөнөчү эми, байболгур!

*Ички бөлмөдөн Майсалбүбү чыгат.*

А л м а з. Жок, мен өзүм өппөйүнчө эч кайда кетпейм!

М а р ж а к е. Жеңем келет дейм!

А л м а з. Жеңең келмектен, жезкемпир келсе да, коркпойм!

М а й с а л б ү б ү. *(Алмазды ачуулу тиктеп)* Өзүң өпмөйүнчө кетпейсиң ээ?! Ал тургай, жезкемпир келсе да коркпойсуң, ээ?!, Кана, түз карачы, сынап көрөйүн!

А л м а з. А, саламатсызбы, Майсал жеңе…

М а й с а л б ү б ү. Майсал жеңе деп… Жогол!.. Жогол дейм! *(терезени катуу жаап, Маржакеге кайрылат)* Шагияны чакырып кел деп жибербедим беле. Кайда?

М а р ж а к е. Жок экен үйүндө.

М а й с а л б ү б ү. Кайдагы бир селсаяк менен тил сорушуп… бул эмне деген шермендечилик?

М а р ж а к е. Кайдагы бир селсаяк деп… уялсаңыз боло ушинтип айткандан!

М а й с а л б ү б ү. *(чаңырып)* Бас жаагыңды! Муну көрчү… Мени уяткарчу киши сенсиңби, я?!

К е р к и б а ш е в. *(ички бөлмөдөн чыгып)* Дагы кандай балакет болуп кетти? Бул эмне деген ызы-чуу?!

М а й с а л б ү б ү. Карындашыңдан сура. Мени абийирсиз деди!

К е р к и б а ш е в. Жок жерден адамдын жүрөгүн сыздатканың жакшы эмес… Эмне үчүн ошенттиң, жооп бергин?

М а й с а л б ү б ү. Бар болгон айыбым… жаңкы Алмаз деген немени жолотпой жүр деп акыл айтканым…

К е р к и б а ш е в. Алмазың ким?

М а й с а л б ү б ү, Келесоо… хулиган… бандит… башкесер!..

М а р ж а к е. Маданияттуу аялмын деп керилесиз, сүйлөгөн сөзүңүздүн бардыгы булганч!

К е р к и б а ш е в. Болду, кургурдун баласы! Бир тууган жеңесине сөз тийгизип… уялсаң болбойбу!..

М а р ж а к е. Мени коюп, өзүңүздү караңызчы… Чынын айтсам, уялып өлө турган болдум сиз үчүн!

К е р к и б а ш е в. Мен үчүн уялып жүрөсүңбү?! Сенби?!

М а р ж а к е. Мага калганда эле баатырсыз! Башкага болсо ооз ачалбайсыз!.. Анан дагы…

К е р к и б а ш е в. Маржаке!.. Бар! Көрүнбө көзүмө!

М а р ж а к е. Куубасаңыз да кетем!

М а й с а л б ү б ү. *(Алдын торгоп)* Токто! Бул үйдөн кетип кайда барып күн көрмөк элең?

М а р ж а к е. Оокатым өтпөй калмак беле?.. Бул үйгө жалдырап келбейм! *(чыгат)*

К е р к и б а ш е в. Маржаке! Маржаке! *(сыртка чыгып кайра кирет)* Кетип калды! Жаан бу болуп турса үстүнө эчтеке кийбей кетти!.. Суук тийип ооруп калбагай эле!…Каап!

М а й с а л б ү б ү. Кейибей эле кой. Өлбөйт!

К е р к и б а ш е в. Жандын ташбоорусуң!

М а й с а л б ү б ү. Боргемик!

К е р к и б а ш е в. Кыйкырбачы, байболгур!.. *(Терезеге барып)* Карачы, жаан катуу жаап турат, бала болсо көйнөкчөн кетип калды!..

*Бекет кирет.*

М а й с а л б ү б ү. Кел, садага болоюн. Эмнеге кабагың, бүркөө? Үстү-башың суу… шашып келген көрүнөсүң.

Б е к е т. Сабыр менен Муктар экөө борбордон комиссия чакыртышыптыр. Эртең келет экен.

М а й с а л б ү б ү. Комиссия?! *(Күйөөсү менен Бекетти алымсабак карап)* Эми эмне болот?! Боргемик?! *(үзүлө кыйкырып)* Боргемик?!

*Керкибашев жер карап унчукпайт.*

### *Бешинчи сүрөт*

*Төртүнчү сүрөттүн жасалгасы. Түн. Терезеден ай тийип турат. Майсалбүбү жалгыз. Анын өңүндө да, үнүндө да билинер-билинбес кайгы.*

М а й с а л б ү б ү. *(акырын)*

Жайлоонун жашыл гүлүндөй,
Гүл калмак беле күбүлбөй.
Жаш кезинде ойноп-күл,
Жаш өмүр өтөт билинбей! *(Күрсүнүп).*

Өмүр!.. Өмүр!.. Асмандагы ай менен жылдыз кызалак кезимде кандай болсо, азыр да ошондой… А мен болсом… Менин беш көкүл курбалым алыс-алыс калды!.. Оппо, курган дүйнө!.. Кыз кезимде кызылдай жинди элем… оюма келгенди отточумун. Ооба, байкуш Боргемигимди бийик аскадан тикендүү караганга секирткен Майсакең ушул мен эмес белем!.. Анда жаш элем!.. Сулуу элем!.. *(күзгүгө карап)* Артымдан көргөндөр азыр деле девушка деп чакырышат! *(катуу күрсүнүп)* Девушка!.. Какого черта! *(ордунан туруп)* Өмүр кургур өтүп баратат. *(Серкебай кирет)* А, Серкебай… Кел, садага болоюнум.

С е р к е б а й. Чач кесилди… Мурут да оомийин!.. Караңызчы, эмнеге окшоп калыпмын?

М а й с а л б ү б ү. Адамга окшоп калыпсың…

С е р к е б а й. Сиздин тилиңизден чыкпайм дебедим беле..! *(колундагы түйүнчөктү диванга ыргытып)* Аюунун талпагы. Апам өңдөп коюптур. Мындай нерсенин баасы жок. Мода!..

М а й с а л б үб ү. Эмне жаңылык бар?

С е р к е б а й. Менимче, азыркы замандын мүнөздүү белгиси өлгөндөр аз, ал эми төрөлгөндөр болсо сан жет-

пейт... дагы отуз-кырк жыл өтсө адамзаттын саны он миллиард болуп кетеби, деп корком.

М а й с а л б ү б ү. Массың го дейм, кокуй?!

С е р к е б а й. Абсолютно мас эмесмин. Полбанкага да киши мас болчу беле?..

М а й с а л б ү б ү. Полбанка дегениң эмнең?!

С е р к е б а й. Азыркы замандын тилинде жарым литрди полбанка дейт. Капа көрүнөсүз?

М а й с а л б ү б ү. Менби?!. Жо-ок, садага болоюнум. Эмнеге, капаланмак элем?.. Баса, кызматың жөнүндө сүйлөшүп койдум. Бүгүн-эртең орношосуң.

С е р к е б а й. Ыракмат, эжекебай. Айтмакчы, Анаргүл турмушка чыгыптыр.

М а й с а л б ү б ү. Кимге?

С е р к е б а й. Өзү менен бирге иштеген Надырбек деген зоотехникти билчү белеңиз?

М а й с а л б ү б ү. Мал ашырганда ашуудан учуп кетип чолок болуп калды дешкен эле. Ошого дейм, болгондо?

С е р к е б а й. Ооба. Так өзү.

М а й с а л б ү б ү. Анаргүл эми ошол чолокко тийиптир дечи?! .

С е р к е б а й. Жарым жан немени аяганынан тийген имиш. Аёо!.. Макул, аны аяды дейлик. Өзү эмне болду?.. Түбөлүк кор болду да... бул барып турган наадандык!.. Анаргүл эссиз кыз экен!

М а й с а л б ү б ү.. Айтчы, садага болоюнум, эжеңди жөн эле тамашалап жатасыңбы же чыныңбы?

С е р к е б а й. Эмки ишембиде тою болот имиш. Шагыя Акматовна ордунан турбай калыптыр. А балким, өлүп да калгандыр. Позор да!.. (*Эки жагын каранып*) Жездем көрүнбөйт да?

М а й с а л б ү б ү. Жездең обкомдун бюросунда.

С е р к е б а й. Обкомдун бюросунда?!

М а й с а л б ү б ү. Ооба.

С е р к е б а й. Эже! Муну кандайча түшүнүүгө болот?!.

М а й с а л б ү б ү. Муктардын арызы боюнча авторитеттүү комиссия келген имиш борбордон.

С е р к е б а й. Бекет Матаевичтин долбооруна байланыштуу го сыягы?

М а й с а л б ү б ү. Ооба, көбүнчө ошого байланыштуу. Тууган-уруктарына жан тартат деп айыптап жатпайбы жездең байкушту!

С е р к е б а й. Эже?!

М а й с а л б ү б ү. Чочуба, садага болоюнум. Муктар жөнүндө факты аябай көп. Анан, жездеңдин өзү да оңой жоодон эмес. Мындай бюролордун далайында болгон. Сен отура тур, звонить этип билейинчи, бюро бүттү бекен?

*Майсалбүбү ички бөлмөгө киргенде, Быржыбай менен Какумбек кирет.*

К а к у м б е к. Көлдө турат, ой, аккуулар…

Б ы р ж ы б а й. Бас жаагыңды!

К а к у м б е к. Законно!

С е р к е б а й. О, привет славному рабочему классу! *(Буфетти ачып, бутылканы алат)* Эжемдин катып койгон Кагору бар экен, ошого кол салалык эмесе.

К а к у м б е к. Өзү кайда?

С е р к е б а й. Убактылуу орунбасар кылып мени калтырып кетти. Ха, ха, ха… Бекет Матаевич айтып калат ко, чагылгандын огундай кыска өмүрдү ыракат менен өткөрүү керек деп… Замананын талабы ушул… Өзүңөр айткандай ыракат деген ошол да! Өзүңөр айткандай, зыпың эттирип койсок кантет?

Б ы р ж ы б а й. Ыракат деген ошол да!..

К а к у м б е к. Законно! Жездебиз турганда дуулаш керек!

С е р к е б а й. *(Тост көтөрүп)* Силерди ушунчалык жакшы көрөм дейсиң... тим эле бар эмеспи... Чынын айтсам, кандайча жакшы көрөрүмдү өзүм да билбейм!

Б ы р ж ы б а й. Биз да сени ушунчалык жакшы көрөбүз дейсиң... ушунчалык жакшы көрөбүз дейсиң... Айтып койчу, кантип жакшы көрөрүбүздү...

К а к у м б е к. А чёрт его знает!..

С е р к е б а й. *(Быржыбайга)* Автобазанын болочок директору үчүн!

Б ы р ж ы б а й. *(Серкебайга)* Болочок министр үчүн!

С е р к е б а й. (*Какумбекке)* Бекет Матаевич сен туурасында бирдеңке айтты беле же жокпу?

К а к у м б е к. Мен туурасындабы? Кантип айтпасын. Буюрса, обкомдун биринчи секретарынын болочок шоферубуз да!

С е р к е б а й. О, андай болсо, обкомдун биринчи секретарынын болочок шоферу үчүн!

К а к у м б е к. Законно!

С е р к е б а й. Ушунун бардыгы жездемдин аркасы менен боло турган иш. Бизди адам кылып жаткан жездебиз үчүн ичели, э?

Б ы р ж ы б а й. О!.. Жездебиз үчүн өлсөк да ичебиз!

С е р к е б а й. *(Ичип)* Чёрт возьми. Мен сөзсүз үйлөнөт элем!

К а к у м б е к. Кимге?

С е р к е б а й. Шакий Үсөновнага.

К а к у м б е к. Сума сошел?.. Баласычы?!

С е р к е б а й. Э, түкүрдүм мен анын баласына. Мага анын баласы керек эмес, өзү керек... Өткөн жылы Чолпон-Атадан жолугушуп калдык... Анын денесинин чымырдыгы, ий!.. Суу токтобойт!.. Көкүрөк, белин карасаң... Мойну

жумуруланып… Көзү болсо, мына бу фужердеги кагорго окшоп жашылданып… Жөн эле бар эмеспи жалбарып турат.

Б ы р ж ы б а й. Пах, атаңдын көрү, ай!

С е р к е б а й. Мен ага сөзсүз үйлөнөм, же эч болбогондо өзүмө личный секретарь кылып алам!

К а к у м б е к. Жездемчи?.. Секретарсыз калабы?.. Ташбоор болбо.

*Шакий кирет. Тигилер байкабайт.*

С е р к е б а й. *(Ичип)* Жездеме табылат. Анын үстүнө он уже старик… Мен Шакий Үсөновнага сөзсүз үйлөнөм. Анын бой-келбети, друзья мои, министрдин аялы болууга гана жаралган!.. Андан, көрө кайда жүрөт болду экен? Мен аны издейм.

*Шакий. Убара болбо. Мен ушу жердемин.*

С е р к е б а й. Ш а к и й Үсөновна?!

Ш а к и й. Үйлөнбөйсүңбү!.. Үйлөнө кой азыр эле!

С е р к е б а й. Азыр эле?!. Ну, что вы… кечиресиз…

Ш а к и й. Өзүңдү багалбай жүрүп күйөөдөн айланат бакенсиң!

С е р к е б а й. Шакий Үсөновна!

Ш а к и й. Сүйлөбө!.. Министр! *(Быржыбайга)* Майсалбүбү эже кайда?

Б ы р ж ы б а й. Билбейбиз *(ыктытып)*. Биз келсек жок экен.

*Бекет кирет.*

Б е к е т. А-а, Шакий Үсөновна… Сиз да мында белеңиз… Муктар деп жүрүп көп нерседен айрыласыз деген элем… Кызматтан бошоп калыпсыз го…

Ш а к и й. Муктардан эчтеме жоготконум жок, Бекет Матаевич. Тескерисинче, көптөн бери жоготкондорумду

кайрадан таап алгандай болдум, *(түз карап)* Муктар түз жигит экен, ак ниет, айкөл экен... Адамга тилегени жакшылык... Тилимди алыңыз, кол үзбөңүз андан. Өзүңүзгө эле жакшы...

Б е к е т. Ыракмат, Шакий Үсөновна... Менин акыл тишимдин чыкканына көп болгон.

*Пауза.*

Ш а к и й. Ал эми менин кызматым жөнүндө болсо, мени эч ким бошоткон жок, мен өзүм бошонуп алдым.

Б е к е т. Муктардын бал тилине кирип, Апинага боорооруп кеткенсиз го?. Апина деген ушакчы аял болучу!..

Ш а к и й. Жок, Апина эже ушакчы эмес, Бекет Матаевич, Мага орун таап берип, менден акы алыш үчүн сүттөн ак адамды ушактаган киши башка экен. Аны алыстан издеп убара болбоңуз! *(Күрсүнүп)* Мен адам деп жүргөн элем сизди!

Б е к е т. Түшүнүктүү. Демек, Жолдош Керкибашевдин абалы кыйындай баштаганын сиз дагы сезген экенсиз да?

Ш а к и й. Адамдын да адамы бар, Бекет Матаевич, тууганДын да тууганы бар. Боргемик агай шордуу киши! Ал өзүн өзү алдап жүргөн. *(Бекетти карап)* Кызматынан түшкөн күндө да жаман көрбөйм ал кишини, алдынан кыя өтпөйм!

Б е к е т. Мунунуз жөн гана ооздун жели.

Ш а к и й. Жок, Бекет Матаевич, мен адамдын кызматын же даңкын урматтабайм, анын өзүн урматтайм.

Б е к е т. Өлбөсөк көрөбүз, Шакий Үсөновна. Боргемик агайыбыз кызматынан куласа, бүттү дей бериңиз. Эки колун артына алып, көчөдө басып калат. Эч ким карабайт, урмат да кылбайт. Колунан эчтеме келбеген немени бирөө карамак беле? Ишениңиз, эч ким карабайт аны, эч ким урматтабайт. Сиз да ошентесиз. Себеби, турмуш ташбоор, анын логикасы ошондой.

Ш а к и й. Адамдын арааны жүрүп турган кезде, ким болбосун ага дос, ким болбосун туулан. Адам экенибиз чын болсо, адамдын башына кыйынчылык түшкөн кезде адамгерчилик кылышыбыз керек!

Б е к е т. Шакий Үсөновна!

Ш а к и й. *(Өзү ала келген коробканы Бекетке карматып)* Кармаңыз. Мен жокто Майсалбүбү эже үйгө таштап кетиптир... Мен өзүмдүн абийиримди алтынга да сатпайм, ушинтип айтып коюңуз! (*Кетип баратып, кайра кайрылат*) Баса, мен троллейбус паркына орноштум... Уйкудагы шаардын ээн көчөсүндө жалгыз калсаңыз, троллейбуска сала кеткенге жарайм.

Б е к е т. Ыракмат жакшылыгыңызга! Өзүңүзгө эле буюрсун!

Ш а к и й. Чочубаңыз, Бекет Матаевич, мен бирөөгө кылган жакшылыгым үчүн акы сурабайм!

*Шакий чыгат. Пауза.*

Б е к е т. Эмне унчукпайсыңар! Толтургула! *(Тигилердин бирөө да козголбойт)* А-а, бирдеменин четин силер да сезип калган окшобойсуңарбы?.. Менин алдымда жүгүрүп турчу элеңер... Эми болсо... Шашпагыла! Бийлетем! Бужүрөтөм!.. *(өзү куюп ичет)* Сволочи! *(кетип баратып)* Эжеме айтып койгула, азыр келем *(чыгат)*.

С е р к е б а й *(өзүнчө)* Жолдош Керкибашевдин абалы кыйындай баштады дегени кандай?! Это мне не нравится! Определенно не нравится!

К а к у м б е к. Эй, тууган!

С е р к е б а й. Абайлап сүйлө, паразит! Качан тууган элем силерге?!

К а к у м б е к. У, фрайэр!

Б ы р ж ы б а й. Какумчик!

К а к у м б е к. Я за него!

С е р к е б а й. Теңелбе! *(Кагыштырат)* Өзүбүздүн, ден-соолугубуз үчүн!

К а к у м б е к. *(ичип)*. Законно!

С е р к е б а й *(өзүнчө)*. Бекеттин айтымында, жолдош Керкибашев ыргыйт окшойт. Андай болгон соң… *(алып келген түйүнчөгүн көтөрүп)* Мындай кымбат белекти калтыргандай акмак белем *(чыгат)*.

Б ы р ж ы б а й. Менимче тиги туура кылды. Алып келген козубузду кайра ала кетели, өзүбүз жегенибиз жакшы.

К а к у м б е к. Жок, Быржыбай, андай итчилике барбайлы. Жакшылыкты унуткан болбойт. Это не законно!

Б ы р ж ы б а й. Мен алып кетем.

К а к у м б е к. Былжыраба, Быржыбай!

*Түлкүбаев кирет.*

Б ы р ж ы б а й. Чиш-ш!

Т ү л к ү б а е в. Дагы ичип жатышкан тура! Акмактар десе!.. Шаар ичи дуу-дуу… Керкибашев кулайт дешкендей болсо… Уга элексиңерби?! Жоголгула! *(Быржыбай менен Какумбек чыгат)*... Ко-ош деген экен. Ар ким- ар кимдин айтымында, борбордон келген комиссия Муктар менен Сабырды жактап жаткан имиш. Ал эми бюронун мүчөлөрү болсо… Керкибашевдин терисин тескерисинен сыйрып… О, алардын жаагы өтө катуу дейт! Демек, Керкибашев соо калбайт. Сөзсүз кулайт! Менчи? Мен эмне болом? Аны менен кошо мен да ыргып кетемби? Жо-ок. Мен тазамын!.. Токточу! Керкибашев оңколоп калса, ордуна ким болот? Сабырбы? Же Муктарбы? Кимиси?.. Муктар болушу керек. О, мен аны жакшы билем! Алтындай жигит эмеспи. Мен аны жанымдай көрөм!.. Керкибашевдерди башынан эле жактырчу эмесмин!.

*Ички бөлмөдөн Майсалбүбү келет.*

М а й с а л б ү б ү. Мындайда телефон да иштебей калат.экен. *(Түлкүбаевди көрүп)* А, жолдош Түлкүбаев!.. Түлкүбаев!

Т ү л к ү б а е в. *(Эки колун, бооруна алып, текебердүү карайт)* Сүйлөңүз.

М а й с а л б ү б ү. Серкебай кайда кетти?

Т ү л к ү б а е в. Мен Серкебайыңыздын адютанты эмесмин. Мен Түлкүбаевмин!

М а й с а л б ү б ү. Бу эмне деген менменсиниш? Сең эмне, ким менен сүйлөшүп жатканыңды унутуп калдыңбы? Я?!

Т үлк ү б а е в. Унутканым жак. Мен Керкибашевдин айымы... Майсалбүбү Чойбековна менен сүйлөшүп жатам!

М а й с а л б ү б ү. Бери карачы! Сен Түлкүбаевсиңби же анын сөлөкөтүсүңбү? Менин Боргемигимдин иниси болом деп жүргөн өзүң эмес белең, я?

Т ү л к ү б а е в. Оозуңузга карап сүйлөңүз, жолдош Майсалбүбү Чойбековна!

М а й с а л б ү б ү. Эмне?!

Т ү л к ү б а е в. Менин Түлкүбаев экеним ырас. Боргемигиңиздин иниси экеним жалган. Минтип айтканыңызды коюп жүрүңүз. Бирөө укса чын көрөт. Ооба, кайдагы бир урук-тууганчыл, артта калган элементке, булганч типчикке жабыштырып мени да соёт!

М а й с а л б ү б ү. Эмне деп тантырап жатасың, я?! Боргемик экөөң бир райондон экениң жалган беле?

Т ү л к ү б а е в. Бир райондо жашаган кишилердин бардыгы тең эле бир атадан туулуп калыптырбы?

М а й с а л б ү б ү. Ой, бетпак!.. Жердештерим, туугандарым деп безилдеп жүргөн сен эмес белең!

Т ү л к ү б а е в. Ушак сүйлөбөңүз! Сиздер менен эч кандай туугандыгым жок!

М а й с а л б ү б ү. Же бул соо эмес, же мен соо эмесмин. Айтчы деги, сен Түлкүбаевсиңби же башкасыңбы?

Т ү л к ү б а е в. Күмөн санабай эле коюңуз. Мен Түлкүбаевдин өзүмүн.

М а й с а л б ү б ү. Анда эмне үчүн чакырганда а-у, деп кыйкырбайсың?

Т ү л к ү б а е в. Керектүү учурда аулайбыз, керексиз учурда аулабайбыз!

М а й с а л б ү б ү. Түлкүбаев!

Т ү л к ү б а е в. Көптөн-көп суранамын. Үнүңүздү көтөрбөй сүйлөсөңүз экен!

М а й с а л б ү б ү. Кайдагы бир ушакчы, жалакорлор агайыңдын бетине көө сүртүп жатышса... сен болсоң минтип... эмне, агайыңдын кылган жакшылыгын унутуп калдыңбы? Ал үчүн өлүп берем дечү эмес белең?! Канакей өлүп бергениң?!

*Бекет кирет.*

Т ү л к ү б а е в. Сиз наристе эле бойдон турбайсызбы. Кайдагы, бир эскичил, ээнбаш үчүн өлүп бергидей кутуруп кетиптирминби? Өлгүңүз келсе, өлө бериңиз өзүңүз!

Б е к е т. Түлкүбаев!

Т ү л к ү б а е в. Кыйкырбаңыз, инженер!.. Сиздин ким экениңизди да билем. Түлкүбаев деген эки жүздүү, кошоматчылардан эмес. Тууган-урук деген эмне экенин да билбейм. Мен кай бирөөлөргө окшоп аларга жан тартпайм, Эмне күлөсүз? Адилеттик кайда болсо, Түлкүбаев ошо жакта! Инженер Муктарды баштатан эле жашы көрчүмүн! *(Майсалбүбүгө)* холодильниктин акчасынан калды эле, ошону бериңиз, кетем. Он беш сом отуз сегиз тыйын...

Б е к е т. Сайрай түш, түлкүм. Сайра!

Т ү л к ү б а е в. За публичное оскорбление соттуу, болосуз. Чыныгы таланттардын кендирин кесип, өңкөй

бездарный туугандарын көтөрмөлөгөн киши ким экенин билбейт дейсизби?.. Билебиз. Ал сиздин жездеңиз Керкибашев! Мен анын бетин ачам! Коркпойм!.. Чочко болоюн, көрсөтөм ага!

Б е к е т. Жолдош Керкибашев...

Т ү л к ү б а е в. Ой, эй! (*Керкибашев келип калган экен деп так түйүлөт. Артына кылчаят. Таңдана түшүп*) Мына, силер ушинтип адам баласын коркоктукка үйрөткөнсүңөр? Адам баласынын эркиндигин баскансыңар!.. Мындайды кечирүүгө болбойт!.. Болбойт!..

М а й с а л б ү б ү. *(Акчаны ыргытып)* Жогол!

Т ү л к ү б а е в. Он алты сом. Алтымыш эки тыйын силердики. Аны бербей койсом, жегич деп жалаа жаап... силерден ар кандай балээни күтүүгө болот!

*Түлкүбаев кетет. Пауза.*

М а й с а л б ү б ү. (*Түлкүбаев кеткен жакты карап*) Жүзүкара! (*наркы-терки баскан Бекетти ээрчий тиктеп*) Эмне болуп турасың, садага болоюнум?

Б е к е т. Эмне болуп турганымды өзүм да билбейм. Жаным жай албайт... Акчаңыз барбы?

М а й с а л б ү б ү. *(Сумкасынан акча алып жатып)* Анаргүл күйөөгө тийиптир, уктуң беле?

Б е к е т. Кимге?

М а й с а л б ү б ү. Баягы Надырбек деген чолок зоотехникке.

Б е к е т. Калп... Надырбак башка кызга үйлөнүптүр. Анаргүл болсо кечеги күнү эле Муктар менен жүргөнүн көргөм.

М а й с а л б ү б ү. Азыр эле Серкебайдан укпадым беле.

Б е к е т. *(күрсүнүп)*. Биз өтө эле көп нерсени угат окшойбуз. Өтө эле көп нерсе айтат окшойбуз. А, шайтан бассын...

М а й с а л б ү б ү. Бир атадан жалгызмын. Кудай этегимден да жалгабады!.. Арабыздан беш ата өтсө да, каныбыз бир *(көзүнүн жашын сүртүп)*. Мен шордуунун жалгыз өзүңдөн башка күйөрү жок!

Б е к е т. Ыйлабаңыз, жашыктыкты сүйбөйм!

М а й с а л б ү б ү. *(Акча берип)*. Алагой, садага болоюнум... Ал эми жаңкы Түлкүбаевди болсо... Жездең бюродон келсин...

Б е к е т. *(Майсалбүбүнүн сөзүн бөлүп)* Жездең деп... Жездем жок менин!

М а й с а л б ү б ү. Бекет!

Б е к е т. Ооба! Чыныгы адам болсо... ошондо гана жезде! Керкибашев жезде эмес мага.

М а й с а л б ү б ү. Кой, садага болоюн, антпе. Чындаса, сени адам кылган так ушу жездең байкуш болбодубу!

Б е к е т. О, мени адам кылган ким десем, Керкибашев турбайбы? А балким, өзүңүздү да айтаарсыз, Бекетти адам кылган мен болчумун деп?! Керкибашевиңиз коркок, кошоматчы, мансапкор!

М а й с а л б ү б ү. Бекет! Менин Боргемигим туурасында минтип айтпагын! Акың жок!.. Жаман да болсо Боргемик менин эрим... Отуз жыл ашуун ысык-суукту бирге көрүп келаткан жолдошум!.

Б е к е т. Эрим, жолдошум деп... Кайдагы бир принциби жок мылжыңдын золобосун көтөрүп... жыргаган экенсиз эрге!

М а й с а л б ү б ү. Ээнбаш сүйлөбө, Бекет! Ишке келгенде жездең өтө чечкиндүү адам!.. Бюродон келсин... Жаңкы Муктарын баш кылып бардыгын оңколотом!

Б е к е т. *(Аргасыз күлүп)* Ха, ха, ха! Оңколотот имиш!

М а й с а л б ү б ү. Бул эмне дел күлгөнүң?!

Б е к е т. Керкибашевиңдин өзү оңколоп калды!

М а й с а л б ү б ү. (*Креслого шалак этип)* Эмне дейт?!

Б е к е т. Керкибашев жетекчи кызматкер катары өлдү! Өлгөндө да абийир менен өлгөн жок, Муктардын айткандарынын баары туура экен деп, ага кошомат кылып, мактап жатып өлдү. Ал эми мени болсо жамандап отуруп, чылага аралаштырып салды. Өзүн да ошентти!

М а й с а л б ү б ү. Ал ошентип сүйлөдүбү?!

Б е к е т. Ошенткенде аман калам деди окшойт. Эмне, ишенбей турасызбы?

М а й с а л б уб ү. Сен бар белең ал сүйлөп жатканда?

Б е к е т. Бар болбогондо кайда кетмек элем?

М а й с а л б ү б ү. Андай болсо, эмнеге оңдоп койбодуң? Эмнеге болушпадың ал байкушка?!

Б е к е т. Өз принцибинде турган көкжалдарга гана болушат. Ал эми Керкибашевдей мөлтүлдөк жанбактылар болушкандан айлансын!..

М а й с а л б ү б ү. Бекет!

Б е к е т. *(катуу)* Ошондой!..

М а й с а л б ү б ү. Ал кайда жүрөт эми?

Б е к е т. Экинчи дем адыштан кийин эле чыгып кеткем! (*Колундагы акчаны ыргытып)* Алыңыз акчаңызды!

М а й с а л б ү б ү. Бекет!.. Кетпе!..

Б е к е т. Табар пайдам кайсы бул үйдө турганымда?! Тойдум силердин туугандыгыңарга!

М а й с а л б ү б ү. Бекет! *(Бекет эшикти катуу жаап чыгып кетет. Майсалбүбү эки жагын каранып)* Апкелген талпагы мында турду эле. Серкебай да кетип калганбы?! Жана Быржыбай менен Какумбек келгендей болбоду беле? *(Терезеден карап)* Алар да жок!.. Эч ким жок! *(Пауза)*. Түлкүбаевди эми түшүнбөдүмбү?.. Көрсө, Боргемиктин оңколоп калганын угуп келген турбайбы ал шүмшүк!.. Анда беркилер да уккан экен!.. *(Пауза, ойлуу)* Бу кандай болуп кетти? Тууган деген ушундайда күйүп-бышчу эмес беле? Боргемик кызматынан түшсө

эле таштап-таштап кетип калышкандары эмнеси?! Токточу!.. Аларга тууган керек эмес эле, Боргемиктин жардамы керек болуп жүргөн го дейм, я?! Ооба, Бекет бекерден айтты дейсиңби, табар пайдам кайсы бул үйдө турганымда деп?! Бекерден айткан жок! *(Чыйралып)* Мейли, андай пайдакор, жалган туугандардын кереги жок!.. (*Күрсүнүп*) Атаганат, булардын жүзүкаралыгын мурдараак билгенимде эмне!.. Душман болсо да Муктарга бердирбейт белем жардамды!.. Жакшылыкты унутпаган, сөзгө туруктуу неме деп уккам аны. *(Дубалда илинип турган илбирс, суусарлардын терилерин жулуп ыргытып)* Тууган болбой жерге кирсин ошолор!.. Боргемигимден айлансын! Жолотпойм аларды!.. Желкемдин чуңкуру көрсүн! *(эсине келип)* Жок!.. Жок!.. Боргемик кишидей болуп болуша албаса... Антмек тургай каратып туруп сатып жиберсе, кетпегенде эмне кылышат эле?! Туугандарда айып жок (*Керкибашев кирет*). Өлсөң да жөндөп өлбөйсүңбү, акмак!..

Керкибашев. Майсалбүбү!

Майсалбүбү. Молчать!

Керкибашев. Антпегин, Майсалбүбү. Урушкандан табар пайдабыз кайсы?.. биз карыдык...

Майсалбүбү. О, мени ким деп жүрөсүң я?! Кызматтан кулагандыкы белгилүү да, бардыгы тең эле сага окшоп карып калат. Это тоже давно известный прием *(күйөөсүнө жалт бурулуп)*. Бекетти жамандап анан өзүңдү жамандап... анчалык эмне күч келип жүрөт?!

Керкибашев. Мен өзүмдүн жамандыгымды башкага оодара салбайм. Өмүрү анткен жан эмесмин. Бюродо өзүм жөнүндө гана сүйлөдүм... Ооба, тайгак жолго, түшүп кибир болуп бараткыным жөнүндө сүйлөдүм.

Майсалбүбү. (*Жинденип)* Жетет дейм!.. Жетет!.. Өзүн өзү жамандап өлгөндөн сени гана көрүп отурам!..

К е р к и б а ш е в. Мен өзүмдү өзүм жамандаганым жок, Майсалбүбү. Мен бар болгону кемчилигимди мойнума алып сүйлөдүм.

М а й с а л б ү б ү. Жыргаптырсың! Ошого мактанып… айла жок… Мен эми гана билбедимби!.. Бали!.. Жеткен баатыр турбайсыңбы!..

*Пауза.*

К е р к и б а ш е в. Бекерге эле жекирип жатасың. Өзүнүн кемчилигин көрүп, моюнга алуу деген кыйын. Өтө кыйын!.. Антиш көрүнгөндүн колунан келбейт!

М а й с а л б ү б ү. Укмуш экенсиң! Ура! Ура! Ура!.. Ушунча жылдан бери сеии менен өмүр сүрүп келатам… Масштабдуу чоң адам дечүмүн, көрсө… бирударга чыдай албаган кепшир экенсиң… Болду. Бүгүнтөн тартып экөөбүздүн тең башыбыз ачык!.. Точка!..

К е р к и б а ш е в. Антпегин, Майсалбүбү!.. Ич арада өйдө-ылдый боло берет. Турмуш экен, кантет элек… Анткен менен, менин баркыма сен жетесиң, сеникине болсо… мен гана жетем!..

М а й с а л б ү б ү. (*Карабастан*) Мени өзүңдөй ойлойт экенсиң го, ээ? Жо-ок, баатыр акеси!.. Мен принциптүү аялмын. Точка дедимби, бүттү…

К е р к и б а ш е в. Майсалбүбү!..

М а й с а л б ү б ү. *(Столду муштап)* Точка!

*Маржаке кирет.*

М а р ж а к е. Эсенсизби, жеңе.

М а й с а л б ү б ү. *(Тескери бурулуп)* Эсен болбогондо эмне, өлдү деп уктуң беле?!

М а р ж а к е. Алмаз экөөбүз Тар-Капчыгайда элек… Бюро болуп жатат дегенин угуп, чый-пыйым түшүп… Айтыңызчы, байке, бюро эмне менен бүттү?

М а й с а л б ү б ү. Түлөө кылгыла Алмазың экөөң!.. Жар чакыргыла!.. Келесоо байкең арсыз өлүм менен өлүптүр!..

М а р ж а к е. Жеңе!

М а й с а л б ү б ү. Мен сага жеңе эмесмин. Бакырбагын!

М а р ж а ке. *(Суроолуу карап)* Байке?

К е р к и б а ш е в. Ыйлаба, Маржаке.

М а й с а л б ү б ү. Эмнесин жашырасың?! Кулатып салды деп ачыгын эле айтпайсыңбы!

К е р к и б а ш е в. Бюродо катуу сөгүш жарыялашты.

М а р ж а к е. Байке! Ордуңузда калтырыштыбы?!

К е р к и б а ш е в. Ооба, ордумда калтырышты!..

*Майсалбүбү онтогондой башын мыкчып, креслого отурат. Керкибашев терезени ачып, алыскы тоолорду тиктейт. Маржаке агасынын ийнине башын коюп тилсиз.*

***А я г ы.***

## ЖЫГЫЛГАН ООГОНГО КҮЛӨТ

*Эки көшөгөлүү, алты сүрөттүү комедия*

### КАТЫШУУЧУЛАР:

1. М а л а б а й.
2. Ч ү к ө д ө й.
3. Ш е р м а т.
4. Д ү р и я.
5. Ш а т м а н.
6. А н и п а.
7. С а м а т.
8. Г ү л м а й р а.
9. А т а б а е в.
10. А й ы м б а ч а.
11. М а т а й.
12. А т т о к у р.
13. Б у р м а.
14. А с а н б е к.
15. Б и р и н ч и к е м п и р.
16. Э к и н ч и к е м п и р.

### *Биринчи сүрөт*

*Жайлоо. Ак баш чокулардын этегинде карагайлуу өзөн-жылгалар. Күн батып бараткан маал: Бадалдуу*

*суу жээгинде Малабай менен Шермат. Мала бай чыканактай болгон киши.*

М а л а б а й. Хи, хи, хи… айтам да… Ошондой… Эмнеге эле эртели-кеч коюн айдаганда Шалтанын үйүнүн жанынан айдап өтчү болду десе… Тигини, тигини… Ой, митаам, о-ой!.. Кеп бар тура сенде… Баса дейм да… Сакал-мурутту кайра-кайра серпип, ичиңден күйүп эле боздоп калдың эле… Көрсө, Шалтанын балдызы Айымбачага… Үйлөнгөнү жүргөн турбайсыңбы, я?!..

Ш е р м а т. *(Купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е…

М а л а б а й. Тигини, тигини… Жөн эле маарап ийбедиби!.. *(Мостоё калып)* Болду!.. Үйлөнбөйсүң! *(Таягынын учу менен жерди бир коюп)* Өмүрү үйлөнбөйсүң!

Ш е р м а т. Маке!..

М а л а б а й. Сүйлөбө!.. *(Аркы-терки басып, Шерматтын маңдайына эрбейип тура калат)* Макул… Айымбачаны алдың дейли… Анан эмне болду?!.. Ойлойсуңбу, я?! Кадимки Малабай чабандын курбусу Кулукейүп байбичесинин үстүнө жаш аял алыптыр деген кабар… ай-ааламга дүңк дей түшсө… *(Башын чайкап)*. Ой, бо-ой, өлчөсү өзү менен кетсин! *(Ачуулу)* Элдин бетин кантип карайбыз?! Боюң карагайдай болгону менен акылың бетегедей да жок!

Ш е р м а т. Болбодубу эми. А деп эле жемелей бересиңби!..

М а л а б а й. Тигини, тигини… Бечара боло калат!.. Дүрия жаш кезинде аркандалган аттан бетер жанынан карыш жылбай, Дүрияш, Дүрияш деп турчу элең. Эми карган кезде жаман болуп калдыбы?!. Айтчы, Шерматты Шермат кылган ким? Аябайсың Дүрияны!..

Ш е р м а т. Аяйм, Маке, аяйм. Аяган үчүн Айымбачага үйлөнсөмбү деп жатпайымбы.

М а л а б а й. Эмне-е?!

Ш е р м а т. *(Таягынын учу менен жер чукуп)* Уулубузду согуш алып кетти… Кызыбыз болсо… үй-жайы баш-

ка... алыс турат. *(Күрсүнүп)* Жаш келип калган кезде Дүрияма кол кабыш кыла турган бирөө болсобу дедим эле...

М а л а б а й. Тигини, тигини. Аттокурдун көк эшегиндей көрсө керек мени... Дүрияны ойлогон жоксуң...

Ш е р м а т. Маке!

М а л а б а й. Сүйлөбө! Шермат курбумдай адам дүйнөдө жок деп компоюп жүрсөм... Болду!.. Экөөбүздүн кол үзүшкөнүбүз ушул...

Ш е р м а т. Малабай!

М а л а б а й. Кош!..

Ш е р м а т. Маке!..

М а л а б а й. Малабайдын сөзү эки болбойт! Эч качан эки болбойт.

*Малабай чыгат. Пауза. Таягы менен жер чукуп Шермат ойлуу.*

*Малабай кайра кирет.*

М а л а б а й. Менин жүрөгүмдөй жүрөк адам баласында жокко деги, чиркин! Мындай басканымдан кийин, ырастан эле Шерматымдан айрылып каламбы деп... Чыдай албай, кайра келип калдым. *(Шермат үнчүкпайт. Малабай колдорун ойнотуп)* Таразанын бул жак табагына мунусун салсак, тиги жак тарабына тигинисин салсак... Э, Шеке!.. Менин акылман башым эмне дейт дебейсиңби?.. Менин акылман башым... Айымбачага үйлөнсүн дейт!

Ш е р м а т. Маке!..

М а л а б а й. Акырын!.. Бизде сакүн катуу, жооп таппасак болбойт. *(Таягын аркасына алып, аркы-терки басат)* Коё тур, коё тур. Азыр, азыр *(токтой калып)* Хи, хи, хи... Таптым, Шеке, таптым... Башың кургурдун башы, о-ой!. Уктуң беле?

Ш е р м а т. Эмнени?

М а л а б а й. Эмнени, эмнени деп... Уккан жок белең?.. Чоң жазуучулар менен чоң композиторлор бар го... аял-

дарынын үстүнө канча кааласа ошончо ала берет дейт... Апей, чын, ой!.. Баарынан кызыгы эмне дебейсиңби?.. Эч ким унчукпайт имиш... Бирдемке дешсе, кыңкылдабагыла, алардын көңүлүн көтөрүп жазганына жардам берет деп коюшат экен. Эмне жалдырайсың?

Ш е р м а т. Угуп жатам, Маке. И-и, сүйлөчү дагы.

М а л а б а й. Иш оңунда Шеке, амалын таптым. Бирөөлөр бирдеме десе, эй, тизгиниңерди тарткыла, Айымбача Шермат курбумдун көңүлүн көтөрүп, кой жайганына жардам берет дейм... Кашкайып туруп ошентем. Келе колуңду, үйлөнтөм! *(Колун кайра тартып алып)* Жо-ок, иш жаман, шумкарым, иш жаман!

Ш е р м а т. Маке?!.

М а л а б а й. Айымбача сулуу... Жаш... Толуп турган кези... Сен болсоң... Канчага чыктың деги?.. Мына, өзүң да билбейсиң!.. *(Паузадан кийин)* Э, Шеке!.. Бу жерде экөөбүздөн башка эч ким жок, чын сырыңды айтчы. Кандайсың деги?

Ш е р м а т. Кандайсың дегениң кандай?!

М а л а б а й. Ой, кокуй күн, ой, кокуй күн!.. Айымбача сага тийсе, сакалың менен ойногонго тиймек беле?! Тилимди ал, Шеке, барып-барып эле байбичеңден өтөр жок. Айымбача болсо... шаарда өскөн бала турбайбы... Өзү теңдүүлөргө чертип туруп чыгат.

Ш е р м а т. Антпейт, Маке, өзү теңдүүлөргө тийбеймин деп каргыш бериптир.

М а л а б а й. Айымбачабы?

Ш е р м а т. Ооба. Экинчи мен шаарга да жолобоймун дептир. Неге десең, барган жеринен согончогу канабай, күйөөсү адеп эзе берип, ошонун айынан ажырашып келген тура.

М а л а б а й. Ко-ош?.. Эсеби, төрөбөгөн соң өзүм теңдүүлөргө чыксам дагы эле баягы... Андан көрөк, улгайган бирөөгө тийип алып, калган өмүрүмдү тынчыраак өткөрөйүн деген экен да?..

Ш е р м а т. И, ананчы. Кептин баары ошондо болуп жатпайбы!..

М а л а б а й. Ой, анда бүткөн турбайбы!.. Ко-ош, шумкарым!.. Аракет кылбасак болбойт... Сага окшогон карт бөрүнүн бири... Айымбачаны илип кетелегинде... Жаныбызды таштап иели... Кеттик, Айымбачага сүйлөшүп, тойго камыналы!

Ш е р м а т. Айланайын, Маке! Той-пой дегеніңди угуза көрбө... той болбойт. Үйлөнүү деген сөздү да эч ким укпасын. Муну мен билем, сен билесиң, Дүрия билет, байбичеси менен Шалта билет, Айымбача билет... Булардан башка бир да жан билбейт.

М а л а б а й. Менин байбичемчи? Ага да билдирбейбизби?!.

Ш е р м а т. Маке!.. Чүкөдөй билип калса. *(Ичиркенгендей)* У-у-у... Аныңдын кыялын билесиң го... Менин мен экениме карабайт... Дароо келип мууздап таштайт... Мага кошуп сени да жайлайт!

М а л а б а й. Мейли, жайласа жайласын... Байбичемден жашырып иш кыла албайм. Жаман жолго түртүп... Көрчү муну... Экөөбүздүн жүз көрүшкөнүбүз ушул... Кош!..

Ш е р м а т. Олдо сенин таарынчактыгың, ай! *(Колунан тартып)* Угуп турчу. Шалтанын байбичеси менен Дүрия экөө он ата өткөн эже-сиңди...

М а л а б а й. Он ата өткөн эже-синди, ээ?

Ш е р м а т. Эми мындайынан алганда, бир топ алыс болсо да Айымбача сиңди сөрөй болуп жатпайбы...

М а л а б а й. И-и... Сүйлөй бер... Угуп жатам... Хи, хи, хи... Мунуң кызык болуп баратат, ой!..

Ш е р м а т. Эгер Айымбачанын көңүлү болсо... Дүрия эжем жалгыз бой, анын үстүнө карып кетти, Шалтанын үй-бүлөсү көп, Айымбачага ыракмат, бизге каралашканы келиптир деп...

М а л а б а й. Эл сураса каралашканы келди деп... Мындайынча... Хи, хи, хи... Акылын. кургурдун акылы, о-ой... өзүң ойлоп таптыңбы же башка бирөө үйрөттүбү, я?.. Митаам экенсиң!.. Эл да эчтеме дей албайт... Сакүн. да алсыз...

Ш е р м а т. Жөнөгүн, Маке.

М а л а б а й. Кайда?

М а л а б а й. Азыр элеби? Токтоосуз, ээ?..

Ш е р м а т. Эртеңден калтырбайлы.

М а л а б а й. Эмне, эртең эле көчүрүп келген жүрөсүңбү?!

Ш е р м а т. Ананчы!..

М а л а б а й. Болбойт!.. Эртеңки түнү жаштар жыйылып, тамаша кургады жатса... Ойлобой иш кылган болбойт.

Ш е р м а т. Абдан ойлондум. Ошолордун капшабы менен акыры-ын киргизип алсак, жан билбей калат...

М а л а б а й. Хи, хи, хи... Алар тиякта... Биз бийакта... Тигини, тигини... Мулуң-мулуң этип...

Ш е р м а т. *(Купшуңдап күлүп )* И-и-и-е-е-е...

*Айлана күүгүм тартат. Колтугуна түйүнчөк кысып, Чүкөдөй кирет. Лөкүйгөн кемпир. Чалы анын жанында эргежел өңдүү. Чүкөдөй тигилерди көрүп токтойт.*

Ш е р м а т. Ырдагым эле келип турат!..

М а л а б а й. Ырда, шумкарым, бүгүн ырдабаганда качан ырдамак элең?..

Ш е р м а т. Аппак колуң, э-эй, берсеңчи...

М а л а б а й. Бау деген экен?..

Ш е р м а т. Ашык жарым, э-эй, келсеңчи...

Ч ү к ө д ө й. Жаныңда турат!..

Ш е р м а т. Я кудаа!

Ч ү к ө д ө й. Ычкырын дурус байлана албай жүрүп, анан дагы ашык жарым, э-эй, деп калжаңдап коёт!..

Ш е р м а т. Оң, сүйлөбөйсүң, ээ, Чүрөк?

Ч ү к ө д ө й. Акетай, э-эй, Чүрөк деп мыскылдаганын көрчү, ой! *(Түйүнчөгүн жерге коё салып)*. Алдагы шыпыргыдай болгон сакалдан бурай кармап, биякка бир булкуп, тиякка бир булкуп… Ушу сени…

Ш е р м а т. *(Кетенчиктеп)* Кантет, ой… Жин тийген го… Ой.

М а л а б а й. Кой дечи байбичеңди!..

М а л а б а й. *(Өзүнчө)* А, кургур… Жардам күткөнү мен!..

Ч ү к ө д ө й. (*Билектерин түрүнүп*) Мени менен гана ойногуң бар, ээ!..

Ш е р м а т. Ой, Чүкөдөй байбиче!.. Сакал менен ойнобо!.. Ойнобо дейм!..

*Шермат кетенчиктеген бойдон чыгып кетет.*

Ч ү к ө д ө й. (*Малабайдын жанына келип*) Кана, сайрачы… Эркексиңби, эмнесиң?

М а л а б а й. И, эркек эмей анан!..

Ч ү к ө д ө й. Эркек эмей деп… Тиги шыпыргы сакал Чүрөк деп мыскылдаса, Чүкөдөйүмдү он Дүрияңа бербеймин деп эмне үчүн айкырып чыкпайсың, я?!

М а л а б а й. Эркелетип жатпайбы, байбиче…

Ч ү к ө д ө й. Эркелетип деп коёт… Эки күн райондо болдуң… Эч болбогондо жанымда жарым саат отурбай келериң менен тызылдап жөнөдүң… Кайда жүрдүң?

М а л а б а й. Шермат экөөбүз сүйлөшүп турдук.

Ч ү к ө д ө й. Эмнени сүйлөштүңөр?

М а л а б а й. Эмнени болсун… ал экөөбүз… Саясат жөнүндө сүйлөштүк…

Ч ү к ө д ө й. Ошондой де?!. Саясатты сүйлөшкөндө ырдап сүйлөшөт турбайбы, ээ?!

М а л а б а й. И, ананчы. Саясат деген да ар кандай болот да.

Ч ү к ө д ө й. Сүйлөбө!.. Билем силердин саясатыңарды.! Шермат экөөңүн башың толо эле катын!.. Көзүң эмне чакчайып кетти?!

М а л а б а й. Чакчайып?.. Чакчайып кетиптирби?!. И, көз деген да ар кандай болот да.

Ч ү к ө д ө й. Жо-ок, соо көзгө окшобойт... Мандем турат!..

М а л а б а й. Мандем?!. Кандай мандем?!. Кудай урсун, байбиче...

Ч ү к ө д ө й. Карганба! *(Ээгин өйдө кылып)* Эмне сатып келдиң эле мага?!.

М а л а б а й. *(Жыргап күлүп)* Ой, бой, байбиче!.. Советтер Союзунда болгон эң чоң, көйнөк-дамбал ошол экен!.. Эртең кечинде балдардын тамашасына көйкөлтүп кийип чыксаң, ой да, жарашат да чиркин!..

Ч ү к ө д ө й. *(Колтугундагы түйүнчөктү алып, чече баштайт)* Жарашат дечи?!

М а л а б а й. И, жарашпай анан, Көйнөгү кадимки Парганабын кан атласы!.. Айылдагы кемпирлер көргөндө жөн эле ичтери өрттөнүп кетет!..

Ч ү к ө д ө й. Кемпирлерди коё туралы, кара дөөм. Акылыма көнсөң, чалдардан баштайлы... Сени көргөндө өрттөнмөк тургай, жөн эле шишкебек болуп кетсин! *(Бир колуна бюстгалтер, экинчи колуна трусийди кармап)* Кий!.. Кийгин дейм!..

М а л а б а й. Айланайын байбиче!.. Байбиче!.. *(Эстей калып)* Олдо, кашайган жаным, ая!.. Менин жанымда мөлтүрөгөн бир келин турду эле, Көлгө эс алганы бараткан экен... Ошонун алганын кармаган бойдон кете бергемин го кокуй болуп?!.

Ч ү к ө д ө й. Мөлтүрөгөн деп... Келин оозунан түшпөйт... Катынсаагына не бересиң! *(Көк желкеден алып)* Эмне кылсам, я?! Чоң-Кемин-Атанын суусуна чаапчаап алайынбы, я?!.

М а л а б а й. Келатат!.. Айланайын байбиче!.. Батыраак коё бер. Ал кеткенден кийин өлтүрсөң да мейлиң… Келатат!

Ч ү к ө д ө й. Ким келатат?

М а л а б а й. Болдомочун. Жана айтпадым беле райондон бирге келдик деп… Уларбек Атабайуп деген.. Коё берчи, эми байбиче! *(Чүкөдөй коё берет. Малабай жер карап)* Дагы эле болсо өзүң куткарбасаң болбой калды?!.

Ч ү к ө д ө й. Эмне кылдың эле?!.

М а л а б а й. Акырая бир караганымда, Чүкөдөй апаң жөн эле чимирик болуп кетет деп…

Ч ү к ө д ө й. Чимирик болуп?!. Менби?!.

М а л а б а й. Айланайын байбиче!. Болдомочун баланын көзүнчө сал-пал мактанып койдум эле… Бир жолу аптариатымды көтөрүп кой эми… Мен урушумуш болоюн, сен болсоң… калп эле бүжүрөмүш болуп… Ана, жакындап калды… Мен баштайын…

Ч ү к ө д ө й. Тигини көр!.. Мактанганын сен мактаныпсың, азабын мен тартсам… Тапкан экенсиң макоону!..

М а л а б а й. Бир жолу мактанып койсом, ошону көтөргүң жок, ээ?!. Болуптур, байбиче… Экөөбүздүн жүз көрүшкөнүбүз ушул… Кош!..

Ч ү к ө д ө й. Токто! *(Жылмайып)* А, шордуум!.. Баштай кой эми…

*Гүлмайранын соңунан Самат жүгүрүп кирет. Эки колунда эки чака суу.*

Г ү л м а й р а. Жүгүр, камырым ташып кетти!.. Тез!..

М а л а б а й. Ой, Самат!.. Гүлмайра!.. Токтогула!.. О, көзүңдөн тегеренип кетейин жаман козуларым!.. Периште болбодуңарбы!.. Акырын!.. Көп сүйлөшкөнгө убакыт жок, мен эмне айтса ошону кылгыла.

Г ү л м а й р а. Шашып баратабыз, Малабай ата.

М а л а б а й. Токтогула!.. Меникинен шашылыш иш болбойт. Баштадык.

С а м а т. Эмнени?

М а л а б а й. Эмнени?!. Эмнени?!. Мен Чүкөдөйдү урушам.

С а м а т. Урушам?!

М а л а б а й. Ооба. Силер болсоңор... Экөөң эки колумдан кармап, таптакыр коё бербей жармашып жатып алгыла. Уктуңарбы?!

С а м а т. Уктук, Малабай, ата, уктук.

М а л а б а й. Ана, келип калды. Болгула *(Самат менен Гүлмайра Малабайды тырмышып кармап калышат. Малабай ачуулу)* Кандайсыңар, уруша электе эле кармап каласыңарбы... Бир аз күрпүлдөйүн... Түшүндүңөрбү?

С а м а т. Түшүндүк, Малабай ата, түшүндүк.

М а л а б а й. Баштадым эмесе *(Аркы-терки басып)* Муну көрчү, кутургурдун гана кемпири десе!.. Ботом, райондон келсем, алдымдан тосуп чыкпай, айылчылап кетет... *(Атабаев кирет. Колунда чоң портфели бар. Малабай көрмөксөн болуп)*. Сөөгүңдү сөпөт кылып, күлүңдү асманга сапырып жиберейинби, я? *(Чүкөдөйгө жулунуп)* Көрчү тигини жер карамыш болуп... *(Самат менен Гүлмайрага)* Кармабайсыңарбы, кургурдун балдары! *(Самат менен Гүлмайра тырмышып кармайт... Малабай жулунуп)* сени жутбасам...

А т а б а е в. *(Бийликтүү)* Карыя!

М а л а б а й. Бул ким өзү?.. А-а, Уларбек балам белең?..

С а м а т. *(Атабаевди тиктеген Гүлмайранын алдына тура калып)* Камырың эсиңден чыгып кетти көрүнөт?!.

Г ү л м а й р а. Жүгүрдүк!..

*Самат менен Гүлмайра кетет.*

М а л а б а й. *(Атабаевге)* Чүкөдөй апаң ушул...

А т а б а е в. *(Башын болор-болбос ийкеп)* Саламатсызбы.

Ч ү к ө д ө й. Эсенчилик, айланайын. Жаратканга тобо… Сен келбегенде.

М а л а б а й. Чүкөдөй!

Ч ү к ө д ө й. Эмне кара дөөм?

М а л а б а й. Эркектер менен сөзгө аралашып… Көрчү муну… Жөнө, жолуңа түш!.. Тайдын чучугунан калса бышырып кой…

Ч ү к ө д ө й. Макул, кара дөөм.

*Чүкөдөй чыгат. Атабаев портфелинен блокнотун алып чыгат.*

М а л а б а й. Айттым эле го, Уларбек балам Чүкөдөй апаңды акырын эки бүктөп туруп, ички төш чөнтөгүңө бапестеп гана салып жүрө турган жан… Карачы, адамдан бөтөнчө назик. Ак куунун тыбытындай гана үлпүлдөп турат!.. *(Атабаевге жакын барып)* Деги, ойлоп карасам, экөөбүздүн окшош жагыбыз көп окшойт *(Атабаев унчукпастан таңданып карайт. Малабай амалдуу күлүп)* Кубанып калдым… Ыракмат, Уларбек балам. Аялга калганда мага окшоп жүрөгүң, туйгуч, көзүң, өткүр окшобойбу… Келиндин мыктысын тандапсың!

М а л а б а й. Э, айланайын, мынча эмне чочуйсун?.. Келинден да киши чочуйбу?

А т а б а е в. Кайдагы келин?!. Эмне деген келин?!.

М а л а б а й. Ой, жана өзүң, менен кошо апкелаткан келинчи… Бет маңдайыңда отурбадыбы…

А т а б а е в. Карыя!.. Тамашаңызды коюңуз!.. Тамаша дегенди билбейм. Билгим да келбейт. Түшүндүңүзбү?!

М а л а б а й. Сырткы турпатыңа караганда дурус эле жигит көрүнөсүң, Бир гана айыбың бар экен… Тажрыйбаң, жок турбайбы… Мындай ишке кандим болгондор бар го… Келин баланы же өзүнөн мурдараак жиберип, же артымдан келгин деп шыбырап коёт имиш… Сен болсоң… Периштедей болгон немени жумурай журттун көзүнчө машинага отургузуп алыпсың… Анан аның аз

келгенсип, так райкомдун жанына алпарып... Секретарь көрбөй койду дейсиңби... Мунуңду койбосоң... өсүп келаткан бала көрүнөсүң... Бат эле ыргып кетесиң!..

А т а б а е в. *(Заардуу тиктеп)* Сизге окшогондорду соттоп жиберсе да аздык кылат!!.

М а л а б а й. Койчу?!.

А т а б а е в. Бөлбөңүз!.. Кимдин ичинде эмне бар экенин рентгенден көргөндөй көрүп турам!

М а л а б а й. Мунуң калп болуп калды.

А т а б а е в. Эмне?!.

М а л а б а й. Көрдүңбү анабу жылдызды... Жалтыраганы гана көрүнөт... Ичинде эмне бар экени мага эмес, башы чарадай болгон профессорлорго да... тунарык... Илгертен турнабай салышат... Азыр болсо успутник учуруп да жакшылыктуу биле албай жатышпайбы... Сен болсоң, бир көргөндө эле билип алдым деп...

А т а б а е в. Мен бир көргөндө эле билем!

М а л а б а й. *(Таягына сүйөнүп)* Ай, ким билет, Уларбек балам?

А т а б а е в. Сиз өтө эле көп күлөт экенсиз! Бирок көп күлгөндүн акыры эмне менен бүтөрүн уктуңуз беле?! Кайгы менен бүтөт!.. *(Жакын барып)* Азыркы жоругуңуз принципиалдуу маселеге айланып калды. Бу бойдон койбойм!.. Уктуңузбу?!.

М а л а б а й. Уктум.

А т а б а е в. Дагы эле күлкүңүз тыйылбайт, ээ?! Эмне минтип карайсыз?.. Бу эмне деген көз караш?!

М а л а б а й. Бул?.. Малабай көз караш деген ушул!..

А т а б а е в. Карыя!..

*Аттокур кирет.*

А т т о к у р. Заматта эле таппай калбадымбы, Уларбек иним... өх!..

А т а б а е в. Бу жердин токою чытырман экен!..

А т т о к у р. Ооба, ооба. *(Малабайды көрүп)* Ие, сен да мында белең, Малабай?.. Кандай мал-жан аманбы?.. Бир топ болду, көрүшпөй калдык...

М а л а б а й. Сен пенсиядагы кишисиң, Аттокур. Түшкө дейре уктап, бешим, болгончо байбичең менен үрпөңдөшөсүң... Анан көк эшегиңе минип, үйдөн-үй койбой тамак уулайсың... Биз болсок... эртели-кеч мал менен жүрөбүз... Анан кайдан көрүшмөк элек?

А т т о к у р. Менин пенсияга чыкканымды көп айтасың... Ичиң күйөтко дейм, я?.. Сен деле чыгып ал. Ким кой дейт эле?

М а л а б а й. Балдарыма жүк болгум келбейт.

А т т о к у р. Баланы баксын деп тилейт да.

М а л а б а й. Туура. Баланы баксын деп тилейт. Ошентсе да... Оорубай-сыктабай, байбичеме да, балдарыма да салакамды тийгизбей мал артынан баратканымда тырс өлүп кетсем... бу дүйнөдө арманым болбойт эле!

А т т о к у р. Түшүнөм, Маке, түшүнөм. Арманың, күч. Канча кылган менен детдомдун иши детдом да!..

М а л а б а й. *(Селт этип)* Эмне? *(Үзүлө кыйкырып)* Эмне дедиң?! *(Паузадан кийин үнүн басаң чыгарып)* Сен ушинтмек белең?! Канткенде оозуң барды, Аттокур, айтчы, канткенде?!.

А т т о к у р. Маке!.. Айланайын Маке!..

М а л а б а й. Сенде айып жок, Аттокур, айып жок. Бар болгону өзүң билген чын сөздү айттың! *(Муңдуу күрсүнүп)* Сенде айып жок!..

*Шермат кирет.*

Ш е р м а т. Маке!.. Кудай жалгап кете элек турбайсыңбы... Тап-такыр эсимде жок... *(Чөнтөгүнө колун салып)* Адегенде бир аз ырым болбосо... *(Малабайды тигиле карап)* Сага эмне болду, турумтайым?.. Бери карачы!.. Капа көрүнөсүң... Ким капа кылды?! Ким?.. Ким

дейм?! *(Аттокур менен Атабаевди көрүп)* Макемди киминер капа кылдыңар, сүйлөчү, Аттокур?!

*Аттокур жер карап унчукпайт.*

А т а б а е в. Фамилияңыз Кулукеев, атыңыз Шермат болсо керек эле. Ушундай эмеспи?.. өткөн жылы райондон жолугушканбыз. Эстеп көрүнүзчү. Тааныдыңызбы?

Ш е р м а т. И, тааныбай анан, тааныдым. Малчылардын кеңешмесинде, жашасын биздин каарман малчы аялдар деп, балжайган сары аялды кучактап өпкөнүңдү көргөм...

А т а б а е в. *(Мостоё калып)* Кайратман малчы аялдарды жашасын дегеним чын. Бирок аялды... болгондо да балжайган сары аялды кучактап өптү дегениңиз жалган. Мен өмүрү аялга жакын барбайм, өмүрү аялды өппөйм!.. Тагдырым ошондой!

М а л а б а й. Жаман тагдыр экен, Уларбек балам!

А т а б а е в. Эмне?! *(Кээрдүү күлүмсүрөп)* Сиздин тагдырыңызга сук артпасам кутулам го дейм, карыя?! *(Шерматка)* Кеңешмеде катуу чымчыдыңыз мени, жолдош Кулукеев. Унутканым жок.

Ш е р м а т. Чымчыганда унутпасын деп чымчыйт да *(Аттокурга)* Жооп бер, Аттокур!.. Киминер капа кылдыңар?!.

М а л а б а й. Мени эч ким капа кылган жок. Ким капа кылмак эле. Жүрү, кетели, Шеке.

*Малабай менен Шермат чыгат. Пауза.*

А т т о к у р. Мен өлдүм, Уларбек иним!

А т а б а е в. Түшүнбөйм?!.

А т т о к у р. Кыргыз аттуудан мендей айбан чыкпайт!..

А т а б а е в. Эми түшүнүктүү... Жаңкы жөргөлөгөн чал бир көздө детдомдо иштеп, кечирилгис күнөө кылган болуу керек... Анан эптеп ыгын таап, сиздин оозуңузду

майлап айттырбай жүргөн. Азыр айтып коюп, кейип жатасыз. Ушундай эмеспи? Кана, айтыңыз. Сизди өзүм колдоп алам… Сизге эчтеке болбойт. Жаңкыдай тукургучтун бетин ачып, биздин коомду андайлардан арылтыш үчүн фактылар керек. Түшүндүңүзбү?! Жооп бериңиз!..

А т т о к у р. Уларбек иним!.. Жек көрөм десең, мени жек көр, душман болом десең мага душман бол… Макеме сөз тийгизбе!..

А т а б а е в. Мен райондон келген жооптуу уполдомочунмун. Менден сыр жашырууга акыңыз жок!..

А т т о к у р. Кыйнаба,, Уларбек иним!.. Башка эчтеме айтпайм!

А т а б а е в. Башкалар айтат.

А т т о к у р. Башкалардын бардыгы тең эле мага окшогон салпаяк дейсиңби!.. Эч ким айтпайт!..

А т а б а е в. Токтоңуз! Жаңкы Шермат деген чал… Мен аны билем, жеткен митаам… Адегенде бир аз ырым болбосо деп сөзүнүн аягына жетпей, колун чөнтөгүнөн тартып алды. Бул өтө шектүү… Сиз байкадыңызбы?!

А т т о к у р. Эчтеме байкаганым жок!.. *(курсунуп)* Мендей көк мээни тикенге оонатып өлтүрсө сооп болот эле!..

А т а б а е в. *(Блокнотун портфелине салып)* Атабаевдин ким экенин билбейт окшобойсуңарбы!.. Айтасыңар *(Акырын, бирок ишенимдүү)* Айттырам!..

### *Экинчи сүрөт*

*Жылдыздуу түн. Чатырдан обочороок алоо. Анын жанында Гүлмайра менен Самат. Төрт кыр чабылган дөңгөчтү стол ордуна коюп, Гүлмайра дасторкон жасап Самат шишкебек кактап жатат.*

С а м а т. *(Дорулдап)* Көк-Ойрок, Көк-Ойрок,
Биз чоңойдук коп ойноп… Ох, ий,
Калакай, калакай!.. (*Овонго салып*) Көк-Ойрок…

Г ү л м а й р а. Болдучу, байболгур, кирген кочкорго окшоп корулдабай!.. Андан көрөк туз жок экен, Акматтардыкына барып келе койчу.

С а м а т. Менби?!.

Г ү л м а й р а. Анан ким болмок эле?

С а м а т. Мен барбайм.

Г ү л м а й р а. Андай болсо мен өзүм барайын. Чайнекти карап кой, суу ташып кетпесин.

С а м а т. Гүлмайра!.. Жалгыз мен өзүм да барбайм, сени да жибербейм!.. Барчу болсок экөөбүз барабыз.

Г ү л м а й р а. Качан болсо эле кошоктошуп… Ушу сенин ичиңдин тардыгы өтүп кетти!.. Турчу мындай, бирөө ала качып кетмек беле… Коркпой эле кой…

С а м а т. Коркпой эле кой деп… Көрчү муну!.. Бу дүйнөдө ишенгеним жалгыз гана Шатман… башкалар болсо… бөрүнүн аңдыганы кой, алардын андыганы сен… ары өтсө да сени карашат, бери өтсө да сени карашат… Жүрөгүм жүрөк болбой эле калбыр болуп бүттү!.. Жалгыз жибербейм…

Г ү л м а й р а. Шишкебекти тузсуз жейсиңби?!.

С а м а т. Жанымда отурсаң болду, тузсуз эле жей берем!

Г ү л м а й р а. Жей бер эмесе!..

С а м а т. Кайда?! Карыш жылбайсың дедим, уктуңбу?! Эмне күлөсүң?!. Көзүңдүн агы менен тең айланып туруучу заман небак өткөн. Бүгүнтөн тартып мен эркек болом!.. Жигит болом!.. Өз укугумду колума алам! Мен айтканымдан кайтпайм. Кайтсам барго… анда мен муунуп өлөм!..

Г ү л м а й р а. Колуңдан келбейт!.. Коёнсуң да!..

С а м а т. Башкасына чыдасам да, бул кордугуңа чыдабайм… өлөм!.. Кошкула, туугандар!.. Кош, Көк-Ойрок!.. *(Мойнундагы сыйыртмакты тартып)* Мына, мен өлө баштадым!.. Кошкула!

*Ылдамдай басып Аттокур кирет.*

А т т о к у р. *(Саматты көрүп)* Мобу соо эмес го… Ой, бала!.. Ботом, бу эмне деген жоругуң?!

С а м а т. *(Сыйыртмакты катуулай тартып)* көрбөй турасыңбы?!. Кошуңуз, Аттокур ата.

А т т о к у р. Самат!.. Айланайын балам!.. Айланайын балам! Ачууга алдатпа. Муунуп өлгөндөн кор өлүм болбойт. *(Үзүлө кыйкырып)* Самат!

С а м а т. *(Сыйыртмакты бошотуп)* Чочубаңыз, Аттокур ата. Муунуп өлгөндөй, мени эмне акмак дейсизби. Галстук байланып жаткам.

А т т о к у р. Галстук байланып?!. Аргамжыданбы?!.

С а м а т. Азыр аргамжыдан галстук байланчу болгон. Мода!.. Отуруңуз, чай ичели.

А т т о к у р. Теңир жалгасын, шашылышмын. Баса, жаңкы болдомочун баланы көрө алдыңарбы?

С а м а т. Жок. Ал эмне деген уполномочун экен?

А т т о к у р. Ой, бой, аябаган чоң болдомочун окшойт… сүрүн карасаң… Мага сал-пал окшоп кетет… арстан!.. Атайы кыркыла элек кара күрпөң сойдурдум эле… Мейманымды издеп таппай жүрөм. Кой, мен кетейин.

С а м а т. Аттокур ата!

А т т о к у р. Эмне?

С а м а т. Гүлмайра келиниңизди жанымдан чыгарбаймын деп жакшы эле аракет кылып жатам… Бирок айылдагы жигиттерди ушундай бир жалооруп караганында… Менин ичим куйкаланып-куйкаланып…

А т т о к у р. Сени келинчегиңе кароо деп уккам. Мени тарткан турбайсыңбы. Жаш кезимдегини айтпай эле кой… Бурма энеңе азыр да бирөө карап койсо… Менин да ичим куйкаланып-куйкаланып…

С а м а т. Өзүм билген амалдын баарын колдондум. Эчтеме чыкпады. Жардам кылыңыз, Аттокур ата.

А т т о к у р. Ошол элеби?.. Андан оңой эмне бар?.. Гүлмайра балам бирөө менен жүрсө сен он-он беш менен жүрүп ал…

С а м а т. Эмне? Мен анте албайм, Аттокур ата. Гүлмайраны жакшы көрөм. Ансыз күнүм жок.

А т т о к у р. Анда өзүң бил. Бурма энеңди ошентип теске салгам.

С а м а т. Бул акылыңыз болбойт. Гүлмайранын башынан аттай албайм.

А т т о к у р. Ой, курган бала, о-ой!.. Он-он беш келин менен чындап жүрсөң жаның калабы?!. Калп эле жүрүмүш бололу деп алар менен сүйлөшүп албайсыңбы. Эптеп Гүлмайра баламды коркутуш керек да.

С а м а т. *(Кубанычтуу)* Аттокур ата!..

А т т о к у р. *(Күлүп)* Ушундай ишке да аргамжыдан галстук байланчу беле?!.

*Аттокур кетээри менен жуулган кирлерин көтөрүп Гүлмайра кирет. Ичинен кыңылдап ырдайт. Самат мойнундагы сыйыртмагынын учун бутакка арта салып, сулк жатып калат.*

Г ү л м а й р а. Э, Саке!.. Өлдүңбү же өлө элексиңби? *(Маңдайынан жыттап)* Өлүптүр... *(Ордунан туруп)* Тирүү жолборстор турганда өлгөн коёнго да ыйлачу беле...

*Шатман кирет. Башын көтөргөн Самат тигини көрүп, кайрадан сулк жатат.*

Ш а т м а н. (*Аккордеонго кошулуп*)

Ой, Гүлмайра, Гүлмайра,
Сенсиз менде күн кайда?
Сагынамын келбейсиң,
Биз болжошкон түн кайда?..

Г ү л м а й р а. Биз болжошкон түн ушул. Кел, Шаке, карачы, кандай түн болуп турат!..

Ш а т м а н. Ушундай түндүн кунарын кетирген бир гана киши бар... Ал болбогондо...

Г ү л м а й р а. Ал дегениң, Шаке?

Ш а т м а н. Самат. Сенин күйөөң.

Г ү л м а й р а. Ал жок, муунуп өлүп калган.

Ш а т м а н. Гүлмайраш!!. Куттуктайм!

С а м а т. *(Ордунан атып туруп)* Шатман!..

Ш а т м а н. Ай, ай, байкеси... Койдум, койдум...

С а м а т. Шатман келди, эми менин санаам тынч. Тузга барып келе коёюн. Отура тур, Шаке. Мен келгенче Гүлмайранын жанынан карыш жылба, макулбу?

Ш а т м а н. Айтпасаң да карыш жылбайм.

С а м а т. *(Кайра кайрылып)* Мен бат эле келем. Учуп келем!

Ш а т м а н. *(Саматтын соңунан)* Шашылбай эле кой.

*Гүлмайра менен Шатман калат.*

Г ү л м а й р а. Асылканың жок, зериккен окшойсуң ээ? *(Шатман күрсүнөт)* Баса, качан апкелесиң?

Ш а т м а н. Ишембиде.

Г ү л м а й р а. Той жейбизби?

Ш а т м а н. Той жебегенде... Уулга бербеген тойду кимге бермек элем?! Айтмакчы... мурдагы күнү барганымда Асылкан жазыптыр... Уулумдун сүйлөгөнү, күлгөнү... баскан-турганынан өйдө менин өзүм дейт...

Г ү л м а й р а. Төрөлгөнүнө бир жума боло элек жатып элеби?..

Ш а т м а н. Ооба.

Г ү л м а й р а. Ай, Шаке, ай... Баса жакында Самат досуң дүрбү сатып алды.

Ш а т м а н. Дүрбү?.. Мунун эмнеси кызык?!.

Г ү л м а й р а. Эл дүрбүсү менен коюн караса, Самат досуң аялын карайт. Ооба, ооба тээ береки мөңгүнүн этегине барып, керээли кечке дүрбү салып отурат да, кечинде келип отчёт сурайт... (*Ордунан туруп*) Тапкан экен отчёт берүүчү кеңкелести!

Ш а т м а н! Азаматсың, Гүлмайра! (*Эки колтугунан алып, тап-так көтөрүп*) ушун үчүн «*Сенсиз менде күн кайда*?» деп боздоп жүрбөйүмбү!..

*Самат жүгүрүп кирет.*

Г ү л м а й р а. (*Шатмандын мойнунан кучактап*) Жыгылдым, Шаке! Жыгылдым, байкеси!

С а м а т. Бу дүйнөдө адамга ишенич жок!.. (*Колуңдагы туз салган идишин таштап жиберип*) Жок!.. Менин жардамым керек болуп жүрбөсүн, Гүлмайраш?!.

Г ү л м а й р а. Көкөлөтүп көтөргөн жигиттин жерге түшүргөнгө да кудурети жетээр. Убара болбой эле кой, садагасы. Туз апкелдиңби?

С а м а т. Апкелдим.

Г ү л м а й р а. Кана?

С а м а т. Тээтиги жерге сээп койдум. Келерки жылы түшүмүн аласың!..

*Атабаев кирет.*

А т а б а е в. Саламатсыздарбы, жолдоштор. Мага жолдош Мамашев Шатман керек эле.

Г ү л м а й р а. Даяр дасторконго келген мейманды ак жолтой мейман дейт. Келиңиз, агай.

Ш а т м а н. Таанышып алыңыз. Гүлмайра. Мына бу жигиттин келинчеги… Жаман киши эмес. Күйөөсүнүн айтымында, азырынча купулуна толот өңдөнөт, кийин кандай болуп кетээрин билбейм.

А т а б а е в. Түшүнбөйм?!.

Ш а т м а н. Жайлоодогу жигиттердин арасында: «Ой, Гүлмайра, Гүлмайра, сенсиз менде күн кайда?» деп Гүлмайрага жүрөгүн садага чаап ырдагандар өтө көп…

Г ү л м а й р а. Ошолордун бири… сиз издеген Шатман Мамашев… Бир аз гана шайтаны болбосо, бу да жаман жигит эмес…

А т а б а е в. Жаңкы ырды жолдош Шатман да ырдайбы?!.

С а м а т. Ырдаганды айтасыз… ал ырды чыгарган так ошол өзү да…

А т а б а е в. Ошондой дециз?!.

С а м а т. Бул ыр бекеринен чыгарылбаптыр… Мен эми гана байкадым!.

А т а б а е в. (*Сөөмөйүн чычайтып*) Во!.. Сиздин мунуңуз чыныгы «кыраакылык!.. Себепсиз эч нерсе болбойт!.. (*Саматка кол берип*) Райондон келген уполномочунмун… Фамилиям Атабаев Уларбек Атабаевич.

Г ү л м а й р а. Чайга караңыз, агай.

А т а б а е в. Ыракмат… Мен эң жооптуу милдет менен келдим, жолдоштор… Биринчиси, мал… бул түшүнүктүү… Экинчиси… Мени баарыдан мурда кызыктырган ушул маселе… Адамдардын идеялык-моралдык тазалыгы! Албетте, тыянак чыгарууга али эрте. Бирок мен өзүм байкаган айрым фактыларга караганда бул жактан аябай аксайт окшойсуңар! (*Шатманды карап*) Сизди идея жактан аябай такаланган жигит дешкен эле… Текшериш керек болуп калды!..

Г ү л м а й р а, Туура кыласыз, агай. Буларды текшербесеңиз болбойт.

Ш а т м а н. (*Күлүп*) Ошентиңиз, Уларбек Атабаевич. Бузулуп баратабыз окшойт… кебептен алсаныз… Келгениңизди угуп абдан кубандык. Эртең бизде фестиваль болгон жатат.

А т а б а е в. Кандай фестиваль?!.

Ш а т м а н. Ыр, бий фестивалы. Эки колхоздун малчылары катышат. Байгелерибиз бар. Жюриге председатель болуп берсеңиз абдан жакшы болот эле.

А т а б а е в. Фестивалдын мазмуну кандай?.. Мен аны билмейинче макулдук бере албайм!

Ш а т м а н. Бүгүн бизде генеральный репитиция. Ай чыгары менен баштайбыз. Программабыз жаман эмес. Отуз кишиден турган темир комузчулар ансамбли бар. Жылкычылардын бийи, сүйүү ырлары…

Г ү л м а й р а. Мыскыл, жолдоштук азил…

Ш а т м а н. Баарынан кызыгы, Чүкөдөй апам баш болгон чоң энелердин квартети менен Малабай атамдардын дуэти.

А т а б а е в. Эмне, бу жердин кемпир-чалдары да ырдайбы?!

Ш а т м а н. Көк-Ойроктун карагайынан тартып чөбүнө чейин ырдап турат деген сөз бар, Уларбек Атабаевич. Биздин карылар ырдаганда токтото албай убара болосуз... өзүңүз көрөсүз го... Укмуш!

А т а б а е в. Укмуш деңиз?!. Дагы кандай укмушуңар бар?..

Г ү л м а й р а. Дүйнө элдеринен...

А т а б а е в. *(Жулуп алып)* Эмне?!. Чет элдерденби?! Тактап айтканда?

Г ү л м а й р а. Мексика, араб бийлери...

А т а б а е в. Ким үйрөтүп жүрөт буларды?!.

Г ү л м а й р а. Анипа эжем.

А т а б а е в. Анипа эже дегениң, ким?!.

Г ү л м а й р а. Тааныбайсызбы?.. Сиз менен бирге келген турбайбы.

А т а б а е в. Бирге келгендин бардыгы тең, эле тааныш боло бербейт да, жолдош Гүлмайра!..

Г ү л м а й р а. Анипа эжем Москва институтун бүткөн. Райондук китепкананын башчысы болуп иштейт. Бий жаатынан республикалык фестивалдарда дайыма биринчиликти алат.

А т а б а е в. Эмне, ал киши да фестивалыңарга катышабы?!.

Ш а т м а н. Сөзсүз. Анипа эжем биздин колхоздун кызы да. Дайыма жардам берип турат.

Г ү л м а й р а. Айымбача да жардам берип жатат.

А т а б а е в. Айымбача дегениңиз ким?!.

Г ү л м а й р а. Анын ким экенин айтсам, же өзүңүз көрсөңүз, бизди таптакыр карабай каласызбы деп корком!.. Бу дүйнөдө Айымбача бирөө гана. (*Шатманга*) Уларбек агай уксун, ырдап койчу, Шаке!..

Ш а т м а н. Ошентелиби?.. Э, болуптур эмесе,

*Шатман аккордеонго кошулуп ырдайт. Анипа кирип, ырга кулак түрөт.*

Ш а т м а н.

Улам карап туш тарапты элеңдеп,
Айтар сөздү миң, кайталап белендеп.
Күн чыгышым сага деген махаббат,
Жүрөгүмө батып барат тереңдеп...

А н и п а. *(Кошулуп)*

Жүрөгүмө батып барат тереңдеп...

Ш а т м а н. Анипа эне!

А н и п а. Жакшысыңарбы, Шаке, (*Гүлмайранын бетинен өөп*) Кандай туруп жатасың, Саке?

Г ү л м а й р а. Сакеңиз дүрбү салып жүрөт!

А н и п а. Дүрбү салып?.. Кимге?

С а м а т. Тузу жок кебеп. Жеңиз, Анипа эже *(Күрсүнүп)* дүйнө ушундай экен!..

А н и п а. Бу эмне дегениң? *(Самат унчукпайт. Анипа Атабаевге жанаша туруп)* Карыя кишинин алдында уят кылып койдуңуз, Уларбек Атабаевич.

А т а б а е в. Түшүнбөйм?!.

А н и п а. Райондон чыккандан тиктей берип... Малабай ата байкап отурду... Кантип карайм эми ал кишинин бетин?

Ш а т м а н. *(Күлүп)* Мени бузулду дедиңиз эле, көрсө өзүңүз да таза эмес турбайсызбы, Уларбек Атабаевич. Эми кандай болот?

А н и п а. Мага жылдызыңыз түшүп калганын адеп бир караганыңызда эле билгем...

А т а б а е в. «Жолдош Анипа!.. Бул сөзүңүздүн таруудай да чындыгы жок. Мен мунуңузду категорически четке кагам! Мен бир жолу да караган эмесмин сизди!..

А н и п а. Кантип?

А т а б а е в. Кечиресиз, жолдош Анипа!.. Мен үчүн моралдык тазалыктан бийик эчтеме жок!..

А н и п а. Ошондойбу?!

А т а б а е в. Ошондой!..

*Матай кирет.*

М а т а й. Көк-Ойроктун алп мүчөлүү, арстан жүрөк жигиттери менен элик мүчө, калем каш кыздарына жүрөктүн толтосунан кайнап чыккан Матеевский ысык салам!.. Анипа эже!.. Аткөлүк аман келдиңизби?

А н и п а. Шүгүрчүлүк, Матай жан.

М а т а й. О, бизде мейман бар турбайбы. Таанышып алалы, агай. Матай Торгоев. Атам торгой сайрап жаткан маалда төрөлгөн окшобойбу.

Ш а т м а н. Коңшулардын даярдыгы кандай көрүнөт? Айтчы батыраак.

М а т а й. *(Кебептен сугунуп)* Бизде андай жок. *(Дагы. бурдап)* Таптакыр жок!.. М-м-м-у-у-у...

Ш а т м а н. Эмне мөөрөйсүң, айтпайсыңбы?

М а т а й. Сөз жетпейт!.. Көргөндө чалкамдан кеттим!..

С а м а т. Эмнени көргөндө?.. Жаңы номерлери бар бекен?..

М а т а й. Эй, акылман!.. Номерди көргөндө да чалкасынан кетчү беле?.. *(Кебептен сугунуп)* Айланайын байкебайла-ар!.. Жер карап кетип баратсам, маңкайган бир периште жарк этип алдымдан чыга келсе болобу!.. Деги, менин көзүмдүн бир балээси бар... Торгойду арбаган жыланчасынан тиктеп калган окшобоймунбу?.. Кыз жаныма келди да «Агай, жүрүңүз, тоого чыгып келели» деп колумдан тартты. Жанына басып алдым!..

Ш а т м а н. Дөөрүгөнүңдү коёсуңбу же жокпу?

М а т а й. Чын айтам, Шаке. Маданияттыктардын айлына бармак тургай, караанын да көргөнүм жок.

Ш а т м а н. Ушинтээриңди билгем? (*Гүлмайрага*) Айтпадым беле мунуңдун ушундай ит оорусу бар деп!..

М а т а й. Э, Шаке!.. Жеке эле мени ошондой дейсиңби?.. Эркек аттуунун бири соо эмес... Баарынын тең ошон-

дой ит оорусу бар. Мына, жакында эле министрдин өзү келип кетти... Байкабай койду дейсиңби?.. Министрдин бир көзү элде болгону менен, экинчи көзү Гүлмайрада болду...

Г ү л м а й р а. Министрдин көзү көрүнгөнгө эле түшө бербейт, Матай жан. Түшө турган кишиге түшөт да!..

А т а б а е в. Сиз жолдош министрге ушак айтканыңызды коюңуз, жолдош Торгоев!..

М а т а й. Ушак?.. Мен аны мактап жатпайымбы, агай... Министр азамат экен!.. Же мына сизди алсак...

А т а б а е в. Мени?!

М а т а й. Ооба. Аялды жаман көрсөңүз тээтигиндей барып жалгыз отуруп албайт белеңиз!.. Мен дагы бир нерсени байкап турам, агай... Анипа эженин жанында отурумуш болгонуңуз менен, кирпигиңиз башка жакты карап ирмелип жатат. Азаматсыз! Мунуңуз мага абдан жагат!..

А т а б а е в, Жолдош Торгоев!

М а т а й. Коюңузчу, агай, калп эле сопусунумуш болуунун эмне кереги бар?! Шаке!.. Эми ымандай чын сырымды айтайын. Кетип баратсам, Айымбача жолугуп калды.

Ш а т м а н. Айымбача болсо эле артынан тентип кетиш керекпи?

М а т а й. Жакшы көрүп калсам кантем?!. Э, Шаке!

Ш а т м а н. Эмне?

М а т а й. Эртеңки фестивалда сөзсүз биз утабыз.

Ш а т м а н. Чокуңду!

М а т а й. Аябай ойлондум...

Ш а т м а н. Эмнени?

М а т а й. Мисалы, теке менен кочкордун бийин керсөтсөк, маданияттыктар орундарынан турбай калышат. Мен өзүм бийлеп берем. Бакирди кошуп алам.

Ш а т м а н. Анча болду, эшектин бийин да бийле!..

М а т а й. Керек болсо аны да бийлейм.

Ш а т м а н. Бийле!.. Сага куп жарашат!..

*Пауза*

А т а б а е в. Мен кеттим, жолдоштор.

Ш а т м а н. Бул жөн гана фестиваль эмес, Уларбек Атабаевич, өзүбүздүн ким экенибизди өзүбүз да көрсөк… башкалар да көрсө… Азыр репетицияга барып, доомат айтыңыз… Эртең болсо… Жюринин председателинин орду сиздики болот…

А т а б а е в. Жолдош Шатман!.. Айтыңызчы, бул фестиваль туурасында кимдир бирөөлөр менен макулдаштыңар беле? Ну, мисалга… райком менен?

Ш а т м а н. Жок. Баштатан эле өзүбүз уюштуруп, өзүбүз өткөрүп келатабыз. Эчким эчтеме дечү эмес.

А т а б а е в. Во!.. Туура айттыңыз… Бу жердеги саясий-маданий иштерге эч кандай партиялык жетекчилик болгон эмес!.. Мынакей ошонун натыйжасы!.. Идея жактан ыдырап кеткенсиңер!.

Ш а т м а н. Уларбек Атабаевич!

А т а б а е в. Бөлбөңүз!.. Сөзүңөрдүн бардыгында тең шалпык ооздук, тукурмайлык, жалжакелик… анака, мунака… Бир да бирөөңдүн сөзүңдө… бийик ойлор жок!.. Бийик ойлор!.. Жалындаган, жаркыраган ойлордон эчтеме жок!..

М а т а й. *(Гүлмайрага)* Мына, ушундай болмок дейм да. Алыскы жылдыздар жөнүндө биз укпаган жаңылыктарды айтат, тыңша!

А т а б а е в. *(Тамеки чегип, ойлуу)* Ну, мисалы… Коомдук малдын туягын дүркүрөтүп өстүрүү… алардын ар бир башын ортодон жогорку семиздикке жеткирүү. Жасалма куут кампаниясын өз убагында көңүлдөгүдөй өткөрүү… Терең мазмундуу лекцияларды өз убагында окуп, эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоо… Ушулар туурасында ооз ачтыңдарбы, кана, айткылачы?! (*пауза*). Эмне унчукпайсыңар?!

Ш а т м а н. Түшүнүктүү. Суроо жок.

А т а б а е в. Фестиваль өткөрүүгө уруксат бердирбейм!..

Ш а т м а н. Эмне үчүн?

А т а б а е в. Жолдош Шатман!.. Бир секундга ой жүгүртүп көрүңүзчү!.. Дүйнө жүзүндө идеология жактан элдешпес күрөш жүрүп жаткан кезде… Кайдагы бир сүйүү-пүйүүнү ырдатып, чет элдик бийлерди бийлетип, анака-мунака болгон жаштарга кол чаптырып алгыңыз бар, ээ?!. Кечиресиз! Ничего не выйдет!.. Искусство деген… баарыдан мурда малды жогорку жана ортодон жогорку семиздикте багуу үчүн жардам бериши керек!.. Көрөт элем!.. Уруксаат берилбейт!..

Ш а т м а н. Биз өткөрөбүз.

А т а б а е в. Өткөрбөйсүңөр!.. Эртең менин лекциям болот.

М а т а й. Уларбек агай!.. Лекцияны азыр эле окубадыңызбы. Эртең эмне, уландысы болобу?!.

А т а б а е в. Анык бузулган жигит экенсиз!.. Такалаш керек сизди!..

А н и п а. Уларбек Атабаевич!..

А т а б а е в. Бөлбөңүз!..

А н и п а. Эмне, мени да такалай койсом дейсизби?

А т а б а е в. Сиздин ким экенидизди да билдим!

А н и п а. И, баса, Уларбек Атабаевич ырас эстетпедиби. Мен келгенде минип жүрүүчү сопол куйрук карагер… таптакыр ташыркап калган окшойт… басалбай калыптыр…

М а т а й. Курсагы чандайып, мойну эле илмийет.

А т а б а е в. Мына, көрдүңүзбү!.. Абсолютна карабай коюшкан… Жогорку сезимдүүлүк жок!..

М а т а й. Ошону айтасыз. Сопол куйрук карагериңиз өлгөнү турат, анан дагы жылкы көрсө эле азанаганын айтпайсызбы!..

А н и п а. Шатман садага болоюн, көптөп такалай салалычы! Бир күн болсо да мингенге жараар.

Ш а т м а н. Убара болбоңуз. Анипа эже. Аныңыздын төрт аягы тегеренип түшүп калыптыр. Така токтобойт!

А н и п а. Болуптур, андай болсо Гүлмайра экөөбүз такалайбыз (*Атабаевге*) Сиздин сыныңыз жүрөгүмдүн толтосуна барып отуруп калды!

А т а б а е в. (*Гүлмайрага*) Тарбияңыз бузула элек экен, жолдош Гүлмайра, ыраазымын. Саламатта калыңыз. (*Чыгат*).

М а т а й. Айтпадым беле... Анипа эжеме жанаша отурганы менен көзү сенде болучу... Деги чоңдорго калганда жолдуу келинсиң...

С а м а т. Жалаң эле чоңдор эмес, баарынан тең жолдуу!

Г ү л м а й р а. Туура айтасың, садагасы. Аалам боюнча жеке гана сенден жолум болбой калыптыр! *(Шатманга)* окус уруксат бердирбей койсо эмне кылабыз, Шаке?

С а м а т. Сени арага салабыз!

Г ү л м а й р а. Оюмдагыны айттың. Өзүмдүн көздөгөнүм да ошол болуп турат! *(Шатманга)* Уполномочен экен, колунда укугу болуш керек.

Ш а т м а н. Бизде да бар. Жоопту экөөбүз беребиз.

А н и п а. Туура айтасың, Шаке, фестиваль болот. Ай чыгары менен репетицияңды баштай бер. Ал эми жаңкы идеяга сугарылган уполномоченди болсо... аны Гүлмайра экөөбүзгө коё бергиле... Жана айтпадымбы, такалайбыз деп... такалайбыз!.

Г ү л м а й р а. Такасын мен кармап берейин, мыгын өзүңүз кагыңыз!

А н и п а. Жарайт!..

*Чүкөдөй кирет.*

Ч ү к ө д ө й.

Кызыл, кызыл козунун,
Көрпөсү элем, ой, дай.
Кыз да болсом бир үйдүн,
Эркеси элем, ой, дай...

А н и п а. Чүкөдөй эне!..

Ч ү к ө д ө й. *(Маңдайынан жыттап)* Анипам!.. Алтын кызым!.. Мен келатканда бу кайдагы булбул деп таңыркап калдыңарбы?.. О, көзүңөрдөн тегеренип кетейиндерим, шашпагыла, энеңердин өнөрүн эртең көрөсүңөр!..

М а т а й. Эки жагыңызды каранып эле, элең-элең этесиз, болжошуп койгон кишиңиз бар го дейм, я, энекеси?

Ч ү к ө д ө й. О, жаман тентек десе!.. Болбой да койчу беле. Эргежелдей болгон байкуш атаңарды бир аз каарып койдум эле, таарынып калганбы, ушу кезге чейин жок. Санаам тынчыбай жатпайбы!..

М а т а й. Калп эле урушумуш болгонуңуз менен Малабай атамды жакшы көрөсүз, ээ?

Ч ү к ө д ө й. Тур нары!.. Жакшы көрүп эмне… Жамыран түшсүн!..

*Дүрия ыйлап кирет.*

Ш а т м а н. Дүрия апа!.. Эмнеге ыйлайсыз!.. Эмне болду, айтыңызчы?

Д ү р и я. Үйлөнгөнү жатат!..

Ч ү к ө д ө й. Эмне дейт?!.

М а т а й. Айымбачага?!. Ким үйлөнгөнү жатат?!. Ким дейм, Дүрия, апа?!. Кудай урсун, же ал өлөт, же мен өлөм!.. Ким?!

Д ү р и я. Шермат атаң!..

М а т а й. *(Отуруп калат)* Шермат атаң?!.

*Дүрия башын ийкейт. Паузадан кийин Чүкөдөй баш болуп бардыгы күлүшөт.*

Д ү р и я. Күлбөгүлө, Чүкөдөй!.. Ушунча жылдан бери бирге турсак… Чыдабайм бу кордукка… Кызымдыкына кетем… Эртең жеткирип койгула, макулбу, Шаке?

Ш а т м а н. Шермат атам ушинтет деп кимдин оюна келди дейсиң?!.

Г ү л м а й р а. Айымбачага да баракелде!..

А н и п а. Жийиркенесиң!

С а м а т. Чалдардын баарын кырыш керек!

Ч ү к ө д ө й. Чуулдабагылачы, балдар!.. Ооба, ооба... Жана көргөнүмдө эле Шермат менен кара Дөө экөөнүн түрү бузук болчу!.. Дүрия!

Д ү р и я. Эмне?

Ч ү к ө д ө й. Шерматыңдын үйлөнөм дегени чынбы деги?

Д ү р и я. Чын.

Ч ү к ө д ө й. Анда менин кара дөөм да үйлөнгөнү жатат...

Д ү р и я. Чүкөдөй!.. Курулай Макемдин убалын көтөрбөгүн...

Ч ү к ө д ө й. Сүйлөбө!.. Чалдардын бири кутурса баары кутурат! Тигини, тигини, эргежээлдей болгон гана арам... Жанымда мөлтүрөгөн келин турду эле деп... Мага алганды чаташтырып ага бере салып, ага алганын мага апкелген тура!.. Эми билбедимби! Дүрия!..

Д ү р и я. Я?

Ч ү к ө д ө й. Көтөр башыңды!.. Сени кордотуп коюп тирүү жүргөнүмчө өлгөнүм артык. Менин кара жиним кармаганда билесиң, го. Шашпа аларды!..

А н и п а. Токтоңуз, Чүкөдөй эне!.. Кошо барабыз.

Ч ү к ө д ө й. Убара болбогула. Ал экөөнө мен өзүм эле татыйм!

*Чүкөдөй чыгат. Шатман ойлуу.*

А н и п а. Минтип турганыбыз уят!.. Шермат ата Дүрия апамдан кечирим сурасын, болбосо...

Г ү л м а й р а. Анипа эже!.. Анткенде болбойт... Шермат атаны түз эле элдин алдына алып чыгабыз. Андайдын жазасын эл өзү бериши керек. Кеттик, Шаке!

Ш а т м а н. Токточу, Гүлмайра. Бир мүнөткө сабыр эткиле. Азыр, азыр *(ойлоно калып)* Анипа эже!.. Дүрия

апамды колтуктап шаңдуу баскыла!.. Биз киргенде Шермат ата кирерге ийин таппай калсын!..

*Матай менен Самат ээрчип барып токтойт.*

М а т а й. Шермат ата менен колукту талашат деген эмне?!. Ушундай да кордук болобу?!.

С а м а т. *(Матайдын калпагын баса кийгизип)* Чала болот сага!.. Чала болот!..

М а т а й. Жок!.. Мындайга чыдай албайм!.. Чыдай албайм!..

*Экөө эки жакка жүгүрүп чыгат.*

### *Үчүнчү сүрөт*

*Боз үй. Керилте жыйылган жук. Туш кийиз. Шырдактар төшөлгөн. Радиоприемник. Шермат жалгыз. Тегерек столдун жанында мурутун серпип, ырдап отурат.*

Ш е р м а т.

Күйдүм бир күйдүм, и-ий, күйдүм чок, ай,
Күйдүм бир гана десем, ай, түтүн жок.
Жүрөгүмдүн ай, башында, ай,
О, Күйдүм, а, жүгөрүдөй и-и... бүтүн жок...
Ох!.. Иттин гана дөкүртү! (кайрадан ырдап):
О, Күйдүм, а, жүгөрүдөй и-и-й, бүтүн жок.

*(Күзгүгө каранып)* жигит!.. Жигит!.. Сакалды эмне кылсам, я?.. Бешиктен бели чыга элек чычымдар деле сакал коюп жүрүшпөйбү! *(Ордунан туруп)* Макем кечикти?!. Бир ойдон кечиккени да жаман эмес... Жакшылыкка!.. Капырай, эмне болуп турам, я?!. Токсонго чыксам мейличи, мен томуктай жап-жаш баламын деп ырдаган экен акын!.. Бали!.. Курган ашыглык!.. Айымбачам мына бу тушка келип, көзүн жайнаты-ып, бет маңдайыма тура калса... *(купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е... туура калса!.. *(үнүн бийик чыгарып)* О, Күйдүм а, жүгөрүдөй

и-ий, бүтүн жок… *(Малабай кирет. Шыбырагансып)* бүтүн жок… Кимсиң?

Малабай. *(Үнүн өзгөртүп)* Мылыйсамын.

Шермат. Я, кудаа!..

Малабай. Тавориш Кулукей-үп малинкий маржа ест. Ариставайт!.. Айда пошол, чорт-морт… Хи, хи, хи…

Шермат. Турумтайым!.. Ох, жаным да калсачы!..

Малабай. Чайыңдан сун.

Шермат. Кемпирге айттым. Үн деген жок. Сүйүндү. Көзүнөн эле билип койдум *(чай куюп)* жолуң кандай, төгүп жиберчи, турумтайым… Барган жоксуңбу?!. Эмне маалкатасың, айтпайсыңбы?!. *(Пауза)*. Маке?! *(пауза)* Мынча эмне кыйнайсың, же өчүң, бар беле менде?!.

Малабай. *(Чайдан ууртап)* Көрчү… кыйкырып коёт, ой!.. Жайым ошондой болсо, кайда шашмак элем!.. Ай сүттөй жарык болуп турат! *(пауза)* Куш боо бек болсун, шумкарым!

Шермат. Маке!..

Малабай. Акырын!.. Айымбача бир аз чыр салымыш болуптур… И, антпей койчу беле… Анан жаркылдап күлүп туруп, «Чынын айтсам, өзүмдүн көздөгөнүм деле ошо киши болчу. Макулмун» дептир!..

Шермат. Оозуңа май!.. Турумтайым!.. Асыл курбум!.. Боорсоктон же. Каймактан сугун, Эртең ылайдай болгон кара күрпөңдүн куйругун килкилдетип туруп алдыңа коёмун. Ой, мен эмне болуп баратам я?.. Жүрөгүмө бүрөө бал сүртө салгансып… *(Купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е…

Малабай. Шеке!..

Шермат. Я ?

Малабай. Эртең иңир маалында жолугушалы дептир …

Шермат. Ким?.. Айымбачабы?.. Мени мененби?!.

Малабай. Ооба.

Шермат. *(Купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е… Кайда жолугушалы дептир?

М а л а б а й. Өзүм билип берем. Чиштай кийинип бар…

Ш е р м а т. Макул, турумтайым, макул… Андан көрөк, Айымбачага айтып кой, кыргызча эле кийинип келсин өкмөт кийимин кийип келсе… Уятко… Кантип карайм?!.

М а л а б а й. Чочуба. Кыргызча кийинип келбегенде… Мен айтып коём… Кыргызча эле кийинип келет… Андан көрөк… тыйын-пыйындан кандайсың? Барбы бирдемең?

Ш е р м а т. Бар эмей анан. Атайылап катып жүрбөйүмбү.

М а л а б а й. «Волга» алганга жетеби?

Ш е р м а т. Сатса… «Волга» эмес, жаңкы «Чайкени» алганга да жетет.

М а л а б а й. Абдан жакшы болгон экен. Эсеби, Айымбача балам…

Ш е р м а т. Малабай!..

М а л а б а й. Эмне?

Ш е р м а т. Мындан ары Айымбача балам дегениңди угузбагын. Мен аяк ичээр улуумун. Айымбача сага жеңе болот… Айымбача жеңе деп жүр!..

М а л а б а й. Айымбача жеңе деп?!. Э, кой, э!. Кенже кызым менен тең баланы кантип жеңе демек элем?!.

Ш е р м а т. Анда аяш дегин.

М а л а б а й. Аяш да дебейм. Дитим барбайт! *(Ордунан туруп)* Жаман жорукка түрткүң бар экен го?! Болуптур. Экөөбүздүн жүз көрүшкөнүбүз ушул. Кош!..

Ш е р м а т. *(Колунан кармап отургузуп)* Маке!.. Айланайын Маке!.. Жеңеси да жок, аяшы да жок, жөн эле Айымбача деп жүрчү. Макулбу?

М а л а б а й. И, бая эле ошентпейсиңби! *(Шерматты карап)* Эсеби, Айымбачанын өзү физкультурнай турбайбы… Эликтей жүгүрөт дейт… Анан, машинаны да кы-

йын айдайт имиш... Болгон акчасынын баарын ала келсин дептир...

Ш е р м а т. Макул, турумтайым. Чака тыйын калтырбайм.

М а л а б а й. Анан сактык кассадагы акчасына ишеним, кат даярдап коём... Колун коюп, өзү менен кошо аны да ала келсин дептир.

Ш е р м а т. Айтканынын баары болот. Болжолдо, Айымбачам машине алсам дейт экен го?

М а л а б а й.. Оу, атаңдын көрү... Сүттөй ак, же көмүрдөй кап-кара «Волганы» Айымбача айдап, сен анын жанында сакалды жайкалтып коюп, термелип баратсаң...

Ш е р м а т. *(Купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е... Кундуздай чачынан анда-санда сылап коюп, ээ?!. Ууздай болгон колунан да?! *(Тамшанып)* Ата-бабабыздын акылмандыгынан айланып кетсек да болот!.. Биринчи байлык ден соолук, экинчи байлык ак жоолук деп... Жаш аял алганга эмне жетсин... Бу дүйнөнүн чыныгы ыракаты ошол... Ушундай эмеспи?

М а л а б а й. Үйлөнгөнү жаткан сен билбесең, мен кайдан билем?!

Ш е р м а т. Курчуң. жок, турумтайым, курчуң, жок!.. (*Пауза*) Э, Маке!..

М а л а б а й. Эмне?

Ш е р м а т. Айтчы, менин мунум күнөө эмеспи, я?!

М а л а б а й. Билбейм. Күнөө болсо күнөө, күнөө болбосо күнөө эмес... Иши кылып экөөнүн бирөө да (*пауза*) Э, Шеке!..

Ш е р м а т. Эмне?

М а л а б а й. Карылыктын башка ыракаты деле толуп жатат. Мына эмесе деп, үйлөнбөй эле койсоңчу, я?.. Тызылдаган бойдон Айымбачага барып айтып келейин,. Шекем айнып калды деп. Себебин кудай алсын, дароо табам. Доктурга көрүнсө, үйлөнсөң эле өлөсүң, деп айтыптыр дейм...

Ш е р м а т. Сүйлөбө жок сөздү!.. Алаканына түшкөн ырыскыны чачып жиберген макоону кайдан көрдүң, эле?! Бирөөгө карасанап же ууру кылса… Ошондо күнөө.., А мен эмне… адал иштеп, адал жүргөн киши болсом… Айымбача өз ыктыяры менен кошуламын деп жатса… Мунум күнөө эмес!..

М а л а б а й. Ошондойбу, я?

Ш е р м а т. Ооба, Маке. Мен үйлөнөм!

М а л а б а й. Э, болуптур, үйлөнсөң үйлөнө берчи!..

Ш е р м а т. *(Купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е…

М а л а б а й. Шеке!

Ш е р м а т. Эмне?

М а л а б а й. *(Күрсүнүп)* О, атаңдын көрү курган дүйнө! Адам баласы чоюн эмес да, эритип жиберип кайрадан калыпка куюп ала койгудай. Кантесиң, ошентсе да айла барбы. Эптеп колдон келген ремонтту жасап көрөлү. Бисмилля рахман рахим. Кана, сырткы көрүнүшүң анча деле жаман эмес, окшойт… Мойнуң бир жагына кыйшайып калганбы…

Ш е р м а т. Өзүңкү кыйшайып калсын, түп-түз эле!

М а л а б а й. Ырас эле түп-түз экен. Кана, кана, сакал-мурут дурус… бетиң болсо тысырайып май таамп турат… Эми эң кыйыны калды. Кана, отуруп-тура калчы… Бат-бат! (*Шермат жыгылат*) Олдо, курган шумкарым, ая! Майланбаган арабанын дөңгөлөгүнө окшоп, тизелериң тап-такыр болбой калган тура!.. Биздикинде аюунун майы бар, эртели-кеч муундарыңа сүртүп тур, заматта эле зыпылдай түшөсүң!

Ш е р м а т. Макул, турумтайым, макул.

М а л а б ай. Азырынча колумдан келгени ушул калганын өзүң аракет кыл, шумкарым.

Ш е р м а т. Бу дүйнөдө бир гана арманым болуп турат, Маке. Мен катын алганга жараша сен да алсаң жакшы болот эле. Айымбачамды эркелетип, рахаттын

кучагында балкып жатканымда, Макем байкуштун көргөн күнү эмне болот деп көп ойлоном, үшкүрүнүп эле басып каласың го, ээ, кургурум?! *(Күзгүгө каранып купшуңдай күлөт)* И-и-и-е-е-е… Эмнегедир эле сүйүнүп жатам да, я!. Бу эмнеси, Маке?

М а л а б а й. Буюрса эртең бу маалда…

Ш е р м а т. И-и-и-е-е-е… Айтпай коё турчу, ансыз да… Ырдагым эле келип турат, ой!

М а л а б а й. Бүгүн ырдабаганда качан ырдамак элең?!. Ырда!

Ш е р м а т. Аппак колуң, э-эй, берсеңчи…

М а л а б а й. Бау деген экен!..

Ш е р м а т. Ашык жарым, э-эй…

М а л а б а й. *(Оозун басып)* Бас жаагыңды!.. Иттериң абалап калды… *(Туурдуктун тешигинен шыкаалап)* Менин байбичем окшойт…

Ш е р м а т. Чүкөдөйбү?

М а л а б а й. Ооба. Так өзү. Иттериң тааныбай үргөн тура, эми эркелеп жатышпайбы…

Ш е р м а т. Эмнеге келатат болду экен, я?!.

М а л а б а й. Тайдын чучугун бышырып кой дедим эле… Экөөбүздү чакырып келатса керек… Оу, биздин байбиченин басканы ая… Сурайылдай болгон байкушум, карачы!.. Райкомдон айтышты, быйыл да көргөзмөгө барасың деп. Оңунан чыкса, чоң Маскөөнү байбичеме дагы бир жолу көрсөтүп келейин деп жатам. Чайың ысыкпы?

Ш е р м а т. Кайнап турбайбы.

М а л а б а й. Байбичени так төргө отургузуп коёлу… Эне эмеспи… Эненин жолу улуу!..

*Чүкөдөй кирет. Чүпүрөккө оролгон бир нерсени колтугуна кысып алган. Шермат менен Малабай тура калышат.*

Ш е р м а т. Төргө өт, Чүкөдөй байбиче… Чай ичели… Концерт угалы. Күлүп сүйлөшүп отурганга не жетсин бу дүйнөдө!.. Кана!.. Азыр Дүрия да келет…

М а л а б а й. Бол, байбиче… Ортобузга келип маңкайып бир отурчу!..

*Чүкөдөй унчукпай тиктейт. Пауза.*

М а л а б а й. Колтугуңдагы эмне байбиче? (*Чүкөдөй унчукпайт*) Хи, хи, хи… Байбиче бизге чучук апкелген окшобойбу… Көрдүңбү, Шеке… Билимдүү кишиге айла жок да…

Чүкөдөй мурдагысындай эле унчукпайт. Шермат менен Малабай тигинин көз карашына чыдабай отуруп калышат.

*Пауза.*

Ч ү к ө д ө й. *(Тигилерди карабастан, алыс бир жакты тиктеп)* Экөөң тең акылдуу, жансыңар… Кулак салгылачы сөзгө…

Ш е р м а т. Айт, Чүкөдөй байбиче, айт.

М а л а б а й. Сенин сөзүңдү, укпаганда… Кудай деп жыргап укпайбызбы!..

Ч ү к ө д ө й. Жакшы кишиге текебер кылып, карасанаган бирөө болсо… андай төбөңдөн ургурду эмне кылыш керек? *(Пауза)* Шермат?!

Ш е р м а т. (*Шашып*) Жазасын колуна бериш керек.

Ч ү к ө д ө й. Сен кандай дейсиң, кара дөөм?

М а л а б а й. Ошентиш керек.

Ч ү к ө д ө й. Экөөң тең туура айттың!

М а л а б а й. Кана эми, байбиче, батыраак апкелчи чучугуңду кыя кесип туруп, ой да бир жейли. Кырктан өткөндөн кийин жылкынын эти дары болот деп профессорлор айтышыптыр го… Шермат экөөбүзгө миңдин бири эмеспи!..

*Чүкөдөй колтугундагы оролгон Чүпөрөктү ача баштайт. Ичинде шамшаар менен кайрак...*

Ч ү к ө д ө й. Азыр, кара дөөм. Сабыр эт *(шамшаарды шарт-шарт жанып)* Кана, кимиңерден баштасам экен?!

М а л а б а й. Байбиче!.. Айланайын!..

Ч ү к ө д ө й. Кара баскан гана карган текелер десе!.. Жаш катын алгыңар келип калган экен го... Азыр, азыр... Экөөңө тең катын алып берем! *(Малабайга)* Колумдасың... Куткарбайм!.. *(Шерматты карап)* Адегенде мына бу бузукудан баштайын!..

Ш е р м а т. *(Айласы куруп күлүп)* И-и-и-е е е... (*Жүктү карай жылып)* У-у-у-а-а-а...

Ч ү к ө д ө й. Дымыңды чыгарба!.. Кылтыңдатып гана жаш катын алгың бар, ээ?! *(Шамшаарды шарт-шарт жанып)* Ошонуңдун койнуна сакалдуу кемпир кылып салып бере албасам...

Ш е р м а т. *(Үзүлө кыйкырып)* Жан соога!.. Жан соога!..

*Шатман баш болуп Дүрия менен Анипа кирет.*

Ш а т м а н. Чүкөдөй эне!

Ш е р м а т. Жан соога, айланайындар, жан соога!..

Ч ү к ө д ө й. Эмне турдуңар?.. Кергиле төрт аягынан!.. Карыганын билбей калжаңдаган арамдын эмнесинен уяласыңар?!.. Алгыла!

Ш а т м а н. Токтоңуз, Чүкөдөй эне!.. Биз Шермат атамды үйлөнтмөй болдук...

Ч ү к ө д ө й. Эмне?!.

Д ү р и я. Балдардын акылын уксаң, чал байкушту үйлөнтүп койгонубуз эле дурус экен...

Ч ү к ө д ө й. Дүрия?!. Сен чыдасаң да, мен чыдабайм!..

Д ү р и я. *(Торгоп)* Чүкөдөй!.. Чал меники... Үйлөнтөмбү, жокпу... өзүм билем... Ишиң болбосун!..

Ч ү к ө д ө й. Ошондойбу?!. Бирөө эмес, маа десең миң аял алып бер *(Жекире карап)* Шоргелдей!.. Малабай!..

М а л а б а й. *(Ордунан тура калып)* Эмне, байбиче?

Ч ү к ө д ө й. Бас!

М а л а б а й. *(Калтырап)* Эмне кыласың, байбиче?.

Ч ү к ө д ө й. Өзүм билем *(Шамшаарды шарт-шарт жанып)* Бас дейм!

*Малабай атып чыгат. Чүкөдөй соңунан кетет. Шермат таңданып карайт.*

Ш а т м а н. Ойлоп көрсөк, чынында эле Дүрия апама кыйын экен…

А н и п а. Чочубаңыз, Шермат ата… Дүрия апам каршы болсо, же Айымбача тийбейм десе… анда бир жөн эле…

*Шермат дале болсо ишенбей карайт.*

Ш а т м а н. Чектен тышкары болсо… Бизге да жан керек, Шермат ата… өзүбүзгө өзүбүз карасанамак белек… Акырындап камына бергиле. Эртең баш коштуруп коёбуз…

Ш е р м а т. Шаке?

Ш а т м а н. Түшүнүп жатам, Шермат ата. Бардыгын өзүңүз ойлогондой кылабыз. Үйлөнүү дегенди ушу тургандар гана билет, башка эч ким билбейт…

А н и п а. Чүкөдөй апама мен өзүм айтып коём.

Ш а т м а н. Кеттик.

*Үйдө Шермат менен Дүрия калат.*

Ш е р м а т. Чын айтып жатышабы же тамашасыбы?!

Д ү р и я. Сакалдуу киши менен тамашалашкандай, алар эмне, тамаша таппай калды дейсизби, абышка?! *(Күрсүнүп)* Жеңил жаным. Жүгүрүп барып айта койбодумбу… Мен куруюн… түштөн кийин эсиме келип… Жалынып-жалбардым… ыйладым… Балдар аяшты окшобойбу… Болбогондо… Чүкөдөйдөн да алардын ачуусу жаман болучу! *(Шерматка карап)* Айымбача келип, үй-тиричилигин колго алса… Таргыл мышыктын жонунан сылап, төрдө отурсам… Ошенте турган кез небак жетпедиби!..

Ш е р м а т. Ырас айтасың! *(Кыпшыңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е… *(Дүриянын жанына отуруп)* Мен өзүм да сага кул болуп берем. Байкуш байбичем! *(Дүрияны кучактап)* Акылга дыйкансың го деги!..

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Биринчи сүрөт*

*Карагайлуу беттин этеги. Көлөкөгө салынган шырдактын үстүндө курама төшөктөр. Ар кайсы жерде чачылган кагаз. Атабаев көмкөрөсүнөн түшүп, бирдеңке жазып жатат.*

А т т о к у р. *(Кымыздан ууртап коюп)* Илгери… илгерии алты ай мал перме болуп калдым. *(Күрсүнүп)* Ошондо, эмнесин айтасың!.. Кыз-келиндердин кай бирөөлөрү перме аке дешсе, экинчи бирөөлөрү жолборс аке дешип… Пай, пай, пай!.. Ачуум келип бир айкырганымда!.. Сүрүм кыйын окшобойбу… Ким болбосун калтырап кетчү!.. Эми болсо… кудай таптакыр урду!.. Бизге окшогон карыларды көзгө илүү деген жок!..

А т а б а е в *(Жазуусун улантып)* Түшүнүктүү, Аттокур аке, түшүнүктүү!.. Бардыгын өз көзүм менен көрүп жатам!..

А т т о к у р. Илгери… илгери… мен перме болуп турганымда башка эле… Тизгинибиз бошоп кетти өңдөнөт…

А т а б а е в. *(өйдө боло калып)* Во!.. Алтындай сөз!.. Менин көңүлүмдүн борборунда турган ойду чукугандай таап айттыңыз!.. Сизде чыныгы жетекчи кишинин башы бар экен. Чыныгы жолборс экениңизге мен ишендим! *(Үнүн көтөрүп)* Мени биринчи болуп жооптуу кызматка көтөргөн, билесизби, ким?.. Жолдош Кызаев деген киши болгон. Мына, чыныгы жетекчи!.. Ал келатканда, бешиктеги ыйлап жаткан бала сооронo калчу!

А т т о к у р. Ой, баракелдээ!.. Адам эмес бекен, я!.. Бизге ошондой киши жетпей жатпайбы, Уларбек иним!..

А т а б а е в. Бери болуңузчу…

А т т о к у р. *(Жакын жылып)* И… и…

А т а б а е в. Оозуңуздан чыкпасын. Экөөбүздүн гана ичибизде болот.

А т т о к у р. Ооба, ооба. Ишене бер. Менин оозумдун кулпусу бар!..

А т а б а е в. *(Эки жагын каранып, шыбырагандай үн менен)* жолдош Жанболотов Назар Асановичти билесиз го... райкомдун биринчи секретарычы?..

А т т о к у р. И... и... Көргөм. Билем.

А т а б а е в. Өткөн райондук кеңешмеде ал кишини катуу сындагам.

А т т о к у р. Биринчинин өзүнбү?!. Ой, баракелде-е!.. Каракулак шердин эле өзү турбайсыңбы!.. И... и...

А т а б а е в. Биринчинин иши биринчи да!.. Корккон элем... артыңан сая түшүп алса жаман да... Бирок анткен жок... Өзү чакырып алып, уполномочун кылып жиберди... Бу чоң ишеним... Ракмат анысына... Бирок...

А т т о к у р. И... и...

А т а б а е в. Мен аны эмне үчүн сындады дебейсиңби?.. Жолдош Жанболотов Назар Асанович... *(Эки жагын каранып, үнүн басаңдата)* жогорку билимдүү специалист болгону менен, жолбашчылык таланттын бүдүрү да жок!.. Баары менен тең ата... Мылжың. Мораль жагынан да шектүү... Бир гана мисал... Эшигинин алдында отурган катчы аялчы... Аны далыга кагып эркелетет, акыл сурайт... Күлүп сүйлөшөт... Ошол эле дейсизби?!. Биздин райондун кожейкеси деп ат коюп алыптыр!

А т т о к у р. А, катыгүн кудай десе!.. Жетекчи эмес эле, кызылдай эт турбайбы!.. Э, айланайын!.. Кантип чыдап отурушат?! Андайдын ордуна... Мына... өзүңдү эле коё салышса... Бардык балакеттин баары сендей азаматтын жоктугунан болуп жатпайбы?..

А т а б а е в. *(Мыйыгынан күлүп)* Мындай сөздү экөөбүздөн башка эч ким укпасын! *(Конвертке салынган бир нече кат берет)* Бардыгы даяр. Ар бир катка

өзүңүз ишенген адамдардын колун койдуруп, салып жибересиз.

А т т о к у р. Кайда?

А т а б а е в. Адреси конвертте. Борбордук комитетке.

А т т о к у р. Эмне деп жаздың деги?

А т а б а е в. Жолдош Атабаев Уларбек Атабаевичтин окуган лекцияларына баарыбыз муюп калдык, мээбиз тазара түштү, бизге ушундай принципиалдуу, таланттуу акылман жетекчи керек. Анака-мунака... иши кылып ушу мааниде...

А т т о к у р. Э, айланайын, лекцияңды укпай жатып эле мактап жиберсек кандай болор экен?... Же боло береби?!.

А т а б а е в. Лекция деген мына мен!.. Көрүп турбайсызбы?!. Ал аздык кылса кечинде угасыз!.. Бери болуңузчу *(шыбырап)* Сизди чоңойтом!..

А т т о к у р. Э, койчу айланайын! Чоңдукка жарабайм го? Же жараймынбы?

А т а б а е в. *(Бийликтүү)* Жарайсың... Мага сизге окшогон Жолборс кадрлар керек болот!.. Шашылбаңыз!.. Эл алдында сүйлөп көрдүңүз беле?

А т т о к у р. Сүйлөгөндү кудай алсын... Маш эмесминби. Илгери... илгери... мен перме болуп турганымда Фрунзада чоң кеңешме болот... ошого барып сөз сүйлөйсүң, мыктап даярдан деп калышты...

А т а б а е в. Так, так...

А т т о к у р. Намыс деген бир уруу журт эмеспи... Кудайдын куттуу күнү ээн талаага чыгып алам... Куурайлардын башына жылкынын тезегин жыбыратып сайып койгом... Ал эл... өзүм болсо ташка сүйөнүп алып, тезектерди карап, агайындар, жасалма куутка берилген спиртти ичип алган акмактар бар, аларды жоготуш керек деп кыйкыргандай болсом... Көк-Ойроктун карагайлары жапырылып-жапырылып, аска-зоокалар чатыр-

чутур жарылып кетчүдөй болот. Чоң театрда сүйлөгөн сөзүм кийин гезитке чыкты.

А т а б а е в. Так, так...

А т т о к у р. Окумуштуулардан да кыйын сүйлөп койгон окшобоюмбу, жоо алгырдыкы!.. Балдарга окутканымда, көп жерин өзүм да түшүнбөй калдым!..

А т а б а е в. Эң сонун!.. Бүгүн да так ошол калыбыңызда сөз сүйлөйсүз...

А т т о к у р. Эмне деп?!

А т а б а е в. Менин лекциямды кубаттап... Ансыз болбойт да... Биз коомдук пикир түзүшүбүз керек. Туруңуз!.. Эми мындай. Мобу карагайлар калың эл болот... анын ичинде мен да бармын. Тээтиги дөңгөчтү трибуна кылып коёбуз. Жардамдашыңыз! (*Экөөлөп дөңгөчтү тикесинен тургузушат*) Эми бери келиңиз. Кана!.. О-о, чүйлүңүз дурус экен. Калпакты баса кийип алыпсыз, болбойт. Жетекчи чүйлү деп ушуну айтат. Калпакты алып таштаңыз. Чүйлүңүз элге көрүнүп турушу керек. Так, так. Эң сонун!.. Эми трибунаны көздөй басыңыз. Жок!.. Токтоңуз!.. Бүжүң-бүжүң этип... мунуңуз жарабайт!.. Жетекчи басыш деген болот... Сиз ошо жетекчи басыш менен басышыңыз керек. Карап туруңуз мени. Жетекчинин ар бир кыймыл-аракети адамдарга урмат туудуруп, арбап, ынандырып турушу керек. Мени байкадыңызбы?

А т т о к у р. Байкадым, Уларбек иним, байкадым.

А т а б а е в. Трибунага келгенде шашылбаңыз. Бу жерде суу болот. Андан ууртап коюп, элди бир сыйра карап алыңыз. Күлбөңүз. Сүрдүү караңыз!.. Анан... анан айдата берсеңиз болот... Кана, баштап көрүңүзчү!.. Сонун! Эң сонун!.. Сизде чыныгы жетекчинин уюткусу бар турбайбы!.. Шашылбаңыз. Так, так. Суудан ууртаңыз. Элди караш керек... Дагы сүрдүүрөөк... Укмуш!.. Эми сөзүңүздү баштай бериңиз...

А т т о к у р. *(Үнүнүн бардыгынча)* Агайындар!..

А т а б а е в. Эң сонун!.. Уланта бериңиз...

А т т о к у р. Эмне айтарымды билбей жатпайымбы...

А т а б а е в. Азырынча оозуңузга келгенди оттой бериңиз. Сөзүңүз мына, анан жаттап аласыз... Баштадык...

А т т о к у р. Агайындар! Жолдош Уларбек Атабайуп биздин баарыбызды кыйратты... Аны жок кылыш үчүн...

А т а б а е в. Токтотуңуз!.. Сиз эмне деп тантып жатасыз?!

А т т о к у р. Э, айланайын оозуңа келгенди оттой бер деп өзүң айтпадың беле?!.

А т а б а е в. Оттогондо Атабаевди жок кылыш керек деп оттойсузбу?!.

А т т о к у р. Э, кокуй, анткендей кутуруп кетти дейсийңби?!. Көп кемчилик айтам дебедиң беле... Ошону жок кылыш керек дейин дегем!..

*Сырттан чуулдап кыйкырган үндөр угулат.*

А т а б а е в. Бу эмне кыйкырык?!

А т т о к у р. Олдо, жоо алгырдын эшеги, ая!.. Бош коё берсем эле ушу... Ай, ушу томурандаган иттин балдары... Кымыздан ич, Уларбек иним...

А т а б а е в. Бүгүн жооптуу күн!.. Кымыз уйкуну келтирет... Чай болсо ичет элем... Суусап өлө, турган болдум...

А т т о к у р. Айымбача чай коюп жатты эле...

А т а б а е в. Айымбачаңыз ким?!

А т т о к у р. Шалта дегендин балдызы. Мага жээн болот. Өзү жаңкы физкультурнайлардын институтун бүткөн *(сыртты карап)*. Ай, тентектер десе... силерди элеби, коё тургула...

*Атабаев жалгыз. Тамеки тартып ойлуу.*

А т а б а е в. *(Маңдайын кармап)* Эсимден чыгарып ийгенимди көрчү?.. Ну, ничего, ничего...Бизде бардыгы тең карандаштын учуна алынуу! *(Блокнотун чыгарып)* Ар ким өз акылы менен ойлоп иштеши керек. Азыркы заман ой-

чулдардын заманы деген... Кандай түшүнүүгө болот?! *(Патнус көтөрүп, Бурма кирет. Атабаев байкабайт)* Ар кимиң өз билгениңди кылып, алды-алдыңан басып кет дегениби?!. Туура, ошондой *(Колун асманга шилтеп)* Жок!.. Жаңылышасыз... аябай жаңылышасыз... жолдош Жанболотов!.. Бардыгын жетекчи ойлошу керек... Ошон үчүн жооптуу да!.. Жетекчи эмне десе... закон... калгандарынын баары кыңк этпестен ошону иштеши керек!..

Б у р м а. *(Патнусту дасторконго коюп)* Ой, уй, уулум!..

А т а б а е в. *(Селт этип)* Бу ким?!. *(Бурманы көрүп)* А, Бурма апа белеңиз...

Б у р м а. Кел, алдыңа кетейин... Жапкан нан... Ысык эле бойдон...

А т а б а е в. *(Дасторкондун жанына келип)* Кулагыңыз укпайт экен... Жалдырап эле адамдын оозун карайсыз... Кыйын!.. Аяп жатам!

Б у р м а. *(Кант чагып жатып)* Артист окшойсуң, ээ, уулум?

А т а б а е в. Олдо, жарыктык, ая *(Катуу кыйкырып)* Артист эмесмин. Сиздердин районго келгениме жыл маалы болоюн деди. Азырынча жогоркуларга кошула элекмин. Коюу чаңдын ичиндемин. Азырынча гана... Азырынча дейм! *(Кучагын жайып)* Кийинчерээк болсо... Уух!..

Б у р м а. И, алдыңа кетейин, чоң артистсиңби? Ошондой, ошондой, кыйын ойногонуң көрүнүп турбайбы.

А т а б а е в. Артист эмесмин!.. Укпасаңыз эмне кылам эми?!.

Б у р м а. Артист болгонго эмне жетсин, алдыңа кетейин. Кулак укпаганы менен курган көкүрөк сезип турат. Бирөөнү урушуп жаттың, ээ, уулум?.. Жаман киши окшобойбу?..

А т а б а е в. (*Чочуп*) Эмне дейт?!.Шектүү кемпир го сыягы?! *(Дасторконду карап кант чагып жаткан Бур-*

*маны ийнинен тартып)* кайдан билдиңиз бирөөнү урушуп жатканымды?!. Калп эле жалдырамыш болуп... ушу сиз амалданып жүрбөңүз, я?!

Б у р м а. А, алдыңа кетейин, кулактан кийин көргөн күн курусун! *(Атабаевди тиктеп)* Жаңкыны кайдан билдиң деп жатасыңго?.. Дүлөйдүн кулагы көз болуп калат тура...

А т а б а е в. Мүмкүн. Ишенүүгө болот. Кой, күн батып баратат. Кагаз-пагаздарды жыйнап... *(Бүктөлгөн баракты колуна ала коюп)* Шайтан алгырдыкы!.. Мына кенебестик... бирөө көрүп койсо... анда эле өлбөдүмбү! *(Кагазга көз жүгүртүп, шыбырагандай үн менен)* Чынында эле абийирдүү, сулуу келин экен!..

Б у р м а. Эмне дедиң, уулум?.. Сулуу келин экен дедиңби?

А т а б а е в. Балакет бас!.. Угат турбайбы!.. *(Кагазды чөнтөгүнө катып)* Жана эле билгем!

Б у р м а. Айымбачаны айтып жатасың го, алдыңа кетейин?.. Ботом, эмне тура качтың?

А т а б а е в. Жөн эле, жөн эле... Угат экен!.. Сөзсүз!..

Б у р м а. Айымбачамдан айланайын... Кудайдын куттуу күнү биздикине келип турат... Ысык нандан бурдап-бурдап же... Согончогу канабаганы болбосо... балада айып жок... Ача буттуунун чолпону!.. Күйөөсү бир урган окшобойбу... Ажырашып келиптир.

А т а б а е в. Ажырашып?.. Кандай себептүү?!

Б у р м а. Айымбачамдын ачык-айрым жүргөнү кай бир төбөңдөн ургурларга жакпайт... Кулак укпаса да көкүрөк сезип турат...

А т а б а е в. Көрчү!.. Ашкан митаам экен!..

Б у р м а. Адамды таанышпайт... Ууру итчесинен кылтыйып, калптан-калп уялымыш болгон ургаачыңан коркуш керек... Айымбачамдан айланайын!.. Айымбачама окшогондордун жүрөгү... өздөрүнүн тамашасына...

күлкүсүнө окшоп таза болот!.. Кой, Айымбачамды чай апкел дейин.

А т а б а е в. *(Колун шилтеп)* Айымбачаңыздын кереги жок!.. Кереги жок! Чай апкелсеңиз өзүңүз апкелиңиз. Тигинин кереги жок!..

Б у р м а. Батыраак кет деп жатасың го?.. Макул, мына мен кеттим… Отура бергиле… мен келбейм, алдыңа кетейин… Кулак укпаганы менен курган көкүрөк сезип эле турат *(чыгат)*.

А т а б а е в. (*Ойлуу*) Жолдош Жанболотовду куу деп уккан элем… Мага тартылган тузак болуп жүрбөсүн, я?! Ооба!.. Жаңкы кибиреген чалы менен Анипасын атайы провакация уюштуруу үчүн маа кошуп жиберип, бу жерде болсо… Бурма баштаган бир топ тыңчыларын аңдытып койгон окшобойбу?!. Туура. Бурма, кемпир жолдош Жанболотовдун тыңчысы экен! *(Дасторкондун жанына келип отуруп)* Митаам кемпир!.. Эрден чыккан немеси жаныма келип отурганда лып келе калып, анан дайым бир балээни баштагысы бар тура! *(нандан жеп)* Эчтеме чыкпайт!

*Самоор көтөрүп, Айымбача кирет. Физкультурниктердин костюмун кийген Атабаев ордунан туруп, нары басат.*

А й ы м б а ч а. Саламатсызбы, Уларбек Атабаевич.

А т а б а е в. Менин Уларбек Атабаевич экенимди кайдан билесиз?

А й ы м б а ч а. Керектүү кишинин аты-жөнүн билүү ошончолук эле кыйын дейсизби?.. Таанышып алалы. Айымбача.

А т а б а е в. *(Улам нарылап)* Уктум, уктум…

А й ы м б а ч а. *(Чай куюп)* Жашыл көлдү көргөн чыгарсыз, Уларбек Атабаевич. Бир кездерде айланасы жыш токой болучу… ыйлаган ботонун көзүнө окшоп жашылданып кулпуруп турар эле… Азыр токою турмак,

чырпыгы да жок… кирпиги жулунган көзгө окшоп аянычтуу… Көргөн сайын жинди эмедей ыйлагым келет!.. И, баса… Чайга караңыз…

*Айымбача чыгат.*

А т а б а е в. *(Тигинин соңунан тиктеп)* Тал чыбыктай буралып деген ушул эмеспи, чорт восмийдики! *(Дароо суз тартып)* Албуут сезимге бийлетпегин, жолдош Атабаев!.. Антүүгө акың жок!.. *(Атабаев келип чай иче баштайт. Пауза)*

*Айымбача кирет. Атабаев ордунан туруп, кайрадан нары басат.*

А й ы м б а ч а. Көк-Ойроктун балы… Мен кирсем эле тура качасыз… Уялчаак окшобойсузбу!.. Чай ичиңиз, И, баса, бу эмне кагаздар, деги көп экен…

А т а б а е в. Лекциялар…

А й ы м б а ч а. Кандай лекциялар?.. Жашыруунбу?

А т а б а е в. Эмнеге жашыруун болмок эле… Мисалга… Эл аралык абал… айыл чарба… өнөр жай… адабият… искусство… атеизм… Бир гана кейиштүү нерсе… илим менен техникага көпчүлүк адамдын деңгээли жетпейт… деңгээлдери жетсе космостор жөнүндө да лекция окууга болор эле… Айталык, айды алсак… анын бети… чечек чыккан кишинин бетиндей болот!.. Бул өзүнчө эле түйүнү чечиле элек сыр!.. Проблема!..

А й ы м б а ч а. Ушунчанын баарын жалгыз башыңызга кантип батырып жүрөсүз? Деги укмуш… Бу кандай, өмүрү күлбөгөн жан десем айдын бетинин чаарлыгынан өйдө ойлоно берип, күлгөнгө да чолоңуз калбай калат тура!.. Кейибеңиз, келечегиңизге жакшы.

А т а б а е в. Эмне дедиңиз?!.

А й ы м б а ч а. Бу бойдон жүрүп отурсаңыз, алыска барасыз, Уларбек Атабаевич. Бери болгондо эле министрдин ордун кучактап жыгыласыз…

А т а б а е в. (Биринчи жолу жазылып күлүп, эки жагын карана) Көк-Ойрок жакшы жер экен, жолдош Айымбача!.. Дурус адамдар да бар окшойт!..

А й ы м б а ч а. Күлгөн жарашат экен, Уларбек Атабаевич!

А т а б а е в. *(Мостоё калып, өзүнчө)* Министр болосуң десем күлүп жиберип унчукпай калды, мансапкор экен деп жеткиргиси бар тура!.. Митаам келин!.. Жаагын кайрып коюшум керек! *(Айымбачага)* Азыркы сөзүңүздү официалдуу түрдө четке кагам. Мансапкорлук мен үчүн таптакыр жат!..

А й ы м б а ч а. Уларбек Атабаевич!..

А т а б а е в. Бөлбөңүз!.. Бүгүнкү лекциялардын борбордук уюткусу адамдардын моралдык тазалыгы жөнүндө... Сиз сөзсүз угушуңуз керек... Фактылар көп... Так ушу жердин өзүнөн алдым!..

А й ы м б а ч а. Мен жокмунбу деги?!.

А т а б а е в. Бу дүйнөдө укмуштар көп!.. Түшүнүксүз нерселер да бар. *(Айымбачаны тиктеп)* Сиздин ким экениңизди да билдим!..

А й ы м б а ч а. Капырай, адамдан бөтөнчө көрөгөч окшобойсузбу! *(Дасторкондун үстүндө жаткан баракты алып)* Бу эмнеңиз, Уларбек Атабаевич?.. өндүргүч букалар... Жөнөкөй букалар... өндүргүч кочкорлор... жөнөкөй кочкорлор деп эле жаза берипсиз... Бу мал жөнүндөгү лекцияңыз го, ээ?!.

А т а б а е в. *(Колунан алып)* Күлбөңүз, жолдош Айымбача!.. Күлө тургандай эчтеме жок!.. Бул илимий аныктама... Биз колдонбой жүрөбүз. Бул биздин шорубуз!.. Илимди урматтабагандык... Түшүнбөгөндүк!.. Бардык жандуу нерселердин эркек жыныстуулары өндүргүч жана жөнөкөй болуп эки түргө бөлүнөт...

А й ы м б а ч а. Жандуу нерселердин бардыгыныкы теңби?!

А т а б а е в. Сөзсүз!

А й ы м б а ч а. *(Мостоё калып)* Уларбек Атабаевич!.. Көзүмдү ачып койбодуңузбу!..

А т а б а е в. Физкультурниктердики белгилүү да... бир... эки... бир... эки... колуңар менен гана бутуңар иштейт!..

А й ы м б а ч а. Капырай, мээси иштеген кишиге таптакыр айла жок!.. Эми сиз айткан аныктамага караганда... биздин эркектер да... өндүргүч эркектер... жөнөкөй эркектер болуп эки түргө бөлүнөт турбайбы, ээ?!.

А т а б а е в. Жолдош Айымбача!..

А й ы м б а ч а. Кыйкырбаңыз, Уларбек Атабаевич! Андан көрөк айтып коюңузчу, өзүңүз кайсы түрүнө киресиз?!.

*Аттокур кирет.*

А т т о к у р. *(Энтигип)* Уларбек иним!.. Уларбек иним!..

А й ы м б а ч а. Таяке, отуруп чай ичиңиз. Тиги...

*Айымбача күлгөн бойдон чыгат.*

А т а б а е в. Бу жердин эли эл эмес эле балакет экен!!!

А т т о к у р. Уларбек иним!..

А т а б а е в. Эмне, эшегиңизди өлтүрүп алдыңызбы же качырып жибердиңизби?!

А т т о к у р. Эшек жерге кирсин...

А т а б а е в. Кемпириңиз угат турбайбы?!

А т т о к у р. Эчтеме укпайт.

А т а б а е в. Жашырбаңыз! Мен билдим...

А т т о к у р. Ал бир-эки жылда барып бир сөздү угуп калат. Доктурлар айткан, ошондой болот деп... Эми... Сонун кабар апкелдим! Шермат кемпиринин үстүнө токол алган жатыптыр!..

А т а б а е в. *(Кубанычтуу)* Эмне?! Аттокур аке!.. Бая эле ушинтип айтпайсызбы!.. О-о!.. Мындай укмуштуу факт... табылбайт! Коммунизмди карай миң саржан-

дап аттап… асмандагы жыбыраган космосторду баш ийдирип, сүңгүп кирип бараткаңыбызда… Мындай артта калгандыкка чыдап болбойт!.. Феодализмдин саркындысы болгон Шермат чалды эл-журттун көзүнчө шерменде кылып туруп, андан кийин… каматам!..

А т т о к у р. Кой, Уларбек иним, каматам дебечи… Камагы курсун… Элдин көзүнчө шерменде кылган… каматкандан да кыйын!

А т а б а е в. Сиздин бар болгон катуулугуңуз ушул экен да, Аттокур аке?!. Жолборс имиш!.. Коёнсуз!.. Жок!.. Менин жаратылышым башка!.. Менин көздөгөн максатым чоң жана ыйык. Мен эчтемеден коркпойм!.. Эч кимдин алдында тизе бүкпөйм!.. Мен ал чал менен кошо жанагы Шатман-Шутман, Анипа-Санипа дегендерди да… *(кагаздарын бат-бат жыйнап)*… алардан кийин ошолорду бузуп жаткан мылжыңбайды да… бардыгын сызга отургузам!.. Эмне турдуңуз?!. Жүрүңүз!.. Жүрүңүз дейм!..

### *Экинчи сүрөт*

*Жылдыздуу түн. Токойлуу жээк. Алыста ак карлуу тоолор. Шермат менен Малабай кирет. Шерматтын үстүндө чийбаркыт чепкен, анын ичинен, кат-кат кемсел, кат-кат көйнөк кийген. Малабай тигинин улам бир жагына чыгып, торой калып сүйлөп келатат.*

М а л а б а й. Силердин үйдөн жөн эле октой атып чыкпадымбы, ээ?.. Ошо бойдон алдына салып айдап алды… Айланайын куда-ай. Шамшаарын шарт-шарт жангыдай болсо… кып-кызыл жалын шырр, шырр этет. Ай, эми өлдүм дедим!.. өлтүргөн жок! Үйгө барганыбызда аябай сыйлап, балдарымдан келген каттарды окуп берип… Анан жаман чүрпөлөрүм чоң атасын ат кылып

минип, ой да бир ойношту дейсиң... Ошолордун ыракатынан айланып кетсин да, чоң атасы!..

Ш е р м а т. *(Жүзаарчысы менен желпинип)* Өх, айланайын, Маке... боругуп өлүп баратам... Эч жок десе чепкенимди чечип койсом кантет?

М а л а б а й. Чыда, шумкарым!.. Байлыктын белгиси да!.. Айымбачаң көрсүн!.. И, баса, ал жолугушам деген жер ушул...

Ш е р м а т. Жолго гана жакын экен, болбосо айып жок...

М а л а б а й. Бу жерди бекеринен тандабаптыр. Сени адеп көргөндө так ушу жерден көргөн турбайбы!..

Ш е р м а т. Койчу?!

М а л а б а й. Айымбача өз оозу менен айтты.

Ш е р м а т. *(Купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е... Бул сөзүң майдай гана жакты!..

М а л а б а й. Атаңдын көрү, карачы, мемиреп түн да сонун болуп берди!.. Андан кийин ай да чыгат!.. Кой, Айымбачанын келер маалы болду... Ушуларда акмалап турайын... Маке деп койсоң... лып келе калам.

Ш е р м а т. Турумтай!

М а л а б а й. Я?

Ш е р м а т. Эмне экенин билбейм... Көзүм караңгылап эле жаман болуп турам.

М а л а б а й. Анын баары ашыглыктан... ашык болгон кишинин көзүн бир аз чел каптай түшөт эмеспи... Эчтеке эмес... Айымбача келээри менен көзүң чайыттай ачыла түшөт.

Ш е р м а т. Кетпечи, Маке.

М а л а б а й. Кетпегенде эмне, Айымбачага экөөбүз үйлөнмөк белек?!. Кайраттан!.. Кана!.. Жаңгакка семирген өгүз аюудай болуп эле күрсүйүп калыпсың?.. Бу да болсо ашыглыктын күчү. Көңүл өсөт деген ушул!.. Буюрса дагы семиресиң!.. М, баса... Шалта айтты... Айымба-

чанын мүнөзүндөй мүнөз дүйнөдө жок дейт... Жибек турбайбы!.. Өзү да эркелеп, сени да эркелетип... Тирүүлөй бейишке чыгат деген ушул!

Ш е р м а т. *(Купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е...

М а л а б а й. И, унуткан турбайымбы!

Ш е р м а т. Эмнени?

М а л а б а й. Шалтанын байбичеси карыган кишиге тиет деген эмне деп жер-сууну бузуп өкүргөндө:

Ак теректен тал жакшы,
Аякка куйган бал жакшы.
Ала көөдөн жигиттен
Агала сакал чал жакшы! деп, Айымбача кынына киргизип коюптур.

Ш е р м а т. Турумтайым!.. Ушуну айткан Айымбачамдын оозунан айланайын *(Кучактайт)*.

М а л а б а й. Тишиңди жуудуң беле?

Ш е р м а т. Борошок менен эки-үч жолу жууп, саргарганы кетпеген соң... сен айткандай майда кум менен аябай жыштым эле... оозумдан кан жая берип... ит көрбөгөн азапты көрүп жатам!.. Тиштеримдин түбү шишип кетти!..

М а л а б а й. Эчтеме эмес. Азап тартпай да жыргал көрчү беле. Кайраттан!.. Айымбачаң келип, күнүң оңуңдан, айың солуңдан тууйт!.. Мен кеттим.

Ш е р м а т. *(Купшуңдап күлүп)* И-и-и-е-е-е...

Малабай чыгат. Шермат бүткөн-боюн түзөп, аркы-терки басат.

Ш е р м а т. Макем айтпадым беле, мурутуңа атырдан сээп тур деп... *(Мурутун атырлап жатып)*

Ашыкпа дедиң той болот эй,
Алтынчы күнү кечинде.

*Ошол замат гитаранын аккорду угулуп, экинчисинде аккордеон, үчүнчүсүндө гитара. Эки колун шымынын*

*чөнтөгүнө салып, Матай Шерматты тоорул басат. Калгандары казча тизилип, аны туурашат.*

Ш е р м а т. Эй, Матай!.. Бакир!.. Бекташ!.. Аксакал кишини көргөндө эмне үчүн салам айтпайсыңар, я?!. Ата-бабанын салтын бузуп, Көрчү буларды!.. Тигини, ой... сүзүп ийчү букадай болуп... Эмне тооруйсуңар, я?!. Бу эмне деген көз караш!? (*Матайлар унчукпайт. Ар ким өз көз карашын өзүнчө өзгөртпөй, мурдагыдай эле тооруй басышат. Шермат үзүлө кыйкырып)* Дудук болуп калгансынарбы, эмнеге унчукпайсыңар, иттин балдары?!

*Матайлар унчукпай карашат. Жаш тоо эчки менен карган тоо текенин кейпин кийгендер кирет. Күү чалынат. Мүйүздөрү аркайып, башы калжаңдаган карган текени улам ойнотуп, жаш тоо эчки таштан-ташка секирип бийлейт. Бир маалда ичкеридеги чоң таштын үстүндө жаш тоо теке пайда болот. Жаш тоо эчки анын жанына барып, экөө бийлейт. Алардын кыймылында кайталанбас жаштык сүйүү, кубаныч!.. Эси ооп, ичи күйгөн карган теке болгон күчүн жыйнап качырат... Жаш тоо теке менен жаш тоо эчки көздөн кайым болот. Карган тоо теке чоң таштын жарымына жетпей кулап түшүп, сулап калат. Матайлар чыгат. (Пауза).*

Ш е р м а т. Бу кандай кордук?! Сени эле жайлабасам! *(Карыган тоо текени мүйүздөн алганда, ичинде эчтеме жок, кейпи гана калган. Шерматтын кыжыры келип)* Балакет-салакеттин баары сени менен кетсин!.. Түү!., түү!., түү!.. *(кейипти ыргытып жиберет)* Шатмандар айтып койгон окшобойбу?!. И, эмнеси бар экен?!. Айымбачамдай периштени туурума кондуруп жатсам, эсирген жаштардын ичи күйбөй коймок беле?!. Эр болсо теңелип көрүшсүнчү!.. *(Кубанычтуу күлүп)*. Азыр Айымбачам келет!.. Жибек мүнөз Айымбачам!.. И-и-и-е-е-е.

А й ы м б а ч а. Бул эмне деген күлүш, эчкиче маарап?!. Экинчи укпайын. Түшүндүңүзбү? Ну, что ты стоишь, иди ко мне. Иди мой, теленок.

Ш е р м а т. Телинок деп музоону айтчу эле го?!.

А й ы м б а ч а. Чечиниңиз!..

Ш е р м а т. *(Жыргап күлүп)* Чечиниңиз дегениң кандай?!.

А й ы м б а ч а. Тез!.. Мен болду демейинче чечинип, карагайдын чегедектерине иле бериниз. Тез!.. Тез!..

Ш е р м а т. Макул секет, макул. О, кудай!.. *Чепкенинин соңунан беш кемселин чечип илет.*

А й ы м б а ч а. Көйнөктөрдү да. Тез! *(Жалгыз көйнөгү калганда)* Жетет! Эми мына бу кемселди кийиңиз *(Шермат, Айымбача тандап берген кемселди кийет. Айымбача тебетейди алып)* Балким, муну өзүм кийип алармын же костюмга жака кылсам да болот. Азырынча кие туруңуз... Күнүгө эртең менен физзарядка жасатып, онон беш километрге жүгүртүп турам... Сал бойдон эмес, keминде жыйырма-отуз килограммдай жүк менен. Эмне адыраясыз?.. Бери келиңиз *(ийнине колун сүйөп)* Көк-Ойроктун тоолору чыныгы поэзия!.. Чынбы?

Ш е р м а т. Чын эмей анан. Көк-Ойрок малдын жери го, чиркин... Мал.

А й ы м б а ч а. *(Күлүмсүрөп)* Мал!.. *(Сигаретаны тиштеп)* Ну, чего ты таращищо глаза, истукан?.. Живо!..

Ш е р м а т. Устакан дейсиңби?

А й ы м б а ч а. Оюнун баары устакан!.. Шириңке деймl..

Ш е р м а т. Мен тартпайм да!..

А й ы м б а ч а. Үйрөнүш керек! *(Сумкасынан ширеңке алып берип)* Бүгүнкү замандын бир белгиси болбосо эмнеңиз киши?.. Чагыңыз!.. Чөнтөгүңүзгө салып коюңуз, жаныңызда жүрсүн!.. Акчаны апкелдиңизби?

Ш е р м а т. Апкелдим.

А й ы м б а ч а. Кана?.. Тезирээк бериңиз, жаным, тез?

Ш е р м а т. *(өзүнчө)* О, кудай!.. Жаным деди… өз оозунан уктум! Мынакей, секет, мынакей.

А й ы м б а ч а. Ушул элеби?.. Апкелиңиз. Тез!.. Билем силердин психологияңарды!.. Аңтарыңыз чөнтөктөрүдүздү!.. Болбосо…

Ш е р м а т. *(Башка чөнтөгүңөн алып)* Мынакей, секет, мынакей. Чака тыйын калтырганым жок.

А й ы м б а ч а. *(Бет маңдайындагы дүмүргө барып, буттарын кайчылаштырып отурат)* Ишеним кат кана?

Ш е р м а т. (*Жалт карап алып)* Олда кудай ур, ая!.. Жаман отуруп алган тура!.. Эл көрүп койбогондой эле…

А й ы м б а ч а. Ишеним-кат кана дедим? Тез!..

Ш е р м а т. *(Айымбачаны карабастан, кыйгачтай басып)* Мынакей, секет. Мөөрү гана жок…

А й ы м б а ч а. Аны өзүм тастыктатып алам. Эми мындан ары тапкан акчаны да коротпостон менин колума саласыз.

Ш е р м а т. Ошентем, секет, ошентем… *(өзүнчө)* Акчанын баарын кагып алгандан кийин буйрук кыла баштады го… *(Айымбачага)* Сенчи, секет?

А й ы м б а ч а. Менде эмне ишиңиз бар?.. Сөз угуңуз!..

Ш е р м а т. Макул, угайын.

А й ы м б а ч а. (*Күрсүнүп*) Тагдыр ушул экен… Ырыс таалайлуу болуп, ынтымактуу өмүр сүрүшүбүз үчүн… алдын ала ачык сүйлөшүп алалы… Мен эмне десем, ошонун баарына макул болосуз. Убадалаштыкпы, жаным?!.

Ш е р м а т. *(өзүнчө)* О, кудай… дагы бир жолу жаным деди!.. Өз оозунан уктум!.. Убадалаштык, секет, убадалаштык.

А й ы м б а ч а. Анда эмесе мындай… Үй жумушунун баары Дүрия апанын колунда болот.

Ш е р м а т. И, мен да каралашам, секет…

А й ы м б а ч а. Тартыңыз колуңузду! Сиз ансыз да иштейсиз. Кир жууш керек болсо кир жууйсуз, тамак кылыш керек болсо тамак кыласыз…

Ш е р м а т. *(Ыргып туруп)* Эмне?!.

А й ы м б а ч а. Отуруңуз!.. Бул бир… Экинчиден менин жүргөн-турганыма кийлигишпейсиз… тап-такыр… түшүндүңүзбү, жаным?

Ш е р м а т. (*өзүнчө*) О, кудай… үчүнчү жолу жаным деди… өз оозунан уктум!.. Түшүндүм, секет, түшүндүм.

А й ы м б а ч а. *(Түтүнгө чакап)* Машина алгандан кийин… тиякка барам, быякка кетем… кайда бардың, эмне кылып жүрдүң деп сурачу болбоңуз…

Ш е р м а т. Эмнеге сурамак элем, секет!.. Жинди болуптурмунбу?.. Мени дайыма жаныңа ала жүрөсүң да…

А й ы м б а ч а. Оо! Напсиңиз чоң окшобойбу. Билип коюңуз. Биринчи күнү бир аз ойнотом… Антүүгө болот. Андан ары, машинеге жакын жолобойсуз!..

Ш е р м а т. Э, секет! Жаныңда мен отурбасам, анан ким отурат?!.

А й ы м б а ч а. Кимди отургузарымды… өзүм билем!..

Ш е р м а т. *(Ордунан турмакчы, болуп)* Эмн-е?!.

А й ы м б а ч а. Кыймылдабаңыз!.. Менин жолдош-жоролорум көп… Алар бат-бат келип турат… Мен ошолор менен болом… А сиз башка үйдө отурасыз же сыртка чыгып аба жутасыз…

Ш е р м а т. Мен башка үйдө отуруп же тышка чыгып кетемби?!

А й ы м б а ч а. Уйкуңуз келсе, уктай берсеңиз да болот.

Ш е р м а т. Айымбача!..

А й ы м б а ч а. *(Акырын)* Кыйкырбаңыз!.. Биздин убадабыз бар. Бузчу болсоңуз… Мына бу тоолордо илбирс болот… тырмагын көргөндүрсүз… Айырмабыз жок…

Ш е р м а т. *(өзүнчө)* Мен эмне угуп жатам, я?! Жок. Мунун баары тамаша сөз. Тамаша деп койчу, Айымбача

Секет!.. *(Асанбек кирет. Кырма сакалы бар. Чачы өскөн. Узун бойлуу келишкен жигит. Ийнине асынган чакан приемниги бар)*

А й ы м б а ч а. Асанбек!.. Асаке!..

А с а н б е к. Айымбача!.. Сени издеп жүрбөйүмбү. Кана, бери мындай болчу.

А й ы м б а ч а. Сагындым, Асаке.

А с а н б е к. Мен да...

Ш е р м а т. *(өзүнчө)* Мына бу неме... маданияттагы Исакулдун уулу го дейм, я?!. Эй, сен Исакулдун уулусуңбу, я?!

А с а н б е к. Көк-Ойроктун төрүндөгү жайыттарды изилдеп жүрбөдүкпү. Эми бул жерде көпкө чейин болом. Ыйлаба, жаным.

Ш е р м а т. *(өзүнчө)* Мен жинди болуп баратамбы, я?! (*Акырын*) Айымбача!..

А й ы м б а ч а. Эмне, бийлеп берелиби сизге? Болуптур, көптөн бери өзүм да бийлей элек элем. Кел, Асаке. *(Шерматка)* Карап туруңуз. Эртеңден тартып сизге да үйрөтө баштайм.

*Твист бийлешип, өбүшөт.*

Ш е р м а т. (*Атып туруп*) Эй, бала!

А с а н б е к. Бирөө кыйкырдыбы?.. А-а, сиз белеңиз... Тиги ким, Айымбача?

А й ы м б а ч а. Мага күйөө болот. Турмушка чыкканы жатам.

А с а н б е к. Колунда бирдемеси бар көрүнөбү?

А й ы м б а ч а . Бар.

А с а н б е к. «Волга» алганга жете турганбы?

А й ы м б а ч а. Ашып да калат.

А с а н б е к. Көзү жумулуп кетсе, мураска калтыра турган эмнеси бар экен?

А й ы м б а ч а. Менчиктүү малы бир топ экен. Сатса акча да.

А с а н б е к. Туура *(Айымбачаны өөп)* Акылдуусуң! *(Шерматка)* Куш боо бек болсун, чоң ата!..

Ш е р м а т. Бас жаагыңды, үрпөк баш!

А с а н б е к. Эмне дедиңиз?!

А й ы м б а ч а. Асаке!.. Ошого да нервиңди коротуп… Ал шордууну да түшүнүүгө болот!.. *(Асанбектин ийнине колун коюп)* Эптеп бизге тыйын таап берип турса болду!.. *(Шерматка)* Мен барып себимди кийейин. Бат келиңиз!..

Ш е р м а т. Барбайм! *(Жерди тээп)* Барбайм!..

А й ы м б а ч а. *(Буйруктуу)* Барасыз!.. Мен күтөм!..

*Шермат жалгыз.*

*Пауза.*

Ш е р м а т. О, шордуу башым!..

*Чүкөдөй менен кошо эки кемпир кирет.*

Ш е р м а т. Жакшысыңбы, Чүкөдөй байбиче… Саламатсызбы, Күмүшай байбиче… Кундуз!..

*Чүкөдөй эки колун бөйрөгүнө алып унчукпай тиктейт. Эки кемпир баштарына кара жоолук салынып, Шерматтын эки жагына отура калышат.*

Б и р и н ч и  к е м п и р. Шекем, кыямат а кетип жок болдуң, а-а…

Э к и н ч и  к е м п и р. Шекем, тозокко күйүп а чок болдуң, а-а…

Ш е р м а т. Таш оозуңарга!

Ч ү к ө д ө й. Карган бузуку көрүңдө тыбырчылап, өмүрү тынчтык бетин көрбөсүн!.. Оомийин, аллоо акбар!.. *(Бата кылышып)*.

*Бурма кирет.*

Б у р м а. *(Кара жоолукчан эки кемпир менен карагайларга илинген кийимдерди көрүп)* Олда, жараткан, ай!.. Шоруң каткан бирөө суугa агып өлүп калган экен, ээ!.. Жаш болбогой эле (*Чүкөдөй мөгдүп калган чал дегенсип ишаарат кылат*) Мөгдүгөн чал бекен?.. И, андай болсо өлө берсин!..

Ш е р м а т. Таш оозуңа!..

*Чүкөдөй менен эки кемпир чыгат.*

Б у р м а. Үн чыгарып койбосом болбос (*отура калып*), А, кургур, кийимиң гой калып өзүң жок, ңа-а...

Ш е р м а т. *(Бурманы колунан тартып)* Бас дейм, жаагынды, арам дүлөй!

Б у р м а. Өлгөн кишини коштурбай күнөкөр болосуң!

Ш е р м а т. *(Катуу силкип)* Жогол, жез кемпир!

Б у р м а. Ошонун ордуна, сен өлсөң жакшы болот эле!

*Чыгат.*

*Пауза.*

Ш е р м а т. Малабай!.. Малабай!..

*Малабай кирет.*

М а л а б а й. Ой, бу эмне, жарадар аюудай чаңырып... Үйлөнө электе эле көөп калыпсың. Үйлөнгөндөн кийин курутасың го! *(Күлүп)* Узак эзилиштиңер го деги... Кандай, кундуздай чачынан сылап, ууздай билегинен имере тартканыңда... Кысыр эмди тайчасынан мант берип... бир топ ойноткондур, ээ, Шеке? *(Илинип турган кийимдерди көрүп)* Ой, иттин шумкары, о-ой!.. *Шермат башын мыкчып, үнүлдөп ыйлайт.*

М а л а б а й. Ой, курган, о-ой!.. Жаман кишинин кубанганы да жаман!..

*Шатман менен Анипа кирет.*

Ш а т м а н. Кайда жүрөсүз, Шермат ата? Болуңуз, Айымбача күтүп калды.

Ш е р м а т. Жок!.. Кемпириме барам!

Ш а т м а н. Кайсы кемпириңизге?

Ш е р м а т. Дүрияма!

Ш а т м а н. Дүрияңыз жок.

Ш е р м а т. Эмне?!.

А н и п а. Бу кордукча кызыма кетем деп ыйлапсыктаганынан жанына киши кошуп аткарып ийдик. Ой-

лоп карасак, Дүрия апамдыкы да жөн экен… Канча кылган менен, ээн-эркин турганыңыздарга не жетсин…

Ш а т м а н. Айымбачанын турпатын көрүп эле семирип жатпайсызбы, Шермат ата… анын ыракатын-жыргалын үйлөнгөндөн кийин көрөсүз…

Ш е р м а т. Көрдүм!.. Жыргадым!.. *(Үнүн көтөрүп)* Үйлөнбөйм!

Ш а т м а н. Шермат ата!

Ш е р м а т. Жок!.. Байбичемдин артынан кетем. Курумду мойнума салып, жалынып-жалбарам… Кечирсе кечирди, кечирбесе байбичемдин көзүнчө өзүмө өзүм кол салып, бардык күнөйүмдү каным менен жууйм!..

Ш а т м а н. Жиндиленбеңиз, Шермат ата… Жүрүңүз!

Ш е р м а т. Кайда?!.

Ш а т м а н. Тигине!.. Жүздөгөн эл күтүп жатат.

Ш е р м а т. Эмне, мени элдин алдына алпарган жатасыңарбы?!

Ш а т м а н. Адегенде көпчүлүктүн батасын алышыңыз керек. Анан Айымбача экөөңүздүрдү эң алдыга отургузуп коюп, концертти баштайбыз.

А н и п а. Жашыруун үйлөнгөндө болбойт. Анын үстүнө, жашыра тургандай эмнеси бар?!

Ш е р м а т. Койгула, айланайындар. Ушунча шерменде болгонум да жетет. Барбайм! Андан көрө, бейитке сүйрөгүлө!..

Ш а т м а н. Кыйкырбаңыз!.. Үйлөн деп эч ким зордогон эмес!

А н и п а. Сизди да чакырабыз, Малабай ата. Жандоочу кийик аттырат дегендей… Сиздин да эмгегиңиз чоң!..

*Шерматты жетелеп кетишет.*

*Пауза.*

М а л а б а й. Тигилер менен кошо мени да отургузуп койгон жатышабы?! Эмне кылсам?! *(Пауза)* Зиядам экөөбүзгө каран түн түшүп турган кезде… бизге кайры-

лышкан ушул Шермат эмес беле?!. Жалгыз Шермат болучу *(Кайраттанып)* Шермат көргөндү кошо көрөм!.. Жалгыз таштабайм!.. *Шерматтын чепкенин шөлбүрөтүп үстүнө жамынып, калгандарын кучактап чыгат.*

### *Үчүнчү сүрөт*

*Айлуу түн. Ийри-муйруланып өскөн жалгыз түп карагай. Алыста ак карлуу тоолор. Этегинде карагайлуу кокту, жылгалар, жылаңач жолдор. Жетекчи басыш менен баскан Аттокурга удаа Самат кирет.*

С а м а т. Аттокур ата?

А т т о к у р. Ушунча да чочутасыңбы?! Тынччылыкпы деги?!.

С а м а т. Туптуура он беш келин менен сүйлөшүп койдум эле. Бардыгы келмек. Болжошкон убактыбыздан өтүп кетти. Бирөө да жок. Тамаша демиш болуп коюп, аягында чындап кетебизби деп коркуп жатышса керек, Ошондой болуп кетиши да мүмкүн ээ, Аттокур ата?

А т т о к у р. *(Колун шилтеп, каардуу)* Талкалайбыз!..

С а м а т. Кимди?!

А т т о к у р. Шерматты!.. Сен да талкалаш!

С а м а т. Келиндер өздөрү уйгакчасынан жабышып жүрсө, чалдарда эмненин айыбы?!. Сизге ашык болгон келиндер да бар!..

А т т о к у р. Э, кой, э!.. Маа кантип келин ашык болсун?!. Ашык болбойт! *(Саматты тигиле карап)* Же ашык болсо боло береби?

С а м а т. *(Ачуулу)* Талкалайбыз!

А т т о к у р. Кимди?!.

С а м а т. Мени!..

А т т о к у р. Жүүнү бош жигит экенсиң... Кайраттан! Ана, тигинде бирөө келаткансыйт... Сүйлөш... Мен мындайыраак турайын.

С а м а т. Ал ким болду экен?!.

А т т о к у р. Ким болсо, ал болсун. Жармаш!.. *(Айымбача кирет. Илгерки кыргыз келининин кийиминин негизинде бүгүнкү күнгө ылайыкталып тигилген кыскараак кош этек көйнөк менен кемсел. Бутунда маасы түрүндөгү кыргыз өтүк, башында жүндөн согулган шапке).*

А й ы м б а ч а. Саке!.. Уккандырсың, тагдыр ушул экен...

С а м а т. Менин тагдырым сеникинен да жаман. Жардамың керек болуп калды.

А й ы м б а ч а. Сенден аяган жардамды кудай алсын... Айткын. Саке... Мен даярмын. Тээтиги ким?

С а м а т. Тигиндей жүрчү, сүйлөшөлү. Коркпой эле кой.

А й ы м б а ч а. Мен эмнеден коркмок элем. Өзүң коркпосоң эле болду *(Токтоп калган Саматты колдон алып, жалооруп тиктеп)* жүрөгой, Саке.

*Аттокур жалгыз.*

А т т о к у р. *(Күрсүнүп)* Курган ичи тарлык!.. Атабай-уп эмне кечикти?.. Унутуп калбасам экен...

*Калпагын колуна алып, жетекчи басыш менен басып, жалгыз түп карагайдын жанына барат да, колун алдыга сунуп туруп калат.*

А т т о к у р. Талкалайбыз!

*Атабаев кирет.*

А т а б а е в. Бу кайсы жолбашчынын эстелиги болуп кетти десем, сиз белеңиз, Аттокур аке!.. Прекрасно! Жаңкы киши дагы сонун факты берди... Күн катуу күркүрөгөндө булуттар жарылып күн ачылат. Анын сыңары. Концерт деген немени токтотуп, лекцияны... (*колун ойнотуп*) лекцияны дароо баштасак... Бу дүйнөдө акылдан күчтүү эчтеме жок!.. Адамдардагы бардык ыпластык дароо жоюлат!.. Факты деген неме... (*портфелин каккылап*) жатпайбы мунун түбүндө коргошундай уюп!.. Жүрүңүз, кечигип калабыз!..

А т т о к у р. Уларбек иним!

А т а б а е в. Бүгүнкү түн акыркы түн… артта калгандыкты… бузулгандыкты… наадандыкты жоюунун түнү!.. Көк-Ойрок үчүн да, мен үчүн да тарыхый түн!.. Жүрүңүз, убакыт жок!..

А т т о к у р. *(Алдына чыга калып)* Шерматтын жоругун чал-кемпирлерге айткан Чүкөдөй байбиче болду…

А т а б а е в. *(Ойлоно калып)* Токтоңуз, токтоңуз… Жакшы идея!.. Бизге оң фактылар да керек. Биринчи сизди аташым керек. Анан… Кана, ким дедик эле?.. А, Чүкөдөй апа… Коё туруңузчу… Малабай деген кишинин кемпири эмеспи?!. Туура, туура. Таптакыр эсимде жок! *(Аттокурду тиктеп)* Детдом жөнүндө… эсиңиздеби?!. Ал фактыны жашырып койдуңуз… Кечирилгис күнөө болот!.. Малабай чалды чалкасынан түшүрүш үчүн факты керек. Айтыңыз!..

А т т о к у р. Малабай жөнүндө сурабагын деп кеп айттым, Уларбек иним. Угуш керек. Мен баары бир эчтеме айтпайм!..

А т а б а е в. Айтасыз!

А т т о к у р. Айтпайм! *(Чыгат).*

А т а б а е в. *(Тигинин соңунан)* Демек, детдомдо болгон кылмышка сиз да катышкансыз. Муну да карандаштын учуна алып коёбуз. Мурдагыларга дагы бир факты кошулду!.. Жөнөш керек.

*Гүлмайра жүгүрүп кирет. Үстүндө кара накидка. Башынан бери чулганып алган. Бети гана көрүнөт.*

Г ү л м а й р а. Уларбек агай!.. Агай!..

А т а б а е в. Кимсиз?!

Г ү л м а й р а. Гүлмайрамын. Сөзүм бар эле.

А т а б а е в. Факты таап келгенсиз го?.. Окус бирөө көрсө жалаа жаппасын деп, кара жамынып келгениңиз барып турган акылмандуулук, жолдош Гүлмайра!.. Мен, кечээ эле байкагам. Сиз таза адамсыз!.. Кана, айтып жибериңизчи…

Г ү л м а й р а. Билесизби, Уларбек агай... Мага... Мага...

А т а б а е в. *(Кетенчиктеп)* Минтип караганыңыз кандай?!. Сизге эмне керек?!

Г ү л м а й р а. Сиздин сүйүүңүз керек.

А т а б а е в. Эмне?! *(Кетенчиктеп)* Бузула элек десем... Жакындабаңыз!..

Г ү л м а й р а. Какпаңыз, агай...

А т а б а е в. Жакындабаңыз дейм!.. Бу жерден эл өтүп жатат!..

Г ү л м а й р а. *(Накидкасын ыргытып жиберип)* Элиңиз бир тыйын... *(Араб бийин бийлөөчү костюм менен бет алдында турган Гүлмайраны Атабаев таңданып тиктейт. Гүлмайра ийилчээк мүчөсүн көрсөтүп наркы-терки басат. Атабаев таңданып карай берет. Уурутунда кандайдыр жылмаюу да пайда болот)*

Г ү л м а й р а. Жакпай жатамбы, агай?

А т а б а е в. *(Эсине келип)* Бу эмне деген шермендечилик?! Кийиниңиз! *(Качмакчы болуп)* Жоголуңуз!..

Г ү л м а й р а. *(Алдын тосуп)* О, жок, агай!.. Ким экенимди көрбөй туруп эле чана бересизби?.. Караңыз...

*Гүлмайра араб бийин бийлейт. Атабаев суктанып карайт. Сырттан үн угулат.*

А т а б а е в. *(Селт этип)* Токтотуңуз, чорт восмийди-ки!.. Келатышат!.. Сиз менен турганымды көрсө... Мындай жаман факты менен ойноп болбойт!.. Токтотуңуз дейм!..

*Гүлмайра токтобостон бийлей берет. Самат менен Айымбача кирет.*

Г ү л м а й р а. Чочубаңыз, агай. Жаныңызда мен турбайымбы.

А т а б а е в. Жолдош Гүлмайра!..

Г ү л м а й р а. Эмне дейсиз, жаным?

*Атабаев эмне айтарын билбей мукактанып туруп калат.*

С а м а т. *(өзүнчө)* Жаным дей тур. Азыр келип жалбарасың. *(Айымбачаны кучактап)* Түндө өзүң айткан элең Уларбек Атабаевич менен кошо кетем деп… *(Атабаевге)* Каалласаңыз ала кетсеңиз да болот.

Г ү л м а й р а. Сенден уруксатсыз эле ала кеткени жатат. Ушундай эмеспи, жаным?..

С а м а т. Гүлмайра!

Г ү л м а й р а. О, жок!.. Сенин кысканымыш болгонуңдун бардыгы анткорлук… Мен баштатан билчүмүн… Кош! Ким менен кирсең, ошонуң менен кошо чыгып кеткин!..

С а м а т. Гүлмайра!.. Гүлмайраш!.. Мен эч ким менен жүрбөйм… Келиндер менен калп эле жүрүмүш болсоң, Гүлмайра бутуңду кучактап жыгылат, көлөкөдөй гана ээрчип калат деген соң… Айтчы Айымбача, мен эч ким менен жүрбөйм, ырaспы?

А й ы м б а ч а. Мени менен жүргөнүңө бир айча болду, башкаларды билбейм. Атабаев улам бирөөнү карап аң-таң.

С а м а т. Айымбача!..

А й ы м б а ч а. *(Саматты кармап)* Гүлмайраны аёочу элем… Эми болсо таякемдин көк эшегиндей кылып гана аркандап алам, мен Гүлмайра эмесмин.

С а м а т. Жабышпа мага. Бар Шермат чалыңа. Күтүп турат.

А й ы м б а ч а. Айтпасаң да баратам, Саке… Бирок… Экөөбүзгө салакасы тийбейт го… байкуш чалдын…

С а м а т. Көрүшөбүз, жолдош Атабаев!..

*Самат чыгат.*

А т а б а е в. Шермат чалга тийгени жаткан сизсизби?!.

А й ы м б а ч а. Бизбиз.

А т а б а е в. Дурус, дурус… Аздан кийин жетүүчү жериңизге жеткиздирип коём. Сөзсүз ошентем!..

А й ы м б а ч а. Акырын ойлоңуз, Уларбек Атабаевич. Менден мурдараак өзүңүз жетип калып жүрбөңүз?! *(Гүлмайрага)* Колуңдан чыгарба, Гүлмайраш. Алдагы жөнөкөй эркек эмес... өндүргүч эркек!.. *(чыгат).*

А т а б а е в. Күйөөңүздүн ким экенин да билдим!

Г ү л м а й р а. Ал менин күйөөм эмес. Ажырашып кеткем.

А т а б а е в. Ажырашып?!. Эмне үчүн?!.

Г ү л м а й р а. Сиз үчүн.

А т а б а е в. Жолдош Гүлмайра! *(Качмакчы болуп кулумсуроп)* Жакшы калыңыз. Мен өтө шашылышмын. Көрүшкөнчө саламатта туруңуз. Мен сизге ыраазымын... Миң мертебе ыраазымын...

Г ү л м а й р а. *(Торгоп)* О, жок, агай!.. Бая сөз менен оозандырып жүрүп көнүп калсаңыз керек. *(Бий кыймылдарын жасап)* Эчтеме чыкпайт... эчтеме чыкпайт...

*Анипа кирет. Мексика аялынын киймин кийген.*

А н и п а. (*Гүлмайрага*) А-а, сен да бу жерде белең,? Саа эмне керек?

Г ү л м а й р а. Сизгечи?

А н и п а. Кечеги түнү Уларбек Атабаевич мени карап отурган.

Г ү л м а й р а. Сизди караган эмес, мени карап отурган. Ал тургай, тарбияңыз бузула элек экен, жолдош Гүлмайра деп көз жашын көлдөтүп туруп колумду кыскан.

А т а б а е в. Жалган!.. Бул провакация!..

А н и п а. Уктуңбу, секет?

Г ү л м а й р а. Ошондойбу?.. Анда мен өлөм!.. Сууга чөгүп өлөм... Уларбек агай үчүн өлдүм деп кат жазып кетем...

*Гүлмайра жүгүрүп чыгат.*

А т а б а е в. *(Эсине келип)* Эмне дейт?! *(кыйкырып)* Жолдош Гүлмайра!.. Токтоңуз!..

А н и п а. *(Колунан тартып)* Ашыкпаңыз, Уларбек Атабаевич...

А т а б а е в. Коё бериңиз... Окус өлүп калса... Баарынан да кат жазып кетсе...

А н и п а. *(Катуу булкуп)* Гүлмайра өлсө, анын катын жел учуруп кетиши мүмкүн... Меникин учура албайт... Катты жазып туруп ар бир үйгө таштап келдим...

А т а б а е в. Ар бир үйгө?!. Эмне деген кат?..

А н и п а. Өлсөм, Уларбек Атабаевич үчүн өлөмүн деп...

А т а б а е в. *(Чаңырып)* Бу силер эмне... баарыңар эле мен үчүн өлө бересиңерби?!. Тамашаңды коюңуз, жолдош Анипа!.. Тамаша дегенди билбейм. Билгим да келбейт!..

А н и п а. Сүйүү менен да тамаша кылчу беле, Уларбек Атабаевич. Сүйүү деген баарыга таандык. Жакында райкомдун биринчи секретары келип...

А т а б а е в. Жолдош Жанболотовбу?!. Асан Назарович, ээ?!.

А н и п а. Ооба. Ал киши сүйүү жөнүндө лекция окуп берди. Жаңы китептер алып мен да кошо келгем.

А т а б а е в. Лекция окуп?!. Сүйүү жөнүндөбү?!. Райкомдун биринчи секретары, ээ?!.

А н и п а. Ошол эле дейсизби... Жаштар менен алты бакан тээп, жоолук таштамай ойноп... анан дагы келин-кыздарды колтуктап, токой аралап басканычы... Асан Назарович жөнөкөй адам...

А т а б а е в. Жолдош Анипа?!.

А н и п а. Сиз да ошондой жөнөкөй адамдардан болушуңуз керек. Бир гана айырмаңыз, тамашакөй окшойсуз. Ушундай эмеспи?

А т а б а е в. Жолдош Анипа! Сиздер жакшы көргөн Асан Назаровичтин «жөнөкөйлүгү» ...адамдардын идеялык-мораль жактан ыдырап кетишишинин негизги себеби так ошондо экен!.. Мен эми билдим.

А н и п а. Айтыңызчы, Уларбек Атабаевич, сиз өмүрүңүздө аял сүйүп көрдүңүз беле?

А т а б а е в. Жок, сүйүп көргөн жан эмесмин. Сүйгүм да келбейт. Вообше, сүйөм деген сөздү... айтып көрө элекмин!..

А н и п а. Окус айтууга мажбур кылсам, анда кантээр элеңиз?

А т а б а е в. Сизби?!

А н и п а. Биз.

А т а б а е в. Биздиби?!.

А н и п а. Сизди.

А т а б а е в. Сизби?

А н и п а. Биз.

А т а б а е в. Ха, ха, ха!.. Мени мажбур кылгандай сиз кимсиз өзүңүз?!.

А н и п а. Мен Көк-Ойроктун кызымын!

А т а б а е в. Көк-Ойроктун кызысызбы?! Сыйкырчы болуп жүрбөңүз? Мен сыйкырга ишенбейм.

А н и п а. Сиз Көк-Ойроктун кызын билбейт турбайсызбы... Көк-Ойроктун кызынын кан тамырынан кан акпайт. От агат... Жалын агат! *(Кичинекей бычакты кынынан суурул, жүрөгүңө такайт)* сүйөсүзбү же жокпу? *(Атабаев эмне дешти билбей көзүн кыбыңдатат)* Кош, Уларбек!..

А т а б а е в. Жолдош Анипа!.. Бычак менен ойнобоңуз!..

А н и п а. Сүйүү өлүмдөн күчтүү!

А т а б а е в. *(Үзүлө кыйкырып)* Жолдош Анипа! Мунуңуз коммунисттик духка карама-каршы турат... өлбөңүз!.. Акыңыз жок!..

А н и п а. Ошондойбу?!.

А т а б а е в. Ошондой.

А н и п а. Андай болсо, сүйөмүн деп бир ооз айтыңыз. Тез! *(Бычакты такап)* Сүйөсүзбү же жокпу?

А т а б а е в. Сүйөм!.. Бычагыңызды катып коюңуз.

А н и п а. Кабагыңызды бүркөбөңүз, Уларбек Атабаевич. Сиздин сүйөмүн дегениңиз канатыма канат байлады… Ишенесизби, сиздей адамдын тепкичтен тепкичке көтөрүлүшү үчүн жанымды да аябаймын…

А т а б а е в. *(Жазылып күлүп)* Жолдош Анипа!

А н и п а. Сиз чоңоёсуз. өзүм баштап баарыбыз жардам кылабыз!..

А т а б а е в. *(Кучактамакчы болот)* Айланайын жолдош Анипа!

А н и п а. *(Мант берип)* Гүлмайра бийлегенде жыландай ийрилет… бирок жыландын денеси муздак… Сиз оттон жаралгансыз… Сиздин табиятыңызга жагуучу аял башка… ал да болсо сиздин тилектешиңиз… Жолдош Анипа!.. Карап туруңуз, Уларбек Атабаевич.

*Анипа Мексика аялынын бийин бийлейт. Атабаев адегенде таңыркап, анан бара-бара кызыгып карайт. Анипа өзүнүн аялдык жамалы менен Атабаевди арбап, бийге түшүрөт. Атабаев бийлегенди билбесе да тигинин арбоосуна эрип, өзүн унутуп коюп бийлей баштайт. Бий бүтөт.*

А т а б а е в. (*Айлананы карап*) Эх, чиркин… Дүйнө ырастан эле сулуу окшобойбу, жолдош Анипа!..

Ырбачы менен Каракол,
Ортосунда ара жол.
Алыска кетип баратам,
Көз айнек жарым аман бол, деп

Сонунгүл аттуу кызга ырдап калар элем!.. Анан Кызаев деген кишиге жолуктум… Мени кызматка алып, турмуштун терең сырларын үйрөтө баштады… Сонунгүл менен түбөлүк коштоштум!.. *(Анипаны өзүнө каратып)* Сиздей укмуштуу аялды өлүп кетейин, биринчи көрүшүм!

А н и п а. Сиздей укмуштуу эркекти менин да биринчи көрүшүм.

А т а б а е в. Айланайын жолдош Анипа. Мен сизди сүйөм!.. Кудай урсун, сүйөм!..

А н и п а. Убадаңыздан жанбайсызбы?

А т а б а е в. Эч качан!

А н и п а. Чыныгы сүйүү бийик ойлуу кишилерде гана болот турбайбы... Кечеги түнкү... жасалма куут, орто жана ортодон жогорку семиздик жөнүндө айткан бийик ойлоруңуздан кийин... Жанымда бир мүнөт болбосоңуз менин көргөн күнүм каран болуп калат.

А т а б а е в. Айланайын жолдош Анипа!

А н и п а. *(Алаканы менен тосуп)* О, жок!..

А т а б а е в. Сиз эмне, айткан сөзүңүздөн айнып калдыныздбы?!.

А н и п а. Эмне үчүн айнымак элем?.. Качан үйлөнөсүз?

А т а б а е в. *(Атып турат)* Эмне-е?! Мен жөнүндө жакшы пикирлер айтканыңызга ыракмат... бирок анака-мунакадызды коюңуз. Мага эч кандай, сүйүү-пүйүү таасир этпейт!..

А н и п а. Азыр эле укпадыңызбы, мен Көк-Ойроктун кызымын, Уларбек Атабаевич... Күндүн нуру менен Көк-Ойроктун кыздарынын сүйүүсү бирдей... Ойноп болбойт... өрттөп жиберет!..

А т а б а е в. Атабаев менен да ойноп болбойт. Ал... ал железо бетондон жасалган киши!..

А н и п а. Тайсалдабаңыз!.. Өмүр бою издегеним сиз болчусуз... Колумдан чыгарбайм!.. Качпаңыз!.. Каалассам чүлүк кылып ийип алам!.. Бет алдыма чөгөлөтүп, жалынып-жалбартып да коём!..

А т а б а е в. Күлчү эмес элем. Күлкүмдү келтирдиңиз. Ха, ха, ха... Сиздин бет алдыңызга чөгөлөп, жалынып-жалбаруучу менби?.. Мен, ээ?!

А н и п а. Ооба.

А т а б а е в. Жолдош Анипа! Мен дагы бир жолу кайталайм. Чыныгы жетекчиликтин жоктугунан баары-

ңардын мээңерди дат басып кеткен... Жууш керек!.. Тазартыш керек!.. Азыр көрөсүңөр. Жүрүңүз, лекцияга!..

А н и п а. Лекцияга барыш үчүн факты керек да, Уларбек Атабаевич.

А т а б а е в. Жетет. Ашып да калат.

А н и и а. Кимге кат жаздыңыз эле?

А т а б а е в. Кат?! Кандай кат?!.

А н и п а, Ырастан эле билбейсизби? Мээңиздин тазарганына жакшы, угуп туруңуз анда (*окуйт*): «Көк-Ойроктун атыр жыттуу абасын жутуп, өкмөт менен партиянын тапшырмасын ыйык аткарып жаткан, мораль жагынан күзгүдөй тунук Анипа жолдошко!..

А т а б а е в. Жолдош Анипа!..

А н и п а. *(Атабаевди туурап)* Бөлбөңүз! *(окуйт)*: «...Сиздин адамды өйдө карабагандыгыңыз, уялчаактыгыңыз... Мындан аркысың өзүңүз түшүнүп алыңыз. Сактык үчүн кагаз бетине түшүрүүгө болбойт. Коммунистик саламым менен: Атабаев Уларбек Атабаевич».

А т а б а е в. Кайдан алдыңыз муну?!.

А н и п а. Санипага дегениңизди Анипага деген экен деп чабарман балаңыз маа апкелип берди.

А т а б а е в. Ушуну менен коркутмакчы болосузбу?!. Чепуха!.. Баштан-аяк идеяга сугарылган кат... Ката табалбайсың!.. Санипа деген келин күзгүдөй таза... Мен аны бир көргөндө эле билдим...

А н и п а. Туура. Олуя экенсиз. Күзгүдөй таза Санипаңыз беш жыл ичинде жети эрден чыккан аял...

А т а б а е в. Эмне?!. Жалган!..

А н и п а. Болуптур. Азыр барып элге окуп берем. Андан кийин районго жиберем... Калппы же чынбы, ошондо билесиз...

А т а б а е в. Жолдош Анипа!..

А н и п а. Шашылбаңыз! Жеке эле ошол дейсизби?.. Адегенде Гүлмайраны, андан кийин мени сүйөмүн деп өпкө-жүрөгүңүздү чаап убада кылганыңызчы?!.

А т а б а е в. Бу балакет элге кайдан жүрүп адашып келип калгам?!. *(Анипанын тизесин кучактап)* Айланайын жолдош Анипа!.. Эмне десеңиз, баарына макулмун. Мындай фактылар менен ойноп болбойт…

Малабай кирет.

М а л а б а й. *(Тигилерди көрүп, тескери бурулат)* Олдо, кудай ур, ая.

А т а б а е в. Эмне, менин өлгөнүмдү каалап турасызбы?!. Айланайын жолдош Анипа! Катты бериңиз. өлтүрбөңүз мени!..

А н и п а. Берейинби?

А т а б а е в. Ыракмат, жолдош Анипа, ыракмат.

А н и п а. Железобетон!.. Меңиз!..

*Анипа жүгүрүп чыгат.*

А т а б а е в. (*Төш чөнтөгүнөн катты чыгарып*) өзү!.. өзү!.. (*Анипанын соңунан*) ушундай фактыны колдон чыгарып… акылсыз аял!.. Ыракмат эмес. Ыракмат эмес!..

М а л а б а й. Тизесин кучактап турганыңда ыракмат, ыракмат деп… Кетип калгандан кийин ыракмат эмес, ыракмат эмес деп… Сүйгөнүң да адамдан бөтөнчө экен! *(Атабаев унчукпастан таңданып карайт. Малабай күлмүңдөп)* Сүйүү эмне экенин билбейм дедиң эле… Чөгөлөй калат экенсиң го!..

А т а б а е в. Карыя! Чөгөлөй калып аялдын тизесин кучактады дегениңиз… Ушак!.. Жалаа!.. Эч кандай аялды көргөнүм жок!..

М а л а б а й. Мына буга караңгы деген кеп эмес экен. Чоң уулум сатып берген. Чык-чык эттирип койдум.

А т а б а е в. Чык-чык эттирип?!.

М а л а б а й. Ооба. Сүрөткө тартып.

А т а б а е в. Кимди?..

М а л а б а й. Кимди болмок эле?.. Келин экөөңдү да!!.

А т а б а е в. Карыя!.. Сиздин мунуңузду билесизби, эмне дейт?!.

М а л а б а й. Билем, Уларбек балам, менин мунумду факты дейт. Сүрөт дегениң ооздун жели эмес. Тана албайсың. *(Жакын барып)* караңгыда сүрөт тарткандан айланамбы *(Булгаары каптын ичинен чыгарып)* Кадимки эле дүрбү... Хи, хи, хи...

А т а б а е в. Токтотуңуз хихиңизди, шайтан баскырдыкы!.. Бул жоругуңузга жооп бересиз... Көрсөтөм...

М а л а б а й. Ачууланба, Уларбек балам. Тамашага ачууланган болбойт... Күлүп гана тим болуш керек.

А т а б а е в. Күлүп ганабы?.. Балким, күлгөндү да үйрөтүп жүрбөңүз?!.

М а л а б а й. Күлкүнү үйрөтпөйт. Күлкүнү окутпайт... Күлкү адамдын каны менен бирге жаралат.

А т а б а е в. Туура, канымда жок. Күлгөндү билбейм?

М а л а б а й. Уларбек балам... Шоруна мактанган болбойт...

А т а б а е в. *(Тигиле карап)* Эмне дедиңиз?! Кайталаңызчы!..

М а л а б а й. Күлкү менен тамашаны түшүнбөгөндүн жүрөгү муз болот. Андай неме өзүн да жылытпайт, башканы да жылытпайт!..

А т а б а е в. *(Кээрдүү)* Көрүп турам!.. Күлгөндү жакшы «көрөт окшойсуз?.. Күлдүрөм!.. Ишенип коюңуз, бооруңуз эзилгенче күлдүрөм!

М а л а б а й. Жок!.. Байкап турам, Уларбек балам, Адамды ыйлатканга али да жарайсың. Күлдүргөн колуңдан келбейт!..

А т а б а е в. А балким, келээр! *(Мостоё калып)* Детдомчу?! Унутуп калды дейсизби?.. Детдомдо эмне кылмыш кылдыңыз эле, айтыңыз!

М а л а б ай. Менин кылмыш кылганымды кайдан билип жүрөсүң, Уларбек балам?!.

А т а б а е в. Сиз бир кездерде детдомдо иштеп жүрүп, ууру кылгансыз... Эмне, жалганбы?!.

М а л а б а й. Чын.

А т а б а е в. Айтыңыз дейм, эмне уурдадыңыз эле детдомдон?!.

М а л а б а й. Белегим согушта окко учкандан кийин көп өтпөй Зиядамдан айрылдым.

А т а б а е в. Зияда дегениңиз ким?

М а л а б а й. Биринчи аялым.

А т а б а е в. Эки аял алдыңыз беле?!.

М а л а б а й. Ооба.

А т а б а е в. Бузулган киши экениңизди мурда эле билгем. Уланта бериңиз... Кулагым сизде... Маалкатпаңыз дейм! Тез!..

М а л а б а й. Бакандай үч уулу менен байынан ажырап, Чүкөдөй апаң кара кийинип отуруп калган экен... Эл чогулуп келип, экөөбүздү баш коштуруп койду...

А т а б а е в. Анан?

М а л а б а й. Ананбы?.. Анан Чүкөдөй апаң экөөбүз кызылдай он бир жетимди бала кылып алдык!..

А т а б а е в. Он бир жетимди бала кылып?!

М а л а б а й. Ооба. Эми Малабай ууруну каматам десең, Бектур Малабаев дегенге айт, республикадагы чоң прокурордун орун басары... Менин уулум... Малабай ууруну айдатам десең, Сапар Малабаев дегенге айт, мылыйсанын чоңдорунун бири, ал да менин уулум...

А т а б а е в. Малабай ата!..

М а л а б а й. *(Сөзүн бөлүп)* Уларбек балам!.. Детдом деген сөздү Чүкөдөй апаңарга угузбагыла. Макулбу?.. Эне эмеспи... Эненин жүрөгүндөгү жарат бат ачылат!..

*Сырттан «Малабай!» деген үн угулат. Малабай үнчүкпайт. Эки кемпирди ээрчитип Чүкөдөй кирет.*

Ч ү к ө д ө й. О, садагасы болоюн... Уларбек балам турбайсыңбы *(Малабайга)* Качкың бар экен го, ээ, кара дөөм?.. Жо-ок!.. Ууру кылган менен ууруну жандаган-

дын күнөөсү бирдей... Жаңкы жыланча сойлогон немеси менен кошуп, Шермат бети жокту бар го... Балдар эл алдында алып чыгабыз деп жатышат дейт... Мейли, ырас болду, бата алышсын!.. Эмне, сен соо калам дейсиңби?.. Экөөнүн жанына сени да отургузабыз, кара дөөм! *(Кемпирлерге)* Кыздар!.. Албайсыңарбы, эмне турасыңар?

*Эки кемпир Малабайды эки колтугунан алып ордунан тургузушат. Чүкөдөй элечегин оңдой баштайт.*

Б и р и н ч и  к е м п и р. Жаныңа жакындамак тургай, изиңди көрүүгө зар болчу элек, Маке...

Э к и н ч и  к е м п и р. Ооба, ошону айтсаң.

Б и р и н ч и  к е м п и р. *(Малабайдын сакалына колун тийгизип, көзүнө сүртөт)* Дарысың да...

Э к и н ч и  к е м п и р. *(Малабайдын мурутуна колун тийгизип, көзүнө сүртөт)*. Ооба, ошону айтсаң...

Ч ү к ө д ө й. Акетай, э-эй!.. Кыздар деп койсо... Ырастан эле өздөрүн кыз көрүп баратышкан бейм, я?.. Кемпирлер!.. Тургула, мындай!.. *(Малабайдын жанына барып)* Мына бу куу карагайга окшогон арамдар сакал-мурутуңдан сылаганда эмине унчукпайсың, я?.. Чүкөдөйүмдөн башка эч ким сылабайт деп эмне үчүн айкырып чыкпайсың, я? *(Малабайдын ээгин өйдө кылып)* Сага эмне болду, кара дөөм?.. Капа көрүнөсүң. Ким капа кылды сени?! Ким?! *(Папиросту үстөккө-босток тартып, отурган Атабаевге)* Биринен сала бири... азаптын чогуна төрт жолу куйкаландым... Ошондо да чыдагам... Кара дөөмө сөз тийгнзгендер болсо... андайга чыдай албайм, Уларбек балам... Эмнеге капа кылдың, айтчы?!.

М а л а б а й. Байбиче!..

Ч ү к ө д ө й. Унчукпа!

М а л а б а й. *(Жерди тээп)* Чүкөдөй! *(Эки колун аркасына алып, аркы-терки басып)* Кутургурдун гана кемпири десе!.. Бет алдында ким турганын көзүнө илбей... Төбөңдөн жерге кагын жиберейинби, я?!

Ч ү к ө д ө й. *(Жылмайып)* Ачууң курусунчу… Жарды жара сүзөм деген текечер улакка окшоп… Жүрөгүм оозумдан атып кете жаздабадыбы… Жай эле сүйлөчү, угайын.

М а л а б а й. И, бая эле ошентпейсиңби…?

*Алыстан жер дүңгүрөтүп кыйкырган үндөр угулат.*

Ч ү к ө д ө й. Мына! Уктуңарбы?.. Эл кыйкырып жатат!.. Шерматтын шермендеси чыгат деген ушул!.. Кыздар! Кемпирлер!.. Алгыла, кара дөөнү!.. Жүрөгой, Уларбек балам. Адам маскара болгондо кантип болот экен, өз көзүң менен көрүп ал, садага болоюн!..

*Атабаев мурдагы калыбынан өзгөрбөйт. Анипа менен Айымбача кирет.*

А н и п а. Малабай ата!.. Чүкөдөй эне!.. Кайда жүрөсүңөр, жарыктыктар?

Ч ү к ө д ө й. Айымбача?! Уятыңа чыдабай качкан экенсин го!.. Ушундай болмок *(Кыйкырган үндөргө кошулуп, кол чабуулар угулат)* Кол чаап жатышабы?! Кимге чаап жатышат?!

А н и п а. Шермат атам менен Дүрия апама.

Ч ү к ө д ө й. Эмне?! Шермат менен Дүрия апама дейсиңби?!

А н и н а. Ооба. Алардын баш кошконуна туптуура элүү жыл болуптур… Көк-Ойрокту жайлагандар үчүн жыйырманчы кылымдын биринчи алтын тою болсун дедик, Чүкөдөй эне…

Ч ү к ө д ө й. *(Анипаны өөп)* Асыл кызым!

А й ы м б а ч а. Тоюна куттук айтып, мына бу акчаны берип коюңуз!

Ч ү к ө д ө й. Кайдагы акча?

А й ы м б а ч а. Ал кишиге токолдукка чыкканымда, калыңыма алгам!

Ч ү к ө д ө й. Тою тойго улансын, бирок Шерматыңды көргүм келбейт!.. Ме, Анипа, балам, сен берип кой…

А н и п а. Эмнеге мен?.. Күйөө жолдошу бериш керек да…

Ч ү к ө д ө й. Туура.

М а л а б а й. Кхм… кхм…

А н и п а. Таарынып калдыңызбы, Малабай ата?

М а л а б а й. Анипа балам!.. Айланайыным!.. Күйөө жолдош дегениңер туура эмес… Анда менин аптариятымды төмөн түшүрүп коёсуңар… Мындан ары карган күйөө жолдош деп жүргүлө!

А н и п а. Макул, Малабай ата.

М а л а б а й. *(Айымбачага)* Сен болсоң… Айлансын, Айымбачам…

А й ы м б а ч а. Эмне дейсиз, сакалдуу жеңе?

А н и п а. Ырдай турган маалыңар болуп калды, Малабай ата!..

М а л а б а й. Анипа балам!.. Айлансын!.. Айымбачам!.. Бүгүн бар эмеспи… Карган күйөө жолдош менен сакалдуу карган жеңе торгой болуп сайрайт!.. Жүргүлө, чолпондорум!

Ч ү к ө д ө й. Кыздар!.. Кемпирлер!.. Кара дөөнү колтуктагыла, бирок жарым чакырымдан жакын келбегиле.

*Сахнада Анипа менен Атабаев калат.*

А н и п а. Жанагы мен берген чыныгы каттын көчүрмөсү болучу.

А т а б а е в. Эмне?!.

А н и п а. Чочубаңыз, Уларбек Атабаевич! *(Катты тытып)* Биз факты чогултпайбыз!

*Алыстан ыр угулат. Атабаев жалгыз. Көшөгө акырындап жабылат.*

***А я г ы.***

## СҮЙҮҮ ЖАНА ҮМҮТ

*Төрт көшөгөлүү, он бир сүрөттүү драма*

### КАТЫШУУЧУЛАР:

1. Токтогул.
2. Дмитрий.
3. Микола.
4. Прохор.
5. Отор.
6. Бурма.
7. Асек.
8. Тотуя.
9. Барат.
10. Дүрдана.
11. Койкелди.
12. Жибекчач.
13. Үсөн.
14. Жээрде сакал.
15. Самүдүн.
16. Керимбай.
17. Бактыяр.
18. Санталат.
19. Чекир.
20. Медер.
21. Ташкул.
22. Арзымат.

23. Н а д з и р а т е л ь.
24. Ч а л.

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Биринчи сүрөт*

*Айлуу түн. Токтогулдун короосу. Оң тарапта айманканалуу там үй. Мажрүмталдардын паанасындагы шырдак төшөлгөн середе Токтогул. Жанында Тотуя. Комуз кылы кайгылуу муңканат.*

Т о к т о г у л. *(Алыска көз чаптырып)* Кулагымдан кетпей койду! Отурсам да угулат, турсам да угулат. Жада калса, түшүмдө да угам!..

Т о т у я. *(Чай сунуп жатып)* Эмнени?!.

Т о к т о г у л. Өгүнчөрөөк Аркытка Бараткаңыбызда… Жанымда Асек менен Барат экөө… Түн бир оокум болуп калган… Бейиттен өтө берерибизде иттин улуганы угулуп калды!..

Т о т у я. Иттин улуганы?!.

Т о к т о г у л. Ооба. Аңгыча болбой ыйлаган баланын үнү чыккансыды… Бейитке кайрылдык… Барсак, ачтан өлгөн энесинин көкүрөгүн тырмалап араңжан ымыркай ыйлап жатыптыр… Нарыраакта даакысы түшө элек ит!.. Асманды Карап улугандай болсо…

Т о т у я. Өлчөсү өзү менен кетсин, айтпачы, Токо!..

Т о к т о г у л. Тотуя!..

Т о т у я. Эмне дейсиң, Токо?

Т о к т о г у л. Жараткан баарыга тең карайт, ээ?

Т о т у я. Куранда ошондой айтылган дейтко. И, жараткан баарыга тең карайт, Токо… тең карайт!..

Т о к т о г у л. Жок, Аныңдын бир жак көзү майыппы деп чочуйм?

Т о т у я. Айланайын, Токо!.. Жаратканга тил тийгизбе. Жаңылдым-жастым деп кечирим сурагын. *(өксүп)* Токо!.. Каргадай Топчубайыңа өмүр берсин!.. Жараткан баарыга тең карайт!..

*П а у з а.*

Т о к т о г у л. Атаганат!.. Ыр менен күүгө ач тоюнбайт, өлгөн тирилбейт тура!..

*(Барат кирет).*

Т о т у я. Кел, Барат жан.

Б а р а т. Келдикко, Тотуя жеңе. Жалгыз таякем бар эле, биз Аркыт тарапта жүргөндө ачтан өлүп калыптыр. Ошого куран окутканы баргам... *(Чайдан ууртап)* Кайтып келатканымда башым ооп Керимбай болуштун айлына кайрылып калдым... Ой, бали-и!.. Мүнүшкөрлөр кушун, саяпкерлер күлүктөрүн таптап... Көк-Жайыкка түмөндөгөн үйлөрдү тиктирип... Маслаат-жыйын... бака- шака, кызыл-тазыл...

Т о т у я. Болуштун үйүнө кирип салам айтканга Жарадыңбы деги?

Б а р а т. Олдо, Тотуя жеңе, ая!.. Керимбай болуштун үйүнө мен эмес, бектер менен султандар баш багалбай жүрүшсө... Маа суутуп коюптурбу!.. Анан калса, бей жумуш, кур кол баргандарды кыртышы сүйбөйт имиш... *(Жыргап күлүп)* Анткен менен... Мен анын тел жигити Чекир палван менен сүйлөштүм... Ошол эле дейсизби, Тотуя жеңе!.. Мен Чекир палван менен табакташ отурдум... казы-картага тоюп келдим!

Т о к т о г у л. *(Күрсүнүп)* Шордуу бала!

Б а р а т. Токо?!

Т о к т о г у л. Чекир палван менен табакташ болгонуна жетине албай... Чекир палван дегениң киши эмес...

Керимбай кимге карап айдактаса, ошону карап арсылдап үрө берет!

Б а р а т. Анткен менен бу жалгандын үзүрүн ошол эле көрүп жатпайбы… эмне кааласа бардыгы колунда…

Т о к т о г у л. Адам болуп күн көрмөк кыйын, кыйын да болсо асыл, айбан болуп күн көрмөк арзан, арзан да болсо кор!..

*П а у з а.*

Т о т у я. Чайың сууп калды бейм, Барат жан.

Б а р а т. Сууса мейли… *(Паузадан кийин Токтогул менен Тотуяны алымсабак карап)* Баса… Аттанарымда Керимбай болуштун токолу жолугуп калды… тиги Дүрдана сулуучу, билесиз го *(Токтогулду карап)* Сизге дувай салам айттырып жиберди.

Т о к т о г у л. Саламат болсун.

Б а р а т. *(Чайдан ууртап)* өткөн күздө Керимбай болуш Самаркан, Ташкен тарапка кеткенде… Дүрдана сулуу чакыртып жиберген экен… Асек Жумгалына кеткен… Током экөөбүз барып калдык… Ой, бали-и!.. Ошондо Током:

Ой, Дүрдана, Дүрдана,
Шыңгыр күмүш үн кана? деп

Дүрдана сулууну ырга кошкон эле… Ал чынында эле сулуу… Анысына жараша колу кат билет, дуванда жок акын… Ал эми үнүн уксаңыз… *(Күрсүнүп)* Дүрдана!.. Дүрдана!.. Адеп комуз черткениңизге маашыр болбоду, ээ, Токо?.. Ыраспы?

Т о к т о г у л. Комузга кол ойнотуп чертип жатканымда, унчукпай угуп отурду да «Капкакты ургулабаңызчы, Токо. Кылды ойнотуңуз. Дагы бир сурарым – секинирээк чертиңиз» деди. Мен комуздун кылын терип, акырын черте баштадым… Ошондо Дүрдана сулуу «Секин чертилген күү жүрөктүн тыбышына окшоп адамдын санаасын алда

кайда жетелейт эмеспи, Токо. Курган көңүлдү бирде көкөлөтүп, бирде чөктүрүп… О, адам эч качан тойбогон чиркин өмүр! Муң-зардын уусунан ууланып Бараткандын айтпайсызбы!..» деп катуу күрсүндү да «Комуз черткенди сиз эми гана үйрөндүңүз, Токо» деп күлүп койду.

Т о т у я. Баса дейм да!.. Комузуңа кадимкидей тил кирип калганына таңданып жүрчү элем, көрсө нускоочу тапкан турбайсыңбы!.. Болгондо да Керимбай болуштун токолу… Дүр-да-на деп…

Б а р а т. Олдо, Тотуя жеңе, ая… Аялдан чыккан айкөл деп жанга теңебей жүрсөм, сиздин ичиңизден да таруу айланбайт турбайбы.

Т о т у я. Мен башкага айкөлдүк кылсам да, койнумда жаткан эриме айкөлдүк кыла албайм, Барат жан.

Б а р а т. *(Кытмыр кулумсурөп)* Дүрданаң менен да куру, балакет болуп кайдан айта койдум эле…

Т о к т о г у л. Дүрдананы кеп кылганыңа кейибе, Баратым. Көп өмүрлөр караңгы түнгө окшоп билинбей келип, билинбей кете берет бу жалгандан, Дүрдана болсо…

Т о т у я. *(Күйөөсүнө чай сунуп)* Кармачы деги, колум талып кетти!.. *(Асек кирет)* Күүгүм кирери менен эле жылт коюп… кайда жүрөсүң чай ичпей?..

А с е к. Жолдо келатсам, Медер молдонун сегиз күчүк тууган карала канчыгы бейит тарапты карап улуп жатыптыр. Молдокебиз соо болбой калды…

Т о т у я. Ок!.. Молдокемди мыскылдаганыңды коюп жүр, кусуру уруп кетет!

А с е к. Олдо, жеңекеси, ай-я, тентиген саяк бала деп менин тегимди кордогон молдону кусур урбай, анын тиги дүйнөгө барып батыраак жай алышын тилеген мени кусур урмак беле?!

Б а р а т. Медер молдокеме сөз тийгизбе, Асек. Медер молдокем ыйык киши!

А с е к. Тапкан экенсиң ыйык кишини!.. Тотуя жене. Мен ашык болуп калдым. Током макул болсо үйлөнсөмбү деген оюм бар.

Т о т у я. Токоң макул болбосо мейли, башкабыз макулбуз… Ал кишинин санаасы алда кайда, жөн кой аны. Баса, колуктуңдун аты ким?

А с е к. Жибекчач.

Т о т у я. Соолук келди акемдин кызыбы?

А с е к. Ооба. Так ошо Соолук келди акемдин… Олдо, Тотуя жеңе, ай…. Койгелди акемди Соолук келди аке деп… тергегенде да укмуштай тергейсиңер да…

Т о к т о г у л. Таңкы шүдүрүмгө окшоп таза, ачык… Жибекчач жакшы бала.

Т о т у я. Убада бүткөндүр, ээ? И, баса, тоюңарга эмне соёр экенбиз… Быйыл жуткатуу болуп, малдын көбү кырылып калды. Азыртан ойлонбосок болбойтко.

Б а р а т. Андан камырабаңыз, Тотуя жеңе. Быйыл карга көп болду. Асектин тоюна карга соёбуз.

Т о т у я. Ок, кургурдун баласы!

А с е к. Барат туура айтат, Тотуя жеңе, чычалабаңыз. Карганын баш-шыйрагын… үзөнгүлөш жүргөн курбум эмеспи, Бараттын өзүнө тартып, эки жамбашын Керимбай болуш менен Медер молдонун алдына коёбуз!..

Б а р а т. Керимбай болушту мыскылдап… Окус кулагы чалса, эмне болоруңду билесиңби?!.

Т о к т о г у л. Жаман көргөн кишисин жаман көрөм деп түз сүйлөгөн эле жакшы. Мага ошондой адам жагат!

Б а р а т. Түз кишини тапкан экенсиз! Асегиңиз өмүрү түз сүйлөбөйт. Мисалы, сиздин көзүңүзчө жакшы көрүмүш болуп, көзүңүз жокто жамандап… Асегиңиз жойпуланып жүрөт!

Т о к т о г у л. Барат!

Б а р а т. Ишенбесеңиз өзүнөн сураңыз!

Т о т у я. Асек жан?!.

А с е к. Тотуя жеңе!.. Токомдун ашыглыкка ырдаган ырлары жалындап күйүп турар эле... Кийинки кездерде өчкөн оттун күлүндөй болуп тапсыз... чаржайыт чыкчу болду!..

Б а р а т. Бул ушак!

Т о к т о г у л. Жок, Барат , бул ушак эмес!..

Б а р а т. Болуша бериңиз, Токо. Мактай да бериңиз... Асекти менден бөлүп алып, жерге-суугa тийгизбей көкөлөткөнүңүзгө Барат көнүп калган.

Т о к т о г у л. Андай эмес, Барат. Эки көзүмдүн экөөн тең бирдей көрөм.

Б а р а т. Токо! Ачык сүйлө деп үйрөтүп келатасыз. Ачыгын айтайын. Асек экөөбүзгө калганда, бир көзүңүздү аябай чоң ачып, экинчи көзүнүздү бекем жуумп алып карайсыз!

Т о к т о г у л. Таарынба, Баратым. Адам баласына өмүрдү бирдей бергени менен шыкты бирдей берген эмес. *(Койгелди кирет)* Оу, келиңиз, Койгелди аке. Быякка өтүңүз.

К о й г е л д и. Теңир жалгасын, Токо. Шашылышмын.

Т о к т о г у л. И, анчалык эмне болду, жарыктык? Тынччылыкпы деги?

К о й г е л д и. Анар апаңар жүрөгүм деп чыдабай жатат. Колдо бар алтындын баркы жок дегендей, Медер молдонун баркын билбей жүргөн турбайбызбы... Ал кишиге барсам, оокастап төшөгүнөн туралбай жатыптыр... Айлам куруп тиги Бекиш тазга баратам... Чочугансып анда-санда дем сала койчу эле...

Т о к т о г у л. Олдо, жарыктыгым, ая... балдар жок беле үйдө?

К о й г е л д и. Самудунум таздарларга кеткен... Дилбарга үйлөнөм деп жүрбөйбү... Тиги Үсөн зергердин кызы

эмеспи... Жибекчачым болсо... ал улагым болсо... жаш эмеспи... курбулары менен жүрсө керек... азыр эле келип, апасынын жанында калды.

Б а р а т. Бекиш акеникине мен барып келейин, сиз отура туруңуз.

К о й г е л д и. Жок, айланайын, Бекиш таз өлгөндөй кыйык... *(Тотуяга)* Сурана берип бетибизден бет калбады бир татым туз сурай келейин деп кайрыла калдым эле... *(Тотуя үйгө кирет)* Бу сен эмне, тескери карап буркуюп калгансың?.. Асекбай!..

Т о к т о г у л. Жибекчачыңызга көңүлү түшүп калыптыр Асек уулуңуздун.

К о й г е л д и. Качантан бери?

Т о к т о г у л. Азыр эле билдик.

К о й г е л д и . Мен ала жаздан эле билем, Токо.

*(Үйдөн Тотуя чыгат)*

Т о т у я. Мынаңыз, акебай.

К о й г е л д и *(тузду куруна түйүп)*. Алганың менен тең карыгын, Тотуя балам... Анар апаңарга жаш шорпо уурттатайын десем... быйылкы жутта тоодогу кайберенден өйдө кырылып калбадыбы! *(Нандан ооз тийип)* баса, Керимбай болуш бүт дуванга той бергени жатыптыр го... түтүн баш сайын чыгым салып... *(Күрсүнүп)* эртең бизге келишет имиш... Мейли төрт аяктуудан сур тайганым гана калды... аны алышпаса, өзүмдү алышар! Кой, мен кетейин. Оомийин!.. Кудай тилегиңерди берсин!

*(Койгелди чыгат. Алыстан темир комуздун үнү угулат)*

А с е к. Жада калса темир комуз да муңканып ыйлайт!.. *(Нандан алып)* Кайда болбосун муң!..

Б а р а т. Муң-муң деп жатып нандын баарын аймап койгон турбайсыңбы?

А с е к. Ой, мечи деги!

Б а р а т. *(Нанды бурдай сугунуп)* Сенин кейигениңден ач тоюнбайт… *(Иттердин чайылдап үргөнү угулат)* Иттер да акмак… Арс-арс этип дайындап алып, анан кабат… унчукпай эле каба бербейби!..

*Бир бутунан аксап Медер молдо кирет. Дамбалкөйнөкчөн, чапанынын бир жеңин кийип, экинчисин кийүүгө үлгүрбөй, башындагы селдесин ороо менен алек.*

М е д е р. Чык! О, чык!.. Ниншалло!.. Ай, ушу биздин айылдын иттеринин көбү, ай!

А с е к. Ошонун баары сиздин карала канчыгыңыздын тукуму!

М е д е р. Адепсиз!.. Тур мындай!.. О, кокуй тизем!.. Ниншалло!..

Т о к т о г у л. Олтуруңуз, молдом.

Б а р а т.*(Колтугунан сүйөп)* Ка-ап!.. Сиз белеңиз, молдоке…

М е д е р. О, ботом, калк эмес турбайбы биздин айылдын кишилери… Эмне деген шермендечилик… Кашка баш саяпкер өлүп калса, мындагы мага айтышпай, таздарлардын айлындагы молдого киши чаптырышыптыр! Ай, ушулардын азабы!..

Т о к т о г у л. Чыны менен жаман иш болгон экен, молдом…

М е д е р. *(Нандан ооз тийип)* Бисмилля рахман рахим… И, ошону айтсаң! *(Басамын деп тизелей калат)* О, кокуй, тизем!..

Б а р а т. *(Медерди сүйөп)* Айланайын молдоке, бу алыңыз менен өлүккө кантип барар экенсиз?

М е д е р. *(Кайраттана)* Кадырман Кашка баштын жаназасын башка бирөөгө окутуп коюп, үйдө жатып алсам кудаага күнөкөр болом… Ниншалло! Ажалымдын

жеткени ушул болсо, өлүк жанында туруп мүрт кеткеним оң!.. О, кокуй тизем!

Б а р а т. *(Медердин соңунан)* Жарыктык молдокем! өзү өлгөн жатып соопчулукка деп өлүккө баратканын көрчү!..

Т о к т о г у л. *(Катуу күрсүнүп)* О, курган Барат! Аның өлгөндү тирилтейин же бейишке чыгарайын деп Баратат дейсиңби... Таздарлардан келаткан молдодон мурда жетип, жаназа менен доорандын пулун чөнтөгүнө урайын деп баратат да...

Т о т у я. Токо, молдокеме тил тийгизбе!.. Күнөкөр болобуз...

Б а р а т. Туура айтасыз, Тотуя жеңе!.. Молдокем касиеттүү адам!..

А с е к. Касиеттүү!.. Касиетти байлап коюптурбу, ошого!

Б а р а т. *(Үзүлө кыйкырып)* Жаман сүйлөбө, Асек! Жантек бүркүтчүнүн төрөбөй жүргөн келинин, бир ай бою мазарга ээрчитип барып дем салгандан кийип... ал бечаранын боюна бүтүп эркек төрөп албадыбы... Ошол эмнеден болду дейсиң?!.

А с е к. Эмнеден болгонун молдо билбесе, мен кайдан билем?!.

*(Самудун кирет)*

С а м ү д ү н. Саламатсыздарбы, Токо.

Т о к т о г у л. Кел, Самүдүн... Мыпча эмне энтеңдеп...

С а м ү д ү н. Таздарларга барган элем, Токо...

Т о к т о г у л. Эмне кеп бар эл арасында, сүйлөчү?

С а м ү д ү н. Эмне кеп болсун. Керимбай болуштүн желдеттери чыгым жыйнаганы барышкан экен... Жаны кашайган эл чогулуп алып таш бараңга алышып... Чекир балбандын бир көзү томуюп, үч-төртөөнүн колу-буту майып болду дешеби, айтор... чычкак улак алалбай качып кетишиптир!..

Т о к т о г у л. Жаман кабар апкелипсиз, Самүдүн аке.

С а м ү д ү н. Ошол эле дейсиңби, Барат ырчым. Мен дагы бир жаман кабар апкелдим! Таздарлардан Дилбар сулуу чыкты дегенди угуп, Керимбайдын иниси Бактыяр мырза, Дилбардын атасына бүгүн-эртең жуучу жиберген жаткан имиш...

Т о т у я. Бактыярдын алган катындарына сан жетпей калды. Деги катынга тойбогон шүмшүк экен!

Б а р а т. Дилбар сулуу дегенди Бактыярдын кулагы чалганы чын болсо, анда...

С а м ү д ү н. Анда эмне?!

Б а р а т. Буйрукка баш иесиз да, Самүдүн аке.

С а м ү д ү н. Жо-ок, Барат ырчым, андай болбойт. Мен Дилбаржан деп жер үстүнөн басып жүрөм. Мен аны Бактыярга бербейм. Дилбаржанга мен өзүм үйлөнөм.

Б а р а т. Канткенде?!

С а м ү д ү н. Канткендеби?.! *(Токтогулду суроолуу тиктеп)* Токо?!.

Т о к т о г у л. Сөзүңөр бүттү беле?

С а м ү д ү н. Бүткөн.

Т о к т о г у л. Андай болсо, азыр барып Дилбарды апкеле кал... Буйдалбай бар... Таздарлардын айлы бул эле жер!..

Т о т у я. Токо, дагы кандай балакетти баштаган жатасың?

Т о к т о г у л. Чочуба, Тотуя. *(Самүдүнгө)* Келер замат никеңерди кыйдырып коёбуз. Бактыяр ошону менен кур алакан калат.

Б а р а т. Кантип?

Т о к т о г у л. Никелүү аялды алууга... Бактыяр болмоктон машаяк болсо да шарият көтөрбөйт.

С а м ү д ү н. Жакшылыгыңызды өлсөм да унутпайм, Токо!

Б а р а т. Ашыкпаңыз, Самүдүн аке... Нике-пике дегениңе Бактыяр ынабайт... баарынан да, Токомо залал иш кылып коёсуз...

Т о к т о г у л. Мен туурасында бушайман болбогун, Самүдүн үка. Никеңерди Медер молдонун так өзүнө кыйдырабыз *(Самүдүн чыгат)* Тотуя! Мен жөнөйүн.

Т о т у я. Кайда?

Т о к т о г у л. Керимбай болуштукуна.

Т о т у я. Күүгүм кирип калды… анда эмне суутуп коюптурбу?! Ээленбе, Токо!

Т о к т о г у л. Ачтан өлүп жаткан элден чыгым алганын токтотуп, сааны жокторго саан бердирбесе, кыргыз журтун кырып алат. Азыр барып сүйлөшпөсөм кеч болуп калчудай.

А с е к. Туура кыласыз, Токо. Барыңыз.

Б а р а т. Асек сенин башка жоруктарың да жетет. Азгырмага берилбеңиз, Токо… Ден соолугуңуз бар… Ак жоолугуңуз да бар. Ажыдаардын куйругун баспастан жөн жүрө бергениңизден оңу жок.

Т о к т о г у л. Ден соолук!.. Ак жоолук! Биздин бар болгон өнөрүбүз ушул экөөнө гана чыкканбы деп чочуйм.

Б а р а т. Токо! Адам баласынын тагдырын кудай таалам ушинтип ала жаратып койсо… өлгөндөр өлөт экен… Ага кейидиң не, кейибедиң не!.. Андан көрө эртең таң заардан эл кыдырып, жер кыдырып чыгып кетели… Сиздин ырыңызды уксак дегенде ак эткенден так экендер көп.

Т о к т о г у л. Өлгөндөргө ырдын кереги эмне?! Асек!.. Атты токуй салчы.

*(Сахнада Барат менен Тотуя калат.)*

Б а р а т. *(Алыска көз чаптырып)*: Ой, Дүрдана, Дүрдана, Шыңгыр күмүш үн кана? деген экен. Ай да чыгып келатат. *(Курсунуп)* Ой, Дүрдана!.. Ай жүздүү периште!.. Асмандан ай нуру тийсе, жерден Дүрдананын нуру тийип… Токомдун сапары сүттөн жарык болуп туратко, чиркии!

Т о т у я. Сүйлөбөчү, Барат !.. Болду!

Б а р а т. Бирөө ыйласа, бирөө күлгөн дүнүйө!.. Макул, Тотуя жеңе. Жакшы калыңыз *(керилип)*. Уйку келет!..

*Барат чыгат. Тотуя жер тиктеп ойлуу.*

**_Экинчи сүрөт_**

*Ошол эле түн. Керимбай болуштун үйү. Керилте жыйылган жүктүн эки бурчуна илбирс, калтар, суусарлардын териси илинген. Куш жастыктарды жастанып, пачайы төшөктөрдүн үстүндө жамбаштап жаткан үй ээси жер тиктеп ойлуу. Оолуга басып Бактыяр кирет. Керимбай бир көзүн ачып карап коёт да, кайрадан ойго чөмүлөт.*

Б а к т ы я р. *(Камчы менен өтүгүнүн кончун тарс уруп)* Качан көрсөм кабагыңыз кар жаайт да турат. Көп ойлонгондон башыңыз чарт деп жарылып кетип жүрбөсүн! Бөдөнөнүн сүтүн ичсем дейт окшойсуз, ээ?.. Жырга-ап уктай бербей... Ой, ушу сиз дагы катын алсам деп калгансыз го дейм, я?!

К е р и м б а й. Катын, катын! Эки оозунун бир оозу эле катын! *(Бир көзүн ачып)* Күн өткөн сайын каратамандар кутуруп баратат. Анжиян тарабындагы кыргыздар бийик урматтуу ак падышанын өкмөтүнө каршы козголоң чыгарышыптыр... Бу жерде болсо, менин жигиттеримди таш бараңга алып кууп жиберишиптир жаман таздарлардын айлы... Анан дагы, көп ойлоносуң деп кер какшыктап коёт!..

Б а к т ы я р. *(Кылычын сууруп, кайрадан кынына салат)* коркоксуз да, кантейин!.. Дасторконду жайнатып... үстүңүздө кымкап... Оёздонго?.. Же күбүрнатырдын өзү келет бекен?

*(Чекир кирет)*

Ч е к и р. *(Камчысын мойнуна салып, тизелей калат)* Кулдугум бар, таксыр.

К е р и м б а й. Сайра!..

Ч е к и р. Бардыгы сиз айткандай… тияктан ачандиктер келип, таксырыбыздын колу бошобой жатат деп… Улам бир жерге токтотуп, аябай зарыктырып апкелатам…

К е р и м б а й. Менин үстүмө кириш арзан эмес экенин туйсун. Аябай эле зарыктырдым дечи?

*(Сырттан, бака-шака үндөр угулат)*

Б а к т ы я р. Бу не деген бейадептик?!

Ч е к и р. Таксыр!.. Токтогул ырчы келет дегенин угуп алышыптыр… Ошонун ырын угабыз дешип… Жаштарын коё калың… Чал-чабыр, кемпир-кесек дебей…

Б а к т ы я р. Эмне, сиз ошо Токтогул деген немени күтүп отурасызбы?!

К е р и м б а й. Ооба.

Б а к т ы я р. Өңкөй топорлордун сандалган ырчысын ушунчалык барыктап… Ай, ушу сизди!.. Агасыз да!

К е р и м б а й. Эй, маңгим!.. Токтогулду экөөбүз барыктабаганыбыз менен эл барыктайт. Көрбөй турасыңбы!

Б а к т ы я р. Эл деп… урдум элиңди!. *(Чекирге)* Жогот!.. Ырды эңсеп калышса… Мен өзүм ырдап берем *(кылычын кармап)* же менин кандай ырдаарымды билишпейт бекен алар?!

К е р и м б а й. Баргын, Чекир палваным… Токтогул бүгүн ырдабайт экен де… Бол, бу ээнбаштарды секин таратып жиберип, жаңкы немени ээрчитип кел.

Ч е к и р. Куп болот, таксыр.

*(Чекир чыгат)*

К е р и м б а й. *(Күрсүнүп)* Ачуу душман, акыл дос деген экен!

Б а к т ы я р. Тигини!.. Дегеле акыл дос деп… өмүрү көзүбүз көрө элек салпаяк топорлордун ырчысын ушунчалык кастарлап… Дагы Рыскулбектин тукуму деп коёт ээ, бизди!.. Болгон экенбиз да!..

Ч е к и р. *(Эшикти ачып, үнүн жасап)* Токтогул ырчы!.. Ак падышадан кийинки бийик даражалуу таксырыбыз өзүнүн кутмандуу үйүнүн ыйык босогосунан аттап өтүүгө ырайым кылат!

Т о к т о г у л. *(үйгө кирип)* Саламатсызбы, болуш.

К е р и м б а й. *(Бир көзү менен сынагандай тиктеп)* Саламат… саламат… Токтогул деген ырчы сен болосуң го сыягы?.. Кана, жай алгын.

Т о к т о г у л. Теңир жалгасын *(Бактыяр астыртадан камчы сабын тосо койгондо, Токтогул мүдүрүлүп кетет)* Эми тааныдым, Бактыяр мырза сиз турбайсызбы!..

Б а к т ы я р. Менин Бактыяр экенимди кайдан биле койдуң?!. Маңдайыма бирөө жазып коюптурбу Бактыяр мырза деп?!

Т о к т о г у л. Кичинеңизде энеңиздин чачын жулуп ойнойт деп уккам. Эми үйүңүзгө келген меймандын бутуна камчы тосуп ойногонуңуздан улам… үйрөнгөн адат калчу беле, Бактыяр мырза!

Б а к т ы я р. Муну көрчү, ой! *(Керимбайды тиктеп, камчы сабы менен алаканын ургулап)* Ка-ап!..

*П а у з а*

К е р и м б а й. Сен тууравсында көп угам, Токтогул үка Ашыглык деп боздоп-ыйлаган акын-комузчулардын ичинен атылып чыккан чыгаан ырчы болду… жөн эле күйгүзүп-өрттөп жиберет дешет. Ашыкпа, Токтогул үка. Мении айтарым бар. Ак жоолук деп бир гана ак жоолукту ырга кошуп боздогон акындын даңкы айылдын аймагынан чыкпайт… Андыктан… Саа окшогон чыгаан акындын даңкын бүт ааламга жаюучу як да нерсе бар… Ал да

болсо эл… И, ошондой. Акын менен акылман экөөнүн даңкын эл чыгарат…

Ч е к и р. Ой, да, сөз эмес бекен, а, таксыр!..

Б а к т ы я р. *(Тап берип)* У, көзүңга!..

К е р и м б а й. *(Бактыярга көңүл бурбастан, мурдагы эле калыбында)* Албатта, ошондой, Токтогул үка… Ала-Тау койнундагы көк шибердүү кең пайтакта, күндүзү кымыз, түндө кыз болуп кудаанын амири менен шапар тээп чардап жаткан элиңди биягы өзбек, казак, түркмөн, тажик, тиягы уюткулуу орусия журтчулугуна мактап жеткирсең… *(Чекирге)* Бар. Чайды Бактыяр куюп берет.

Ч е к и р. Хуп болот, таксыр *(чыгат)*.

К е р и м б а й. Кыргыз жергесинен Токтогул деген кара жаак, жез таңдай акын чыкты дегенге ичимден кудуңдап жүргөн элем… үка эмессиңби… агалыгымды сыйлап чакыртпастан өзүң келипсиң… ыракмат… Эми маслаат мындай… Менин айткандарыма ынасаң эртеңден баштап жылуу колтугума киргизип алайын.

Б а к т ы я р. Байкемдин пешенесине толсоң, жыргайсың!

К е р и м б а й. *(Күлүмсүрөп)* Менин колтугумдун ичи толо тыбыт, жел тийбейт, сырты зоот менен капталуу, ок өтпөйт. Ойлонгун, Токтогул үка…

Т о к т о г у л. Ойлонуп жатам, болуш. Жел тийбес, ок өтпөс, жылуу колтугуңузга киргизип алайын дедиңиз… буга жеткен да, жетпеген да бар…

К е р и м б а й. Апбали, береке тап, үка…

Т о к т о г у л. Ашыглыкка кошуп… өз элиңди мактап ырда дедиңиз…

К е р и м б а й. Албатта… Ошенткениңде акындык канатың жайылат, укумдан-тукумга ысмың калат *(Биринчи мертебе Токтогул тарапка бурулуп, бир көзүн ачып тиктейт)* Ко-ош?..

Т о к т о г у л. Урматтуу болуш!.. өзүңүз эле калыс болуңузчу. Беш киши шапар тээп жыргап жатса, миң-миңдеген киши чалгы менен чапкандай боо-боо түшүп кырылып жатат. Ушундай болгон соң кыргыз калкы бу дүйнөнүн бейишинде жүрөт деп кантип ырдайм?!. Минтип ырдасам уят иш болбойбу. Ырга калп жарашпайт!

К е р и м б а й. Атаңдын көрү, э-эй! *(Ордунан туруп, эки көзүн тең ачып, заардуу тиктейт)* Беш киши деп... Мына!.. Жаки болгондо, Рыскулбектин беш кулунун тергегениң го, ээ!.. Угуп кой, Токтогул ырчы!.. Рыскулбектин кулундары дөөлөт менен байлыкты тартып алганыбыз жок эч кимден!.. Биз энеден туулганыбызда эле кудай таалам биздин ырысыбызга кошуп берген аларды! .

Т о к т о гу л. Урматтуу болуш!..

К е р и м б а й. *(Тигинин сөзүн жулуп алып)* Сөз бүттү!

Т о к т о г у л. Жок, сөз бүтө элек!

Б а к т ы я р. *(Камчы сабы менен алаканын ургулап)* Ка-ап!..

К е р и м б а й. Ко-ош, эмне керээзиң бар... арманда кетпе, сайрап кал!..

Т о к т о г у л. Бу кандай болуп кетти?!. Баятан бери болуш менен сүйлөшүп жатам го десем... жаңкы үйүр көрбөгөн аңги башка бирөөнүкүнө ээрчитип келген бейм?!.

К е р и м б а й. Атаңдын көрү, э-эй!.. Тилин көрчү, ой?! Бу сен эмне, менин болуш экенимден күмандарың болуп калдыбы, я?!.

Т о к т о г у л. Ээн баш бирөө келип, керээзиңди айт, азыр өлөсүң деп омуроолосо, андайды теске салып коюучу киши журт атасы болуш болот деп укчу элем. Антүүнүн ордуна, керээзиңди айт деп акчырылганыдыздан улам, ай бул Керимбай болуштун өзү эмеско деп күнөм санап жатканым чын!

Б а к т ы я р. Ушунуку өтүп кетти!.. Сени эле...

К е р и м б а й. Шүк! Өлгөн киши тирүүгө кол кайтара албайт!..

Б а к т ы я р. Өлгүңүз келсе өлө бериңиз. Мен өлбөйм. *(Чыгат).*

*П а у з а.*

К е р и м б а й. Капа, арыз-муңуң болсо айт, мен угайын.

Т о к т о г у л. Менин арыз-муңум бул. Чыгым жыйнатканыңызды токтотуп, сааны жокторго саан бердириңиз.

*(К е р и м б а й унчукпайт. Сакалын кармап, ойлуу.)*

Т о к т о г у л. Үй толо дүнүйө, өрүш толо малыңыз туруп элди ачтан кырып алсаңыз… журт атасы эмессизби… акыры жаманаттысы сизге эле калат.

К е р и м б а й. Мен мушка жыгылбайм, сөзгө жыгылам. Жандуу сүйлөдүң, Токтогул үка. Акыры биз эл менен кишибиз. Бардыгы сен айткандай болсун.

Т о к т о г у л. Убада убада го, болуш?

К е р и м б а й. Керимбайдын сөзү эч качан эки болбойт. *(Дүрдана кирет. Башында элечек. Үстүндө кымкап чепкен)*

Т о к т о г у л. Мен эми кайтайын.

Д ү р д а н а. Дүрдана жеңесине ызаат кылып тура калдыбы десем кеткен жаттыңыз беле, Токтогул кайни.

Сизди келди дегенден казан астырып койдум эле, эт бышайын деп калды.

Т о к т о г у л. Теңир жалгасын, Дүрдана жеңе. Болуштун айкөлдүгүнө ыраазымын.

Д ү р д а н а. *(Керимбайга көзүнүн кыйыгын салып)* Жаш да болсо атагы бар… биринчи жолу босогобузду аттап отурат… Токтогул кайнинин үстүндө кымкабы жок… *(күлүмсүрөп)* айкөлдүгүңүз байкалбайт го, даткам!..

Т о к т о г у л. Жок, жок, курулай беймаза болбоңуз, Дүрдана жеңе. Ачтан кырылган элге кайрым кылып жатса, мындан ашкан да сый болчу беле. Ыйманда жатыңыздар *(чыгат)*.

К е р и м б а й. Эмнеге бүркөлө түштүң?

Д ү р д а н а. Жөн эле, даткам.

К е р и м б а й. Жөн элеби?! Жо-ок!.. Мени көргөндө ичиркене каласың. Ушунун себепкери жаңкы Токтогул деген болуп жүрбөсүн, я?!.

Д ү р д а н а. *(Күйөөсүнө кайрылып, күлүмсүрөй)* Анын себепкери өзүңүзсүз, даткам. Ооба. Токтогулдун сөзү ширин, комузу уккулуктуу ырчы деп угам... Тоңгон жүрөк эрип, каткан чер жазыла түшсүн, үйгө чакырып ырдатып бериңиз десем караманча болбой койдуңуз эле... Эми ал өзү келсе, менин ай тамагыма ырдап бер деп бир ооз айтканга жарабадыңыз. Анан деле эрке токолум, ай тамагым деп эртели-кеч мекиренип каласыз го... Мунуңуз калп окшобойбу, даткам, ээ?

К е р и м б а й. *(Тескери карап)* Тоңгон жүрөк... каткан чер деп... Анын эмне, алоологон от апкелди дейсиңби?! *(Дүрдананы өзүн карай булкуп)* Муз апкелиптир, анын. Муз!

Д ү р д а н а. Зикир чалган дубанадай болуп биз жаткан өргөөгө сиз дагы келерсиз!

К е р и м б а й. Токто! Ансыз деле сагаң барганы жатам. *(Сыртты карап, алаканын ургулап)* Ой, жолборс!

*(Чекир жүгүрүп кирет)*

Ч е к и р. Ляппай, таксыр! *(Соо көзү менен Дүрдананы тиктеп)* Катынды оголе жакшы көрөм да!..

К е р и м б а й. Атаңдын көрү, э-эй! Мобу итти кара!.. Ой, көзүң аккыр!.. Жаңкы Бактыяр деген неме кайда жүрөт?

Ч е к и р. Үй жагында жүрөт.

К е р и м б а й. Эмне кылып жатат?

Ч е к и р. Катынын сабап жатат.

К е р и м б а й. Катынын сабап жатат?! Кайсы катынын сабап жатат?

Ч е к и р. Огеле көп катыны бар, кайсынысын экенин кайдан билем, таксыр?!.

К е р и м б а й. Доңуздун сүйлөгөнүн көрчү! Чакыр!

Ч е к и р. Куп болот, таксыр!

*(Чекир чыгат)*

К е р и м б а й. Айтамагым!.. Кантет эми!.. Бир ооз сөзгө эле тултуңдап каласыңбы… Асыл затым!..

*(Дүрдананы мойнунан жыттаганы келатканда Керимбайдын байбичеси Санталат кирет. Эби-сыны жок лөкүйгөн кара кемпир насвай жыттап келатып эшиктен баш багар замат чүчкүрүп жиберет)*

К е р и м б а й.. Тумшугуңа шиш, мурдуңду курт жегир!..

С а н т а л а т. *(Жыргап күлүп)* Хе, хе», хе… Тилдей бериңиз, даткам… катынды тил уксун деп жараткан…

К е р и м б а й. Жарык күндү караңгы кылып… Эмнеге келдиң?!

С а н т а л а т. Сизге керегим тийип калабы деп эле… хе, хе, хе…

К е р и м б а й. Балдарды тууп бердиң, эми эмне… Жогол!..

С а н т а л а т. Жаман да болсом Керимбай датканын байбичеси дейт… хе, хе, хе… Ошого эле шүгүр. Мен таарынбайм, тилдей бер, даткам.

Д ү р д а н а. Шордуу киши!

С а н т а л а т. Жалгыз эле сен аяйсың мени, садага болоюн айдайым. Жок, жок. Датканы талашпай калайын… Сенден артканы болсо дейм да… *(Керимбайды карап)* Тилдей бериңиз, даткам… хе, хе, хе…

*(Санталат катуу чүчкүрүнүп чыгып кетет.)*

К е р и м б а й. Мени карап жарк этип койчу, айтамагым *(Дүрдана үн катпайт. Керимбай ачуулу)* Кулагыңа кум куюп алгансыңбы?! Дүрдана!

Д ү р д а н а. *(Мурдагыдай эле тескери караган калыбында, суз)* Аял деген эркеликти жакшы көрөт… Сиз эркелеткенге…

К е р и м б а й. Коргошун болуп эрип баратам дечи?!. *(Дүрдананы өзүнө каратып)* Эчтемеге жетпеген оштук Асан чайрыкердин кызы элең… Сары сойгок болуп бараткан өмүрүмдү кайрадан көгөртүп-бүрдөтөр бекен деп эрке токол кылып… кийбегенди кийгизип, ичпегенди ичирип… ал тургай Анжияндан атайы молдо алып окуттум… Чырайыңа жараша акылың да тунук чыгып… баарыбызды мыкчып алдың… Ануң дурус… Бирок да мен байкап жүрөм… Каратаман топорлоруңду караганда ичи-бооруң элжиреп, жалынып-жалбарып турасың. Эмне, жаңкы Токтогул деген немени кантип тиктегениңди көрбөй койду дейсиңби?!

Д ү р д а н а. Каратаман топорлор деп көп кордойсуз, даткам. Аларды да кудай жараткан… Дөөлөтүңүз бар, кайрымдуу болуңуз!

К е р и м б а й. Тарт тилиңди! Кайрымдуу болуңуз деп… Жаңкы салпаяк топорлорго арденке-бирдеңкелерди менден жашырып берип жүрөт деп жатышпайбы. Эмнелерди берип жүрөсүң, айт!

Д ү р д а н а. Менин дилимден башка бererим жок аларга.

К е р и м б а й. Дилин берген буюм бергенден да жаман. Мындан кийин аларга дилиңди берчү болсоң… кудай урсун, өлтүрөм!..

Д ү р д а н а. Мени өлтүргөнүңүз менен, менин дилим менен кыялымды өлтүрө албайсыз да, даткам!..

К е р и м б а й. Атаңдын көрү, э-эй!.. Жан аттуудан эч ким өйдө карай алчу эмес эле, эми ким көрүнгөнү бетке чаап… бу не деген замана болуп баратат, я?!.

*(Чекир менен Барат кирет)*

Ч е к и р. Кулдугум бар, таксыр.

К е р и м б а й. Мунуң ким?!.

Ч е к и р. *(Соо көзүн билдирбей кысып)* Сизге келиптир. Мен кеттим *(чыгат)*.

К е р и м б а й. И, сен ким деген болосуң?

Б а р а т. Уктуңуз бекен, даткам... Мен Барат ырчы деген болом... Саламатсызбы, Дүрдана жеңе... Таанык̧ай турасызбы?

Д ү р д а н а. Бүшүркөп жатам. Төргө өтүңүз.

Б а р а т. Көргөн адамыңызды бат эле унутуп калат окшойсуз, Дүрдана жеңе өткөн жайда бийик урматтуу даткам Самаркан, Ташкен тарабына кеткенде Токтогул ырчыны чакыртып алып, Бекташ жылкычынын үйүндө ырдатпадыңыз беле. Жаңкы Асек деген саяк Жумгалга кеткен... Ошондо мен Токтогулду ээрчип келгем, эстеп көрүңүзчү.

Д ү р д а н а. *(күлүмсүрөп)*. Жаш адамдын санаасы дайыма учкул... өңүндө ойлогонду түшүндө көрө берет...

Б а р а т. О, жок, Дүрдана жеңе! Урматтуу даткамдын алдында калпычы кылгыңыз бар экен го. Антпеңиз, бардыгы эсимде...

Ой, Дүрдана, Дүрдана,

Шыңгыр күмүш үн кана? деп Токтогул сизди ырга кошкон эле... Ошондо сиз өзүңүз окуган Фархад менен Ширин жөнүндө кеп кылып, өзүңүздүн «Кайгыдан бүткөн мажрүмтал» деген ырыңызды окуганда, сиздин бул ырыңыз кыргыздын кыз-келиндеринин арылбас арманы, үзүлбөс үмүтү деп, Токтогул аябай мактаган эле.

К е р и м б а й. Кайгыдан бүткөн мажрүмтал деп... катын башы менен ыр жазып... Мен жокто Токтогул ырчыны чакыртып... Кайда бардыңар эле ал экөөң?!.

Д ү р д а н а. Кайда бармак элек?.. Токтогул ырчы ырдап, мен ыр угуп отургам.

Б а р а т. Дүрдана жеңем өтө эле унутчаак көрүнөт, бийик урматтуу даткам. *(Дүрданага көзүнүн кыйыгын салып)* Түн бир оокум болгондо сиз үйгө кеттим демиш болуп Нарын-атанын боюнда Токтогулду күтүп турганыңызды, Токтогул жаныңызга келгенде «Бүгүнкү бир түндүк өмүрүмдү болуш менен өткөргөн миң күндүк өмүрүмө бербес элем, Токо!» деп айтканыңызды унутуп калдыңызбы?!

Д ү р д а н а. Ай, жараткан, ай!.. «Көкүрөгүм тунук болгону менен көзүм сокур, Дүрдана жан. Сизге окшоп кат таанибайм. Окус көзүм өтүп кетсе, менин ырларымды калкка жеткирүүчү кош канатымдын бири Асек, бири мына бу Баратым!» деп маңдайыңыздан сылап отурган киши ким эле, Барат ырчы?!. О, жаш баладай ишенчээк курган Током?.. *(Баратты жекире тиктеп)* Жок, унутканым жок ал түндү!..

К е р и м б а й. Тарт тилиңди!..

Д ү р д а н а. Курган ак жаркын Током!.. *(Бараттын жанынан өтүп баратып)* Өмүрдү өмүрдүн баркына жеткенге гана берүү керек!

Б а р а т. Токтоңуз, Дүрдана жеңе, өзүнө шакирт кылып, өмүрүн берген Токтогулдун баркына жетпей жатат дегениңиз го? Биз дагы түшүнөбүз.

Д ү р д а н а. Адамдын ишенимин сатып күн көргүсү келген шоргелдей эмнени түшүнмөк эле, Барат ырчы?!

Б а р а т. Көз жашты. Кадимки эле карагаттай болгон көздүн жашын айтып жатам. «Жарык дүйнөгө жаңыдан келгенге окшоп турам, Токо! өмүр!.. Махаббат!.. Мындан мурда өмүр да болгон эмес менде, махабат да болгон эмес. Менин өмүрүмдөгү ырыстуу түнүм бүгүнкү түн!» деп Токтогулдун колун кысып, атка мингизгениңизде, көз

жашыңызды көлдөтүп не бир ырахатка батып турганыңызды унуткан жоктурсуз дейм?

Д ү р д а н а. Сиз эмне унутуп калат дедиңиз беле?! Жок, Барат ырчы, андайлар унутулбайт!..

К е р и м б а й. *(Тизелерин муштагылап)* Болду!.. Болду!.. Тастаң-тастаң этип... Кенедей уялып койсоң боло?!.

Д ү р д а н а. Эптеп жансактоо үчүн карачечекей устатын сатканда Барат ырчы уялбаса, караңгы капаста жатып зорго тапкан шооламды кеп кылгандан мен уялат белем, даткам?!.

К е р и м б а й. Атаңдын көрү, э-эй! Сүйлөгөнүн көрчү!..

Б а р а т. Токтоңуз, Дүрдана жеңе. Дагы бир суралым бар.

Д ү р д а н а. Сиздейдин илебинен чыккан суроолорго жооп бере берип, бийик боюмду пас кылгым келбейт *(чыгат)*.

К е р и м б а й. Атаңдын көрү, э-эй!.. Атаңдын көрү! *(Баратка)* Эй, бала!.. Айткандарың төгүн чыкса, эмне болоруңду билесиңби, я?!

Б а р а т. Өлөм!

К е р и м б а й. Мунуң дурус. Кана, эмне мүдөөң бар? Сайра!.. Сайрагын дейм!..

Б а р а т. Таздар уруудан Үсөн зергердин кызы Дилбар сулууну сиздин үкаңыз Бактыяр мырза алам деген турбайбы.

К е р и м б а й. И, алса эмне экен?

Б а р а т. Токтогул мында келерден мурда, Дилбарыңды токтоосуз апкелип ал, ошону менен Бактыяр мырза кур алакан калат деп Самүдүн улакчыны таздарларга чаптырды... көмүскө... Дым билдирбей...

К е р и м б а й. Самүдүн дегениң ким эле?!.

Б а р а т. Койгелди мергенчинин уулу... Дилбар сулуунун бел кудалашып койгон күйөөсү.

К е р и м б а й. Мына, мына... көктөн издегеним жердей табылчудай болуп турат... Демек, кыз келери менен никесин кыйдырмакчы болуп жаткан турбайбы?

Б а р а т. Ооба, даткам. Болгондо да Медер молдонун өзүнө...

К е р и м б а й. Атаңдын көрү, э-эй! Токтогулдун митаамдыгын көр. Жакшы кабар апкелипсиң. Көп жашагын, үка!

*(Теңселе басып, камчысын. сүйрөй Бактыяр кирет.)*

Б а р а т. Ассалоом алейкум, Бактыяр мырза.

Б а к т ы я р. Көрсөм керек эле. И, сен эмне темселеп жүрөсүң?

К е р и м б а й. Кабар алып келиптир...

Б а к т ы я р. Эмне деген кабар?

К е р и м б а й. Токтогул туурасында.

Б а к т ы я р. Ошондой деңиз?!. Токтогулдун жанындай көргөн шакирттеринин бири ушу Барат деп уккам... Эми бу акмак ошондой устатын сатып бүгүн мында келсе, эртең бизди сатып анда барат да... Түлкү! Мындайларга ишенип болбойт. *(Баратка камчысын үйрүп)* Жогол, шүмшүк!

К е р и м б а й. Тарт колуңду! Бул апкелген кабар пайдалуу кабар экем.

Б а к т ы я р. Эмне, сулуу кыз көрүп келиптирби?

К е р и м б а й. Кыз, кыз!.. Оюңдун баары эле кыз!

Б а к т ы я р. Сулуу катынга калганда сиз деле менден кем калбайсыз!

К е р и м б а й. Адепсиз!.. Дагы мас экенсиң, ээ!

Б а к т ы я р. Биз бу дүйнөгө келген бир күндүк конокпуз.

К е р и м б а й. *(Баратка)* Сени жакшы ырчы деп угам... Анетсе да. Эми мындай. Токтогулдун кыбыр эткенинен өйдө жеткирип турасың.

Б а к т ы я р. Кайсы келинди карап күлүп койгонунан өйдө дейсизби?!

К е р и м б а й. Анын да кереги тиет. *(Баратка)* Чекир менен сүйлөшүпсүң, бардыгын туюндургандыр?!. Ошондой, үка… Ыгы келген жерде акырындап тиштей бер Токтогулду!.. Ал тургай, койнунда жаткан катыны менен кагыштырып койсод да пайда… кыжыры кайнап, көңүлү алагды болуп чүнчүй берет *(Баратка акча берип)* Сени биз көргөн жокпуз, бизди сен көргөн жоксуң. Жылжы!

Б а р а т. Жылжыдым, бийик урматтуу даткам!

К е р и м б а й. Ийненин көзүндөй шек алдырба!.. Айтмакчы, кайсы уруудансың?

Б а р а т. Борбуданмын.

К е р и м б а й. Өз уруубуздан турбайсыңбы. Батыраак жыл! *(Барат чыгат)* Борбудан. Акыры барып эле өз-өзүнө тартат тура. Тууган да!

Б а к т ы я р. Тууган-тууган, сөөк-жармат деп… аларга тургай сизге да ишенбейм!.. Сатып кетишет жандарына күч келгенде!

К е р и м б а й. Антпе. Барып-барып эле тууган күйөт. Эми мындай. Сен Үсөн зергердин кызы Дилбар дегенге үйлөнбөй калдың.

Б а к т ы я р. Кантип?.. Үйлөнөм эле.

К е р и м б а й. Жок дедим!.. Ал кыздын кереги тийип калды.

Б а к т ы я р. Ошондойбу?.. өзүңүз ала койсом деп жаткан турбайсызбы?.. *(Өксүй кыйкырып)* Бербейм!..

К е р и м б а й. Эй, катын короз маңгим! Сүттү чайкабасаң май түшпөйт. Наааразы болуп бараткан элди чайкап туруш керек. Дилбар кыз элди чайкаганга керек болуп калды.

Б а к т ы я р. Түшүнбөйм?!

К е р и м б а й. Таздарлар менен Токтогулдун сарттар уруусун бүгүн түнү дагы мушташтырабыз. Алар бири

менен бири кызыл чеке болсо... бизге гана пайда!.. Эми түшүндүңбү?

Б а к т ы я р. Мени макоо ойлойсуз, ээ!.. Чынында мен дагы оңор жоодон эмесмин *(чыгат)*.

К е р и м б а й. *(сыртка карап, алаканын чаап)* Ой, жолборс!

*(Чекир жүгүрүп кирет)*

Ч е к и р. Ляппай, таксыр!

К е р и м б а й. Биздин айылга таздарлардан эки жигит келди дебедиң беле?

Ч е к и р. Ооба, таксыр.

К е р и м б а й. Ошолорду бирөөгө чакыртып алып, жаныңарга алгыла да түз эле таздарлардын айлын көздөй чапкыла... Алар силер менен кеткенин эч ким билбесин.

Ч е к и р. Куп болот, таксыр. Эч ким билбейт.

К е р и м б а й. Кара асканын этегиндеги токойго жеткенде ал экөөнү жайлап... аттары кете берсин, коё бергиле... өзүңөр болсо... жолдун эки жээгине жашынып тургула... Андан кийин нары таздарлар тараптан Дилбар сулууну ала качып келаткан Самүдүн улакчыны жолуктурасыңар... Самүдүн улакчынын сөөгүн жанындагы жигиттерден берип жибер, көз көргүс жерге алпарып жашырып коюшсун. А сен болсоң дагы бирөө менен калып, жаңкы Дилбар деген кызды... *(өлтүрүп сал дегендей белги кылат)*.

Ч е к и р. Дароо элеби, таксыр?

К е р и м б а й. *(Күлүмсүрөп)* Ошону да менден сурайсыңбы? Бар, ушуну менен көзүң сакаят.

Ч е к и р. Ыраазымын, таксыр. Бардыгы сиз айткандай болот *(чыгат)*.

К е р и м б а й. Дилбар кыз... Самүдүн улакчы... *(Күрсүнүп)* Жаш немелерди аяп да кетесиң... А сени ким аяйт. Кана, ким?!..

*(Сырттан Чекирдин үнү угулат)*

Ч е к и р д и н  ү н ү. Ой, токто!.. Кимсиң?.. Токто дейм!

*(Чекир жүгүрүп кирет)*

Ч е к и р. Кулдугум бар, таксыр. Бирөө тыңшап туруптур… башында элечеги гана жок… болбосо… Дүрдана ханымдын өзү.

К е р и м б а й. *(Ордунан атып турат)* Атаңдын көрү, э-эй!.. Жолуңдан калба *(Чекир чыгат. Керимбай сакалын уучтай кармап)* Койнумда жаткан катыным башымдан аттап… эми келип сөзүмдү тыңшаса… Мага баары душман!.. *(Ойлоно калып)* Жо-ок!.. Жо-ок!..

*(Керегеден камчысын алып, сыртка бет алат)*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Үчүнчү сүрөт*

*Түн. Токойлуу аска түбүндөгү этектей майсаң. Сейрек өскөн бадалдары бар. Шашып-бушуп Чекир кирет.*

Ч е к и р. Ох! Эки таздарды эки жерге жалпайтып, Самүдүн улакчынын сөөгүн көз көргүс жакка жымдап жибердим. *(Керимбайды туурап, алаканын ургулап)* Ой, жолборс!

*(Жигит жүгүрүп кирет)*

Ж и г и т. Ляппай, таксыр.

Ч е к и р. Менин көзүм Керимбай болуштун көзүнөн кем бекен?!. Тиктеп көрчү эр болсоң!.. Кыз кайда?

Ж и г и т. Карагайда таңылуу турат, таксыр.

Ч е к и р. Менден мурда напсиңди агытып жиберсең…

Ж и г и т. Менин карындашымдан да кичүү көрүнөт… Анан, мурда көрүшүп бири-бирибизди сүйүшпөсөк…

Ч е к и р. Акмак!.. Сүйүү-пүйүү деп… Токтогулчасынан чолпонумсуң, айымсың деп, катынды ай, чолпонго теңеп… Катын дегенди торой чалып көтөрүп ур… Мына ашыклык деген!.. Бар, аттарды дайындап тур. Мен ишимди бүтүрөр замат сызабыз. Жогол! *(Жигит чыгат. Бүткөн боюн жасап)* Өзү кыз экен. Анан аны дароо эле өлтүрүп койгондо болчу беле?!. *(Мурутун сылай, жыргап күлөт)* Катынды оголе жакшы көрөм да!..

*(Чекир чыгат. Бир аздан кийин чаңырган үн аскага жаңырып, бара-бара үзүлөт. Пауза. Токтогул, Койгелди, Барат кирет.)*

К о й г е л д и. *(Эки жагын каранып)* Таздарлардын айлы бул эле жер… Самүдүнүм невак келип калат эле… Барат айланайын, көзүң курч, карачы жолду…

Б а р а т. Ай, деги тынчыңыз жок экен… келет да… Ээ, Токо!

Т о к т о г у л. Дилбар жан үйдөн чыга албай жатат го сыягы.

Б а р а т. Капырай ая, Керимбай болуш да бооркерлик кылат экен ээ, Токо!

Т о к т о г у л. Керимбай болуш бооркерлик кылбаганда, аны эмне, карышкырдын канчыгы тууган дейсиңби… бизди туугандай эле эне тууган аны да.

*(Сырттан Асектин үнү угулат)*

А с е к т и н  ү н ү. Ой, эй!

Т о к т о г у л. Асек!..

*(Асек жүгүрүп кирет)*

А с е к. Токо! Бурулуштагы жол жээгинде эки өлүк жатканын көрүп, эсим чыгып жүгүрүп келатсам… береки бадалдын түбүндө да бир өлүк жаткансыйт… Мынакей, мобу эле жерде…

*Пауза.*

К о й г е л д и. *(Бадалдан чыгып)* Дилбаржандын сөөгү экен, Токо... Самүдүнүмдөн да айрылган окшобоюмбу!..

Т о к т о г у л. Барат !.. Айылга барып тезирээк кабар айт.

*(Барат чыгат)*

А с е к. Эми эмне болот, Токо?!

*(Токтогул үн катпайт. Күрмөсүн чечип, бадалдын нары жагындагы өлүккө жаап, кайра кирет. Сол кол тараптан тепкедей болгон Үсөн зергер энтигип кирет)*

Ү с ө н. Сарттардын айлына баруучу жол ушул болуш керек эле... Ой, силер кимсиңер?

Т о к т о г у л. Бу бизбиз. Өзүңүз кимсиз?..

Ү с ө н. Үнү тааныш... Токомсуңбу?.. Ой, айланайын, Токо... Эки балабыздын аттары барып, өздөрү жок! Айыл бүт көтөрүлүп... Дилбарым менен Самүдүнүм экөө барыштыбы?!. Эмне унчукпайсыңар?!.

Т о к т о г у л. Кайрат кылыңыз, Үсөн аке!.. Дилбаржандан айрылып калыппыз!

*Пауза.*

Ү с ө н. *(Өзүн-өзү токтотуп, шыбырагандай үн менен)* Каптип эле ушундай болсун, Токо?!.

*(Сахнанын сол тарабынан таздарлар, Оң тарабынан сарттар кирип, жарданып тура калышат. Таздарлардын колдорунда чокморбаш, союл.)*

Ү с ө н. Он төрт баладан өлүп отуруп жалгыз ушу Дилбарым калды эле! О, жараткан! Мынча эмне куураттың мени?!

О т о р. Жаратканга тил тийгизбе, Үсөке... Күнөөнүн баары мына бул сарттарда! Мурдагы жылы да биз менен чабышып... Булардын сөөк өчтүсү бар бизге... Ошондуктан, Самүдүн улакчысына эки жигитибиз менен кызыбызды мазактатып өлтүртүп коюп, анысын качырып жиберишкен турбайбы!

Ж э э р д е  с а к а л. О, үйүң күйгүр! Самүдүнүбүз менен келинибиз Дилбарды өздөрү өлтүрүп коюшуп, жалаа жаап жатышканын көр... Жаман сарттар деп... Бизге кыз бергенди намыс көргөнсүңөр да... Сарттар! Сойгула, жүзүкара таздарларды!..

О т о р. Таздарлар! Алгыла каргыш тийген сарттарды!

Т о к т о г у л. *(Ортого чыгып)* Токтогула! Бу жерде төгүлгөн кан station аздык кылып жатабы силерге?! *(Барат менен Медер молдо кирип, четкерээк турушат. Токтогул таздарларга кайрылып)* Дилбар жанды да Самүдүн өлтүрдү деп жатасыңар. Ойлоп көргүлөчү, агайындар. Сүйгөн колуктусун өлтүргөнгө Самүдүндүн колу канткенде барат ?! *(Оторго кайрылып)* Сенин дитиң барар беле, ошенткенге?!

О т о р. Анан кимден болду дейсиң, Токо? Кана, айтчы?.

Т о к т о г у л. Билбейм, Отор, билбейм. Менин билгенимден биле элегим кеп *(Бир аз ойлоно калып)* Токточу! Мурдагы күнү силердин айылга чыгым жыйнаганы келишкенде болуштун жигиттерин таш бараңга алышыптыр деп уккан элем, Отор...

О т о р. Эмне, болуш колдуу болду дейсиңби?

*(Медер молдо ортого чыгат.)*

М е д е р. Ой, Токтогул!.. Мына бу эл уксун, айтчы... ушул эле түнү Керимбай болушка барыпсың... Ошондо элден чыгым жыйнаганды токтоттуруп, сааны жокторго саан бердирейин деп болуш өзү убада кылыптыр... Ошо чынбы?

Т о к т о г у л. Чын.

М е д е р. Ошондой адам канткенде арамдыкка барсын? Керимбай болуш чымынга зыян келтирбеген адам. Айып таздарлар менен сарттардын өздөрүндө.

Т о к т о г у л. Жок, молдом, айып таздарларда да эмес, сарттарда да эмес.

М е д е р. Анан кимде?!

Т о к т о г у л. Менин шорум... ошо айыптын кимде экенин билбей жатпайымбы!..

О т о р. Күнөйдүн баары сарттарда!.. Качыргыла, жаман сарттарды,!

Ж э э р д е  с а к а л. Жаман сарттар деп, көрчү буларды... Сарттар!

Т о к т о г у л. Журт!.. Журт!..

М е д е р. Ой, эл!.. Ынтымак!.. Ынтымак!..

*(Бири-бирине кыжырланып зорго турган уруулар тигилердин сөзүнө назар салбастан обдула беришкенде, Дүрдана кирет. Согончогуна түшкөн чачы жазылып, көйнөгүнүн сайда-саны жок.)*

Д ү р д а н а. Акебайлар!.. Акебайлар! *(Медер молдонун жанында турган Барат, Дүрдананы көрөр замат, молдонун кулагына бирдеңкени шыбырап, дароо жылт коёт. Дүрдана тил катпаган элди айланта тиктеп)* Акебайлар!.. «Сүттү чайкабасаң май түшпөйт. Нааразы болуп бараткан элди чайкап туруш керек» деп Бактыяр инисине акыл кошуп, Чекир баштаган жигиттерин так ушу Кара Асканын токоюна жиберген... Керимбай болуш!

Ү н д ө р. Эмне дейт?

Ү с ө н. Дүрдана!.. Акебайым!.. Бери мага сүйөнчү!..

Д ү р д а н а. Үсөн атам!.. Жанымдан артык көрүүчү азиз зергерим!.. Мынакей сиз жасап берген билерик, шакектер... ушулардын ар бирине өзүңүз түшүргөн оюу-чиймелер ак, ээ, караңызчы!.. Менин бул сөзүм да ошондой эле ак. Иниси сиздин кызыңызга үйлөнөм дегенде, «Дилбар кыз элди чайкаганга керек болуп калды» деп, Керимбай болуштун айтканын өз кулагым менен уктум!..

*(Үсөн, Дүрдананы жөлөп үнсүз телмирет. Эл тым-тырс)*

Т о к т о г у л. Ко-ош, молдом. Кана, буга эмне дейсиз!

М е д е р. Кудаанын кулдары!.. Береки катын ак никелүү күйөөсүнүн башынан аттаган... Шол үчүн Керим-

бай болуш кол кайрып койсо... ошого ичи күйүп жамандап жатат. Ишенбегиле мунун айтканына!..

Т о к т о г у л. Молдом! Сиз жалган сүйлөбөгөн, туура жолдон тайыбаган кудурети күчтүү кудаанын ак ниет пендеси экенсиз... Эми ошонуңуз ырас болсо, Дүрдана күйөөсүнүн башынан аттаганын көргөнүм чын деп, эл алдында куран кармай аласызбы?!.

М е д е р. Токтогул! Сен маа ишенбей, шайтандын шапалагына ишенесиңби?!

Т о к т о г у л. Шайтандын шапалагы деп таңкы шүүдүрүмдөн таза, күндөн жарык адамды улам-улам кордоп сүйлөйсүз, молдом... Мен Дүрданага ишенем.

Д ү р д а н а. *(Токтогулду көздөй умтулуп)* Токо!..

Т о к т о г у л. *(Дүрдананы сүйөп)* Кейибе, Дүрдана!.. Көө сүрткөндөн алтын карарбайт!

Д ү р д а н а. Токо!.. Сөзүмдүн ырастыгына биринчи болуп куранды мен кармайын. Бериңиз кураныңызды, молдом!.

Т о к т о г у л. Дүрдана! Адегенде куранды молдо кармасын!

Ү н д ө р. Куран кармаңыз, молдо!

М е д е р. *(Асманга колун жайып)* О, бузулган эл!

Т о к т о г у л. Молдом! Дагы бир жолу кудаа алдында калп айттыңыз!

М е д е р. Эмне-е?!

Т о к т о г у л. Жазыксыз адамдардын өмүрүн кыйып, уруу менен урууну мушташтырган киши бузуку болбой, жер энеге окшоп баарын кетергөн ишенчээк, кудайы момун эл бузуку болобу?!

Ү н д ө р. Куран кармаңыз, молдо!

М е д е р. *(Артына кетенчиктеп)* Жазаңар жараткандан болсун!.. Жараткандан! *(Чыгат)*.

Д ү р д а н а. Токо!.. Суу...

*(Асек жүгүрүп чыгат)*

О т о р. Түндүгүмдөн түтүн чыгарбай салганы аз келгенсип, жалгыз инимди көз көрүнө өлтүртүп салса... айткылачы, айланайындар, бу Керимбай болушка мен шордуу эмне жаздым, я?

Ү с ө н. Мен эмне жаздым?!..

К о й г е л д и. А менчи?!.

Ж э э р д е с а к а л. *(Дүрдананы көрсөтүп)* Бу курган балачы... Соо жери жок... бу эмне жазды?!..

О т о р. *(Жерди муштагылап)* Адилдик деген барбы же жокпу?!

Ү с ө н. Жок.

Т о к т о г у л. Андай эмес, Үсөн аке. Адилдик болуш керек.

Ү с ө н. Кайда?!

Т о к т о г у л. Оёзго барабыз.

Ү н д ө р. Туура, Токо. Андан болбосо түз эле кубурнатырдын өзүнө даттаныш керек.

О т о р. Кудурет жетпейт... кудурет жетсе ак падышанын өзүнө барып даттанат элем...

Ү с ө н. О, курган дүйнө! Талдан кыйып замбил жасап жибергиле, балдар.

Т о к т о г у л. *(Жээрде сакалга)* Самүдүндүн сөөгүн издешкиле.

*(Сахнада Токтогул менен Дүрдана калат)*

Д ү р д а н а. Токо!..

Т о к т о г у л. Азыр Асек келет... Жакын жерде мыкты табыпчы бар... экөөлөп бат эле жеткиребиз... сакайып кетесиң...

Д ү р д а н а. Коркот деген эмне экенин билчү эмес элем. Бүгүн гана билдим. Жок, Токо. Мен эмне, Керимбайдан коркту дейсиңби?.. Жигиттерине колумду карма-

тып жанчып жатканда, кың деп үн чыгарганым жок, кайрым кыл деп жалбарганым жок!.. Мен болуштун митаамдыгын элге айталбай... анан да көзүмдүн тирүүсүндө сизди көрбөй каламбы деп корктум!

Т о к т о г у л. Дүрдана!.. Бу сен эмне, кайра-кайра эле өлүмдү оозанып, өмүр тилеш керек!.. Сакаясың!.

Д ү р д а н а. Токо! Сиз мага ыр бердиңиз... күү бердиниз... Алар менен кошо чабыттап учкан кыял бердиңиз... Эми ичээр суусу бүткөн Дүрданаңызга өмүр берүү колуңуздан келбей калды... О, жок, Токо!.. өтө кайраттуу жан деп ойлочу элем... *(Кейиштүү күлүмсүрөп)*:

«Ой, Дүрдана, Дүрдана
Шыңгыр күмүш үн кана?»

Жакшы адамдын өмүрү жакшы ырдалган ырда болот деген элеңиз, Токо... Угуп жатасызбы?.. Түз караңызчы...

...Түнкүсүн сага жарык шам болсомчу,
Күндүзү көңүл карык таң болсомчу...

Шириндин Фархадга жазган катын кайра-кайра окуп, кыялымда сизди Фархад, өзүмдү Ширин көрүп... Кыял менен күн көргөн жакшы, ээ, бирок азабы күч! *(Башын көтөрүп, чыйрала)* Токо!..

Т о к т о г у л. Эмне дейсиң, Дүрдана?

Д ү р д а н а. Менин бир гана арманым бар. Адам баласында муң болбосо... *(катуу үшкүрүп)* Чиркин!..

*(Асек жүгүрүп кирет)*

А с е к. Келиңиз, Дүрдана эже.

Д ү р д а н а. *(Суудан бир аз жутуп)* өмүрлүү бол, Асекбайым! *(Асманды тиктеп)* Атаганат, таңдын атканын көрсөм... *(Токтогулду мурдагыдан да бек кучактап)* Токо!.. Асектай!.. Айланайын Токо!.. Барат...

*(Колу шалак этип, унчукпай калат.)*

Т о к т о г у л. Дүрдана!.. Дүрдана!..

А с е к. Дүрдана эже!

Т о к т о г у л. Энеден төрөлүүнү тагдыр буюрган бизге… өлүмдү да буюрган… Адам катары күн көрүүнү гана буюрган эмес *(ордунан туруп, асманды тиктеп)*.

Эмне үчүн адам баласы өз ажалынан өлбөй, киши колдуу болуп өлөт?!.. *(Пауза)* Жараткан унчукпайт! *(*Кейиштүү*)* Жаратқандын өзүнөн жооп болбосо, кимден жооп болот, айткылачы?! Кимден?!..

### *Төртүнчү сүрөт*

*Токтогулдун короосу. Топ болуштардын этегин батып бараткан күндүн нуру өрттөп турат. Тотуя шырдак шырып, Барат самоорго от салууда. Бурманын жанында чарпаянын тирөөчүнө сүйөнгөн Асек комуздун кылын терип ойлуу.*

А с е к.

Өзөнгө элим толсочу,
Өмүр өтпөс болсочу.
Жашка ажал келбес болсочу,
Жакшы адам өлбөс болсочу…

Б а р а т. *(Күрсүнүп)* Жакшы адам өлбөс болсочу!.. Токомдун, Дүрдана сулуу өлгөндө чыгарган ыры ушу турбайбы, ээ, Асек? Жакшы ыр экен!..

А с е к. Дүрдана эжем өлөрүндө Барат деп сенин атыңды чакырды.

Б а р а т. Менин атымды?!

А с е к. Ооба.

Б а р а т. Анан эмне деди?!

А с е к. Барат курбуңду Током менен келгенде көргөм… өзүңө окшогон жылдыздуу бала экен. Ылайым өмүрлүү болсун. Экөөңө тең ар дайым өмүр тилеп турам, Асекбай. Жеңеңер чакырткanda кыйыктанбай келип тур-

гун адеп... быйыл жазда Намангандан жолуккан элек... *(Баратты тиктеп)* өлгөн жатып өзүн ойлобой, сени ойлогонун көрбөйсүңбү!.. Адам да!..

Б а р а т. *(Уккусу келбей)* Ай, иттин түтүнү, ай! *(Тотуянын жанына барып, катуу-катуу сүйлөп)* Асек менен Жибекчачыма деп... деги эле кооз жасап жатыптырсыз го бу шырдакты... Мага качан жасайсыз, Тотуя жеңе?.. Же мени так өтөт дейсизби?

Т о т у я. Колукту тап... Силерге да жасап берем...

Б а р а т. Табылбай жатса кантем?

А с е к. Тандаган тазга жолугат болуп... аялга жолукпай эле арсылдап үргөн балээге жолукпагай элең.

Б у р м а. Кой, антчу эмес. О, тентек десе!

Б а р а т. Какпаңыз, Бурма эне. Асек күлөт, Барат ыйлайт. Күн өтө эле кызарып батты!. Чекир палван келатат. *(Нары-бери кайпактап)* Тотуя жеңе, болуңуз!

Т о т у я. Ал шүмшүк жөн келчү эмес эле...

Б у р м а. Отургула, Тотуя балам!.. Мынча эмне чебелектейсиңер?!..

*(Чекир кирет)*

Ч е к и р. *(Карт кекирип)* Аш бо-ол!.. Са-ал ашыгыраак ичип койсом керек бозону!.. И, жаткан экенсиңер!.. Ой, силер эмне унчукпайсыңар, я?!.. Саламыңар кана?..

Б у р м а. Саламды сырттан келген киши айтпайт бекен.

Ч е к и р. *(Тотуядан көзүн албай)* Хи, хи, хо, хо... Ушу сен Токтогул ырчынын катынысың го, я?! *(Мурутун чыйратып, өзүнчө)* Катынды огеле жакшы көрөм да! *(Наркы-терки басат)* Сулуу турбайсыңбы!.. Токтогул ырчы ырга кошуп... күйүп-бышып... айымсың... чолпонумсун деп жүрүп, анан алгандыр, ээ... А мен болсом, антип убараланбай эле...

Б у р м а. *(Таягы менен Чекирди колго чаап)* Тарт колуңду, айбан!..

Ч е к и р. *(Керимбайды туурап)* Атаңдын көрү, э-эй!.. Атаңдын көрү!

А с е к. Чекир болуш аталсаңыз... Керимбай курусун... сизге гана жарашчудан экен болуштук!

Ч е к и р. *(Дароо жазылып)* Кхм... кхм... Албатта... Токтогул кайда? *(Эч ким унчукпайт. Чекир наркы-терки басып)* Болуптур, болуптур!.. *(токтой калып)* Ай-ааламдан кадырлуу меймандар келип... Керимбай болуштун өзү... өзү чакыртып жиберди тойго. *(Кетип баратып кайра кайрылат)* Болуштун кудайга гана алы жетпейт! Токтогул ырчыга айтып койгула.

*(Чекир чыгат. Пауза.)*

А с е к. *(Аны туурап)* Кхм... кхм... Албатта...

Б а р а т. Мыскылдаба!. Чекир палван туура айтат... Чай кайнады, Тотуя жеңе.

*(Койгелди менен Отор кирет)*

К о й г е л д и. Токомдор келатат.

Б а р а т. Атын ал, Асек... Мен чай демдейин.

А с е к. Баратам *(чыгат)*.

К о й г е л д и. Жаңкы Чекир доңуз эмнеге келиптир, Бурма байбиче?

Б у р м а. Тойго чакырып келиптир.

К о й г е л д и. Кимди?

Б у р м а. Токомду.

*(Токтогул менен Асек кирет. Асектин ийнинде куржун.)*

Койгелди. Кандай кабар апкелдиң, Токо?.. Оёздо болдуңбу?

Т о к т о г у л. Болдум, Койгелди аке.

О т о р. Ачандигине кире алдыңбы?

Т о к т о г у л. Кирдим.

К о й г е л д и. Кандай көрүнөт аныңдын кабагы?

Токтогул. *(Чепкенин Тотуяга берип)* Никелүү аялынын күйөөсүнө күбө болушун мийзам көтөрбөйт... Анын үстүнө Дүрдананын өзү өлүп калыптыр деп жолго салышты. өзүңөрдө эмне кабар бар?

Б у р м а. Азыр эле Чекир палван келип кетти. Болуш чакыртып жибериптир.

Т о к т о г у л. Кимди?

Б у р м а. Сени. Эртең тоюн баштайт имиш…

*(Үсөн кирет)*

Ү с ө н. Ишиң оңунан чыккан эмес окшойт, Токо. Себебин билип келбедимби. Силер жөнөрдүн алдыңкы түнү Керимбай болуш оёзго киши чаптырып… Ал күбүрнатырдын кулкунуна да жем таштап койгон имиш!.

К о й г е л д и. Пулуң болсо чөлдө да аш бышыр деген ушул…

Т о к т о г у л. Асмандан кудай, жердей оёз менен күбүрнатыр колдосо… Керимбай болушка эч кимдин тиши өтпөйт экен да?!

К о й г е л д и. Эч кимдин тиши өтпөйт.

О т о р. Токо!.. Мен Керимбайды өлтүрөм!

Ү с ө н. Сүйлөбө, кургур!..

О т о р. Анан кандай кыл дейсиз?!

Ү с ө н. Андан өч алуунун бир гана жолу турат, Токо.

Т о к т о г у л. Айтыңыз, Үсөн аке.

Ү с ө н. Керимбайдын тоюна барба, алыс бир жакка кетип кал. Ошенткенде Керимбай болуштун туусун жыгып бересиң.

К о й г е л д и. Табылбаган акыл!.. Сиз кандай дейсиз, Бурма байбиче?

Б у р м а.Үсөн зергердин айтканы жөн…

А с е к. Бурма эне!.. Керимбай болуш өзүнүн Арзымат ырчысы менен Токомду беттештирейийн деп жатат. Жер жайнаган элдии көзүнчө Током Арзыматты торой чалып урса, Керимбайдын туусу жыгылып, калкыбыздын аброю ошондо көкөлөп жүрбөсүн?.. Токомдун барганы эң оң болуп турат.

Б а р а т. Туура. Токомдун барганы оң.

Ү с ө н. Асек балам!.. Керимбай митаамдын көздөгөнү башка... түрлүү милдеттен келген бектер менен байлардын көзүнчө, атагы жер жарган Токомо өзүн мактатып алып, баркымды көтөрөйүн деп жатпайбы.

Т о к т о г ул. Мен аны мактабай койсомчу?!

Ү с ө н. Керимбай болуштун тоюна бардың дегиче мактабай коё албайсың. Макташың керек, Токо. Болбосо...

Т о к т о г у л. Болбосо, эмне?..

Ү с ө н. Болуштун колу кандуу экенин көрбөй жатасыңбы...

Т о к т о г у л. Муштумдай кандек тоодой пилге айбат кылып үрөт. Биз болсок...

К о й г е л д и. Токо!.. Түз качырган каманды амал менен буйтап атыш керек... Эрдик кылам деп бетме-бет туруп берсең чалдырып коёсуң!

Т о к т о г у л. Баракелде, Койгелди аке!.. Керимбай каман качырса, мен буйтай берип кай көрүнгөн бадал түбүндө корголоп жүрүшүм керек экен да?!. Мен анте албайм.

Ү с ө н. Жакшы сөз, Токо. Анетсе да куру кайрат баш жарат деген.

Т о к т о г у л. Үсөн аке!.. Жарыктыгым!.. Биз айрылган адамдардын бирөөнүн да мүрзөсүнүн топурагы кургай элек!. Анан дагы боорубуз... ашыгыбыз... чолпонубуз... айыбыз деп, аларды сүйгөн киши болуп... Кээде деле, ой, биз адамбыз да деп нускалуу сөздөрдү жаттап алып койколондойбуз, ээ!. Калп!. Адамга болушканга жарабасаң, адамды жакшы көрөм деген сөз оозуңдан айлансын!.. Калп!.. Калп!.. Калп!.. Асек!.. *(Барат экөөнү эки жагына алып)* Эч ким карай албаган Керимбайды Барат үчөөбүз карайбыз!. Эч ким айталбаган сөздү Керимбайга Барат үчөөбүз айтабыз!..

### *Бешинчи сүрөт*

*Керимбайдын үйүнүн сырткы капшыты. Алыста ак карлуу тоолор. Көк шиберге жая салынган килем-шырдактар, пачайы төшөктөрдүн үстүндө түрдүү журт-чулуктан келген бектер, байлар, айыл «жакшылары». Четтерээк отурган Керимбайдын жанында элечеги кемшийген, чолпу-уштуктарды аябай тагынган Санталат.*

А р з ы м а т. *(Комуз кармаган колун бооруна алып)* Алыстан ат арытып келген азиз меймандар! *(Керимбайды карап баш ийип)* Бийик урматтуу азиз таксырым!. Кара жаак, жез таңдай Арзымат ырчыңыздын кеби бар, кулак салсаңыздар экен!..

К е р и м б а й. Сүйлө, Арзыматым, сүйлө. Кулак сенде.

А р з ы м а т. Калайык!.. Кутмандуу журтун чекеге-черттирбей, май-көл, сүткөл кылып жыргатып отурган эл атасы, бийик урматтуу даткамды баш кылып, Рыскулбектин беш кулунун ырга коштум *(Керимбайды улам карап коюп)*. Эми адеп эле жалгыз өзүм какшай берсем болбос…

К е р и м б а й. Жөнү бар сөз, Арзыматым.

А р з ы м а т. Бүгүнкү тойду эңсеп келген ырчылардын ичинде бирөө бар деп угам… Бүгүнкүдөй гүлдөгөн бактын шагына отуруп сайрабай жатып эле булбул деп ат койдуруп алган имиш өзүнө. Ырастан булбул болсо, кана чыксын… *(Керимбай тарапты көрсөтүп)*. Булбулдун сайрай турган багы ушул эмеспи!..

*(Керимбай баш болгон бектер менен айыл «жакшылары» Арзыматты кубаттап баш ийкешет.)*

М е д е р. Өлбөгүн, Арзымат үкам!..

Ү н д ө р. Кем болбо!..

*(Керимбай Санталатка белги кылат. Санталат Арзымат ырчыга чапан жаап, кайрадан ордуна келет.*

*Байынын жанына отурганына жетине албай, жан-жактарын карануудa).*

С а н т а л а т. *(Насвайдан жыттап)* Баягы Дүрдана дегениң сенден жийиркенип отурчу эле...

*(Санталат катуу чүчкүрөт).*

К е р и м б а й. *(Шыбырап)* Мурдуңду курт жесин, наалат! Жоголчу!..

С а н т а л а т. *(Жыргап күлүп, күйөөсүнө ыктап)* Кайрадан жаныңа отурганга жыргап жатам... Карачы, элдин баары эле мени карайт!

К е р и м б а й. Ашык болгонунан карап жатат дейсиңби, мокочо!

С а н т а л а т. Хе, хе, хе... *(Бактыярга)* Ой, мырза уул, ылдамыраак ырдатпайсыңбы тигиниңди!.. Азиз меймандарды ушунча күттүрүп... бу не деген маалкатыш?!.

Б а к т ы я р. *(өзүнчө)* Киши сыяктанып сөзгө аралашып... ка-ап! *(Токтогулга кайрылып)* И, бол!..

А р з ы м а т. Эй, Токтогул ырчы! Мени менен энеталак айтышууга жарайсыңбы, же жокпу?!. *(Пауза. Эл үнчүкпастан Токтогулду тиктейт. Арзымат кулжуңдап)* Жеңилдим десең башыңдагы тебетейиң менен колуңдагы комузду менин жаныма апкелип өз колуң, менен койгун!.. Кана!..

*(Токтогул ордунан турат. Тым-тырс)*

Т о к т о г у л. Булбул дегенибиз өзү конуп отурган бутактын гүлүндөй назик, мухабаттын кубанычы-ырахаты менен кайгы-кусасын, ак шоокум таңдын чолпону менен ууз түндүн кереметин миң кубултуп сайраган, сезгич, туйгуч куш болот деп жүрчү элем. Көрсө, булбул дегенибиз береки мадырайган Арзымат соргокко окшоп, казы-картага тойгонун, эки таноосунан май агызып, күптү болгонун азанаган аңги болот турбайбы!

*(Эл арасында асманды жарган күлкү)*

А с е к. Карасаныз, Токо, чээнге кирчү кашкулактай болуп мантаңдаган Арзыматыңыз, ылаңдаган карга кейиптене түштү!

Б а к т ы я р. *(Асекти камчы менен уруп)* Болду, эшек! Тым-тырс.

Т о к т о г у л. *(Башы айрылган Асекти жөлөп, Арзыматты көрсөтүп)* Береки жуундуга семирген кузгунуңар кедейди кордоп куркулдаса, азанап-кишенеп силер күлсөңөр болот экен, Бактыяр мырза. А бизге эмнеге болбойт?.. Же күлкүнү да кудай-таалам силердин энчиңерге басып берди беле?!.

Б а к т ы я р. *(Бөйрөгүн таянып)*. Камчы башка бирөөгө тийди, сага тийген жок. Эмне жанталашасың, я?!

Т о к т о г у л. Асекти урганың мени урганың!

Б а к т ы я р. Сен эмне, бөтөн жер, бөтөн элден тентип келген саякка болушкуң барбы, я?!

Т о к т о г у л. *(Бетме-бет барып)* Бөтөн жер, бөтөн эл деп... Бир эне, бир атадан туулган элди борбу, саяк, таздарлар, сарттар деп миңге болуп... Сүттү чайкагандай элди да чайкап туруш керек болуш экөөңө!.. Андай эмес, Бактыяр мырза!.. Мен ыйлаганда сарттарым же таздарларым, борбуларым же саяктарым деп ыйлабайм... Жалгыз гана кыргызым деп ыйлайм!.. *(Кайрадан Асектин жанына барып)* Асек кыргыз журтунун жаш булбулу... ал шордуу кыргыздын ырысына туулган бала!

Б а к т ы я р. Булбул... ырыс деп... Мен жолбунду көрүп турам!

Т о к т о г у л. Жаңылышасын! Чыныгы жолбундар суусар бөрүк менен кымкап чапандардын ичинде жүрөт!

К е р и м б а й. *(Өзүнчө)* Атаңдын көрү, э-эй!

Б а к т ы я р. Эмне дедиң, я?! *(Ызырынып)* Чөгөлө!... Чөгөлө дейм!..

Т о к т о г у л. Адам деген төө эмес буйласынан тартып койсо эле бүк деп чөгүп бергидей!

Б а к т ы я р. *(Айкырып)* Чөгөлөтөм!..

К е р и м б а й. *(Алаканын ургулап)* Шүк!..

Б а к т ы я р. *(Токтоп)* Ка-ап!..

К е р и м б а й. *(Жанындагы меймандарына кайрылып)* Суу отунду үйлөбөсө тутанбайт эмеспи... Ырчылар ушинтип бирин-бири кажышып албаса... албатта, алардын илхамы оңой менен келбейт, азиз меймандар *(Бактыярга)* Бактыярым!.. Бу той менин намысым эмес, журттун намысы... Кандай дейсиң, молдом?

М е д е р. Наяты туура сөз, бийик урматтуу даткам!..

Б а к т ы я р. *(Бүктөлгөн камчысы менен алаканын ургулап)* Ка-ап? *(Токтогулга)* Экөөбүз тең кызуулук кылып койдук... Бол эми, дөөлөткө туулган байкемди мактап ырдап жибер... Ар кыл милдеттен келген бийик урматтуу азиз меймандар уксун!..

Т о к т о г у л. Болуптур, Бактыяр мырза. Бу тойго келгенде Керимбай болуш баштаган Рыскулбектин беш уулун ырга кошоюн деп келгем. Угуп тургун эмесе!

Б а к т ы я р. *(Күлүп)* Бая эле ошентпейсиңби *(Элди айландыра карап)* Чымын учса угулгандай болсун!.. Азыр Токтогул ырчы ырдайт!

Т о к т о г у л. *(Ортого чыгып комузун күүлөй)*:

...Жетим менен алсызга,
Карабайсын, беш каман.
Жетилсин деп жардыны,
Санабайсың, беш каман.
Жеп-ичкенден башканы,
Каалабайсын, беш каман...

К е р и м б а й. *(Өзүнчө)* Атаңдын көрү, э-эй!

Б а к т ы я р. Кимди беш каман деп жатат?! Биздиби?!. Рыскулбек кандын беш кулунунбу?! *(Комузун*

*күңлөп, ырдаганы келатканда Токтогулга кайрылып)* Токтот! Тилидди кеспесем эле…

К е р и м б а й. Бактыярым!..

Т о к т о г у л. Баш кесмек бар, тил кесмек жок!

М е д е р. *(Жакасын карманып)* Ниншалло!

Б а к т ы я р. *(Токтогулга жулунуп)* Башыңды да кесем, тилиңди да кесем!..

О т о р. *(Бактыярды торгоп)* Жалган сүйлөп, куйтуланып күн көргөн кошоматчы кузгундун үстүнө чапан, кара ташты как жара сүйлөгөн адамдын кекиртегине бычак!.. Жаныбызды кашайтпагын, Бактыяр мырза!.. Токомо кол кайрычу болсоң…

Ү н д ө р. Өлүп беребиз колуңа!..

Б а к т ы я р. *(Кылычын кармап)* Кырам!..

К е р и м б а й. Тарт колуңду! *(Ордунан туруп)* Майда-чүйдө калаба боло берет… Ансыз той болчу беле… Баргыла, Токтогул үка… Түш оой эр эңиш болот… *(Асекти сүйөшүп, Токтогул баштаган эл чыга баштайт)*

К е р и м б а й. Кылыч адамга кээде дос, кээде кас… Ушундай эмеспи, азиз меймандарым?

Ү н д ө р. Ошондой, ошондой.

Б а к т ы я р. Тигини, кээде дос, кээде кас деп… Рыскулбек кандын беш кулунун беш каман атап, жумурай-журтка шерменде кылды… Эми кайда барсак да «беш каман» деген атка конобуз… Токтогулду өлтүрүш керек!

К е р и м б а й. Жо-ок, Бактыярым! Мага эл керек.

Б а к т ы я р. Калган эл деле жетет. Эмнеге бүжүрөйсүз?!

*Пауза.*

К е р и м б а й. *(Ойлуу)* Улуу даражалуу ак падышага каршы адамдарды тукуруп, Анжиян козголоңуна катышкандардын бири так ушу Токтогул деп уккан элем! *(Сакалын сылап, ууртунан жылмая)* Ооба, ооба, ошондой!..

Кайда барсак да Токтогулдун «Беш каман» деген ыры угулат дебедиңби, ээ, Бактыярым?.. Менин кулагыма жер түбүндөгү Шибердин улуган бороону… Токтогулдун колу-бутундагы кишендин шылдыраганы… Менин кулагыма ушулар угулуп жаткансыйт! *(меймандар менен айыл «жакшыларына» кайрылып)* Жанымдан артык көрүүчү азиздерим!.. Таш ыргытканга аш ыргыт деген… Ага унабагандар болсо… Шыбааны жараткандын өзүнөн күтөлү. Кана, оомийин!

Ү н д ө р. Оомийин!..

## ҮЧҮНЧҮ КӨШӨГӨ

### *Алтынчы сүрөт*

*Сибирь, жай мезгили. Темир жол курулушу. Бейирет үйүлгөн шпалдардын түбүндө Токтогул, андан нарыраакта Отор. Алыс бир жакты тиктеп ойлуу. Нары ичкериде топ-топ болуп эс алып отурушкан каторжниктер.*

Т о к т о г у л. *(Бутундагы кишенин өгөөлөп)* Шалкыйбагын, Отор!.. өлүмдөн башканын тези жакшы. Кыймылда!..

О т о р. *(Мурдагы калыбынан өзгөрбөстөн)* Кудаадан сапар тилеп турам. Аман-эсен эл-журтка жетсең болду… Менин жеткеним ошол. Качкын, Токо!…

Т о к т о г у л. Сен эмне болуп калгансың, Отор?

О т о р. Токо!..

Т о к т о г у л. Сүйлөбө! *(Жакын жылып)* Митрейлер бардыгын дайындап, убакытты болжоп коюшту. *(Алысты тиктеп)* Бирде малга окшоп чөп оттосок, бирде боорукер адамдар кудайыга берген загыраны кемиребиз…

Бирде жаандын суусун кочушубузга тосуп ичсек, бирде ак keберлүү көлчүктөрдүн шорун шимиребиз... Адашып-тозсок да эл-жерге жетип, касиеттүү Ала-Тоонун топурагынан жыттайбыз. Нарын-атанын суусуна жүзүбүздү чайыйбыз... Ошентебиз, курдашым!.. Бол, андан көрө тез-тез аракет кыл... Убакыт чукулдап келатат.

О т о р. Мени кой, Токо. Тилимди ал.

Т о к т о г у л. Курган, Оторум, таштан бек жан элең, басынып кеткен окшобойсуңбу! Кайрат кыл. Сапарыбыз алыс. Ала-Тоого жеткенче көп бар. Касиетиңден айланайын Ала-Тоо!.. Бөпөлөп баккан энелерибиз, алмадай жаш жарларыбыз калды анда!.. Байкуш Тотуям!.. Эртели-кеч жол күзөтүп, үшкүрүк менен өмүрү өтүп бараткан чыгар, ээ!.. Топчубайым болсо... О, аным эмдигече бой жетип, эр азамат болуп калбадыбы!.. *(Оторду өзүнө каратып)* Сенин да катын-балаң калды, кайраттан, Оторум!.. Баарынан да, Керимбай зулумдан алалбай калган өчүбүз калды!.. Мүңкүрөбө, жонума көтөрсөм да алып кетем!

О т о р. Кудай ыраазы, Токо, мен ыраазы. Ак шишик киндиктен өтүп калды!..

Т о к т о г у л. Отор!

О т о р. Акырын!.. Келатышат...

Т о к т о г у л. *(Комузун ала коюп акырын):*

...Айланган тоонун бүркүтү,
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салындым...
Кор болбой турган алтын баш,
Күйүттө жүрүп карыдым...

*(Бир нече солдат менен Надзиратель кирет)*

Н а д з и р а т е л ь. *(Токтогулду буту менен түртүп)* Эй, эмне улуйсуң, а?.. Баса, силер улуганды гана билесиңер да!

Т о к т о г у л. *(Ордунан атып туруп)* Кайгырганды билген, кубанганды да билет.

*(Орустун бий ыры «Барыняны» чертип ырдайт)*

Н а д з и р а т е л ь. Токтот!.. Сволочь антихристтер, бул азиатка орус күүсүн черткенди да үйрөтүшкөн тура!

*(Комузду сындыра чаап, отко ыргытат)*

Т о к т о г у л. *(Мыскылдуу кулумсурөп)* Жыгач сынат… Жыгач күйөт!..

Н а д з и р а т е л ь. Сволочь, басурман!

О т о р. *(Надзирателге жалбарып)* Төрөм! Урбаңыз, Токомду!

Т о к т о г у л. Отор! Кимге жалбарып, кимге чөгөлөп жатасың, кургурум!.. Тур, өйдө!

О т о р. *(Токтогулдун сөзүнө кулак түрбөстөн)* Төрөм! Айланайын төрөм!..

Н а д з и р а т е л ь. Болушасың, ээ!..

*(Надзиратель Оторду тебет)*

Т о к т о г у л. Өлалбай турган кишини көкүрөккө тээп… Сени да адам деп жүргөн бар чыгар ээ, бул дүйнөдө?!

Н а д з и р а т е л ь. Өлтүрөм!

*Нагайка менен урганда, Токтогул жыгылат.*

Ү с ө н. *(Үзүлө кыйкырып)* Токо!..

С а к а л ч а н с о л д а т. *(Надзирателди алагды кылгысы келип)* Сизди чакырып жатат!

Н а д з и р а т е л ь. Ким?!

С а к а л ч а н с о л д а т. Начальник өтүп баратат. Сизди карап кол булгагандай болду.

*(Солдаттарын ээрчитип Надзиратель чыгып кетет)*

Т о к т о г у л. Кутурган иттин бутун кучактап, төрөм деп жалбарып…

О т о р. Качкан жатып да ошентчү беле, Токо?!

Т о к т о г у л. Качат элем деп кайдагы бир айбанга жалооруп… Антип качкандан көрө, качпай койгонум эле артык!

О т о р. Катуулукту да ыгы менен кылыш керек!

Т о к т о г у л. Он жылга аяк басты, колу-бутубузда кишен, койнубузда кантала... Көмүрдөй чачыбызды бубак басып, күрүчтөй тишибизден дүмүр калбай кемпир ооз болуп калдык... Көп өзгөрүш болду. Бирок... Көк желкемден басып алып уруп мойнума кылтак салып дарга асса да төрөнү төрө дебейм!.. Ак падышанын өзү келип шишкебек кылып отко куйкаласа да чын сөзүмдү айткандан жанбайм!

*(Чака көтөрүп Микола кирет.)*

М и к о л а. Эй, кер мурут жигиттер!.. Капшытыңарды чоңураак чойгула... Бийик даражалуу ак падышанын өзү жеп көрбөгөн тамак апкелдим... Шылдыр сууга жасалган ботко... балык көзү майы жок, бирок...

Т о к т о г у л. Май эле жыттанып турбайбы?

М и к о л а. Май эле жыттанып турат.

*(Картожниктер бирин-экилеп чогула баштайт)*

М и к о л а. Уу, жарыктык Сибирдин чиркейи менен канталасы, ай!.. Анан калса, ааламдагы чиркей менен канталаны чогултуп келип ушу жерге берсе керек.

*(Дмитрий кирип, Токтогулга жанаша отурат)*

М и к о л а. Кабагыңарды жерге салбагыла!.. Арбак урган канталага кошуп ак падышаны жерге көммөйүнчө ачтан өлтүрбөйм... Качыргыла!

П р о х о р. *(Жөтөлүп)* Болдучу, каргыш тийген хахол!.. өлгөн жатсаң да күлкүң калбайт!..

М и к о л а. Хахол ыйлап төрөлүп, жылмайып өлөт.

П р о х о р. Тигини!.. Сенин жылмайып өлгөнүңдөн ак падышанын жүрөгү түшөр, ээ!..

Д м и т р и й. Эй, Прохор, Прохор!.. Ажал жетсе өзүнүн душманын тике карап, жылмайып өлгөнгө не жетсин!.. Андай өлүмдөн ак падыша да коркот!

П р о х о р. Коркот!.. Коркот!.. Корккондо эмне... Ак падыша кулап кеттиби ошондон?!

Д м и т р и й. Кулайт!

М и к о л а. Мына, мен айтпадым беле!

П р о х о р. Эмнени айттың эле?!.

М и к о л а. Ак падыша жакында кулайт, биз аны арбак урган канталага кошуп жерге көмөбүз деп…

П р о х о р. Болдучу,. э!.. Өмүр бою жомокко ишенип келатам! *(Жөтөлүп)* Мынакей тапканым!

Д м и т р и й. Бу жомок эмес, Прохор *(Токтогулду карап)* Бир гана нерсени эсиңден чыгарба, Токтогул. Мен ыйлап турсам сен күлө албайсың. Сен ыйлап турсаң мен күлө албайм. Эркиндик келгенде Россиянын бардык жерине бирдей келет!

П р о х о р. Көрчү муну! Ак падышанын азабынан өзүбүз кутула албай жатсак… бардык жерге бирдей келет деп… тигине келатат… тосуп ал!.

Т о к т о г у л. Адам кайгыдан карыйт, кайгыдан өлөт… Бу жаман өлүм, Брохор!

П р о х о р. Бас жаагыңды!.. өлтүрүп коём!

Т о к т о г у л. А мен өлбөй койсомчу?.. Анда кантесиң?

П р о х о р. Муну көрчү, ой!

Т о к т о г у л. *(Күлүмсүрөп)* Көптөн бери эле өлөмүн деп өлалбай жүрөсүң… Адегенде өзүң өлүп көр… Мени болсо өлгөнүңдөн кийин байкаштырарсың. Макулбу, Брохор тууган?

П р о х о р. *(Уурутунан жылмайып, күңк этет)* Шайтан, басурман!

Т о к т о г у л. *(Акырын ойлуу)* Туура. Мен мусулманмын. Диним башка. Тилим да башка. Сен да ошондойсуң. Тилиң башка. Диниң да башка. Анткени менен баарыбыздын тең тагдырыбыз бир, үмүтүбүз шайкеш турбайбы!.. Азабыбыз да бир экен, муңубуз да бир экен! *(Пауза)*:

…Айдалып келип болуштан,
Мен агайын таптым орустан!..

Ооба, мен өз дегеним Керимбай болуштан айдалып келдим; жат дегеним орустан агайын таптым!.. Жакшылыгыңарды унутпайм, Митрей! Тирүү жүрсөм көңүлүмдө болот, өлсөм сөөгүмдө сакталат!

П р о х о р. *(Токтогулду карап)* Бир аз бир аз жагып келаттың эле…

Т о к т о г у л. Эми эмне, кайрадан жакпай, калдымбы?

П р о х о р. Биз, орус калкы кошоматчыны жаман көрөбүз. Адам болом десең жасакерленбей жүр. Ансыз деле качырабыз.

Т о к т о г у л. Баракелде, Брохор, баракелде!.. Мен коркуп жаткан экем качырышпай коёбу деп… Шол себептүү жасакерленип жаткан турбайымбы!.. Сөз эмес бекен, чиркин! *(Акырын, каардуу)* Чакыр төрөлөрүңдү… Келсин… Маа десе, ак падышаңдын өзү келсин… Агайыным дебейм… өлсөм да антип айтпайм!.. Ошолорго окшоп айбанга теңесең, кордоп, басынтсаң, сени да, Митрейди да, Миколаны да… бирөөңдү да агайыным дебейт болчумун. Нан урсун! *(Прохорго жалт бурулуп)* Мен корkконумдан же кошоматчылыгымдан агайыным деп жатканым жок силерди!.. Мынакей Митрейдин көзү… Шол айткан болчу, сары баланы да, кара баланы да экөөн тең эне тууйт, экөөнүн тең тили жок, дини жок туулат деп… Чынында түбүбүз бир экен… Агайын экенбиз… Мен азапта жүрүп көзүм жетти анын ырастыгына!..

Д м и т р и й. *(Ордунан туруп)* Биз жүздөшө албасак, балдарыбыз жүздөшөт, кыйындыкта тапкан достугубузду улап кетишет. Мен буга ишенем, Токтогул!

Т о к т о г у л. Мен да ишенем!

Д м и т р и й. Жанында болот.

П р о х о р. Мен да болом. Коркпогун!..

Т о к т о г у л. Жаныңды сакта, Брохор!

О т о р. Токо!

Т о к т о г у л. Эмне дейсиң, Отор?

О т о р. Менин Алтынайым тирүү болсо, ушуну берип кой. Шагылдуу тоодой болуп, одурайып-бодурайып калды… ошентсе да шакек аты бар… өзүм жасагам… Салынып жүрсүн!..

*(Пауза)*

Т о к т о г у л. Мен таштабайм сени!.. Таштабайм!

*(Сакалчан солдат кирет)*

С а к а л ч а н  с о л д а т. *(Токтогулга)* Эй, тууган!.. Начальникке.

О т о р. *(Сакалчан солдатка)* Айланайын төрөм! Токомду эмне кыласыңар?! *(Сакалчан солдат үн катпастан Токтогулду айдап кетет. Отор өксүй кыйкырып)* Айланайындар!.. Боорлорум! Токомду сактап калгыла! Сактап калгыла!.. Сактап калгыла-а…

*Отордун үнүнө кошулуп, нары жактан коңгуроо угулат.*

### *Жетинчи сүрөт*

*Түн. Айлуу асманда жылдыздар бадырайып, акбаш чокулар уйкуда көшүлөт. Там алдындагы мажрум талдардын паанасында сере. Бурма жалгыз. Чачы куудай болуп көзү көрбөй калган. Алыстан комуздун кылдары муңдуу ыйлайт.*

Б у р м а. *(таягына сүйөнүп)* Мыртыйган колдору менен атасынын комузун тырмалап:

…Ак жерден сүргүн айдалган,
Келер бекен атакем?
Артында калган жалгызын,
Көрөр бекен атакем?

деп Топчубайым ырдап калар эле. Кудай таалам аны да маа ыраа көрбөдү! *(Пауза)*. Топчубайым чарчап калгандан кийин, Тотуям эрге тийип кетти… Аттанарында мой-

нумдан кучактап ыйлап… өзүм кетсем да өзөгүм ушу үйдө жан апа, кол үзбөйм, бат-бат келип турам деди эле… Ал дагы келбеди! *(Жибекчач кирет)* Кимсиң?

Ж и б е к ч а ч. Эне!

Б у р м а. Жибекчач!

Ж и б е к ч а ч. Энекебайым!

Б у р м а. Энең айланып кетсин!.. Кана, маңдайыңдан сүйдүрүп койчу. *(Жибекчачтын маңдайынан жыттап)* өпкөң көөп калыптыр, жарыгым. Мынча эмне шаштың?..

Ж и б е к ч а ч. Асек уулуңуз Чүй боорунда жүрүп, кече Таласты ашып Кетмен-Төбөгө келген.

Б у р м а. Асекбайым келди беле?

Ж и б е к ч а ч. Ооба. Ай чыгары менен сиздикинен табышалы деп убадалаштык эле. Келе элек турбайбы. Батыраак келсе экен. Мен коркуп жатам!

Б у р м а. Анчалык эмне болду, жарыгым?

Ж и б е к ч а ч. Керимбай болуш көптөн бери ызырынып жүрбөйбү Асек уулуңузга. Анын бу жерге келгенин угуп калса керек… Дароо апкелип колума салгыла, өзүн кармай албасаңар катынын барымтага алгыла деп… Керимбай болуш таякемдердин айлына жигиттерин чаптырган экен… Айыл ичин үймө-үй тинтип… Мен таякемдикинде бекинип жүрбөдүм беле… Зорго качып чыктым… Эми бу жерге келишет!..

Б у р м а. Сабыр кыл, жарыгым *(Башынан сылап)* Керимбайга да кезек келээр, кантип эле келбей койсун!.. Келет!.. Ыйлаба, жарыгым… Бирөө келаткансыйт… Кимсиң?

А с е к. *(Шашып кирет)* Менмин, Бурма эне, күүлүдемдер жатасызбы?

Б у р м а. Асекбайым!.. Үнүңдөн тегеренейиним!

А с е к. Энекебай!.. Керимбай болуш…

Б у р м а. Уктум, кулунум. Турбагыла… Жөнөгүлө…

А с е к. Айып көрбөңүз.

Б у р м а. Эмнеге айып көрмөк элем... Батыраак бир жерге бекингиле. Бол, Жибектайым!

А с е к. Ээрчишип жүрсөк карматып коёбуз. Балчелекчи Басил атаны билчү белең?

Ж и б е к ч а ч. Мен орустардыкына барамбы?!

А с е к. Басил ата жакшы киши.

Б у р м а. Асегим туура айтат. Орустуку эле болбосо, кишичилигинде мүүн жок... Током менен көңүлү жакын эле. Унутпайт. Анда-санда каттап турат. Чочуба андан, Жибектайым.

А с е к. Уулу Жагор экөөбүз тамырбыз.

Ж и б е к ч а ч. Барбайм орустардыкына!

А с е к. Жиндиленбе!.. Биз жөнөйлү, энекебай.

Б у р м а. Асектайым!.. Жарыгым!.. Тоодон кулаган таш өргө кайрадан кулабайт... Адамдын өмүрү да шол... *(Асекти кучактап)* Токомдон кем көрбөгөн кулунум!.. Сенин өмүрүң... Жибекчачымдын өмүрү... өзүң ырга кошкон гүлзар жерде гүлдөп өтпөстөн, коңулга өскөн чөптөй болуп, качып-бозуп жүрүп өтүп баратат. *(Күрсүнүп)* Атаганат! Муну ойлосом каңырыгым түтөйт, өзүмдү күнөөлүү сезем!

А с е к. Керимбайдай зулумду мактап, колунан ат алганымча, анын карөзгөйлүгүн ырдап өзүмдөй жардыжалчылардан алкыш алганым артык!.. Эмнеге күнөөлүү сезесиң? Током мени адам болгонго үйрөтүп кетти!

Б у р м а. *(Асектин маңдайынан жыттап)* Ыраазымын, Асектайым! *(Жибекчачты бооруна кысып)* Кудайым айды ээрчиген жылдызга окшотуп Асегиңди ээрчитип койсо, Бурма энеңдин арманы жок, төбөсү көктө! Оомийин!

А с е к. *(Чыгышты карап)* Ылайым айтканыңыз келсин, энекебай!

Ж и б е к ч а ч. Каякты карап бата кылып жатасың, Асек?.. Кыбыла быякта эмеспи!..

А с е к. Медер молдонун үйү турган жакта кыбыла болбойт.

Ж и б е к ч а ч. Жакшы калыңыз, энекебай. Биз келип турабыз.

*(Бурма жалгыз. Пауза.)*

Б у р м а. *(Акырын)* Илгери-илгери... Током кеткен жакты акмалап, ушинтип турганымда, Током мен күткөн жактан келбей, таптакыр башка жактан келип, апа деп мойнумдан кучактап калар эле... Мен чочуп кетчүмүн... Ошондо Токомдун каткырып күлгөнү... *(Күрсүнүп)* Атаганат!

Б а р а т. Жакшысызбы, Бурма эне.

Б у р м а. Барат?!

Б а р а т. *(Бурманын алдына жыгылып)* өз колуңуз менен өлтүрүңүз, энекебай!

Б у р м а. Баласын өлтүргөн энени кайдан көрдүң эле, Баратым?.. Кой, жаман жорукту баштаба. Көтөр башыңды!

Б а р а т. Ушунчадан бери бир жолу да каттабай...

Б у р м а. Кана, бери болчу, уулум *(Маңдайынан жыттап)* Баратым!.. Ар ким ар ким кеп кылып калчу, Баратың унутту деп... Ишенчү эмесмин... Мындай отурчу... И, кандай туруп жатасың, сүйлөчү.

Б а р а т. Туруп жатам, Бурма эне.

Б у р м а. Азыр жаман Кызалак келет... Койгелдинин невереси... Сиркедейинен менин колумда... Мени оокат кылдырып жаткан ошо... Азыр келип чай коёт, чай ичебиз.

Б а р а т. Чайга күтө албайм, Бурма эне. Шашылышмын. Сизди көрө кетейин деп эле...

Б у р м а. *(Жанындагы бүктөлүү дасторконду алып)* Андай болсо нандан ооз тий...

Б а р а т. *(Нандан алып)* Теңир жалгасын.

Б у р м а. Элден угуп жүрсөм... Баратың жакшы ырчы болду дешип... Ошого эле тобо!.. Баса, тигиниң кандай... жаңкы жүзүң кургур?..

Б а р а т. Керимбайды айтып жатасыз го?.. Бир да бирөөнүн жакшы дегенин укканым жок, Бурма эне… Каргап-шилеген эле жан…

Б у р м а. Жешилип отуруп таштагы оюу да өчүп калат, Баратым. Эл оозуна кирген жаманатты өмүрү өчпөйт. Кудай пендем десе, ошондой жаманаттыдан сактасын де.

Б а р а т. Ай, Бурма эне, я… Элдин жаман көргөнүн, каргап-шилегенин Керимбай болуш тоотуп да койбойт… Андан эмне, эти ооруп жатыптырбы?.. Баштагысындай эле чардап жатат.

Б у р м а. Жектеп караганыңды адам тургай айбан да сезет… Керимбайды чардап жатат деп… көз артпа анын чардаганына… өлгөндөрдүн каны бар анын колунда… тирүүлөрдүн наалаты бар… Жөн уктатпайт… Аныңдын ичкени ириң!.. эмне унчукпай калдың, уулум?.. Керимбайды жандап жүрүпсүң… Ошого Бурма энем жаман көрүп жатат деп ойлойсуң го? Жо-ок. Бирөөнү өлтүрсөң же жаманаттыга калтырсаң… жакшы кишилерге арамза ойлоп, Керимбайды ак ниетиң менен мактап ырдасаң, анда уулум дебейт элем… тетири бата берет элем, уул деген аттан айлан деп!… Дүрдана эжеңди унуткан жоктурсуң… Жакшы адам өзү өлгөнү менен ысмы калат… Ошо Дүрдана эжең айткан тура шоруң каткыр, Барат ак жаркын бала экен деп… Сен жөнүндө жамандык укканым жок. Ыраазымын. өркүнүң өссүн!.. Улутунба!.. Керимбайды жандап жүргөнүң болсо… кантмек элең… Саа да эптеп күн көрүш керек. Дилиңди бербесең болду ал бузукуга!

Б а р а т. Бурма эне!

Б у р м а. Эмне дейсиңби, уулум?

Б а р а т. Эчтеке эмес. Жайынча эле…

Б у р м а. Тияк-биякта кеп болосуң, эл арасында эмне кеп бар?

Б а р а т. *(Башын жерге салып)* Эл арасында эмне кеп болсун, Бурма эне… Асек Кетмен-Төбөгө келди де-

генди угуп, Керимбай болуш туш-тушка киши чаптырып жатат… Башына тогуздап мал койду… Бүгүн түнү менен жоголбосо колго түшөт… кыйышпас курбу элек… Жолуксаңар Асекке айтып койгула деп, жакшы санаалаштардын бир тобуна айтып келатам.

Б у р м а. Андай болсо отурбагын, Баратым. Асек азыр эле келип, өзүнүн Жибекчачын Басил балчелекчиникине алып кетти… Артынан жете бар… Ат-Башы Нарынды же Таласты көздөй ашырып жибер. Жөнө!

*(Тотуя короого кирип, мажрүмталдын бутактарын кармалап, айланасын кейиштүү тиктейт)*

Б а р а т. Мен кеттим эмесе, Бурма эне.

Б у р м а. Адам болуп күн көрмөк кыйын, кыйын да болсо асыл, айбан болуп күн көрмөк арзан, арзан да болсо кор! Токоң ушинтип айтчу эмес беле, Баратым. Асегиңе жакшылык тилеп, ат арытып жүргөн турбайсыңбы *(маңдайынан жыттап)* Теңириме тобо!.. Ылайым ушундай адамкерчиликтен айырбасын… Жөнө, уулум! Жолуң шыдыр, жолдошун кыдыр болсун!..

*(Барат чыгат)*

Т о т у я. Барат жан!.. Садага болоюнум!..

Б а р а т. А-а, Тотуя жеңе… Сиз баштагыдай эле чырайлуусуз… А мен болсом… *(Бир паска унчукпай калып)* Мен чал болуп калдым!

Т о т у я. Барат жан!

Б а р а т. Кошуңуз!

*(Барат чыгат)*

Т о т у я. *(Сереге жакындап)* Апа!..

Б у р м а. Тотуя?!

Т о т у я. Апакебайым!.. Кутманым!.. *(кучактап)* Унутту дебеңиз, унутканым жок… Бул айылга көп жолу келдим… Кантейин, береки босогону аттоого жүрөгүм даабады… Сизге көрүнбөстөн кайра кетип калып жүрдүм.

Бул үйдүн алдында күнөйүм чоң. Кандай туруп жатасыз, апа?

Б у р м а. Дүйнөдө бардык нерсе үзүлөт, эне шордуунун үмүтү гана үзүлбөйт тура, Тотуям: Он эки кар басты… Током келет деп күтүп отурам!..

Т о т у я. Апа!

Б у р м а. Сүйлөй кой, жарыгым. Ыйлаба.

Т о т у я. Өз энемден да артык көрчү элем, жок деп шагымды сындырбаңыз. Эртең келип жолдошум экөөбүз көчүрүп кетели. Төбөмө көтөрүп багайын, макул болуңуз.

Б у р м а. Тотуя балам!.. Жарыгым!.. Бул үйдө Током жок болгону менен, Токонду тууган мен бармын да!

Т о т у я. Апакебай!

Б у р м а. *(Тигинин сөзүн бөлүп).* Жок!.. Керимбай болуш Токомдон айрылтты, Топчубайымдан айрылтты, сенден айрылтты… Ботосу өлгөн каймалдай боздотуп, Бурма кемпирди чөгөрүп салдым деп жүрөт… Мен боздобойм!.. Мен чөкпөйм!..

Т о т у я. Апаке!

Б у р м а. Азгырба, жарыгым!.. Энеси уулунун журтун таштап эч кайда кетпейт… Антсем, Токомдун туусу жыгылып, Керимбай болуштун чырагына май тамбайбы!.. Көзүмдүн тирүүсүндө Керимбай болушка табалатпайм Токомду!.. Мен Токтогулдун энесимин!..

*Короого Токтогул кирет. Бурма жанындагы комузду алганда кылга колу тиет.*

Т о к т о г у л. *(Жакын келип)* Апа!

Т о т у я. *(Чочуп)* Ай!..

Б у р м а. О, жараткан!

Т о к т о г у л. Апа!

Б у р м а. *(Үзүлө кыйкырып)* Уулум!.. Каралдым! *(Токтогулду жыттап)* Кудай мага чын бердиби же төгүн

бердиби, журт?! *(Токтогулдун бетин колу менен аймалап)* Током!.. Медерим!..

Т о к т о г у л. Топчубайым кайда, апа?

Б у р м а. *(Алагды кылгысы келип)* Тотуяң менен учурашчы, Токо. Мен Койгелдиникине барып келейин... элге-журтка сүйүнчүлөйүн...

Т о к т о г у л. Жар салбаңыз, апа, мен качып келдим.

Б у р м а. *(Уулунун сөзүнө кулак түрбөстөн)* О, кудай, аксарбашылың!

*(Бурма чыгат)*

Т о к т о г у л. Тотуя!

Т о т у я. *(Үзүлө кыйкырып)* О, жок, Токо!.. Жо-ок!..

Т о к т о г у л. *(Алдын тороп)* Саа эмне болду, Тотуя?.. Топчубайым кайда? Топчубайым кайда дейм?!.

Т о т у я. *(Мажрүмталды кучактаган калыбында)* Апам байкуштун айталбай кеткенин байкаган жоксуңбу? Кара көзүбүз кашайып калган, Токо!

*Пауза.*

Т о к т о г у л. *(Тотуяны тургузуп)* Боштук кылбагын, Тотуям!.. Бар болгон айыбың... Беш көкүлүңдө Токоң менен баш кошкон элең, Токоңду сүйгөн элең...

*Пауза.*

Т о т у я. Кош, Токо!.. Кош, асылым!.. Кош, арылбас арманым!..

*Комуз кылы мундуу өксүйт. Тотуя чыгат. Токтогул соңунан карап тилсиз.*

### *Сегизинчи сүрөт*

*Жылдыздуу түн. Бейит. Кыз эмчек мүрзөлөрдүн арасында күмбөздөр дүмпүйөт. Четтеги чөп баскан мүрзөнүн жанында Токтогул, Асек, Койгелди жана баш-*

*калар. Үсөн ичинен куран окуп жатат. Тынч. Комуз мурдагыдай эле муңканып ыйлайт.*

Т о к т о г у л. *(Алыс бир жакты карап, акырын)*:

...Жамгыр тийбей көчкүдөй,
Ак топурак жар беле?
Атасы келсе Шиберден,
Амандашып көрүшпөс
Топчубай, азапка туулган жан беле?
Тамырына суу тийбес
Боорго тиккен тал беле?
Өтүп кеткен дүйнөдөн,
Топчубай, өлүмгө бүткөн жан беле?
Жабырга мынча салчудай,
Менде кудайдын өчү бар беле!...

К о й г е л д и. Оомийин!.. *(Токтогул отура калып бата кылат)* Кайрат кыл Токо.

*(Токтогул ордунан турат. Пауза)*

Т о к т о г у л. *(Айланта тиктеп)* Жада калса бейитте да теңдик жок турбайбы!.. Береки жер жайнаган мүрзөлөрдүн астында биздей шордуулардын сөөктөрү жатат... ак жаркын, мээнеткеч адамдардын сөөктөрү!.. Алар небак жер менен жер болуп калган!.. *(Пауза)*. Зулумдардын мүрзөлөрү болсо... аларга салынган күмбөздөр тигине... асман мелжийт... көз кайкыйт!.. Алар бу жерде да кыр көрсөтүп, тебелеп-тепсеп, кордоп турат!

К о й г е л д и. Кой, Токо. Күмбөз деген ыйык болот. Күмбөзгө шек келтирбе!..

*Пауза.*

Т о к т о г у л. Айтылуу Таласта бир күмбөз бар, Койгелди аке. Көрбөсөңүз да уккан чыгарсыз. Анын жанынан кыя өтпөйм!.. Дайыма ишараат кылып өтөм... Анда Манастын сөөгү жатат... Береки күмбөздөрдө болсо бузукулардын сөөгү жатат, алдамчы, кошоматчылар-

дын сөөгү жатат!.. *(Курсунуп)* Али да болсо шорубуз күч, Койгелди аке!.. Келесоону бирөө акылман деп койсо бүттү, и, ошондой деп баш ийкей беребиз. Жийиркене турган жерди ыйык деп койсо, болду, ыйык деп барып, өзүбүз мазар тутуп калабыз!..

*(Жээрде сакал жүгүрүп кирет)*

Ж э э р д е  с а к а л. Ой, Койгелди! Кайда жүрөсүң, шоруң каткыр?!

К о й г е л д и. Акырын. Бейиттин ичинде айхай салып эмне болуп кетти?

Ж э э р д е  с а к а л. Жибекчач, Басил балчелекчинин уулу Жагоргo тийип алган тура, ошону угуп алып…

А с е к. Бу жалган кеп, акеси…

Ж э э р д е  с а к а л. Угуп тур, курган бала! *(Койгелдиге бурулуп)* Ошону уккандан кийин, мусулман динин аттаган катынды жок кылбасаңар, элдин башына балээ түшөт деп, Керимбай болуш жигиттерин чаптырган экен… Барат байкуш… киши да, алардан озунуп барып, Жибекчачты ала качып бараткан жеринен… болуштун жигиттери кармап алып, баратты өлөрчө сабап… Жибекчачыңды апкелип, Медер молдонун колуна салып беришти… Медер молдо болсо… Ой-боой, анын ачуулanganын көрсөңөр… Жибекчачты сууга ыргытып өлтүрткөнү жатат. Бараттан дайын жок!..

К о й г е л д и. Э, айланайын Токо, бу не деген шумдук?!

Т о к т о г у л. Сабыр кылыңыз, Койгелди аке! *(Жээрде сакалга)* Эл эмне деп жатат?

Ж э э р д е  с а к а л. Ой, бо-ой, элдин түрү жаман! Жибекчачты жоготкондон кийин, түн жамынып барган жатышат… Басил балчелекчинин күлүн асманга сапырабыз дешкендей болсо… Жаныңдан түңүлөсүң… Ырайым кылчудай эмес!

Т о к т о г у л. Сүттү чайкабаса май түшпөйт деп, уруу менен урууну чайкоочу эле Керимбай болуш. Эми калк менен калкты чайкагысы келип калган тура!

К о й г е л д и. Басил балчелекчинин мунусу ырас болсо, жазасын өзүм берем!

Т о к т о г у л. Токтоңуз, Койгелди аке!

К о й г е л д и. Жаңкы немени да өзүм жоготом!

А с е к. *(Алдын тороп)* Койгелди ата!.. Жибекчачты, Басил атаныкына өзүм алпаргам.

К о й г е л д и. Жибекчачтын Басилдикине барганы ырас турбайбы анда?!

А с е к. Ырас. Мен өзүм айтып жатпайымбы. Бирок...

К о й г е л д и. Сүйлөбө, курган бала!.. өзүм алпаргамын деп... Сен алпардыңбы же өзү бардыбы, айырмасы кайсы?! Ургаачы башы менен капырдын эшигин аттаса!..

Т о к т о г у л. Капырдын эшигин аттаса эмне экен, ошондо эле бирдеме болуп кетмек беле?!. Басил нарктуу киши... Жагор менен Асек экөө дос.

К о й г е л д и. *(Токтоулдун сөзүнө кулак түрбөстөн)* Ургаачы башы менен капырдын эшигин аттаса! Тургула мындай!

Т о к т о г у л. Койгелди аке!

К о й г е л д и. *(Тыңшабастан)* О, жараткан!

*Койгелди чыгат.*

А с е к. Муну кимдер кылып жатканын билем. Адегенде Медер молдонун өзүн ыргытып өлтүрсөм суугa!..

Т о к т о г у л. Токтогула!.. Медерди өлтүрсөң береки күмбөздөргө дагы бир күмбөз кошулат. Медердин күнөйү жуулуп, сөөгү жаткан жер мазар болуп калат. Азапты болсо дагы эле сен тартасың, мен тартам, булар тартат *(Асекти өзүнө каратып)* Көрүнөө кол салганыбыз болбойт аларга.

А с е к. О, курган дүйнө!.. Бир кездерде өрт элеңиз го, Токо! Эми андан эчтеме жок. Өз кулагыңыздан өзүңүз үркүп, жедеп жүрөгүңүз үшүп калган окшобойбу!

Т о к т о г у л. Жүрөгүм үшүгөн жок, Асек... Сал-пал эстүү тартып калдым.

А с е к. Ак жеринен Жибекчачымды өлтүрүп, Басил атага кол салганы жатышса... Чыдабайм мындайга... Өлсөм кайылмын!..

Т о к т о г у л. Сен өлсөң Керимбай келип топурак салышпайт. Медер молдо жаназа окубайт.

А с е к. Топурак салышпаса мейли. Жаназа окубай эле койсун!

Т о к т о г у л. Лакылдаба, курган бала!.. Ыгы жок баатырсынганыбыз эчтекеге жарабай калды.

А с е к. Токо!

Т о к т о г у л. Угуп тур! Элди алдаганга түрдүү амалды колдонуп жатышат Керимбай менен Медер молдо экөө. Ыраспы?

А с е к. Ырас болгондо эмне кыл дейсиз?

Т о к т о г у л. Амалга амал табышыбыз керек. Ооба. Душманды талуу жерден кармап, амалы менен өзүн согушубуз керек экен.

А с е к. Түшүнбөй жатам, Токо?

Т о к т о г у л. Медер молдону алдамчы дедиң,... бузуку дедиң... Ишендиби Койгелди аке?.. Ишенген жок. Анын ошондой экенин өз көзү менен көрүшү керек. Ошондо гана ишенет, Койгелди аке. Болбосо куру сөзгө өлсө да ишенбейт. Эп көрсөңөр, менин башыма бир амал келди...

А с е к. Менин Жибекчачым эмне болот, ошону айтыңызчы, Токо?

Т о к т о г у л. Сенин Жибекчачыңды да куткарып алабыз. Басилге да сөз тийгизбейбиз.

А с е к. Андай болсо, мен макулмун. Айтыңыз. Эмнеден баштайбыз?

Т о к т о г у л. Эмнеден дейсиңби?.. Биз баштаганда, так ушу бейиттеги нүңкүр-маңкирлерден баштайбыз.

Ж э э р д е с а к а л. Айланайын Токо!.. Адамдын эсин чыгарып... Оозанба, нүңкүр-маңкирди, оозанба!..

Т о к т о г у л. Чочубаңыз, акеси!.. Ылдам жүргүлө!..

## ТӨРТҮНЧҮ КӨШӨГӨ

### *Тогузунчу сүрөт*

*Ошол эле түн. Суунун бою. Сол тарапта одур-будур аска, ар кайсы жерлеринде чек-чек болуп өскөн бадал жыгачтар. Асканын этеги шибердүү майсан. Булоолонуп кайнап жаткан казан жанында Медер молдо. Авансценага жакын коюу бадалды аралап Барат кирет.*

М е д е р. Саа эмне болду, Барат уулум?

Б а р а т. Сурап коёсуз, ээ, молдом, эчтеме билбеген киши болуп... Жанчып салышты!

М е д е р. Кейибе, Барат уулум. Камчынын уусу... сендей жигитке кеп эмес, кудаа алдында чоң иш кылдың. Эми батыраак барып, Керимбай даткага айт, жигиттерин жиберсин. Катынынан айттырып алып, Асек ырчыны уктап жаткан жеринен лап басабыз!.. Басил балчелекчи тугрусунда болсо... датка менен акылдашып койгом... Эч кимибиз эчтеме билбейбиз... Ушул айылдын адамдары эле жарайт *(Баратка акча берип)* Ме, тезинен жөнө!.. Барганыңдан кийин Керимбай датка март киши... дүр-дүнүйөгө бөлөп таштайт!

Б а р а т. *(Колундагы акчаны кармап)* Ушул элеби менин көргөн азабымдын баасы?!

М е д е р. Датканын бергени. Тийсем кудаа урсун!

Б а р а т. Бали, бали!.. Болуптур, молдом!

*(Барат чыгат. Медер молдо казан жанына барып, созулуп отуруп калат. Эки жигит Жибекчачты дегдеңдетип алып киришет. Алардын соңунан кыжырлуу эл. Байлар тобундагы эки кемпир Жибекчачтын улам бир жагына жүгүрүп чыгып, эбир-жебир)*

Б и р и н ч и  к е м п и р. Бети жок, ий, бети жок! Дини бузук капыр менен кантип гана бирге жаттың экен, я?!

Э к и н ч и к е м п и р. *(Үзүнүп-жулкунуп)* Мусулман тукумун бүт булгадың, сендейге аёо жок!.. Аёо жок!..

Ч а л. *(Медер молдонун алдында кайнап жаткан казанды көрүп)* Айланайын, э-эй!.. О, журт!.. Бураган түтүнү, күйгөн оту жок, береки казан өзүнчө эле кайнап жатат да!..

Ү н д ө р. Кудая, тобо!

М е д е р. *(Нары-бери чайкалып, дем сала)* Суф!.. Суф!..

Б и р и н ч и  к е м п и р. Мынакей. Көрдүңөрбү, касиеттүү молдокем өзүнүн дубасы менен кайнатып жатат бу казанды!

Ү н д ө р. Ой, касиетиңден айланайын молдокем, ай-йа!

Э к и н ч и  к е м п и р. *(Үзүнүп-жулкунуп)* Ушул эле дейсиңерби?! Касиеттүү молдокем каарына алса, тиги дүйнөдөн нүңкүр-маңкирлерин чакырып, шайтан-шабырын жамыратып коё берет!

Б и р и н ч и  к е м п и р. *(Молдону көздөй кучагын жайып чаңырат)* Айланайын молдокем!

*(Медер «Я, кудаа!» деп кыйкырып, тура качат. Биринчи кемпир анын ордун кучактап калат. Эмне болгонун түшүнбөгөн элдин үрөйү учуп тилсиз)*

М е д е р. *(Эсине келип)* Үйүң күйгөн кемпирдин үнү, ай… Жаным да калсачы!..

*(Койгелди кирип, четтерээк турат)*

Э к и и ч и  к е м п и р. *(Койгелдини карап)* Шоруң каткыр!..

М е д е р. *(Асманды карап, көзүн сүзө)* Кудаанын кулдары!.. Кургакчылык... жут... улуу тумоо... Калктын башына түшкөн балакет-салакеттин баакиси ушу катындын айынан болуп жатат. Бу катын капыр менен бир төшөктө жатып, ислам динине шек келтирди!

Ү н д ө р. Батыраак жоготуш, керек, маскараны!.. Жоготкула!..

Ж и б е к ч а ч. *(Үзүлө кыйкырып)* Акебайлар! Басил атаныкына жан соогалап барганым чын эле, анын уулу менен бир төшөктө жатты дегени жалган! Мен сүттөн акмын!

Б и р и н ч и к е м п и р. Сүйлөбө, бети жок! Катын башың менен капырдын үйүнө баш баккандан кийин иштин бүткөнү!

Э к и н ч и к е м п и р. Ошону айтсаң! Бүткөнү! Бүткөнү!

Ж и б е к ч а ч. Айланайын журт!.. Айланайын молдоке!.. Атамдай көрчү элем го... Ишенсеңиз боло, кантип эле калп айтайын?!

М е д е р. Эй, шайтандын шапалагы!.. Басил балчелекчиникине барганың чынбы?.. Чын деп өзүң айттың. Эми анын уулу менен бир төшөктө жатканың да чын. Мен өзүм көргөм.

Ж и б е к ч а ч. Калп! Калп!.. Мен көргөн эмесмин сизди!

М е д е р. *(Кайрадан асманды карап, көзүн сүзө)* Бу кудай безер катын тугрусунда айтканым чын. Жаки төгүн болсо, пайгамбар Азиретаалынын кылычы сөөгүмдү сөпөт кылып, нүңкүр-маңкирлер келип, дозоктун отуна шишкебек кылсын!

Б и р и н ч и к е м п и р. Антпеңиз, касиеттүү молдокем, сизге биз эле курман болуп кетели!

Э к и н ч и к е м п и р. *(Үзүнүп-жулкунуп)* Нүңкүр-маңкирлер бизди алсын, касиеттүү молдоке, сиз дегенде кара жаныбызды садага чаап жибербейбизби! *(Байларга*

*кайрылып)* Эмнеге мостоёсуңар, кургурлар?! Эмнеге калтырайсыңар?!

Б а й л а р. Ырас сөз, байбичелер, молдокем дегенде, биз деле аянбайбыз… өлүп беребиз!

Б и р и н ч и  к е м п и р. *(Койгелдини карап)* Ой, Койгелди! Кудайы момун адам элең… Кызың минтип баарыбызды шерменде кылды!.. Айтарың барбы элге?

К о й г е л д и. Эмне дээримди билбей жатпайымбы, байбиче. Жибекчачым өмүрү калп айтпаган бала эле…

М е д е р. *(Асманды карап, көзүн сүзө)* Кызың тугрусунда айткандарым төгүн болсо мына ушу ыйык курандын кусуру урсун!

*(Тым-тырс.)*

Ж и б е к ч а ч. Айланайын жараткан! Айланайын журт! *(Үн каткан жан жок)*. Жараткан да унчукпайт!.. Журт да унчукпайт!.. Атам элеңиз го, эч болбогондо сиз бирдеме деп койсоңуз боло, атакебайым!

К о й г е л д и. Журт! Медер молдо касам ичип, куран кармады… *(тескери карап)* Жоготкула тиги урганды?.. Көрсөтпөгүлө маа!

Ж и б е к ч а ч. Атакебай!..

К о й г е л д и. *(Мурдагы калыбында)* А Басил балчелекчини болсо… аны өзүм билем!

Ү н д ө р. Алгыла, жин азазилди!

М е д е р. Эй, кудаанын кулдары! Сабыр эткиле! *(Жибекчачка)* Күйөөңдүн кайда экенин айтып кет, ошентсең күнөйүң азаят тиги дүйнөгө барганыңда. Күйөөң кайда? Айт!.. Мен боороруп жатам.

Ж и б е к ч а ч. Боорорубай эле коюңуз, молдом. Айтпайм!

Б и р и н ч и  к е м п и р. Айланайын, эй!.. Бейит тараптан от күйүп жатат да!..

Э к и н ч и  к е м п и р. Эмне дейт?! Молдом, касиетиңден айланайын. Бу не деген алаамат?! Не деген шумдук?!..

Б и р и н ч и  к е м п и р. Кудай!.. Кудай! *(Медердин этегине жармашып)* Нүңкүр-маңкирлер келгенде ушинтип бейиттен от күйөт дебедиңиз беле! *(Сахнанын сол тарабынан не бир коркунучтуу ач кыйкырык үндөр угулат. Биринчи кемпир чаңырып)* Молдоке-е!..

М е д е р. *(Бүткөн боюн калтырак басып)*, Жогол, Мастен!.. Я, кудаа!.. Я, кудаа!..

*(Ач кыйкырыктар улана берет. Аска боорундагы бадал артынан үстүнө ак истампул оронгон Асек пайда болот. Анын жанында ак оронгон дагы бир нече караан. Бейит тараптан күйгөн алоонун кызамыгы ак карааандарга бирде тийип, бирде өчүүдө)*

М е д е р. *(Шашып)* Ыргыткыла, суугa! Батыраак!

Ж и б е к ч а ч. Апакебай!..

*(Койгелди башын мыкчыйт. Ошол учурда адамдыкына окшобогон үн менен чаңырып, аскадан Асек баштаган адамдар секирип түшөт. Жердегилер, Медер баштап жер кучактап жыгылышат. Асектер беттерине көө шыбанып алган, көзү менен тиштери гана агарат, чүпүрөк, темир-тесек тагынып, жандарына шалдырак-күлдүрөк байланган, колдорунда аса-мусалары бар. Үндөрүн кубултуп, ары-бери безилдеп бейирет жүгүрүшөт)*

А с е к. *(Тап-так түйүлүп, оозуна келгенди оттоп)* Апаат, жапаат... кызыл жалын, көк жалын... шыр-шыр-шыр... Жалбыртта дозоктүн оту!.. Мен нүңкүр-маңкир... Күнөөсү жокту коё берем, күнөөсү барды шишкебек кылам...

М е д е р. *(Көчүгү менен жылып, жанындагы байларды көрсөтүп)* Айланайын нүңкүр-маңкир! Күнөө буларда, менде күнөө жок...

А с е к. *(Байларды карап)* Апаат-жапаат...

Б и р и н ч и б а й. *(Медерди көрсөтүп )* Тигини алгын, күнөө тигинде...

Э к и н ч и б а й. Биз кудайы момунбуз... Эчтеме билбейбиз... күнөө шондо...

А с е к. *(Медерге)* Тур!

М е д е р. И, кудаа! Я, парвардигер!

А с е к. *(Так түйүлүп секирип)* Апаат-жапаат... Мен көрүп-билбеген эчтеме жок... бардыгын көрөм... бардыгын угам... чыныңды айтсаң, чымындай жаның аман калат, калп айтсаң, анакей, дозоктун оту жалбырттап, кумурскадай жайнаган шайтан-шабырларым жалаңдашып күтүп турушат! *(От күйгөн жакты карап)* Үлгүлүү... Олололо-о-о!.. *(Ал жактан түрлүү үндөр кубулжуп угулат. Асек, Медерди демиктире бат-бат сүйлөп)* ачык айтып, так сүйлөгүн, молдом!.. Мен келердин алдында эле, Жибекчач Койгелди кызы, Басил балчелекчинин уулу менен бир төшөктө жатканын көрдүм деп касам ичтиң, куран кармадың, ушул чын беле же төгүн беле?..

М е д е р. Я, парвардигер!

А с е к. *(Демиктире)* Калп айтсаң, жаныңды сууруп алам, күйүп турган отко куйкалайм!.. Бол!..

М е д е р. О, улуу урматтуу нүңкүр-маңкир!.. *(Шыбырап)* Жалган болчу!

А с е к. Кыйкырып айт! Бардык жан уксун!

М е д е р. Жалган болчу!..

А с е к. *(Тап-так түйүлө)* Жаныңдан үмүт кылсаң, азыркы айтканыңды ырастап, касам ичип, куран карма! *(Бейит тарапты карап)* Апаат, жапаат... Айтканымды кайталап тур... Бат-бат кайтала!.. Жибекчач, Койгелди кызы...

М е д е р. *(Бат-бат кайталап)* Жибекчач, Койгелди кызы...

А с е к. Басил балчелекчинин уулу менен бир төшөктө жатты деген сөз жалган...

М е д е р. Басил балчелекчинин уулу менен бир төшөктө жатты деген сөз жалган…

А с е к. Анын жалгандыгын ырасташ үчүн…

М е д е р. Анын жалгандыгын ырасташ үчүн…

А с е к. Журт алдында касам ичип, куран кармаймын.

М е д е р. Журт алдында касам ичип, куран кармаймын! *(өксүп)* О, кудай!

А с е к. *(Нары-бери секирип)* Алдамчы митаамдардын бардыгынын жанын алсам бекен *(Медерди карап)* же жалгыз эле сенин жаныңды алсам бекен?!

Б и р и н ч и к е м п и р. *(Шыбырап)* Жалгыз эле ошонун жанын ал, айланайын нүңкүр-маңкир!

А с е к. Апаат-жапаат. Угуза айткыла элге!.. өрттөп жиберем!.. Куйкалап жиберем!

Э к и н ч и к е м п и р. *(Үнүнүн бардыгынча кыйкырып)* Төрөбөгөн келиндерди бузуп жүргөн да ошол!

Б и р и н ч и к е м п и р. Ал тургай мени да азгырып жүрөт, бу шүмшүк!

А с е к. *(Байларды качырып)* Апаат-жапаат…

Б и р и н ч и б а й. Мунун ууру кылганын да көргөм, урматтуу нүңкүр-маңкир!..

Э к и н ч и б а й. Арактан да жутуп коёт. Түнкүсүн бир жолу мас болуп алып, коңшу айылдын иттерин кубалап селдесинен айрылып калган!

А с е к. Бардыгын өзүм көргөм, өзүм уккам. Кызыл жалын, көк жалын… шыр, шыр, шыр… Жогол!.. Жогол! Жогол! *(Медер баштаган байлар менен эки кемпир тызылдаган бойдон жүгүрүп чыгышат. Асек баш киймин алып)* Жибектайым!..

Ж и б е к ч а ч. Асек!..

Ү н д ө р. Асек?!

*Тым-тырс.*

Ч а л. Медер молдону касиеттүү киши деп жүрсөм… Э, айланайын Асек… Бу кудай бизди уруп…

А с е к. *(Жибекчачты бошотуп жатып)* Ошенткенден жалгыз эле сиз бекенсиз, акеси?!.

*(Койгелди башын жерге салып, ойлуу)*

Ж и б е к ч а ч. Ата!..

*(Койгелди унчукпайт. Пауза)*

К о й г е л д и. *(Акырын, ойлуу)* Жараткан адилет, кыбыр эткендин бардыгын иргеп турат дешчү эле го?!.?- Туура сүйлөп, түз жүргөндөрдү умай колунун алаканына салып өркүнүн өстүрөт, жыргатат, кыңыр сүйлөп, кыйшык жүргөндөрдү болсо көп узатпайт, каарына алып, дозокто өрттөйт дешчү эле го?!. *(түнөргөн асманды тиктеп)* Ырасакем ошондой адилет болсоң, Медер молдону эмнеге көрбөйсүң, жараткан?!. Керимбайды эмне көрбөйсүң?!.

Ж и б е к ч а ч. Ата!.. Атакебайым!

К о й г е л д и. *(Бооруна кысып)* Атаң курусун!..

Ч а л. Асаке!.. Тээтиги ачыктан бир топ караан көрүндү. Жаңы эле токойго кирди... Уруп келатышат!

А с е к. Керимбайдын жигиттери болуу керек. Биз узап кеткиче эптеп алагды кылгыла!

*(Асек, Жибекчач, Койгелди үчөө чыгат. Ага удаалаш кимдир бирөөнүн корсулдаган үнү угулуп, Чекир баштаган бир топ жигит кирет)*

Ч е к и р. Сулуу катындарды мен деле жакшы көрөмүн да! *(Эки жагын Оңурая карап)* Касиетинден айланайын молдокем кайда жүрөт, я?

К е л и н. Касиеттүү молдокеңизди нүңкүр-маңкирлер кубалап кетти!

Ч е к и р. Тарт тилиңди! *(Урмакчы болгондо, келин кебелбестен, тике карап күлүмсүрөйт. Чекир жинденип)* Жаңкы Асек ырчынын катыны кайда кетти?... Кайда дейм?!.

К е л и н. Айчүрөктүн аккуу кейпин кийип асманга учуп кетти!

Ч е к и р. *(Асманды Оңурая карап алат да, жерди сабайт).* Соём!.. Кырам!.. *(Элди карап)* Асек ырчы куш болуп асманга учса атып түшүрөм, жер бетинде кайберен болуп жүрсө кууп жетип шыйрактан алам!.. Куткарбайм!.. Жигиттер!.. Аттангыла!.. Чекир жигиттерин ээрчитип жүгүрүп чыгат.

### *Онунчу сүрөт*

*Биринчи көшөгөдөгү экинчи сүрөттүн жасалгасы. Пачайы төшөктүн үстүндө Керимбай, Медер, айыл «жакшылары». Май чырактардын күңүрт шооласынан отургандардын беттери гана көрүнөт. Чекир самоордон чай куюп, чыны сунууда. Эч ким ичпейт. Бардыгынын көзү үй ээсинде. Керимбай манжаларын салаалаштырып, ойлуу, каардуу. Оолжуй басып Бактыяр кирет.*

Б а к т ы я р. Караңгы көрдө отургансып... Шишелүү чырак кайда?

Ч е к и р. Шишеси сынып калыптыр, мырза.

Б а к т ы я р. Борбу атадан тараган төбөлдөр чогулган экенсиңер. Мен эле жетпей жаткан турбаймынбы. Мына мен да келдим.

К е р и м б ай. Кыйышпас тууганым деп ар кимиңе мансап алып бердим... Бирден урууну бийлетип койдум... Эмне кылып жыргаттыңар мени?! Эл башкаруудан чыкты, сөзүбүз өтпөй калды, элге шүмшүк болуп баратабыз деп... Ошобу мыктылыгыңар?! Ошобу силердин туугандыгыңар?! Телмиресиңер, ээ! *(Жанындагы Ташкулду акырая карап)* Токтогулдун сарттар уруусуна бий көтөрдүм эле... Кана, сайрачы, угайын, Ташкул үка!

Т а ш к у л. Лекин, терикпей угуңуз, даткам. Опозо кылгандан, жаки баш кескенден эл дегениңдин жүрөгү

түшпөйт экен, мүңкүрөбөйт экен. Кайра каары күчөп, чыйралат экен…

Б а к т ы я р. Береки эмне деп былжырап жатат, я?!

К е р и м б а й. Шүк! *(Ташкулга)* И, сайра Ташкул үка, сайра!

Т а ш к у л. Дагы бир кеп, даткам. Эл дегениңди көп болсо бир жолу алдайт экенсиң, эки жолу алдайт экенсиң… үчүнчү жолкуга келгенде, бетиң ачылып, бизге окшоп шүмшүк болуп калат экенсиң!..

К е р и м б а й. Атаңдын көрү, э-эй!.. Өздөн чыккан жат жаман болуп… топорлорду жактап сүйлөп… Муну көрчү,ой!

Т а ш к у л. Топорлор менен кайнаса каным кошулбайт, даткам. Лекин…

К е р и м б ай. Болду!..

М е д е р. Какпаңыз, болуш. Сүйлөсүн. Жөндүү сүйлөп жатат.

К е р и м б а й. Эмне?!.. Муну көрчү, ой!.. Адам сыяктанып… ай, ушу… тиги тигинтип, бу минтип койду деп эбир-жебир этип сөз ташыганга устасыңар… Айла тапканга акылыңар жетпейт. У-у, көк мээлер!

Б а к т ы я р. Бир уруудан бир киши айлакер болсо эле жетет!..

К е р и м б а й. Шүк!

Б а к т ы я р. Тыйбаңыз мени!.. Айла!.. Айла!.. Сүттү чайкабаса май түшпөйт деп отуруп… акыры эмне таптыңыз?! *(Кээрдүү)* Менин туугандарым айлакер, күйүмдүү дечү элеңиз. Кимибиз олуя экенбиз, көзүңүз жеткендир, ээ?!. Нүңкүр-маңкирлер келгенде тээбереки молдоң баш болуп бирин-бири сатып… аны менен кошо сизди да сатып дыр коюшуптур!.. Алдагы Ташкул бий үкаңыз болсо, мындай балит ишке барбаймын деп молдоң менен урушуп алып, айылдан кетип калыптыр! Эмне, калппы?!

М е д е р. Бу накты чын сөз, Бактыяр мырза.

Т а ш к у л. Адамдын мөлтүлдөгүсүз молдом, өзүм бий болсом, адамдын күнөөсүнө жетпей туруп эле кошула бермек белем сизге?! Мен сатканым жок сизди, даткам!

Б а к т ы я р. Дөөрүбө, арамы!.. Сен аттанып кетип калсаң, тигиниңдин калпы чыгып, шерменде болсо... Сатат деген ушу да! *(Медерге тап берип)* Кыймылдабай отур! *(Керимбайды тиктеп)* Тууган дегениң күйсө нүкүр-маңкир эмес, Азретаалынын өзү келсе да кармашып жатып өлөт болчу! Өздөрүн да, бизди да маскара кылбайт болчу!.

К е р и м б а й. Бактыяр.

Б а к т ы я р. *(Бакырып)* Канакей, Асек ырчынын колго түшкөнү?! Канакей, Басил балчелекчинин күлү асманга сапырылганы?! Асек ырчынын өзү нүңкүр-маңкир болуп алып... Дагы айла деп коёт!.. Урдум силердин айлаңарды!.. Кара таман топорлорго бир гана айла бар... кылыч!.. Дың эткенинин башын дарбыздай гана тоголотуп туруш керек!

М е д е р. *(Жакасын карманып)* Ниншалло!

Б а к т ы я р. Эмне?.. Сенин көргөнүң ошол эле дейсиңби?!. Элге барып кулак салчы.

...Аралап келип мал жыйнайт,
Ак калпак кыргыз элдерден.
Ак селдечен эшенден,
Азап, муңду көп көргөм.
Айгыр, кочкор жыйнаган
Абийирсиз шермендем!..

Абийирсиз шермендем!.. Токтогулдун сага чыгарган ыры экен. Бешиктеги баладан өйдө ырдап жүрөт!..

М е д е р. *(Жакасын карман)* Ниншалло!

Б а к т ы я р. Ушу сенин ниншаллоң өтүп кетти!..

М е д е р. Кулдук, Бактыяр мырза, кулдук!

Б а к т ы я р. Жоголгула баарыңар тең! *(Чекирге)* Сен да жогол! *(Сахнада Керимбай экөө гана калат. Бак-*

*тыяр наркы-терки басып)* И, дагы кандай айла ойлоп таптыңыз?!

К е р и м б а й. Көп-көп аңгиленбе! Сенин акылыңа көнсөм араң турган элдин кыжыры ого бетер кайнап, Рыскулбектин тукуму биротоло шүмшүк болобуз… өлгөндөн кийин да бетибизде көө калат…

Б а к т ы я р. Көзүмдүн тирүүсүндө оюмдагыны оттоп, жыргап өткүм келет. Көзүм өткөндөн кийин адамзат бүт кырылып, жер бети боз топурак болуп калабы, шүмшүк болобузбу, шайтан болобузбу, ишибиз эмне?!

*(Чекир, Бурманы жетелеп кирет)*

К е р и м б ай. Келиңиз, Бурма байбиче. Бери өткөр. Отуруңуз. Бурма отурат. Чекир чай куюп, тигинин алдына коёт.

К е р и м б а й. Чайга караңыз, Бурма байбиче.

*(Бурма чыныга кол тийгизбейт. Бет маңдайын тиктеп тилсиз)*

К е р и м б а й. Кандай туруп жатасыз, Бурма байбиче? *(Бурма унчукпайт)* Сизди алдырганымдын жөнү мындай… Уулуңуз аман-эсен кайтып келиптир дешет Шиберден. Кут болсун!

*(Бурма мурдагысындай эле унчукпайт.*

Б а к т ы я р. *(Чыдай албай)* Ка-ап!

К е р и м б а й. *(Бактыярды акырая карап, сөзүн улайт)* Эсиңиз бар, Бурма байбиче, ойлоп багыңыз. Бир кезде Токтогулдун өзүнөн да кетти чекилик… Бизден да болгондур. Эми анын баары өттү кетти. Унутушалы. Токтогулга айтыңыз. Ата-бабанын арбагынын алдында, куран алдында касам ичейин. Тийбейм… Кек санабайм. Алдыма келсин. Өзүм барып ат үстүнөн көтөрүп алайын. Ага болбосо, улук башымды кичик кылып өзүм барайын анын алдына. Ырыс алды ынтымак деген эмеспи… Ынтымакташып күн көрөлү. Кандай дейсиз буга?

*(Бурма унчукпайт)*

Б а к т ы я р. Күбүрнатырдан өйдө ызаат кылган байкеме жооп кайтарбай, сен эмне дүлөй болуп калгансыңбы, я? Токтогулдай уулду тууп коюп, элге-журтка ушунчалык бүлүк салганың деле жетет!.. Жооп бер!

Б у р м а. Токтогулдай уул тууганыма арданбайм, Бактыяр. Токтогулдай уулду көрүнгөн эле эне тууй бербейт!

Б а к т ы я р. Сүйлөбө, мастан!

Б у р м а. Сендейди тууган эненин арманы күчтүр, оу, бу дүйнөдө!

Б а к т ы я р. Арманы күч болсо эмне кыл дейсиң?.. Же мени туугун деп зордоптурмунбу аны?! Жакшылык менен жооп бергин байкемдин сөзүнө.

Б у р м а. *(Ордунан туруп)* Мени жеткиздирип койгун, болуш.

*(Керимбай жер карап унчукпайт.)*

Б а к т ы я р. Эне болгонуңа карабайм, Бурма кемпир. Карылыгыңа да карабайм өлтүрөм!

*(Сырттан Барат жүгүрүп кирет.)*

Б а р а т. Мырзам!.. Сабыр кылыңыз, мырзам!

Б у р м а. Баратым!.. Курган балам!.. Сурап алган өмүрдүн баркы болбойт. Жалбарбагын алдагы жаман аңгиге! Тур, ордуңан!

Б а к т ы я р. Мууздайм!

Б а р а т. *(Бактыярдын бутун кучактап)* Айланайын мырзам!.. өзүнүзгө жакшылык тилесеңиз, Бурма энемди жеткиздирип коюңуз үйүнө. Ошентиңиз.

Б а к т ы я р. *(Тээп)* Жогол, эш-шек!..

Б а р а т. *(Кайрадан Бактыярдын этегине жармашып)* Айта турган кабарым бар. Жакшы кабар апкелдим, мырзам.

Б а к т ы я р. Ошондойбу?! *(Чекирге)* Жеткиздирип сал үйүнө! *(Чекир Бурманы жетелеп чыгат. Бактыяр камчысы менен өтүгүнүн кончун ургулап)* Кана!

Б а р а т. Эртең Токтогул Талас ашып, Асек ырчы аялы менен Ат-Башы Нарынга жөнөмөк болуп жатат. Таң сүрө Шайтан-Көпүрөдөн кездешели деп Токтогул менен азыр эле убадалашып келдим. Макул болсоңуз, Шайтан-Көпүрөгө барып бүгүн жаталы. Таң, сүрөрү менен тиги үчөөнү жайлап, жан аттууга көрүнбөй кайра келебиз, эч нерсе билбеген, туйбаган киши болуп жатып калабыз.

Б а к т ы я р. Ылайым өркүнүн өссүн, Барат ырчым Жыргап өтөсүң!

Б а р а т. Теңир жалгасын, мырзам. Адамчасынан: күн көрсөм дегенде менин да эки көзүм төрт болуп бүттү!

Б а к т ы я р. Кана, буга берер жообуңуз кайсы байке? Ылаңдаган таз жоруга окшоп, эмне үңкүйөсүз?! Же, дагы жаңы амал ойлоп таптыңызбы?!.

К е р и м б а й. Кудай ак жолуңду ачсын! Эми кандата бер кылычыңды!

Б а к т ы я р. Кудай урсун, байке, өмүр бою акылдуу сөз айтканыңыз ушу!

К е р и м б а й. *(Катуу күрсүнүп)* Атаганат, дүнүйө деген экен!..

Б а к т ы я р. Сиз аябай эле карып калыпсыз! Кейип жатам!

К е р и м б ай. Жо-ок, Бактыярым! Менин батыраак өлүп кетпегениме кейип жатасың!.. Өзүм карыган менен, акыл-эсим тунук. Бийликти бербейм!

Б а к т ы я р. *(Камчысын бөйрөгүнө таянып)* Мен шашылбайм. Акыры баары бир өлөсүз да!.. Кеттик, Барат ырчым.

### *Он биринчи сүрөт*

*Эки жагы жалама боор аска, ортосунда Шайтан-Көпүрө. Күңгүрөнүп аккан дарыянын доошу. Алыста үлбүр көрүнгөн ак баш чокулар, алардын этегинде токойлуу жылгалар. Түн. Караңгы асманда жылдыздар күйөт. Бактыяр, Барат, Чекир үчөө кирет...*

Ч е к и р. *(Төмөн карап)* Акетай, э-эй, жүрөгүң түшөт, ой!.. Суу каякта экени көрүнбөйт! Шайтан-Көпүрөң да курсунчу!

Б а к т ы я р. Бу Шайтан-Көпүрө эмес, Чекир палваным, кыяматтын кыл көпүрөсү деген ушу!..

Б а р а т. *(Караңгылыкка көз чаптырып, ойлуу):*

Жибек оңбос болсочу,
Жигит өлбөс болсочу.
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге көмбөс болсочу!..

Жибек оңот, жигит өлөт... Жибек кантип оңот?! Жигит кантип өлөт?! *(Бактыяр жанына басып келет. Барат тигинин бирдеңке сураганы келгенин биле коюп)* Эмне айтмакчы элеңиз, мырзам?

Б а к т ы я р. *(Баратты тигиле карап)* Бактыярдын башында чымчыктын мээсиндей да мээ жок, алдап эле жел ойноп турат, Бактыяр жел баш киши дешет экен... Былжырашыптыр ошолор. Момунун ичи толо эле мээ. Мен көп ойлоном.

Б а р а т. Эмне жөнүндө ойлойсуз, мырзам?

Б а к т ы я р. Оюңда катынды ойлойт деп турасың го? Жо-ок!.. Катын жерге кирсин. Менин башка арманым бар, Барат ырчым.

Б а р а т. Бардык эле жанда арман бар, мырзам. *(Курсунуп)* Менде да бар!

Б а к т ы я р. Меникиндей арман эч бир жанда жок. Билесиңби ал кандай арман?

Б а р а т. Билбейм, мырзам.

Б а к т ы я р. Таң сөгүлөрү менен бүркүт баатыр учуп чыгат аскадагы түнөгүнөн. *(Күрсүнүп)* Бүркүт баатыр учуп чыгат!.. Ага даап, айбат кылуучу бир дагы куш жок... Бардыгы корголоп турушат... Адам баласы эмнеге андай эмес, айтчы Барат ырчым, эмнеге андай эмес?!.

Б а р а т. Антпеңиз, мырзам. Асманда бүркүт болсо, жерде сизсиз.

Б а к т ы я р. Жаныңды жебе, Барат ырчы!.. Менден эч ким коркпой калды!.. Ырас, мени көргөндө бийик урматтуу мырзабыз дешкендер жок эмес. Бар. *(Баратты сынагандай тиктеп)* Байкап көрсөм, алар дагы анткорлонуп жүргөн өңдөнөт! *(Паузадан кийин)* Элди айла менен башкарыш керек деп... Баарын кылган жаңкы байке сөрөй, карган шайтан десе!.. *(Тиштенип)* Карышкыр баатыр улам биринин канын соруп, жүрөгүн үшүтүп турбаса, карышкырдын тукумун небак эле курутуп коёт болчу маңыроо койлор!..

Ч е к и р. *(Жылжый басып)* Таң сөгүлө баштады, мырзам.

Б а к т ы я р. Таңдын сөгүлгөнү жакшы!.. *(Күлүмсүрөп)* Таң сөгүлөрү менен бүркүт баатыр учуп чыгат аскадагы түнөгүнөн!.. Жашынгыла!..

*(Үчөө жашынат. Паузадан кийин Токтогул, Жибекчач, Асек кирет)*

А с е к. Эмнеге токтоп калдык, Токо?

Т о к т о г у л. Барат келмек эле. Ал экөөбүз Талас аша турган болдук.

А с е к. Барат мененби?!

Т о к т о г у л. Ооба.

*(Пауза. Комуздун кылы муңдуу өксүйт)*

А с е к. «Барат курбуңду Током менен келгенде көргөм... өзүңө окшогон жылдыздуу бала экен... ылайым өмүрлү болсун!.. Экөөңө тең дайыма өмүр тилеп турам, Асекбай... Эжеңер чакыртканда кыйыктанбай келип тургула... Током ырга кошуп жүрбөйбү...

Ой, Дүрдана, Дүрдана,
Шыңгыр күмүш үн кана? деп...

Током мени шыңгыр үндүү күмүшкө теңеп койду!.. Атаганат, айбан менен миң күн өмүр сүргүчө, адам менен бир күн жолдош болгон артык тура!.. Келип тургула Барат экөөң. Токомдон кем көрбөйм». Дүрдана жеңе үзүлүп баратканда өзүн ойлогон жок. Баратты чакырды!.. Баратты ойлоду!.. *(Токтогулду тигиле карап)* Адамдын ким экенин билүү кыйын окшобойбу, Токо!

Т о к т о г у л. Билем деген сайын, билгениңден биле элегиң көп! Дүнүйө дегениң ушундай турбайбы, Асекбайым!

Ж и б е к ч а ч. Барат адашып жүрдү!

А с е к. Мүмкүн.

Т о к т о г у л. Жеке ал эмес, биз өзүбүз да өмүр бою адашып келатабыз.

А с е к. Туура айтасыз, Токо. Бараттын келгени жакшы. Чынын айтсам, мен кубанып жатам.

Т о к т о г у л. Кана эмесе, коштошолу...

*Дөөдөй таштардын артынан Бактыяр, Барат, Чекир үчөө суурулуп чыга келет.*

Б а к т ы я р. *(Тапанчасы менен ойноп)* Ашыкпагын, Токтогул ырчы!..

Ж и б е к ч а ч. Апакебай!

Б а к т ы я р. Чыңырба!

А с е к. Сен ушинтип жолугушмак экенсин го, Барат?!..

Б а к т ы я р. Тарт тилинди!.. Сүйлөп коёт... Барат Бактыярдын ырчысы!.. Жыргап жүрөт! *(Токтогулду карап)* Сен болсоң он эки жыл Шиберде тентип жүрүп качып келипсиң... Дагы эле качып-бозуп жүрөсүң...

Айдалып барып болуштан,
Мен, агайын таптым орустан,

деп, ырдап... орустарды агайын тутуп... ногойлорду агайын тутуп... Бүт Расийдеги калктар менен агайындашып калган турбайсыңбы!.. Ошолордун тагдырына күйүп-бышып, ээ?!. Кыргыз журтуңун тагдыры эмне болорун ойлодуң бекен, я?!.

Т о к т о г у л. Расийдеги калктардын жери да бир экен... асманы да бир экен... тагдыры да бир экен!..

Б а к т ы я р. *(Колундагы тапанчасы менен ойноп, мыскылдуу)* өлтүрүп коём, Токтогул ырчы!

Т о к т о г у л. Өлтүрөрүң бышык. Мен буга ишенем. Бирок менин өмүр бою зарлап тилеген тилегимди өлтүрө албайсың... кудиретиң жетпей калды!

Б а к т ы я р. *(Текебердүү күлүп, акырын)* Жетет, Токтогул ырчы!.. Кудайтаалам бийликти да бизге буюрган... байлыкты да бизге буюрган...

Т о к т о г у л. Жок, Бактыяр мырзам!.. Энеден туулганда бир чеңгелине бийликти кармаса, экинчи чеңгелине байлыкты мыкчып түшөт деп ойлоочу элем Рыскулбектин тукумдарын. Көрсө, андай эмес экен. Энеден төрөлгөндө баарыбыз тең эле кур алакан, жылаңач төрөлөт экенбиз!..

Б а к т ы я р. У-у...

Б а р а т. Сабыр кылыңыз, мырзам!

Б а к т ы я р. Айтарың барбы, Барат ырчым?..

Б а р а т. Колуңузду булгабаңыз... Жаманаттысы калса маа калсын... Маа бериңиз... Мен өз колум менен жайлайын буларды.

Б а к т ы я р. Азаматсың, Барат ырчым!.. Табылбаган акыл. Кана, кудай жолуна деп кириш!..

Б а р а т. *(Үстүндөгү чепкенин чечип ташка коёт. Токтогулду тиктеп)* Адам болуп күн көрмөк кыйын,

кыйын да болсо асыл, айбан болуп күн көрмөк арзан, арзан да болсо кор! Бул сөздү сизден уккан элем.

Б а к т ы я р. Муңбагын, Барат ырчым!.. Ушулардай болуп тентиреп жүргөндөн көрө өлүп тынган артык!

Б а р а т. *(Токтогулдан көзүн албай)* Адам деген жакшы сөз турбайбы!

Ж и б е к ч а ч. Сен жерге кир адам болбой!

Б а р а т. Туура айтасың, Жибекчач *(Кайрадан Токтогулга жалт бурулуп)* Кошкула, Токо!

*(Эки жагында турган Бактыяр менен Чекирди капшый кармап, алар менен кошо бийик аскадан боюн таштайт)*

*«А-а» деп түпкүрдөн угулган үн. Асектин «Бара-ат!» деп үзүлө кыйкырганы алда кайдан жаңырыкталат.*

Т о к т о г у л. *(Ойлуу)*

Өзөнгө элим толсочу,
Өмүр өтпөс болсочу.
Жашка ажал келбес болсочу,
Жакшы адам өлбөс болсочу!..

Ыйлаба, Жибекчачым! *(Жибекчачтын маңдайынан жыттап)* Ар качан өмүр тилеп турам силерге!.. *(Асек менен Жибекчач узайт. Токтогул алардын соңунан кол булгап)* Жакшы баргыла, акетайларым! Жакшы баргыла!..

***А я г ы.***

## КАДЫРЛАШТАР

*(Эки көшөгөлүү драмалык повесть)*

**КАТЫШУУЧУЛАР:**

Ы с м а н
Н а з г ү л
Г ү л н а р а
Б а з а р о в
С а к е н
Б а к а е в
Н а м ы р б а й
З е й н е п
Ж о р о б а й
М а м а ж а н
С а т а р
Б ө л ү м б а ш ч ы с ы
А й н а
Н а й ч а
М а т а е в
Н а з а р о в а

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Биринчи сүрөт*

*Ысмандын үйү. Тамак ичүүчү бөлмө. Жеңил музыка алыстан үзүлүп угулат. Сол эшиктен Назгүл кирип, столго тамак-аш коё баштайт. Көпкө узабай маңдайкы эшиктен шашып-бушуп, Гүлнара көрүнөт.*

Н а з г ү л. Гүлнара!..

Г ү л н а р а. Эмне, мамочка?!

Н а з г ү л. Келчи, кызым, жардамдашып жиберчи. Азыр эле папаң телефон чалды, шашылыш экен, кеткен жатыптыр.

Г ү л н а р а. Дагы командировкагабы?

Н а з г ү л. Ооба.

Г ү л н а р а. Кечирип кой, мамочка, мен да шашылып жатпайымбы?!.

Н а з гү л. Кайда?..

Г ү л н а р а. Бүгүн генеральный репетиция деп, жана эле айтпадым беле. Кой, мен учтум!.. Режиссер агайдын ачуусу жаман, бир мүнөт кечиктиңби, бүттү. Унчукпайт. Көз карашы менен эле жеп коёт. Албетте, мага анте албайт дечи...

Н а з г ү л. Эмне үчүн?..

Г ү л н а р а. Мен деген башкы... героинямын да!.. Болгондо да... жападан-жалгыз!.. Күлбөй эле кой. Менин ордумду басуучу кыз... Өлкөдө билбейм, болсо болор, мектепте жок, это точно!..

Н а з г ү л. Ай, кудай ай, кимибизди тартып калганыңдыда билбейм.

Гүлн а р а. Сени тартсам мүмкүн... папамды эмес...

Н а з г ү л. Демек, мен мактанчаак экенмин да, а папаң болсо...

Г ү л н а р а. Папам өзгөчө адам… Бирок… билесиңби,мама… Мен сөз уктум… Мага бир кыз айтты.

Н а з г ү л. Эмне деп?

Г ү л н а р а. Папамды элдер жаман көрөт дейт!.. А папам болсо ушундай жакшы… Айтчы, мамочка, эмнеге аны жаман көрүшөт?! Эмнеге?!

Н а з г ү л. Билбейм, кызым, ырас айтам.

Г ү л н а р а. Ай, мейличи, жаман көрсө көрө беришсин.Бизге эмне… Өзүбүз жакшы көрсөк болду да, ээ, мамочка? Мен келгиче сагынбай тур. Тызылдадым!.. *(Кайра кайрылып)* Мамочка!..

Н а з г ү л. Эмне?

Г ү л н а р а. Айтамын деп унутуп калган турбаймынбы.

Н а з г ү л. Эмнени?

Г ү л н а р а. Түндө түшүмдө… папам үчөөбүз кол кармашып алып, кызгалдактуу талаадан жүгүрүп баратыптырбыз… Үчөөбүз тең каткырып күлүп… Алыста-алыста тоолор!.. Алар ушунчалык бийик, ушунчалык таза!.. Биз ошол бийик тоолорду көздөй жүгүрүп баратабыз!.. Жүгүрүп баратабыз!.. Жүгүрүп баратабыз! *(Томсоро калып)*. Анан…анан…

Н а з г ү л. Анан эмне болду?

Г ү л н а р а. *(Жарк этип күлүп)*. Анан… *(мамасын өөп)*кечирип кой, мамочка… Анан, безилдеш керек болуп калды!..

Н а з г ү л. Барагой.

Г ү л н а р а. *(Мамасын кучактап)*. Бүгүн директор агай өзү баш болуп келет имиш… Окус кулап калсам… Уят эле иш болот, ээ?

Н а з г ү л. Уят болбой анан…

Г ү л н а р а. Кейибе, мамочка… мен тырышам… Намыска калганда билесиң го… Мен бар эмеспи… Мен… Все, все…

Жел өпкөлүк экинчи кайталанбайт! Железно!.. Ай-ий, убакыт болуп калган тура!.. Учтум!..

Н а з г ү л. Гүлнара!..

Г ү л н а р а. Эмне?

Н а з г ү л. Репетицияң бүтөрү менен дароо келгин. Кечикпе!.. Уктуңбу?

Г ү л н а р а. Уктум, мамочка. Көп эле болсо төрт-беш саат кечигем, андан ашсам эле эмне дейсиң…

Н а з г ү л. Ай, улак десе…

*Гүлнара жүгүрүп чыгат. Назгүл роза салынган вазаны столго коёт. Телефон шыңгырайт.*

Н а з г ү л. *(Трубканы алып)*. Алло!.. Ооба… Угуп жатам. Намырбай?!. Ой, көптөн бери үнүңдү укканым ушул, ырас болбодубу телефон чалганың!.. Жок, азыр келиши керек… Үйдө элемин. Кетпейм… Жакшы болот…

*Назгүл трубканы илер замат, Гүлнара менен Бакаев кирет.*

Гүлнара. *(Бакаевди колунан сүйрөп)*. Кыйыктанбаңыз, Карагул агай. Баары бир ой-боюңузга койбойм… Киргизем дегенден кийин, бүттү, сөзсүз киргизем… Мама!.. Бизге мейман келди!..

Н а з г ү л. Карагул Бакаевич!..

Б а к а е в. Саламатсызбы, Назгүл Салиевна.

Н а з г ү л. Эсенчилик, Карагул Бакаевич. Бери өтсөңүз…

Б а к а е в. Ыракмат. Активден жаңы эле келсем, үйдө эч ким жок. Сыртта эле күтө турайын десем, Гүлнарбай эле болбой…

Г ү л н а р а. Мына, кызык!.. Бул жерде биздин үйүбүз турса, сиз Сайкал жеңени күтүп жалдырап сыртта турмак белеңиз?! Я этого не допущу!.. Ал киши келмейинче карыш жылбайсыз! Уктуңузбу?

Б а к а е в. Баш ийдим, Гүлнарбай!..

Г ү л н а р а. Баш ийбей көрүңүзчү!.. Ой, кечиктим!..- Режиссер агай өлтүрөт эми… Это точно!..

Н а з г ү л. Кантип эле… Сен башкы героинясың да!..

Г ү л н а р а. *(Мамасын кучактап)*. Ну, ты просто прелесть, мамочка!.. Кой, мен зымырадым!..

Б а к а е в. Гүлнарбай!

Г ү л н а р а. Эмне дейсиз, Карагул агай?

Б а к а е в. Чочубагын, эркем. Мени кармап калды десең, режиссер агайың үн дебейт. Ошенткин.

Г ү л н а р а. Карагул агай, бу эмне дегениңиз?! Ошондой да болчу беле?!.

Б а к а е в. Эмнеге болбосун?!

Г ү л н а р а. Мейли, режиссер агай урушса урушсун, мен өзүм кармалып калдым деп эле ырасын айтам. Мама!.. Карагул агайды зериктирбей отургун, макулбу?.. Менде сонун пластинкалар бар, Карагул агай… Магомаев, Карел Готт, Мирей Митье… Каалаган ырчыларыңыздын баарын табасыз… Ну, пока… Мен сыздым!..

*Сахнада Бакаев менен Назгүл.*

Б а к а е в. Гүлнарбайды көргөн сайын… жарык дүйнө ого бетер жарык көрүнгөнсүп… Өмүрлүү болсун!.. Алтындай балаңар бар!

Н а з г ү л. Миң мертебе кулдугубуз бар, Карагул Бакаевич!

Б а к а е в. Коюңузчу, Назгүл Салиевна… Анчалык эмне кылып жибердим дейсиз…

Н а з г ү л. Тилегиңиз дайыма жакшылык… Муну эмне,аз деп ойлойсузбу?

Б а к а е в. *(Күрсүнүп)*. Ах, Назгүл Салиевна! Назгүл-Салиевна!.. Жеке мен эмес, бардыгыбыз жакшылык тилеп үйрөнүшүбүз керек. Мойнубуздагы парзыбыз да. Айта берсе, милдетибиз!

Н а з г ү л. Албетте. Бирок беш кол тең эмес турбайбы!..

Б а к а е в. Бул айтканыңыз жөн. Кээде ойлой-ойлой капа да болосуң. Жаде калса, асмандагы күндү да жалгыз гана мага тийсе дегендер көбөйүп баратКансыйт. Ай, ошолор курусунчу!..

Н а з г ү л. Чогулушта отуруп чарчаган чыгарсыз, чайга караңыз… Баса оор операция болуп катыша албай калдым, актив кандай өттү?

Б а к а е в. Бир сөз менен айтканда, укмуш!..

Н а з г ү л. Болсун, Карагул Бакаевич!

Б а к а е в. Анда ушундай бир салгылаштар болду дейсиз… Анткен менен Ысман азамат!.. Бүгүн айрыкча катырып сүйлөдү!.. Эч кимибизди аяган жок… Ар кимибиздин жонубуздан кайыш тилип… Мени да өкүрттү!.. Ошол эледейсизби… Алияскар Айдаровичти да борбуйдан алды!..*(Тамекисин күйгүзүп)* Ырас, ага калганда кандайдыр кыжырланып сүйлөгөндөй болдубу, айтор…

Н а з г ү л. Ал эмнеси экен?.. Ошондой да болчу беле?.. Адептүүлүктү унутпаш керек да… Карагул Бакаевич?..

Б а к а е в. Эмне дейсиң, Назгүл Салиевна?

Н а з г ү л. Кечиресиз… Ысман сындаганда… деги кандай далилдер келтирди?.. Орундуу далилдерби, же…

Б а к а е в. Орундуу эмей анан… Жөн бет тырмап калса, оозума да албайт элем… Ишениңиз…

Н а з г ү л. Ишенем, Карагул, Бакаевич… Мен жөн эле…Кээде ал эмоцияга берилип кетчү эле…

Б а к а е в. Байкап турам, Назгүл Салиевна… Баары бир күмөн санап жаткан өңдөнөсүз…

Н а з г ү л. Коюңузчу, сизден кантип күмөн санайын. Антсеңиз, таарынам.

Б а к а е в. Таарынбаңыз, Назгүл Салиевна. Мен билем, сиз мага абдан ишенесиз. Ошентсе да… Сайкал кел-

гиче төкпөй-чачпай айтып берейин, Ысман кандай сүйлөдү экен, кунт коюп угуп, өзүңүз баамдаңызчы! *(Кыска паузадан кийин)*. Ошентип, бир нече оратордон кийин Ысманга сөз берилди...

*Сахна акырындап караңгылайт. Айланпа тегеренет. Трибунада Ысман.*

*Анын артында Базаров баштаган президиум мүчөлөрү.*

*Жымжырт.*

Ы с м а н. *(Бет алдындагы залды сыдыра тиктейт. Акырын)*. Биз кийинки муундардан алкыш алабызбы, же наалат угабызбы?—менимче, жаныбызды кейиткен суроолордун бири ушу болууга тийиш эле... Туурабы?..

Ү н д ө р. Туура!.. Туура!..

Ы с м а н. *(Мурдагыдай эле басыңкы үн менен)*. Кийинки муундарга шаарлар калат, кыштактар калат, жолдор калат... Акырында, бардык мурасыбыздын ыйыгы – жер калат. *(Залды кайрадан сыдыра тиктеп, мурдагыдай эле басыңкы үн менен)*. Биз ага кандай мамиле кылып жатабыз,ушу туурасында ойлонолучу?!. Мисалы, жайыт маселесин алсак... Кай бирөөлөр «О, жайыт деген бизде иттин кара капталынан» деп кесирленишсе, экинчи бирөөлөрү жайыттар беш көкүл эле бойдон деп компоюшат. Ал эми чындыгында кандай?!. Айрым чарбалардын малы бир нече жылдан кийин эмне отторун айтуу кыйын болуп калды!.. Мүмкүн мен апыртып жаткандырмын?..

Ү н д ө р. Апыртмасы жок!.. Туура сөз!.. Туура!..

Ы с м а н. *(Катуу)*. Андай болсо, эмне үчүн буга кабыргабыз кайышпайт?! Эмне үчүн бул туурасында мелтирейбиз?!. Эмне үчүн ойт беребиз?!. Эмне үчүн?!, *(Кыска паузадан кийин)*. Мынакей, райондун башкы зоотехниги жолдош Муратов маңдайымда отурат. Жайыт де-

генде барыдан мурда жаны ачыган адам ошол болууга тийиш эле. Бирок такырланып бараткан жайыттар туурасында маселе коюп, күйүп-бышканын көргөнүңөр барбы?!. Кана, ким айта алат?!. Анын бар болгон кызматы, сен мага тийбе, мен сага тийбейин деп, көрүнгөндү жалоорун тиктеп… кыскасы, өзү отурган креслону кош колдоп мыкчып, тиши менен столун тиштеп калды!..

*Пистолет Сакендин жүзүн жарык кылат.*

*Ал отурган ордунда нары-бери ойдолоп, өзүн кандайдыр ыңгайсыз сезет.*

*Залда күбүр-шыбыр, уу-дуу.*

Ы с м а н. Эми айдоо жер маселесине келсек… Балким, бул жагынан укмуштурбуз?!. *(Өксүй кыйкырып)* Жок!..Жок!.. Дагы бир жолу жок!.. Менин доорума кеңкесири жетет, менден кийин эмне болсо ошо болсун деп, көз көрүнө текебер мамиле кылган чарба жетекчилери али да болсо толуп жатат!.. Мисалы, «Учкун» колхозунун председатели жолдош Матаевди алсак…

*Пистолет кабелтеңинен келген такыр баш Матаевдин жүзүн жарык кылат.*

*Ал кебелип да койбойт. Кандайдыр текебердүү күлүмсүрөп, чалкалай тартат, көзүн сүзөт.*

Ы с м а н. *(Президиумда отурган Бакаевди карап)*. Сиз сүйлөгөндө мен бир нерсеге таң калып олтурдум, Карагул Бакевич. Ишенгеним жок. Сиз уюштургуч жактан жолдош Матаевди феномен деп жар салдыңыз. Ал эми айдоо жерлерге келгенибизде андан да укмуш, жөн эле камкор атадай мамиле кылат деп учуруп таштадыңыз. Эмне, сиз аны чынында эле ошондой деп ойлойсузбу?.. Жок. Жолдош Матаев — сиз ойлогондой эмес. Ырас, өзүнө калганда мээрман болушу мүмкүн, ал эми жер маселесине келсек, бул жагынан ал жеткен таш-

боор, мерес, айта берсе мыкаачы адам. Ал айдоо жерлерди эзип пайдаланып жатат. Мына булжагынан алганда, ал чынында эле феналон, жан аттууну алдына чыгарбайт!

М а т а е в. *(Жаңкы отурган калыбында, көзүн ачпастан,акырын )*. Мыскылдабай сүйлөңүз, жолдош Асанов. Мыскылдабаңыз!..

Ы с м а н. Сизди бар го, жолдош Матаев, мыскылдамак тургай, небак эле жоопко тартыш керек болчу!..

М а т а е в. *(Бир көзүн ачып )*. Камалгыдай эмне кылыпмын?

Ы с м а н. Сиз көз көрүнөө зыянкечтик кылып жатасыз!..

М а т а е в. *(Экинчи көзүн ачып )*. Оозуңузга карап сүйлөңүз, жолдош Асанов. Мен талап кылам!..

Ы с м а н. Оозума карап эле сүйлөп жатам. Сиз которуштуруп айдоону аткардык деп элдин баарын дайыма будамайлап коёсуз, ал эми чын-чынына келсек!.. Сиз айдоо жерлерди бир жолу да тыныктырганыңыз барбы, кана, айтыңызчы?!. Жок!.. Сиз кайра-кайра айдап, асылын кетирип, топурактын структурасын бузуп жатасыз... Айрым массивдер чаңга айлана баштады... Бул, эмне, зыянкечтик эмес бекен?.. Менимче, барып турган зыянкечтик деп так ушуну айтат!..

Ү н д ө р. Туура!.. Туура!..

Ы с м а н. *(Залды айландыра тиктеп )*. Жаны кыйналгандан жер жаныбар онтоп жатат, а жолдош Матаев болсо аны укпайт. Себеби, жердин онтогонун дыйкан киши гана угат!..

М а т а е в. Башын кашыгылап, бирде өбөктөй калса, бирде чалкалай түшүп, тынчсыз.

Б а з а р о в. Жолдош Асанов, мурда айттыңыз беле бул туурасында?

Ы с м а н. Мен көптөн бери какшап келатам, Алияскар Айдарович. Бирок жолдош Матаевдин сыйкыры барбы, айтор… Кыскасы, ал кишини танке менен тебелетем десеңиз,танкенин өзү чалкасынан түшүп тебеленип калат…

*Залда күлкү.*

М а т а е в. *(Ордунан атып туруп, үнүнүн бардыгынча чаңырат).* Обу жок күлдүрүп… Сиз ага маашырланбаңыз, жолдош Асанов, күлдүрүү менин колумдан келет…

Б а к а е в. *(Акырын, өкүм).* Жолдош Матаев!.. Сиз өзүңүз кандайсыз деги… Же кайда отурганыңызды унутуп калдыңызбы?!. Адамда ызаат деген болчу эле го!.. Кечирип коюңуз, Ысман Тынаевич… Уланта бериңиз… Азыр сиз абдан туура сындап жатасыз жолдош Матаевди…

Ы с м а н. Азыр эле эмес, Карагул Бакаевич, биз дайыма туура сындап келатабыз. Сындаганда да жөн эле жүлүнгө сайып, кудайга үнүн жеткизе сындайбыз… Бирок сиз…

Б а к а е в. *(Күлүмсүрөп).* Мен эмне, жолдош Матаевди көкүлүнөн сылап жүрөмбү?.. Анын терисин тилип, туз сепкендердин бири менмин да чынында.

Ы с м а н. Ырас, сиз да дайыма катуу сындайсыз. Бирок биз катыра сынадык деп кайкаңдаганыбыз менен, чынында көкүлүнөн сылап жүрөбүзбү деп чочуйм…

Б а к а е в. Кечиресиз, ачыгыраак айтсаңыз экен таптакыр түшүнүксүз болуп калды…

Ы с м а н. Айтыңызчы, Карагул Бакаевич, ушунча болуп бир жолу чара көрүлдүбү жолдош Матаевге?!. Жок!.. Биз дайыма күпүлдөй беребиз, а жолдош Матаев болсо кулагын жапырып коюп, кыт-кыт күлүп жүрө берет. Менимче, көкүлүнөн сылоо деген ушул!..

*Зал уу-дуу. Базаров коңгуроонун кнопкасын басат.*

Ы с м а н. Сиз туура көрсөттүңүз, Алияскар Айдарович. Адам баласынын саны барган сайын көбөйө берет. Жер өспөйт!.. Ошондуктан, биздин жерге болгон мамилебиз кескин өзгөрүүгө тийиш. Биз ар бир укум жердин асылдыгы үчүн күрөшүүбүз керек. Бул күрөш күнүмдүк эмес, түбөлүктүү болууга тийиш. Это прекрасно!.. Кошулам!.. Колдойм!..Бирок менин сизге да айтарым бар… Ушул эле активден мисал…

*Жым-жырт. Базаров жазуусун токтотуп, Ысманга кулак түрөт.*

Ы с м а н. Айрым ораторлор сүйлөгөндө, Алияскар Айдаровичтин терең мазмундуу докладында көрсөтүлгөндөй дешип, кайра-кайра сиздин ысмыңызды аташып… улам бир маселенин үстүнөн жылгаяк тээп, араңжан сөздөрүн бүтөр-бүтпөс сизди карап алакан чабышып… Алардай жээксиз кошоматчылардын жаагын ошо замат кайрып коюшуңуз керек эле!.. А сиз болсоңуз унчукпай угуп отурдуңуз… Ал тургай айрымдарына алакан чаап…

Б а з а р о в. Сүйлөй бериңиз, жолдош Асанов. Мен угуп жатам.

Ы с м а н. Биздин өмүрүбүздүн уландысы жаштарда, ошондуктан биз жерди сүйүп, урматтоого, адам болууга үйрөтүшүбүз керек дедиңиз. Это прекрасно!.. Биз өзүбүздөгү эң мыкты сапаттарды ошолорго беришибиз керек. Бирок активде отурган жаштар сиздин унчукпаганыңыздан улам Алияскар Айдаровичке кошомат жагат турбайбы деген ойдо калышты да… Болбосочу! Мындан ары алар да кошомат кылышы мүмкүн. Демек айрым жаштардын аксашына биз өзүбүз айыптуу болуп жатпайбызбы?!.

Б а з а р о в. Турмушта кылдаттыкты талап кылуучу нерселер көп. Алардын ичинен эң кымбаты адам. Ага калганда шашмалыктын кереги жок!

Ы с м а н. Албетте, адамдын жаны өтө эле морт. Ага кылдаттык керек. Бирок, жаңкы арсыздарга калганда... Кечиресиз, Алияскар Айдарович, андайларга сыпайкерчиликтин кереги жок... Ошол замат чечекейге чабыш керек болчу!..

*Чымын учса угулчудай жым-жырт. Пауза. Базаров кол чабат. Ошону эле күтүп турган шекилдүү кол чабудан зал жаңырыктайт. Акырындап жарык күйөт. Айланпа тегеренет. Кайрадан Ысмандын үйүнүн тамак ичүүчү бөлмөсү.*

*Назгүл жаагын таянып, ойлуу.*

Б а к а е в. *(Акырын).* Ошентип, ал эч кимибизден тайманган жок, өзү айткандай, ар кимибизди чечекейге чаап, жүрөгүндө болгондун баарын төгүп таштады. Албетте, жашасын сын, ура деп сынга кубанган адамды өмүрүмдө көрө элекмин. Назгүл Салиевна. Тескерисинче, сын айткан кишиге таарынып, ал тургай аны душман көрүп калуучулар да болот. Биз ошон үчүн адамбыз да. Бирок ага карабастан жалтанбай туруп кемчиликтерди дайыма бетке айтуу керек. Мен лично бийик адамкерчиликтен чыныгы тазалык деп дал ошону түшүнөм!..

Н а з г ү л. *(Муңайым тиктейт).* Элдин баары Сиздей акжаркын болсо го! Кандай жакшы болор эле!

Б а к а е в. Назгүл Салиевна, кудай жалгагыр, оңкобаш атпайын, көп мактанбаңызчы, макулбу...

*Ысман кирет.*

Н а з г ү л. *(Күйөөсүнүн келгенин байкабай).* Сизди мактагандан өмүрү тажабас элем, Карагул Бакаевич, сөзүм жетпейт го чочуйм.

Ы с м а н: *(Жаркылдап).* Чочубагын, Нази. Экөөлөсөк, кудай алсын, сөз деген табылат. Айрыкча мактоого калганда укмуш эмеспизби... Кутмандуу кеч, Карагул Бакаевич!..

Б а к а е в. Кутмандуу кеч, Ысман Тынаевич, кутмандуу кеч.

Ы с м а н. Шайтан баскырдыкы, чынында эле адамды мактагандан жакшы эчтеме жок окшобойбу бу дүйнөдө. Эчким сени урушпайт экен... Жектебейт да экен... Кулагың тынч, жаның жай... Дос көбөйүп, душман азайып... Мына сага май талкан турмуш!.. Эмнеси жаман? *(Отуруп жатып).* Анткен менен жолдош Матаев катуу таарынган окшойт, мени көргөндө жөн эле жан алгычын көртөндөй шарт бурулуп кетти!..

Б а к а е в. Коюңузчу!?. Ырас эле ал ошенттиби?!.

Ы с м а н. Ооба.

Б а к а е в. Жакшы эмес. Анын мунусу наадандык!.. Уят!..

Ы с м а н. Сиз аны уяткарбаңыз, Карагул Бакаевич. Матаев таарынса жөнү бар, ал кишинин деңгээли ошол. Баарынан да Алияскар Айдаровичти айтпайсызбы...

Б а к а е в. Сиз эмне, ал кишини да таарынып кетти деп ойлойсузбу?!.

Ы с м а н. Мүмкүн, жаңылып жаткандырмын. Бирок баамымда ошондой болуп калгансыды...

Б а к а е в. Мына тамаша... Кантип эле ошондой болсун?!.

Ы с м а н. Чынын айтсам, мен ага таң калбайм. Кереги эмне... Ал киши деле адам да. Мына сизди алсак... Сиз деле таарындыңыз. Же таарынган жоксузбу?

Б а к а е в. Өзүңүз билесиз, мен сыр жашыра албайм. Адегенде куйкам куруштту. Ыза болдум. Ачуум да келди. Анан бара-бара ойлонуп калдым. Сиз мени аябай ойлонтуп койдуңуз.

Ы с м а н. Демек, таарынганым жок деңизчи?

Б а к а е в. Менин кандай экенимди билгендей деле болдуңуз го, Ысман Тынаевич. Сиз канчадан бери сын-

дап келатасыз, бир да жолу таарынганым барбы? Кана, билсеңиз айтыңызчы?!.

Ы с м а н. Жок, жок тамаша кылам, кечирип коюңуз, Карагул Бакаевич. Эч качан таарынбайсыз. Мен ошон үчүн жанымдай көрөм сизди.

Б а к а е в. Ошон үчүн элеби?

Ы с м а н. Адамды жаныңдай көрүш үчүн ал өтө эле аздык кылат Карагул Бакаевич... Демек...

Б а к а е в. Демек, Түшүнүктүү. Ыракмат, Ысман Тынаевич. Мен сизге ишенем.

*Телефон шыңгырайт.*

Н а з г ү л. Кечиресиздер. *(Трубканы алып.)* Алоо!.. Саламатсызбы, Сайкал Мамыровна... Ооба, биздикинде... И, ананчы... Жалгыз калтырбай жүрүңүз да, илип кетпегенде анан, араң эле турбайбызбы. Мына, азыр *(Трубканы сунуп )*Карагул Бакаевич!..

Б а к а е в. Ыракмат *(Трубканы алып )*... Эчтеме эмес, Сакиш, сени күткөнгө көнүп албадымбы... Трубканы илгениңче ошол жерде болом *(Трубканы илет )*. Кечирип коюңуз, Назгүл Салиевна. Түнү менен колхоздорго чыгып, адамдарды чыйралтпасак... Күн жаабай, айдоолор күйүп баратпайбы...

Ы с м а н. Мен да шашылышмын, Карагул Бакаевич... Болбогондо жай баракат маектешип, шахмат ойноп дегендей... Эчтеке эмес... Аздан кийин кырчылдашабыз...

Б а к а е в. Мурда дайыма сиз утчу элеңиз...

Ы с м а н. Эмкисинде да мен утам.

Б а к а е в. Жок, Ысман Тынаевич, эмкисинде мен утамго деген үмүтүм бар, себеби... сиз күтпөгөн жүрүштөрдү астыртан акыры-ын камдап жүрөм... *(Колун көтөрүп )*. Көрүшкөнчө!..

Ы с м а н. Жакшы барыңыз, Карагул Бакаевич *(Бакаев чыгат )*.

Н а з г ү л. Ысман!..

Ы с м а н. Эмне дейсиң, Нази?

Н а з г ү л. Кийин айтайын, болбогон эле нерсе…

Ы с м а н. Кийин болбойт, азыр айтышың керек! Сен, эмне, менин сырымды билчү эмес белең… Мен жаман кишимин да… туура эмес иш кылып, Назимдин көңүлүн оорутуп койдумбу деп… адеп ойлоно берип, өзүмдү өзүм жеп коём…

Н а з г ү л. *(Күлүмсүрөп)*. Сен чынында эле жаман кишисиң!.. Болуптур эми… Билесиңби, Ысман… Бирөөнү сындаганда кыжырланбай сындап жүрчү… Макулбу?

Ы с м а н Ошол элеби?

Н а з г ү л. Ошол эле…

Ы с м а н. Кудай алсын!.. Мындан ары жадырап-жайнап… каткырып күлүп… ал тургай, жалынып-жалбарып, эркелетип туруп сындайын… Мынакей колум. *(Аялынын чачынан жыттап)*. Билесиңби, Нази!.. Баягында-баягында, мен тоодон терип келген жоогазынга оронуп жатканында биринчи жолу чачыңдан жыттаган элем!.. Ошондон бери дайыма жаңы үзүлгөн жоогазын жыттанасың!..

*Ысман чыгат. Назгүл оң кол тараптагы эшикке бет алат.*

*Кыска паузадан кийин Намырбай кирет.*

Н а м ы р б а й. Үйдө да эч кимиси жок! *(Оң жактагы эшиктен колуна саквояж кармап, Назгүл чыгат. Намырбай жашына калып, Назгүл жанынан өтөрдө)*. Ну, заяц, погоди!..Ха-ха-ха… Мен да кызыкмын. Тирүү адамды сойгондон жүрөгүң солк этпейт, анан мага окшогон бечара карышкыр эмне болуп калыптыр!..

Н а з г ү л. *(Күлүмсүрөп)*. Анткен менен карышкырдан чалышың бар окшобойбу… Ырастан эле жүрөгүм шуу дей түштү!.. Биякка өт, Намырбай… Мына кызык, минтип караганың эмнең?

Н а м ы р б а й. Мен чычкан мурдун каната албайм, корком. А сен болсоң, ак куунун тыбытындай назик болуп туруп, кайраттуусуң…

Н а з г ү л. Кереги эмне, Намырбай…

Н а м ы р б а й. Жеке эле мен дейсиңби, Нази. Алияскар Айдарович өзү баш болуп мактап жүрөт билсең. Авариядан кийин аялынын бутун кесип таштабай, А м а н алып калган сен болбодуңбу!.. Баса, гипсин алдыңарбы?

Н а з г ү л. Бүгүн рентгенге салдык. Жакында алабыз го.

Н а м ы р б а й. Бечара Алияскар Айдарович!.. Ал кишиге кыйын болду!

Н а з г ү л. Аялы кырсыкка учурагандан кийин жалгыз карындашынын күйөөсү өлүп… Кыйын болбой анан!..

Н а м ы р б а й. Деген менен кайраттуу киши экен!..

*Намырбай розаны жыттайт. Алыстан-алыстан «Назгүл»ырынын гитарада ойнолгон обону угулат. Назгүл ордунан туруп, ойлуу.*

Н а з г ү л. *(Гитарада ойнолгон обондун коштоосу менен).* Биздин институтка келип, мени менен бийлеп жүргөнүндө шырыктай болгон ак жуумал жигит эле… чачы көмүрдөй… үнү коюу… *(Жеңил күрсүнүп).* Эми көргөнүмдө карасам… *(Күлүмсүрөп).* Мен да кызыкмын… Өзүм эмне…Менин чачыма деле ак кирип калбадыбы!.. Деги кызык…Ал менин эсимде студенттик жигит калыбында калган окшобойбу!.. Ал да улгаят деп эч качан ойлонбосом керек!..

Н а м ы р б а й. Кечиресиң, Назгүл… Демек, Алияскар Айдарович экөөңөр баштан эле тааныш турбайсыңарбы, ээ!..

Н а з г ү л. Ашкан жинди окшобоймунбу ал кезде…Күндөрдүн биринде башым ооруп төшөктө жатып калдым…Түн бир оокум… Жамгыр төгүп турат. — «Биз эмне кылсак сакаясың, Нази?» — Мени көргөнү келген балдар-

дын бири ушинтип сурап калды. Алардын ичинде Алияскар менен Ысман да бар эле. — «Азыр түнү менен барып тоодон жоогазын терип келсеңер, мен дароо сакаямын!» — деп күлдүм. Албетте, мен жөн эле тамаша кылгам. Анткен менен, ошондой бирөө болсо кандай жакшы болот эле деп ичимден ойлогом. Кантип ойлобой коёюн. Бирок… *(Кыска паузадан кийин)*. Биринен-бири озуп, кыздар чурулдаганынан көзүмдү ачсам… Таң атып калган экен…

*Эшиктин алдында Ысман турат, үстү-башы шөмтүрөп суу, тиштери эле ырсаят…*

*Кучагында жоогазын…*

*Сыртта мурдагыдай эле күн төгүп турган экен!..*

Н а м ы р б а й. Ушунчадан Ысман экөөңө туш келипмин… тагдырга ыракмат!.. *Ысман кирет.*

Ы с м а н. Намырбай келип калган тура. Ырас болбодубу. Машина даяр, жөнөйлүк эмесе.

Н а м ы р б а й. Бүгүн сүйлөп жатканыңда ырахатка бөлөнүп отурдум. Сен *(артын карап)* аксагандардан эмессиң!..Адамсың!..

Ы с м а н. Мени ошентип далыга кагып коюп, өзүң болсо култуюп жүрө бер.

Н а м ы р б а й. Мен жазылгам, сөз жетпей калбадыбы.

Ы с м а н. Кандай эле сага дайыма сөз жетпей калат, я?!.

Н а м ы р б а й. Адилет бол, Ысман. Өткөн чогулушта эле сүйлөбөдүм беле.

Ы с м а н. Сүйлөбөдүм беле деп… Уялсаң болбойбу… Сен анда сүйлөгөн эмессиң. Айылдагы соода иштерин кыйратып койдук деп, жөн гана көөдөнүңдү койгулап түшүп кеткенсиң!..

Н а м ы р б а й. Ай, ай, байкеси…

Ы с м а н. Шайтан баскырдыкы, адеп эле шалпылдашып өбүшүп…

*Сакен кирет.*

Н а з г ү л. Сакен жан!.. Капырай-йа, урушкан кишиден бетер тултуюп... Саламың кана... Болуптур эми, салам бербей эле кой, бери өтчү деги...

С а к е н. *(Тескери карап)*. Бу дүйнөдө бир гана акылман бар экен. Бизди оокат кылдырып жүргөн ошол турбайбы, көрсө!.. Билесиңби ал ким экенин?

Н а з г ү л. Билбегенде эмне... Ал сенсиң... Өзүм колтуктап өткөрөйүнчү деги...

С а к е н. *(Жалт бурулуп)*. Ал сенин күйөөң экен!..О-оба!.. Мурда билчү эмес турбайбызбы ким менен жүргөнүбүздү!.. Бүгүн гана билдик!..

Н а з г ү л. Сакен жан, мен түшүнбөй жатам...

Ы с м а н. Токточу, Нази... Тамашалайт го десем, чындап эле таарынып калган бейм... Антпегин, Сакен... Сынга да таарынат бекен...

С а к е н. Сен сындаган жоксуң, Ысман. Сен маскара кылдың!..

Ы с м а н. Кечирип кой, Сакен. Майда кишилер гана ошентип ойлошу мүмкүн.

С а к е н. *(Акырын, кээрдүү)*. Улук киши!.. Бийик киши!.. Албан киши!.. *(Өксүй кыйкырып)*. Мен эмне жамандык кылдым сага, кана, айтчы?!. Же менин кылмышым барбы?!.

Ы с м а н. *(Акырын)*. Сен кемчиликтерди көрүп туруп, унчукпай жатпайсыңбы, Сакен. Түшүнсөң, бул кылмыш кылгандан да жаман...

С а к е н. Мен кемчиликтерди эч качан жашырбайм.- Учуру келгенде айтып эле жүрөм...

Ы с м а н. Билем, Сакен. Биз менен отурганда балакетсиң, оозуң тыйылбайт, сынчы болуп чыга келесиң... Ал эми чындап сын айтуучу жерге барганыбызда, тилиңди тишиңе катып, дудук болуп отуруп каласың!..

С а к е н. Эмнеге мен антет экем, балким, түшүндүрүп берерсиң дейм? Кана!..

Ы с м а н. Окус бирөөгө тил тийгизип койсом, жылуу ордумдан ыргып кетемби деп коркосуң!..

С а к е н. Мунун баары жалаа!.. Ушак!.. Мен эл катары эле иштеп жатам...

Ы с м а н. Жок, Сакен. Сен саат тогуздан алтыга чейин креслодо кадалып отуруп, айына эки жолу барып айлык аласың... Сенин бар болгон кызматың ушул болуп калды!..

С а к е н. Ысман!..

Ы с м а н. Адамда абийир деген болуу керек, Сакен. Иштесе иштегендей иштеп, болбосо бекеринен орунду ээлебей, тезинен бошотуп чыга бериш керек!..

С а к е н. *(Ысманды кыйлага тиктеп, анан калпагы менен столду коюп).* Урдум, э, бардыгын!.. Атасынын көрү!. *(Нары-бери жулкунуп).* Кана, айтчы, өлбөгөн ким бар бул дүйнөдө, я?! Сенби?!. Көрүнгөнгө жин бүркүп, көрүнгөндү сүзгүлөп жүрүп, сен деле өтөсүң бул дүйнөдөн!..

Ы с м а н. Көрүнгөндүн көзүн карап, жалтаңдап жүрүп а сен да өтөсүң бул дүйнөдөн!..

С а к е н. Жакын курдашым деп сыйлоочу элем, аёочу элем!.. Кусур урсун!.. Мен эми аябайм сени... И башкаларда аябайт!..

Н а з г ү л. Сакен!.. Сакен жан!.. Жаман сүйлөбөчү, байболгур!..

Н а м ы р б а й. Көп-көп адыраңдаба, Сакен!.. Адам болгондон кийин адамдын өмүрүнө өмүр кошпойбу, а сен болсоң...

С а к е н. Сүйлөбө, Намырбай!.. Адамдын өмүрүн»өмүр кошуучу адам, сен бекенсиң, я?!. Жок!.. Жок!..Адамдын өмүрүнө өмүр кошкон го... Бул иш сенин колуңдан келбейт!

Ы с м а н. Сакен!..

С а к е н. *(киркиреп)*. Болду!.. «Ыйлаар бала атасынын сакалы менен ойнойт» болуп... Сен жетекчилер менен да ойноп келатасың... Бүгүн да ойнодуң...

Ы с м а н. Керек болсо эртең да ойнойм!..

С а к е н. Жок, Ысман, эртең ойнотушпайт. . . Ыйлатышат!.. Эгер алар ыйлата албаса, анда мен өзүм ыйлатам сени!.. Кусур урсун!..

### *Экинчи сүрөт*

*Жылдыздуу түн. Дарак түбүндө чарпая. Түнөргөн караңгылыктын ар кай жерлеринен жылт-жулт эткен оттор көрүнөт. Алар бир орунда турбай, ар кайсы жерлерде нары-бери көчүп жүрүшөт. Караңгыдан Матаев суурулуп чыгат.*

М а т а е в. *(Артына кылчайып, акырын)*. Эй, эмне турасың, я?!. Жаңкыны аксакалдыкына тезирээк жөнөт дебедим беле. Бол!... Азыр аксакалдын өзү келет... Үңүрөйбөй, кабагыңарды жазып... керек болсо шатырашатман алакан чаап, жаркылдап тоскула!.. Бардыгына айтып койгун, уктуңбу?.. Ичиңер ооругансып, жер карап турсаңар, булардын аквалы жаман го деп тескери ойдо калбайбы!.. Эмне олураясың?.. Жит! *(Чарпаяны көздөй басып)*. Хуп болот деш жок!.. Жеп ийчүдөй болуп, теше тиктейт, жүзүкара!.. Тум-шуктан нары тартып жиберейин дейсиң, кол кыска да, чиркин! *(Бөтөлкөдөн куюп ичип)*. Өх, курган жан, ай, жамбаштап ала коёюнчу... *(Солдон машинанын оту чагылышып, гүрүлдөгөнү угулат. Матаев ыргып турат)*. Аксакал болсо тияктан келет эле. Бияктан келгенине караганда.-..Же биринчинин өзү, же дагы бирөө... *(Үстү-башын оңдонуп)* Кхм... кхм... *(Караңгылыкка)*. Саламатсызбы,

сиз кимсиз? *(Намырбай кирет. Матаев таңыркап).* Намырбай Ниязович?!.

Н а м ы р б а й. Күткөн эмес окшойсуз, ээ, Арашан Матаевич?..

М а т а е в. Жана күндүз келип кетпедиңиздер беле,- «ошондон улам келбейт го деп эле...

Н а м ы р б а й. Уполномочен деген каалаган убаганда келе берет, Арашан Матаевич. Азыр эле «Прогрессте» болдук... Түнкү сугат укмуш жүрүп жаткан экен... Эми бир аз эс алып, куураган жанды жыргатабыз го десем... Ысман болбой кайрадан бул жерге сүйрөп келбедиби!..

М а т а е в. Аныңыз кайда кетти?

Н а м ы р б а й. Сугатчылардын иштегенин өз көзүм менен көрчүмүн деп, жүгүрүп кетти го, айтор... Түнкү сугатыңыз кандай, адамдар көп чыктыбы? Уят болбойсузбу деги?

М а т а е в. Матаевдин кайсы жеринен кемчилик табарын билбей... Асановдун издегени эле жамандык болуп калды!.. Мейли, көрө берсин... Сиз менден камсанабаңыз, Намырбай Ниязович. Уятка калтырбайм... Анекей, байкагандырсыз, талаанын баары эле от болуп кеткен. Караңызчы, уламбир жерге көчүп жүрбөйбү. Алар колдорунан фонарь кармаган сугатчылар да. Күжүлдөп иштеп жатышпайбы, эргулдар!..

Н ам ы р б а й. «Товар лицом» деген ушул, Арашан Матаевич. Азаматсыз!.. Карагул Бакаевич туура баа берген экен!.. *(Далыга кагып)* Феномен!.. Талант!..

М а т а е в. *(Эки жагын каранып, акырын).* Адам баласы ушундай окшобойбу, канчалык катуу кармасаң, ошончолук урмат кылып, айт десең чайт деп турат экен! Катуулук керек!.. *(Нары-бери жайкактап).* Жана кечке жуук сугатчылардын баарын чакырып алып, ой да куурудум эле дейсиз...Мына эми, кээ бир каячыл сугатчы-

лардан өйдө дың дебестен жер жайнап иштеп жатышпайбы!..

Н а м ы р б а й. Акындар айткандай, асмандагы жылдыздарды кочуштап келип чачып койгонсуп... Мынчалык сугатчы адам баласынын санаасында гана болушу мүмкүн!... Кубанганымдан эмне дээримди билбей жатпаймбы!..

М а т а е в. Ыракмат, Намырбай Ниязович. Сиз барсыз, Карагул Бакаевич бар, менин төрт тарабым тең кыбыла!.. Сиздерди ойлогонумда айланам гүлзарга айлангансып... элдеп жанымды сабап... береки алмадай башты курман кылып жибергим келет!.. *(Чыныны сунуп)* Сиздин ден соолугуңуз үчүн!

Н а м ы р б а й. Ыракмат, Арашан Матаевич...

М а т а е в. *(Кымпың-кымпың этип, обонго кошуп):*

...Биринчи байлык, ден соолук,
Экинчи байлык, ой, ак жоолук... *(Бийлеп)*
Тийра-там, тийра-там, тийра-там, тийра-там!..

Н а м ы р б а й. Атыңыз да Арашан, өзүңүз да «Арашан», сөзүңүз да Арашан... Курган ак жоолуктарды эске түшүрүп... Баса, жеңем байкуш кандай жүрөт, көптөн бери көрө элекмин?

М а т а е в. Жеңеңиздин жүзүн илгери-илгери үйлөнгөндө көргөн элем, ошондон бери бир жолу да дурустап көрө элекмин!..

Н а м ы р б а й. Ха-ха-ха...

М а т а е в. Ардактуу Намырбай Ниязович!.. Келиңизчи,балакет-мээнетин алайын ак жоолуктардын ден соолугу үчүн деп, өлбөгөн жанга бир жолу жүздөшүп алалычы...

Н а м ң р б а й. Келиңиз, Арашан Матаевич!

М а т а е в. Бечара аксакал аз да болсо көңүлүн ачып, ыракаттанып кетсин деп, ырчы кыз-келиндерди атайы

кармап отурам... Өңү сууктарын артка жашырып, чүрөктөрүн алга чыгаргыла... анан дагы ырдаганда музга окшоп катып калышпасын, анда-санда кашты кагып, көз менен арбап, өрттөп, жалынып-жалбарып ырдашсын деп аябай табыштап койдум... Аксакал келер замат команда берем... Сиз да ыракатка батасыз, Намырбай Ниязович. Бул жалгандан жыргап өтүш керек да. Ха-хаха... токтоңузчу! Тээтияктан бир топ оттор көрүндү. Түз эле биз жакка келаткансыйт...

Н а м ы р б а й. Ооба, ооба, Ысман баштаган сугатчылар турбайбы, караңызчы, кубанганынан тиякка бир оюн салып, биякка бир оюн салып, бийлеп келатпайбы!.. Бу да болсо сиздин талантыңыздын натыйжасы!.. Азаматсыз, Арашан Матаевич!

М а т а е в. Эми эмне дээр экен?!. Ай, кайдан, мунун оозунан жылуу сөз чыкпайт го...

Н а м ы р б а й. Ачууга алдырбаңыз, Арашан Матаевич... Жакшы иштегенди Ысман төбөсүнө көтөрет!..

*Ысман кирет*

М а т а е в. *(Алакан чаап)*. О, келиңиз, Ысман Тынаевич, келиңиз! Сизди күтүп отурбайбызбы!.. Тоо жери, чыйрыгып кеткендирсиз... Жүздөшүп жиберели!..

Ы с м а н. *(Тамагы буулуп)*. Айтыңызчы... Жолдош Матаев!.. Бул эмне деген шермендечилик! *(Матаев унчукпайт. Ысман өксүп кыйкырат)*. Жолдош Матаев!..

М а т а е в. *(Күлүмсүрөйт. Акырын)*. Мен кыйкырсам жүрөгүңүз түшөт, жолдош Асанов, береки тамак неченнечен машыгуудан өткөн. Бул — бир деңиз... Экинчиден, көптөн-көп өтүнөмүн, кордобой сүйлөңүз... Мен адаммын!..

Ы с м а н. И, албетте, адам эмей анан!.. Айтыңызчы, тээ береки эгин талаасындагы көчүп жүргөн оттор эмне болгон оттор?!.

М а т а е в. Өзүңүз көрүп келип, эмнесин сурайсыз!... Алар биздин колхоздун тиреги... кайратман сугатчылар

Ы с м а н. *(Аргасыз эчкирип)*. Ха-ха-ха... Кайратман сутатчылар деп... Билесизби, алар эмне экенин?!. Алар... эшектер экен!..

М а т а е в. Эмне-е?!.

Ы с м а н. Ооба, кадимки эле шалпаң кулактар!.. Ар биринин жонуна фонарь байлап коё беришиптир!.. Анакей, жашасын биздин башкармабыз дешип, оюн салып жүрүшөт!..

М а т а е в. *(Капысынан каткырып жиберип, ошол замат тып басылат)*. Тамашанын да жөнү болот, жолдош Асанов... Тигилер чынында эле сугатчылар... болгондо да маяк сугатчылар!..

Ы с м а н. И, албетте, маяк сугатчылар эмей анан!.. Тигине, өзүм менен кошо бир нечесин айдай келдим. Көрүп келиңиз!.. Маяк башкармабыз качан келип куттуктайт деп күтүп турушат!..

М а т а е в. Э, коюңуз, э!.. Кантип эле ошондой болсун...*(чыгат)*.

Н а м ы р б а й. *(Ысманды титеп)*. Ха-ха-ха!.. Шайтанбаскырдыкы!.. Ушундай да болот экен, ээ!..

Ы с м а н. Эмнеге болбосун! Жолдош Матаев Феномен да!..

Н а м ы р б а й. *(Кыжырдуу)*. Маскарачылык!..

Матаев кирет.

М а т а е в. Иттин гана сугатчылары десе, мага өчөшүп кылгандарын көрчү!.. *(Ысманга)* Мен өлдүм, Ысман Тынаевич!..

Н а м ы р б а й. *(Бууракандап)*. Бул ооздун жели, жолдош Матаев!.. Сиз чындап өлүшүңүз керек!.. Мындай жоруктан кийин адаммын деп басып жүрөсүзбү?!. Мүрт кетиңиз азыр, эгер таруудай намысыңыз калса!.. Болуңуз!..

М а т а е в. Жыгылыштуумун, Ысман Тынаевич. Бир гана сурарым… бу жорукту ушу турган үчөөбүз гана билели…Окус башкаларга угулуп калса…

Ы с м а н. Анда эмне болот?!.

М а т а е в. Колхоз маскара болот… бедели түшөт!..

Ы с м а н. Колхоздун абийири эми эсиңизге келген экен да, ээ?!.

М а т а е в. Ысман Тынаевич!.. «Эр жигиттин ичине ээр токумдуу ат батат» дейт. Мындан чоң нерселерди деле унчукпай коёт тура… А бу эмне… Ерунда да…

Ы с м а н. Ерунда деп… Ээр-токумдуу аттарды ичиңизге жашырып-жаап, будамайлап-судамайлап жүрүп көнгөнсүз да!..

М а т а е в. Ысман Тынаевич!.. Жакшылыгыңызды өлсөмда унутпайм!.. Төбөм менен жер сайып актайм!.. ЫсманТынаевич!

Ы с м а н. Эмне?!. Өнөк кылып алгыңыз барбы? Жоок, мындай маскарачылыкты мен жашыра албайм…

М а т а е в. Антпеңиз!.. Антпесеңиз, район да жаманаттыга калат… Бүт жетекчилерге сөз тийет… Өзүңүз да шылдыңдан арылбайсыз…

Ы с м а н. Кылгылыкты өзүңүз кылып, жообун мага тарттыргыңыз бар экен го, ээ?!. О, сиз бул жактан да феномен турбайсызбы!..

М а т а е в. Ысман Тынаевич!.. Кудай жалгагыр…

Ы с м а н. Үмүт кылбаңыз!.. Мен азыр эле барып, райкомдун алдында маселе коём…

М а т а е в. *(Алдын торгоп )*. Акырын ойлоңуз, өзүңүзгө эле жаман болот!.. Мен ыйыкмын!..

Ы с м а н. Дуваңыз барбы?!.

М а т а е в. Менин тилимди түшүнбөй жатасыз, ЫсманТынаевич!..

Ы с м а н. *(Караңгылыкты. көрсөтүп).* Сиздин тилиңизди түшүнгөндөр тигине, тиякта турат, а мен болсом... мен сиздейлердин тилин түшүнбөйм, и, түшүнгүм да келбейт!

*Ысман чыгат. Пауза.*

Н а м ы р б а й. Адам деп жүрсөм, жеткен акмак турбайсызбы!..

Пауза. Оңдон машинанын оту чагылышыпы, гүрүлдөгөн үугулат.

*Аздан кийин Бакаев кирет.*

Б а к а е в. Сен да мында белең, Намырбай?.. Келгениңер ырас болуптур. Аз да болсо чогуу отуруп эс алалычы...Жолдош Матаев тамак даярдатып коём деген эле... *(Эки жагын каранып)...* анан, баарыдан да бу кишинин колхозунда не бир ырчы кыз-келиндер бар эмеспи... алардын жүзүн көрүп, үнүн угуп дегендей... Акыры, биз байкушта да жүрөк бар го!.. Хе-хе-хе!.. *(жүрөгүнүн тушун басып)* Урганын көрчү эргулдун! Силер эмне унчукпайсыңар, я?!.Аза күткөнсүп... түрүңөр жаман го!..

Н а м ы р б а й. *(Бакаевдин кулагына шыбырап).* Ушундай болуп калды, Карагул Бакаевич!..

Б а к а е в. Кем акыл тууганыңды мойнуңа көтөргөнчө, акылдуу душманыңа кол сунганың артык!.. Ой, кешпир, баарыбызды өлтүргөн турбайсыңбы, я?!.

М а т а е в. Мен жерге кирейин.

Б а к а е в. *(Акырын, кээрдүү).* Ошенткениңде жакшы болмок. Бирок сендейди жер алчу беле, айбан! Намырбай!..

Н а м ы р б а й. Эмне дейсиз?

Б а к а е в. Мындайлар менен сөз кыска болушу керек.

Н а м ы р б а й. Туура.

Б а к а е в. Биз бул туурасында Алияскар Айдаровичке жеткирбей туруп, чара колдонушубуз керек. Мүмкүн болушунча тезинен!..

Н а м ы р б а й. Бир мүнөт токтотуп болбойт!

М а т а е в. Айланайын аксакал, ырастан эле мени өлтүргөн жатасызбы…

Б а к а е в. *(Жинденип)*. Сүйлөбөгүн, мажирөө!.. Мажес!.. Эмне, калкалап калса деген турасыңбы, я?!. Кимди?!. Сениби?!. Анткендей, ким деп ойлоп жүрөсүң мени, я?!. Мен элдин кызыкчылыгына башымды байлап келаткан кишимин… Ошондуктан, сага окшоп элдин таалайына бөгөт болгондор менен акыйлашып отура албайм… Дароо тазалайм!.. Бир мүнөт токтотпойм!..

М а т а е в. *(Ыйламсырап)*. Сиздин алдыңызда бир гана айыбым бар эле… Өзүмдө болгон жакшы нерселердин бардыгын жалгыз гана сизге арнап келген элем… Улуу болсом да аксакал атап, алдыңыздан кыя өтчү эмес элем…

Б а к а е в. *Сынагандай ойлуу тиктейт. Пауза.*

М а т а е в. Мейлиңиз, аксакал…

Б а к а е в. *(Мурдагысындай эле ойлуу тиктеп туруп, анан кыска паузадан кийин)*. Мага баарыдан мурда адам керек!.. Адам!.. Адам!.. Ал эми сага окшоп артта калган келесоо-кешпирди бар го… Жалпы иштин өркүндөшү үчүн садага чабам!.. Жатындашым болсо да аябайм! *(Кайрадан тигини тиктеп калып, анан үнүнүн бардыгынча чаңырат)*.Эмне жалдырайсың, каргаша?!. Бас!..

### *Үчүнчү сүрөт*

*Түн. Ала-бүркөө асмандын ар кай жеринен ай көрүнө калат. Дарыя бою. Алыста-алыста ак баш чокулар. Токой ичиндеги көк майсаңдын сол тарабында чатыр. Анын капшытында дасторкон жайылган.Зейнеп тамак-аштарды иреттеп бүтүп, приёмникти коёт. Жеңил музыка угулат. Ичкериде Ысман. Сигарета соруп, алысты тиктейт ойлуу.*

*Намырбай кирет.*

Н а м ы р б а й. *(Көңүлдүү).* Чиркин, тоонун авасынын тазалыгы, ай!

З е й н е п. Намырбай Ниязович!

Н а м ы р б а й. Эмне дейсиз, Зейнеп Алтынбаевна?..

З е й н е п. Дасторконду жаңыртып коюп, күтүп отурам... Канчага чейин зарыктырасыздар мени?..

Н а м ы р б а й. Кечиресиз, Зейнеп Алтынбаевна... Мен даярмын *(Обонго кошуп):*

...Жайылган ашка кол сунуп, а,
Жамбаштап жатсаң сонун да!..*(Рюмканы көтөрүп)*
Өткөн өмүрдөн үшкүрүк гана калат!..

З е й н е п. *(Күрсүнүп).* Аттиң десеңиз!.. Ырастан эле өткөн өмүрдөн үшкүрүк гана калат турбайбы!..

Н а м ы р б а й. Сиз менен биринчи жолу жүз көрүшүп отурсак да, эзелки таанышыбыздан бетер жүрөгүбүздү ачып салып... Сиздин ден соолугуңуз үчүн, Зейнеп Алтынбаевна!..

З е й н е п. Сиз да алып койбойсузбу, Ысман Тынаевич!.. зарыктырбаңыз да, аял кишини да зарыктырчу беле... Эмне, менин жалооруганым бир рюмка ичимдикке арзыбайбы?!. Болуптур анда...

Ы с м а н. Жок, жок, таарынбаңыз, Зейнеп Алтынбаевна. Бир рюмка деген сизден айлансын...

З е й н е п. *(Күрсүнүп).* Атаганат, сиздин капаңызды жазчу даба таба алсам го...

Н а м ы р б а й. Ушинтип күлүп койгонуңуздун өзү эле даба...

З е й н е п. Андай болсо, өмүрүм өткөнчө күлүп берейин!.. Жарк этип коюңузчу эми...

Н а м ы р б а й. Сен жаңкы Матаев деген акмактын жоругуна капа окшойсуң, Ысман. Анын соодасы бүттү,

оомийин!.. *(Кучактап)*. Асманда жылдыздар, жерде болсо Зейнеп Алтынбаевна!.. Сен эмне, өзүң менен кошо бул кишини да томсорткуң келеби?!. Дүйнөдөгү белектердин эң кымбаты кубаныч деп өзүң айтчу элең го...

Ы с м а н. Туура айтасың! Адам баласы кээде ушундай турбайбызбы, сүйлөгөндө туура сүйлөп, иш жүзүндө тескери иштеп коёт экенбиз. Мен сизге курсант кылгандын ордуна, өзүм менен кошо кайгыртып... Кечирип коюңуз, Зейнеп Алтынбаевна...

З е й н е п. Эчтеке эмес.

Ы с м а н. Намырбай!..

Н а м ы р б а й. Эмне дейсиң, Ысман?

Ы с м а н. Толтурчу!..

Н а м ы р б а й. Мен буфетте иштеп чоңойгон адаммын!.. Пожалуйста *(Оң жактагы алоо тараптан Сатар кирет)*. Пай-пай-пай... Мына, мына... Сатар үка өз колу менен бышырган шашлыктын жыты, ай-йа!.. Алыстан эле буркурап...

С а т а р. Өзү баглан козунун эти болсо... арчанын чогуна кактап бышырган кишиси мен болсом... анан кантип буркурабасын, а?!.

Н а м ы р б а й. Пах, десеңчи, ай!..

С а т а р. Тоолуу жерде тамакты ысыганда жеген жакшы.

Ы с м а н. Сен мага жагып калдың, Сатар үка...

С а т а р. Мактаанчактыгым жагып калган окшобойбу сизге, ээ, Ысман аке!..

Ы с м а н. Адам өзүнө да, башкага да калп айтпаса керек, Сатар үка. Эчтемени будамайлабай, жашырып-жаппай түз сүйлөшүү керек. Менин кубанганым, сен ошондой азаматтардын тукумунан турбайсыңбы!.. Сенин жайыт туурасында айткан ойлоруң бар го... анда болгон кемчиликтердин бирин жашырбай, жөн эле жүрөгүң кандап, ушунчалык күйүп-бышып туруп айттың... Это пре-

красно!.. Менин бир гана айтайын дегеним... Кечирип коюңуз, Зейнеп Алтынбаевна... Адеп жер, жер дей берип, зериктирип жибердим окшойт сизди...

З е й н е п. Эмнеге кечирим сурайсыз, Ысман Тынаевич. Же мени айдан түшө калды дейсизби?.. Мен деле жердин кызымын.

Ы с м а н. Ойлой келсем, биз өзүбүздү али да болсо бардык нерсенин кудайы катары көрөт экенбиз, Сатар үка. Чынында биз жер эненин кыйышпас досу, кадырлашы катарында мамиле кылып үйрөнбөсөк болбойт.

С а т а р. Албетте, Ысман аке!

Ы с м а н. Акын айткандай, биздин муштумдай жүрөгүбүздө ааламга жетерлик жылуулук бар. Биз аны сөөгүбүз менен кошо ала жатпастан, адамга да, жерге да, асманга да ным калтырбай берип кетишибиз керек!..

С а т а р. Ушул сөзүңүз үчүн төрт аяктап кол көтөрөм, Ысман аке!..

Ы с м а н. А биз, адамдар али да болсо ачкөзпүз, өзүмчүлбүз... «Мага, мага»... «келе, келе» деп жерден алганга уста болуп алдык... Жөн эле жанталашабыз!.. Ал эми алганыбыздын ордун толтурууга али да болсо кудуретибиз жетпей жатат өңдөнөт!..

С а т а р. Биз алганда, мартпыз, Ысман аке, ал эми бергенге келгенде биздей зыкымды дүйнөдөн таппайсыз!..

Ы с м а н. Туура. Бирок чынында тескерисинче болууга тийишпиз бергенге март, алганга зыкым болушубуз керек!..

Н а м ы р б а й. Туугандар!.. Туугандар!.. Бизди кийиндирип, ичиндирип жаткан жер энеге биз, соода кызматкерлери, эчтеме бералбайбыз. Томаякбыз. Бирок биз тилекке байбыз. Касиеттүү жер-эненин беш көкүл бойдон кулпуруп турушун чын ниетибизден каалайбыз. Ушул тилегибиз үчүн тост көтөрүп койсок кандай болор экен?..

Ы с м а н. Это прекрасно!.. «Жакшы тилек — жарым ырыс»… Келиңиз, Зейнеп Алтынбаевна!..

Н а м ы р б а й. Башка ичпегин, Ысман. Жетет…

Ы с м а н. Эмнеге ичпейт экем?.. Жер-эненин бешкөкүл бойдон кулпуруп турушу үчүн… Кантип ичпей коюуга болот?.. Мүмкүн эмес… Өлсөм да ичем!.. Кел, Сатар үка…

С а т а р. *(Ичип)*. Айып этпеңиздер, мен тиякка барайын.

Ы с м а н. Ыракмат, Сатар үка. Унутпайм!.. Сатар алоо тарапка кетет. Бий музыкасы угулат, аздан кийин ага хор кошулуп, Ала-Тоо жаңырыктарын элестетип, алыстан үзүлүп-үзүлүп угулат.

Ы с м а н. *(Ээндикти тиктеп)* Көзүм бүдөмүктөйт да…Э, Намырбай! Карачы, тээ береки эмне, я?..

Н а м ы р б а й. Малчы жаштар окшобойбу. Суу боюнда сейил күтүп жүрүшкөн тура. Бийлеп жатышкансыйбы, айтор…

Ы с м а н. Кечиресиз, Зейнеп Алтынбаевна… бий дегенден улам эстей калып жатпаймынбы! *(Гитарада ойногон «Назгүл» овонунун коштоосу менен элестеп)*. Мединститутта кече болуп, Алияскар менен Нази экөө бийлеп жатышкан эле… Экөө тең жакшы бийлешчү… Айрыкча, тангого түшүшкөндө баарыбыз тең суктанып карап калар элек!..

Н а м ы р б а й. Укканым бар, Зейнеп Алтынбаевна. Калетсиз сөз.

Ы с м а н. Ошол түнү мага эмне болгонун билбейм. Эмнегедир өзүмдөн-өзүм туталанып, тигилердин жанына бардым да, Алияскарды түртүп жиберип, Нази менен бийлеп кеттим… Нази жыйрыла түштү… Алияскар болсо… ал да үн каткан жок… Кейигендей күлүмсүрөп, жер карады!..шайтан бассын!..

З е й н е п. Турмушта мындан кыйын учурлар да болот.Кейибеңиз, Ысман Тынаевич.

Ы с м а н. Жап-жакшынакай, бейкүнөө адамды осол кылып коюп, анан түштөн кийин кейимиш болуп жатканымды карабайсызбы!.. Кимге кереги бар дейсиз?!.

З е й н е п. Ысман Тынаевич!..

Ы с м а н. Эмне дейсиз?!.

З е й н е п. Сиз өзүңүз кандай бийлөөчү элеңиз?

Ы с м а н. Адам өзүнө өзү сын бералбайт эмеспи.

З е й н е п. Анда эмесе, мен сындап көрөйүнчү *(Приемникти включит этип)*. Мен туурасын айтам.

Ы с м а н. Ишенем.

*Арсак-терсек дөө таштардын арасынан бирде көрүнсө, бирде көрүнбөй калып, Ысман менен Зейнеп экөө танго бийлешет.*

Ы с м а н. Укмуштай бийлейт турбайсызбы?!.

З е й н е п. Жамандын бир өнөрү артык деген эмеспи!

Ы с м а н. Паска тартпаңыз өзүңүздү.

З е й н е п. *(Бийлеп бүткөндөн кийин)*. Бир гана арманым бар... Студент кезиңизде туш болбой калыпмын! *(Күрсүнүп)*. Ыракмат сизге, Ысман Тынаевич.

Ы с м а н. Эмнеге?

З е й н е п. Өзүм да билбейм...

Н а м ы р б а й. Кечиресиз, Зейнеп Алтынбаевна... Менде өзгөчө бир тост болуп калды.

З е й н е п. Коё туруңуз. Адеп эле өзүңүз көтөрүп...

Н а м ы р б а й. Кулдук, кулдук...

З е й н е п. Канча кылган менен аял эмесминби... Сиздин үйдө калган жолдошуңуз үчүн көтөрүп койсок... Каршы болбостурсуз дейм?

Н а м ы р б а й. Ой, бой, Назгүл Салиевна үчүн десеңиз...Кара жанын садага чаап жибербейт бекен!..

З е й н е п. Демек, Назгүл Салиевна жакшы адам болуу керек!..

Ы с м а н. Мен өз тагдырыма ыраазымын!..

Н а м ы р б а й. Калетсиз сөз, Зейнеп Алтынбаевна.

З е й н е п. Келиңиз, андай болсо, ылайым сиздин жарыңыздай аялдар көп болсун деп…

Н а м ы р б а й. Жок, Зейнеп Алтынбаевна, Ысманга жетет. Биз да ичпейли. Чектен ашып кеттик!..

Ы с м а н. Бекер айтыпсың, Намырбай! Мен өзүмдүн Назим үчүн… тамчы калтырбай ичем!.. *(Ичип жиберип).*Дагы, Намырбай, дагы дейм!..

Н а м ы р б а й Кетеличи, Ысман… Бүтүп калдык…

З е й н е п. Башым кеңгиреп…

Ы с м а н. Ерунда!.. Биз эч качан мас болбойбуз… Туурабы, Зейнеп Алтынбаевна?.. Эх, шайтан бассын!.. Кайгырса кайгыргандай кайгырып, кубанса кубангандай кубануу керек да… Ортозаарлыкты жинимдей көрөм!.. Келиңиз,Зейнеп Алтынбаевна, ырдап жибереличи!.. *(Овонго кошуп):*

…Каткырышып бирге тосуп жаз түнүн,
Каалаганча кана жыттап жай гүлүн.
Карыганча кадырлашып өтөлү,
Карегиңден кагылайын Назгүлүм!..

З ей н е п

Намырбай

*(Кошулуп).*

…Карыганча кадырлашып өтөлү,
Карегиңден кагылайын Назгүлүм!..

Ыс м а н. Колдон келсе, кадырлашып өмүр сүргөнгө эмне жетсин, ыраспы, Зейнеп Алтынбаевна?.. Жеке эле өмүрлүк жарлар эмес, адамдардын бардыгы тең кадырлаш болуп үйрөнүшсө… Как это был бы прекрасно!

З е й н е п. Ысман Тынаевич!

Ы с м а н. Эмне дейсиң, Зейнеп Алтынбаевна?

З е й н е п. Айтыңызчы, кадырлашканды сиз кандайча түшүнөсүз?

Ы с м а н. Буга көп нерселер кирет, Зейнеп Алтынбаевна. Ошолордун ичинен эң бир негизгиси менимче... чынчылдык... кайда болбосун, и качан болбосун чыныбызды айтып, чыныбыз менен мамиле кылышыбыз керек... Анан дагы... адам баласынын жаны өтө эле морт... биз аны жок жеринен күйгүзбөй, андайдан сактап калыш үчүн өзүбүздү өзүбүз курман кыла билишибиз керек...

З е й н е п. *(Ойлуу)*. Адам баласынын жаны өтө эле морт дедиңиз, ээ!..

Ы с м а н. Кээде аны орунсуз айтылган бир ооз сөз менен гана өлтүрүп алууга болот!.. Зейнеп Алтынбаевна!

З е й н е п. Эмне дейсиз?

Ы с м а н. Мен сизди өзүмдүн Назим менен тааныштырам. Кадырлаш курбу болосуздар. Мен ишенем. Намырбай!..

Н а м ы р б ай. Оу!..

Ы с м а н. Сиздер менен отурганыма жетине албай жатпайымбы?!. Толтурчу!.. Мелт-калт болсун!..

Н а м ы р б а й. Ысман!..

Ы с м а н. Молчайт!..

Н а м ы р б а й. Ну, хорошо, я молчу...

Ы с м а н. Дүйнөдөгү таалай... кубаныч... үмүт... Ушулардын бардыгы тең жалаң гана жакшы адамдардын энчисинде болсун! *(Кагыштырып)*. Так, что давайте... Адам үчүн!.. Намырбай!..

Н а м ы р б а й. Муну ичпей коюуга болбойт!..

З е й н е п. *(Күрсүнүп)*. Адам үчүн!.. *(Ичип)*. Мен эми үйгө кетейин... Мен...

*Ысманды кармайбыз деп, Зейнеп менен Намырбай кошо жыгылат. Сахна караңгылайт. Пауза. Мемиреген бейпилдикте эркектин ачуулу үнүнө кошулуп, аялдын ыйлаган үнү угулат. Аздан соң чагылган чагылып, Зейнеп менен Ысманды колунан сүйрөп келаткан Нооча адамды жана дасторкон жанында чалкасынан жаткан Намырбайды жарык кылат да, ошо замат өчөт. Күн күркүрөйт. Караандар караңгыда кирип көрүнбөй калат.*

Н а м ы р б а й д ы н ү н ү *(Чочуп)*. Эмне болду, я?!. Эмне болду?!.

*Пауза.*

Н о о ч а а д а м д ы н ү н ү. Адам болууга алыңар жетпесе кантет элең?!. Ушу да!.. Алсыз аялды аракка мас кылып коюп... Силер да адамбыз деп жер жүзүндө басып жүрөсүңөр, ээ! *(Ачуулу кыйкырып)*. Жок, силер адам эмессиңер!.. Адам эмессиңер!.. *(Үнүн кайрадан басаңдатып)*. Адамдын абийири менен ырыс-таалайын бир рюмка аракка сатып алып, тебелеп-тепсеп... *(Кайрадан ачуулу кыйкырып)*. Силерден көрө айбан өйдө!.. Көрүнбөгүлө көзүмө! Көрүнбөгүлө!

*Зейнеп менен Ысманды булкканда, экөө эки жерге жыгылат. Чагылган чагылат. Нооча адамдын желкеси шоолаланып, аздан кийин көрүнбөй калат. Пауза.*

З е й н е п т и н ү н ү. *(Акырын)*... Биздин муштумдай жүрөгүбүздө бүткүл ааламга жетерлик жылуулук бар... *(Ыйлап)* Не бир сонун сөздөрдү айткан элеңиз, Ысман Тынаевич!.. Мен сизди дүйнөдөгү таза, бийик адам көрүп, сиз менен бирге үлпөт курганыма ыракаттанып... Өзүм жерде отурганым менен, көңүлүм тээ береки ободо чабыттап учуп жүргөн эле... *(Ордунан турат, Намырбайды карап)*. Ширин сөздөрдүн нечени сизден да уккан элем, Намырбай Ниязович!..

Н а м ы р б а й д ы н ү н ү. Зейнеп Алтынбаевна!..

З е й н е п т и н ү н ү. Коюңуз, Намырбай Ниязович!..Болду!.. Аялды жолдош катары көрүп, ага таза мамиле кылуунун ордуна, ал шордууну кайдагы бир чоң сөздөр менен ичимдикке мас кылып коюп... Анан... О, жок, жок!.. Мен өзүм да айыптуумун!.. Баарыдан мурда, мен өзүм!.. Өзүм!...Өзүм!..

Н а м ы р б а й д ы н ү н ү. Зейнеп Алтынбаевна!.. ЗейнепАлтынбаевна!..

*Чагылган чагылат. Намырбай, Зейнеп кеткен жакка жүгүрүп чыгат.*

*Ысман жер таянган калыбында тилсиз.*

### *Т өртүнчү сүрөт*

*Чачпактуу дарак. Коргошун булуттар көк желкеден ныгырып, оор.. Ысман жалгыз. Скамейкада отурат. Сигаретаны үстөмөндөтө соруп ойлуу. Пауза, Бакаев кирет. Ысман ордунан турат.*

Ы с м а н. *(Жер карап, акырын)*. Саламатсызбы, Карагул Бакаевич!

*Пауза.*

Бакаев. *(Желкесин салып)*. Азыр келатып, Назгүл Салиевнаны көрдүм. Мени байкамаксан болуп, башка көчөгө бурулуп кетти!.. *(Ысманды биринчи жолу карап)* Байкабаптырмын, чачыңыз агарып калган турбайбы! *(Күрсүнүп)* Түшүнөм!.. Түшүнөм!.. Мен да адаммын... Сиз үчүн... жанымды да аёочу эмес элем!.. Азыр болсо... Кана, менин колумдан эмне келет, айтыңызчы?!.

Ы с м а н. Атайы келип, сүйлөшкөнүңүздүн өзү эле... Куткарып алгандан да артык болуп жатат, Карагул Бакаевич.

Б а к а е в. Мен сөзсүз куткарып алат элем!.. Бирок кантип!.. *(Акырын, өкүнүчтүү)*. Өзүңүз айыптуу экенсиз!..Өзүңүз!.. *Сакен кирет.*

С а к е н. Саламатсызбы, Карагул Бакаевич!..

Б а к а е в. *(Желкесин салып)*. Айткандарыңыздын баарын уктум!.. Жийиркенем!..

С а к е н. Мен жакшы кишимин, Карагул Бакаевич!..

Б а к а е в. Сиздей жакшы кишиден жаа бою качкым келет! *(Чыгат)*.

С а к е н. Баягы күнү жөн эле дөөрүп койгом, ачуума чыдабай... Сага кантип жамандык каалайын... Көңүлүңө албачы, Ысман, макулбу?

Ы с м а н. Макул, макул... Барчы, байболгур, менин жалгыз калгым келет...

С а к е н. Жок, мен кетпейм...

Ы с м а н. Анда мен кетейин.

С а к е н. Эч кайда кетпейсиң, Ысман! Сен аракет кылышың керек.

Ы с м а н. *(Кайдыгер, кейиштүү)*. Кандай аракет?!.

С а к е н. Алияскар Айдарович менен илгертен тааныш дешет...

Ы с м а н. Тааныш болсок эмне экен?

С а к е н. Баарыдан да, анын аялы кырсыкка учураганда, Назгүл ага операция жасап... Менимче Алияскар Айдарович жакшылыкты түшүнгөн киши болуу керек... Азыр эле баргын!..

Ы с м а н. Менин аялым сизге кол кабыш кылды эле, эми сиз мага кол кабыш кылыңыз депби?!. Кайсы бетим менен ошентип барам, Сакен?!.

С а к е н. Болуптур, андай болсо мен өзүм аракет кылам.. «Учкун» колхозунда Алияскар Айдаровичтин бир тууган таякеси бар Мамбеткул деген. Ал Алияскар Айдаровичке бир ооз шыбырап койсо, бүттү... Минтип караганың эмнең?!.

Ы с м а н. Күнөөлүү экенин билип туруп, мени актап чыккын дештин өзү күнөө кылгандан да жаман! Билесиңби сен ушуну?!.

С а к е н. Ысман!..

Ы с м а н. Жетет, Сакен! Бардыгына мен өзүм айыптуумун. Сүттөн ак кишилерди менин булганч ишиме кийлигиштирбегин. Мен таптакыр каалабайм. Уктуңбу?!.

С а к е н. Анан эмне, эки колубузду боорубузга алып эле отура бермек белек?!. Анткенде болбойт. Биз аракет кылышыбыз керек!..

Ы с м а н. Барчы, байболгур, жана эле бар дебедим беле!..

С а к е н. *(Өкүрүп)*. Барбайм!.. Барбайм!.. Сен азапка түшүп жатсаң, сени таштап коюп кайда бармак элем?!. Мен жардам кылам… Куткарып алам!.. Жанымды да аябайм…

Ы с м а н. Кантип?!.

С а к е н. *(Кыска паузадан кийин)*. Ысман!.. Эгерде… мен эч кандай аялды көргөн эмесмин десең… Менимче сага ишенишет, сен сөзсүз акталасың!.. Ошенткин, Ысман!..

Ы с м а н. Макул, мен ошентейин, А Зейнеп Алтынбаевнанычы?.. Ал эмне болот?!.

С а к е н. Ал эмне болот дегениң кандай?

Ы с м а н. Өзүм иттик кылып коюп, кылганым жок деп танышым керек экен да, ээ?!.

С а к е н. Өз жанын сакташ үчүн колу менен кылганды оозу менен тангандар… ал тургай, карачечекей адамын көз көрүнө сатып кеткендер жок дейсиңби?.. Толуп жатат. А сен болсоң…

Ы с м а н. Жетет, Сакен, жетет!.. Сен паскеч адам турбайсыңбы!

С а к е н. Жок, Ысман мен паскеч эмесмин. Паскечтер башкалар, сен тааныбай жүрөсүң аларды! *Намырбай кирет. Сакен тескери карайт.*

Н а м ы р б а й. Ысмандын жан кыйышпас курдашымын демиш болуп… Чынында кубанганыңдан козу союп, түлөө кыласың, ээ, шүмүрөй!..

С а к е н. Намырбай!..

Н а м ы р б а й. Эмне!!.

С а к е н. Кайсы акмак айтып жүрөт муну?!.

Н а м ы р б а й. Эл айтып жатат, эл!

С а к е н. Бул жалаа!.. Ишенбе, Ысман!

Н а м ы р б а й. Жогол, жүзүкара!.

С а к е н. Сен өзүң жүзүкарасың!

Н а м ы р б а й. Тарт тилиңди! Токоч кылып таштайм!..

С а к е н. Тартпайм тилимди!.. Сендей куйтуну бар го…

Ы с м а н. Жетет, Сакен! Мен корком…

С а к е н. *(Суроолуу)*. Ысман?!.

Ы с м а н. Сенден!..

С а к е н. Адам болсоң, менден коркпогун, Ысман! Мына мындан корккун!

Н а м ы р б а й. *(Тигинин соңунан)*. Сволочь!..

### *Бешинчи сүрөт*

*Чакан зал. Жашыл сукнолуу уй мүйүз столдо Базаров баштаган бюро мүчөлөрү. Аларга бет маңдай Ысман, Намырбай, бөлүм башчылары жана башка жооптуу кызматкерлер отурушат.*

Б а к а е в. *(Бирде өбөктөй калса, бирде чалкалай түшүп)*... Ошентип, мен бир адамдан эки адам көрүп турат!..Так ошондой… Мисалы, адамды сүйүп урматтоо жөнүндө, жер, суу жөнүндө тазалык бийиктик жөнүндө жолдош Асанов көп айтар эле… Көрсө, чүмбөт турбайбы, ал өзүнүн бечелдигин, жана да баарынан мурда, өзүнүн балиттигин жашырып-жабыш үчүн ошентчү турбайбы!.. Чынында эле, сүттөк ак адамдардын ынтымактуу очогун бузуп, таалайын талкалоо деген… Бул биздин баарыбыздын бетибизге сүртүлгөн көө!.. Биз мындай чиригендик-

тин тамырын орду-түбү менен жок кылышыбыз керек!.. И, жолдош Арстанбеков Намырбай Ниязовичке да катуу жаза берилиши керек!.. Бул маскарачылык, жолдоштор!..

Б а з а р о в. Дагы ким?.. Жолдош Асанов, айтарыңыз барбы же жокпу?

Ы с м а н. *(Басыңкы үн менен)*. Жолдош бюро мүчөлөрү!.. Мен кантип ушундай акыалга жеттим деген ой менен алекмин. Ооба!..

Б а з а р о в. Демек, сиз өзүңүздүн күнөөңүздү дагы эле болсо сезе элек турбайбызбы?!. Изденип жаткан экенсиң да. *(Каардуу)*. Наристелик кылганыңызды коюңуз, жолдош Асанов! Сиз коммунист катары жоопкерчилигиңизди тап-такыр жоготуп койгонуңуз!.. Жолдош Асанов мыкты кызматкер, акниет, адилет дегенден улам... Сиз өз тизгиниңизге өзүңүз ээ боло албай, бийик ангелден кулап түшүп, булганч сормого белчеңизден батып калгансыз!.. Дагы айтарыңыз барбы же жокпу?

Ы с м а н. Мен эмне дейин... Жолдош Арстанбаев Намырбай Ниязовичтин бар болгон айыбы мени менен бирге болгондугунда... Башка айыбы жок. Ал жакшы адам!..

Б а з а р о в. Кимдин кандай адам экени жөнүндө бюро сизден мүнөздөмө сурабайт, жолдош Асанов. Бүттүңүзбү?

Ы с м а н. Бардыгына өзүм айыптуумун!..

Б а з а р о в. Сиз эмне айтмакчысыз, жолдош Арстанбаев?..

Н а м ы р б а й. Ысман Тынаевич таза адам эле. Ошондуктан улам-улам оюма бир нерсе келет... Мүмкүн, Ысман Тынаевич Зейнеп Алтынбаевнанын жанына жологон да эмес чыгар?!. Балким бул жалаадыр?..

Ы с м а н. *(Өксүй кыйкырып)*. Жок! Жок! Жок! Бул

жалаа эмес!.. Зейнеп Алтынбаевнага көлөкө түшүрбө, Намырбай!..

Б а з а р о в. Жетет, жолдош Асанов!.. Бийик адамкерчилик жөнүндө ой жүгүртүп, аны коргоп калуучу киши сизсизби?!. Карап көрүңүзчү өзүңүздү, окшойсузбу ошондой кишиге?!.

Ы с м а н. Кечиресиз, мен...

Б а з а р о в. Күнөөсү жок адамдарды сизсиз эле коргоп алабыз... Дагы ким?..

*Пауза*

Б а к а е в. Албетте, жолдош Асановдун мурдагы биографиясы чынында эле... таза болучу...

Б а з а р ов. Анын мурдагы биографиясынын тазалыгы, азыркы күнөөсүн кечирүүгө негиз боло албайт!

Б а к а е в. Мен аны билем, Алияскар Айдарович.

Б а з а р о в. Билсеңиз, жолдош Асановго жеңилдик сураганыңыз кандай? Сиз эмне, өзүңүздү боорукер көрсөткүңүз барбы?!.

Б а к а е в. Жок, жок, мен да сиз айтканды айтайын дегем... Жолдош Асановго эч кандай кечирим жок!.. И, болушу да мүмкүн эмес!..

*Пауза*

Б а з а р о в. Бирөөнүн үй-бүлө турмушун бузуп, коммунист адамдын абийирине сыйбай турган иш кылгандыгы үчүн жолдош Асанов Ысман Тынаевич партиянын катарынан чыгарылсын!

*Ысман башын жерге салып, акырын басат. Жарык акырындап өчө баштайт.*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Алтынчы сүрөт*

*Түн. Талаа станы. Алыстагы ак баш тоолор ай нуруна бөлөнүп, уйкуда магдырайт. Музыка ойнойт. Төшөк көтөрүп, Айна жүгүрүп кирет.*

А й н а. *(Чарпаядагы килемдин үстүнө төшөктү жайып жатып).* Найча!.. Найча жан, у-уй!..

Н а й ч а н ы н  ү н ү. А-у!

А й н а. Ой бол, ой!.. Олдо, сенин кашаңдыгың ай!..Э, Найча!..

Н а й ч а. *(Жүгүрүп кирип).* Эмне дейсиң, жаным?..

А й н а. Каналда иштегендердин келер маалы болуп калды… Тезирээк дасторкон салып жиберчи… курсактары ачып, чарчашкан чыгаар ээ, кургурларым, ай!..

Н а й ч а. Чарчашпай анан!.. Кечээ сел алгандан бери тыным бетин көрүшө элек…

А й н а. Ай, сел алганы да курусунчу, ай!.. Аны ойлосом, жүрөгүм оозума капталып… Баягы мелт-калт агып жаткан каналды бар го… Жөн эле ара менен таарыгандай таарып, жердин жети катмарына чейин оюп кирип кеткен тура, ал бетбагың!.. Эми ошол жерде техника дегениң жөн эле кумурскадай жайнап… Элди көрсөң бар го… Садагаң-секетиң кетейин, Найча жаным, бу дүйнөдө мен көрө элек не бир укмуш эркектер бар экен, ау, чиркин!.. Атлас көйнөктү желбиретип бара калсам, баары тең иштерин токтотуп, мени карап калышса болобу!.. Ай-ий, мен куруюн, Алияскар кайнини көрүп уялып өлбөдүмбү!.. Ой, ботом, адеп оозуң тыйылбай, ушунча да бабыр болосуңбу, я?!. Кыймылдабайсыңбы!..

Н а й ч а. Э, кокуй, баятадан бери өзүң бабырап жатпайсыңбы?!.

А й н а. Менби?!. Жаныңды жебе!.. Мен деги өмүрү сүйлөбөйм. О, бол!.. Каналчылар келсе зарыгып калышат.

Н а й ч а. Бир мүнөт да зарыктырбайбыз. Бардыгы даяр...

А й н а. А, токто! Биякта таза дасторкондор толуп жатпайбы...

Н а й ч а. Келе, батыраак... Мен аны билбей...

А й н а. Найча!..

Н а й ч а. Эмне?

А й н а. Карачы, жаным, успутник учуп баратат!..

Н а й ч а. Кана?.. Ой, кана, дейм!..

А й н а. О, сокураңдаган кургурум, оой, тигине!.. Көрбөйсүңбү, жөн эле балбылдап...

Н а й ч а. Атаганат, ошонун ичине түшүп алып, жылдыздарга саякат жасап жүрсөм, ээ!..

А й н а. Жаныңда кожоюнуң болсо...

Н а й ч а. Ой, койчу, ой!.. Успутникке учканга жараша...

А й н а. Токтоочу!..

*Алыстан Жоробайдын ырдаганы угулат.*

Ж о р о б а й д ы н ү н ү:

Күйдүм, Мөлмөл, аппагым,
Ааламдан сендей таппадым.
Ойлоп-ойлоп күн-түнү,
Мөлмөлүм деп какшадым...

А й н а. Мына! Успутникке алып уча турган киши эми келатат... Сени көргөндө... коргошун болуп эрип, панар болуп жанып...

Н а й ч а. Койчу?!. Ай, мен, куруюн, ай!.. *(Кетмени нийнине салып, Жоробай кирет. Найча утурумдап ).* О, келиңиз, Жоробай аке, келиңиз. Кетмениңизди мага бериңизчи...

А й н а. Калпагыңызды мен алайын...

Н а й ч а. *(Кетмендин сабына калпакты илип ала коюп)*.Сизди качан келет деп эле... Бат-бат эле келип турбайсызбы... зарыктырбай... зарыктырбай... Көңүл кургур адеп чыдабай...

Ж о р о б а й. Ушуну айткан илебиңден курман болуп иштейин да!..

Н а й ч а. *(Айнага шыбырап)*. Ой, өлөйүн, эй, ырастан эле мени карап жылмаңдап жатпайбы, сакалың өрттөнгүр!.Шашпа, жүрөгүңө чок салып кетпесемби!..

А й н а. *(Сакалын таранган Жоробайга көз чаптырып)*. Балаңдын көз карашында жатыр го толгон сырлар!..

Н а й ч а. *(Шыбырап)*. Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин деген тура Жоробай аке!..

*Айнанын соңунан баратып, Найча Жоробайга көз кысып, кетет.*

Жоробай. *(Жүрөгүн басып, үнүнүн бардыгынча)*. О, ырысы тоодой Жоробай, бүт ааламга жар сал!.. Кубангын, Жоробай, кубан!.. *(Мамажан кирет. Жоробай аны байкабайт. Кубанычы койнуна батпай ырдап, бийлейт)*

...Эки илебиң, кызыл гүл,
Ачылгандай, Мөлмөлүм.
Бир карасаң жүрөккө от,
Чачылгандай, Мөлмөлүм.
Гүлзар кылчы жүрөктүн,
Какшып жаткан чөлдөрүн.

М а м а ж а н. *(Таңданып, акырын)*. Ой, Жоробай!..

Ж о р о б а й. Окус бирөө ширенке чакса, бүт денем дүрт этип кетчүдөй болуп турам, Маке!

М а м а ж а н. Ой, арамы, сакалың эле болбосо, эмнең калды сенин дүрт этчү?

Ж о р о б а й. Алтымыштан жаңы эле эңкейдиң, кургурум... Шишегинде да адам карыйбы, я?!.

*Нан-пан, мөмө-чөмө көтөрүп Найча кирет.*

Н а й ч а. Мамажан акем да келип калган турбайбы.-..Сиздерге деп атайылап сактап жүргөн токсон бешинчим бар эле... Азыр демдеп келем...

М а м а ж а н. Теңир жалгасын, Найча.

Н а й ч а. Кол чайыганга жылуу суу даяр, Жоробай аке...

*Сахнада Найча жалгыз. Кандайдыр овонду ичинен кыңылдап, дасторконду бат-бат иреттеп жатат.*

*Матаев кирет.*

М а т а е в. *(Найчаны көрүп, мурутун чыйрата).* Адам баласын кубанычка бөлөп, жер жүзүнө көрк киргизген Найча сулуу кандай, кырсыктан тышкары жүрөсүңбү, жаркылдап...

Н а й ч а. Олдо, балчаңдаган байкушум, ай-йа, деги эле киши сыяктанып... Жүрөбүз, жүрбөгөндө эмне... Маталып калды деп уктуң беле?..

М а т а е в. Карабашыл кер муруттардын түгөнбөс арманы, үзүлбөс үмүтү, ак жоолуктардын шаасы Найча сулуу сага... өпкө-боорумду садага чаап жиберейин, ий!

Н а й ч а. Тарт колуңду!.. Жигиттерге сабатып коём!..

М а т а е в. Мен ыйыкмын. Мага кол көтөргөндүн колу үзүлүп түшөт!

Н а й ч а. Кыйкырам, өлөйүн!.. Коё бер дейм!..

М а т а е в. Кыйкыра албайсың...

Н а й ч а. Эмнеге кыйкыра албайт экем?..

М а т а е в. Менде кыйкыртпастын дарысы бар. Мен ыйыкмын...

Н а й ч а. Капырай де.

М а т а е в. Ал сен тургай, сенден тээтигиндейлердин да тамагын бууп таштайт…

Н а й ч а. Арашан!..

М а т а е в. Карма!..

Н а й ч а. *(Шыбырап).* Ай-ий!.. Алтын шакек!.. Сөйкөсү да бар турбайбы!..

М а т а е в. Кана эми, кыйкырып көрчү, үнүң чыгар бекен?.. *(Шыбырап).* Качан?..

Н а й ч а. Ананыраак… Өзүм шыбыштайм. *(Чыгат).*

М а т а е в. Кыйкырар имиш!.. Ха-ха-ха *(Мамажан аке менен Жоробай кирет).* О, Мамажан аке! Кандай, сак-саламат жүрөсүзбү?

М а м а ж а н. Кел, Арашан үка, кел…

Ж о р о б а й. Төргө өт, айланайын…

М а т а е в. Борборго жакын инибиз бар эмеспи, ошонун энеси каза болгон экен. Ага көз көрсөтүп, жаңы эле келсем… Силерге чоң кырсык болгон турбайбы…

М а м а ж а н. Сел аябай катуу жүрдү… Каналды жырып кетип, сугатыбыз токтоп… Кыйын болуп жатат!..

Ж о р о б а й. Анткен менен өкмөттөн айланса болот… Өзбек тууганлардан өйдө жардамга келишип… Алияскар иним өзү баш болуп, тыным көрбөй иштеп жатышат… А биз болсок арыктарды тазалап…

М а т а е в. Мен да жардамга келдим…

*Айна менен Найча кирет.*

А й н а. Токсон бешинчи чай, Мамажан аке…

Н а й ч а. Береки патир нанды сизге арнап жаптым эле, Жоробай аке!..

Найча менен Айна кайрадан жүгүрүп чыгышат.

Ж о р о б а й. О, касиетинден жарык дүйнө!.. Ой, Мамажан, уктуңбу, береки патир нанды мага арнап жаап-тыр, Найча ханум!..

*Базаров кирет.*

М а т а е в. *(Ордунан атып туруп, утурумдай).* Оу,Алияскар Айдарович! Саламатсызбы, аксакал…

Б а з а р о в. *(Токтолбостон шыпылдай басып).* Сизди өлүккө кетти деп айтышты эле…

М а т а е в. Ооба, ооба. Борбордо иштеген жакын инибиздин энеси. Өтө кадырман киши эле…

Б а з а р о в. Арты кайырлуу болсун!..

Матаев. Ыракмат, аксакал… Кулдугум бар…

М а м а ж а н. Бери мындай кел, Алияскар иним. Иштериң кандай, качан бүтө тургансыңар?

Б а з а р о в. Бүрсүгүндөн калбай бүтүшүбүз керек.

М а м а ж а н. Андан кечиктиргенде болбойт, Күн жарыктык чакырайып… Эгиндин алды күйө баштады…

Б а з а р о в. Суу болот, Мамажан аке. Өлсөк да болтурабыз! *(Нандан алып).* Курсагымдын ачканын азыр гана билдим. *(Матаевге кайрылып).* Иштериңиз кандай?

М а т а е в. Бизде бир чал бар, ошонун тили менен айтканда жаңы тууган ак тооктун жумурткасындай!..

Б а з а р о в. Бир жеринде бүдүрү да жок, темгили да жок деңизчи?!.

М а т а е в. Так ошондой, Алияскар Айдарович!..

Б а з а р о в. Бетиңиз чыйкан болуп кететко деп ойлодум эле, чымыраган да жок. Мамбеткулду ким сунуш кылды эле звеновойлукка?!. Жооп бериңиз, ким сунуш кылды эле дейм?!.

М а т а е в. Колхозчулардын өздөрү… Өздөрү, Алияскар Айдарович… өздөрү…

Б а з а р о в. Андай болсо, ал Базаровдун бир тууган таякеси болот, мунуңарды койгула, мен каршымын деп, эмне үчүн кыйкырып чыкпадыңыз? Эмне үчүн култуюп отуруп, биринчи болуп кол көтөрүп бердиңиз?!.

М а т а е в. Нан урсун аксакал, түшүнсөм эмне дейсиз?!.. Ишениңиз!..

Б а з а р о в. Макул мен, ишенейин. Бирок, ойлоп багыңызчы... Жогорку билимдүү, уюштургуч жаштар колхоздо толуп жатса, оозуң кайсы десе, мурдун көрсөткөн немени көтөрө салганыңар кандай?! Мүмкүн менин Мамбеткул таякемдин мен билбеген укмуштуудай уюштургуч сапаттары бардыр?!. Андай болсо... байбичеси өлгөндөн кийин кызыныкына көчүп келгенине он жыл болду... эмне үчүн ошондон бери байкабай жүрүп, мен секретарь болуп келер замат Мамбеткул акедей билерман, кадырман адам бул дүйнөдө жок деп, жерге-сууга тийгизбей мактап, звеновойлукка көтөрө саласыңар?!.

М а м а ж а н. *(Сакалын сылап, көзүн сүзө).* Жээни чоңдун таякеси акылман деген, Алияскар иним!..

Б а з а р о в. Үй-бүлөчүлүктүн жайы башка, Арашан Матаевич. Мен тууган безер эмесмин. Мен Мамбеткул таякемди жанымдай көрөм. Бирок, ишке калганда... жакын-жармат,таяке-паяке, жолдош-жоро деген мен үчүн жок!.. Көкүрөгүңүзгө түйүп коюңуз!.. Бул маселеде партиялык принциптен эч ким мени кыйшайта албайт!..

Ж о р о б а й. Бул айтканың чыныгы балшавектин сөзү, айланып кетейин, Алияскар иним!..

Б а з а р о в. Кайда болбосун, и, качан, болбосун чыныгы уюштургуч таланттарга гана жол берилиши керек!.. Башкача болбойт! Мүмкүн да эмес!.. Таякемди дароо бошоткула!..

М а т а е в. Дароо бошотобуз, аксакал... Бир мүнөт токтотпойбуз!..

Ж о р о б а й. *(Матаевди жекирип карап).* Сен жаман бала турбайсыңбы!..

М а м а ж а н. Азыр эле көкөлөтүп жатпадың беле!..

Ж о р о б а й. Мен балшавекмин. Чындык кайда болсо, мен ошо жактамын. *(Базаровду көздөй жылып)*. Дыйкан адам абройду эмгегинен тапса, улук киши адилеттиктен тажабайт деген, Алияскар иним. Көздөй таякең Мамбеткулду алып ыргыт дегениң туура!.. Сендей чыныгы балшавектин гана колунан келет мындай ак иш!.. Таяке болгусу келсе,үйүндө таяке болсун!..

М а т а е в. Мен таптакыр ойлобоптурмун, Жоробай аке. Иттик менден кетип калган экен!..

Б а з а р о в. О, жок, сиз антип аңкоосунбаңыз, жолдош Матаев. Сиз муну билип туруп иштегенсиз. Сиздин кароолго алганыңыз алыста болгон. *(Жоробайга)*. Кечирип коюңуз, Жоробай аке.

Ж о р о б а й. Мен жанымдай көрүп калдым сени Алияскар иним… Мисалы, жаңкы Ысманды эле алсаң… аны менен жаштайыңан курбу турбайсыңбы… Ошого карабай эле, шарт дегизе партиядан чыгарып… Мындай адилеттик чыныгы балшевиктин гана колунан келет!.. Э, айланайын, башка бирөөнүн аялын көз көрүнө азгырып, үй-турмушун бузат деген эмне, я?!. Маскарачылык да!.. Андай маралпай бузукулар арабызда болбошу керек!.. Болуп калса бар го, андайларды түп-тамырынан бери кетмендеп салыш керек!..

М а м а ж а н. *(Кыска паузадан кийин)*. Жоробай акең адеп мактап жатат сени, дүйнөдөгү адамдардын адилети деп… Айтчы, Алияскар иним, миң совалга миң жовап дегенди укканың барбы?

Б а з а р о в. Жок.

М а м а ж а н. Илгери-илгери кара кылды как жарган бир акылман болгон экен. Ал таразалаган иштен бир да жан күмөндөр болбойт, бардыгы ыраазы. Адилет атка конгонуна өзү да ыраазы. Ошентип турган кезде куржун

асынган бир чал келип, сен адилет эмессиң, акылманым дейт. Акылман таңыркап карайт, жолоочу сөзүн улайт. Тиги, же бул иштин түйүнүн адилет чечтим деп, анын адилет чечилгенине ишенип турса да, адилеттиктен тайыган жокмунбу деп миң мартаба өзүнө суроо берип, миң мартаба жооп издеген киши гана адилет боло алат. А сиз антпейсиз, акылманым!

Ж о р о б а й. Атаганат, адам эмес бекен, а!..

М а м а ж а н. Ысманды партиядан чыгардың, Алияскар иним. Бул иште таразачы өзүңсүң. Менин айтайын дегеним башка. Ойлой келсең, Ысмандын азабы аны менен бүткөнү жок да... Ал журтчулуктун алдында карабет болуп, адамдардын жүзүн карай албай калбадыбы!.. Анын үстүнө, үй-бүлөсүнө да шүмшүк болуп... Бул катуу жаза!..

Ж о р о б а й. Туура, Маке. Андайдын бетин нары кылсын!..

М а м а ж а н. Эми Ысман кургурдун ошол азаптары аз келгенсип, канчадан бери иштебей, үй-камак болуп, үйүндө жатса... жөн-жайын сураган бир да жан жок... Мунубуз адамкерчиликке сыйбайтко дейм, өзүң эле калыс болчу?

Ж о р о б а й. Чыныгы балшавектин сөзү!..

М а м а ж а н. Биз өлгөндөрдү да эскеребиз... Ал эми Ысман болсо.... тирүү адам го, акыры!.. Болгондо да... Кечирип кой, Алияскар иним...

*Пауза.*

Б а з а р о в. *(Чынысын коюп)*. Ыракмат, Жоробай аке, мен кайтайын. Азыр үчүнчү смена ишке киришет. Мен тиякта болбосом болбойт...

Ж о р о б а й. Тамак ичпей элеби?

Б а з а р о в. Чай ичпедимби.

Ж о р о б а й. Чай да тамак болчу беле. Токтой тур, айланайын. *(Кыйкырып).* Ой, Айна!.. Найча!.. О, кайдасыңар?..

Жоробайдын соңунан балтак-балтак жүгүрүп, Матаев да чыгат.

М а м а ж а н. *(Базаровду жандай басып).* Адам тургай, чөптүн жаны да кейийт. Тыңшай билсең, онтогону угулуп турат... Ал эми адам болсо... Адамдын муңуна дүлөй болгон болбойт. Миң адамдын кубанычынын ичинен бир адамдын кайгы-муңун уга билген дурус!..

*Жоробай баштап, Айна менен Найча кирет. Колдорунда тамак-аш.*

Ж о р о б а й. *(Базаров кеткен жакка)* Алияскар иним!.. Алияскар!..

## *Жетинчи сүрөт*

*Базаровдун кабинети. Терезеден күн нуру кыйыр түшөт. Базаров жалгыз. Алдындагы папкалардын улам бирин карап, бирдеңкелерди жазуу менен алек. Пауза. Базаров ордунан турат.*

Базаров. *(Ойлуу).* «...Дыйкан адам абройду эмгегинен тапса, улук киши адилдиктен табат...» *(Наркы-терки басат, кайталап)* «...Улук киши адилдиктен табат...»

*Бакаев кирет.*

Б а к а е в. Саламатсызбы, Алияскар Айдарович. Карындашыңыздын ноокасы катуу дешип... Азыр эле уктум...Кандай деги?

Б а з а р о в. Клиникага алып кетишти... Азырынча белгисиз... Отуруңуз.

Б а к а е в. Ыракмат. Колхоздорду кыдырып жүрүп, эми эле келдим... Табияттын кырсыгын бат жеңгенибизге

эл аябай кубанып, сугат кадимкидей жүрүп жатат. Муну чыныгы таалай деп эсептесек жаңылышпайбыз го дейм...

Б а з а р о в. Сүйлөңүз, Карагул Бакаевич.

Б а к а е в. Эки иш менен келдим эле. Биринчиси... Айрым чарбаларда которуштуруп айдоону одоно бузуп жаткандыктар туурасында бюродо уксакпы деп маселе киргизсем... Сиз аны алдырып таштады деп уктум...

Б а з а р о в. Үстүртөн даярдалган маселе менен бюрого кирүүгө болбойт, Карагул Бакаевич...

Б а к а е в. Бул замечанияңызды сөзсүз эске алам, Алияскар Айдарович.

Б а з а р о в. Экинчи маселеңиз?

Б а к а е в. Экинчи маселе болсо... Бул өтө эле чыргай маселе... Назгүл Салиевна туурасында... Күйөөсүнө байланыштуу Райболышцанын Главврачы болуп иштөөгө ал кишинин морально укугу жок болуп калды го дейм!..

Б а з а р о в. Эмне, Назгүл Салиевнага айтып койдуңузбу ошондой деп?

Б а к а е в. Жок, Алияскар Айдарович... Сизге акылдашпай туруп, кантип айтайын...

Б а з а р о в. Назгүл Салиевнанын бар болгон айыбы – ал жолдош Асановдун аялы болуп калгандыгында... Башка күнөөсү жок болуш керек менимче. Же бар бекен?

Б а к а е в. Биле албайт экем, Алияскар Айдарович.

Б а з а р о в. Бу — бир деңиз. Экинчиден, эрди-катындын бири өлсө, экинчиси да өлүш керек дегенибиз... маселени ошол жагдайда койсок, анда биздин мунубуз жеткен мыкаачылык болуп калар эле. Сиз туура кылгансыз, Карагул Бакаевич. Назгүл Салиевнага айтпаганыңыз ырас болуптур. Өз ордунда эле иштей берсин.

Б а к а е в. Албетте, иштей берсин. Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылганыбыз болбойт деңизчи. Бирок ага бооору-

керлик кылабыз деп, андан кем эмес адамыбызды кирдетип алышыбыз мүмкүн, мен ошондон коркуп жатам.

Б а з а р о в. Кимди, маселен?

Б а к а е в. Сизди.

Б а з а р о в. Түшүнбөдүм?.

Б а к а е в. Алияскар Айдарович студент кезинен Назгүл менен тааныш экен дешип… айтор ушундай эле сөздөр…

Б а з а р о в. Абдан туура сөздөр. Ысман үчөөбүз жакын курдаш болчубуз… Алардын тоюнда мен өзүм тамада болгом…

Б а к а е в. Алияскар Айдарович!

Б а з а р о в. Кечиресиз, Карагул Бакаевич!.. Мен Назгүлдөй адамдарды дайыма колдоп келгем… И, мындан ары да дайыма колдойм. Чочубаңыз ушак сөздөрдөн!.. Андан көрөкчө, айтыңызчы, жолдош Асановду кызматка орноштурууну бюродо сизге тапшырган элек, эмне болду?!.

Б а к а е в. Мен Райсельхоз управлениенин башчысына тапшырган элем, азыр эле биле коёюнчу.

Б а з а р о в. Убара болбоңуз! Амат Маматты жумшаса, Мамат Саматты жумшайт болуп… Адамга кам көрүү керек деп качан болбосун жар салабыз!.. Баракелде бизге!.. Оозубуздан жалын бүрккөнүбүз менен, жүрөгүбүз муз эле бойдон окшобойбу!

Б а к а е в. Байкап карасам, айып менде болуп калган экен, Алияскар Айдарович!..

Б а з а р о в. Жеке эле сизде бекен?!. Көбүнчө мен айыптуумун. Кетпеңиз, сөз бар.

Б а к а е в. Кулагым сизде, Алияскар Айдарович.

Б а з а р о в. Айтыңызчы, жолдош Асановдун персоналдык иши туурасында кандайдыр шашмалык же туура эместик кетирген жокпузбу, кандай, дейсиз ушу туурасында?..

Б а к а е в. Демек, ал чечимдин тууралыгынан күмөнүңүз бар турбайбы, эгер мен сизди туура түшүнсөм?!

Б а з а р о в. Мен аны туура эмес деп жатканым жок! Кудай сактасын. Мен жөн гана өзүбүздөн өзүбүз күмөн санап, өзүбүздү өзүбүз текшерип көрсөкпү деп жатам... Бул күнөө кылгандыкка жатпайт ко дейм менимче?

Б а к а е в. Арийне, жеке өзүңүз күмөн санасаңыз болор эле... Бирок жолдош Асановдун персоналдык иши тууралсындагы чечим бюронуку, коллегиялуу чечим эмеспи.

Б а з а р о в. Ооба, ошондой.

Б а к а е в. Анан, жолдош Асановдун өзү бир да фактыны четке каккан жок. Бардыгын мойнуна алган болчу. Аны мойнуна ал деп эч ким зордогон эмес.

Б а з а р о в. Туура.

Б а к а е в. Мен насаат айталбайм сизге, Алияскар Айдарович, ошентсе да, Асановдой аморал кишилер жөнүндө күн сайын жүрөгүңүздү оорута берсеңиз... Жыйырманчы кылымдын балакеттери көп, алардын ичинде инфаркт деген жан алгыч бар, өзүңүз билесиз, ал маскара дайыма бизди тооруп турат!..

Б а з а р о в. Бизди бул орундарга коюшканда өздөрүн инфарктан сактап калышсын деп коюшкан дейсизби?.. Менимче, андай болбосо керек, Карагул Бакаевич. Баарыдан мурда башкаларды сактап калууга көмөкчү болушсун деп коюп жүрүшпөсүн, ойлоп багыңызчы?!.

Б а к а е в. Мен дайыма жакшылык тилеген кишимин сизге. Ошондуктан, тилимди алып, жолдош Асановду персоналдык ишинен күмөн саганыңызды коюңуз. Болбосо бюро мүчөлөрүн өзүңүзгө каршы коюп аласыз. Бул бир дениз.Экинчиден, бюронун авторитети түшүп калышы мүмкүн.

Б а з а р о в. Себеп?

Б а к а е в. Бюро өзүнүн чечиминен күмөн санай турган болсо, адамдар ойлошот да, демек, бюродо да каталыктар болот турбайбы деп...

Б а з а р о в. А сиз, эмне, райкомдун бюросунун ишинде жаңылыштыктар болбойт деп ойлойсузбу?

Б а к а е в. Болууга тийиш эмес.

Б а з а р о в. Бул башка маселе...

Б а к а е в. Кечиресиз, Алияскар Айдарович... үчүнчүдөн, менин айтайын дегеним... Болуптур, жолдош Асановдун персоналдык иши жөнүндөгү чечимди кайра карайлы дейлик... Мен макулмун, бирок ошенткенде жолдош Асановдун акталып чыгарына ишенесизби?..

Б а з а р о в. Мен жолдош Асановду ак деп жатканым жок, Карагул Бакаевич. Өзүбүздү өзүбүз текшерип көрсөкпү деген гана ниет. Анын эмнеси жаман?!.

Б а к а е в. Бул бюро мүчөлөрүнүн бардыгынан күмөн санап, бюрого шек келтирүү деген сөз. Ал үчүн обкомдун бюросунун алдында жооп берүүгө туура келет!.. Ал эми мындай маселе менен обкомдун бюросунан түшүү... Ишениңиз, мен аны сизге таптакыр каалабас элем!..

Б а з а р о в. Жакшы барыңыз, Карагул Бакаевич.

Б а к а е в. Адилет чечилген иштен күмөн саноо адилеттикке жатпайт, Алияскар Айдарович. Анан дагы... Жетекчи адамдын күмөнчүл болгону жакшы эмес. Жарашпайт бизге.

*Бакаев чыгат.*

Б а з а р о в. *(Кыска паузадан кийин, ойлуу).* «Адилет чечилген иштен күмөн саноо адилеттикке жатпайт...»?! Сиз ошондой ойлойт экенсиз да, Карагул Бакаевич?.. А балким, андай эмес чыгар?!.

Н а з а р о в а. Кечиресиз, Алияскар Айдарович. *(Папкаларды столго коюп).* Сиз сураган материалдар...

Б а з а р о в. Ыракмат, Алима Назаровна.

Н а з а р о в а. Алияскар Айдарович!

Б а з а р о в. Сүйлөй бериңиз. Мен угуп жатам.

Н а з а р о в а. Бирдеңке айтайын деп эле айта албай… Айтсам болор бекен?

Б а з а р о в. Эмнеге болбосун, албетте болот. Айтыңыз.

Н а з а р о в а. Кырсык болордун алдында Ысман Тынаевич «Учкунга» барып… Не себептен экенин билбейм, жолдош Матаев менен аябай чарпышып калган имиш… Анда Намырбай Ниязович да болгон дешеби, айтор…

Б а з а р о в. Уланта бериңиз, Алима Назаровна, уланта бериңиз…

Н а з а р о в а. *(Муңайым күлүмсүрөп)*. Бар болгону эле ушул…

Б а з а р о в. Ыракмат, Алима Назаровна. Кетпеңиз *(жазып бүтүп)*. Менин суроом бар эле сизде.

Н а з а р о в а. Пожалуйста, Алияскар Айдарович, сураңыз.

Б а з а р о в. Айтыңызчы, Алима Назаровна… Кеп мындай… Мисалы, сиз чогулуш сайын мени өкүртө сындасаңыз, а мен эч качан таарынбасам, талашпасам, ал тургай, айткандарыңыздын бардыгын туура көрүп, дайыма сизди мактап сүйлөсөм… Жанымдай көрөм десем… Менин ниетимдин актыгына ишенер белеңиз?

Назарова. Ишенбейт элем. А сизчи?

Б а з а р о в. Мен да ишенбейт элем.

Н а з а р о в а. Ашыра мактоо жаман көрүүнүн бир түрү да. Мен ушундай түшүнөм.

Б а з а р о в. Мен да ошондой пикирдемин. Эми дагы бир суроо. Кожоюнуңуздун ахвалы кандай? Жылыш барбы?..

Н а з а р о в а. Бар. Кадимкидей.

Б а з а р о в. Окус ал кишиге курорт керек болуп калса, мага айтыңыз... Путевкадан кол кабыш кылайын...

Н а з а р о в а. Ыракмат, Алияскар Айдарович.

Б а з а р о в. Орготделдин башчысын чакырып коюңузчу.

Н а з а р о в а. Жакшы болот *(чыгат)*.

*Телефон шыңгырайт.*

Б а з а р о в. *(Трубканы алып, кыжырлуу)*. Сиз мурдагы күнү эле убада бербедиңиз беле, бардыгы жайында болот деп... Канакей, ал убадаңыз?.. Малды эмне менен семиртебиз кышындасы? Ооздун желинеби?!. Калп айтпаңыз!.. Силердин чөп чабындыларда бир да жан жок, мен азыр эле ошо жактан келдим. Моюнга алам менен тойгузбаңыз мени... Жетет!.. Мага иш керек, иш!..

*Базаров трубканы коёт. Бөлүм башчысы кирет.*

Б ө л ү м б а ш ч ы с ы. Чакырган экенсиз, Алияскар Айдарович!

Б а з а р о в. Бул папкаларды алсаңыз болот. Ыракмат. Шашылбаңыз, мага мына булар туурасында кошумча маалыматтар керек болуп калды. Негизги суроолор ушулар... Бирөө да жоопсуз калбасын. Так болсун. И, аныкталган болсун. Ийненин көзүндөй да күмөн калбасын. Бул ишке өзүңүз башчылык кыласыз.

Б ө л ү м б а ш ч ы с ы. Жакшы болот, Алияскар Айдарович!

Б а з а р о в. Шашылбаңыз, бирок созукпасын.

Б ө л ү м б а ш ч ы с ы. Созуктурбайбыз.

Б а з а р о в. Өзүңүзгө жардамчы кылып, өзүңүздүн бөлүмдөгү адамдарды гана алыңыз. Анан... азырынча бизден башка бир да жан билбесин.

Б ө л ү м б а ш ч ы с ы. Болуптур, Алияскар Айдарович.

Б а з а р о в. Кетпеңиз, менин суроом бар сизде. *(Жакын барып)*. Жолдош Матаев көп мактанат имиш, мага

тийишкен киши соо калбайт, мен ыйыкмын деп... Ушул туурасында укканыңыз барбы?

Б ө л ү м б а ш ч ы с ы. Укканым бар, Алияскар Айдарович.

Б а з а р о в. Эмнеге ошентет, ойлоп көрдүңүз беле?

Б ө л ү м б а ш ч ы с ы. Жок. Менимче, жөн гана тамаша болуу керек. Ыйыктыкты бирөө байлап коюптурбу ага!..

Б а з а р о в. Албетте, ар бир айтылган сөздөн криминал издеген жарабайт. Андайга биз жол бербейбиз. Бирок мен «ыйыкмын» дегендин нары жагында маани жаткан болсо, көңүл бурбай коюшка болбойт. Мына бул папкаларда персональный эки иш каралган экен... Дагы бир жолу жакшылап таанышып чыгыңызчы... Түшүнүп жатасызбы мен эмне айтайын дегенимди?..

Б ө л ү м б а ш ч ы с ы. Түшүнүп жатам, Алияскар Айдарович.

Б а з а р о в. Тыянак чыгарууга ашыкпаңыз. Жөн гана таанышып көрүңүз...

Б ө л ү м б а ш ч ы с ы. Жакшы болот, Алияскар Айдарович.

*Бөлүм башчысы чыгат. Телефон шыңгырайт.*

Б а з а р о в. *(Трубканы алып)*. Алло... Ооба... Мен..- Эмне?!. Макул, мен азыр барам. Мынакей, кеттим. *(Трубканы илип, кнопканы басат. Назарова кирет. Базаров кол жазманы сунуп)*.

Машбюрого бериңизчи, Алима Назаровна, үч экземплярдан бассын. Эгерде обкомдон же борбордон телефон чалышса, мени үйдөн же больницадан табасыз.

Н а з а р о в а. *(Суроолуу)*. Алияскар Айдарович?!.

Б а з а р о в. Чочубаңыз, тынччылык эле...

*Базаров чыгат. Назарова соңунан тиктеп, ойлуу.*

## *Сегизинчи сүрөт*

*Биринчи сүрөттүн жасалгасы. Ачылуу терезеден жылдыздуу асман көрүнөт. «Назгүлүм» ырынын гитарада ойнолгон овону муңканат. Ысман жалгыз. Кыска паузадан кийин секин басып Гүлнара кирет. Бир пачка сигарета менен ширенкени стол четине коюп, кайра чыгат.Ысман сигарета чегет. Патнуска чыны-чайнек көтөрүп, Назгүл кирет.*

Ы с м а н. *(Паузадан кийин).* Эч болбогондо бир ооз үнкатып койсоң болбойбу, Нази, бир эле ооз!!!

*Пауза.*

Н а з г ү л. *(Акырын).* Галстугуң менен көйнөгүңдү үтүктөп койдум. Жүз аарчыңды азыр алып берем. *(Кыска паузадан кийин, маңдайкы эшиктен Гүлнара көрүнөт).* Эмне эле нары-бери кайпактап жүрөсүң, кызым? Сабагыңды даярдабайсыңбы… Экзамен башталайын деп калды… Эртең эрте мектебиңе барышың керек… Гүлнара?!.

*Пауза.*

Г ү л н а р а. *(Мамасын кучактап, өксүп ыйлайт).* Мен мектепке барбайм. Кыйнабагын мени, мамочка, мен барбайм!..

*Ысман. Ордунан туруп, оң тараптагы эшикке кирет.*

Г ү л н а р а. Бул жерден кетеличи, мамочка. Өлкөбүз кең эмеспи. Кайда барсак да, өз жер, өз элибиз, бизди ким жеримек эле. Мага кыйын болуп жатат. Түшүнсөң, мамочка!

Н а з г ү л. *(Акырын).* Адамдардын табасынан корунуп бул жерден кетип калсак, бизди барыксыз бечелдерден турбайбы дешип, ого бетер табалашпайбы! *(Кызынын чачынан жыттап).* Мамаңды ушундай

кыйын күндөрдө колдошуң керек, кызым! *(Гүлнараны өзүнө каратып)*. Бармагыбызды кыя тиштеп, бардык азабыбызды ичибизге каталы!.. Бошобойлу, макулбу, эркем?

Г ү л н а р а. Хорошо, мамочка. Эмне болсо да мейли. Мен бардыгына чыдайм!.. Ыйлаба! Мен мектепке да барам. Экзаменди да тапшырам. Көрөсүң го!.. Ишенгин, мамочка!.. Железно!..

Н а з г ү л. Ишенем.

Г ү л н а р а. Мама!.. Дагы кат келдиби сага?!.

Н а з г ү л. Ооба.

Г ү л н а р а. Адеп эле улам-улам келип… Бул эмне болгон каттар, мамочка, айтсаң?!.

Н а з г ү л. *(Кейиштүү күлүмсүрөп)*. Мен операциялаган адамдар адеп мага алкыш айтышып…

Г ү л н а р а. Жок, мамочка, бул алкыш каттар эмес. Сен аларды окугандан кийин дайыма өпкөлөп ыйлачу болдуң… Бирөө келди окшойт.

*Гүлнара ортоңку эшикке бет алат. Назгүл стол үстүн иреттейт. Базаров кирет.*

Б а з а р о в. Саламатсызбы, Назгүл Салиевна!..

Н а з г ү л. Алияскар Айдарович?!. Саламатчылык… Келиңиз… Бери өтүңүз…

Б а з а р о в. Ыракмат, Назгүл Салиевна!.. Мен азыр эле кайра кайтышым керек, өтө шашылышмын…

Н а з г ү л. Ишенем, Алияскар Айдарович. Ошентсе да…Мындан көп-көп жылдар мурда менин колумдан даам сызган элеңиз. Анда биз студент элек. Эми болсо… жок дегенде бир пиала чайга ырайым этиңизчи… Антпеңиз, осол кылып коёсуз мени…

Б а з а р о в. Биз студент кезибизде, сиз мага куймак менен чай… берген элеңиз…

Н а з г ү л. Унутпапсыз да!..

Б а з а р о в. Канткенде унутам, унутпай калайын.

Н а з г ү л. Бир табак куймактан ным калтырбай жеп... сиз мени аябай курстан кылдыңыз эле ошондо!

Б а з а р о в. А мен эмне курстан болбой коюптурмунбу? Сырты кызыл чырайлык куймактын ичи толо чайырдай камыр болсо, мен курстан болбогондо, ким курстан болмок эле!

Н а з г ү л. Коюңузчу?!. Сиз жыргап жеп жатпадыңыз беле?!. Эмне үчүн айтпадыңыз чийки экен деп?!.

Б а з а р о в. Тишим тишиме жабышып, сөз айтууга кудуретим келбесе, кантет элем!..

Н а з г ү л. Ай-ий, уят эле иш болгон тура, ка-ап!..

Б а з а р о в. Кейибеңиз, Назгүл Салиевна, ал менин өмүрүмдөгү эң сонун элес катарында сакталып келатат!..

Н а з г ү л. Сиз Ысман экөөбүздүн тоюбузда тамада болгон элеңиз... Ошондо биздин баш кошуп жатканыбызга чын жүрөгүмдөн кубанам ак ниетимден бакты-таалай тилейм дегениңизде, мен эмнегедир дароо сиздин көзүңүздү караган элем... Турмушта көп эле нерселер унутулуп калат экен, бирок сиздин ошондогу ак ниет кубанычыңызды наристе бойдон сактап келатам!.. Бир жерине чаң тийгизгеним жок!.. Ыракмат, Алияскар Айдарович!..

*Пауза.*

Б а з а р о в. Мен зарыл жумуш менен келдим эле сизге...

Н а з г ү л. Айтыңыз.

Б а з а р о в. Менин карындашымдын ахвалы кыйын болуп жатат. Сиздин орун басарыңыз Калыйпа Нуралиева тезинен операция жасаш керек... Өтүндө таш бар окшойт. Назгүл Салиевна өзү болсо жакшы болот эле, бирок келе алар бекен деп... эмнегедир бейпаланып, нары-

бери эле кайпалактаганынан... Мен сизге телефон чалсам, телефонуңуз да иштебей калыптыр...

Н а з г ү л. Кийинки кездерде эмнегедир тез-тез бузулчу болду...

Б а з а р о в. Ошол себептүү мен өзүм келдим эле, кечирип коюңуз...

Н а з г ү л. Калыйпа Нуралиевна эмнеге кайпалактаганын билбейсиз го дейм сыягы?!.

Б а з а р о в. Жок.

Н а з г ү л. *(Кыска паузадан кийин)*. Бүгүн эки жолу оор операция жасагам. *(Кейиштүү күлүмсүрөп)*. Калыйпа Нуралиевна мени аяп жаткан болуу керек... Ооба, ошондой!.. Ал эми сиздин карындашыңыз туурасында болсо... Сиз чочубаңыз, Алияскар Айдарович. Азыр барып көрөбүз.Тезинен операция жасаш керек болсо, операция жасайбыз. Бирок мен өзүмдүн практикамда бир нерсени катуу кармайм. Оорулууну кайра-кайра карап... Кайра-кайра карап... Операция жасоодон башка эч бир даба табылбай калгандагана столго алам!.. Биз адам менен иштейбиз, Алияскар Айдарозич. Бизге жаңылууга болбойт!..

Б а з а р о в. *(Кыска паузадан кийин)*. Мен машинанын жанында күтүп турам.

Н а з г ү л. Жок!.. Сиз мени күтпөңүз. Кете бериңиз.- Мен өзүм эле барам.

Б а з а р о в. Андай болсо, шофер бала тосуп алат сизди.

Н а з г ү л. Машинанын кереги жок, мен жөө эле барам...

Б а з а р о в. *(Суроолуу)*. Назгүл Салиевна?!.

Н а з г ү л. Менин бир жолку суроомду аткарып коюңузчу!.. Ишенсеңиз, бул менин биринчи жана акыркы суроом. Шагымды сындырбаңыз!..

Б а з а р о в. *(Кыска паузадан кийин)*. Ыракмат сизге, Назгүл Салиевна!..

Базаров чыгат. Назгүл оң тараптагы бөлмөгө кирет.-Пауза. Бакаев кирет. Эки колун артына алып, дубалдагы сүрөткө көз чаптырат. Оң тараптагы эшиктен шашылыш, Назгүл чыгат.

Б а к а е в. Саламатсызбы, Назгүл Салиевиа!..

Н а з г ү л. Карагул Бакаевич?!. А... эсенчилик... келиңиз...

Б а к а е в. Шашып бараткан өңдөнөсүз...

Н а з г ү л. Ооба, шашып бараттым эле... Эчтеке эмес... Бери өтүңүз.

Б а к а е в. Бир топтон бери көрүшпөй калдык... Кандай туруп жатасыздар?

*Назгүл Кабагын бүркөп, унчукпайт. Бакаевге чай сунат.*

Б а к а е в. *(Кейиштүү күрсүнүп)*. Аял менен ичимдиктен алыс болунуз деп, Ысман Тынаевичти канча эскерттим эле...

Н а з г ү л. *(Көз жашын билгизбей сүртүп)*. Чайга караңыз, Карагул Бакаевич...

Б а к а е в. Окус көчөдөн жолугушуп калсам, башка тургай, өз аялым менен жанаша туруп сүйлөшкөндөн чочуйм!.. Себеби, ал менин аялым экенин билбеген шалпак ооздор толуп жатпайбы! *(Чайдан ууртап)*. Мынакей, тил албагандыктын пайдасы!.. Анын өзүнүн көмүрдөй чачы бир түндүн ичинде куудай болуп... Сизди да азапка салды... Мен азыр Гүлнарбайды көрүп, тааныбай калдым ишенсеңиз!

Н а з г ү л. *(Өксүй ыйлап)*. Мынча эмне кыйнайсыз мени, Карагул Бакаевич!!. Айтыңызчы? Же алалбай жүргөн өчүңүз бар беле менде?!.

Б а к а е в. Кечиресиз, Назгүл Салиевна. Таза жүрсө, Ысман Тынаевичтин келечеги укмуш эле да... Адегенде

область... анан борбор... Ар дайым урмат менен сыйдын үстүндө болмок... Таалай үчүн күрөшүү керек!.. Именно, күрөшүү керек!.. Ал эми Ысман Тынаевич болсо, өзүнө өзү каргаша болуп, адам эмес турбайбы!

Н а з г ү л. Карагул Бакаевич!..

Б а к а е в. Эмне дейсиз, Назгүл Салиевна?..

Н а з г ү л. Менимче, берер жазасын берип, бүттүңүздөр го дейм Ысманга, же дагы калды беле?!.

Б а к а е в. Назгүл Салиевна!.. Сиз аны айыптап, уяткарып, жектеп-жемирүүнүн ордуна, кайра ага жан тартып...

Н а з г ү л. Эмне, анын ушуга дейре көргөн азабы аз болду деп ойлойсузбу?!. Анда сыйрый бериңиз жаратын улам-улам... Коркпоңуз, анын онтогонго гана алы келет, кол кайрый албайт!..

Б а к а е в. Назгүл Салиевна!.. Ал морально жалгыз өзү өлбөй, сизди балаңыз менен кошо сындырып отурбайбы!.. Сиз эмне, унутуп калдыңызбы ошону бат эле?!.

Н а з г ү л. *(Өксүп)*. Улам-улам мени зар ыйлатып... Менин көз жашымдын кимге кереги бар болуп калган мынчалык, айтыңызчы, Карагул Бакаевич?!. Кимге?!. Сизгеби?!. Же башкагабы, кана айтыңызчы!.. Кимге!..

Б а к а е в. Назгүл Салиевна!.. Кудай урсун, минтсеңиз капа кыласыз мени!..

Н а з г ү л. Менин башка азабым аз келгенсип, кудайдын куттуу күнү үчтөн-төрттөн тоголок каттар келип... Андай эле жакшы адамдар экен, мурда эмне үчүн жазышпады? Эми Ысмандын башына азап түшкөндө гана капкайдагы булганч нерселердин бардыгын оодара салышып...

Б а к а е в. Назгүл Салиевна!.. Сиз акылдуу жансыз. Жамандыкты башкадан издебеңиз. Ысман Тынаевич жакшы адам болсо, ким ооз ачат эле?!. Ким жекирет эле?!.

Н а з г ү л. Карагул Бакаевич!

Б а к а е в. Эмне дейсиз?

Н а з г ү л. Жаман да болсо Ысман менин күйөөм, баламдын атасы…

Б а к а е в. Назгүл Салиевна!

Н а з г ү л. Кечиресиз… Мен Ысман туурасында жаман сөз уккум келбейт. Жетет!..

*П а у з а.*

Б а к а е в. Мага өтө кыйын болуп жатат, Назгүл Салиевна.

Н а з г ү л. Айта бериңиз, колумдан келсе, жүгүңүздү жеңилдетейин.

Б а к а е в. Сизге Главврач болуп иштөөгө кыйын болуп калды!

Н а з г ү л. Мен эмне күнөө кылдым, Карагул Бакаевич?!*(Кыска паузадан кийин)*. Айтпасаңыз да болот…

Б а к а е в. Сиз мени туура түшүнүңүз, Назгүл Салиевна… Мага таптакыр тынчтык беришпей… Адеп арызданып жатышпайбы…

Н а з г ү л. Адеп арызданып жатышат дебей эле, арызданып жатат деп ырасын айтпайсызбы… Бир гана киши… Менин орун басарым Калыйпа Нуралиевна!.. *(Кейиштүү күрсүнүп)*. Ай, кудай, ай!.. Бирөөнүн башына азап түшсө, анын азабын бөлүшүп, көңүлүн көтөрүүнүн ордуна, Калыйпа Нуралиевнага окшогондор дароо баш көтөрүп, азаптуу бечараны тебелеп-тепсеп, жан-аттууну көзүнө илбей, локулдап, бардыгын башкарымыш болуп, өңүнө кирип гүлдөп чыга келет тура!..

Б а к а е в. Кызык, кызык!.. Калыйпа Нуралиевна ызаттуу, кичи пейил деп аны өзүңүз мактап жүрбөдүңүз беле…

Н а з г ү л. Биздин жүзүбүз эч качан кубулбайт, Карагул Бакаевич! Ошол себептүү бардык жанды өзүбүздөй

көрөт турбайбызбы! Ал эми Калыйпа Нуралиевнага окшогондордун жүзү болсо, шартка жараша кубулуп турат тура… айланасы ак болсо ак, кара болсо кара болуп… *(Бакаевди карап)*. Адам деген улуу!.. Бирок адамдын улугу ким, паскечи ким?!.

*П а у з а.*

Б а к а е в. Ушундай болорун билип, келбейин деген элем. Бирок, келбеске болбоду. Биз… Алияскар Айдаровичти сакташыбыз керек болуп калды!..

Н а з г ү л. Эмнеден?!.

Б а к а е в. Ал кишинин үстүнөн жаманатты сөздөр көп болуп жатат.

Н а з г ү л. Кандайча сөздөр?!.

Б а к а е в. Студент күндөрүнөн тартып Назгүл Салиевна экөөнүн көңүлү жакын экен, ошол себептүү колдоп жатыптыр дешип…

Н а з г ү л. Кибир жандардын издегени дайыма ушундай кибирлик! Күзгүдөй тунуктуктан да ар качан булганчтык издешет! *(Бакаевди карап)*. Мен ал киши туурасында жаманатты уккум келбейт. Айтыңыз эмне десеңиз, мен макулмун.

Б а к а е в. Өзүмдүн каалоом боюнча Главврачтыктан бошоткула деп арыз беришиңиз керек…

Н а з г ү л. Жарайт, мен берейин. Дагы эмне керек менден?!. Айтыңыз!.. Балким, унутуп калган чыгарсыз?!.

Б а к а е в. *(Кейиштүү күрсүнүп)*. Бир гана нерсеге капамын. Жардам кылалбай жатам!.. Кечирип коюңуз… *(чыгат)*...

Назгүл. *(Ыйлап)*. Мен ал киши туурасында жаманатты уккум келбейт!!. Келбейт!..

## Тогузунчу сүрөт

*Жылдыздуу түн. Төртүнчү сүрөттүн жасалгасы. Ысман скамейкада отурат. Сакен эки колун бооруна алып, наркы-терки басат. Ойлуу.*

Ы с м а н. *(Сигаретаны үстөмөндөтө соруп)*. Мына ушундай Сакен… Жакын колхоздо агроном болуп иштеп жатам.Таң үрөң-бараңдан кетип, каш карайганда, же жылдыз толгондо кайтып келем…

С а к е н. Уктум, Ысман… Барар замат эле колхоз башчылары менен чарпышып кетипсиң…

Ы с м а н. *(Ордунан турат. Кейиштүү күлүмсүрөп)*. Чарпышып кетипсиң деп… Керек болсо дагы чарпышам… Өмүрүм өткөнчө тыным бербейм… *(Кызуу)*. Бир жолку ийгилигибиз менен он жыл бою курсагыбызды тойгузуп, өпкөбүздү колубузга кармап айхай сала берсек, анда эмне болот, би-лесиңби, Сакен?!. Жок, антип жашоого болбойт!.. Кечегиге бүгүн, бүгүнкүгө эртең алымсынбай, улам бийикке талпынып, келечек менен жашоо керек. Муну мен ойлоп чыгарып жатканым жок. Замананын талабы ошондой. Башкача болушу мүмкүн эмес!..

С а к е н. Билесиңби,– Ысман, сенин баягы активде сүйлөгөн сөзүң, айрыкча, андан кийинки кырсык мени аябай силкинтти. Уйкудан ойготту. Көзүмдү чайыттай ачып, айланама мурдагыдай суктанып, кызыгып кароого мүмкүндүк берди!.. Сен азыр да туура чарпышкансың!.. Сен мага тийбе, мен сага тийбейин деп, жумшак креслодо кепшеп отурган оокат эмес турбайбы, көрсө!.. Аны ойлосом, кадимкидей арданчу болдум!..

Ы с м а н. Мен жетине албай жатам, Сакен, сен мени кубантып койдуң! *(Сакенди кучактап, айланага көз чаптырат)*. Дүйнө кандай сулуу! *(Кыска паузадан кийин)*.

Бирок, түбөлүктүү эч нерсе жок. Учуру келгенде мына ушу сулуу дүйнө менен экөөбүз да кош айтышабыз!..

С а к е н. Ооба, Ысман.

Ы с м а н. Кай бирөөлөр китеп же скульптура калтырса, экинчи бирөөлөрү көпүрө же жол калтырышат... А бизчи... биз экөөбүз эмне калтырабыз?.. Үй ордундай жер болсо да, күнү бүгүнкүдөй кулпуруунтуп келечек муундарга сактап бере алсак, экөөбүзгө андан ашкан талайдын кереги эмне эле?!. Ырaспы, Сакен!?

С а к е н. Ырас.

Ы с м а н. Ал үчүн иштөө гана керек. Жок, жок. Эптеп эмес. Жаныбызды таштап коюп, кумарланып, берилип иштешибиз керек. Чарпашуубуз да керек!..

С а к е н. Туура. Ысман дейм!..

Ы с м а н. Эмне?

С а к е н. Эл арасында сөз болуп жатат...

Ы с м а н. Эмне деп?..

С а к е н. Сени шордоткон Базаров имиш деп...

Ы с м а н. Анткендей, мен эмне кылыптырмын ага?!.

С а к е н. Буга эки себеп болуп жатат. Биринчиден, сен аны аябай ыза кылган имишсиң... Студент кезиңерде...Экинчиден... Баарынан кыйыны ушул... Сен аны чогулуш сайын сындап... Эгер кимдир бирөө сынды сүйөм десе, сен ага ишенбе, былжырайт, сынды эч ким сүйбөйт...

Ы с м а н. Эмне, Алияскар Айдарович өч алып жатат дегиң барбы?! Жок!.. Ал андайга барбайт. Мен өзүмө ишенгендей ишенем ага!..

С а к ен. Ысман!..

Ы с м а н. Жетет!.. Барчы бай болгур...

С а к е н. Мен эч кайда кетпейм... Сен аракет кылышың керек.

Ы с м а н. Мен аракет кылып жатам, Сакен. Бир күн да бекер отурганым жок.

С а к е н. Кайда аракет?

Ы с м а н. Мен иштеп жатам. Ойлонуп да жатам. Бир мүнөт тыным бетин көрбөй ойлонуп, жан үрөп иштеп жатам...

С а к е н. Бул аракет эмес. Аракет деген күрөш, сен күрөшүүң керек. Обкомго арыз жазгын.

Ы с м а н. Мени жолдош Базаров мертинтти деппи?!.

С а к е н. Анан эмне, өмүр бою эле карабет болуп жүрө бермек белең?!.

Ы с м а н. Сүттөн ак кишинин үстүнөн арыз жазгын деп... Мен андай жүзүкаралыкка эч качан барбайм!.. Азгырба мени!..

С а ке н. Ысман!..

Ы с м а н. Көргүм келбейт!..

С а к е н. *(Кыска паузадан кийин)*. Эртең менен канторго келатсам, Назгүл жолугуп... жакын арадагы врачтык пунктта иштеп жатам дейт...

Ы с м а н. Сен эмне деп дөөрүп жатасың, Сакен?!.

С а к е н. Назгүл өзүм арызданып бошондум дейт. Мен ишенбейм. Кетүүгө мажбур кылышты!..

Ы с м а н. Ким?!.

С а к е н. Жолдош Базаровго акылдашпай туруп, эч ким аны бошото албайт болчу!..

Ы с м а н. *(Өксүй кыйкырып)*. Жок!.. Жок!.. Жок!.. Туура кылышкан эмес!.. Мен далилдейм... Мен өзүмдүн Назгүлүмдү эч кимге кордотпойм!.. Сөз тийгизбейм!..

С а к е н. Анталаба, Ысман!.. Ким угат сөзүңдү?!.

Ы с м а н. *(Жаакка тартып)*. Жогол, жүзүкара!..

*П а у з а.*

С а к е н. *(Акырын)*. Жардам кылсамбы деген элем... Менин бар болгон айыбым ошол!.. Кечирип кой, Ысман... Кечирип кой...

*Сакен чыгат. «Назгүлүм» ырынын гитарада ойнолгону жүрөктү мыжыгат. Кыска паузадан кийин Намырбай кирет.*

Н а м ы р б а й. *(Кейиштүү күрсүнүп)*. Бүгүн Гүлнаранын төрөлгөн күнү турбайбы!.. Ал күнү биз дайыма силердикинде чогулуучу элек... Баарыбыздын тең көңүлүбүз куунак... Ыр... музыка... бий...

Ы с м а н. *(Күрсүнүп)*. Менин мурдагы турмушумдун бир эле күнүн кайтарып алуу үчүн калган өмүрүңдү бергин десе, аянбас элем, ойлонбой туруп берет элем! *(Сигарета соруп)*.Таалайды табыш алтындан кымбат, жоготуш дегениң... сүв деп койгон менен барабар турбайбы, көрсө! *(Алыска көз чаптырып)*. Ким билет, менин азыркы жаңылыштыгым, мүмкүн мындан ары жаңылбай жашоого жардам береби деп үмүт кылам!..

Н а м ы р б а й. Жылдыз өчтү!.. *(Күрсүнүп)*. Жылдыздар деле бизге окшош да. Туулат... жашайт... өлөт... Бирок алардын кайгы-капа, кубаныч-ыракат деген менен иши болбойт. А адам болсо... Бүгүн биринчи жолу дитимди коюп, аялымдын жүзүнө карадым... Отуздун кырын жаңы эле ашса да... Бети жылкынын карынына окшоп калыптыр, байкушум!.. Дүнүйөдөн деле кемчил эмес... Эмнеге ушунчалык бат карып кетти, я?!.

Ы с м а н. Адамдын таалайы дүнүйөдө болсо, таалайдан арзан эчтеме болбос эле го дейм...

Н а м ы р б а й. *(Катуу күрсүнүп)*. Турмуш!.. Турмуш!.. Улам эртең мыкты боломун деп отуруп, кырктын кырына кантип чыкканымды билбей да калыпмын, а!.. Ысман дейм!..

Ы с м а н. Эмне?

Н а м ы р б а й. Бери мени карачы. Түз кара!.. Мен кандай адаммын, я, айтчы?

Ы с м а н. Мен ыраазымын сага, Намырбай!

Н а м ы р б а й. Демек, мен жакшы адам турбаймынбы, ээ?.. Жаңылып жүрбөгүн, Ысман. Балким, мен жүзүкарадырмын?!.

Ы с м а н. Келжиребегин, Намырбай!.. Сен өзүңдү сактаймын деп жан талашканың жок. Тескерисинче, мага болушуп, мени актоого аракет кылдың. Мындай адамкерчилик жакшынын гана колунан келет!

Н а м ы р б а й. *(Кыска паузадан кийин).* Ар ким эле бул дүйнөдө жыргап өткүсү келет… Бирок жыргал дегенибиз эмне?!. Ага канткенде жетет?!. Адам кандай болгондо өзүн таалайлуу сезет?!.

Ы с м а н. Адамдын абийири таза болгондо… Ал ошондо гана өзүн таалайлуу сезиши мүмкүн окшобойбу!..

Н а м ы р б а й. Мен эркек башым менен ыйлап жатат өңдөнөм… Ооба, мен ыйлап жатыптырмын… Эмнеге!?. Кубанганымданбы, же кайгырганданбы?.. Же өкүнгөнүмдөнбү?!. Ана, дагы бир жылдыз өчтү!..

### *Онунчу сүрөт*

*Түн. Базаровдун кабинети. Базаров жалгыз. Телефон менен сүйлөшүп жатат.*

Б а з а р о в. Шылтоо издебей, кепке кулак салыңыз!.. Мал чарба комплексин Октябрь майрамына бүтүрөбүз деп убаданы ким берди эле?!. Сиз бергенсиз. Демек, комплекс так ошол срокто даяр болушу керек. Бүттү, башка сөз жок. Саламатта калыңыз…

*Бакаев кирет.*

Б а к а е в. Кечиресиз, Алияскар Айдарович, «Прогресс» колхозунда айдоо жерлерди рационалдуу пайдалануу жөнүндө кеңешме өткөрүп, жаңы эле үйгө келсем, сизди телефон чалды дешип… Саламатсызбы…

Б а з а р о в. Сиз жөнүндө жолдош Асановдон пикир сураткан элем, жазып жибериптир...

Б а к а е в. Мунуңуз өтө эле кызык экен, Алияскар Ай-дарович. Мен жөнүндө жолдош Асановдон пикир суратып...Кудай урсун, түшүнсем эмне дейсиз?!.

Б а з а р о в. Сиз жолдош Асановду жанымдай көрөм де-чү элеңиз, туурабы?

Б а к а е в. Туура. Асанов да мени жанындай көрчү.

Б а з а р о в. Азыр кандай деп ойлойсуз?

Бакаев. Азыр ситуация башка... Ал аябай таарынып калды... Ошондуктан, мен же сиз жөнүндө калыс пикир айтышы мүмкүн эмес да, аны өзүңүз деле билип турбайсызбы!.. *(Күлүп, жумшак)* Анан, в конце концов мен жөнүндө андан пикир сурап. Мунун кандай зарылчылдыгы болду сиз үчүн, Алияскар Айдарович, айтыңызчы, пожалуйста?!.

Б а з а р о в *(Солдон бир барак кагазды алып окуйт)*. «...Чыныгы жакшы көргөн адамыңыз ким деп сурашса, жолдош Бакаев деп жооп берет элем, буйдалбайт элем?.. Ал чыны менен эле адамга күйүмдүү, ак жаркын жана айкөл адам...» деп жазат...

Б а к а е в. Ким?! Асановбу?!.

Б а з а р о в. Ооба... Сиз эмне, ыйлап жатасызбы?

Б а к а е в. *(Жүз аарчысы менен көзүн сүртүп)*. Кечирип коюңуз Алияскар Айдарович... Мен деле адаммын да!..*(Күрсүнүп)*. Кайран гана жигит. Анын көргөн азабын ойлогонумда жүрөгүм барчаланып...

Б а з а р о в. Айтыңызчы, Карагул Бакаевич, жүрөгүңүздүн барчаланганы ырас болсо, жолдош Асановдун персональный ишине кайрылгандан эмне үчүн тайсалдайсыз?..

Б а к а е в. Ким?.. Менби?!. Мына кызык, мен эмнеге тайсалдамак элем?.. Мен азыр да даярмын. Бирок... сиз

ушул темада улам-улам кеп кылып калгандыктан, бир аз ой жүгүртүп көрөлүчү... Макул, жолдош Асановду акталды дейлик... Демек, биз маселени жеткире иштебей, бир жеринен ката кетирген болобуз да... Ушундай эмеспи?..

Б а з а р о в. Албетте.

Б а к а е в. Анда бизди жоопко тартуу керек болот да?

Б а з а р о в. Сөзсүз. А сиз эмне, кетирген катаңыз үчүн жооп берүүдөн коркосузбу?

Б а к а е в. А сизчи? *(Кыска паузадан кийин)* Эгер биз бу маселени ката чечкен болсок, катуу жооп берүүгө туура келет. Ал үчүн обком көкүлдөн сылабайт, Алияскар Айдарович!.. Кана, буга эмне дейсиз?..

Б а з а р о в. Жолдош Асановду карабет кылып, өмүр бою азап чектиргенче, мен өзүмдүн жоопко тартылганымды артыгыраак көрөр элем!..

Б а к а е в. Арийне, эгер акталып калса, жооптуу болуудан мен да тайманбас элем. Бирок жолдош Асановдун акталышына негиз жок, биздин шорубуз ошондо болуп жатпайбы... Алияскар Айдарович!..

Б а з а р о в. Сүйлөй бериңиз.

Б а к а е в. Макул болсоңуз, өткөнгө өкүнбөйлү, курулай муңканганыбыздан эч пайда жок. Андан көрөкчө... Сиз өзүңүз айткандай, биз үчүн бирден бир негизги маселе... Жер!..Ооба, жер, жер, и, дагы бир жолу жер!.. Мүмкүн болсо,ушул маселеге өтсөк...

Б а з а р о в. Жердин камын көргөнүбүз дурус, Карагул Бакаевич. Бирок биздин бирден-бир ыйык милдетибиз бар, биз баарыдан мурда адамды ойлошубуз керек. Акыры барып, жерди жер кылуучу да адам, көр кылуучу да адам!..

Б а к а е в. Сиз ырастан эле мени качып жатат деп ойлосоңуз керек. Кечиресиз, Алияскар Айдарович. Акы-

ры,мен да адам деп далбас уруп жүрөм... Келиңиз, сүйлөшөлү эмесе... Мен даярмын...

*Намырбай кирет.*

Н а м ы р б а й. Саламатсыздарбы, Алияскар Айдарович.

*Жым-жырт. Пауза.*

Б а з а р о в. Эмне үчүн бюрого калп айттыңыз!..

Н а м ы р б а й. Алияскар Айдарович!..

Б а з а р о в. Түз жооп бериңиз! *(Намырбай унчукпайт. Базаров сөзүн улап).* Албетте, жолдош Асановду талуу жерден өкүртө кармап, спектаклди бир топ эле кыйын койгон экенсиз, талаш жок, бирок мындан он жыл мурда күйөөсү менен ажырашып кеткен Зейнеп Алтынбаеванын күйөөсү үстүнөн чыкты дедиртип, ага жалган күйөө жалдап... Сиз катаны так ушу жерден кетирипсиз... И, биз дагы ошол жерден жаңылганбыз...

Б а к а е в. Мен эмне угуп жатам, йа?!. Бул не деген шумдук?!.

Б а з а р о в. Бюродо сүйлөгөн сөзүңүздө Зейнеп Алтынбаевнаны мурда көргөн эмесмин, ошол күнү бир жолдошум тааныштырган дедиңиз эле... Унуткан жоктурсуз?.. Эми мына бул Кавказ жана Кара деңиз боюндагы курорттордо Зейнеп Алтынбаевна менен түшкөн сүрөттөрүңүздү карап көрүңүзчү!.. Не бир укмуш позаларды таап... Ылжып мас болгондон башка кенедей да күнөөсү жок немени бузукулук кылды, бирөөнүн үй турмушун бузду дедиртип... Мындай булганч провакацияны уюштуруунун эмне зарылчылыгы болду эле сиз үчүн?!. Жолдош Асанов анчалык эмне кылды эле сизге? Жооп бериңизчи?!. *Пауза.*

Н а м ы р б а й. Ысман болбогондо, областка же борборго барып отуруп калышым мүмкүн эле. Бирок ал улам асылып, кендиримди кесе берди!..

Б а з а р о в. Демек, жолдош Асановдун сынынан душмандык издеп, өч алган экенсиз да?!.

Н а м ы р б а й. Өскүсү келген киши ар кандай сынды четке кагып, өзүнүн айланасын жалап-жуктап, тазалап турушу керек!

Б а к а е в. Былжырабаңыз, жолдош Арстанбаев!.. Былжырабаңыз дедим!.. Сиздин көөдөнүңүздө кызыл эт жүрөк эмес эле, көк кашка муз жаткан турбайбы! Биз кимди жандап жүргөнүбүздү ушу кезге дейре билбептирбиз!.. ШордууАсанов!..

Б а з а р о в. Мына муну туура айттыңыз, Карагул Бакаевич. Чынында эле Асанов шордуу адам!.. Ким менен жытташып жүргөнүн ушу кезге дейре билбейт. Анын трагедиясы, душманын дос ордуна көрүп, анткорго ишенип, чынчылдан күмөн санап келген!.. *(Намырбайга).* Дагы айтарыңыз барбы же жокпу?

Н а м ы р б а й. Жок.

Б а з а р о в. Сиз азыр эле бир сөз айттыңыз, Ысман болбогондо областка же борборго барып отуруп калышым мүмкүн эле деп... Балким, сиз өзүңүздөн мурда башка бирөөнү отургузууга кол кабыш кылып туруп, анан ошонун жардамы менен бармак киши болуп жүрбөңүз?.. Кана!..

Н а м ы р б а й. Мен эч кимди билбейм. Менин өзүмдөн башка эч кимим жок.

Б а з а р о в. А мүмкүн «Учкун» колхозунун председатели Матаев, Райбольницанын азыркы главврачы Калыйпа Нуралиевна жана башкаларды колдогон киши сизди да колдоп жүргөн болбосун? Балким, ошол жооптуу кызматтагы адам өзү менен кошо областка же борборго ала кетем деп убада берген чыгар?.. Эстеп көрүңүзчү!.. Бар беле ошондой адамыңыз?..

Н а м ы р б а й. Мен өзүмдөн башка эч кимди билбейм!..

Б а к а е в *(Жулкунуп)*. Айткын жүзүкара!.. Айткын дейм!..

Б а з а р о в. А балким, сиз айтып жүрбөңүз ошол адамдын ким экенин?!.

Б а к а е в. Алияскар Айдарович, ушинтип да тамаша кыласызбы?!.

Б а з а р о в. *(Жакын барып)*. Мен көп жылдардан берки документтер менен таанышып чыктым. Андан тышкары, бир топ калыс адамдардын пикирлерин угуп көрдүм. Матаевге тийишкен кишилер ырыстан эле соо калчу эмес экен.Түрдүү себептер менен кызматынан алынып же катуу жазага тартылып дегендей... Ал муну өзүнүн ыйыктыгы менен түшүндүрүп жүргөн имиш... Айтыңызчы, Карагул Бакаевич, сиз ушуга ишенесизби, ал эмне, ырастан ыйык кишиби?..Балким, мен «ыйыкмын» деген соз күчтүү колдоочум бар деген сөз болуп жүрбөсүн?!.

Б а к а е в. *(Кулуп)*.Кудай урсун, мен таптакыр эчтеме түшүнбөй жатам!..

Б а з а р о в. «Учкун» колхозунда «ЧП» болгон түнү Матаевди дароо эле башкармалыктан алып ыргытам деп чамынган экенсиз. Эмне үчүн алып ыргытпадыңыз?!. Эмне үчүн анын ордуна жолдош Асановду алып ыргытып жибердиңиз?!. Жаңылып калгансыз го дейм, сыягы?!.

Б а к а е в. Кечиресиз, Алияскар Айдарович. Мен адам деп жашап жүргөн кишимин... Мен ырастан эле Ысман Тынаевичти жанымдай көрчүмүн...

Б а з а р о в. Туура. Оозуңуз менен бардык адамды жаныңыздай көрүп, бирок эч ким күтпөгөн «шахматтык» чалмакей жүрүштөрдү Ысмандай ак ниет, ишенчээк адамдарга каршы колдонуп... Сиз өзүңүз менен ниеттеш паскеч адамдарды гана сүйчү экенсиз. Ал эми башкаларга болсо, кара жанымды садага чаап, керт

башымды курман кылам дегениңиз... бул бар болгону сиздин кубулма, булганч жүзүңүздүн... чүмбөтү болгон!..

Б а к а е в. *(Өксүп кыйкырып).* Жок!.. Жок!.. Жок!..- Бардыгы жалган!.. Мага далил керек, далил!..

Б а з а р о в. Далилдердин бардыгы тең өзүңүздө, адамдык абийириңизден бирдеңке калса, аңтарып көрүңүз, сөзсүз табасыз... Анткенге кудуретиңиз жетпесе, мынакей...Сиздин ыйыгыңыз Матаевдин түшүнүк каты... Зейнеп Алтынбаевнаныкы... Мунусу анын жалданма күйөөсүнүкү... Дагы кандай далилдер керек сизге?!.

*Намырбайдын соңунан Бакаев илкий басат.*

*Базаров терезени ачып, жылдыздуу асманга көз чаптырат.*

*Алыстан «Назгүлүм» аттуу ырдын обону угулат.*

***А я г ы.***

## КАРКЫРАЛАР КАЙТКАНДА

***эки көшөгөлүү, беш сүрөттүү драма***

### КАТЫШУУЧУЛАР:

Н а р г ү л.
А м а н.
А з и м г ү л.
Б а й т е р е к.
Н а ф и с а.
Б а т ы й н а.
М а м ы р о в.
С а м а р б е *к*.
О ф и ц и а н т к а.

***Биринчи көшөгө***

*Сахна ачылардан мурда Амандын үнү угулат.*

А м а н д ы н ү н ү. «... Адам!.. Адам!.. Адам дегенибиз кээде ушундай... Өзүнө жакшы болсо болду, башканын кыйналганы менен иши болбойт! —Апам ушинтип айтып келип. — Ал кезде каркыралар кайтып жаткан маал болучу... Алардын үндөрү кандайдыр кош айтышкансып муңдуу эле!—деп, өзү дагы ошол кош айтышкан каркыраларга окшоп дайыма муңканып кетет... Биле-

сизби, эмне үчүн?.. Бул жөнүндө мен гана ойлойм... Ооба, Байтерек агай, бул жөнүндө мен гана ойлойм!

*Көшөгө ачылат.*

### *Биринчи сүрөт*

*Кыш. Аэровокзал ресторанынын бурчу. Ичкериден музыкасынын ритми угулат. Аман менюну тиктеп ойлуу. Азимгүл кирет.*

А з и м г ү л. Заказ бердиңби? *(Пауза)* Эмне унчукпайсың?.. Аман!

А м а н. Азыр, азыр.

А з и м г ү л. Азыр дегениңди коюп жооп бергин.

А м а н. Бир мүнөт чыдап туруууга болотко!

А з и м г ү л. Болбойт... Ага чейин өлүп калышым да мүмкүн.

А м а н. Азимгүл!

А з и м г ү л. Курсагым ачты!

А м а н. *(Күлүп)* Бая эле ошентпейсиңби. Жакшылап угуп тур *(менюну окуп)* Бефстроган... шницель... Киев котлети... Кана, эмне жейсиң?

А з и м г ү л. Мага баары бир... бака болсо да жейм!

А м а н. Чыным айтсам, биз каалаган тамактын бирөө да жок экен... Эчтеме жебей эле отуруп туралычы,балким, бир аздан кийин учуп кетербиз.

А з и м г ү л. *(Амандын колунан менюну алып)* Кандай иште болбосун чечкиндүүлүк керек... Жазгын!.. Мага, биринчисине гречка менен бульон... экинчисине антрекот... үчүнчүсүнө...

А м а н. Канча акчаң бар?

А з и м г ү л. *(Сумкасын аңтарып)* Менде болгону ушул экен... Жыйырма эле тыйын...

А м а н. Бечара студенткам… Жыйырма эле тыйын деп… Жыйырма тыйынды акча көрүп… Мынакей, санатып… бай студенттин чөнтөгүндө… туп-туура… билесиңби, канча?.. Отуз бир тыйын… Азбы?!

А з и м г ү л. Бардыгы болуп элүү бир тыйын… Буга эмне келет?!.

А м а н. Кейибе… Бул акчага… көп тамак алабыз. Мисалга… мисалга… эт менен жасалган төрт пирожки, эки стакан чай… Оңой эмес да, туурабы?

А з и м г ү л. Албетте, оңой эмес.

А м а н. Андай болсо, заказ кылдык…

А з и м г ү л. Акырын! *(Радио сүйлөйт).*

Д и к т о р д у н у н у.. Жолдош жүргүнчүлөр! Москва—Фрунзе маршруту боюнча үч жүз сексен үчүнчү рейсти аткаруучу самолет жыйырма бир саатка чейин учпайт. Кайталаймын…

А з и м г ү л. Ана учат жок, мына учат жок… Экинчи суткага айланды! Официантка келип, тигилердин алдына приборлорду коёт.

О ф и ц и а н т к а. Тандадыңарбы?

А м а н. А-а…

А з и м г ү л. Дагы бир аз кеңешсекпи дедик эле…

О ф и ц и а н т к а. *(Боржомду ачып)* Ичип отургула.

А м а н. Ракмат *(официантка кетет. Аман сыртка көз чаптырып)* Бороонду токтотууга кудуретим жетсе…

А з и м г ү л. *(Кулагынан чоюп)* Курсагымды тойгузчу, Аман…

А м а н. О, ал невак чечилген проблема да… бирден пирожки, бирден чай… Калган капиталды болсо кийинкиге сактайбыз… Саат жыйырма бирде да, учпай калышыбыз мүмкүн! Тултуйбай отурчу, Азимгүл. Бирөөлөр көрсө, уят… Азимгүл! *(Азимгүлдү өзүнө каратып, овонго кошуп, акырын ырдайт):*

Акканын эстейм Нарындын,
Ак үйүн эстейм айылдын.
Аскасы бийик Ала-Тоо
Сагындым сени, сагындым.

А з и м г ү л. *(Аманга кошулуп).*

Шаркырап аккан кашка суу,
Сагындым сага барсамчы.
Шарпылдап жаткан жээгиңден,
Чаңкадым жута калсамчы!..

А м а н. *(Жаагын таяна, сыртка көз чаптырып)* Ала-Тоо… Тээ береки күңгөйдү көздөй жайылып жаткан кой… анын, соңунан ээрчий баскан аял… Кымбаттуу!.. Сулуу!.. *(Пауза)* Армандуу!.. *(Күрсүнүп)* Арман!.. Ал армандуу аял менин апам! Ооба, менин апам! Билесиңби, Азимгүл. Айылга барганда, апам экөөбүз, сөзсүз, мейманга чакырабыз. Өзүң билесин, го, мен тамакты жакшы жасайм. Менин колумдан эмне тамак жегиң келет, айтчы?

А з и м г ү л. Ботко.

*(Байтерек кирет. )*

Б а й т е р е к. Жаныңарда киши жокпу?

А м а н. Отуруңуз, агай. Орундар бош.

Б а й т е р е к. Ракмат. Баамымда, Кыргызстандан окшойсуңар. Же жаңылып жатамбы?

А з и м г ү л. Жаңылган жоксуз, агай. Көк-Жар районун билчү белеңиз?

Б а й т е р е к. Көк-Жар районунбу?.. Өзүм иштеген жерди канткенде билбейин.

А м а н. Сиз Көк-Жарда иштейсизби?!

Б а й т е р е к. Ооба, ырас, менин анда барганыма аз гана болду. Мурда башка райондо иштөөчүмүн. Азыр эс алуудан келатам.

А з и м г ү л. Сочиденби?

Б а й т е р е к. Барбихадан.

А з и м г ү л. Биз Аман экөөбүз эч бир курортто боло элекпиз!

Б а й т е р е к. Заказ бердиңер беле?

А м а н. Жок.

Б а й т е р е к. Ырас болгон тура. Атың ким?

А з и м г ү л. Азимгүл.

Б а й т е р е к. А сеникичи?

А м а н. Аман.

Б а й т е р е к. Таанышып алалы. Байтерек. Ме Азимгүл. Каалаган тамагыңды тандай бер. Уялба.

А з и м г ү л. *(А дегенде Аманды, андан кийин Байтеректи карап)* Биздин курсагыбыз ток, агай.

А м а н . Ооба. Биздин курсагыбыз ток.

Б а й т е р е к. *(Сынагандай карап)* Ошондойбу?

А м а н. А-а... Ошондой...

Б а й т е р е к. Бирге жесек жакшы болот эле, айла канча *(менюну алып, кагазга жаза баштайт)* Бир мүнөткө мүмкүн бекен?

Официантка. Пожалуйста.

Б а й т е р е к. *(Кагазды берип)* Мен жазып койдум эле...

О ф и ц и а н т к а. Менин ишимди жеңилдетейин деген экенсиз. Ракмат *(Аман менен Азимгүлгө кайрылып)* Сиздергечи?

Б а й т е р е к. Алар эчтеме жебейбиз дейт... Мүмкүн болсо, тездетип жиберсеңиз. Ооба, ооба *(официантка кетет. Байтерек Азимгүлдү карап)* Байкашымда, мединститутта окуйт окшойсуң. Таптымбы?

А з и м г ү л. Кантип билдиңиз?

Б а й т е р е к. *(Азимгүлдүн алдындагы кагазды көрсөтүп)* Рецепке табака деп табаканын рецебин жазыш медиктин гана колунан келет да.

А м а н. Туура айтасыз, агай. Ишембиде же жекшембиде жей турган тамактарынын рецебин жазып почта менен дайыма жиберип турат…

Б а й т е р е к. А сен болсон, аптекарчасынан тап-так аткарып турасың… Ушундай эмеспи?

А м а н. Кээде аптекадан да каалаган дарыңды табалбай кайтасың… ал эми турмуш болсо… турмуш төөнүн өркөчүндөй деп, апам айтканда… бул сөз күлкүмдү келтирчү… Мен күлчүмүн!..

Б а й т е р е к. Чегесиңби?

А м а н. Ракмат *(түтүндү буратып)* Азимгүлдүн кайда окуганын дароо эле билип алдыңыз. А эми мени болсо… өзүм айтмайынча таппайсыз… Мен малды жакшы көрөм, Байтерек агай. Айрыкча, жылкыны. Сизчи?

Б а й т е р е к. Атка мингенди мен дагы жакшы көрчү элем. Ал тургай, улакка да түшчүмүн!

А м а н. Жылкы жаныбар мингенге сонун! *(Байтеректи тигиле карап)* Ошон үчүн гана жакшы көрөт деп ойлойсуз го? *(Пауза)* Менин атам согушта өлгөн!

*Официантка келип, Байтеректин алдына,приборлорду коюп кайра кетет.*

Б а й т е р е к. Атам согушта өлгөн дегин!..

А м а н. *(Папиростун түтүнүн сызылтып)* Атам атчандар полкунда кызмат кылчу экен… Күндөрдүн биринде чабуул башталып… ошол чабуулдун убагында… башкалар менен кошо атама да ок жаңылат…

А з и м г ү л. Токточу! *(Радио сүйлөйт).*

Д и к т о р д у н ү н ү. Жолдош жүргүнчүлөр!.. Москва–Иркутски маршруту боюнча…

Б а й т е р е к. Бизге эмес. Сүйлөй бер, Аман.

А м а н. Арадан жарым мүнөт өттүбү же жарым саатпы, ким билди дейсиз… Атам менен бирге бир эс-

кадрондо кызмат кылган Степан аттуу дондук казак эсучун жыйгандан кийин башын көтөрүп айланасын карайт да чымын-куюн болуп токойду көздөй качып бараткан бирөөнү көрөт... Ал Жанкороз... атамдын эң жакын досу... «Жанкороз! Токто! Жардам кыл, Сапарбайга! Токто, сволочь!» деп үнүн бардыгынча кыйкырат. Жанкороз укса да укмаксан, токойго кирип кетет... Степан атамдын жанына барайын эле дейт... Жамбашынан козголо албайт... Ошентип, аргасы түгөнүп кейип турганында атамды көздөй үч аяктап бараткан Карагерди көрөт... *(пауза)* Секирген сайын алдыңкы оң аягынын сөөгү кычыраган. Карагер атамдын жанына барып, ээсин тапканына кубангандай окуранып, жанына жатат да, дагы бир жолу окуранат. Анын бул жолку окуранганы мурдагысынан башка. «Көтөргүн башыңды,Сапарбай, эптеп жонума консоң болду... Үч аяктап болсо да алып кетем. Бол, кыймылдагын... Үйүңдө аялың менен балаң калды, ошолорду ойло» дегендей угулат. *(Паузадан кийин, акырын күрсүнүп)* Жылкы жаныбар сүйлөгөндү гана билбейт, болбосо бардыгын түшүнөт. Карагер атам тарапка мойнун буруп, бетинен дагы бир жолу аймалап жыттайт да, эмнегедир бир нерседен чочугандай башын чулгуп алып, душман качып бараткан тарапка карап айбаттуу кишенейт *(Пауза)*, Ишенесизби, Байтерек агай, анын азыркы кишенегени жылкы аттуунун кишенегенине эч бир окшобойт... «Каргыш тийсин сага, мыкаачы!» деп, атамды өлтүргөндөргө наалат айтып жек көргөнүн, Степан Карагердин үнүнөн угуп, көзүнөн байкаптыр...

Официантка келип, үчөөнүн алдына тамак-аш коёт.

А з и м г ү л. *(Шыбырагандай)* Бизге дагыбы? *Официантка кетет.*

Б а й т е р е к. Тамакка карагыла…

А з и м г ү л. Агай, биз…

Б а й т е р е к. Эч кандай каяшасыз!.. Нан… мурч… ишке кириш!.. Токтоосуз!

А з и м г ү л. Бул эмне, буйрукпу, Байтерек агай?

Б а й т е р е к. Буйрук. Бирок буйруктун күчү контролдукта болот. Көзүмдү албайм.

А з и м г ү л. *(Күлүп)* Сөгүш бериш үчүн күнөө табалбайсыз. Карап туруңуз, эмесе, буйругуңузду кандай аткарар экем!

*(Аман Азимгүлдү колтукка түртөт).*

Б а й т е р е к. *(А м а нга)* Жогортон берилген буйруктун аткарылышына кимде-ким бөгөт болсо жазага тартылат.

А м а н. *(Күлүмсүрөп)* Жооптуу кызматта иштегениңизди байкап отурам, Байтерек агай.

Б а й т е р е к. Буйрук бергенди гана билесиңер дейсиңби?

А м а н. Сиз жаман албаңыз да…

Б а й т е р е к. Эмнеге жаман алам?.. Турмуш чынында эле төөнүн өркөчүндөй… Билгенден билбегенибиз көп… Балким, сенин айтканың туура чыгар. Мен ойлонушум керек. Тамакка карагын.

А м а н. Ракмат *(тамактан ооз тийип)* Апам экөөбүз курдаштай сүйлөшөбүз, Байтерек агай…

Б а й т е р е к. Аныңар жакшы экен.

А м а н. Менден түк дагы сыр жашырбайт *(элестегендей)* Кызык деги… Атам экөө үйлөнөр жылы карагат теребиз деп тоого барышат… Ай, апамдын мүнөзү, ай…

Б а й т е р е к. Урушчаак ко сыягы?

А м а н. *(Күлүп)* Жаштыгынанбы, айтор… иши кылып, оюна келгенин иштей берчү экен… Кой десе болбой шиберлүү

беттен жылаңайлак жарышчубуз деп ээленгенде... атам таманын тилдирип алып, жарыштан калып калат да, убада боюнча апамды колуна көтөрүп айылга жөнөйт... Жол алыс... Түн кирет... «Ар кайсы үйлөрдөн от көрүнүп, иттердин үргөнү угулганда, «жеттик!» деп кубанганынан атаң кыйкырып жиберди, мен болсом, аттиң сени деп, айылдын ушунчалык жакын болуп калганына кейидим... Эмне үчүн дейсиңби, уулум?.. Ошол кезде атаңдын мойнунан кучактап, илебине жылынганыма сүйүнүп, ушул сапарым үзүлбөсө, ушул ырысым түгөнбөсө деп тилеп келаткан элем. Ал эми өмүрү даттангандыы билбеген атаң шордуунун жараты оорутуп, жанынын кейип келатканы менен ишим да жок!.. Адам!.. Адам!.. Адам дегенибиз кээде ушундай... Өзүнө жакшы болсо болду, башканын кыйналганы менен иши болбойт! — Апам ушинтип айтып келип: — Ал кезде каркыралар кайтып жаткан маал болучу... алардын үндөрү кандайдыр кош айтышкансып муңдуу эле!— деп, өзү дагы ошол кош айтышкан каркыраларга окшоп дайыма муңканып кетет... Билесизби, эмне үчүн?.. Бул жөнүндө мен гана ойлойм!.. Ооба, Байтерек агай, бул жөнүндө мен гана ойлойм!..

Б а й т е р е к. *(Ойлуу. Паузадан кийин)* Сөзүңө караганда, атаң жакшы адам болгон экен!

А м а н. Туура айтасыз, Байтерек агай. Атам жакшы адам болгон! Бирок аны ким атып өлтүрдү?! Жок дегенде жанына айланып келүүгө жарабастан ким таштап кетти?! Атамдын өзүнө окшогон эле адамдар да!.. Ал эми төрт аяктуу жаныбар болсо, өз жанынын кыйналганына карабастан, адамды издеп келип, адамды аяп, өлүмдөн куткарып калгысы келди. *(Күрсүнүп)* Адам... Адам!..

*(Официантка келет. )*

О ф и ц и а н т к а. Экинчисин апкелдим...

А з и м г ү л. *(Аманды карап)* Табака?!

О ф и ц и а н т к а. Албетте, «Арагви» атактуу ресторан, бирок мындай жасамак кайда!.. Биздин поварлар... О, андай усталар Москвада... ылгый жаштар... алар эксперимент жасап, изденип...

Б а й т е р е к. Шеф-поварыңар да жаштарданбы?

О ф и ц и а н т к а. Сиз kуpaктуу.

Б а й т е р е к. Көрдүңүзбү!.. Бирок патриоттугуңуз баары бир жагат.

О ф и ц и а н т к а. Кечиресиз. *(Кетет).*

А м а н. *(Папирос чегип, ойлуу).* Айыл чарба академиясында мени менен бирге түркмөн жигит окуйт... Экөөбүз доспуз... Ошол досум айтып берген эле... Түркмөнстанда өстүрүлүүчү каракүл коюнун карылыгы жетип сойгондо... Боорунан эчтеме калбай калат имиш...

Б а й т е р е к. Кандайча?

А м а н. Мүмкүн, сиз ойлоорсуз, ылаңдан деп. Жок. Ылаңдан эмес. Каракүл коюнун козусу туулганына бир-эки күн болгондо көрпөсүн алыш үчүн союп коёт эмеспи. Бул бир гана жолу эмес, жыл сайын... Энеси бечара ошого күйө берип, арылбас кайгынын айынан боору чүрүшүп катып калат экен. *(Пауза).* Адам баласын айтпай эле коёлу... Эч нерсени ойлобогон, эч нерсени сезбеген көк мээ деп жүрүүчү койдун жүрөгүндө да сезим бар. Бул ырас, Байтерек агай. Жүрөгүндө сезим болбосо... сүйүү болбосо жыл сайын айрылган балдары үчүн боору чүрүшүп катып калганга чейин кайгырат беле?!

Б а й т е р е к. Кечирип кой, Аман. Азыр келем. Азыр.

*(Байтерек чыгат).*

А з и м г ү л. Тамагың муздап калбадыбы.

А м а н. А сен эмне, жеп койдуңбу?.. О, андай болсо... Кеп эмес, студенттик шамдагайлыкка салып, азыр эле

аймап коёбуз. Токточу. Байтерек агай, эмнегедир... Орунсуз сүйлөп койгон жокмунбу, я?..

А з и м г ү л. *(Аманды карабастан)* Билбейм. Мен тамак менен гана алек болуп олтурдум.

А м а н. *(Азимгүлдү өзүнө каратып)* Тамак! Тамак!.. Эмне болгонсуң деги!

А з и м г ү л. А сенчи?

А м а н. Мен?.. Мен эмне болуптурмун?

А з и м г ү л. Байтерек агай ыйлап кеткенсиди.

А м а н. Ыйлап! Эмнеге ыйлайт?!

А з и м г ү л. Сенин тамак жебей олтурганыңа дейсиңби?

А м а н. Түшүнбөйм?

А з и м г ү л. Күлкүлүү сөздөрдөн анда-санда сүйлөп коюп, баамдап отуруунун ордуна... бир көргөн кишиңе эле ичиңдин баарын аңтарып саласың... Кылдаттык керек... Адамдын жүрөгү малдын жүрөгү эмес да!..

А м а н. Болуптур эми, урушпачы деги, байболгур. Мындан ары бар го... Койчосунан гана кепшеп отура берейин!

*(Байтерек кирет).*

Б а й т е р е к. *(Күлүп)* Мен кызык болбодумбу. Силерден сурарым... Үчөөбүздөн башка эч ким укпасын. Макулбу, Азимгүл?

А з и м г ү л. Макул, агай. Үчөөбүздөн башка эч ким укпайт.

Б а й т е р е к. Горчицадан чоң илип алып, нанга сүртүп жеп жиберсем... Өзөгүмдү ушундай бир куйкалады дейсиң... Көзүмдүн жашы жөн эле фонтан болуп атылып-атылып кетти...

А м а н. *(Күлүп)* Сиз так эле Азимгүлдүн өзү болгон турбайсызбы.

*(Азимгүлдү карап алып, мостоё түшөт).*

А з и м г ү л. Анда горчица дегенди таптакыр билчү эмесмин.

А м а н. Ошондогу Азимгүлдүн көзү… Толстой жазгандай, жаанга чайыган карагат болду да калды!..

*(Пауза)*

Б а й т е р е к. Каракүл коюнун боору катып калат экен дедиң, ээ?! *(Пауза)*. Ата-энең барбы, Аман?

А м а н. Атам согушта өлгөн дебедимби.

Б а й т е р е к. Ооба, ооба. Атам согушта өлгөн дедиң. Апаң кайда иштейт.

А м а н. Колхоздо.

Б а й т е р е к. Эмне болуп?

А м а н. Чабан.

Б а й т е р е к. Ал-жайы кандай? Тың турабы?

А м а н. Айылдагылар бай турат дешет. Мүмкүн, апамдын өзү ошол турмушуна ыраазыдыр.

Б а й т е р е к. А сенчи?

А м а н. Ыраазы эмесмин.

Б а й т е р е к. Себеби?

А м а н. Тап-такыр эчтеме жебедиңиз го, Байтерек агай.

Б а й т е р е к. Жаңкы горчицанын уусу алигече таркабай жатат. *(Кашык менен аралаштырып)* Апаң да дурус киши болушу керек. Байкап отурам.

А м а н. Апам!.. Апам!.. Апам күйөөгө чыкпады. Атамдан айрылгандан кийинки өмүрүн бүт бойдон чоң энем экөөбүзгө жумшап келатат… Айтыңызчы, Байтерек агай, апамдын мунусу жакшыбы же жаманбы?

А з и м г ү л. Өзүң кандай дейсиң?

Б а й т е р е к. Туура суроо!

А м а н. Элдер апамды аябай макташат, аял болсоң ушундай бол дешип… Мен болсом… Мен мактай албайм, мейли, чоң энем экөөбүздү сүйсүн, бирок сүйөт деген ушул

экен деп өз турмушунан кечип жибериш, менимче, туура эмес.

А з и м г ү л. Апаңдын ордунда болсом мен деле ошентет элем.

А м а н. Болбогон сөз. Антпейт болчусуң.

А з и м г ү л. Эмне үчүн антпейт экем? Ошентем эле…

А м а н. Азимгүл… Биринчиден, экөөбүздүн нике кагазыбыз жок, экинчиден мен өлө элекмин да… Кечирип коюңуз, агай тантырап кеттик окшойт…

Б а й т е р е к. Эчтеке эмес, Аман. Жогортодон буйрук берүүчү кишилер деле азилди түшүнөт.

А м а н. Ошентсе да… Айтыңызчы, агай, мергенчиликке кандайсыз?

Б а й т е р е к. Жокмун.

А м а н. Мен ууга чыкканды жакшы көрөм. Кош ооз мылтыгым бар, атамдан калган белек… Үйгө барганымда апамдын аны-мунусуна каралашып, чолом тие калса, сөзсүз, ууга чыгам! Таманыңдын астынаң кар кырчылдап, бет алдыңдан темир аяз согуп турса… Тээ берекинде чалкалап жаткан тоо,… баш айлантма зоокалар…

А з и м г ү л. Токточу! *(Радио сүйлөйт).*

Д и к т о р д у н ү н ү. Жолдош жүргүнчүлөр! Он мүнөттөн кийин Москва—Фрунзе маршруту боюнча 393-рейсти аткаруучу самолётко отургузуу башталат…

А з и м г ү л. Ура!.. Учмай болдук!.. Учмай болдук!..

Б а й т е р е к. Расчёт берели да жөнөйлү.

А м а н. Мен эле төлөсөм болот эле, агай…

Б а й т е р е к. Сенби! Мен эмне демек элем… Абдан эле жакшы болот.

А з и м г ү л. Чынын айтсак, болгону элүү бир тыйын гана акчабыз бар.

А м а н. Белеттен арткан тыйыныбызга анча-мынча белек алып койгон элек. Кечиресиз, агай…

Б а й т е р е к. Төлөсөм болот эле дебедиңби… мен үчүн андан ашкан сыйдын кереги жок *(официанткага)* рассчёт, чөнтөгүнөн намыянын алганда бирдеңке түшүп кетет. Аман ала коёт.

О ф и ц и а н т к а. Ракмат *(кетет)*.

А м а н. Сүрөтүңүз түшүп калды, агай.

Б а й т е р е к. *(Сүрөттү алып)* Ракмат.

А м а н. Менин атамдын сүрөтү жок!

Б а й т е р е к. Такыр элеби?

А м а н. Кемчилик кудайда гана жок, Байтерек агай, анткени кудайдын өзү да жок. Ал эми адамда болсо… ар кыл апендилер кезигет. Атам сүрөткө түшкөндү жаман көрчү эле дейт.

Д и к т о р д у н ү н ү. Жолдош пассажирлер!..

Б а й т е р е к. Бизге болуш керек. Кеттик эмесе.

А м а н. Өтүңүз.

Б а й т е р е к. Жок. Үчөөбүз тең басалы… Мени ортоңорго алгыла *(Экөөнү алым-сабак карап, күлүмсүрөй)*Мен ортоңордо басайын. Кана эмесе, салт боюнча бири-бирибизге сапар тилейли.

А м а н.

А з и м г ү л. Сапарыбыз ачык болсун!

### *Экинчи сүрөт*

*Түн. Боз үй. Сыртта бороон. Төрдө жүк. Сол капшытта тушкийиз, оң капшытта түрдөмөл чыгдан, жерде алакийиз, шырдак. Буттары жапыс тегерек столдун үстүндө лампа. Туш кийиз тартылган капшыттын бурчундагы чыгдан үстүндө ирети менен жыйылган китеп, ага жана-*

*ша спидола приемниги. Оттун шооласынан үй ичи кызгылтым. Музыка одаойт. Наргүл үтүк басууда. Батыйна кирет.*

Б а т ы й н а. *(Кагынып-силкинип)* Бороонуң түшкүрдүн бороону, ай! Ботом, этек-жеңиңди үзүп-жулкуп, ышкыргандай болсо... Атыңа чөп салгандын ортосунда... ичибоорум калтырап кайыгып кетпедимби! *(Коломтонун жанына отура калып, колдорун кактай)* Кечээ кечинде эле келип кала турган бала... Бүгүн минтип түн да кирди... ушул убакка дейре кайда жүргөнү дарексиз... Сен болсоң кебелип да койбойсуң!.. Ай, жараткан, ай!

Н а р г ү л. Кебелгенде эмне кылам, апа?!

Б а т ы й н а. Балакет-мээнетиңди алайын, Аманым... ууга ушунчалык ышкыбоз... Ой, каралдым, күн бузулганы турат, ээленбе десем караманча болбой койбодубу!.. Ырасын айтсам, айыптын көбү сенде. И-и, деги эмне кылсам сени?!

Н а р г ү л. Таягыңыз менен эмдеп койбойсузбу.

Б а т ы й н а. Эмдесе эмне, колумдан келбейт дейсиңби?

Н а р г ү л. *(Күлүмсүрөй ордунан турат)* Ай, жарык-тыгым ай, кызык эле кишисиз да *(үтүктөлгөн эркек көйнөктү кийим жапкычтын нары жагына илип)* Чайды коюу кылып демдеп койдум, апа...

Б а т ы й н а. Чайың менен да куру!.. Баланы ойлобой... Балакет-мээнетиңди алайын, Аманым...

Н а р г үл. Чочубаңыз, апа. Аман кадимкидей жигит. Өз акылы өзүндө. Кечээ бороон башталганда жакын жердеги малчыларга кайрылып калгандыр.

Б а т ы й н а. Кайда?

Н а р г ү л . Короону карайын, апа.

Б а т ы й н а. Ээленбе!

Н а р г ү л. Апа!

Б а т ы й н а. Сүйлөбө дейм!.. Өткөн түнү да... бүгүн керээли кечке... кирлигиңден тартса жыгылган турасың... адамдын жаңы темир эмес. Отур тигиндей, кургурдун баласы десе!.. Короого өзүм көз болом.

Н а р г ү л. Апаке!..

Б а т ы й н а. Кудай албайт мени!.. Батыйна өлсө дүйнө бөксөрбөйт...

Н а р г ү л. Дүйнө бөксөрбөгөнү менен мен бөксөрүп калам да, апа!..

Б а т ы й н а. *(Наргүлдүн жеңин кийгизишип, боорун кымтылай)* Аманым ууга чыгар күнү жакшы эле канкакшап айттым, балакетиңди алайын, Наргүлүм, күн бузулганы турат, жаңкы Бакир деген жардамчы балаңды жибербей коё тургун деп... Колуктусу менен бирге шаарга баргысы келсе кийинчерээк күндүн кабагы жазылганда деле барбайт беле! Эмнеге жибердиң аныңды күндүн бузуларын билип туруп?

Н а р г ү л. Бакир колуктусуна убада берип коюптур, ишембиде шаарга баралы деп...

Б а т ы й н а. Убада деп... берсе эмне экен?

Н а р г ү л. *(Күлүмсүрөп)* Олдо, жарыктыгым, ай!.. Карыганча жоолук салынганды билбейсиз да *(Батыйнанын жоолугун оңдоп салып, муңайым карайт)* Бакир колуктусуна убада бергенде, кимге ишенип берди дейсиз, апа?.. Адамдын ишенимин кагып, жүрөгүн сыздаткан болбойт... Бул дүйнөдө адамдын жүрөгүн сыздатуучу жаман нерселер ансыз да толуп жатат! Тим кой,апакебай, Бакирди жибергенибиз жакшы болду, колуктусу менен бирге театр, музейлерге барып ойноп келсин. Токтоңузчу. Ыйлап жатасызбы?

Б а т ы й н а. *(Жоолугунун учу менен көзүн сүртүп)*

Фронтко кеткен жалгыз неверемден кара кагаз келип, ошол кара кагазды колума кармаган бойдон караңгы үйдө шокшоюп отуруп калдым... О, атаңдын көрү, чиркин дүйнө!.. Жалгыздык курусун!.. Бардыгынан кечип, ушундан көрөкчө уу ичип өлөйүн деп карайлап турганымда менин бактыма сен туш келдиң. Тууган энең же жок дегенде кайненең болсом да бир жөн эле го... Өмүрү ата-бабаң көрбөгөн куу тумшук кемпирди үстүнө киргизип алып, тууган энеңден бетер төбөңө көтөрүп багып келатасың... Бооркерлигиңден айланайын, Наргүлүм!.. *(Чыйрала калып)* Бооркерчиликтин да жөнү болот! Ит өлгөн бороондо күнү-түнү уктабай кыйналып жүрсөң, жаңкы Бакир дегениң колуктусу менен шаарда жыргап жүрөт! Анан канткенде ыйлабайын?!..

Н а р г ү л . Бакир колуктусу экөө тең жаш, жаш кездеринде сонундарды көрүп, ойноп-күлүп жыргап алышсын, апа. Бүгүн өткөрүп жиберген кубанычың эртеси кайрылып келбейт!. *(Пауза)*. Деги, адамдын кубанычына кыянаттык кылган болбойт! *(Чыгат)*.

*Батыйна отту тиктеп ойлуу. Пауза.*

Б а т ы й н а. *(Күрсүнүп)* О, атаңдын көрү, чиркин дүйнө! Ойлоп караса адам баласына жакпай турган иш кылган окшойм *(элестегендей)* Бул өзү үч жыл мурда болгон иш эле... Биздин колхоздо жаңы мал доктур келип калды... Аты Мусабек... Ак жуумалынан келген ноочо жигит эле... Мурда караганымда жамгырдан калып, эрте солуп бараткан жоогазындын гүлүндөй болуп Наргүлүм аянычтуу көрүнөр эле... Мусабек келгенден тартып чырайына чырай кошулуп, сүйлөгөн-күлгөнү, баскан-турганы... бардыгы өзгөрүлдү!.. Ал экөө наркы-беркини сүйлөшүп отурганда Наргүлүмдүн гана көзүн тиктеп отурар элем... О, атаңдын көрү, чиркин дүйнө! Далай эле

Н а р г ү л. Билесизби, мен эмне жөнүндө ойлонуп жатам? Күзүндө Аман менен Азимгүлдүн тоюн беребиз буюрса!.. Аманымдын тою... Аны өткөргөнгө чейин өмүрүм жетпечүдөй болуп, алыс-алыс көрүнүүчү эле!.. Келиниңиз жактыбы, апа?

Б а т ы й н а. Көйнөгүн кыска кейгени болбосо... Азимгүлүмдө мүүн жок!.. Андан көрөкчө... Балдардын тоюн жакшылап өткөрөлү... Кийин-кийин эстей жүргөндөрүнө жакшы. Сен деле өзүңдүн тоюңду күнү бүгүнкүгө чейин кеп кылып жүрбөйсүңбү!.. Бери, өйдө карачы мени. Бирди көрө элегиңде кабагыңды ачып отур. Эмнеге бүркөлөсүң?

Н а р г ү л. Мынакей, апа. Мындан ары такыр капаланбайм. Айтыңызчы, балдарыңыздын тоюнда ырдап бересизби же жокпу?.. Убада кылбадыңыз беле.

Б а т ы й н а. Ооба, ооба.

Н а р г ү л. Анда эмесе, азыр ырдап коюңузчу.

Б а т ы й н а. Э, койчу.

Н а р г ү л. Ырдап койсоңуз эми.

Б а т ы й н а. О, атаңдын көрү, чиркин дүйнө! Мен ырдаганда булбулдун жаагы жап болуп, менин үнүмдү тыңшап калар эле. О, кудай өзүң сактай көр, койлорубуз үркүп кетпегей эле. Кхм-кхм.

Ак боз аттын такасы,
Ар ирим көлдүн жакасы,
Айтмайынча жазылбайт,
О, кургур,
Күңөтай кыздын капасы...

Н а р г ү л. *(Батыйнаны мойнунан кучактап)* Ой,асыл апамсыз да! *(Суз тартып)* Өлүмдү кой **көтөрөт,** көңүлдү эр **көтө**рөт дегендей... сизге туш болбосом, менин көргөн күнүм эмне болот эле! Дагы ырдап коюңузчу.

Б а т ы й н а. Жактыбы?

Н а р гү л. Абдан!

Б а т ы й н а.

Көк боз аттын такасы,
Көк ирим көлдүн жакасы.
Көрмөйүнчө жазылбайт,
О, кургур,
Күңөтай кыздын капасы…
*(Аман кирет)*.

А м а н. Бау деген экен, чоң энеси!.

Б а т ы й н а. *(Чочуп)* Атбашы-Нарын!.. И, балакет-мээнетиңди алайын, кудай!

А м а н. *(Мылтыгын илип)* Менин чоң энем бекер эле кор болуп жүрүптүр, апа Москвадагы чоң театрда ырдай турган үнүң бар турбайбы *(күлүп)*. Тыштан укканымда, чоң энемди бирөө муунтуп жатабы деп… *(Батыйнаны кучактап)* Чынын айтсам, сиздин үнүңүздү укканда кубанып кеттим!

Б а т ы й н а. *(Амандын чачынан жыттап)* Чоң энең сага курман болуп кетсин! *(Наргүлдү карап)* Ботом, ушунчалык да мерез болосуңбу балага!.. Эне болгондон кийин баланын үстүнө үйрүлүп түшүп, ыйлап-сыктап дегендей… Э, койчу деги!

Н а р г ү л. Жарыктык десе! Үстү-башына үйрүлүп түшүп, ыйлап-сыктаганда эле жакшы көрөт бекен!

А м а н. Мен чыккан жерде кекилик көп экен… Кызыгып ата берип, кечтин кандай киргенин… бороондун кандай башталганын билбей калыптырмын. Түндө үңкүрдө түнөдүм…

Б а т ы й н а. Үңкүрдө?!

А м а н. Ооба. Бүгүн да чыкпай отурайын дегем… Бирок Москвадан бирге келген кишинин айтканы эсиме

түштү... Илгери-илгери мага окшогон бир жаш мергенчи бороон ана басылат, мына басылат деп үңкүрдө отура берип, тоңуп өлүп калган экен!

Б а т ы й н а. Ушуну айткан кишинин оозунан айланайын, көз көрүнөө периште болгон турбайбы. Ким деген экен?

А м а н. Жакында эле биздин районго исполкомдун председатели болуп келиптир! Аты Байтерек...

Н а р г ү л. Байтерек?!

А м а н. Ооба, апа. Аты Байтерек, фамилиясы Маматов. *(Чөнтөгүнөн сүрөттү алып)* «Жакшы көргөн иним Аманга агаң Байтеректен. Москва. Домодедова» *(Наргүл сүрөттү тигилип карайт)* Көргөндүрсүз?

Н а р г ү л, Районго келген жетекчилер бизге жеткенче көп бар. Кайдан көрмөк элем...

А м а н. Мен аны мейманга чакырдым. Келгенде көрөсүң го. Жакшы адам... Жылдызы жарык...

Н а р г ү л. Ооба, ооба... сүрөтүнөн эле көрүнүп турбайбы, Мегин, уулум. Жакшылап катып кой... агайыңдын сүрөтүн!.. Жакшылап катып кой! *(Кулак түрүп)* Карышкыр улугансыйбы же бороонубу... Чыгайынчы...

А м а н. Отура бер, апа. Короону мен кайтарам.

Б а т ы й н а. Ээленбе, жаман десе... Суукка тоңуп келип, көрчү муну... ... Мен турганда силерге эмне жок... Эчтемеден камырабай, маектешип отура бергиле.

А м а н. Эшик алай-дүлөй... коркосуз го, чоң эне.

Б а т ы й н а. Ок, жаман десе! Ким коркот экен?! Мени! Корккондой эмне, мени бир коркоктун тукуму деп жүрөсүңбү. Мен баатырдын тукумумун. Менин апамдын чоң энеси Суван байбиче деген айбалта менен жолборстун башын жара чаап өлтүргөн экен. Мен ошо Суван байбиченин небере-чөбүрөсүнөн боломун. Бөрү кел-

мек тургай, жети баштуу желмогуз келсе да селт этип койбойм!

*(Батыйна чыгат. Пауза.)*

А м а н. *(Акырын)* Чарчаган окшойсуң, ээ, апа?

Н а р г ү л. Эмнеге чарчамак элем, уулум... Чайдан уурта...

А м а н. Согуш болбосо атам өлбөйт эле... Эмне унчукпайсың?

Н а р г ү л. Ооба, уулум. Согуш болбосо атаң өлбөйт болучу...

А м а н. Мындай бороондуу күндөрдө койду өзү кайтарып, короону өзү көзөмөлдөйт эле... *(Күрсүнүп)* Согуш болбосо атам өлбөйт эле!.. Ыйлап жатасыңбы, апа?

Н а р г ү л. *(Көзүн сүртүп, аргасыз күлүмсүрөп)* Эмнеге ыйламак элем, уулум... Мен ыйлабайм...

А м а н. Аз калды... Чыдай тур, апа... Азимгүл экөөбүз окууну бүтсөк... Анан... *(Үнүн кайрадан басаңдатып)* Байкуш чоң энем экөөң аябай эле кыйналдыңар... Ким үчүн ошенткениңерди билбейт дейсиңби? Билем, апа, билем...

*Иттер үрүп, ага удаалаш «Айланайын, кудай!» деп чаңырган үн угулат. Наргүл ордунан тургуча, Батыйна кудайлап кирип келет да бирдеңкеге чалынып жыгылат. Наргүл мылтыгын алып, сыртка чыгат.*

Б а т ы й н а. *(Башын көтөрбөстөн)* Айланайын кудай! Садагаң кетейин кудай!.. Кудай!.. Кудай!.. Кудай!..

А м а н . Чоң эне!.. Чоң эне дейм!..

Б а т ы й н а. О, кудай! Айланайын кудай *(Наргүл кайра кирет)* Бир балакет секирип келип басып кала жаздады! О, кудай!..

Н а р г ү л. *(Күлүп)* Баатыр аялдын баатыр чөбүрөсүнө кээде ошентип болбогон нерселер көрүнө берет. Өйдө болуңуз, апа.

Б а т ы й н а. *(Эсин жыйып)* Коркту дейсиңби? Мен эчтемеден коркпойм!

**А** м **а** н. Кызыксың, апа. Чоң энем жети баштуу желмогуздан да коркпойт. Эмдигиче билбейсиңби! *(боору калбай күлүп, катуу жөтөлөт. Кол жоолугун апасына көрсөтүп)* Апа! Кан!

*(Узак пауза).*

Н а р г ү л. *(А м а ндын чекесин басып)* Этиң от болуп чыгыптыр. Айылдан доктор чакырайын.

Б а т ы й н а. Ушундай бороондо кантип гана барар экенсиң?! Адашып кетесин, го кокуй!

Н а р г ү л. Ээ, апакебай, Наргүлүңүздүн башына нелер келип, нелер кетпеди… Мындан кыйын күндөрдө да адашкан эмес ал шордууңуз!..

А м а н. Бул эмне дегениң, апа?

Н а р г ү л. Короонун эшигин мыктап бекитип койгом. Иттер жакшы. Кудай сактасын. Мен бат эле келем.

А м а н. Апа!.. Сени эч кайда жибербейм. Керек болсо доктуруңа өзүм барам.

Н а р г ү л. Барбайсың!

А м а н. *(Кыйкырып)* Апа!

Н а р г ү л. *(Токтоо)* Апасына кыйкырып… он беш жылдан бери окуп жүрүп алган таалимиң ушул экен да, уулум! *(Бир аз барып токтойт. Артына кылчайбастан)* Алдуу киши кол кабыш кылыш керек… Сыртка чыкпа. Жылуу отур *(Батыйна)* Апа, мен кеттим.

Б а т ы й н а. Камырабай эле кой, балакетиңди алайын, Наргүлүм.

Н а р г ү л. (*Күлүп*) Баатыр аялдын баатыр чөбүрөсү турганда эмнеден камырамак элем.

*(Наргүл чыгат).*

Б а т ы й н а. Куптан окуп алып сыртка чыгам... *(Пауза)*.

А м а н *(ойлуу)*, Адам!.. Адам! Адам дегенибиз кээде ушундай... Өзүнө жакшы болсо болду, башканын кыйналганы менен иши болбойт!.. Токточу чоң эне... Карышкыр улугансыйт!..

Б а т ы й н а. *(Намазын таштап)* О, айланайын кудай, өзүн, падышасың!

А м а н. Иттин бирөө качты окшойт... Каңшылаганын уктуңузбу?.. Чоң эне!

Б а т ы й н а. Чон, энең да куруп кетсинчи! Коркпо,-балакетиңди алайыным. Жаныңда мен турбайымбы!

А м а н. Өзүм үчүн коркуп жатат дейсизби... Окус койлорду кырып кетсе... Чыкпасам болбой калды...

Б а т ы й н а. *(Чый-пыйланып)* Ээленбе, кокуй, ээленбе! Көкүрөгүңдөн кан чыкса жанагы доктуруңар айткан осмонаалы леккий деген ошо... кыргызча кагын дейт... Оорунун эң жаманы ошо!.

А м а н. Билесизби, чоң эне!

Батыйна. Билем, балакетиңди алайыным.

А м а н. Эмнени билесиз?

Б а т ы й н а. Эмнени билеримди да билбейм?!

А м а н. Карышкырлар улуп жатат. Чон, эне!

Б а т ы й н а. Эмне дейсиң?

А м а н. Мылтык атканды билчү белеңиз?

Б а т ы й н а. Мылтык атканды билчү белең дейсиңби?

А м а н. Ооба.

Б а т ы й н а. Наргүлдүн атканын дайыма эле көрүп жүрөм.

А м а н. *(Мылтыкты октоп)* Мынакей, чоң эне, курдүрмөт кылып октоп койдум. Короонун четине чыгып, атып келиңиз. Улам октоп берип турам, сиз болсо

улам чыгып атып турасыз. Коркуп жатасызбы? Андай болсо мындай туруңуз, үйдүн түндүгүнөн өзүм атам.

Б а т ы й н а. О, кой, балакетиңди алайыным, үйдөн мылтык атчу эмес, ата-бабанын салтында жок жорукту баштаба! Үйдүн тынчтыгын бузган болбойт! Келе бери, өзүм эле атып келем. Мен деле жанмын! *(Мылтыкты алып сыртка чыгат да, бир аздан кийин кайра кирет).*

А м а н. Эмнеге кайра кирдиңиз? Эмнеге аткан жоксуз?

Б а т ы й н а. Таптакыр атылбаган мылтык экен, эмне кыл дейсиң!

*Мылтыкты керегеге жөлөйт. Ошол учурда калдыр-кулдур этип таштар урап, нары-бери дүрбүгөн койлордун маараганы угулат.*

А м а н. Койго карышкыр тийди, чоң эне!

Б а т ы й н а. *(Кайратына келип)* Көзүмдүн тирүүсүндө бир дагы койду алдырбайм! *(Короо кармаган таштар мурдагыдай эле урап, койлор маарап, бир маалда оор бир нерсе күп этип кулайт. Батыйна чаңырып)* Ат, балакетиңди алайын, ат, үйдүн түндүгүнөн эле ата бер!

*Таягын алып, сыртка бет алат. Аман түндүктү карай мээлейт.*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Үчүнчүсүрөт*

*Байтеректин квартирасы. Тамак ичүүчү бөлмө. Нафиса столду иреттеп, халатынын үстүнөн тыбыт жоолугун жамынып терезеге барат.*

Н а ф и с а. *(Бороонго кулак түрүп)* Качан басылат?!.. Качан?!. Ай, кудай, ай! *(телефон шыңгырайт,*

*трубканы алып)* Алло!.. Мен, Нафисамын… Жок… Күтүп отурам… Ооба, күтө-күтө чачым да агарып кетти… Жалгыздык курусун… Жакшы кал, жаным *(трубканы илип, кайрадан терезеге барат)* Мен секелек кезимде биздин Башкырстандын бороону ушундай болор эле *(Күрсүнүп)* Башкырстан… Башкырстан!.. Ак эдил… ак кайың!.. *(Паузадан кийин Байтерек кирет)* Байтерек… Ай, кудай, ай, келдиңби деги!.. Үшүгөн окшойсуң, колдоруң таш!.. Азыр *(сыртка чыгып, дароо кайра кирет)*. Азыр эле демдедим эле *(термостон чай куюп)* Сан-Таш кыштоосу алыс, жолу жаман дешкенинен улам суук тийгизип алдыбы деп… Кандай, мал-журт аманбы деги?..

Б а й т е р е к. Сан-Таштагы койлор биринин жүнүн бири жей баштаптыр!.. Бир аз кечиксек малдан айрылмак экенбиз! *(Чайдан ууртап)* Жол оор… Айрым жерлерде киши бою күрткү… Элүү машинадан турган автоколонна кыштоого жеткенде… Малчылардын кубанганын көрсөң…

Н а ф и с а. Кубанбай анан!.. Канткенде кубанбасын?!.

Б а й т е р е к… Кайсы короого барба… баарында тең кубанган жан!.. Малдын аман калганына катын-балдарга дейре кубанып ыйлап жүрүшөт! *(Пауза)*. Согуш убагында… биз бошоткон шаар-кыштактардын эли бизди кантип тосуп алганын өмүрү унутпайм… «Баатырларга даңк!» деген кыйкырыктар… ый… алкыш… өбүшүү!.. Кыштоолордогу малчылар да кудум ошондой тосушту!..

Н а ф и с а. Ушундай бороондо чөп-чар жеткириш… бул чынында эле эрдик!

Б а й т е р е к. Шоферлордуку!.. Алардын баатырдыгына кимибиз болбосун кулдук урушубуз керек!.. Бирок алар жөнүндө айтып жатканым жок! *(Пауза)*. Малчылардын биринин үйүнө кирсек… сууктан коргологен кара

тоголок түз эле коломтону көздөй атырылып жаткан экен, бизди көрө коюп «И, шеп келди! Шеп келди! Азый кийинип алып, койлоюма шөп салышам!.. Шөп салышам!»деп мени менен мурдун жанганда... Мени ээрчип кирген башкарма жигит «Ошо чөптү ким апкелди дейсиң,-чулдурум?.. Акылың жетпейт. Мына биз апкелбедикпи?» деп, чыныгы баатырдан бетер көкүрөгүн керди!.. Чынында өзүнүн шору менен менин шоруна кубанып жатканын ойлоп да койбоду!.. *(Пауза).* Жоопту кызматкер биз деп компоёбуз! *(Жалт бурулуп)* “Кайда жүрсө бытбылдык” деп жай бою эчтемеден бейкапар жүргөн кенебестерди... Өзүнүн алсыздыгына мактанган «жооптуу» бөдөнөлөрдү... малчылар сөгүшү керек эле... Жектеши керек эле!.. Антүүнүн ордуна чыныгы баатырдан бетер бизге алкыш айтып, кучактап өөп, жер-сууга тийгизбей мактап жатышты!.. А биз эмне кылдык?! Уяттан өлүүнүн ордуна, өзүбүздү баатыр сезип, кектүү карап турдук!.. *(Столду муштап)* Маскарачылык!..

Н а ф и с а. Байтерек! Кудай жалгагыр!..

Б а й т е р е к. Шоферлордун эрдиги менен өлгөндөталганда зорго жеткирген чөптү күн жылууда эле жеткирип коюуга болот эле го?! *(Папирос тартып, ойлуу)* Эртеңкибизди бүрсүгүнү ойлойбуз!.. *(Кейиштүү күлүмсүрөп)* Анан дагы, креслого чиренип отуруп алып «Адам жөнүндө кам көрүш керек» деп кыйкырабыз!..

Н а ф и с а. Тамак ичпедиң го... Баса, апамдан кат келди... Сагынышса керек... Чынын айтсам, өзүм да сагындым!..

Б а й т е р е к. *(Акырьм)* Күзүндө барабыз... Ак Эдилдин боюндагы токой күзгө маал кооз болот... Ооба!.. Саргыч, кызгылтым, жашыл... дүйнөдөгү боёктордун бардыгы бар!.. Уфа да биздин Фрунзеге окшош сулуу шаар!

*(Папиростун түтүнүн сызылтып)* Кооз жерлер көп!.. Өтө эле көп...

*(Пауза. )*

Н а ф и с а. Эмнеге унчукпай калдың?

Б а й т е р е к. Жөн эле *(Күрсүнүп)*. Жөн эле!..

Н а ф и с а. Жөн эле эмес, сен капасың.

Б а й т е р е к. Райондун ахвалы ушундай болсо, эмнеге кубанам, айтчы, Нафиса жан?

Н а ф и с а. Ай, ким билет... Бүгүнкүдөй кыйын кезеңде эмес, бейкапар күндөрү да ушу... Адегенде үйгө жаркылдап кирип, бир аз өтпөй капа болосуң... Кимдир бирөөнү издегендей, бурч-булуңду карап, бардык күчүңдү түтүнгө чыгарасың! Мени билбейт дейсиңби, Байтерек. Сенин арманың бар!

Б а й т е р е к. Кандай арман?!

Н а ф и с а. *(Пауза)*. Балаң жок!

Б а й т е р е к. Балаң жок!? Ким айтты балам жок деп?!

Н а ф и с а. *(Паузадан кийин)* Сенин эмне, балдарың бар беле, Байтерек? Болсо кайда? Эмне үчүн мен алар жөнүндө эчтеме билбейм? *(Паузадан кийин, кейишүү күлүп)*. Сен деле мага окшоп кыялыңда балалуу болуп, аны менен ойноп, сүйлөшүп, жүрөгүңдү элжирете сүйө бересиң! Ырас, бала жөнүндө айтканыңды укпайм. Себеби, бала жөнүндө айтсам мага оор тиет деп мени аяйсың!

Б а й т е р е к. Менин аялым да сенсиң, балам да сенсиң, Нафиса. Бала жөнүндө түк ойлобойм!

Н а ф и с а. Андай болсо каракүл кою жөнүндөгү легенданы эмнеге айттың?

Б а й т е р е к. Бирдеме айтса эле атайын бир максатменен айтат бекен! Мен жөн гана айткам.

Н а ф и с а. Жок, Байтерек. Мага окшоп бала көрбөгөн аялдын жүрөгү сезгич келет. Андай аял кимдин оюнда

эмне бар экенин кирпигинин учунан билет. Каракүл кою жөнүндөгү легенданы айтып жатканыңда, мен каракүл коюнун арманын укпай эле сенин өзүңдүн арманыңды уккам!

Б а й т е р е к. *(Ачууланып)* Нафиса!

Н а ф и с а. *(Колу менен күйөөсүнүн оозун жаап).* Жок, жок! Кудай жалгагыр, ачууланбай коё турчу! Каракүл кою жөнүндөгү легенданы айтканыңда, каракүл коюнун боору эмес, экөөбүздүн боорубуздун чүрүшүп катып бараткандыгын айттың. Мага ошондой угулду, Байтерек! *(Пауза).* Бала жөнүндө көбүрөөк кеп кылсаң, менин күйүтүм бир жеңилдейт беле, билбейм. Сен ичиңден сызып, ичиңден күйгөн кишисиң, ошонуң мага абдан катуу тиет!

Б а й т е р е к. Менин таалайыма сенден башка бирөө жолуккан болсо, мүмкүн, бала жөнүндө ойлосом ойлойт белем, ким билет. Сен турганда бала жөнүндө ойлобоймун. Ишенгин, Нафиса.

Н а ф и с а. Ишенбеймин, Байтерек.

Б а й т е р е к. Эмне үчүн?

Н а ф и с а. Себеби, бул сөздү өзүң айткан жоксуң, башка бирөө айтты. Ооба, ооба. Жүрөктөн чыккан сөз эмес, ооз учунан чыккан сөз болуп калды. Эмне үчүн экенин билгиң келсе, ичиңдеги аталык арманыңды ачык айтып, мен шордуунун жараланган жүрөгүн ого бетер кандаткың жок! Жакшы көрөсүң мени! *(Паузадан кийин күйөөсүн муңайым карап).* Эркек киши өзүнүн сүйгөн аялына бере турган нерсенин бардыгын, мени жалоорутуп суратпастан эле тамчы калтырбай берип келатасың, Байтерек. Сенден бир нерсе сурайын. Жок дей көрбөгүн, кудай жалгагыр. Жалынып-жалбарып сурайын. Кааласаң, бет алдыңда туруп тизе бүгөйүн!

Б а й т е р е к. Жаман сүйлөбөгүн, Нафиса. Эмне,сурасаң бардыгына макулмун, сура.

Н а ф и с а. Бала багып алалы.

Б а й т е р е «. *(Паузадан кийин).* Бала багып?

Н а ф и с а. Адам баласы өзүнө-өзү сынчы боло албайт, ыраспы, Байтерек?

Б а й т е р е к. Сынчы болгон күндө да өзүнө берген сынынын көбү жалган болуп чыгат.

Н а ф и с а. Туура. Экөөбүз өзүбүзгө-өзүбүз сын бере албайбыз. Бирок биз экөөбүз жөнүндө башкалардын айтканын көп угам. Алар бизди жакшы адам дешет. Мен жөнүндөгүсүн билбейм. Сен туурасында алардын айтканы чын. Аялы күйөөсүнө сын бере алат. Сен чынында эле жакшы адамсың, Байтерек.

Б а й т е р е к. Бир кездерде мен өзүм дагы ойлоочу элем, жакшы адаммын го деп. Улам жаш өткөн сайын ойлоп баксам, жаман адам экениме көбүрөөк ишенип бараткансыйм.

Н а ф и с а. Бул эмне дегениң?!

Б а й т е р е к. Өзүм да түшүнбөймүн!

Н а ф и с а. Жок, сен жакшы адамсың, Байтерек. Экөөбүз адеп баш кошкондон тартып жооптуу кызматта келатасың. Ошондон бери мейли эл жаатынан болсун, мейли өкмөт тараптан болсун бир ооз жаман сөз укканың барбы? Иш дегенде өзүңдү унутуп коюп, башың менен кирип кетесин,! Адамдарга калганда күйүмдүүсүн. *(Күйөөсүн жалбара тиктеп).* Эгерде менде дагы азыноолак жакшы сапаттар болсо сендеги жакшы сапаттар менен кошуп туруп багып ала турган балабызга берели. Мейли, каны биздики болбосо да, жаны биздики болсун... *(Пауза).* Бала баккандыкы деген. Жок дебе! Мектепте да иштеп, баланы багууга да убакыт табам. Макулбу, Байтерек?

*Байтерек унчукпайт. Ойлуу. Самарбек кирет.*

С а м а р б е к. Пай, пай, пай! Ит өлүп турат!.. Саламатсыздарбы ?

Б а й т е р е к. Эмне кабар бар?

С а м а р бе к. Азыр эле Чегиртке кыштоосунан келдим.

Б а й т е р е к. Автоколонна жеттиби?

С а м а р б е к. Жетээрин жетти, бирок кыйналдык!..

Н а ф и с а. Чайга караңыз.

С а м а р б е к. Ракмат, Нафиса Камаловна.

Н а ф и с а. Кулагыңызга эмне болгон?

С а м а р б е к. Башымдын аман кайтканына ыраазымын, Нафиса Камаловна. Үшүккө алдырып жибердим.

*Нафиса чыгат.*

Б а й т е р е к. Малчылардын абалы кандай?

С а м а р б е к. Тап-такыр мүңгүрөп калышкан экен, биз баргандан кийин...

Б а й т е р е к. Каткырып күлүп калышты дечи?!. Жакшы!.. Абдан жакшы!..

С а м а р б е к. Байтерек Жапарович...

Б а й т е р е к. Сүйлөбө. *(Жалт бурулуп)* Буга окшогон баатырдыгыбыз үчүн, билесиңби, эмне кылыш керек экөөбүздү?! Жоопко тартыш керек! Ооба, жоопко тартыш керек! *(Наркы-терки басып)*. Жакында макала жазыпсың!.. Окудум!.. Башынан аягына чейин, малчыларга кам көрүш керек... кам көрүш керек!.. Жалынсыз оттун түтүнү көп... Ал айтканыңдын бардыгы быкшыган түтүн!..

С а м а р б е к. Байтерек Жапарович...

Б а й т е р е к. *(Сөзүн бөлүп)*. Барабандын ичи көңдөй, ошол үчүн добушу катуу!.. Малчыларга кыйкырык керек эмес!.. *(Папирос чегип)*. Малдын абалы кандай?

С а м а р б е к. Чыгаша бар.

Б а й т е р е к. Ал үчүн ким айыптуу?!. Ким айыптуу дейм, жолдош башкы зоотехник?!

С а м а р б е к. *(Жер карап)*. Бир короодон отуздай койду карышкыр кырып кетиптир!

Б а й т е р е к. Кимдин короосунан. Чабаны ким деген эле?

С а м а р б е к. Тааныбайсыз. Күйөөсү согушта өлгөн жесир аял... Аты Наргүл...

Б а й т е р е к. Нургүл?!

С а м а р б е к. Ооба.

Б а й т е р е к. *(Паузадан кийин)*. Наргүл? Фамилиясы ким?

С а м а р б е к. Биз жөн гана Наргүл эже деп коёбуз. Фамилиясы Байсымакова.

Б а й т е р е к. Байсымакова?!. Байсымакова?! Балким башка болуп жүрбөсүн?

С а м а р б ек. Башкадан жаңылсам да, ал кишинин фамилиясынан жаңылбай калайын... Мүмкүн эмес! Байсымакова дегениңиз... Хе, хе, хе... Тилинде тибирткеси бар балакет катын!..

Б а й т е р е к. *(Пауза)*. Дароо барып, Ой-Тал кыштоосу менен байланышкын... Ал жакка кеткен автоколоннадан дайын жок дешет. Мен азыр барам.

С а м а р б е к. Жакшы болот, Байтерек Жапарович.

*(Нафиса кирет)*

Н а ф и с а. Тамак чыгарып келатсам... Кайда шаштыңыз?..

С а м а р б е к. Ракмат, Нафиса Камаловна. Саламатта туруңуз.

*(Самарбек чыгат)*.

Б а й т е р е к. *(Пауза)* Наргүл Байсымакова?!

Н а ф и с а. Тамакка кел, Байтерек.

*Байтерек аялынын сөзүн укпаган шекилдүү, папирос- тартып, ойлуу. Тынч. Сыртта мурдагыдай эле бороон ышкырат.*

### *Төртүнчү сүрөт*

*Байтеректин кабинети. Терезеден боз кыроо көрүнөт. Кабинетте Байтерек, Мамыров, Самарбек үчөө.*

М а м ы р о в. *(Самарбекке).* Кечиресиз, Самарбек Орозович, кечиресиз!.. Койду карышкырга жедирип жибериш… күнөөлүү иш. Муну бешиктеги баладан өйдө билет… Бирок… сизден сураганыч, ушу бирок деген сөздү унута көрбөңүз!.. Айтайын дегеним, ошо бирок дегендин далдасында турат. Азыр, азыр *(суудан ууртап).* Адамдын тагдыры жөнүндө сөз болуп жатат. Түшүндүңүзбү эми?..

С а м а р б е к. Мен эмне, карышкырдын тагдыры жөнүндө сүйлөп жатамбы?! Мен дагы адамдын тагдыры жөнүндө сүйлөп жатам…

М а м ы р о в. Кечиресиз, Самарбек Орозович, кечиресиз!.. Адам жөнүндө ким кандай сүйлөйт… адилетпи же адилет эмеспи?.. Кептин уюткусу так ушунда жатат!. Адилет караганыбызда, Наргүл Байсымаковада күнөө жок. Күнөөнүн бардыгы… анын жардамчысы Бакирде!..

С а м а р б е к. Туура эмес. Шаарга барып колуктуң менен ойноп кел деп, Наргүл эже өзү уруксат берсе, канткенде Бакир айыптуу болот?! Логика жок!..

М а м ы р о в. Самарбек Орозович! Айтыңызчы, шаарга кетер күнү күндүн бүркөлүп турганын Бакир билгенби же жокпу?

С а м а р б е к. Албетте, билгён.

М а м ы р о в. Туура. Бороон жыттанып турганын Бакир, сөзсүз билген. Демек, кетүүгө акысы жок болучу!

С а м а р б е к. Уруксаты болсочу?!

М а м ы р о в. Уруксаты!.. Уруксаты!.. Тапкан илинчегиңиз ошол!.. Уруксатты ойлобой, граждандык абийир, чара жөнүндө ойлоо керек!.. Күнөө Бакирде. Жоопко тартылуучу киши так ошол! Сиз кандай дейсиз, Байтерек Жапарович?

Б а й т е р е к. *(Пауза)*. Байсымакова туурасында көп угам. Пикирлерге караганда мүүнсүз киши болуу керек.

М а м ы р о в. Тупа-туура!.. Болгондо да... алтын!

С а м а р б е к. Сизди карап күлүп койгон адамдардын бардыгы тең эле... алтын!

М а м ы р о в. *(Акырын, кыжырлуу)*, Мага күлгөндөрдүн бирөө эле жылмайса... бул жерде турбайт элеңиз, Самарбек Орозович!.. Адебиңиз жок!.. Өчкорсуз!

С а м а р б е к. Атантай Мамырович!..

М а м ы р о в. Бакырбаңыз, тамагыңыз айрылат!... Наргүл Байсымакова. *(Ойлоно калып)*. Сизге окшоп институт бүткөнүм жок... Бирок... Мен турмуш университетин бүткөн кишимин. Наргүл Байсымакова...

С а м а р б е к. Мактай бериңиз, Атантай Мамырович. Жөнүңүз бар. Өткөн кеңешмеде Наргүл эже сизди мактаган!

М а м ы р о в. Мени мактаса, сизди сындаган!

С а м а р б е к. Ошон үчүн асылып жатат дейсизби? О, жок!.. Жаңыласыз. Карышкыр кырып кеткен койлор үчүн... акыры, кимдир бирөө жооп бериши керек да...

М а м ы р о в. Туура. Жооп бериши керек. Бирок...

С а м а р б е к. Дагы баягы «бирок»!

М а м ы р о в. Тырчыбаңыз бирок деген сөзгө. Себеби, турмуштун өзүнүн бирогу көп!..

С а м а р б е к. Оюңузда, акылдуу сүйлөп койдум деп жатасыз го. О, жок!.. Канча мактанганыңыз менен да, акыры, Наргүл Байсымакованы жоопко тартышыбыз керек.

экинчи жылдын июль айында... Наргүл үйүн актап, колунда барын дасторконуна төгүп, Талгаттын келишин күтөт... Талгат эң жакшы деген баа менен бүткөн... Келет. Бирок анын болушу үчүн жан азабын тарткан аялына ыраазы болуп, кубаныч апкелүүнүн ордуна кайгы апкелет! Ооба!.. Мен жокто башымдан аттапсың, сен барда бул үйгө баш бакпайм деп, машинадан түшпөстөн кайра биротоло кетет! *(Пауза)*. Ошондон бир жума мурда эле пединститутту бүткөн кызга үйлөнүп алат да, бети карартандан айласын таппай, башымдан аттадың деп сүттөн ак Наргүлгө жалаа жабат!.. Калыс болуңузчу, Байтерек Жапарович, мындан ашкан да айбанчылык болобу?!

С а м а р б е к. Барып турган жүзүкаралык!

М а м ы р о в. Болгондо да кандай дейсиз!

Б а й т е р е к. Кечиресиз, Атантай Мамырович, ширеңкеңиз бар болду бекен?

Самарбек. *(Ширеңке күйгүзүп)*. Рахим этиңиз.

Б а й т е р е к. Ракмат.

М а м ы р о в. Наргүлдүн алдында кылмыш кылганы аз келгенсип, мен жокто башымдан аттадың деп көзкөрүнөө жалаа жапканы... анын мунусун өзүнө окшогон эки буттуу айбан кечирбесе, адам баласы эч качан кечирбейт!

С а м а р б е к! Таң кала турган иш. Наргүл эженин айыбы болбосо... аны менен турган эл-журт эмне үчүн болушпады?!. Эмне үчүн тигини кекиртектен алышпады?!.

Б а й т е р е к. Эмне үчүн дейсиңби?! *(Күрсүнүп)*. Кээде турмуштун логикасына каршы... айыбы жокко айып коюп, айыптууну актоого аракет кылабыз!

С а м а р б е к. Бул жакшы эмес да!

Б а й т е р е к. Жакшы деген ким?!. Бул да болсо адам баласынын шору!

М а м ы р о в. *(Паузадан кийин)*. Сиркедейинен жетим өскөн Наргүлдүн ордунда башка бирөө болсо... кандай айла табат эле, билбейм?! Ушинтип калды деп, эчкимге даттанбайт... Айтып да койбойт... Үч жашар уулун бооруна кысып, башын бийик көтөрүп алыскы таякесиникин көздөй өз таалайын издеп женөйт! *(Пауза)*. Андан бери көп жылдар өттү. Наргүлдүн чачын ак аралап, уулу бой жетти!

Б а й т е р е к. *(Паузадан кийин)*. Эки буттуу айбан... Жакшы салыштыруу экен!

*Наргүл кирет.*

Н а р г ү л. Саламатсыздарбы.

М а м ы р о в. Ой!.. Кел, Наргүл.

Н а р г ү л. Жол алыс... Анын үстүнө, уулумдун камылгасын көрүп... бир аз кечигип калдым.

Ма м ы р о в. Аман жөнөгөн жатабы?

Н а р г ү л. Ооба.

М а м ы р о в. Биз айткан Наргүл Байсымакова ушул. Таанышып алыңыздар... Райисполкомдун жаңы председатели Байтерек Жапарович Кангелдиев *(Байтерек менен Наргүл унчукпай тиктешет)*. Сен келердин алдындаэле Байтерек Жапарович менен сырдашып отурган элек. Сыртыңдан угуп эле ашык болуп калыптыр... Кандай дейсиң, каршы эмессиңби?.. Айтып коёюн, ашык болгондордуң ичинде өзүм да бармын.

Наргүл. Өзүңүз баш болуп мага ашык болгондордун бардыгынан сурап көрүү керек. Алар өгөйлөбөсө каршылыгым жок. Жүз эркектин ортосунда жалгыз эрке кыз болгондон ким качмак эле! *(Байтерекке)*. Биринчи жолу жүздөшүп олтурсак да... билбейм, эмнеликтен экенин... Балким сыртымдан ашык болду дегендиктенби... айтор, эмнеси болсо да, көптөн берки тааныштай өңүңүз

жылуу учурап жатат. Таанышып алалы, жолдош председатель. Наргүл Байсымакова: «Алга» колхозунун чабаны *(колун берип)*. Саламатсызбы.

Б а й т е р е к. Эсенчилик. *(Пауза)*. Кандай туруп жатасыңар?

Н а р г ү л. Ракмат. Башкаларга тийген күндүн мээриминен биз дагы куру эмеспиз.

М а м ы р о в. Сен келердин алдында эле кеңешип олтурганбыз... Нары кеттик, бери кеттик... Талаштык-тартыштык... Акыры адилеттүүлүк жеңди го деп ойлойм. Өткөн бороондо карышкыр кырып кеткен койлор үчүн айыптуу... сен эмессиң!

Н а р г ү л. Анан ким айыптуу?!

С а м а р б е к. Кечиресиз, Наргүл эже. Мен адегенде Бакирди жактаган элем... Кийин байкасам, айып ошондо экен!

Н а р г ү л. Демек, ал бечараны жоопко тартат экенбиз да!

С а м а р б е к. Анан кантебиз?! Закон!..

Н а р г ү л. Туура, кимдир бирөөнү жоопко тартпаса болбойт! *(Күрсүнүп)*. Жоопко тарткыла... Бакирге кошуп мени да тарткыла!

М а м ы р о в. Наргүл!..

Н а р г ү л. Кечиресиз!.. Бакир экөөбүздү тең жоопко тарттыңар... Макул. Эми андан кийин бүтүрүүчү ишиңер кайсы болот?! Абийирибиз таза, жетекчилик милдетибизди аткардык деп үчөөң үч жакка басып, эртеси чоң үйдөн звонок болсо айыптуулар жоопко тартылды деп жооп бересиздер. Бул үчүн эрдик керек... Акыл керек. Чынбы? *(Мурдагыдай эле үнүн көтөрбөстөн)*. Жетекчиликке койгондо кырсыктан кийин айып кимде экенин аныкташ үчүн эмес, кырсыкты болтурбас үчүн коюп

жүрүшпөсүн?! Бул туурасында ойлобойт көрүнөбүз. Мен ошого кейийм, Атантай Мамырович!..

С а м а р б е к. Бороон болорун билгенден кийин, уруксат бербешиңиз керек эле... Бакир болсо кетпеши керек эле... *(Наргүлдү карап)*. Канчалык туура сындаганыңыз менен да, акыры кимдир бирөөбүзгө жооп берүүгө туура келет. Себеби, карышкыр кырган койлор эч кимибиздин менчигибиз эмес. Коомдук мүлк!

Н а р г ү л. Жашсың, Самарбек. Жаш болсоң да акылэсиң бар, жөн билгисиң. Баамдачы! *(Пауза)*. Сен таң калып жатасың, ал тургай каның кайнап кыжырланып да жатасың, короодогу койду таштап коюп Бакирдин сүйгөн кызына кетип калганы эмнеси деп. Таң калба. Сүйүү деген кыйын нерсе. Анын айынан короодогу койду эмес, койнунда жаткан аялын, өзүнүн боор этинен жаралган баласын да таштап кетет! Мындайды көрбөсөң да кулагың менен угуп же китептен окуган чыгарсың. Мен болсом ошондой адамды өз көзүм менен көргөм! *(Пауза)*. Бакир бир короо койду ээн таштап кетти деп жатасыңар. Адилет болуш керек, Самарбек, туура эмес. Бакир ээн таштап кеткен жок, мага табыштап кетти! Ал эми жаңкы мен айткан адам болсо аялы менен баласын жалгыз таштап, экөөнүн көз жашын кечип кетти. Ата-келеп алдынан чыккан уулун колуна көтөрүп, сүйгөн да жок! *(Пауза)*. Аялы болсо... күйөөмө деп өмүрүн арнаган аялын болсо, мен жокто башымдан аттадың деп, ак жеринен, көө сүртүп кетти! *(Пауза)*. Мен муну өз көзүм менен кергөм!.. Ооба, өз көзүм менен көргөм!..

С а м а р б е к. Ыйлабаңыз, Наргүл эже!

Н а р г ү л. Ыйлаганым жок, Самарбек садагасы. Эмнеге ыйламак элем?! Кимге ыйламак элем?!. *(Байтерекке)* кечирип коюңуз, жолдош председатель *(кейиштүү*

*күлүп)* менин ашыгым!.. Карышкыр жеген койлордун орду толот, уулумдан айрылып калсам, анын орду эч качан толбойт болчу.

М а м ы р о в. Наргүл!

Н а р г ү л. Өкүмүңөрдү чыгара берсеңер болот.

*Наргүл чыгат.*

***Бешинчи сүрөт***

Түн. Автостанция. Неон лампасынын жарыгы аяздуу тумандан бүлбүл көрүнөт. Жылаңач дарактын түбүндө Аман менен Азимгүл. Музыка угулат.

А з и м г ү л. *(Овонго кошуп).* Суук!.. Суук!.. Суук!.. *(Аманды кучактап).* Эртең... Фрунзе — Асман — Москва!..

А м а н. *(эки жагын каранып).* Андан нары Москва—Париж болуп кетсе... каалар белең?

А з и м г ү л. Албетте, каалар элем. Парижге барууну... Ким эңсебейт дейсиң! *(Амандын көкүрөгүнө башын коюп)* Баары бир, Москвадай шаар дүйнөдө жок!.. Таңкы тумандагы Крым көпүрөсү же болбосо Ленин тоосундагытүнкү МГУ! *(Күрсүнүп)* Москва!.. Москва!..

А м а н. *(Папирос соруп)* Кыштакта кандай? Зериккен жоксуңбу?

А з и м г ү л. Коркуп жүрдүм.

А м а н. Коркуп?! Ала качат деппи?

А з и м г ү л. О!.. Мени ала качуу... ошончолук эле оңой дейсиңби?

А м а н. Анан эмнеден коркосуң?

А з и м г ү л. Түнкү жымжырттыктан! *(Элестеп).* Кыштак уйкуда... Кар... Ай тийип турат... Гүлнара деген курбум экөөбүз кинодон чыгып сүйлөшүп келатканыбызда эчтемени сезбейм... Анан бир маалда мен да

унчукпай калам, Гүлнара да унчукпай калат... *(Аманды карап)* ошол учурда тыңшасаң... айланаң ушундай жымжырт... кандайдыр өзүбүз жашаган реалдуу дүйнөгө окшобогонсуп эсим чыкканынан «сүйлөчү, Гүлнара!Батыраак сүйлөчү!» деп жулмалап жиберер элем.

А м а н. Шаардын бака-шакасына көнүп калганбызда. Кыштактагы, айрыкча, алыскы кыштоолордогу бейпилдик... Мага жагат!.. Ал дагы өзүнчө рахат!..

*(Пауза).*

А з и м г ү л. Эмне унчукпай калдың?.. Сүйлөчү, Аман, сүйлөсөң. Аман дейм, сага эмне болгон деги?

А м а н. Апам келиш керек эле... Райисполкомго чакыртышкан экен. *(Пауза).* Чоң энемдин тилин алып, ууга чыкпай койсом оорубайт элем... Анда... *(Күрсүнүп)* Курган апам!.. Мен деп жүрүп өмүр бою азап тартып келатат!..

А з и м г ү л. Кейибе, Аман. Окууну бүтүп келерибиз менен дароо үйлөнүп алабыз да, экөөлөп туруп апаңды багабыз. Эч жок дегенде карылыгын жакшылап өткөрсүн. Туурабы?

А м а н. Туура, Азимгүл, туура. Бирок турмуштун үзүр жыргалын жаш кезинде көрүшү керек адам баласы! Ооба. Ал эми апам болсо атамдан жаш калды да! *(Папирос соруп)* менин атам так мендей кезинде согушта өлүптүр...

*(Пауза).*

А з и м г ү л. Билесиңби, Аман?

А м а н. Билем.

А з и м г ү л. Эмнени?

А м а н. Бирдеме айтарыңды.

А з и м г ү л. Эмне жөнүндө?

А м а н. Эмне жөнүндөбү? Байтерек агай жөнүндө. Таптымбы?

А з и м г ү л. Таптың.

А м а н. Чынбы?

Азим. гүл. Чын.

А м а н. Шайтан баскырдыкы!.. Демек... *(башын чертип)* мында, бирдеңке бар окшобойбу!..

Аз и м г ү л. Аман!..

А м а н. *(Бирөөнү издегенсип)*. Сүйлө.

А з и м г ү л. Билесиңби?.. Сени эстегенимде, эмнегедир көз алдыма келчү болду... Ким дейсиңби?.. Байтерек агай. Экөөңдө кандайдыр окшоштук бар.

А м а н. Окшоштук?

А з и м г ү л. Ооба. Москвадан байкагам... Адеп көргөндө эле...

А м а н. Кызыксың, Азимгүл. Окшош адамдар толуп жатпайбы *(Азимгүлдү өзүнө каратып)*. Агай экөөбүздүн көз караштарыбызда окшоштук көп экен. Мен ооруканада жатканымда, күн сайын келип турду. Ал эми өңүтүсүбүздө да окшоштук болсо... Сонун эмеспи!.. Бул дүйнөдө дагы бир жакшы адамыбыз бар деп айтууга... экөөбүз акылуубуз! Баса, коштоштуңбу?

А з и м г ү л. Ким менен?

А м а н. Агай менен.

А з и м г ү л. Жок.

А м а н, Уят. Кандай болбосун коштошууң керек.

А з и м г ү л. Кантип?

*(Наргүл кирет)*.

А м а н. *(Суроолуу)* Апа?!.

Н а р г ү л. Ай, балам, ай... Мынчалык эле өзүңдү жемелеп... качантан бери айтып жатып чарчагандай да болдум... мен жөнүндө ойлобо...

А м а н. Чынын айтчы, апа, эмне деп чечишти?..

*(Наргүл күлөт. Аман кубанычтуу)* Апа!.. *(Наргүлдү кучактап)* күлүп турганың жакшы!.. Демек... Апа!

Н а р г ү л. Эмне дейсиң, уулум?..

А м а н. Жөнөрдүн алдында чоң энемдин эмне дегенин айттым беле? О, көп нерсени жоготкон турбайсыңбы. Ал мени чакырып алып «Мээнетиңди алайын, кулунум. Азимгүлүң көөнүмө толду. Ошентсе да... баланы жашынан, катынды башынан деген... Макулбу?» дегенде... Билесиңби, эмне деп жооп бердим?.. «Макул, энекебай. Катуу болом... Жөн эле бар эмеспи... Таштан да катуу болом. Азимгүл тилдесе, ыржактап күлөм... Сабаса мойнума көтөрөм. Мындан артык да катуулук болобу?» — десем, чыдай албай ал өзү да күлдү. *(Күрсүнүп)*. Байкуш чоң энем!.. Ыйлап калгандай болду.

Н а р г ү л. Азитай! Үшүгөн жоксуңбу, садага болоюн?

А з и м г ү л. Жок.

А м а н. Апа!.. Азимгүл Байтерек агай менен коштошпой калыптыр.

Н а р г ү л. *(тигилердин соңунан тиктеп)* Балдарга окшоп жүгүргөндү... Мен дагы жакшы көрсөм керек эле бир кездерде!.. Ооба... уя конушун баштап алыс сапарга кайтып жаткан каркыралардын муңдуу үндөрүн укканды да жакшы көрсөм керек эле!.. *(Күрсүнүп)*Жакшы көрсөм керек эле...

*Байтерек кирет. (Пауза).*

Б а й т е р е к. Наргүл! *(Наргүл үнчүкпайт)* Адамга эки өмүр берилген эмес... эки өмүр берилген болсо... . Мен эмне дейм?.. Эчтеме айталбайм!.. *(Күрсүнүп)* Өзүн-өзү жазалагандан оор эчтеме жок экен... Мен өмүр бою өзүмдү-өзүм жазалап келатам!.. Наргүл!.. *(Наргүл мурдагысындай эле үн катпайт. Байтерек оор улутунуп, сөзүн улайт)*. Арийне, айып менде деги... Ошентсе да... Эгер кармап каламын десең.. же жазага тарттырамын десең... Колуңдан келет эле... Ортобузда бала бар эле...

Чындык да сен жакта эле. Антпедиң!.. Бетим күйгөндөн эмне кылар айламды таппай, башымдан аттадың деп көз көрүнөө жалаа жаап жатканымда бир ооз актанганың жок... Жөн гана ыйлап-ыйлап кала бердиң... Айтчы, Наргүл, мага окшогон дардаңпоз арамды эмне үчүн өз убагында тизгиндеп калганың жок?.. Эмне үчүн?!.

*(Пауза).*

Н а р г ү л. Сен башка бирөөнү сүйүп калсаң... Ал эми мен болсом, чон, үйгө барып арызданам, партиялык жазага тарттырам, мансабыңдан ажыратам деп коркутуп-үркүтүп жатып, зордук менен өзүмө алып калышым керек экен да сени. О, жок, Байтерек. Менин бешкөкүл сезимимдин баркына жетпеген кибир немени, партиялык жаза менен коркутуп күйөө кылып алып калчу салпаяк Наргүл эмес, сен жаңылгансың *(тике карап).* Ооба, кээ бирөөлөргө багар киши керек болсо, мага сүйгөн киши керек болучу!

Б а й т е р е к. Наргүл!

Н а р г ү л. Сүйлөбө!

*(Пауза).*

Б а й т е р е к. Жаман . көрбөсөң, дагы бир суроом бар. *(Күрсүнүп).* Дагы бир суроо *(пауза).* Атаң фронтто өлгөн деп жок нерсеге Аманды ишендирип, тирүүлөй көөмп коюптурсуң мени!.. Акылуусуң!.. Сага калганда... өлгөн кишимин!.. *(Наргүлдү тике карап).* Дүйнөдөгү адамдардын кудай атканы болсом да... баары бир... Амандың атасы элем го... Аман менин балам!..

Н а р г ү л. Жок, Байтерек!.. Аман сенин балаң эмес-,бул сөзүңдү экөөбүздөн башка эч ким укпасын!.. Амандын атасы согушта өлгөн... Аман солдаттын уулу!..

Б а й т е р е к. Наргүл!.. Жалгыз жек көргөнүң мен үчүн аздык кылат, мындан ары Аман экөөлөп жек көргүлө. Жолуксам, Аманга айтам!

Н а р г ү л. Байтерек!

Б а й т е р е к. Айтам. Аман менин уулум. Менин каным бар Аманда!..

Н а р г ү л. *(Токтоо)* Баланы багыш керек, тарбиялаш керек... Ал эми балага берген каныңды доомат кылсаң... балага кан берген ошончолук эле кыйын дейсиңби?.. Андан арзан эчтеме жок!

*(Пауза).*

Б а й т е р е к. *(Шыбырагансып)* Каракүл коюнун козусунун туулганына бир-эки күн болгондо көрпөсүн алыш үчүн союп коёт эмеспи. Бу бир гана жолу эмес, жылсайын ошондой... Бечара энеси мына ошого күйө берип, арылбас кайгынын айынан боору чүрүшүп катып калат имиш! *(Өксүп кыйкырып)* Менин боорум да чүрүшүп катып калды!.. Мейли, баары бир... Жек көрсө да, мен анын атасы экенимди билсин!.. Мен сага айтам!

Н а р г ү л. Байтерек!

Б а й т е р е к. Антмейинче, көксөм суубайт. Аман кайда жүрөт, мен ага айтам?!

Н а р г ү л. Байтерек!. Кудай жалгагыр. *(Пауза. Наргүл сөзүн улайт)* Атаң согушта өлгөн дегенге, Аман ишенет *(күрсүнүп)* Атасынын өлгөнүнө кейисе да, солдаттын уулумун деп сыймык кылат!.. *(Жалооруп карайт)* Баланын ишенимин бузуп, жүрөгүн сыздатканга канткенде дитиң барсын?!. Мен билем. Сен антпейсиң.

Б а й т е р е к. Наргүл!

Н а р г ү л. Ашыкпа, Байтерек... Азыркы аялыңа үйлөнгөндө катын-балам бар деп айтпаган болушуң керек... *(Байтерек унчукпайт. Наргүл сөзүн улайт)* Сен да аяшың керек. Элдин айтымында жакшы киши деп угам. Ылайым, болсун! Биз анчалык деле бай эмеспиз жакшы кишилерге! *(Байтеректин көкүрөгүн кымты-*

*лап ).* Суук катуу болуп турат. Өзүңдү сактап жүр. Ошент, Байтерек.

*(Аман менен Азимгүл жүгүрүп кирет ).*

А м а н. О, Байтерек агай!.. Жер жүзүнүн баарына звонить этип таппай жүрсөк...

А з и м г ү л. Коштошуп кетейин деген элем, агай...

Б а й т е р е к. Ракмат, Азимгүл *(Азимгүлдү бооруна кысып )* эсиңдеби, Амандын айтканы, уя-конушун таштап алыс сапарга кайтып жаткан каркыралардын үнү муңдуу эле деп?..

А з и м г ү л. Горчица жеп алып ыйлаганыңыздан өйдө эсимде, агай.

Б а й т е р е к. Уя-конушун таштап алыс сапарга кайтып жаткан каркыралар, жаз болгондо өздөрүнүн уя-конушуна кайрадан кайрылып келишет. Анткени, уя-конушунун алдында алардын күнөөсү жок. Ал эми... Силер эмне унчукпай калдыңар, сүйлөсөңөр, Азимгүл...

А з и м г ү л. Москвага барарыңызда кабарлап койсоңуз... Аман экөөбүз тосуп алабыз...

А м а н . Стипендия алганда келсеңиз... Биз эле төлөсөк болот эле деп кылтыйбайбыз...

А з и м г ү л. Баягыда сиз буйрук кылдыңыз эле, эмики кезекте мен буйрук кылам сизге...

А м а н. Байтерек агай!

Н а р г ү л. Аман!.. Садага болоюнум!.. Агайыңар менен батыраак коштошкула... машинеден кечигесиңер. Бол!

А м а н. Кечикпейбиз, апа *(Байтерекке).* Адамды тирилтиш үчүн да, өлтүрүш үчүн да аз гана нерсе керек деп, апам айтканда назар салбайт элем... Көрсө, чын экен... мен ооруканада жатканымда күн жазбай келип турдуңуз... Чынында, мен ким элем сизге?.. Келбесеңиз

келбей эле коёт элеңиз. Бирок сиз күн сайын келип, менин көңүлүмдү көтөрүп... Сиздин адамкерчилигиңизди өмүрү унутпайм...

Н а р гү л. Аман!

А м а н. Баратам, апа *(Байтерек колтуктай басып)*. Окууну бүткөнүбүздө... апамдар жайлоодо болот... Ошондо келиңиз... Сөзсүз, келиңиз! *(Колун кысып)*. Атайы узатканы чыкканыңызга ракмат. Көрүнүшкөнчө саламатта туруңуз.

Б а й т е р е к. Силер да саламатта баргыла.

А з и м г ү л. Күтөбүз, агай.

Б а й т е р е к. Токточу, Аман.

Н а р г ү л. *(Үзүлө кыйкырып)* Жок!.. Жок!.. Жок!.. Жүргүлө, уулум. Кечигесиңер.

Б а й т е р е к. *(Жете барып)* Бир ооз гана кебим барэле, Аман *(Пауза)*. Азимгүл экөөңө ар дайым узун өмүр тилеп турам. Башка айтарым жок!..

А м а н. Жакшы калыңыз, агай.

*Үчөө кеткен тарапты кейиштүү карап, Байтерек сахнада жалгыз.*

# МАЗМУНУ

АБДУМОМУНОВ ТОКТОБОЛОТ ........................... 3
АБИЙИР КЕЧИРБЕЙТ .............................................. 7
АТАБЕКТИН КЫЗЫ ............................................... 74
МАШЫРБЕК ҮЙЛӨНӨТ ....................................... 133
АШЫРБАЙ ........................................................ 197
ТАР КАПЧЫГАЙ ............................................... 269
ЖЫГЫЛГАН ООГОНГО КҮЛӨТ .......................... 355
СҮЙҮҮ ЖАНА ҮМҮТ ........................................ 433
КАДЫРЛАШТАР .............................................. 515
КАРКЫРАЛАР КАЙТКАНДА ............................. 592

*Адабий-көркөм басылма*

18-том

# ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВ

*Тандалган чыгармалар*

Чыгышына жооптуу: *Акматалиев А.А.*

Түзгөндөр:
*Тургунбаева Ж., Жапаракунов У.*
Тех. редактор: *Жанышбекова А.*
Корректор: *Тургунбаева Ж., Жапаракунов У.*
Компьютердик калыпка салган *Өмүров Б.*

Терүүгө 04.03.16 берилди. Басууга 18.06.2016 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 40,12 б.т. Нускасы 600. Заказ №73.

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс» ЖЧК
басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз к. 49.